63.3(2=Кы)/кор
К 97

«Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү»

ПРОГРАММАСЫ

КЫРГЫЗСТАНДЫН

эң байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соңуна чейинки

ТАРЫХЫ

Кыргызстан Ачык Коом Фондунун Китепканасы Дар Фонда Сороса-Кыргызстан
кт. 04.01.2017

БИШКЕК 1998

66304
БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
педагогического института
инв № 759043

ББК 63.5
К 97

Бул китеп «Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү» программасынын талаптарына ылайык «Кыргызстан — Сорос» фонду тарабынан чыгарылууда.

Программанын спонсору белгилүү америкалык финансист жана философ Жорж Сорос.

«Кыргызстан — Сорос» фонду бул китеп боюнча сын пикирлери менен сунуштарын айткандарга өзүнүн ыраазычылыгын билдирет.

К 97 **Кыргызстандын байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхы.** Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби / Котор.: *С. А. Олжобаев, Ө. К. Караев*; Сүрөтчүсү *Э. Тилеков.* —Б.: «Кыргызстан—Сорос» фонду, 1998, 344 б.

ISBN 9967–11–010–4

Бул окуу китеби Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых институтунун окумуштуулары, Бишкектеги гуманитардык жана Оштогу мамлекеттик университеттеринин окутуучулар тобу тарабынан даярдалган.

Курсту баяндап жазуунун структурасы менен логикасына традициялуу эмес мамиле жасалды; Кыргызстандын тарыхынын кошуна өлкөлөрдүн тарыхы жана дүйнөлүк тарых менен байланышы ачылып көрсөтүлдү; Кыргызстандын социалдык-экономикалык, коомдук-саясий жана маданий өнүгүшүнүн негизги этаптары идеализациялоо менен да, жамандап-каралоо менен да сыйышпай турган, саясий конъюнктурадан, эскирген догмалардан эркин болгон өздүк талдоо жүргүзүүнүн жана өзүнө өзү сын көз менен кароонун негизинде, жаңыча ачылып көрсөтүлдү.

Улуттук тарыхтын аз белгилүү болгон баракчаларын баяндоого кеңири орун ыйгарылды; дискуссиялык проблемалар кеңири берилди; жаңы сюжеттер сунуш кылынды; эң көрүнүктүү тарыхый инсандардын коомдук саясий ишмердиктеринин жаңы кырлары ачылып көрсөтүлдү.

Автордук коллектив:

Чотонов Ү. (автордук коллективдин жетекчиси), т. и. к., доц. (Кириш сөз, 4-бап (авторлош), «Эң маанилүү окуялар жана даталар»); *Беделбаев А.*, т. и. к., доц. (11-бап, § 1); *Караев Ө.*, т. и. д., проф. (3, 4 (авторлош), 5, 6, 7-баптар); *Кененсариев Т.*, т. и. к., доц. (10-бап); *Мокрынин В. П.*, т.и.к., доц. (2-бап, § 1); *Плоских В.М.*, т.и.д., проф. (8-бап); *Сулайманов Э.*, т.и.к., доц. (11-бап, § 2); *Ташбаева К.*, т. и. к., доц. (1-бап); *Үсөнбаев К.*, т. и. д., проф. (9-бап); *Худяков Ю.С.*, т. и. д., проф. (2-бап, § 2).

К – 0503020911 – 98 **ББК 63.5**

ISBN 9967-11-010-4

© «Кыргызстан — Сорос» фонду, 1998

КИРИШ СӨЗ

ТАРЫХ — ИЛИМ КАТАРЫНДА

Тарых илиминин пайда болушу. Кыргызстандын тарыхы — бүткүл дүйнөлүк тарыхтын курамдык бир бөлүгү. «Кыргызстандын тарыхы» курсунун предмети жана милдеттери.

Тарых адам коомунун өткөндөгүсүн, анын көп түркүн салааларын жалпы да, конкреттүү түрдө да изилдеп-үйрөнөт, мында ал өз алдына коомдун азыркы абалынын маани-маңызын аңдап түшүнүп, анын өнүгүү келечегин аныктоо максатын коёт.

Тарых деген сөз грекчеден которгондо, өткөндөгүлөр тууралуу аңгеме дегенди туюнтат. Байыркылар да тарыхты «турмуш насаатчысы» деп атаптыр. Адамдар ар дайым өзүлөрүнүн өткөндөгүсүнө кызыгып, тарых тажрыйбасына кайрылып келишкен. А дегенде алар оозеки уламыштар, легендалар, жомоктор, мифтер болгон. Жазуунун пайда болушу менен коом тууралуу билимдерди баяндоонун бир кыйла өркүндөгөн түрү пайда болгон.

Антик дүйнөсүнүн тарыхы тууралуу эң байыркы түшүнүктөр «тарыхтын аталары» Геродот менен Фукидиддин эмгектеринде берилген. Байыркы Кытайда династиялык хроникалар түрүндө өзүлөрүнө таандык тарыхый салт өөрчүгөн. Дүйнөнүн жаратылышын жана адам коомунун өнүгүшүнүн тарыхы тууралуу өзгөчөлүү түшүнүк катарындагы мифтик салт инди-иран калкынын «Авеста» жана «Веда», байыркы еврейлердин «Талмуд», Алдыңкы Азия элдеринин «Беш китеп» сыяктуу ыйык китептеринде камтылган. Байыркы жана орто кылымдардын тарыхый көз караштары диний түшүнүктөр менен тыгыз байланышта болуп келген.

Мурунку тарыхчылар үстөмдүк кылуучу таптардын кызыкчылыгын көздөп, тарыхый процесстин жүрүшүн, айрыкча адамзаттын өнүгүшүнүн алгачкы этаптарында «кудайдын кудуретинин» натыйжасы катары, же айрым кол башчылар менен мамлекет башчылары жүргүзгөн ишмердиктердин натыйжасы катары түшүндүрүшкөн. Буржуазиялык түзүлүштүн калыптанышы менен тарых жараткандын амири менен өнүгөт деген түшүнүктүн ордуна тарых жердеги жөнөкөй эле себептер, бардыгынан мурда күч-кубаттуу адам акыл-эсинин кудурети менен өнүгөт деген түшүнүк келди.

Ошентип, *«кудайдын кудуретинин»* ордун *рационализм* (лат. *ratio* — акыл-эс, акыл дегенден) ээлейт. XVIII кылымда тарых билими илим катары өнүгө баштайт. Ушундан тартып тарыхтын жүрүшү жаратылыш-климат шарттарына, коомдун сабаттуулук деңгээлине, мыйзамдардын системасына, адеп-актыкка, каада-салтка жана башкаларга байланыштырылып түшүндүрүлө турган болду. Тарыхчылардын көңүлүн өнөр жайы, финансы, соода иштери өзүнө бурду.

Дүйнөлүк аренада пролетариаттын пайда болушу коом тууралуу илимде төңкөрүшкө алып келди. Коомдун өнүгүшүн идея аныктайт деген *идеалисттик* ынаным менен катар тарыхты *материалисттик* түшүнүү пайда болот, анын негизин коомдун материалдык турмушунун шарттары, коомдук өндүрүш адамзаттын өнүгүшүн аныктоочу күч болуп саналат деген жобо түзгөн. Марксизм боюнча, тарых илими коом өзүнүн өнүгүшүндө белгилүү бир стадиялар менен фазалардын — коомдук-экономикалык формациялардын мыйзамченемдүү түрдө, ырааттуулук менен алмашылып турушу аркылуу өтүп турат жана ал бир бүтүн тарыхый процесс дегенге негизденет. Мезгилдин өтүшү менен фактылардын жана тарыхый көрүнүштөрдүн кысымы астында марксчы тарыхчылардын аргументтери бошоңдоду. Тарыхты марксча-ленинче түшүнүү илими таянып турган тарыхый зарылчылык адамзаттын өнүгүшүнүн объективдүү мыйзамдарынын көрүнүшү, бытиенин аң-сезимге карата аныктоочу ролу, тарыхый процесстин негизги саясий жана экономикалык категориясы катары менчиктин ролу жөнүндөгү үч башкы жобосу акырындык менен жоюлууда.

Коомдун турмушун бир гана окуунун идеологиялык жоболоруна ылайык куруу акыр-аягында мындай тажрыйбанын жаңылыш экенин көрсөттү. Коммунисттик үлгү боюнча курулган коомдук-экономикалык системалар кыйрады.

Азыркы кезде коом таануучулар, асыресе тарыхчылар «методологиялык курал катары» коомдук ой-пикир тарабынан топтол-

гон бүткүл адамзат тажрыйбасын кабыл алышып, бардык окуулардагы жөндүү, рационалдуу нерселерге таянып жатышат. Алар буга чейин бүт бардыгын кучагына камтып турган окуу болгон, абсолюттуу инстанциядагы окуу болгон марксизм-ленинизм таңуулаган жоболордон акырындык менен кол үзө башташты. Бирок эпигондук марксизмден баш тартуу коомдук ойдогу агым катары жашап турган марксизм-ленинизмди жөн эле ыргытып таштоо керек дегенди билдирбейт. Марксизм-ленинизм башка ар кандай окуу сыяктуу эле изилдөөнүн жана талдоо жүргүзүүнүн объектиси катары жашап кала бериш керек, андагы жалпы адамзаттык пландагы, коомдун социалдык-экономикалык, саясий түзүлүшүн жакшыртуу багытындагы бардык баалуу нерселер коомдук практикада пайдаланылышы зарыл.

Тарых билими адамды эмгекчилдикке, Мекенди сүйүүгө, дүйнөнүн бардык элдери менен болгон жалпылыкты туюп-сезүүгө тарбиялайт.

Тарых билими филолог менен психологго да, журналист менен философко да, юрист менен экономистке да, дегеле өз оппоненттерине каяша айтуу үчүн өз идеялары менен аргументтерин ырастайм деп, эзелки замандардын фактыларына кайрылгандардын бардыгына керек. Саясат ишин атайлап кесип кылгандар да, мамлекеттик жана партиялык иш ар күнкү иштеген кызматы, мүдөөсү болгон инсандар да өз ишинде тарых менен алака-катышта жүргөнүн дайыма туюп-сезип турушат, ошондуктан саясий ишмер үчүн күнүмкү окуялар тууралуу ишенимдүү маалыматтар кандай маанилүү болсо, өткөндөгүлөр жөнүндөгү туура маалыматтар да ошондой эле маанилүү. Ошондуктан, мамлекеттик жана саясий ишмерлерге тарыхты билүү — мамлекеттик акылмандуулуктун, саясий кыраакылыктын айныгыс элементи болуп саналат. Байыркынын да, биздин күндөрдүн да чыгаан ойчулдары өткөндү таанып-билүүгө өзүлөрү эле көп көңүл бурушпаса'н, аны окуп-үйрөнүү башкалар үчүн да маанилүү жана зарыл экенин кызуу жакташкан.

Тарыхый тааныш-билүүнүн пайдалуулугу, баарынан мурда, адамдардын ар түрдүү жалпылыктарынын социалдык өздүк аңсезимин калыптандырууга болгон, ал адамдардын өзүлөрүн башкалардан айырмалап турган, өзгөчө этникалык жалпылык катарында, өзгөчө бир бүтүндүк катарында аңдап-билүүгө болгон керектөөлөрүн канааттандырууда, социалдык таалим-тарбияга болгон керектөөлөрүн канааттандырууда турат. (Маселен, белгилүү бир коомдук түзүлүштү, белгилүү бир этникалык жалпылыкты чыңдоого алып келген тарыхый кырдаалдар, белгилүү

бир жаңжалдарды чечүүнүн жолдору бара-бара эталонго айлануу менен, жүрүм-турумдун коом тарабынан артыкчылыктуу деп табылып, жол берилген нормаларына негиз болот.)

Ата-бабалардан мураска калгандарды сабак, үлгү алуу үчүн булак катары же ой жүгүртүүгө азык берүүчү жана тарыхый тажрыйба алуу үчүн предмет катары урпактардын эсинде сактап калуу, ошондой эле өз элинин чыныгы тарыхын жазуу көпчүлүк тарыхчылардын аңдап түшүнгөн максаты болгон.

Студенттерге ата мекен тарыхы тууралуу. Силер «Кыргызстандын эң байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соңуна чейинки тарыхынын» толук курсун окуй баштайсыңар.

Кыргыздар — Борбордук Азияны мекендеген эң байыркы элдердин бири. Кыргыздар өзүнүн өнүгүшүндө тарыхый мезгилдер менен мейкиндиктерде татаал жолду басып өтүп, кылымдардын түпкүрүнөн азыркы цивилизациянын орбитасына чейин келип жетти. Кыргыздардын этникалык тарыхынын алгачкы этаптары сак, усун, хуннулардын уруулук бирикмелеринен башталат.

Дээрлик VI кылымдан баштап кыргыздар түрк, иран тилдүү уруулар — карлуктар, уйгурлар, дагы башкалар менен бирге — түрк феодалдык мамлекеттериндеги калктын негизги компоненттерин түзгөн. Кийинчерээк кыргыз мамлекеттүүлүгү Эне-Сай (Енисей) өрөөнүндө болуп көрбөгөндөй жогорулаш менен өнүккөн. Кыргыздар, алардын экономикалык турмушу, аскери, коңшу өлкөлөр менен дипломатиялык байланыштары, маданияты тууралуу VI–VII кылымдарда эле Византия, Кытай, араб, перс тарыхчылары урматтоо менен жазышкан.

Кыргыз эли, анын Теңир-Тоодогу (Тянь-Шандагы) мамлекеттүүлүгү өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүк менен калыптанып, өскөн. VI кылымдан XIII кылымга чейин Кыргызстан биринин ордуна бири келип турган Батыш Түрк, Түргөш, Карлук, Караханилер кагандыктарынын административдик-саясий майданы болгон.

Теңир-Тоодогу байыркы түрк мамлекетин да эне-сайдагыдай эле Чыңгыз хандын баскынчылары кыйраткан. Кыргыздардын андан кийинки өз мамлекеттүүлүгүн көздөй тарткан сапары өтө татаал жана узак болгон.

Кийин кыргыздар Кокон хандыгы тарабынан басып алынып, андан кийин Россия империясынын курамына кирген.

Кара-Кыргыз автономиялуу облусу түзүлгөндөн тартып кыргыздар СССРдин курамында турду. 1991-жылдын 31-августунда гана көз каранды эместикти алып, эгемендүү мамлекетти — Кыргыз Республикасын түзүштү.

Кыргыздар байыркы жана орто кылымдардагы өз турмушу, аскердик жортуулдары, көз карандысыздык үчүн күрөшү, көчмөн элдин турмуш-тиричилиги, каада-салты тууралуу баяндарды оозеки түрдө бабасынан атасына, атасынан баласына поэтикалык формада өткөрүп берип келишкен. 1995-жылы август айында миң жылдыгы белгиленген, кыргыз элинин дүйнөлүк маданиятка кошкон улуу салымы катары эсептелген «Манас» эпосу мына ушундайча калыптанган.

Антропологиялык жактан кыргыздар монголоид расасынын түштүк сибирдик тибине кирет, кыргыз тили түрк тилдеринин түндүк-батыш же кыпчак тобуна кошулат.

1924-жылдын аягында Кыргыз автономиялуу облусунда 610 миң кыргыз жашаган, 1989-жылдын 12-январындагы эл каттоонун маалыматы боюнча 2 229 663 кыргыз (болжол менен СССРдеги кыргыздардын 89 пайызы) болгон, бул — республикада жашаган калктын жалпы санынын 52,4 пайызы. Кыргыздар менен бирге республикада 80ден ашуун улуттун жана элдин өкүлү жашайт, анын ичинде 917 миңден ашууну — орус, 550 миңи — өзбек, 108 миңи — украин, 101 миңден ашууну — немис, 37 миңи — казак, дагы 37 миңдейи — дунган, дагы ошончосу — уйгур, 34 миңи — тажик, 5,6 миңи — еврей ж.б.

Кыргыздар КМШ өлкөлөрүндө, КЭРде, Афганстанда, Түркияда да бар. Кыргызстандын тарыхы — адамзат коомунун бүткүл дүйнөлүк тарыхынын курамдык бөлүгү. Анын тарыхын окуп үйрөнүүнүн мисалынан тарыхый процесстин жалпы мыйзамченемдүүлүктөрү даана байкалып турат.

Кыргызстандын тарыхы аталган аймакта адам коомунун калыптанышын жана өнүгүшүн табигый-объективдүү процесс катары иликтейт, коомдук турмуштун (экономиканын, социалдык мамилелердин, саясий түзүлүштүн, эл аралык байланыштын, маданияттын, идеологиянын ж.б.) бардык тарабынын өз ара байланышын жана бири бири менен шартталгандыгын изилдейт. Ал изилдөө коомдук илимдер жагындагы топтолгон бүткүл илим-билимдердин жыйындысына таянып жүргүзүлөт.

Белгилүү болгондой, тарыхый көрүнүштөрдү талдоого таптык мамиле жасоо, илимий изилдөөлөрдүн «бирден-бир ишенимдүү жана туура» методологиялык негизи катарындагы марксисттик-лениндик окуу илимий плюрализмдин, тарыхый окуялар менен көрүнүштөргө карата карама-каршы көз караштардын болушу мүмкүн экендигин толук түрдө этибарга алган эмес. Көпчүлүк тарыхый изилдөөлөрдүн бири-бирине эки там-

чы суудай окшош болгону кокусунан эмес: аларда инсандардын ысымдары, ай-жылдар, жер-суу аттары гана башка болбосо, мазмунунда дээрлик айырма болгон эмес.

Кыргызстандын тарыхын изилдегенде ар түрлүү илимдердин маалыматтары кеңири пайдаланылат. Изилдөөнүн так усулдарына таянган геология, палеонтология, палеоботаника жана палеозоология тарыхчыга географиялык чөйрөнүн мүнөзүн жана анын өзгөрүшүн аныктоого жана адамзаттын тарыхындагы эзелки доорлордун мөөнөттөрүн эсептеп, белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Антропология адамдын сырткы кебетеси, расалардын келип чыгышы жана алардын жер бетине жайгашуусу тууралуу маалыматтарды берет. Антропологиянын ийгиликтери көрүстөндөрдү казуу учурунда табылган байыркы адамдардын баш сөөктөрү менен скелеттерин изилдөө аркылуу алгачкы адамдардын да, ошондой эле соңку мезгилдердеги эң көрүнүктүү тарыхый ишмерлердин да сырткы кебете-кешпирин калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Тарых илиминин эң маанилүү негиздеринин бири — археология. Кыргызстанда совет бийлигинин жылдарында кеңири жана пландуу археологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Маселен, алгачкы аңчылар, малчы көчмөндөр жашаган турак жайлар, алардын эмгек куралдары, карапайым адамдардын мүрзөлөрү, ошону менен катар уруу башчыларынын зыйнаттап коюлган көрүстөндөрү, дыйкандардын чыңдалып курчалган конуш жайлары, байыркы сугат каналдары, чептер жана шаарчалар ачылды.

Археология тарых билиминин чек арасын кеңейтүү менен мурда жазуусу болбогон кыргыздардын тарыхын кайрадан түзүүгө мүмкүндүк берет, материалдык маданияттын эстеликтеринен башка эч кандай маалыматтар калбаган эзелки заманларды изилдеп үйрөнүүнү жеңилдетет. Археологиянын буюмзат түрүндө табылган материалдары этнографиянын маалыматтары менен салыштырылып, талдоого алынат. Байыркы заманларды тарыхый өнүгүүнүн бир кылка болбогондугуна байланыштуу өткөн турмуштун белгилерин сактап калган элдердин турмушун сүрөттөп жазуу байыркы уруулардын чарбачылыгын да, ошондой эле үй-бүлө турмушун, каада-салтын да бир кыйла толугураак билүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Алыскы өткөн заманлардын элементтерин сактап келаткан фольклор менен элдик сүрөт өнөрү да элдин тарыхын изилдөөгө жардам берет.

Кыргыздардын тарыхый тагдыры тууралуу маанилүү маалыматтарды алардын тилине тиешелүү маалыматтардан да алууга болот. Кыргыз тилинин түрк тилдер түркүмүнө кириши, сөздүк байлыгы, анда башка тилдерден кирген сөздөр, же тескерисинче, бул тилдин башка элдердин тилине тийгизген таасири сыяктуу бардык маселелер лингвисттер үчүн эле эмес, тарыхчылар үчүн да абдан маанилүү.

Кыргыздардын тарыхы кошуна жайгашкан чет өлкөлүк элдердин тарыхы менен байланышта каралып, Кыргызстандын элдеринин ролу бүткүл дүйнөлүк-тарыхый процесс аркылуу ачылып көрсөтүлөт.

Курстун логикасы жөнүндө. Сунуш кылынып жаткан окуу китеби — «Кыргызстандын тарыхы» курсун республиканын жогорку окуу жайларынын билим берүүнү гумандаштырууну, фундаменталдуу илимий билимдерге, дүйнөлүк жана ата мекендик маданияттын жетишкендиктерине ээ болууну, студент жаштарга өзүнүн көз карашын, руханий мүдөөсүн жана баалуулуктарды өз бетинче эркин тандап алууну камсыз кыла турган гуманитардык жана социалдык-саясий дисциплиналарды окутуунун жаңы системага өтүшүнүн талаптарынын негизинде жазылган туңгуч тажрыйба.

«Кыргызстандын тарыхы» деген жаңы курстун киргизилиши жогорку окуу жайлар үчүн жаңы программаларга, окуу куралдарына жана окуу китептерине болгон керектөөлөрдү пайда кылды. Алар азырынча жок. Мурда иш жүзүндө мындай муктаждык болгон да эмес эле, ал эми колдо бар академиялык басылмалар моралдык жактан эскирди. Чындыгында «Кыргызстандын тарыхы» курсу жогорку окуу жайларга СССР жоюлгандан кийин гана, Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү алгандан тартып киргизилди. Бул окуу китебинин авторлору эскирген түшүнүктөрдүн жана совет доорунда калыптанган салттардын чегинен чыгууга аракет жасашты.

Бул окуу китеби кайсы бир даражада жаңычылдыгы менен айырмаланат, мында курсту баяндоонун структурасына жана логикасына традициялуу эмес, жаңыча мамиле жасалды: Кыргызстандын тарыхынын кошуна өлкөлөрдүн тарыхы жана дүйнөлүк тарых менен байланышы ачылып көрсөтүлдү; Кыргызстандын социалдык-экономикалык, коомдук-саясий жана маданий өнүгүшүнүн негизги этаптары анын тышкы дүйнө менен болгон байланыштарын идеализациялоо менен да, жамандап, каралоо менен да сыйышпай турган, эскирген догмалардан да эркин болгон өздүк талдоо жүргүзүүнүн жана

өзүнө өзү сын көз менен кароонун негизинде жаңыча ачылып көрсөтүлдү.

Окуу китебинде улут тарыхынын буга чейин аз белгилүү болгон баракгарын ачып берүүгө да тийиштүү орун арналды. Жазма даректердин, археологиялык ачылыштардын, архивдик материалдардын, чет өлкөлүк авторлордун чыгармаларынан алынган үзүндүлөрдүн, нумизматикалык табылгалардын эң жаңы маалыматтарынын негизинде кыргыздардын этногенезинин, Кыргызстандын эң байыркы мезгилдерден биздин күндөргө чейинки тарыхы менен маданиятынын башкы маселелери каралды.

Колдо болгон объективдүү фактыларга таянуу менен авторлор курсту ар кандай бурмалоолордон, унчукпай коюулардан, жөнөкөйлөштүрүүдөн жана субъективдүү түрдө түшүндүрүүлөрдөн арылтып, аны далилдүүлүктүн жана ишенимдүүлүктүн азыркы деңгээлине көтөрүүгө аракет жасашты.

Белгилүү болгондой, кайра куруу жылдарында бир катар шарт-жагдайлардан улам бардыгы болбосо да, көптөгөндөр: журналисттер, драматургдар, кинорежиссерлор, телерепортёрлор, ал тургай эстрада жылдыздары да — кыскасы профессионал тарыхчылардан башканын бардыгы «тарыхчы» болуп кетишкен эле. Алар өткөндөгү «ак тактарды» толтурууга ушунчалык жан үрөп киришкендиктен, эл «ак тактарсыз» эле эмес, жалпы эле өткөн тарыхынан да ажырап кала жаздаган болучу. Мына ушу жагдайды эске алып, бул окуу китебинин авторлору бул «профессионал эмес тарыхчылардын» макалалары менен жарыяланган эмгектерине сын көз менен мамиле жасашты.

Окуу китебинде дискуссиялык проблемаларга кеңири орун берилди. Жаңы сюжеттёр сунуш кылынды. Жаңы материалдардын базасында персоналийлер активдүү түрдө кошулуп, чыгаан тарыхый инсандардын ишмердиктеринин жаңы кырлары ачылып берилди. Коммунисттик режимдин жылдарында чыныгы каармандар көп эле учурда көмүскөдө калып, же таптакыр унутулуп таштапган болучу. Азыр биз кыргыз тарыхынын Алымбек датка, Курманжан датка, Шабдан, Ормон, Байтик, Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков, Касым Тыныстанов сыяктуу чыгаан инсандары тууралуу маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болдук, коммунисттик идеология үстөмдүк кылып турган жылдарда булардын ишмердиктери бүт бойдон же көбүнчө элге кас көрүнүш катары түшүндүрүлүп келген эле.

Кийинки жылдардагы коомдук түзүлүштө, көпчүлүктүн тарыхый аң-сезиминде болуп жаткан терең сапаттуу өзгөрүштөр окуу китебине жаңы, бир кыйла жогорку талаптарды койду. Мына ушул жагдайларды эсепке алып, авторлор жаңы фактылардын өзүн эле эмес, жаңы ойлор менен идеяларды, өткөндөгүнү кайра кайталап айтып берүүнү эле эмес, ой жүгүртүүнү, актануунуу эмес, тарых менен азыркы замандын күрдөөлдүү, курч маселелерине берилген ынанымдуу жоопторду сунуш кылышат. Факты дегенибиз — тарыхый жалпылоолордун имараты курула турган ар кандай тарыхый изилдөөлөрдүн негизи жана пайдубалы. Авторлор бул жалпылоону окуп үйрөнүлүп жаткан мезгилдин негизги ички карама-каршылыктарын ачып берүүгө баш ийдирип, ошонун негизинде анын мозаикалык эмес, бир бүтүн сүрөтүн берүүгө аракет жасашты. Келечекке көз чаптырып, бүгүнкү күн тууралуу ой жүгүртүү менен студенттер да, бардык башка жаштар сыяктуу эле, өткөндөгүлөргө улам көбүрөөк кунт коюу менен сереп салышууда. Ошондуктан бир беткей баа берүүдөн, бир беткей ой жүгүртүүдөн качып, авторлор өткөндү ишенимдүү жана далилдүү түшүндүрүүгө далалат кылышты.

Авторлор бул сунуш кылынып жаткан окуу китеби өткөндөгү тарыхты ал кандай болсо ошондой түрдө билүүгө кызмат кылат, студенттердин дүйнө көз карашын калыптандырууга, адеп-актык жактан жетилүүсүнө, кругозорун өөрчүтүүгө, алардын саясий маданиятын жана социалдык активдүүлүгүн жогорулатууга кайсы бир даражада роль ойноо алат деген пикирди тутушат. Окуу китебинде баяндалган материалдар, өткөндөгүлөргө кайрылуу азыркы замандын жетишкендиктерин, Кыргызстан элдеринин кайра жаратуучу ишмердигин жана эрдигин толук даражада баамдап-баалоого жардам берет деп үмүт кылабыз.

Окуу китеби Кыргызстан элдеринин бирдиктүүлүк, бейпилдик жана ынтымактуулук принциптерин, кыргыздардын өз тарыхынын айланасына топтолуп, биригүү идеясын пропагандалайт, бул болсо алардын урук-уруулук жана феодалдык мамилелердин идеалдарынан кол үзүп, интеллектуалдык жактан өнүккөн улут катары дүйнөлүк цивилизацияга кириишине мүмкүндүк бермекчи.

Окуу китебинде адам укугуна, анын жыргалчылыгына — демократиялык, укуктук Кыргызстан мамлекети жана анын ички, тышкы саясаты умтулуп жаткан сереге биринчи жолу акцент жасалды.

Кыскасы, авторлор бул окуу китебинде кыргыздардын жана Кыргызстандын элинин жандуу, өзүнө гана таандык болгон,

улуттук-маданий социалдык-экономикалык, коомдук-саясий, руханий-адеп-актык портретин түзүүгө далалат кылышты.

Окуу китебинде, албетте, Кыргызстандын тарыхын окуп-үйрөнгөн ар бир адам өздөштүрүүгө тийиш болгон билимдердин белгилүү бир жыйындысы баяндалып отурат. Бирок мындагы дагы бир маанилүү нерсе бул: тарыхты окуп үйрөнүү дегенибиз — акыл-эстүү ой жүгүртө билүү маданиятына ээ болууга, тарыхый терминдер менен түшүнүктөрдү эркин колдоно билүүгө, тиги же бул ой-пикирлерди сунуш кылып, аларды негиздеп, сынга ала билүүгө, анчалык маанилүү эместерден маанилүүлөрүн бөлүп алууга, өткөндөгүнүн, азыркынын жана келечектин ортосундагы байланыштарды ачык көрсөтүп, тарыхый процесстердин карама-каршы жактарын талдай билүүгө тарбиялоого мүмкүндүк берүүчү мектеп болуп саналат.

Окуу китеби, баарынан мурда, ата-бабалардын ишин татыктуу улантып, өз эли, өз ата журту жөнүндөгү эскермелерди сарамжалдуулук менен сактай турган жаштарга багытталган; ал өз элинин тарыхый эскермелерин калыбына келтирүү үчүн иш жүргүзүп жаткан жаштар кыймылдарын активдештирүүдө да бир кыйла маанилүү роль ойноого тийиш. Ал эми тарыхый эскермелеринен кол жууган адам өзүнүн атуулдук касиетин жоготуп, бирөөнүн эркин кынк этпей аткарган маңкуртка айланат, ал эми өз тамырынан, кылымдан иштелип чыккан маданияты менен жашоо-тиричилик түрүнүн мурастан мураска өтүп турушун камсыз кыла албай, андан ажырап калган эл ассимиляцияга тушугуп, бара бара ал этникалык картадан да биротоло аты өчүп, жоголуп кетет.

Курс ата мекендик тарыхты окута турган мугалимдерге, ошондой эле тарыхты терең билип, кыргыз элинин адат-салтын, айкөл сапаттарын урматтоого ынтызарлангандарга да арналат.

Авторлор конструктивдүү айтылган сын пикирлерди жана сунуштарды ыраазычылык менен кабыл алат.

I бөлүк

КЫРГЫЗСТАН ЭҢ БАЙЫРКЫ МЕЗГИЛДЕРДЕН XIX КЫЛЫМДЫН СОҢУНА ЧЕЙИН

1-БАП

АЛГАЧКЫ ЖАМААТТЫК ТҮЗҮЛҮШ. УРУУЛУК БИРИКМЕЛЕР

§ 1. Таш доору. Алгачкы жамааттык түзүлүштүн калыптанышы

Алгачкы (же төмөнкү) палеолит. Азыркы Кыргызстандын аймагына калк адамзат тарыхынын эң байыркы мезгилинде эле — эрте палеолит доорунда, ашел мезгилинде[1] отурукташкан. Бул мезгил адамдын жана адамзат коомунун калыптанышы, алгачкы эмгек куралдарынын пайда болушу менен мүнөздөлөт. Мында Теңир-Тоо менен ага коңшулаш региондордун эң байыркы тургундары пайда болгон шарттарды жана адам пайда болоордун алдындагы үчүнчүлүк мезгилдин аягында (неогенде) жана андан кийинки төртүнчүлүк мезгилде (антропогенде) бул аймактын геологиялык тарыхынын негизги белгилери кандай болгонун андап түшүнүү зарыл. Антропоген — адам пайда болуп, адамдын өзү жана анын материалдык маданияты өнүгүп-өскөн мезгил.

Антропоген мезгилинин башы ченде Орто Азия менен Казакстандын аймагы климаты нымдуу жана жылуу, бай субтропикалык өсүмдүктөр өскөн, бизондор, кериктер, багыштар, бугулар, эликтер, жылкылар, төөлөр жайылган кеңири түздүктөр болгон. Теңир-Тоонун азыркы тоо массивдеринин ордунда

[1] Палеолит эрте (алгачкы), ортоңку жана соңку (же төмөнкү жана жогорку) деп бөлүнөт. Эрте палеолит озүнө олдувай жана ашел доорлорун камтыйт, ортоңку палеолит — бул мустье доору.

ийне жалбырактуу жана жалбырактуу токойлор каптаган бөксө тоолор менен адырлар курчаган мейкин түздүктөр созулуп жатчу.

Ушул мезгилде Евразияда зор масштабда тоолордун жаралуу процесси жүрүп жаткан болучу. Натыйжада Альпы, Кавказ, Памир, Гималай, Теңир-Тоо жана башка тоо кыркалары пайда болгон. Бирок бул процесс бирде жайлап, бирде тездеп, кеңири мейкиндиктин ар кайсы аймактарында ар башка темпте жүргөн. Бул мезгилде климат да улам барган сайын суук тартып, жердин бетин муз каптай баштаган. Кыргызстандын аймагында да ушундай процесс жүргөн. Тоолор уламдан-улам бийиктеп, кеңири мейкиндикти ээлей баштаган. Кар жатчу чектер тоо бетинен улам ылдыйлап, мөңгүлөрдүн аянты кеңейгенден кеңее берип, өрөөндөр менен ойдуңдарга жетип, кийирчерээк Ысык-Көл ойдуңунан башка Ички Теңир-Тоонун бүт аймагын муз басып калган.

Муз доорунун катаал климатынын таасири астында Теңир-Тоонун жаратылышы, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү олуттуу түрдө өзгөргөн. Жылуулукту сүйгөн жалбырактуу өсүмдүктөр жоголо баштаган. Түктүү пилдер, мамонттор, жүндүү кериктер сыяктуу айбанаттын жаңы түрлөрү пайда болуп, булар Фергана ойдуңуна чейин тараган.

Кийин муз доорунун суук жана нымдуу климаты муз доорлорунун аралыгындагы кыйла жылуу климат менен алмашылган, бул мезгилге интенсивдүү тектоникалык процесстер мүнөздүү болгон. Тоолор бийиктей да, кеңее да берген, ал эми түздүктөр менен ойдуңдар тарып, жарып аккан суулар кокту-колот, жылга-жыбытка айланткан көп сандаган адырлар пайда болгон. Ысык-Көл да мына ушундай тектоникалык процесстердин натыйжасында жаралган. Мөңгү акырындап тартылып, анын ордуна капчыгай өрөөндөрүндө токой жана шалбаа өсүмдүктөрү өсө баштаган. Экинчи жолу сууктун түшүшү менен тоң, мөңгү муздар кайрадан өсөт. Бирок бу сапар муз анча көп каптабагандыктан биринчи муз доорундагыдай катуу өзгөрүүлөргө алып келген эмес.

Кыргызстандын аймагында алгачкы адамдар ушул эбегейсиз процесстер жүрүп турган төртүнчүлүк мезгилде пайда болгон. Бул мезгилге таандык эстеликтер анча көп табыла элек. Биринчи табылгалардын арасында таш курал болгон, ал 1953-жылы Он-Арча суусунун жээгиндеги жардан А.П.Окладников тарабынан табылган. Курал колөмдүү, оор, бир учу сындырылып, миз чыгарылыптыр. Ушул эле жерден жарып алуу жолу менен одоно жасалган таш кескичтер, тырмоо түспөлдөнгөн

мажес курал да табылган. Таштан жасалган мындай куралдар чопперлер деп аталат.

Дал эле ушунун өзүндөй таш куралдар Ош аймагындагы Кожо-Бакырган-Сай суусунун бассейнинде жана башка жерлерден табылган.

Теңир-Тоодогу алгачкы палеолитке таандык болгон маанилүү эстеликтердин бири — Ысык-Көлдүн батышындагы, Балыкчы шаарынан 3 км түштүк тарапта жайгашкан Саламат-Булак комплекси. Бул комплекс Боз-Бармак, Ак-Өлөң, Саламат-Булак деген үч археологиялык эстеликтен турат. Бул жердеги төртүнчүлүк дооруна тиешелүү тектирчелерден миңге жакын байыркы курал-жарактар табылган. Булардын көбү — кара-күрөң түстөгү порфириттен алынган, кыска жана жазы түрдөгү жарылган таштар жана алардан жасалган куралдар. Алар ар түрдүү формада учурайт.

Саламат-Булактан мынчалык көп сандаган буюмдардын табылышы бул климаты жагымдуу аймакты байыркы адамдар узак мезгил бою мекендеп турганынан кабар берет. Бул жердеги алгачкы адамдар аңчылык кылып, азык-түлүк терип жыйноодон тышкары, балык уулоо менен да кесиптенишсе керек.

Ошентип археологдордун табылгаларына караганда, Кыргызстандын аймагында байыркы адамдар алгачкы палеолиттин биринчи жарымында пайда болгон. Сыягы ушул мезгилде биринчи муз доорунун муздары эрип, тоо ылдый оргуштап аккан көп сандаган суулар өзү менен кошо майда таштарды агызып келген болуу керек. Бул сайларды бойлой жапайы айбанатка аңчылык кылып жана азык өсүмдүктөрүн жыйнап-терип жан баккан алгачкы адамдардын чакан топтору байырлаган.

Ашел доорундагы адамдар айбанаттар дүйнөсүнөн биротоло бөлүнүп чыгышкан. Бул адамдар синантроптор болгон. Алар тике туруп басып, колдору эмгекке ылайыкташкан. Сырткы кебете-кешпири жагынан өзүлөрүнөн мурдагы питекантроптордон алда канча айырмаланып турган. Отту жылынуу, жырткычтардан сактануу үчүн пайдаланышкандыгы да белгилүү. Бирок алар отту жасалма жол менен тутандырганды али билишчү эмес. Отту пайдалануунu үйрөнүү адам баласы өзүнүн жашоо үчүн түбөлүктүү күрөшүндө өзүнө багынтып, өзүнө кызмат кылдырган табияттын алгачкы стихиясы болгон.

Сууктун түшүшү адамды табияттын катаал шарттарына ылайыкташууга аргасыз кылган. Үңкүрлөргө баш пааналап, тиричилик кылып, аң терисинен кийим-кечек жасап алууга үйрөнө башташкан.

Ушундай шарттарда алгачкы адамдар жалгыз-жарымдап жашай алышмак эмес. Өсүмдүктөрдүн мөмө-чөмөсү менен тамырын жыйноо менен эле жан сактабастан, майда жана ири жаныбарларга аңчылык кылуу үчүн, ошондой эле душмандардан коргонуу үчүн да алар топ-топ болуп биригип жашай башташкан, б.а. биргелешип эмгек кылуу алгачкы адамдарды баш коштуруп, өз ара жамааттык байланыштардын түзүлүшүнө жардам берген. Мындай жамааттык бирикменин баштапкы этабы алгачкы адамдардын топтору болгон, алар акырындык менен өнүгүп отуруп, алгачкы жамааттык түзүлүш формасын алган.

Ортоңку палеолит — негизинен мустье доору катары белгилүү болгон өтө узак мезгилдүү тилке (мындан 100–40 миң жыл мурда). Байыркы адамдын бир кыйла жогорку баскычка өнүгүп-өсүшүнүн натыйжасында бул мезгилде таш курал-жарактарды жасоо технологиясында жана адамдын жашоо шартында олуттуу өзгөрүүлөр болот. Архантроптордун ордуна палеонтроптор (же неандерталдар) келет. Ушу кезде антропологиялык корутунду жасоо үчүн дүйнөнүн ар кайсы бөлүктөрүнөн палеонтроптордун сөөгү жетишерлик санда табылды.

Палеонтроптун, өзүнөн мурункулар сыяктуу, маңдайы жантык, кашынын үстүндө күчтүү өнүккөн догоосу бар, төбөсү жапыз, жаак сөөгү жазы, тиштери чоң, ээк сөөгү кыска, бою чарчы (150–160 см), чымыр денелүү болгон. Мээсинин жетилиши жагынан неандерталь азыркы адамга жакын турган — мээсинин көлөмү 1200–1600 $см^3$ түзүп калган. Бирок мээсинин ички түзүлүшү негизинен өтө жөнөкөй болгон, аны мээнин маңдайкы бөлүгүнүн начар өнүккөнү далилдеп турат. Орто Азияда неандерталь бала көмүлгөн жер белгилүү. Аны Өзбекстандын түштүгүндөгү Тешик-Таш деген үңкүрдөн А.П.Окладников тапкан.

Бул мезгилде ташты иштетүүнүн бир кыйла прогрессивдүү техникасына өтө башташат. Курал-жарактар жасалуучу таштар адегенде бир же эки бети тең тегиз болгондой кылынып жарылып алынчу. Андан соң ошол жалпак таштарды узун-узун пластиналарга бөлүп туруп ар кандай курал-жарак жасашчу. Ташты иштетүүнүн бул жаңы жолу *леваллуа* техникасы деп аталган. Ошону менен бирге деге сымал учтуу, миздүү курч курал жана кыргыч кеңири таралган. Учтуу курал ал кезде бычак катары жана узун же кыска саптуу найзаларга уч катары колдонулса керек. Кыргычтар аң терилерин иштетүү үчүн пайдаланылган. Ошондой эле таш буюмдарынын эскиче түрлөрү да урунулуп, өөрчүтүлө берген.

Мустьер доорунда Кыргызстандын дээрлик бүт аймагына адамдар отурукташа башташкан. Үңкүрлөрдө жашоо менен катар алгачкы адамдар жер кепелерди, алачыктарды курушкан. Мындай бир нече алачык-кепелер турак жайларды түзгөн. Мустьер доорунун эстеликтери Кыргызстандын аймагынын көп жеринен табылган. Булардын ичинен абдан маанилүүлөрү түндүктөгү Тосор жана «Георгиевка Дөңсөөсү» деп аталган конуштар жана республиканын түштүгүндөгү Капчыгай таш жаруучу-устакана.

Тосор конуш жайы Ысык-Көлдүн тескейиндеги Тосор суусунун оң жээк тектиринде жайгашып, бир топ аянтты ээлейт. Казуу учурунда бул жерден 3 миңден ашуун ар түрдүү таш буюмдары — нуклеустар, учтуу таштар, кыргычтар, таш куралдарынын сыныктары, пластиналар табылган. Изилдөөчүлөрдүн божомолуна караганда, бул жерде эмгек куралдарын жасай турган устакана да болгон.

«Георгиевка (Курдай) дөңсөөсү» Чүй суусунун оң жээгинде, Бишкек шаарынан анча алыс эмес жерде жайгашкан. Бул жерден да 4 миңден ашуун кыргыч, кыргыч сымал куралдар, учтуу таш куралдар, нуклеус ж.б. таш буюмдар табылган.

Ош облусунун Капчыгай деген тоо өндүрүндөгү таш жаруучу устакана өзгөчө маанилүү. Бул байыркы адамдын эмгегинен жаралган эң бай табылгалар — буюм калдыктары топтолгон жер. Мында курал-жабдык жасоо үчүн кремний иштетилип турган. Эмгек куралдары өтө ар түрдүү келип, жогорку чеберчиликте иштетилгендиги менен айырмаланат. Капчыгайдын таштарынын сапаты мыкты болгондуктан, киши оңой менен жете алгыс жердеги кеңири аянтта жайгашканына караганда ал жерге кеңири аймактар үчүн ар түркүн жана өтө бекем эмгек куралдарын даярдай турган «устакананын» ролу ыйгарылса керек.

Неандерталдардын негизги кесипчилиги аңчылык кылып, өсүмдүк азыктарын терип-жыйнап жан багуу болгон. Чоң топ болуп биригип алып, аңчылыкка чыгуу зарылдыгы адамдардын топторун баш коштуруп, өндүрүштүк жана кандаштык жактан байланышып турган жаңы, уруулук коомдун түзүлүшүнө негиз түзүп берген. Калыбы, мустьер жамаатында аял менен эркектердин ортосунда жана адамдардын жаш курактарына жараша эмгек табигый түрдө бөлүнүп калса керек. Дал ушу мезгилде идеологиялык түшүнүктөр калыптанып, магия да пайда болот. Муну Тешик-Ташка көмүлгөн баланын сөөгүнүн тегерегине тоо текенин мүйүзүнүн кошо коюлушу ырастап турат.

БИБЛИОТЕКА
Омского государственного
педагогического института
инв. № 759043

Соңку палеолит (мындан 40–12 миң жыл мурда). Азыркы көрүнүштөгү адамдын жаралышы мына ушул доор менен байланыштуу жана ушундан тартып чыныгы адамдын тарыхы башталат. Мында неандерталь тибиндеги байыркы адамдардын ордуна «кроманьондук» (Франциядагы Кро-Маньон деген үңкүрдөн биринчи табылган сөөк калдыктары боюнча аталган) деп аталган адам келет. Кроманьондук типтеги адам адамдын тормоздук реакциясын жөнгө салып турган маңдай мээсинин жакшы өөрчүшү менен айырмаланат. Бул адамдын маңдайы тик, башы сөлпү келип, ээги кадыресе чыгып турат. Ал бийик бойлуу (168–194 см), булчуңдуу болгон. Ээк сөөгүнүн өнүгүшү анын сүйлөө аппаратынын өркүндөшүнө байланыштуу болсо керек.

Соңку палеолит мезгилинде адам Жердин дээрлик бардык климаттык зоналарына жайгашат, расалар жана расалык топтор калыптана баштайт. Ошо кездеги адам коомунун материалдык жана руханий маданияты андан ары өнүгө берет. Мына ушулардын бардыгы коомдук мамилелердин прогрессивдүү өнүгүшү менен, адамзат жамааттарынын коомдук уюмунун биринчи өзгөчөлүү формасы катары уруулук жамааттын калыптануу процесси менен түздөн-түз байланыштуу. Уруулук жамаатта башкы роль аялга таандык болуп, адамдын теги жана тууандык байланыштары аял тарабы боюнча эсепке алынып турган. Жогорку палеолит доорундагы адамдардын идеологиялык түшүнүктөрүндө уруунун башчысы жана үйдүн кожойкеси катары аялзатынын культу пайда болгон. Ошентип, жогорку палеолит — коомдун социалдык уюмунун прогрессивдүү формасы катары матриархаттын жана уруулук жамааттын гүлдөп турган мезгили десе болот.

Уруулук жамааттардын чарбасы коллективдүү чарба болгон. Эмгек каражаттары жана тамак-аш кору бүт урууга таандык менчик болгон. Уруулук жамааттын мүчөлөрү уруу конушу болгон бир же бир нече тургун жайларда жашашкан. Жогорку палеолиттеги адамдын көз карашы кыйла өнүккөн. Аңчылык магиясынын культу кеңири жайылып, аны менен бирге алгачкы искусство жаралган, ал үңкүрлөрдөгү өсүмдүк боёгу менен тартылган сүрөттөр, ошондой эле айбанаттар менен аялдардын скульптуралык жана оюп-кесилип жасалган фигуралары түрүндө болгон. Жалпысынан адамдын бүткүл маданияты кескин түрдө татаалдашат. Таш куралдарын жасоо техникасы да бир кыйла өркүндөгөн. Кыпчуур, кескич, чекелери жылмакай курч жабдык, аткыгыч, бычак, найза, дегеге ылайыкталган жеңил жана курч учтар сыяктуу иштин түрүнө жараша урунулчу

курал-жабдыктары пайда болгон. Таш менен катар эле сөөк жана мүйүздөр кеңири колдонула баштаган, алардан шибеге, ийне, уч, гарпун, найза, ыргыткыч жасалган. Адам малдын терисинен кийим-кече тиккенди үйрөнгөн.

Бул мезгилде да мурдагыдай эле азык-түлүк табуунун негизги ыгы аңчылык болгон. Кармоого ыңгайлуу болгон оңүттүү жерлерге айдап барып, же туш-тушунан курчап алып кармоо жолу менен аңчылык кылуу кеңири жайылган. Мындай аңчылык кылуу уруу жамааттарынын көпчүлүк адамдары катышканда гана мүмкүн болгон. Ошону менен бирге балык уулоо, өсүмдүк азыктарын терип-жыйноо да сакталып кала берген.

Жогорку палеолит мезгилинде адамзат коому башынан өткөргөн мындай маанилүү өзгөрүштөр Кыргызстан үчүн да мүнөздүү болгон. Бул мезгилдин ири эстелиги Исфара дарыясынын өрөөнүндөгү Кожо-Тоо конушу болуп эсептелет. Жогорку палеолитке таандык курал-жабдыктар, маселен, бизге белгилүү Капчыгай өндүрүнөн, Хайдаркен (Айдаркен), Кадамжай, Охна айылдарына жакын жердеги жана Кетмен-Төбөдөгү Ничке-Сай үңкүрлөрүнөн да табылган.

Жогорку палеолит эми **мезолит доору** — орто таш кылымы (б.з.ч. XII–VI миң жылдыктар) менен алмашылат. Бул мезгилде ландшафт, жаратылыш чөйрөсү стабилдешип, азыркы шарттарга жакын болуп калган. Айбанаттар дүйнөсү да өзгөргөн. Палеолит мезгилиндеги ири айбанаттар тукум курут болуп, эми майда жандыктар менен канаттууларга аңчылык кыла башташкан. Топтошуп аңчылык кылуу менен бирге жекече аң уулоого да мүмкүн болуп калган эле.

Бул доор жаа менен жебенин ойлонуп табылышы жана микролиттердин — үч бурчтук, ромб, трапеция, сегмент түрүндөгү миниатюралык пластиналардын жаралышы сыяктуу эки чоң окуя менен белгилүү болгон. Жаа менен жебенин ойлонуп табылышы адамзат тарыхындагы чоң жетишкендик болуп, бул аңчылык ишин бир кыйла жеңилдеткен. Ал эми микролиттердин жаралышы эмгек куралдарынын түрүн көбөйтүп, мурдагыдан бир кыйла кылдат жана так иштерди аткарганга мүмкүнчүлүк ачкан. Нуклеустан бөлүнүп алынуучу миниатюралык пластиналар жебеге уч жасоо үчүн колдонулган, ошондой эле сөөккө же жыгачка аштalып, бычактын же ороктун милдетин аткарган.

Мезолит доорунун эстеликтери Кыргызстандын аймагында көбүрөөк таралган. Маселен, мезолит доорундагы конуштар менен тургун жайлар Фергана өрөөнүнүн түздүктөрүнөн жана

тоо этектеринен көп табылган. Мындан эң маанилүүлөрү — Сох дарыясынын жогорку агымында жайгашкан I–V Обишир үңкүрлөрүнүн тобу, Кара-Суу дарыясынын оң жээгинде, анын Нарын дарыясына куйган жеринен 0,5 км жогору жагындагы Таш-Көмүр үңкүрү (азыр суу сактагыч аймактын астында калган).


Теңир-Тоонун бийик тоолуу райондорун байырлаган мезолит доорундагы уруулар өзгөчө жамаатты түзгөн болуу керек, себеби, бул жерлерден таш курал-жабдыктардын өзгөчө бир мүнөздүү түрлөрү сакталып калган бир катар эстеликтер табылган.

Неолит доору (б.з.ч. VI–IV миң жылдыктар) өндүрүш күчтөрүнүн андан ары өнүгүшү, эмгек ишмердиктеринин жаңы формаларынын пайда болушу, адамдардын ортосундагы өз ара мамилелердин өркүндөшү менен мүнөздөлөт. Бул мезгилде ташты иштетүүнүн жылмалоо жана көзөө сыяктуу жаңы технологиялык ыкмалары табылып, таш балта, кетмен, жаргылчак ж.б. шайман-жабдыктар, биринчи жолу чоподон идиш-аяктар жасала баштайт.

Чарбада да олуттуу өзгөрүүлөр болуп өтөт. Аңчылык, балык уулоо, осумдук азыктарын терип-жыйноо менен катар эле өтө жөнөкөй дыйканчылык жана алгачкы мал чарбачылыгы пайда болот. Булар жаратылыштын даяр продуктуларын терип-жыйнап жан баккан чарбалардын ордуна келген *өндүрүүчү чарбанын* жаңы типтери эле. Мал чарбасы аңчылык кылуудан, ал эми дыйканчылык болсо өсүмдүк азыктарын терип-жыйноодон улам келип чыккан. Коомдук уюмдун формалары андан ары өнүгөт. Туугандык байланыштарына жана чарбасынын бир түрдүүлүгүнө жараша бириккен бир нече урук жамааттарынан турган уруулар же уруулук бирикмелер түзүлөт.

Неолит доорунун эстеликтери Кыргызстандын аймагындагы бир нече жерден табылганы менен, али жакшы изилдене элек. Неолит конуштарынан алынган материалдарга караганда бул жерде Түштүк-Батыш Тажикстандын гиссар маданиятына өтө жакын келген маданият таралган. Мында ачык асман алдындагы убактылуу конуштардан тышкары үңкүрлөрдө жайгашкан тургун жайлар да табылды. Адамдар жашаган ушундай жайлардын бири Нарын шаарына жакын жердеги Теке-Секирик үңкүрүнөн, дагы бири Сары-Жаз дарыясынын өрөөнүнөн табылган.

Сары-Жаз дарыясынын боюндагы Ак-Чуңкур үңкүрү өзгөчө кызыгууну туудурат. Үңкүрдүн төбөсүнө жана капталдарына кызыл боёк менен тартылган сүрөттөр табылган. Тилекке каршы, табигый күчтөрдүн таасири менен сүрөттөрдүн көбү өчүп



Таш куралдары. Неолит. Алай.

калган. Эчки-теке, бука, жылан, урууларга башчылык кылган аялдардын, байыркы аңчы эркектердин сөлөкөттөрү тартылган 14 гана сүрөт биздин күндөргө чейин келип жеткен. Булар Кыргызстандагы эң байыркы жана эң сейрек кездеше турган аска бетиндеги сүрөттөр. Ак-Чуңкур үңкүрү тургун жай эмес, зыярат кылынчу ыйык жай болсо керек деген пикир бар.

§ 2. Алгачкы жамааттык түзүлүштүн ыдырашы

Кыргызстандын аймагынан энеолитке же жез-таш кылымына таандык эстеликтер азырынча табыла элек. Бул доор Саймалуу-Таш чалкагындагы таштарга чегилген эң байыркы сүрөттөр менен гана белгилүү. Анда өгүздөр чегилген байыркы арабанын, битреуголь стилинде тартылган дагы башка бир катар сүрөттөр бар. Бул Саймалуу-Таштагы сүрөттөрдүн бир кыйла кызыктуу, реалдуу, ошол эле учурда табышмактуу тобу болуп саналат. Бул сүрөттөрдү тартып калтырган адамдардын турмуш-тиричилиги менен маданиятын мүнөздөгөн башка эстеликтер азырынча табыла элек.

Дал ушул мезгилде, б.з.ч., III миң жылдыкта, адам таш, сөөк, чоподон башка металлды да пайдаланууну үйрөнгөн. А дегенде табигый чулу жезди, андан соң калай менен жездин эритиндиси — колону, кээде сурьманы, мышьякты же коргошунду пайдаланган. Палеометаллдарды өндүрүш жолу менен алууну үйрөнүү адам коомунун өнүгүүсүн олуттуу түрдө тездеткен. Ошентип, таш жана сөөк шайман-жабдыктарынын ордуна кыйла катуу жана курч коло шайман-жабдыктар колдонулуп, эмгекти бир кыйла өндүрүмдүү кылган. Жүздөгөн миң жылдыктарга созулган таш доорунан кийин адамзаттын тарыхында жаңы доор — **коло доору** башталган (б.з.ч. II жана I миң жылдыктын башы ченде).

Неолит доорунда эле башталган ишмердиктин өндүрүш чыгаруучу түрлөрү андан ары өнүгүшкө ээ болот. Маселен, субтропиктердин кээ бир аймактарында ирригациялык дыйканчылык өнүгүп, ошого ылайык цивилизация пайда болот. Евразиянын талаалары менен тоо этектеринде комплекстүү малчылык-дыйканчылык чарбачылыгы түзүлөт. Энеолит жана коло доорлорунда бул жерлерде айбанаттарды колго багып үйрөтүү улантылып, ал атайылап тукумдатуунун объектисине айланат. Жылкы менен төөнү колго багып үйрөтүү да ушул мезгилге таандык.

Мал чарбачылыгынын келип чыгышы коомдун өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшүндөгү жаңы этап болуу менен бирге башка уруулардын ичинен мал чарбачылыгы менен кесип кылган уруулардын бөлүнүп чыгышына алып келген. «Бул эмгектин алгачкы ири коомдук бөлүнүшү болду», — деп жазган Ф. Энгельс.

Бара-бара мал чарбачылыгынын ролу күч алып, ал тоолуу-талаалуу аймактардын калкынын чарбаларында башкы орунду ээлейт. Б.з.ч. II миң жылдыктын аягы — I миң жылдыктын башы ченде бул жерлерди байырлаган калктын көбү чарбачылыктын адистешкен, жаңыча формасына — көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгына өтөт.

Мына ушундан тартып чарбанын бул негизги эки түрүнүн — мал чарбачылыгы менен дыйкан чарбачылыгынын өнүгүшү коомдун турмушунда ири өзгөрүүлөрдү пайда кылган.

Биринчиден, өндүрүш күчтөрүндө болгон жаңы жогорулаш эркектер менен аялдардын ортосунда эмгектин бөлүнүш тартибин таптакыр өзгөрттү. Мал чарбачылыгы жана дыйканчылык көбүнчө эркектер аткаруучу жумушка айланат. Ушу кезде чоң коомдук мааниге ээ болуп калган металлургия өндүрүшү да эркектер гана иштөөчү өндүрүш болуп калган. Аялдардын эмгеги бара-бара үй чарбасы менен гана чектелип калат. Мына ушулардын бардыгы коомдо эркектердин ролунун күч алышына, андан соң матриархаттын патриархат менен алмашылышына алып келген.

Экинчиден, өндүрүп чыгаруучу чарбанын жана металлургия өндүрүшүнүн өнүгүшү ар түрдүү эмгек шаймандарын жана курал-жарактарды өндүрүүнү арттырып, өндүрүш күчтөрү олуттуу түрдө өнүккөн. Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү туруктуу түрдө ашык продукт алууну жана анын кошумча продуктуга айланышын камсыз кылган. Мындай продуктунун болушу анын айрым бир жамааттардын, а тургай айрым үй-бүлөлөрдүн пайдасына бөлүнүп калышына мүмкүндүк түзгөн. Ушундан улам айрым үй-бүлөлөр башкалардан обочолоно баштап, үй-бүлөлүк жеке менчик пайда болгон, уруулук жамааттын ичинде мүлктүк теңсиздик күч алып, акыры ал алгачкы жамааттык формациянын ыдырашына алып келген. Бул коомдун маданий жана чарбалык өнүгүшүнө олуттуу өзгөрүштөрдү пайда кылган татаал жана узакка созулган процесс болгон.

Талаа тилкесиндеги коло доорунда мал чарбасы менен дыйканчылыкты кесип кылган уруулар. Коло доорунда Кыргызстандын аймагын малчылык-дыйканчылык жана байыркы

дыйканчылык менен кесип кылган теги ар түрдүү уруулар байырлашкан.

Түндүк Кыргызстандын аймагында талаа тилкесиндеги коло доору тибиндеги маданият таралган. Ал шарттуу түрдө *андрон маданияты* деп аталган. Андрон маданиятынын уруулары Сибирдин, Урал боюнун, Казакстандын талаа мейкиндиктерин жана Орто Азиянын түндүк бөлүгүн камтыган эбегейсиз зор территорияны ээлеп турган.

Булар негизинен мал чарбачылыгы менен жан багып, ал эми дыйканчылык менен аңчылык көмөкчү чарба болгон уруулар эле. Андрончулар мал жайып, дыйканчылык кылганга ылайыктуу суу боюндагы шалбаалуу жайыктарга отурукташкан. Алар кой-эчки, жылкы багышып, жыл мезгилине жараша жер которуп, көчүп жүрүшкөн.

Түндүк Кыргызстандын коло доорунун эстеликтери конуштардын калдыктары, мүрзөлөр, колодон жасалган эмгек куралдары менен буюмдардын кенчтери түрүндө сакталып калган. Конуш-журттар жер төлө кейпиндеги турак жайлар болгон. Конуштардын жанында мал короолору жайгашкан. Мындай конуштар Чүй жана Кетмен-Төбө өрөөндөрүнөн табылган.

Кыргызстандын малчылык менен кесиптенген урууларынын негизги эстеликтери болгон көрүстөндөр дээрлик бардык жерден табылды. Андрон урууларынын Талас, Чүй, Кетмен-Төбө өрөөндөрүндөгү, Ысык-Көл ойдуңундагы, бийик тоолуу Нарын чөлкөмүндөгү көрүстөн комплекстери изилденген. Мүрзөлөр катар-катар жайгашкан таш коргондордон турат. Коргондору тегерек же тик бурчтуу формада болуп, аларга жанаша салынган кошумча коргондор бар. Сөөктөр көбүнчө аңга же кээде сейрек учурларда капталдата таш каланган аңга коюлган. Сөөктү өрттөп же өрттөбөй коюшкан. Сөөктү өрттөп койгон мүрзөлөрдө өрттөлгөн сөөктөрдүн күлү табылган. Ошо кездеги адамдардын түшүнүгү боюнча от адамдарды жаман нерселерден тазалап, шайтан-шабырлардан коргогон. Калыбы, коло доорунда отко сыйынуу кеңири таралса керек. Сөөктү өрттөбөй койгондо өлүктү бүгүлгөн абалда жаткырышып, жанына тамак-аш салынган карапа менен чопо идиш-аяктарды, асем буюмдарын, эмгек шаймандарын жана жоо жарагын кошо комүшкөн.

Коло доорунун эстеликтерин изилдөөдө андрон маданиятына таандык уруулардын үй тиричилик өнөрү да жакшы өөрчүгөнү байкалды. Булардын ичинен карапачылык маанилүү орунду ээлейт. А дегенде неолит доорунда пайда болгон карапа өндүрүшү коло доорунда бир кыйла өнүккөн. Бул доордо ошон-

дой эле өрмөкчүлүк, тери жана жыгач иштетүү, таш сомдоп-жылмалоо өнөрү да кеңири таралган.

Коло доорундагы уруулардын турмушунда мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен катар эле тоо-кен иши жана металл иштетүү маанилүү роль ойногон. Андрондуктар жез кенин, калайды, коргошунду, алтынды казып алып, металл эриткенди үйрөнүшкөн. Жез менен калайды кошуп эритишип, коло алышкан, андан өркүндөтүлгөн формадагы эмгек шаймандарын, жоо-жарактарды, тиричилик жана кооз асем буюмдарды жасашкан. Усталар металл эритүү, согуу, чеканкалоо, металл, жыгач, таш буюмдардын бетине оюп сүрөт түшүрүү (гравировка) сыяктуу көптөгөн техникалык ыкмаларды билишкен.

Соңку жылдары андрон типтүү металлургия өндүрүшү менен металл иштетүүнү иликтегенде, өнүккөн коло доорунун маданиятынын ичинен Жети-Суу жергесине таандык вариант бөлүнүп көрсөтүлөт. Бул вариант жергиликтүү металл иштетүү интенсивдүү темпте жүргөнү, коло эмгек шаймандарынын, жоо-жарактардын, дагы башка буюмдардын өзгөчөлүү түрлөрү жасалганы менен мүнөздөлөт.

Жети-Суунун негизги металлургиялык өндүрүшүн Кыргызстандын аймагынан табылган коло буюм-тайымдардын кенчи даана мүнөздөп турат. Кенчте ар кандай эмгек шаймандары (уруп жаруучу балта, көзөөч, орок, кельт, бычак, кайырмак), жоо-жарактар (найза, шамшар, айбалта) ж.б. буюмдар бар. Археологиялык материалдар ар кайсы аймактарда, а тургай эң алыскы аймактарда жашаган калктардын ортосунда да кеңири байланыштар болуп келгенин көрсөтүп турат.

Чуст маданиятынын тушундагы байыркы дыйканчылык менен кесиптенген уруулар. Түштүк Кыргызстандын түздүктөрү менен тоо этектерин байыркы дыйканчылык менен кесип кылган чуст маданиятына таандык уруулар ээлешкен. Тоо этектериндеги жашаган чакан жамааттык топтор түзөңдөрдү жарып аккан сайлардагы сууларды буруп, өз муктаждыктарына пайдаланууга мүмкүнчүлүгү болгондуктан бул жерлерде отурукташкан дыйканчылыктын жаралышына жана өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзгөн. Чуст маданиятына таандык уруулар отурукташкан тургун жайлар Оштун, Кара-Суу, Өзгөн, Ноокат райондорунун ар кайсы жерлеринен ачылды. Булардын ичинен баарынан чоңдору жана мүнөздүүлөрү — Чуст, Далверзин, Ош, Чымбай ж.б. тургун жайлар.

Бул мезгилде адамдар турак жайларын суу бойлорундагы тектирлерде, суу өндүрлөрүндө, ошондой эле тоонун жайык

беттеринде курушкан. Турак үйлөр чопо дубалдар менен курчалган. Айрыкча Сулайман тоосунун эңкейишинде жайгашкан Ош тургун жайы өзгөчө кызыктуу. Алар тоону курчай салынып, тектирчелерге жайгаштырылган. Жер төлө түрүндөгү турак үйлөр казылган чарбалык чуңкурлардын өлчөмү жана саны менен айырмаланат. Бири-бирине байланыштырылып курулган бир нече жер төлө, балким, жалпы жамааттык үй катары кызмат кылса керек. Чуст маданиятынын тушунда бир кыйла татаал архитектуралык формалар пайда болгон. Маселен, Далверзин-дөбөдөгү чептин жана сыйынуу жайынын ачылышы Фергана оазисинде байыркы дыйканчылык менен кесиптенген жамааттардын жогорку деңгээлде өнүккөнүнөн жана алардын маданияты Байыркы Чыгыштын алгачкы цивилизациясынын жетишкендиктерине жакын экендиги жөнүндө кабар берип турат.

Чуст маданиятына таандык уруулардын негизги кесиби дыйканчылык болгон. Алар көбүнчө буудай, арпа, таруу эгишкен. Буурчак жана мөмө-жемиш өсүмдүктөрү да белгилүү болгон.


Чарбасында мал өстүрүү маанилүү роль ойногон. Сугат жерлердеги дыйканчылык мал чарбачылыгы менен ажырагыс байланышта жүргүзүлгөн. Багылган малдын курамында майда жандыктар (кой) басымдуулук кылган.

Ар түрдүү археологиялык материалдар ар түрдүү өндүрүштөрдүн жана кол өнөрчүлүктүн өнүккөндүгүн ырастап турат. Чуст урууларынын чарбачылыгында карапа өндүрүшү өзгөчө орун ээлеген. Жергиликтүү металлургия өндүрүшү да бир кыйла өнүккөн. Буга колодон жасалган эмгек шаймандарынын түрлөрү (орок, көзөөч, бычак), жоо-жаракталар (жаа менен найзалардын учтары), ат жабдыктары (үч оюктуу суулуктар, ооздуктар), кооз асем буюмдар, күзгү, сөйкөлөр, шуру-мончоктор, ар кандай нерселерди колодон куюп жасоо үчүн таш калыптар күбө.

Сөөктөн жасалган чөлмөктөр, жипти тартып туруш үчүн керектелүүчү атайын салмоор таштар жана кездеме кергичтер тиричиликте токуу өндүрүшү маанилүү орунду ээлегендигин билдирип турат.

Байыркы дыйкандар чебер куруучулар да болушкан. Үйлөрдү жана коргонуу дубалдарын куруу үчүн алар кыштарды, пахса блокторун жана чопо колектерди колдонушкан.

Чуст конуштары үчүн турак жайдын үч түрү мүнөздүү: жер төлөлөр, там үйлөр жана алачык тибиндеги жеңил жыгач үйлөр. Дальверзин жана Чуст сыяктуу ири конуштар пахсадан жана чийки кирпичтен тургузулган коргонуучу бекем дубалдар



Шамшы кенчи. Коло. Кочкор өрөөнү.
Б.з.ч. II миң жылдык.

менен курчалып коюлган. Бул конуштар отурукташкан дыйканчылыктын жогору өнүккөнүнөн, коомдун мүлк жагынан жиктелип калганынан, дыйканчылык жана мал багуу менен кесиптенген уруулардын ортосунда куралдуу кагылыштар күчөп калганынан кабар берип турат.

Маданияты. Коло доорунда материалдык маданияттын жетишкендиктери менен катар эле маданияттын руханий формалары да өнүгүшкө ээ болгон. Булардын ичинен кыйла маанилүүсү аска бетине түшүрүлгөн сүрөттөр. Бул кезде үңкүрлөр байыркы «живописчилердин» сүрөтү менен кооздолбой, сүрөттөр өзүнчө чоң таштарда (валундарда) же асканын жазы беттерине чегилип түшүрүлгөн, мындай сүрөттөр дээрлик бардык жерге таралган.

Аска бетиндеги искусствонун эң маанилүү жана белгилүү эстелиги — Саймалуу-Таш чалкагындагы петроглифтер комплекси. Ал Фергана кырка тоосунун Көгарт ашуусуна жакын жерде, деңиз деңгээлинен 3000 м бийиктикте жайгашкан. Мында жүз миңдеген таштын бетине ар кандай сүрөттөр чегилген, булардын эң байыркылары б.з.ч. III жана II миң жылдыктарга таандык.

Саймалуу-Таш — Теңир-Тоо менен Фергана өрөөндөрүндө жашаган калктын энеолит менен коло доорунан тартып орто кылымдарга чейинки жашоо-тиричилиги жөнүндө эбегейсиз көп маалыматтарды камтыган чоң бир сыйынт жайы жана эң бир баалуу даректерди бере турган булак. Мында бул жерди узак мезгил байырлап, көркөм чыгармачылыктын бийик деңгээлин көрсөтө алган байыркы калктын көркөм сүрөт өнөрүнүн бир нече доорлор бою түзүлүп, катмарланып, куралып келген комплекси жатат.

Коло доорунда жайык талааларды байырлап, дыйканчылык менен кесип кылган уруулардын көркөм чыгармачылыгынын өнүгүшүн аска-таш бетиндеги сүрөттөрү эле эмес, жасалга-колдонмо өнөрү да ырастап турат.

Бага карапа өндүрүшү айкын мисал боло алат. Карапа идиш-аяктар тиги же бу уруу топторунун ар кандай маданий салттарына жараша бири-биринен айырмалуу оймо-чиймелер менен кооздолгон. Маселен, Андрон тобуна кирген малчы-дыйкан урууларынын карапа идиш-аягы ар кандай оюп кесилген оймо-чиймелер менен кооздолсо, чуст маданиятына таандык уруулардыкында сүрөттөр ачык кызыл түстүн үстүнө кара боёк менен тартылган. Ар кандай оюм-чийим жана сүрөт салынган чопо идиш-аяктар — коло доорунда жашап өткөн уруулардын

жогору өнүккөн эстетикалык табитинин жана көркөм чыгармачылыгынын натыйжасы.

Металлургия өндүрүшүнүн буюмдары да мындан кем калышпайт. Маселен, алардын жоокерлик канжарлары татынакай формада куюп жасалган, сабы айбанаттардын фигуралары менен кооздолгон. Балта, кескич, бычак сыяктуу эмгек шаймандары да чеберчилик менен жасалган. Шакек, билерик, чакан каңылтыр, сөйкө, мончок өңдөнгөн зергерчиликтин асем буюмдары көп учурда алтын жалатылып, жөнөкөй оймо-чиймелер түшүрүп, эч кыптыксыз жасалганы менен өзүнө тартып турат.

Металлургиянын ачылышы, коло буюмдардын көп түрдүү чыгарыла башташы менен Кыргызстандын байыркы маданиятынын ролу жана мааниси жогорулайт. Булардын көпчүлүгү Орто Азия, Казакстан, Түштүк Сибирь жана андан да алыскы аймактардын көркөм-маданий байланыштарын, өз ара аракеттерин жана маданий салттарынын синтезин даана көрсөтүп турат.

Коло доорунда жашап өткөн уруулардын идеологиялык түшүнүктөрү менен диний ишенимдери ата-бабанын арбагына сыйынуу жана бу дүйнөдөгү өмүр тиги дүйнөдө да уланат деп ишенгендиктери менен байланышкан. Ошондуктан өлгөн адамдын тиги дүйнодөгү жашоо-турмушу жөнүндө кам көрүшүп, сөөктү койгондо аны менен кошо тамак-аш салынган идиштерди, жоо-жарактарды, эмгек шаймандарын, кийим кечелери менен асем буюмдарын кошо көмүшкөн, көрдүн ичи турак үйдүн элесин берип турган.

Коло доорундагы уруулларда мал чарбачылыгына, дыйканчылыкка, аңчылыкка байланыштуу да сыйынуу үрп-адаттары болгон. Аны аска-таш бетиндеги сүрөттөр ырастап турат. Алар Күнгө сыйынышкан, отто тазалоочу касиет бар деп ишенишкен. Күнгө теңир катары сыйынуунун символдорун аска-таш бетиндеги сүрөттөрдөн, карапа идиш-аяктардагы оймо-чиймелерден көрүүгө болот. Өлүктү өрттөө жөрөлгоөрүнөн отко сыйынуу ырым-жырымы айкын көрүнүп турат. Бул мезгилде ар кайсы теңирлерге, перштелерге, малдын, жаратылыштын ээлерине арнап курмандык чалуу ырым-жырымдары келип чыгат.

Коло доорунда Орто Азияда материалдык маданиятта, чарбада, коомдук мамилелерде эле олуттуу өзгөрүүлөр болбостон, Борбордук Азиянын бир катар өлкөлөрүнүн жана элдеринин кийинки өнүгүш тарыхы үчүн чоң мааниси бар этникалык процесстерге да негиз салынган. Бул мезгилдин этникалык процесстеринде негизги роль инди-иран жана инди-европа уруларына таандык.

Андрон жана ага окшош башка маданияттардын ээлери арийлер же инди-ирандыктар деп саналат. Булардын бир бөлүгү бул жерди б.з.ч. I миң жылдыктын башынан тартып алгачкы орто кылымдарга чейин байырлаган негизги калктардын: сактардын, согдулуктардын, бактриялыктардын, парфиялыктардын, хорезмдиктердин жана башкалардын ата-бабалары болгон.

§ 3. Алгачкы темир доорундагы уруу бирикмелери жана таптык коомдун калыптанышы

Б.з.ч. I миң жылдыктын башында Кыргызстандын аймагында темирдин ачылышы менен жаңы доор башталат. Темир өндүрүп алуунун технологиясын өздөштүрүү өндүргүч күчтөрдүн андан ары өнүгүшүнүн ылдамдашына, жалпы эле коомдун прогрессине түрткү болгон.

Темир металлургиясынын өнүгүшү менен бирге, көп эмгекти, тажрыйбаны жана жөндөмдүүлүктү талап кыла турган башка кол өнөрчүлүктөрү да татаалдашат. Бул эмгектин экинчи ири коомдук бөлүнүшүнө — кол өнөрчүлүктүн дыйканчылыктан бөлүнүп чыгышына алып келген.

Темир доорунун башталышы менен эле бир убакта коло доорунун уруулары чарба жүргүзүүнүн малчылык-дыйканчылык формасынан көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгына өтө башташкан. Бул процесс эбегейсиз зор мааниге ээ болуп, калктын маданий жана чарбалык турмушунун бардык тарабына таасирин тийгизген.

Ушуга жараша турмуш-тиричиликтин түрү да өзгөргөн. Турмуш-тиричилик мурдагыдан жанданып, ар бир уруунун ичиндеги жана уруулар ортосундагы өз ара байланыштардын мүмкүнчүлүктөрү кеңейген. Көчмөндөрдүн коңшу уруулар жана элдер менен соода, маданий байланыштары түзүлө баштаган.

Бул алгачкы көчмөндөрдүн өзүнчө бир күжүрмөн доору болгон. Жайыт жана айдоого жарактуу жер үчүн тынымсыз күрөшүүнүн натыйжасында көчмөндөр коомунун жашоо шарты жоокерчилик абалга өтө баштайт. Кол салуу жана коргонуу максатында бириккен чоң уруу бирикмелери пайда болот. Мына ушулардын баары, чоң этникалык топтордун жер которуусуна, миграцияга алып келет. Күчтүү уруу бирикмелери алгачкы саясий бирикмелерди түзөт.

Алгачкы жамааттык түзүлүштүн ыдыроо процесси аяктап, алгачкы таптык коомго өтүү процесси башталат.

Алгачкы темир доору ошол кездеги уруулар менен элдердин тарыхын баяндаган алгачкы жазма даректердин жазыла башташы менен да белгилүү. Ошондуктан б.з.ч. I миң жылдык бүткүл Евразиянын, анын ичинде Орто Азиянын тоолуу-талаалуу мейкиндигинин турмушунда тарыхый мезгилдин башталышы катарында эсептелет.

Сактар. Орто Азиянын көчмөн калкы тууралуу биринчи маалыматтар байыркы фарси клинописстик тексттеринде камтылган. Алар Персополго жакынкы жердеги Накш-и Рүстөм күмбөзүнүн рельефине, Бехистун аскасына чегилип жазылган. Бул даректер азиялык көчмөндөр «сактар» деген жалпы термин менен аталганынан маалымат берет. Булардын ичинен Ахеменийлерге баш ийген бир нече уруу бирикмелери бөлүнүп көрсөтүлөт: деңиздин (дарыянын) ары жагындагы сактар, хаомоварга сактары, тиграхауда сактары (шуштугуй тебетейчендер). «Согдунун ар жагындагы» сактар. Мында дах уруулары да эскерилет.

Грек-рим авторлорунун (Геродот, Ксенофонт, Ктесий, Арриан, Плиний Улуусу, Птолемей, Страбон ж.б.) чыгармаларында да Орто Азияда жашаган көчмөн уруулларга тиешелүү маалыматтар бар. Алар сактарды көбүнчө «скифтер», кээде тактап «азиялык скифтер» деп аташкан. Бирок бу булактарда ахеменилик-тердин клинописстеринде учурабаган массагеттер, савроматтар (сарматтар), аргипейлер, аримасптар, ассийлер, пасиандар, сакараулдар (сакарауктар) ж.б. аталыштар бар. Фарсы жана антик булактарында бул уруулар жашаган кеңири аймакта тигил же бул уруунун байыр алган белгилүү бир жерин атап көрсөткөн бирдиктүү пикир жок. Маселен, айрым изилдөөчүлөр Теңир-Тоо менен Жети-Суу аймагына хаомаварга-сактарын (же грек авторлору боюнча — амюргий сактары; амюргийлик сактардын курамына «Согдунун ары жагындагы» сактар да кирсе керек) жайгаштырышат. Дагы бир башка изилдөөчүлөр бур жерди тиграхауда-сактары (грек даректери боюнча булар массагеттер деп аталат) мекендеген деп эсептешет. Бир кыйла кийинчерээктеги кытай жылнаамаларында усундар тарабынан куулуп жиберилген жети-суулук сактар эскерилгенде, алар «сэ», «сак» деп аталат. Усундар Жети-Суу менен Теңир-Тоодо сак каада-салттарын түздөн-түз улантуучулар болгон.

Сактар жоокер эл болгон, б.з.ч. I миң жылдыкта Борбордук Азиянын саясий окуяларында активдүү роль ойногон. Алар б.з.ч. VI кылымда эле жоокер сак уруларын багынтып алып, өз тарабына тартууга умтулган персиялык падышалардын жортуулдарынын мизин ийгиликтүү майтарып турушкан.

Дарий I экинчи жортуулунда гана теңир-тоолук сактарды эмес, бир кыйла отурукташкан яксарттык сактардын кээ бир уруулларын багынткан. Сактар өз көз карандысыздыгын тайманбастан коргошкон. Даректерде сактардын душмандар менен салгылашкан эпизоддору, кээде бүтүндөй аскер кошуунуна башчылык кылган жоокер аялдардын эрдиги тууралуу баяндар сакталып калган. Грек тарыхчысы Полиен өзүнө өзү бычак сайып жараланып, перстерге «качып барып», өзүнүн уруулаштарынан кегимди алам демиш болуп, айлакерлик менен перси аскерлерин ээрчитип жүрүп отуруп, аларды чөлгө буюктуруп, кыргынга учураткан Ширак деген койчунун эрдиги тууралуу аңгеме жазып калтырган.

Көчмөн сак уруулары оңой күч болгон эмес, аларды Искендер Зулкарнайн да багындыра албай койгон. Б.з.ч. IV кылымдын экинчи жарымында Искендер Зулкарнайн аскери байыркы Персиянын ээлигин каратып алып, Орто Азияга басып кирет. Бирок бул жерден баскынчылар катуу каршылыкка кабылып, узакка созулган салгылаштан кийин гана Орто Азиянын айрым отурукташкан калктарын, негизинен согдулуктарды багынта алышкан. Бирок багынтылган элдер баскынчыларга каршы күрөштү токтотпостон, уланта беришкен. Мында баскынчыларга каршы Спитамен башында турган чоң көтөрүлүш чыкканы тарыхта белгилүү. Көтөрүлүшчүлөр гректик-македондук аскерлердин шайын бир кыйла оодарып таштаган. Ал эми Яксарттын (Сыр-Дарыянын) аркы өйүзүндө турган сак уруулары көз карандысыздыгын сактап кала алышкан.

Сактардын көчмөндүү турмуш тиричилиги жана коомдун жоокерчилик тартипте уюшулганы алардын турмушу менен идеологиясынын бардык тарабына өз изин калтырган. Алгачкы көчмөндөрдүн маданияты же скиф-сак маданияты б.з.ч. VIII кылымдан тартып эле калыптанган түрдө жашап келген. Бул кезде Евразиянын зор мейкин талааларында мал чарбачылыгы менен кесиптенген уруулардын бирдиктүү маданиятынын калыптануу процесси жүргөн, бул процесс Теңир-Тоо менен Жети-Сууну да камтыган. Ошондой болсо да алгачкы сак уруулары-нын маданияты (б.з.ч. VIII–VI кк.) аз изилденген. Бул этап негизинен көкусунан табылган коло буюмдар аркылуу гана белгилүү. Алар негизинен — ат жабдыктар: үзөңгү сымал ооздук, ар түрдүү басмайыл таралгалары, ат жабдыктары чегеленчү алгачкы формадагы кацылтырлар ж.б.

Эстеликтердин көпчүлүгү б.з.ч. V–III (II) кылымдардагы сак уруулары-нын маданиятын мүнөздөп турат.


Сактардын көрүстөндөрү Кыргызстандын бардык эле аймагынан учурайт. Мындай көрүстөндөр 15–20 дан же андан арбыныраак санда топ-топ болуп жайгашкан.

Көрүстөндөрдүн дөбөсүнүн астында батыш-чыгыш багыты боюнча созулган тик бурчтуу же сүйрү түрдөгү казанак жайгашкан. Мындай казанактар көбүнчө устундар же көлөмдүү таш плиталар менен жабылган. Жанына адат боюнча тамакаш салынган карапа идиш-аяктар, тиричилик жана асем буюмдары, кээде жоо жарак коюлган. Ар бир мүрзөдө эки-үчтөн, кээде беш-сегизден идиш-аяк болгон.

Кийинки жылдары Ички Теңир-Тоо аймагынан «падышалык» типтеги өтө өзгөчөлүү жана татаал конструкциядагы көрүстөн коргондору табылды. Мындай көрүстөндөрдүн дөбөсү таштан кыналып калканч түрүндө көтөрүлгөн, пайдубалы чарчы же тик бурчтуу келет. Дөбөнүн тегереги бир же эки катар таш коргон менен курчалган. Андан бир аз аралыктан соң мүрзөлөр чоң таштардан тургузулган дубал жана татаал ритуалдык конструкциялар менен айланта курчалган. Бул өтө таасирдүү жана кызыктуу комплекстер Теңир-Тоону байырлаган көчмөндөрдүн бейит эстеликтеринин татаал архитектуралык өзгөчөлүктөрү жөнүндө эбегейсиз чоң күмбөздөрдү курганда так эсептерге таянганынан кабар берип турат. Мындай жакшы сакталып калган көрүстөн комплекстеринин бири Нарын районунун тоолорундагы Жапырык деген жерден табылган. Бу сыяктуу комплекстер теңир-тоолук алгачкы көчмөндөрдүн сөөктү койгондо өзгөчөлүү татаал ырым-жырымдарды колдонгонунан, алардын коому социалдык жактан кескин түрдө жиктелип калганынан кабар берет.

Теңир-Тоонун алгачкы көчмөндөрү сөөктү кандай ырым-жырымдар менен койгондугу жөнүндө маалымат берген жаңы табылгалар Нарын районундагы Ак-Кудук айылынын аймагындагы Кеден деген көрүстөндү изилдегенде алынган. Кыйла жерди ээлеп жаткан көрүстөндүн орто жеринде падышалык типтеги сегиз чоң көрүстөн коргон бар. Ал коргондордун дөбөлөрү эки же үч катар кылып жабылган. Дөбөлөрдүн астында сөөк коюлган терең казылган камера (котормө) бар, жети-сегиз устун жаткызылып, бурчтары тике коюлган тирөөчтөр менен ашталып, тик бурч же чарчы түрдө курулган. Котормөнүн үстү жыгач менен жабылып, анын үстүнө таш кыналып, анан топурак төгүлгөн. Котормөлөр бир топ эле көлөмдүү.

Бул күмбөздөр байыркы замандарда эле таланып-тонолуп кетсе да, андагы калган материалдар мындагы ири күмбөздөрдө



Сак доорунун жоо-жарактары.

шексиз түрдө уруу же тайпа башчылары көмүлгөнүн, өлүктү көмүүнүн ырым-жырымдары, көмүлгөндөрдүн баалуу кийимкечеги, жанындагы аспаптары Казакстандагы белгилүү Бесшатыр, Эшик, Алтайдагы Пазырык мүрзөлөрүнөн табылгандарга окшош экендигин далилдеп турат.

Мына ушул жогоруда келтирилген мисалдар Кыргызстандагы сактар өздөрүнө гана мүнөздүү болгон ажайып маданиятка ээ болгонун ырастайт. Бирок бул маданият сактар мекендеген бүткүл аймактарда бирдей болуп көрүнгөнү менен, бир типте болгон эмес. Бул ар түрдүү аймактагы мүрзөлөрдүн казылышынан, сөөк коюу каадасынан, материалдык маданиятынан көрүнөт. Бул айырмачылыктар бир катар себептер менен шартталган. Мында географиялык, социалдык-экономикалык жана тарыхый факторлор, ошондой эле ар бир аймакта жашаган калктын маданий-экономикалык байланыштарынын багыты өзгөчө мааниге ээ болгон.

Кетмен-Төбө өрөөнүн мекендеген сак урууларынын маданияты, Кыргызстандын аймагындагы ошол кездеги маданий эстеликтер тургай, жалпы эле Орто жана Борбордук Азиянын ушуга окшогон эстеликтеринен олуттуу түрдө айырмаланып турат. Ушундан улам бул жердин маданиятына өзгөчөлүү орун берилип, (бир кыйла ири жана көрүнүктүү эстелик болгон Жал-Арык II көрүстөнүнүн аталышы боюнча) ал Жал-Арык маданияты деп аталган.

Кетмен-Төбөдөгү сактардын маданияты чопо идиш-аягы, алардын ар кандай формада болгону (мискей, чөйчөк, кумура ж.б.) жасалгаланышы (сырдалган, кара түстө жалтыратылган, геометриялык жана башка оймо-чийме түшүрүлгөн) менен абдан айырмаланып турат. Ал идиш-аяктар кол менен чапталып, же карапа чыгырыгында жасалган. Формасы мындай ар түрдүү жана бай болгон карапа идиштер башка комплекстердин эч биринен учурабайт. Ошондой эле Кетмен-Төбөдөгү алгачкы көчмөндөрдүн сөөк коюу каадасы узак мезгилдерге чейин өзгөрүлбөй келген.

Кетмен-Төбөнүн алгачкы көчмөндөрүнүн чарбасы да башка аймактарды байырлаган калктын чарбасынан бир топ айырмалуу болушу мүмкүн. Бул жер тоолуу да, өрөөндүү да болгонуна байланыштуу калк бир беткей көчмөн тиричилик менен чектелбеген отурукташуу менен айкалышкан жарым көчмөндүү мал чарбачылык менен да кесиптенишкен. Бул жердин Фергана өрөөнүнүкүнө окшош жагымдуу климаттык шарты коло доорунан бери эле келаткан дыйканчылык менен кесиптенүүгө да

мүмкүнчүлүк түзгөн. Кетмен-Төбө сактарынын дыйканчылык жакшы өөрчүгөн Фергана өрөөнү менен да тыгыз байланыштары болгону шексиз: ал жактан станокто жасалган идиш-аяктар, дыйканчылык азык-түлүктөрү алынып келинип турган. Мына ушулардын баары жалпысынан Кетмен-Төбө сактарынын оздөрүнө мүнөздүү маданиятына өзгөчө тен берген.

Теңир-Тоо сактарынын маданияты мүрзө коргондорунан тышкары көкүсунан табылган өзгөчөлүү коло буюмдар — жоо жарак, ат жабдыктары, казан, ошондой эле бир нече предметтен турган кенчтер менен да белгилүү. Мындай буюмдар Кыргызстандын дээрлик бардык аймактарынан табылган. Бирок, бул сыяктуу табылгаларга Ысык-Көл аймагы өтө бай. Ал табылгалар негизинен сак маданиятын даана мүнөздөгөн буюмдардан турат, алар: чоң коло казандар, татынакай чыракчан, курмандык такталары ж.б. Бул буюмдар чебер ишгелип, көбүнчө ар кандай айбанаттардын сөлөкөттөрү, жырткычтар менен кармашууларды чагылдырган бүтүндөй бир сүрөттөр тартылып кооздолгон. Мындагы көптөгөн коло буюмдар, айрыкча чоң коло казандар, арбактарга курмандык чалып, аларды эскерүү ырым-жырымдары аткарыла турган комплекстер — бул мезгилде металлургия өндүрүшүнүн алда канча өөрчүгөндүгүнүн натыйжасы болгон, бул иште өзгөчө роль Ысык-Көл өндүрүшүнө таандык.

Сактардын чарбачылыгы, тиричилиги жана диний ишенимдери. Сактардын чарбачылыгынын негизги тармагын мал чарбачылыгы түзгөн. Жылкы, кой, бодо мал өстүрүшкөн. Мал алгачкы көчмөндөрдүн өндүрүш каражаты да, эмгек куралы да, эмгек продуктусу да, негизги байлыгы да болгон. Ошондуктан көчмөндөрдүн башкы милдети малды жана жайыттарды сактап, көбөйтүүдө турган. Кыргызстандын аймагы тоолуу-өрөөндүү келгендигине байланыштуу өрөөндөрдөгү кыштоолордон бийик тоо чалкагындагы жайлоого барып жайлап, кайра көчүп келүүнүн вертикалдуу ыкмасы таралган. Муну көчмөндөр көбүнчө кайрак жерди иштеткен дыйканчылык менен эриш-аркак алып жүрүшкөн. Кээ бир жерлерде, маселен, мүмкүн Кетмен-Төбөдө, Фергана өрөөнүнүн тоо этектеринде сугат дыйканчылыгы тараган болушу ыктымал.

Сактар жайкысын боз үйлөрдө жашап, кыштоого келгенде там үйлөрдө жашашса керек. Кийимдери көчмөн турмушка ылайыкташкан. Тиричилигинде булгаары, тери, кийиз, жүндөн жасалган буюмдар басымдуу болгон. Үй тиричилигине керектүү буюм-тайымдарды көбүнчө аялдар жасашкан. Карапа-идиш-аяктары көчмөн турмушка ылайыкталып түптөрү жумуру келген.

Сактарда металл эритип куюу, темир устачылык, жоо-жарак жасоо жана башка кол өнөрчүлүктөр жакшы өөрчүгөн. Алар сактардын материалдык маданиятынын негизин түзүп турат. Бирок кол өнөрчүлүгүнүн негизин көбүнчө үй өндүрүшү түзгөн. Атайын кол өнөрчүлүк устаканалар жаңы гана пайда боло баштаган.

Сактардын жана ага коңшу көчмөн жана отурукташкан элдердин, Батыштагы скифтер менен савроматтардын диний ишенимдеринде көп окшоштук болгон. Алардын көз караштарындагы көп перселер өткөндөгү инди-европалык ишенимтүшүнүктөргө негизденет. Маселен, ата-бабалардын, айрыкча уруу башчыларынын арбактарына сыйынуу культу сакталып, андан ары өөрчүтүлгөн. Буга кымбат баалуу буюмдары жана өзгөчө жөролгөлөр менен көмүлгөндөрдүн опсуз чоң күмбөздөрү күбө болуп турат.

Сактар жаратылыштын күчтөрү менен кубулуштарына сыйынышкан. Алардын диний ишенимдеринде Күндүн жана башка асман жылдыздарына, үй очогуна табынуу башкы орунду ээлеген. Курмандык такталары, шам чырактар түрүндөгү табылгалар мына ушул түшүнүктөргө байланыштуу. Сактар эң байыркы диний ишенимдерди да тутушкан.

Теңир-Тоо менен Жети-Сууну байырлаган сактардын артыкча ажайып жетишкендиги — айбанат стили деп аталган көркөм сүрөт түрүндөгү колдонмо өнөрү болуп эсептелген. Мунун негизги темасы жырткычтардын, жаныбарлардын зооморфтук образдарынын сүрөттөрүн тартуу болгон. Мындай сүрөттөр менен казандар, курмандык чалууда колдонуучу сыйынт буюмдар, канжардын саптары, кээ бир үй тиричилик, туалет буюмдары, кийим-кечектер кооздолгон. Мындай сүрөттөр жалгыз жана бүтүндөй композиция түрүндө да тартылган. Табылгалардын ичинде алгачкы көчмөндөрдүн зергерлик өнөрүнүн жогорку үлгүсү болгон, ошол эле учурда сактардын космологиялык жана дүйнө көз карашын чагылдырган буюмдар аз эмес.

Өзгөчө түрдөгү сак жоо жарагы — кыска канжарлар-акинактар, жебе учтары, ат жабдыктары менен катар эле жаныбарлар стилинде жасалган буюмдар алгачкы көчмөндөрдүн маданиятын бир кыйла кобүрөөк мүнөздөй турган сак (скиф) триадасы деп аталганды түзөт.

Сак көркөм сүрөт өнөрүнүн ажайып эстеликтеринин дагы бири — аска таш бетиндеги петроглифтер. Булар дээрлик бардык жерде учурайт. Бул сүрөттөр энеолит менен коло доору-

нан тартып орто кылымдарга чейинки ар кыл тарыхый мезгилдерге таандык, бирок булардын ичинен мыктысы жана көрүнүктүүсү — сактарга тиешелүү болгон катмар. Анткени ал (катмар) сүрөттү тартуунун өзгөчө стили жана сюжеттери менен айырмаланып турат.


Бул мезгилге таандык болгон аска бетиндеги сүрөттөр Саймалуу-Таш өзөнүндө, Чолпон-Ата шаарынын тегерегинде, Талас, Алай, Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө бир кыйла арбын топтолгон. Бул аска таш бетиндеги сүрөттөр сактардын тиричилиги менен ишмердиктерин, алардын мифологиялык түшүнүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүн, культ ырым-жырымдарын жана диний ишенимдерин чагылдырып турат.

Хуннулар (гунндар). Усун мамлекети. Б.з.ч. миң жылдыктын экинчи жарымында талаалуу тилкени байырлаган көчмөндөр чөйрөсүндө ири социалдык-экономикалык өзгөрүү жүрөт. Биринчи мамлекеттик түзүлүштөр пайда болот. Бул мезгилде Борбордук Азиянын көчмөн уруулары өзгөчө күч алат. Гунндар (же хуннулар, сюннулар) биздин заманга чейинки соңку кылымда Борбордук Азияда болуп өткөн күрдөөлдүү окуялар менен байланышы бар уруулардын бири. Жергиликтүү, этникалык жактан ар түрдүү болгон уруулардын ичинен суурулуп чыгып, гунндар уруулардын кубаттуу бирикмесин түзгөн. Бул окуя б.з.ч. III кылымдын соңку он жылынын ичинде болуп өткөн. Хунн мамлекети сянби, түрк, уйгур, кыргыз сыяктуу мамлекеттердин түптөлүшүнө уютку болгон Борбордук Азиянын тарыхындагы биринчи держава болгон. Гунн державасы чыгышта Хингандан тартып батышта Теңир-Тоого чейинки, түндүктө Байкал, Саяндан тартып түштүгүндө Гобиге чейинки кеңири аймакты ээлеп турган.

Б.з. I кылымынын орто ченинде ички экономикалык, ошондой эле саясий себептерден улам хунндардын державасы түштүк жана түндүк болуп экиге ажырап кетет. Түштүк хунндар Хан империясынын букаралыгына өтүүгө аргасыз болгон. Түндүк хунндар бир топ мезгилге чейин оз көз карандысыздыгын сактап турушкан. Б.з. I кылымынын аягында чыгыш уруулардын ичинен сянбилер күч алып, б.з. 93-жылы түндүк хунндарга кол салып, толук талкалашат.

Талкалангандан кийин хунндар батышты көздөй жылган. Мында алар жолундагы башка уруулар менен калктарды багынтып, оз кыймылынын кучагына тартып отурган. Бул процесс — акырындык менен күчөп, үч кылым бою — этникалык жактан ар башка уруулардан куралса да, европалыктарга «гунндар»

КЫРГЫЗСТАН Б.З.Ч. III к. — Б.З. IV к.



деген ат менен белгилүү болгон түмөндөгөн көчмөндөр IV кылымда Чыгыш жана Борбордук Европанын талааларына жетип, андан соң бул жерде биротоло талкаланганга чейин токтогон эмес. Бул процесс Казакстандын, Орто жана Алдыңкы Азиянын, ошондой эле Европанын этникалык жана саясий картасын олуттуу өзгөрүүгө учураткан жана ал «элдердин улуу көчү» деген ат менен тарыхка кирген.

Борбордук Азияда б.з.ч. II кылымдын биринчи жарымында юечжи жана хунн уруулары менен коңшулашып, мурда хунндарга баш ийип келген усун уруулары жашаган. Бирок усундардын түпкү өз мекени кайда болгону так аныктала элек. Юечжилер менен болгон согушта усундар жеңилип, б.з.ч. 160-жылы батышты көздөй жылып отуруп, Жети-Сууга келип, жергиликтүү сак урууларын багынтышып, «гуньмо» деген титулу бар уруу аксакалы башкара турган көз карандысыз саясий бирикме түзүшкөн. Бир бирикмеге багынтылган сак уруулары жана юечжилердин калдыктары кирген. Булар ээлеген аймак өтө кеңири болгон: чыгышынан хунндар менен, түштүгүнөн Чыгыш Түркстандын калк отурукташкан ээликтери, түштүк-батышынан Фергана өрөөнү, түндүк-батышынан болсо Чүй жана Талас дарыяларынын өрөөндөрүндөгү Кангүй менен чектешип турган. Усун мамлекети ээликтерге бөлүнгөн, аларды өкүмдардын уулдары башкарган. Гуньмо өзү өлкөнүн борбордук бөлүгүн башкарып, жогорку бийликти кармап турган. Усундардын ордосу Ысык-Көл боюнда (Чигу шаары) жайгашкан.

Хунндардын да, усундардын да этникалык жактан кайсы урууга таандык экени тууралуу маселенин башы эмдигиче ачыла элек. Усундардын бирикмесине ар кайсы уруулар кирген, алардын негизги бөлүгү иран тилдүү сак урууларынын тукумдарынан жана борбордук азиялык байыркы түркий тилдүү этностордун жер ооп келген урууларынан турган.

Усундардын тарыхы ич ара чыр-чатактарга, жогорку бийликке ээ болуу үчүн жүргүзүлгөн күрөштөргө толгон. Усундар башка мамлекеттер менен союздук байланыштарын кыз алышып, кыз беришүү аркылуу түзүшкөн жана жоокер эл болгон. Хан империясы жана хунндар усундар менен биримдик түзүүгө кызыктар болушкандыктан өзүлөрүнүн уруу башчыларынын кыздарын усун гуньмосуна аялдыкка беришкен. Татаал саясий айла-амалдардын жана бир нече жолку согуштук аракеттердин натыйжасында усундар Кытай менен биримдик түзүп, түндүк хунндарды талкалоодо бир топ роль ойногон. Ич ара кагылыш-

тардын жана согуштардын кесепетинен бир бүтүн мамлекет катары өзүнүн күч-кубатынан ажырап калышса да, кыйын кезеңдерде усундар оз саясий күнкорсуздугун сактап кала алышкан. I миң жылдыктын биринчи жарымында усундар жазма даректерде сейрек эскерилет. VI кылымдын орто ченинде алар Түрк кагандыгынын курамына кирет.

Усундар көчмөн эл болгон. Алардын байлыгы баарынан мурда жылкынын санына жараша өлчөнгөн. Кытай даректери: «байлары 4000ден 5000ге чейин жылкы күтөт» деген маалыматты билдирет. Алар ошондой эле кой, уй, тоо, эчки да багышкан. Бирок усундар толук көчмөндөр болгон эмес, алар жарым көчмөндүү мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Чарбачылыктын мындай түрү алардын маданий жана экономикалык өнүгүшүнүн өзөгүн түзүп турган. Калкынын бир бөлүгү кыштактарда отурукташып жашаган. Усун доорунун тургун жайлары Чүй, Кетмен-Төбө ороондорунөн, Ысык-Көл ойдуңунан, дагы башка аймактардан табылган.

Усундар мал чарбачылык менен катар дыйканчылыкты да өнүктүрүшкөн. Муну археологиялык табылгалар жана жазма даректердеги маалыматтар ырастап турат.

Малга, жайытка ээлик кылуу жагынан орун алган теңсиздик бийликтин бай уруулардын колунда топтолушуна алып келген. Байлыктын үстөмдүк кылуучу төбөлдөрдүн колуна топтолушу коомдун социалдык жактан жиктелүүсүнүн күчөшүнө жана алгачкы таптык коомго мүнөздүү мамилелердин калыптанышына шарт түзгөн. Бирок бул коом өзүнүн жетилген калыбына өсүп жеткен эмес; анда патриархалдык-уруулук институттар али күчтүү болгон. Усун коомунда эркин адамдар негизги өндүрүүчүлөрдү түзгөн.

Усун мезгили Теңир-Тоодо жана Жети-Сууда болуп өткөн татаал саясий кырдаал жана бул аймактарда ар кыл эстеликтерди калтырган этникалык жактан ар башка уруулардын пайда болушу менен мүнөздөлөт. Ушуга байланыштуу археологиялык эстеликтерди классификациялоодо жана аларды талдап-түшүндүрүүдө бир топ кыйынчылыктар келип чыкты. Бул мезгилге эстеликтердин эки негизги тобу мүнөздүү. Булардын бири — өлүктү чуңкурларга көмүү, бул сак урууларына таандык болуу керек, анткени усун доорунда алар Теңир-Тоо менен Жети-Суу калкынын бир кыйла бөлүгүн түзүп турган. Муну менен катар эстеликтердин экинчи тобу пайда болот: өлүк жарма көрлөрдө жана казанактуу көрлөрдө көмүлгөн, мындайча көмүү б.з. V–VI кылымдарына чейин уланып келген. Сыягы бул

көрүстөндөр келгин калктарга тиешелүү болсо керек. Мындай көрүстөн эстеликтер башка уруулардан да калган. Алар ар кайсы райондордо көрүстөндөрдүн конструкциялык жактан аздыр-көптүр оз өзгөчолүктөрү менен айырмаланып турат, булар өз кезегинде көрүстөндөрдүн Кең-Кол тобу жана Кара-Булак тобу деп экиге бөлүнөт.

Кең-Кол маданияты. Кең-Кол көрүстөнү Талас суусунун батышындагы аты уйкаш куйманын оң жээгинде жайгашкан. Территориялык жактан бул маданият Талас, Кетмен-Төбө, Чаткал өрөөндөрүндө, Батыш Ферганада кеңири таралган. Бул маданиятка кирген мүрзолөрдүн үстүнө топурак үйүлүп, алар узун дромостуу, ошол дромоско перпендикуляр жайгашкан камера-казанактары болгону менен мүнөздөлөт. Мында мүрзөлөрдө сөөк табытка, доңгөчтү оюп жасаган калыптарга салынып, тактай секичелерге коюлган, же алдына кийиз, камыш төшөп жалгыздан же чогуусу менен коюшкан. Көпчүлүк олуктүн баш сөөгү атайылап бузулганы байкалат. А.Н.Бернштамдын пикири боюнча, Кең-Кол көрүстөнү хунндар батышты карай оогондо калтырылган. Бирок бул пикир окумуштуулардын арасында бир катар талаш-тартыштарды жана күмөндү пайда кылды. Сөөгүн жарма жана казанактуу көргө койгон калктар кайсы этноско таандык экени тарыхта эмдигиче тактала элек.

Чүй өрөөнүнүн Шамшы капчыгайынан б.з. IV–V кк. таандык, Кеңкол маданиятына мүнөздүү эң бай мүрзө табылган. Андан аялдын сөөгү арча табытка салынып көмүлгөн. Башына кымбат баалуу таажы кийгизилип, бети көзчөлөнтүп акак таш чогөрүлгөн алтын кацылтыр бет кеп менен жабылган. Баш сөөгүнүн формасы бузулууга дуушар болгон. Аялдын медальон, билерик, шакек, чач учтук, сөйкө сыяктуу көптөгөн жасалгалары бар. Жанына алтын чөйчөк, жыгач аяк, күмүш кашык ж.б. буюмдар коюлган. Аял тектүү жерден экени көрүнүп турат: жибек кийим кийинген, жанында дагы башка кымбат буюмтайымдар жатат. Сөз болуп жаткан мүрзө ошол доордогу калктын сөөк коюу ырасымынан бир кыйла түшүнүк берет, ошондой эле коңшу региондор менен байланышы кандай болгонун аныктоого да мүмкүндүк берет (буюмдардын бир бөлүгү тыштан алынып келинген буюмдар).

Кара-Булак маданияты. Бул маданият Кыргызстандын түштүгүндө — Баткен, Лейлек райондорунда таралган. Кара-Булак көрүстөнү Кең-Кол көрүстөнүндөй эле биздин замандын биринчи кылымдарындагы эң белгилүү, «эталондуу» эстелик.

Анда сөөк бир аз башкача түзүлүштөгү чуңкурга, жарма көргө, казанактуу көргө коюлган 900 бейит бар. Сөөктөр өз-өзүнчө көмүлгөн. Кээ бир мүрзөлөрдө мумияланып көмүлгөн өлүктүн сөөктөрү сакталган. Табылган буюмдардын ичинде жоо-жарак, асем буюмдар, идиш-аяктар эле эмес, көмүлгөндөрдүн кездеме, кийим-кечектери да табылган. Алар ошол жердин топурагынын консервалоочу касиетине байланыштуу чирибей сакталып калган. Бул жерден тыштан алынып келинген буюмдардын уникалдуу үлгүлөрү да табылган, алар: индиялык бийчинин сөлөкөтү түшүрүлгөн күзгү, жибек кездемеден жасалган буюмдар, айнек.

Жарма жана казанактуу мүрзөлөрдөн табылгандардын ичинде тыштан алынып келинген буюмдардын көп болушу Теңир-Тоонун калкынын башка элдер жана өлкөлөр менен маданий-экономикалык байланыштары өөрчүп калганын кабарлайт. Ушу мезгилден тартып Кыргызстандын аймагы аркылуу Улуу жибек жолу өтөт. Бул Батыш менен Чыгыштын өлкөлөрүн жана элдерин бири-бири менен байланыштырып, Теңир-Тоо менен Жети-Суунун көчмөндөрүн эл аралык соода алакасына тарткан.

Даван мамлекети. Орто Азиянын отурукташкан аймактары (Бактрия, Парфия, Маргиана, Согд, Хорезм) б.з.ч. VI–IV кк. Ахеменилер Ирانына көз каранды болуп калган. Натыйжада бул жердеги маданият бир тектүү болуп өнүккөн. Өз каада-салтын, саясий көз карандысыздыгын сактап калган Фергана гана өз алдынча өнүгө берген.

Кытай даректери Даван (перс даректери боюнча — Паркана) б.з.ч. II–I кылымдарда Фергана өрөөнүндө көз каранды эмес күчтүү мамлекет болгондугун кабарлайт. Бул мамлекет мындан көп мурда, балким б.з.ч. I миң жылдыктын орто чендеринде эле түзүлгөн болуш керек. Муну бул жерлерде б.з.ч. IV–I кк. пайда болгон шоро-башат тибиндеги бир тектеш археологиялык эстеликтер ырастап турат.

Ошондой эле Кытай даректеринде б.з.ч. II–I кк. Давандын тарыхы менен маданияты да бир кыйла кеңири чагылдырылат. Мында Даван көп шаарлары менен жана чоң-чоң кыштактары, күчтүү аскери бар, калк жыш жайгашкан өлкө катары сыпатталып жазылат. Башкы шаары Эрши делет.

Даван мамлекетинин так саясий структурасы калыптанган. Мамлекет башында жергиликтүү династиядан чыккан аким турган. Даван көчмөн усун уруулары менен тыгыз байланышы бар өз алдынча, гүлдөп, өнүккөн мамлекет болгон.

Даван тарыхый даректерде өөрчүгөн дыйканчылыктын олкосү катары да сыпатталат: кеңири аянттарды ээлеген жүзүмзарлары болгон; калкы шаран ачытып, талааларына беде айдашкан.

Мында Фергана жылкысы айрыкча даңазаланып. Кытай жеринде кол жеткис мал катары таанылган. кытайлар өзүнүн атчан аскерин чыңдоо үчүн ушул жылкыдан көп алууга далалаттанган.

Бул мезгилде Хан империясы күчтүү борборлошкон мамлекет болуп, баскынчылык жортуулдарын жасап турган. Ошол кезде Хан Кытайы Даван мамлекетин начарлатып, өзүнө каратып алууга аракет кылган. Кытай Батыш чөлкөмүндө ээликтер бар экени тууралуу б.з.ч. II кылымда Чжан Цзяндын саякатынан кийин билген деп эсептелинет. Бирок Орто Азия менен Кытайдын ортосунда маданий байланыштар андан мурда эле болгондугун ырастаган маалыматтар бар. Мындай байланыштар туруктуу мүнөздө болуп, дипломатиялык миссиялардын аркасында көпкө үзгүлтүккө учурабай турган.

Мына ушундай кытай миссияларынын бири Даван жылкысынан алуу үчүн жиберилген. Давандыктардын жылкы бербей, менменсинген кытай элчисин өлтүрүп коюшу Кытайдын Даванга каршы согуш жарыялашына шылтоо болгон. Ушундан улам Даван эли Хан империясы менен көп жылга созулган оор согушту башынан кечирүүгө аргасыз болгон. Б.з.ч. 104-жылы Даванга 60 миң атчандан турган кытай аскери жиберилген, жеңишке жетише албай, кайра кеткен. Мындан кийин мурдагыдан көп аскер катышкан экинчи жортуул уюштурулган. Давандыктар өзүлөрүнүн Мугуа деген жол башчысынын жетекчилиги астында баскынчыларга каршы кайраттуу салгылашкан. Чоң жоготууларга жана Мугуанын салгылашта каза болгонуна карабастан давандыктар багынып беришкен эмес. Хан аскерлери кайра кайтууга аргасыз болгон. Ошентип, Фергана башка орто азиялык элдер менен биримдикте Хан экспансиясына каршы туруп, өзүнүн көз карандысыздыгын сактап калган.

Фергананын маданияты өзүнүн тарыхы башталгандан тартып өзгөчөлүү жана өз бетинче өнүккөндүгү менен айырмаланат. Бирок бул маданият башкалардан обочолоп өнүкпөй, коңшу маданияттардын таасирин башынан өткоргону табигый нерсе. Мында өзгөчө маанилүү роль Фергана аркылуу өткөн, Чыгыш менен Батышты байланыштырган Улуу жибек жолуна таандык. Фергана соода жолу байыркы жолдордун бири. Фергана калкынын Индия, Афганстан, Чыгыш Түркстан, Кытайдын элдери

менен тыгыз маданий, соода байланыштары болгонун археологиялык материалдар ырастап турат.

Этникалык жагынан ферганалыктар Орто Азиянын башка элдери менен тектеш болгон. Алардын материалдык жана руханий маданиятында көп жалпы белгилер байкалат.

Колдо бар материалдар байыркы ферганалыктардын кээ бир идеологиялык жана диний ишенимдери жөнүндө түшүнүк алууга мүмкүнчүлүк берет. Алардын диний ишенимдеринде Күнгө сыйынуу менен тыгыз байланышта болгон жылкы аздектөө өзгөчө орунду ээлейт. Ушу багытта алганда Ош шаарына жакынкы Айырмач-Тоо деген жердеги жана Араван аска таштарынын бетиндеги жылкылардын сүрөттөрү кызыгууну туудурат. Бул жерде Давандын чымыр денелүү, моюндары койкойгон, алма баш асыл тукум аргымактарынын сүрөттөрү тартылган. Культтук-магиялык мааниси ушунчалык зор болгондуктан, бул жерлер бара-бара көчмөндөр эле эмес, дыйкандар да зыярат кылчу жайларга айланып кеткен.

Байыркы Фергананын дыйкан калкынын диний ишенимдери тууралуу маалыматтар өтө көп түрлүү. Табияттын кубулуштарына, баарынан мурда, Күнгө сыйынуу, жылкы аздектөө, ата-бабанын арбагына, отко табынуу, бутпарастык — мына ушунун баары байыркы ферганалыктарга тектеш көчмөн уруулардын диний ишеним-түшүнүктөрүнөн анча айырмаланбаган агрардык-магиялык ишенимдин курамдык бөлүгү болгон.

Кайталоо жана өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Кыргызстандын аймагында байыркы адамдар качан пайда болгон?
2. Палеолит доорунун негизги эстеликтери.
3. Коло доорунун андрон маданияты. Коло доорунун чуст маданияты. Алардын таралган аймактары жана негизги белгилери.
4. Тоо-кен өндүрүшүнүн пайда болушу жана металл иштетүү. Коло доорундагы кол өнөрчүлүктүн түрлөрү.
5. Эмгектин экинчи коомдук болүнүшү.
6. Сактар: жайгашкан аймактары, коомдук түзүлүшү, аскер иши, чарбасы жана маданияты.
7. Б.з. I миң жылдыгындагы Борбордук Азиянын негизги уруулары менен калктары жана «элдердин улуу көчү».
8. Хуннидар Борбордук Азиянын тарыхында.
9. Усундар жана алардын мамлекеттик түзүлүшү.
10. Даван мамлекети: саясий жана социалдык структурасы.

Адабияттар:

Археологические памятники Прииссыккулья. — Фрунзе, 1975.

Археологические памятники Таласской долины. — Фрунзе, 1963.

Баруздин Ю. Д. Кара-Булакский могильник//Известия АН Кирг.ССР Серия обществ. наук. — Вып. 3. — Фрунзе, 1961.

Баруздин Ю. Д. Брыкина Г. А. Археологические памятники Баткена и Ляйляка (Юго-Западная Киргизия). — Фрунзе, 1962.

Бернштам А. Н. Кенкольский могильник. — Л., 1940.

Бернштам А. Н. Очерк истории гуннов. — Л., 1951.

Бернштам А. Н. Историко-археологические очерки Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая//МИА, 26. — М.; Л.,1952.

Бичурин Н. Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т.1–3.—М.:Л., 1950—1953.

Восточный Туркестан в древности и раннем средневековье: Очерки истории. — М., 1988.

Восточный Туркестан в древности и раннем средневековье: Этнос. Языки. Религии. — М., 1992.

Заднепровский Ю. А. Древнеземледельческая культура Ферганы// МИА, 118. — М.; Л., 1962.

Из истории и археологии Тянь-Шаня. — Бишкек. — 1995.

История Киргизской ССР. Т. 1. Фрунзе, 1984.

Кетмень-Тюбе: Археология и история. — Фрунзе, 1977.

Кожомбердиев И. К. Культура ранних кочевников Западного Тянь-Шаня (По материалам курганных могильников VI в. до н.э. — VII в.н.э. долины Кетмень-Тюбе). — Л., 1986.

Кожомбердиев И.К., Галочкина Н. Г. Памятники эпохи бронзы в долине Кетмень-Тюбе//УСА. — 1972. — №1.

Окладников А. П. Палеолит и мезолит Средней Азии//Средняя Азия в эпоху камня и бронзы. — М.; Л., 1966.

По следам памятников истории и культуры Киргизстана. — Фрунзе, 1982.

Страницы истории материальной культуры Киргизстана. — Фрунзе, 1975.

Ташбаева К. И. Культура ранних кочевников Тянь-Шаня и Алая (вопросы хронологии и локальных вариантов). — Л., 1987.

Урстанбеков Б. У. Археология терминдеринин орусча-кыргызча сөздүк-справочниги. — Фрунзе, 1985.

Урстанбеков Б. У., Чороев Т. К. Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. — Фрунзе, 1990.

Юнусалиев М. Б. Палеолитическая стоянка в Чуйской долине — Георгиевский Бугор // По следам памятников истории и культуры Киргизстана. — Фрунзе, 1982.

2-БАП

АЛГАЧКЫ ТҮРК МАМЛЕКЕТТЕРИ (VI–X КК.)

§ 1. Байыркы түрк мамлекеттери

Евразиялык туңгуч мамлекет — Түрк кагандыгы (552–744-жж.) Борбордук Азияда VI кылымдын орто чениңде түзүлгөн. Ал Кыргызстандын тарыхында чоң роль ойногон. Кытай жылнаамаларындагы эң алгачкы ирет кездешкен «түрк» этнонимин (согд тилиндеги «түркүт» деген этнонимдин кытайча айтылышы — «туцзюе») 546-жылга таандык. Перстер менен византиялыктар бул жаңы «талаа өкүмдарларын» «түрк» деп аташкан; эгерде рун жазмаларына таянсак, сөз жүрүп жаткан калктын өзүлөрүнө койгон аты да «түрк». А дегенде «түрк» («күчтүү», «кайраттуу») термини этникалык мааниге караганда социалдык маанини көбүрөөк туюнткан же, б.а. түрк деп жалаң гана эң жогорку катмардагылардын өкүлдөрүн аташкан. Кийин бул наам башында эң жогорку ак сөөк катмардын өкүлү турган урууларга гана эмес, аларга баш ийген көптөгөн башка тектеш урууларга таандык болуп калган.

Түрк уруусунун уюткусу борбордук азиялык гунндардын (III—V кылымдын орто чени) арасында түзүлгөн. Ал жомокто айтылган эне карышкыр Ашинанын уулун түпкү бабам деп эсептеген. V кылымдын орто чениңде түрктөр Борбордук Азияда үстөмдүк кылып турган Жуан-жуан (Авар?) кагандыгына баш ийген, ал кезде мекендеген жери Алтай болгон. Бул аймакта алар бай кендерди ачышып, темирди көп эритип ала башташкандыктан жуан-жуандарга темирден алым да төлөп турууга жетишкен. Түрктөрдүн күч-кайраттуу уруу башчылары Асан-шад, Туу, Бумын кенчилер менен темир эритүүчүлөрдүн, темир усталардын күчүн кеңири пайдаланышып, өз атчан аскерлерине соот кийгизүүгө жетишип, дээрлик жүз жыл бою

бүткүл Алтай урууларын озүнө баш ийдирип турушкан. Алтайлыктар менен бирге Бумын 546-жылы Жунгарияны ээлеген теле (тегрег) элин каратып алган. Ушул мезгилден тартып түрктөр, Борбордук Азиядагы биринчилик үчүн күрөштө жуан-жуандарга атаандаш эл катары чыгып, салык төлөөдөн баш тартышкан.

Түрк каганднгы. Согуш баштоо үчүн шылтоо кылып, улгайып калган Бумын жуан-жуандардын каганы Анахуандан (520–552-жж.) кызыңды мага аялдыкка бер деп сурайт. Күчкубатка толуп, даңазалуу болуп турган каган Бумынды шылдың кылып, кызын берүүдөн баш тартат. Ушуну эле күтүп турган түрктөрдүн башчысына согушууга шылтоо табылган. 552-жылы ал жуан-жуандарга кол салып, таш талканын чыгарат, буга чыдабай Анахуан өз жанын өзү кыйган. Жеңиш колуна тийген Бумын Жуан-жуан мамлекет башчыларынын — «илиг-каган» деген титулун алып, ордосун Орхонго (Түндүк Монголия) көчүрөт, ошондон тартып Орхон жаңы державанын — Түрк каганднгынын административдик-саясий борборуна айланат. Ашина наамдуу түрк династиясынын негиздөөчүсү илиг-каган Бумын 553-жылдын башында дүйнөдөн кайтат.

Түркτөрдүн Алтайдагы жерлери ошол кездеги адатка ылайык Бумындын иниси — Истемиге (575-жылы өлгөн) өткөн. Агасы өлгөнгө чейин эле Истеми Жети-Сууну, Борбордук жана Батыш Теңир-Тоону ээлеп турган он ок бодун («он жебе эли») урууларынын бирикмесин өз ээлигине кошуп алууга жетишкен. Мына ушундан кийин Истеми он уруунун каганы деген титулду алган. Мамлекеттин батыш бөлүгүнүн каганы Чыгышта Бумындан бийликти мураска алган инилерине үстүртөн гана баш ийгени менен а чынында өз алдынча тышкы саясат жүргүзгөн. Эгер илиг-каган Мухан (553–572-жж.) Түндүк Сибирди, Түндүк Кытайды баш ийдирсе, он уруунун каганы Истеми Орто Азия менен Казакстандын талааларын басып алууга умтулган. Ал кезде Орто Азияда эфталиттер үстөмдүк кылып турган, булардын кайсы этноско таандык экени эмдигиче так эмес. Эфталиттер ак хион жана кызыл хион деп бөлүнүшкөн. Кызылдарына Кыргызстанды жердеген түрк тилдүү он ок бодун урууларынын бир бөлүгү кирген. Бул калк өзүлөрүн «хион» («хон») деп аташкан.

Сасанилер Ираны V кылымдын экинчи жарымынан тартып эфталиттерге чоң өлчөмдө алым төлөп турган. Иран, албетте, мындай чамасы чак келбеген оор алымдан кутулуу үчүн Истеми менен мамиле түзүүгө жол издей баштайт. 555-жылы алардын ортосунда Ирандын шахы Хосров Ануширван (531–579-жж.)

менен Истеми каганды кызынын никеси аркылуу данакерленген союз түзүлөт. Ошентип, союздаштар чечүүчү салгылашка камына башташат. Батыш түрктөр өз тылынын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн Арал боюнда көчүп-конуп жүргөн вархониттерди (жалган аварлар) Волгадан ары куып ташташат. 563–567-жылдардын аралыгында батышынан Ирандын аскерилери, түндүгүнөн түрк атчандары кол салып, эфталиттерди талкалашат. Аму-Дарыя жеңгендердин ортосундагы чек болуп калат. Он уруунун каганы Истеми Орто Азия жерлерин өзүнө кошуп алып, жеңилген эфталиттердин падышасынын жабгу (ябгу) деген титулун да өзүнө ыйгарып алат.

Бирок эфталиттерди кыйраткандан кийин бат эле союздаштардын ортосунда чыр-чатак башталат. Талаа салты боюнча кагандын күйөө баласы Хосров Анушырван Истеминин экинчи даражадагы тууганы катары эсептелген, буга албетте, Ирандын өкүмдары макул болгусу келген эмес. Мындан тышкары Истеми буга чейин эфталиттерге төлөнүп келген алымды эми түрк казынасына тогүлүшүн талап кылган, муну болсо Иран аткарбай койгон. Каган менен шахтын мындай саясий амбицияларына Улуу жибек жол соодасынан түшкөн кирешелерге байланышкан карама-каршылыктар негизги себеп болгон.

Жуан-жуандар менен эфталиттер талкалангандан кийин түрктөр Улуу жибек жолунун кыйла бөлүгүн — Кытай дубалынан Аму-Дарыяга чейинки келкисин мурастап алышкан, ал аралыкта бай да, айдыңдуу да көпөстөр соода жүргүзгөн чоң-чоң шаардык соода борборлору болгон. Түрк өкүмдарлары жана алардын букаралары — согдулук көпөстөр өзүлөрү ээлеген географиялык ыңгайлуу абалды — жибекти чыгарган Кытайдын өзү менен тике байланышты мүмкүн болушунча толук пайдалануну чечишет. Анын үстүнө VI кылымда согдулуктар өзүлөрү да жибек кездеме чыгарганды үйрөнүп калышкан болучу. Мына ушундан улам согду көпөстөрү бай Византия менен ортомчулук соодадан түйтүлүп жаткан перси соодагерлерин кысымга алууга аракет кылышат. Иран болсо өз көпөстөрүнүн таламын талашып, түрктөр менен согдулуктарга Византия ээликтери менен түздөн-түз байланышууга тоскоолдук кылып, өз ээликтери аркылуу соода кербендерин өткөрбөй коёт.

Түрктөр Иранга эки элчилик жиберет, бирок Хосров Анушырван кулак какпай коёт. Экинчи элчиликтин мүчөлөрүнүн өлүмгө учурашына байланыштуу абал татаалданат. Истеми перстердин элчилердин өлүмүнө түрктөр үчүн көнүмүш эмес болгон өтө ысык климат себеп болду деген сөздөрүнө ишенбей,

аларды уу берип өлтүрдү деген чечимге келет. Ошентип, батыш түрктөр менен Иран согушка камына башташат. Согдулуктардын башчысы Маниах Истемиге Ирандын эзелки душманы Византия менен союз түзүүнү сунуш кылат. Маниах баштаган түрк элчилери Ирандын ээликтерин четтеп өтүп, түндүк Каспий бою жана Кавказ аркылуу 568-жылы Константинополго келет. Император Юстин II элчилерди жакшы маанай менен кабыл алат. Иранга каршы союз түзүш үчүн жооп иретинде Земарх деген көрүнүктүү аскер башчы башында турган элчилик Истемиге жиберилет.

Византия элчилиги Маниахтын жолуна түшүп, ошол кезде эле «согдулардын жери» деп аталган Талас, Чүй өрөөндөрүнө келет. Бул жерден Земархты Теңир-Тоодогу Актаг (Ак-Тоо) тоосунун жанында жайгашкан кагандын ордосуна узатып коюшат. Ак-Тоодо византиялыктар өтө меймандостук менен кабыл алынып, союз түзүлөт да, түрктөрдүн аскерлери Ирандын чек арасына келет. Мындан аркы окуялар жылнаамачылар тарабынан чала-чарпыт жана карама-каршы баяндалган. Түрктөр Ирандын Журжан деген провинциясын басып алат, бирок бул чабуулду батыш жагынан Византия колдобой койгон.

Хосров эки майданда согушуудан чоочулап, Истеми менен тынчтык келишимин түзүүгө шашылат. Истеми койгон талап боюнча Иран түрктөргө мурдагы «эфталит» салыгын төлөп турууга милдеттенет. Бул милдеттенме аркылуу мурдагы кол үзүшүп кетүүнүн башкы себеби болгон жибек соодасы тууралуу маселе да кошо чечилет. Түрктөр менен түзүлгөн тынчтык мамиле Иранга Византия менен Месопотамияны бир нече жолу жеңилишке учуратууга мүмкүндүк берет. Ирандын үстүнөн жеңишке жетишкенден кийин батыш түрктөр гректер менен биримдик түзүүгө кызыкпай калат. Константинополдун ынтымакташтыкты калыбына келтирсем деген бир нече жолку аракетинен натыйжа чыккан эмес. 576-жылы түрктөрдүн дубандык башкаруучусу Түрксанф Византиянын ээликтерине жана Кара деңиз боюна кол салып, Боспорду каратып алат. 580-жылы түрктөр Крымга басып кирип, Херсонести курчоого алат.

Акылман жана күч-кайраттуу Истеми каган башында турган батыш түрктөр өзүнүн тышкы саясатында чоң ийгиликтерге жетишет, бирок ал ийгиликтердин чыңдалышына ич ара жаңжалдар жолтоо болгон. Батыш түрктөрдүн ичинде айныбас кадыр-баркка ээ болгон Истеми каган 575-жылы дүйнөдөн кайтат. Мындан көп өтпөй ар түркүн уруктан турган эбегейсиз зор дөөлөттүн башкаруу бийлигин өз колунда бекем кармап

турган Түрк кагандыгынын башкы өкүмдары Таспар (572–581-жж.) да көз жумат. Каганат тактысын ээлешке атаандашкан төрт талапкер чыгып, элдешкис кан төгүлгөн согуштар жүрөт, согушта талапкерлердин үчөө өлүп, Истеминин батыштагы мураскору Тарду Бөке-каган түрк каганынын тактысын ээлейт.

Бирок, чыр-чатак 593-жылга чейин созулат. Мына ушул оз ара ички согуштардын натыйжасында күчтөн тайып, алсырап, анын тышкы саясий абалы да кескин түрдө начарлайт. Бытырандылыкка учурап, түрктөргө оор салык төлөп турган Кытай бул мезгил ичинде Суй династиясы тарабынан бириктирилет (581–618-жж.). Кагандыкка салык төлөөчүнүн дагы бири — Иран 588-ж. Гераттын алдында батыш түрктөрдү жеңилишке учуратып, 590-жылга жакын ченде Византия түрктөрдөн Боспорду кайра тартып алат. Торду Бөке-каган өлгөндөн кийин 603-жылы түрк доолөтү Чыгыш жана Батыш кагандыгы болуп расмий түрдө экиге бөлүнөт.

Батыш Түрк кагандыгы. Батыш түрктөр өз мамлекетин «он ок эли» («он жебе мамлекети») деп атаган. Ашина династиясынан чыккан батыш мамлекет башчыларынын «түрк жабгу-каганы» же «он ок элинин каганы» деген расмий титулдары болгон. Мамлекеттин жана каган титулдарынын наамы муну ырастап турат: ал эки ири бирикмеден турган: беш уруусу «нушиби» конфедерациясына кирип, Сыр-Дарыядан Чүй дарыясына чейинки аймакты ээлеген, «дулу» деген жалпы наам менен белгилүү болгон беш уруусу Чүй дарыясынан тартып Алтай, Жуңгарияга чейинки аймакты мекендеп турган. Батыш Түрк кагандыгы Чыгыш Түркстандын, Орто Азиянын бай дыйканчылык аймактарын, Арал жана Төмөнкү Волга бойлорун, Түндүк Кавказды бириктирип турган. Бул мамлекеттин административдик-саясий борбору — Талас өрөөнү (азыркы Боо-Терек кыштагынын аймагы) болгон, мында а дегенде жайкы ордосу орун алган (Миң-Булакта), кийинки борбору Чүй өрөөнү болгон. 618-жылдан тартып Батыш түрк кагандыгынын борбору катары Суяб шаары (Токмок шаарынын жанындагы Ак-Бешим шаар урандысы) эсептелген.

Ич ара салгылаштардын залдарынан батыш түрктөр Тон жабгу-каган (618–630-жж.) бийлик кылып турган мезгилде гана оңолгон, ага замандаштары саясий жана аскер ишмери катары жогору баа беришкен: «Ал эр жүрөк да, кыраакы да. Анын ар бир салгылашы жеңиш менен аяктаган». Тон жабгу каган Иранга каршы активдүү саясат жүргүзүп, андан Тохаристанды тартып алган. Афганстанды жана Түндүк Индиянын бир бөлү-

гүн ээлеген. Византия императору Ираклий менен ынтымакташтык түзүп, Ирандын Кавказ өндүрүндөгү ээликтерине кол салып, Дербент, Тбилиси, Пратав шаарларын алган.

Тон жабгу-каган Орто Азиянын жана Чыгыш Түркстандын оазистерин байырлаган көчмөндөр менен отурукташып, дыйканчылык кылган ак сөөктөрдүн укуктарын теңдеген маанилүү административдик-саясий реформа жүргүзгөн. Муну менен талаа ак сөөкторүнүн мыйзамсыз түрдө оор салыктарды алуусуна олуттуу чек коюлган. Вассалдык ээликтерге көзөмөл жүргүзүп, салык жыйнаш үчүн акимдер — тутуктар дайындалган.

Түрктөрдүн тышкы саясаттагы ийгиликтери ички күчтөрдүн чымырканган аракети менен жетишилип турган. Тынымсыз жүргүзүлгөн согуштар жана алыска жасалган жортуулдар жогорку төбөлдөрдү байытканы менен, карапайым калкка жарытарлык эч нерсе алып келген эмес. Анын үстүнө каган көчмөн башчыларынын бийлигине чек коюп таштаган, ал «озүнүн күчкубатына ишенип, карамагындагыларга анча жакшы мамиле кылган эмес. Калк нааразы болуп, көбү бөлүнүп да кеткен». Бир козголоңчу феодал ордого капыстан кол салып, Тон жабгу-каганды өлтүрүп койгон.

Бул окуя «он ок элинин» ичинде эле эмес, Орто Азия менен Чыгыш Түркстандагы көз каранды аймактарда да Ашина династиясынын баркын кетирип салган. Ушундан соң ич ара согуштар кайра ырбап, кагандар бат-бат алмашылып турган, мамлекеттин ыдырашы күчөгөн. «Он ок элинин» жол башчылары Ышбара Элтериш Шир-каганды (634–639-жж.) реформа жүргүзүүгө аргасыз кылышкан. Натыйжада дулу жана нушиби уруу бирикмелерине көз карандысыздык берилип, алардын башчыларынын айдың-таасири өз урууларынын ичинде күчөй баштаган. Ич ара чыр-чатактар менен согуштарды тыштан кол салуулардын коркунучу да токтото алган эмес.

VII кылымдын башы ченде Таң (Тан) династиясы (618–907-жж.) күч алат. Император Тай-цзун башкарган Кытай феодалдары өз алдына Улуу жибек жолун тартып алууну башкы максаттардын бири катары коёт. 630-жылы тогуз-огуз көчмөн урууларын менен ынтымакташып, таң аскерлери Чыгыш Түрк кагандыгын кыйратат. Тай-цзун ар түркүн түрк урууларынын аскер күчү менен 640-жылы Гаочан (Турпан оазиси) мамлекетин басып алып, ошол аймакка Анси деп аталган озүнчө административдик-территориялык акимчилик түзөт. Батыш Түрк кагандыгына кол салыш үчүн Анси база катары кызмат кылган. Түрктөр Чыгыш Түркстан менен ынтымакташып, душмандын

кысымына көпкө такоол берип турушкан. Бирок, Иле дарыясындагы салгылашта (656-ж.) кытай аскер башчысы Су Динфан Ышбара кагандын (651–657-жж.) аскерлерин талкалаган. Ышбара каган салгылашканын токтотпой Чүй өрөөнүнө чегинген, бирок ал жерде 657-ж. биротоло жеңилип, өзү да өлгөн.

Теңир-Тоонун алыскы аймактарына иш жүзүндө бийлик орнотууга мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, Таң императору «он ок элинин» башына Ашина династиясынын батыш бутагынын өкүлдөрүн койгон. Бул марионетка кагандардын калк арасында кадыр-баркы болгон эмес, а калк болсо баскынчыларга каршы күрөштү уланта берген. Кагандыктын кедери кеткенден кете берип, Ашина династиясынын жыйырма үчүнчү каганы же бул тектен чыккан кагандардын акыркысы Кулан шаарында (азыркы Луговая станциясына жакынкы жер) 704-жылы түргөштөр колдуу өлгөн. Жети-Суу менен Теңир-Тоодо бийлик түргөш кагандарынын династиясына өткөн.

Түргөш кагандыгы. Түргөш династиясынан чыккан кагандардын расмий титулдары тыйын беттеринде жана рун тексттеринде уламыштар аркылуу катталып калган. Аларды «теңири түргөш каган» же «түргөш-каган» деп урматтап айтышкан. Ал эми коңшу элдер болсо алардын мамлекетин мурдагыдай эле «он ок эли» же «он уруу эли» деп аташкан. Түргөштөр он уруу элинин дулу конфедерациясына кирип, Чүй менен Иле дарыялар аралыгындагы аймакты ээлешкен. Алар «сары» жана «кара» уруулар деп бөлүнүшүп, уруулардын төбөлдөрү өз ара атаандашып турган.

Жаңы династиянын жетекчилигине «сары» түргөштөрдүн башчысы Үч-элиг-каган (704–706-жж.) көтөрүлөт. Түргөштөргө караган Сыр-Дарыянын ортоңку агымынан Эртиштин (Иртыштын) башына чейинки жерлер жыйырма аймакка бөлүнүп, алардын ар бири жети миңден аскер бере алышкан.

Үч-Элигдин мураскор уулу Сакал-кагандын тушунда (706–711-жж.) мамлекеттин абалы оордойт. Түштүктөн Таң династиясынын аскерлери, чыгыштан өз кагандыгын калыбына келтирген түрктөр, түштүк-батыштынан арабдар түргөштөргө коркунуч туудуруп турган. Агрессиянын алдын алыш үчүн Сакал-каган 709-ж. Ансиге кол салып, Кытай аскеринин мизин кайтарат жана согдулуктар менен бирдикте Бухаранын жанында арабдын аскер башчысы Кутейба ибн Муслимди курчоого алат, бирок ал союздаштардын ортосуна чагым салып, аргасыздай корүнгөн абалдан чыгууга жетишет. Эми негизги коркунуч түргөштөргө Экинчи Түрк кагандыгы тараптан келген.

Чыгыш түрктөр Ашина династиясынан чыккандардын биринин башчылыгы менен 679-жылы көтөрүлүш чыгарып, Тан (Тан) империясынын үстөмдүгүнөн кутулушат. Кагандык Капаган-кагандын (691–716-жж.) тушунда эң жогорку күч-кубатка жетишип, каган өтө чоң жана кубаттуу аскер түзөт. Ушул аскерине таянып, түрктүн бийлик башчылары түпкү бабалары Бумын менен Истеми кагандардын тушундагы мамлекеттин чек арасын кайра калыбына келтирүүгө аракет кылышат.

Бул ойду жүзөгө ашырууга 710-жылы түзүлгөн Тан Кытайынын, Кыргыз жана Түргөш кагандыктарынын үчилтик ынтымагы жолтоо болмок. 711-жылы жайында ынтымакташтар максатын жүзөгө ашырууга камына баштайт. Бирок Капаган каган соккунун алдын алып, Кытай менен тынчтык келишимин түзүп жиберет.

Ушундан соң чыгыш түрктөр Саян тоолорун ашып түшүп, Эне-Сайда кыргыздарды талкалайт. Убакытты кетирбей ушунун эле аркасынан Капаган жолсуз жер менен аскерин Алтай аркылуу жашырын буруп, Эртишти кечирип өткөрөт. Эртиштен өтөрү менен эле түргөштөрдүн көп миңдеген аскерин талкалап, Сакал-каганды колго түшүрүп, өлтүрөт. Түргөштөрдүн жерлери Экинчи Түрк кагандыгынын курамына кирет. 716-ж. өлтүрүлгөн Капагандын ордуна анын тууганынын уулу Билге-каганды (716–734-жж.) такка көтөрүшөт. Ал түргөштөрдүн башчысын — «майда башкаруучу, анын үстүнө түрк вассалы» деп жарыялайт.

Бирок көп өтпөй түргөштөр толук көз карандысыздыкка жетишип, тактыга «кара» уруулардын башчысы Сулук Чабыш-чор (716–739-жж.) отурат. Мыкты дипломат катары таанылган жаңы каган 714-жылы Кытайга жөнөйт. Кытайда ал абдан жакшы кабыл алынат. Ушунун соңунан түргөштөр үчүн коркунучтуу деп эсептелген өкүмдарлар менен никеге аркылуу ынтымак түзүлөт: Сулук Чабыш-чор Ашина династиясынын батыш бутагынын тукумдарынын биринин кызына үйлөнөт, экинчи аялдыкка — Билге-кагандын кызын, үчүнчү аялдыкка Тибет падышасынын кызын алат. Каган өзүнүн кызын Билгенин уулуна берет. Түргөштөрдүн чыгышта жетишкен дипломатиялык ийгиликтери батыштагы согуш ишин активдештирүүгө мүмкүндүк берген.

Багдад халифинин Хорасандагы араб акимдери түргөштөрдүн жеңилгенинен пайдаланып, Согдуну, Тохаристандын бир бөлүгүн, Хорезмди каратууга жетишет. 720-жылдан тартып Сулук Чабыш-чор арабдарга каршы бир нече жортуул жасайт. Салгылаштын жүрүшүндө курамына Фергана, Чач (Ташкен оазиси), Түргөш кагандыгы кирген арабдарга каршы биримдик


түзүлөт. Алардын арабдарга каршы жортуулун Согдунун көтөрүлүшкө чыккан эли колдоого алат. Натыйжада арабдар бир нече жолу жеңилүүгө учурап, 728-ж. Согдуну таштап кетүүгө аргасыз болушат.

Мына ошондо араб феодалдары газават жарыялашат. Арабдардын күчтүү армиясы 729-жылы Аму-Дарыяны кечип өтүп, Бухараны көздөй жөнөйт. Араб аскерлерине өз колу менен Согду падышасы Гурек көпулат. Булардын жолун каган Сулук Чабыш-чор башчылык кылган түргөштөрдүн, ферганалыктардын, чачтыктардын аскерлери тосуп чыгат. Бухаранын айланасында болгон салгылашта ким жеңип, ким жеңилгени аныкталган эмес. Салгылашта согдулуктардын күчтүү колу каган тарапка өтөт. Куралган күч арабдарды чептердин биринде камоого алып, көпкө созулган курчоодон кийин ал чеп алынат.

Салгылашта ийгиликке жете албай ызаланган Багдад халифи мурдагы акимди алмаштырып, Орто Азияга бир кыйла чыңдоо жиберет. А дегенде жаңы аким бир топ ийгиликке жетишет, бирок 731-жылы катуу кыйроого учурайт да, 734–735-жылдарга чейин арабдар Согдуну каратып алууга эч кандай аракет кылышкан эмес. 734-жылы арабдын көрүнүктүү аскер башчысы Харис ибн Сурейж Омейяддар династиясынан чыккан халифтердин башкаруусуна нааразы болгон арабдар менен бирге Орто Азиядагы мамлекеттердин түргөштөр башында турган бирлиги тарапка өтүп кетет: алардын пикиринче, халифтер исламдын тазалыгын сакташкан эмес. Харистин каган Сулук Чабыш-чордун тарабына өтүүсү маанилүү саясий акт болгон. Сулук Чабыш-чор анын «азык-оокаты» үчүн ага Фарьяб шаарынын тургундары төлөп турган салыктарды ыйгарат. Козголоңчул кол башчынын аскери Хуттал ээлигинин (Түштүк Тажикстан) күчтөрү жана тохаристандык карлуктар менен бирге арабдарга кол салып, аларды жеңип алат, бирок кийинчерээк өзүлөрү талкаланып, артка чегинет. Араб акими Хутталды басып киргенде анын акими каганды жардамга чакырат.

Сулук Чабыш-чор башында турган түргөштөр Чүй өрөөнүнөн салт аттанышып, үч күн ичинде Хутталга кирип келишип, арабдарды талкалап салышат. Арабдар Хорасанга кире качышат. Душмандын бытыранды аскерин оңой эле талкалап салууга болот деп ойлоп, каган 737-жылы кышында чакан колу менен Хорасанга басып кирет. Бирок араб аскерлери зор коркунуч туулганын туюшуп, тезинен баш кошуп бириге калышат да, түргөштөргө катуу сокку урат. Сулук Чабыш-чор аз жерден туткунга түшүп кала жаздайт, түргөштөр Чүй өрөөнүнө кайтышат.

VI — VIII к. 1-ЖАРЫМЫНДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАНА АГА КОҢШУ АЙМАКТАРДАГЫ МАМЛЕКЕТТЕР



Бул жеңилүү Сулуктун өлүмүнө алып келет. Түргөш тоболдорү Сулукту өтө көп адамдарды жана дүйнө-мүлктү жоготууга учураттың деп күнөөлөшөт. Козголоң чыгып кетишинин алдын алуу үчүн каган бектерге үйүр-үйүр жылкыларды тартуулайт, бирок бул бергендери ач көз бектердин алкын тыя алган эмес. Шал болуп жаткан каганды анын аскер башчыларынын бири түнкүсүн өлтүрүп кетет. Сулук Чабыш-чордун өлүмү түргөштөрдүн «сары» уруусу менен «кара» уруусунун ортосундагы жогорку бийлик үчүн узакка созулган күрөшкө себеп болот. Бул күрөшкө Ферғананын, Чачтын жана Кештин бийлик башчылары, Кашкардагы кытай акими да кошулат. Уруулар ортосундагы ич ара күрөш Түргөш кагандыгынын күч-кубатын биротоло алсыратат да, карлук урууларынын катуу чабуулу астында талкаланып, биротоло кулайт. Бул болсо Орто Азия ээликтерин толук баш ийдирүүгө арабдарга ыңгайлуу шарт түзгөн.

Карлуктардын мамлекети. «Карлук бодун» («карлук эли») же «үч карлук» («карлуктардын үч уруусу») — байыркы түрк рун даректери боюнча түштүгүнөн Монголдук Алтайдан Балкаш көлүнө чейинки, түндүгүнөн Тарбагатай тоолорунан берки аймакты ээлеген көчмөн уруулардын күчтүү бирикмесин мына ушундайча атаган. Карлук бирикмесинин курамына булак, чигил (себек) жана ташлык деген үч чоң уруу кирген. Бирок карлук бирикмесинде алгачкы мезгилде эле территориялык жана саясий жактан бытырандылык тенденциясы байкалган. VI кылымдын экинчи жарымында же VII кылымдын башында Тохаристандын аймагында турган карлуктардын бир бөлүгүнүн башчысы «жабгу» титулун алып, батыш түрктөргө көз каранды болуп калат, кийин түргөш кагандарына баш ийет. Бул карлуктар араб баскынчыларына каршы күрөштө олуттуу салым кошкон. Ал эми карлуктардын бир бөлүгү чыгышта — монгол талааларында кала берген.

Тарбагатай аймагын ээлеп, элдин негизги уюткусун түзгөн карлуктардын күчтүү аскери болгон. Чыгыш жана Батыш Түрк кагандыктарынын чек арасын жердегендиктен, алар бирде Батыш кагандыкка, бирде Чыгыш кагандыкка баш ийип турган. Булар эң бир тынчы жок, козголоңчул букаралар болгонун белгилеп кетүү керек. Маселен, алар VIII кылымдын биринчи чейрегинде, Чыгыш Түрк кагандарына каршы аз дегенде үч жолу көтөрүлгөн жана VIII кылымдын орто ченинде Экинчи Түрк кагандыгы менен Түргөш кагандыгынын кулашына чечүүчү салым кошушкан. Бул Борбордук жана Орто Азиянын тарыхындагы бүтүндөй бир доордун аякташына алып келген.

744-жылы басмылдардын, уйгурлардын жана карлуктардын бириккен күчтөрү Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгын кыйратат. Борбордук Азиянын Жаңы талаа дөөлөтүнүн — Уйгур кагандыгынын (744–840-жж.) тактысына Элетмиш Билге-каган (744–759-жж.) деген наам менен уйгурлардын жол башчысы отурган. Уйгурлар тогуз огуз уруулларынын күчтүү бирикмесине кирген. Алар Чыгыш түрктөрүн жеңгенден кийин өз бийлигин Алтайдан Манжурияга чейин тараткан. Карлуктардын жол башчысы өзүн сыйдан сырткары калгандай абалда сезген. Анткени ал «жабгу» титулун алуу менен гана чектелгендиктен өзүнүн мурдагы ынтымакташына көз каранды болуп кала берген. Ортодо кагылыш чыгып, уйгурлардын кысымы астында 746-ж. карлуктар ошол кезде саясий кырдаал оор болуп турган Жети-Сууга жер ээйт. Басылбаган чыр-чатактардын кесепетинен түргөш каганы колундагы реалдуу бийлигинен ажырайт.

Ушундан пайдаланып, 748-жылы кытай аскери Чүй өрөөнүнө кол салып, Суяб шаарын ээлеп, талкалайт. Кийинки жылы кытайлар Чачтын (Ташкендин) акимин колго түшүрүп, өлтүрүп салышат.

Арабдар Орто Азиянын ички иштерине Тан империясынын мынчалык орой кийлигишүүсүнө жол бергиси келбегендиктен Зияд Салих башында турган араб аскерлери кытайларга каршы аттанат. Муну билип калган кытай аскер башчысы Гао Сянь-чжи жүз миң аскери менен Суябды таштап арабдардын алдын тосуп чыгат. Каршылашкан тараптардын колу 751-ж. июлда Атлах (Манас районундагы Покровка кыштагынын түндүк жагындагы шаар урандысы) шаарынын жанынан кезигишип, дарыяны кечип өтүүгө батынбай, төрт күн бою ойүздө туруп калышат. Бешинчи күн дегенде Тан аскеринин тылынан карлуктардын күчтүү атчан аскери сокку урат, ал эми кытайлардын теке маңдайынан арабдар кысымга алат. Кытай колу мындай кош соккуга туруштук бере албай, Талас дарыясынын капчыгайына кире качууга далбас урунган. Бирок сакчылар Гао Сань-чжиге араң жол ачып берүүгө үлгүрүшкөн. Орто кылым тарыхчысы Ибн ал-Асирдин маалыматына караганда, Атлах жанындагы салгылашта кытай аскеринин 50 миң адамы өлүп, 20 миң жоокери колго түшкөн. Орто Азия элдеринин тарыхында бул жеңиш чоң мааниге ээ болгон: ушундан кийин кытай аскерлери болжол менен миң жылча Орто Азиянын чек арасынан көрүнгөн эмес. Региондо түзүлгөн мындай кырдаал мусулман маданиятынын өнүгүшүнө оболго болгон.

Кытай аскерлерин талкалоодо маанилүү роль ойногон карлуктар өзүлөрүнүн абалын кыйла чыңдап алышат, анын үстүнө

арабдар Жети-Сууда көпкө карманып тура алышкан эмес. Бирок карлук башчыларына саясатта үстөмдүк кылыш үчүн узак жылдар бою күрөш жүргүзүүгө туура келген. Карлук жабгулары талаа аймагында үстөмдүк кылыш үчүн Уйгур каганды-гына каршы күрөш жүргүзүүнү башкы милдет деп эсептешкен. 751-жылга жакын ченде карлуктар уйгурларга каршы союз түзүүгө жетишет. Бул союзга карлуктардын өзүнөн тышкары түрктөрдүн калгандары, кыргыздар, чик уруулары кирет, бирок алар бул аракеттерин эриш-аркак, чечкиндүү жүргүзө алышкан эмес. Чыккынчы качкындардан уйгурларга каршы союзга киргендердин кастык ниети бар экенин укkан соң Элетмиш Билге-каган өзүнүн чыгаан аскер башы экенин иш жүзүндө көрсөтүп, союздаштарды бир-бирден талкалап чыгат. Мындан 40 жыл мурун түргөштөр кандай жеңилсе, карлуктар да Эртиштин сол жээгиндеги Болучу деген жерде ошондой жеңилет. Бир жылдан кийин карлуктар түргөштөр жана басмылдар менен биригип, өлкөнүн ичкери жагын көздөй жортуул жасап, Уйгур каганды-гынын борбордук аймагы болуп саналган Өтүкен чытырман токоюна чейин жетет, ушул жерден уйгурлар басмылдарды талкалап таштайт, ал эми Ичүй дарыясынын өндүрүнөн карлуктар менен түргөштөрдүн бириккен колун талкалайт. Карлуктар мындан кийин да уйгурларга бир нече жолу кол салып, бардык учурда тең зыянга учуроо менен жеңилип, чегинүүгө аргасыз болушкан.

Ошол эле учурда жабгулар Жети-Сууда саясий бийликти колго алуу үчүн да күрөшүшкөн. Булардын башкы атаандаштары «он ок элинин» конфедерациясына кирген огуздар болгон. Огуз-каган тууралуу легендалар менен уламыштарда аталган элдин түпкү мекени Ысык-Көл ойдуңу менен Талас өрөөнү болгону айтылат. Күрөш тыныгуулары менен 20 жылдай созулуп, карлуктардын жеңиши менен аяктайт, алар 766-жылы гана Суяб жана Тараз шаарларын ээлөөгө жетишкен. Ушундан соң огуздардын кыйла бөлүгү Жети-Суудан кетип, Арал боюндагы талааларда оз мамлекетин негиздеген.

Жети-Суу, Теңир-Тоо, Фергана, Чыгыш Түркстанда карлук, чигил, ягма уруулары туташ жайгашкан эмес; алардын арасынан мурда «он ок элинин» курамына кирген уруулар да орун алган. Мында жабгу башында турган карлуктардын феодал төбөлдөрү бийлик кылган. Бирок карлуктардын да, «он ок уруу» феодалдарынын да чачыранды ээликтеринен турган «жамаа-чылуу» мамлекет болгондуктан ээликтерге жабгу бийлик кыла алган эмес: көчмөн уруу төбөлдөрү жайыт жерлерди эле эмес,

айыл-кыштактарды да, а тургай шаар борборлорун да ээлеген. Суябды, масселен, — «түрк каганынын» иниси. Хут Куялды — теги түргөш Баглил. Беклиг шаарын — йинал-тегин деген титулу бар бир түрк ээлеп турган.

Карлуктардын мамлекет түзүлүшү тууралуу орчундуу маалымат «Эки негиздин ыйык китеби» аттуу манихей кол жазмасында бар. Чигил төрөлөрүнүн бири — Ордукент менен Чигилбалыктын башкаруучусу «улуу түрктордүн» манихейлик башкаруучусу — «алтын Аргу-Талас менен Кашунун ханы» деген расмий титулуна караганда ал вассал иш жүзүндө карлук жабгусуна көз каранды болгон эмес, өзүн улуу түрк салтын улантуучумун деп жарыялаган.

Жети-Суу жана Теңир-Тоо бекем орношуп алгандан кийин карлуктар тибеттиктер менен союз түзүшүп, Чыгыш Түркстан үчүн да, Жунгария үчүн да уйгурларга каршы күрөштү улантышкан. А дегенде алар ийгиликке жетишкен, бирок 791-жылы, андан кийин 812-жылы уйгурлар союздаштарга катуу сокку уруп, жеңилүүгө дуушар кылышкан. Кийинки сокку жабгуну уйгур кагандыгынын жогорку бийлигин таануута аргасыз кылган. Карлуктардын оор абалынан пайдаланып, ошол эле 812-жылы аларга арабдар кол салат. Аскер башы Фадл ибн Сахл Отрардын жанынан карлуктардын аскерин талкалап, кимактардын өлкөсүнө качып бараткан жабгунун үй-бүлөсүн туткунга алат.

IX кылымдын орто ченинде Орто жана Борбордук Азияда карлуктар мамлекетинин тагдырына таасирин тийгизген маанилүү окуялар болуп өтөт. Орто Азия элдеринин араб баскынчыларына каршы тынымсыз күрөшү акыр-аягында бийликти жергиликтүү феодалдардан бөлүнүп чыккан Саманилер династиясынын тартып алышына алып келген. Жыйырма жылга созулган айыгышкан күрөштөн кийин 840-жылы енисейлик кыргыздар Борбордук Азияда Уйгур кагандыгын кыйратат. Уйгурлардын чакан бир бөлүгү гана өз көз карандысыздыгын сактап, Турпанда жана Ганьчжоу аймагында көз карандысыз эки майда мамлекет түзө алышкан.

840-жылы Самаркандын саманилик акими Нух ибн Асад түрктөргө каршы «ыйык согуш» жарыялап, Исфижаб (азыркы Чымкентке жакын жерде) шаарын алып, ошол жерде бекемделип алууга жетишет. 893-жылы Саманилик Ысмаил ибн Ахмед карлуктарга жортуул жасап, Тараз шаарын курчоого алат. Узакка созулган курчоодон кийин каган Огулчак Кадыр хан багынып берет. Ысмайыл өз бийлигин Таластын бардык аймагына, Чүй өрөөнүнүн бир бөлүгүнө — Меркеге чейин таратат. Муну

менен Саманилер бул жерлерди исламды жайылтчу очокко айлантып. Шелжи (Талас дарыясынын жогорку өндүрү) аймагындагы күмүштүн бай кенин ээлеп алышат. Огулчак Кадыр хан ордосун Кашкарга которуу менен Саманилердин чыгышты карай жылышын токтотот. Теңир-Тоону, Жети-Сууну, Чыгыш Түркстанды мекендеген түрк уруулларында жаңыдан көтөрүлүп келаткан Караханилер династиясынын айланасына топтолуп, кийин Саманилерди сүрүп чыгып, Орто Азияны жеңип алган күчтөр жүз жыл бою жетилип отурган.

§ 2. Эне-сайлык кыргыздардын кагандыгы

Байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын Эне-Сайдагы жашоо-тиричилигине байланыштуу окуялары, азыркы кыргыз элинин жана Евразиядагы көптөгөн башка элдердин этникалык жана маданий генезисин түшүнүш үчүн чоң мааниге ээ. Тарыхый маалыматтарга жана илимпоздордун пикирине караганда кыргыздар эң байыркы түрк тилдүү элдердин бири болуп саналат. Кыргыздар биринчи жолу биздин заманга чейинки III кылымдагы окуяларды камтыган Хан даректеринде эскерилет. Андан кийин жүздөгөн жылдар бою кыргыздар Борбордук Азиянын байыркы жана орто кылымдардагы көчмөн империяларына каршы көптөгөн согуштарга катышкан. Түрктөр менен уйгурлардын катуу кысымына туруштук берип, андан соң биздин эранын I миң жылдыгынын аягында Уйгур кагандыгын талкалап, Борбордук Азиянын кеңири мейкиндигин өзүнө баш ийдирип, күч-кубаттуу мамлекетти — Кыргыз кагандыгын түзөт.

Аталган мезгилге кыргыз тарыхы боюнча айтылуу адис академик В.В.Бартольд тарабынан «Кыргыздын улуу дөөлөтү» деп адилет баа берилген. Чынында эле бул учур кыргыздардын аскердик өнөрүнүн, мамлекеттүүлүгү менен маданиятынын мурда болуп көрбөгөндөй коколоп өсүп, кыргыз тарыхынын жылдызы жанып турган мезгили болгон. Өзүлөрүнүн согуштук ийгиликтеринин натыйжасында кыргыздар Орто Азиядагы тарыхый окуялардын жүрүшүнө чечүүчү таасир тийгизген. Ошондой эле кыргыздардын этникалык тайпалары көптөгөн түрк тилдүү жана монгол тилдүү элдердин этногенетикалык жараянына катышкан.

«Улуу дөөлөт» доору кыргыздардын Чыгыш Түркстанга келишине мүмкүндүк түзүп, алардын Батыш Теңир-Тоого жылы-

шында маанилүү этап болгон. Бирок бул кеңири мейкиндикти каратып алуунун жүрүшүндө кыргыз этносунун эбегейсиз зор аймакка бириндеп чачылып кетишине себеп болуп, биринчиден кагандыктын кулашына, экинчиден бирдиктүү этностун Эне-Сай жана Теңир-Тоо тайпаларына болүнүп калышына алып келген. Натыйжада күч-кубаты майтарылган кыргыздар монгол тилдүү кидандар менен наймандардын чабуулдарына каршы туруштук бере алган эмес. XIII кылымдын башында аларды монголдор басып алган. Кыргыздардын айрым тайпалары кеңири аймакты ээлеген Монгол империясынын ар кайсы жерлерине чачылып калган. Биздин эранын II миң жылдыгынын орто чегинде Чыңгыз хандын тукумдарынын ортосундагы ич ара согуштардын күчөшүнө байланыштуу кыргыздар Чыгыш Түркстанда күч ала баштаган. XV кылымда алар Батыш Теңир-Тоого жер ооп келип, азыркы кыргыз элинин этникалык уюткусун түзгөн.

Кыргыздар Эне-Сайда XVIII кылымдын башталышына чейин жашайт. Ошол мезгилде кыргыздарды жунгарлар күч менен Жунгарияга алып кеткен. Кийин Жунгар хандыгын манжулар талкалаганда кыргыздардын бир бөлүгү Манжурияга мажбурлап көчүрүлүп, экинчи бир бөлүгү калмактар менен бирге Волга боюна качып барып, кийин Волга бою менен Уралдын азыркы элдеринин курамына кирип калат.

Кыргыздардын тарыхындагы окуялар бир эле эмес, бир нече кылымдан бери Европанын, Россиянын, Кытайдын окумуштуулардын көңүлүн өзүнө буруп келе жатат. Кыргыз тарыхынын изилдеп-үйрөнүшүнө Н.Ф.Миллер, В.Шотт, В.Радлов, В.В.Бартольд, С.В.Киселев, А.Н.Бернштам, С.М.Абрамзон, А.Байтур жана башка окумуштуулар чоң салым кошушту. Соңку он жылдыктардын ичинде кыргыздардын откондогу тарыхын изилдеп-үйрөнүүдө Кыргызстандын окумуштуулары да барган сайын көбүрөөк роль ойноп жатат. 1950–1980-жж. кээ бир хакас окумуштууларынын, айрыкча Л.Р.Кызласовдун Эне-Сай кыргыздарынын тарыхый ишмердиктери менен маданиятын кайдагы бир ойдон чыгарылган «байыркы хакастарга» таандык кылып, снисейлик кыргыздардын атын тарыхтан өчүрүп салууга жасалган аракетине байланыштуу кыргыздардын этникалык тарыхынын татаал проблемаларын чечүү айрыкча курч мүнөзго ээ болду. Илимге жат мындай аракеттерге тарыхчы окумуштуулар Ө.К.Караев, Н.А.Сердобов, С.Я.Яхонтов, Ю.С.Худяков катуу каршы чыгышты. Илимий коомчулук бул ойдон чыгарылган «байыркы хакас цивилизациясын» четке какты. Кийин, 90-жылдары «байыркы хакастар» терминин колдонуунун туу-

ралыгын «негиздөө» аракети И.Л.Кызласов тарабынан дагы улантылды. Буга жүйөөлөрдү келтирип, С.Г.Кляшторный, С.Е.Яхонтов, В.Я.Бутанаев каршы болушту. Л.Р. жана И.Л.Кызласовдордун концепциясын сынга алып, ага каршы чыккандардын пикиринин маңызы бир гана нерсеге келип такалат: орто кылымдардагы даректердин эч биринде «хакастар» деген өзүнчө эл эскерилбейт, алардын баарында тең кыргыздар тууралуу гана айтылат. /«Хакастар» деген сөздүн өзү — «кыргыздар» этнониминин эле кытайча транскрипциясы болуп саналат. /

Учурдагы кыйынчылыктарга карабастан, кыргызтаануу илими кийинки 10 жыл ичинде алга карай чоң арым таштады. Түндүк жана Борбордук Азиянын көптөгөн аймактарын өзүнө камтыган кыргыз эстеликтеринин изилденген орүшү байкаларлык түрдө кеңиди. Кыргыздардын тарыхы боюнча этнографиялык, фольклордук жана жазма даректерге талдоо жүргүзүү жанданды. Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыкка жетиши кыргызтаануу тармагындагы изилдөө иштерине идеологиянын тийгизип келген терс таасирин четтетүүгө көмөк берди. Кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин өскөнүнө байланыштуу өткөндөгү тарыхка кызыгуу олуттуу даражада өстү, бул кыргыз элинин өткөндөгүлөрүнүн тарыхый мыйзам ченемдүүлүгүн түшүнүүгө көмөк бермекчи.

Кыргыздар *гяньгунь (цзяньгунь)* деген аталыш менен биздин эрага чейинки III кылымдын аягында Модэ шанүй тарабынан каратылган уруулардын ичинде кытайдын Хан династиясынын даректеринде биринчи жолу эскерилет. Хуннлар тарабынан багындырылган уруулардын ичинде хуннлардын Борбордук Азиянын батыш аймактарына үстөмдүк кылуу үчүн жүргүзгөн күрөшүндө юэчжа жана усундар менен катар хуннлардын негизги атаандашы болгон динлиндер эскерилет. Хунн державасы начарлап, кулагандан кийин гяньгун жерлери биздин заманга чейинки 49-жылы түндүк хуннлардын колу Чжи-чжи шанүйдүн чапкынына туш болгон. Тарыхый даректе гяньгундар шанүйлөрдүн ордосунан батышты карай 7000 ли жана Чешиден 5000 ли түндүк тарапта жашаганы көрсөтүлөт. Гяньгундардын коңшулары динлиндер болгон. Биздин замандын I–II кк. бою динлиндер хуннларга жана сянбилерге каршы согушкан. Биздин эранын I миң жылдыгынын орто ченинде кыргыздар тарыхый даректерде *хэгу* же *цигу* деп аталып, а динлиндер *гаогуй* жана *теле* деген аталыштар менен белгилүү болгон. Бул мезгилде кыргыздар телес (гаогуйлук динлиндер) бирикмесинин курамында болуп, даректерде айтылгандай, алар менен жарым-

жартылай «аралашып» кетиши мүмкүн болгон. Кыргыздар сянбилерге, кийинчерээк жужандарга көз каранды болгон деген да маалыматтар бар. Биздин замандын V–VI кк. жужандар теле менен дайыма согушуп турушкан, ошол согуштун жүрүшүндө гяньгундарды мүмкүн багынтып алууга жетишкен. Бул мезгилдин даректеринде гяньгундардын маданияты тууралуу эч кандай маалымат жок. Бирок алгачкы орто кылымдардын мезгилинде кыргыздар европеоиддер катары сыпатталат, бул кездеги кыргыздардын арасына бетке жана денеге татуировка түшүрүү каадасы тараган. Ошондой эле даректерде кыргыздар менен уйгурлардын тилинин жана маданиятынын окшоштугу баса белгиленет, б.а. кыргыздар түрк тилдеринин түркүмүнө кирген тилде сүйлөгөн.

VI кылымда бийлик колунда турган Ашина аттуу түрк уруусунун Цигу (Кыргыз) аттуу бир өкүлү Минуса ойдуңунда «Афу жана Гянь дарыяларынын ортосунда» (Абакан менен Енисейдин) элге сурак жүргүзө баштаган. Бул мезгилде Минуса аймагынын бардык жерине кыргыз маданиятынын эстеликтери таралат. Жергиликтүү калк жарым-жартылай түрдө ассимиляцияланып, же Минуса талааларынын чет-жакаларындагы тайга чөлкөмүнө сүрүлүп, алар кыргыз мамлекетинде кыштым (кулдар — чоочун уруунун адамдары) абалында калышкан. VI кылымда Эне-Сайдагы Кыргыз мамлекети жужандарга каршы түрктөрдүн көтөрүлүшүнүн натыйжасында көз карандысыздыкка жетишкен. Бирок Түрк каганды гынын түзүлүшү менен кыргыздар кайра түрктөргө көз каранды болуп калышкан. 555-жылы түрк каганы Мухан «тундүктө Цигуну баш ийдирген». Кыргыздар салык катары түрктөргө «эң курч курал-жарак» берип турушкан. Эне-Сайда кийин Борбордук Азиянын көчмөндөрүнө каршы согушта кыргыздарга ийгиликти камсыз кылган курал-жаракты жасоо боюнча база түзүлгөн. Түрк кагандыгы кыйрагандан кийин 581-жылы кыргыздар көз карандысыздыкка жетишкен. VII кылымда алар сейянто уруусу башкарган Телес кагандыгына карап турган. Бирок бул кагандыктын кулашы менен кыргыз мамлекети кайрадан өз алдынчалыкка жетишкен. Бул мезгилде кыргыздын башкаруучусу Сылива Шибокуй Ачжан Тан империясынын сарайына дипломатиялык визит жасаган. Кийинки жылдары кыргыздар Кытайга бир нече жолу элчи жиберип, товар алмашуу үчүн жылкы айдап барып турушкан.

Экинчи Чыгыш Түрк кагандыгынын түзүлүшү менен VII кылымдын аягында түрктөр менен Борбордук Азиядагы үстөм-

дүк үчүн болгон күрөшкө кыргыздар белсене катышкан. Түрк каганы Капаган Саян аркылуу кыргыз жерлерине жасаган ийгиликсиз жортуулунан кийин кыргыздын Барс бег деген ажосунун каган деген титулду алып жүрүү укугун таануурга аргасыз болот да, ага Кутлуг кагандын кызын, Могилян менен Күл-тегиндин карындашын күйөөгө берген. Ошентип, каган Барс бег кыргыз мамлекетин түрк мамлекети менен теңөөгө жетишкен. 707–711-жылдары кыргыз элчилери Кытайга бир нече жолу барган. 710–711-жж. аскер башы Тон-йокук, Могилян жана Күл-тегин башында турган түрк аскерлери катуу даярданып, Саян аркылуу кыргыз жерлерине жортуул жасаган. Түрк аскерлери кыргыздарга капыстан кол салып, Суңанын жанында аларды ырайымсыздык менен талкалаган. Мына ушул салгылашта кыргыз каганы Барс бег да курман болгон, «ал эми анын эли кул-күңгө айландырылган». Минуса ойдуңуна түрк аскерлери жайгашкан. Эне-Сай өрөөнүндө мына ушундан кийин байыркы түрк маданиятынын эстеликтери пайда болот.

Бирок түрктөр Кыргыз мамлекетин биротоло жок кыла алган эмес. Мамлекеттин башында кыргыз ажосу кала берген. Кыргыз элчилери Кытайга байма-бай каттап турган.

Түрк мамлекети кулагандан кийин кыргыздар үчүн Уйгур кагандыгы олуттуу коркунуч туудура баштаган. 751-жылы кыргыздар башка уруулар менен бирдикте уйгур каганы Моюн Чурга каршы көтөрүлүшкөн. 758-жылы уйгурлар Кыргыз мамлекетин жеңип алат. Кыргыз ажосу өзүнүн каган титулунан ажырап, кыргыздар жүз жыл бою түштүк өлкөлөрү менен байланышпа албай калган.

795-жылы Уйгур кагандыгындагы династиянын алмашылганына байланыштуу кыргыздар көтөрүлүп чыгат. Бирок уйгурлардын каганы Кутлуг бул көтөрүлүштү аёосуздук менен басууга жетишкен. Кутлугдун жазалоочу жортуулунан кийин Минусада уйгур маданиятынын эстеликтери пайда болгон. Бирок кыргыздардын бул жеңилиши анын мамлекеттүүлүгүн жогото алган эмес.

820-жылы Уйгур кагандыгынын начарлаганынан пайдаланып, кыргыздар кайрадан көтөрүлүп чыккан. Ушундан соң жыйырма жылча мезгилге созулган согуш башталган. Бул согуштун алдында кыргыз мамлекетинде бийликти борборлоштуруу, аскерди «ондук системада» түзүү, Минуса ойдуңунун четжакасындагы тайгалык уруулларды баш ийдирүү сыяктуу иш-аракеттер жүргүзүлгөн болучу. Кыргыздардын таасири астына бома уруулары да тартылат. Согушту жарыялаш үчүн «кедери

кете баштаган» Уйгур кагандыгындагы ички уруулук кагылыштар күчөгөн учур тандалып алынган. Согуш жылдарында уйгур тактысында алты каган алмашылган. Кыргыздар менен катар эле уйгурларга тибеттиктер да кысымын күчөтө баштаган. Согуш аракеттери создугуп, «хан согушту жыйырма жылга чейин уланткан». Бара-бара согуштагы ийгилик кыргыздар тарабына оойт. Ошондо жетишкен жеңиштерине шыктанган кыргыз ажосу уйгурлардын каганына мындай деп айткан экен: «Сенин күнүң бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду алып, анын алдына өзүмдүн атымды байлаймын да, өз туумду орнотом. Эгер мени менен кармашкың келсе, токтолбостон келгин; эгер колуңан келбесе, тезирээк кеткин».

Согуштун ийгиликсиз жүрүшү Уйгур кагандыгындагы оор абалды ого бетер күчөткөн. 739-жылы министр Гүйлофу төңкөрүш жасап, такка жашы жете элек каган Кэси-төрөнү отургузган. Экономикалык терс кырдаал да күчөгөн: «Ошол жылы ачкачылык болуп, жугуштуу оору тараган, кар оор түшүп, анын кесепетинен кой, жылкы көп кырылган». Аскер башы Гюйлофуга аскер башы Гүйлу Мохэ каршы көтөрүлүп, уйгурдун баш калаасы Ордо-Балыкка карай кыргыздарга жол ачкан. «Хойху ханы согушту уланта албай калды. Акырында өзүнүн эле аскер башчысы Гүйлу Мохе Ажону Хойху ордосуна алып келди». Ордо-Балыктын жанындагы чечүүчү салгылашта кыргыз аскери уйгурларды талкалаган. Ордо-Балык алынып, андан соң кыйратылып, өрттөлүп жиберилген: Хан согуш учурунда өлүмгө учурап, анын Дэлеси чачылып кеткен. «Ажо өзү тике башчылык кылып, хандын конушу менен ханышанын турак үйүн өрттөтүп жиберген». Баш калааны курчап турган дыйканчылык аймактар да кыйратылган. «Хойху ханы демейдегидей алтын чатырда отурган. Ажо анын бардык кымбат баалуу буюмдарын тартып алып, Тай-хо каныпаны туткунга түшүргөн; ушундан кийин ал Лао-Шань тоосунун түштүк тарабына барып жайланышкан». Уйгурлар жана башка телес уруулары дүрбөлөң түшүп, Монголиядан качышкан. «Хойку тукумдары чачырап кеткен». Кагандык кулап, уйгурлар Байкалдан ары, Манжурияга, Эртиш бойлоруна жер оогон, ал эми уйгурлардын жана телестердин көпчүлүк бөлүгү Тан империясынын чек арасын жана Чыгыш Түркстанды карай качышкан. Кыргыз каганы уйгурларды талкалоо ушуну менен аяктады деп эсептеп, өз ордосун Монголияга көчүргөн. Уйгур каганынын туткунга түшүрүлгөн аялын — кытай императору Сянь-цзундун кызын ал 841-жылы аскер тобунун коштоосунда мекенине жөнөткөн. Балким, кыргыздар

талаа аймагындагы бийлик эми кыргыздарга таандык деген кабарды императорго ушундай амал менен билдиргиси келишкендир. Бирок Таң империясынын чек арасына барып токтогон Үцзе каган башында турган уйгурлар кыргыз элчилерин колго түшүрүп, Тай-хону кармап калышкан. Кыргыздар Тай-хону издеп табыш үчүн аскер тобун жиберет. Уйгурлардын артынан түшкөн кыргыз аскерлери Чыгыш Түркстанга жана Гоби чөлүнүн түштүк жагындагы Эдзин-гол дарыясынын өндүрүнө чейин кирип барышкан. Кытайлардын азгырыгы менен министр Або башында турган кыргыз аскерлери Түштүк Манжурияга жортуул жасап, уйгурларды колго түшүрүп, шивэй урууларын талкалашкан. Кыргыз каганы менен Таң императорунун ортосунда уйгурлар тараптан болчу коркунучту четтетиш үчүн жандуу дипломатиялык кат жазышуу жүргүзүлгөн. Кытайлар кыргыздардын уйгурларга каршы күрөшүн колдогону менен, кыргыздардын күчтөнүп кетишинен коркконо. Кыргыз кагандары Борбордук Азиядагы өз бийлигин колдон чыгарбоого умтулушуп, Таң империясы менен болгон дипломатиялык байланыштарды колдоого алып турган. IX кылымдын акырында уйгурлардын жандана баштаганына байланыштуу кыргыз аскерлери кайрадан Чыгыш Түркстанга жортуул жасап, Пенчул жана Ак-Суу шаарларын басып алып, Кашкарга чейин жетет. Ал кезде уйгурлар менен салгылашып жаткан тибеттиктер да кыргыздарга ынтымакташ болушкан. Бирок «хягас хойхуну толук жеңе алган эмес» — Турпан менен Ганьчжоудогу уйгур кагандары өзүнүн көз карандысыздыгын сактап калышкан.

Уйгур кагандыгынын талкаланышы жана Борбордук Азиянын кең мейкиндеринин каратылып алынышы бүткүл бул аймактарда Кыргыз кагандыгынын түзүлүшүнө алып келген. Бул кыргыз мамлекетинин, согуш өнөрүнүн, маданиятынын болуп көрбөгөндөй күч алып турган мезгили болгон. Кагандыкта рун жазмасы жана дүйнөлүк диндер тарайт. Кыргыз кагандары мамлекетке акча жүгүртүүнү кийирүүгө аракет кылып, шаар курууну жана дыйканчылыкты колдоого алышат. Кыргыз маданиятынын эстеликтери Минуса ойдуңунун чегинен тышкары бүткүл Борбордук Азияга кеңири таралат.

Бирок «улуу кыргыз дөөлотүнүн» мезгили анча узакка созулган эмес. Көп жылдар бою улантылган согуштан, көп адамдарынан ажырап, алсырап калгандыктан, Борбордук Азиянын кең мейкиндеринде чачкын жайгашкан кыргыздар жаңы баскынчыларга — монгол тилдүү көчмөн кидандарга каршылык көрсөтүүгө шайы келбей калган. X кылымдын башында кидан-

дар Монголияга бир нече жортуул жасап, аны Алтайга чейин баш ийдирип алышат. Кыргыздар Саян-Алтайды жана Чыгыш Түркстандын бир катар аймактарын өз колдорунда сактап калышкан. Мурда бирдиктүү болуп келген кыргыздардын этникалык биримдиги экиге бөлүнүп кеткен. Бул кезде Түштүк Сибирдеги кыргыздар кидандарга көз каранды болуп калса керек. X кылымдын орто ченине карата кидандар менен кыргыздардын ортосунда жалпы чек ара болгон эмес. Кээде кыргыздар мурдагыдай эле Ляо империясынын сарайына элчи жиберип турган.

XI–XII кк. кыргыздардын Монголия менен Тувадан Минуса жана Чулум бойлоруна агылып көчүп келе баштаганы байкалган. Ушул кезде монгол талааларын чыгышынан монгол тилдүү көчмөндөр ээлей баштайт. Кыргыз маданиятына монгол маданиятынан бир топ жаңы көрүнүштөр кирет. Эне-Сайдагы Кыргыз мамлекети бир нече улустарга бөлүнүп кетет.

Чыгыш түркстандык кыргыздар коңшу мусулмандардын таасири менен өзүлөрүнүн мурунку каада-салтын жоготуп, маданий жактан эне-сайлык кыргыздардан бир топ обочолонуп кетишкен. «Кыргыздарда өлгөндөрдү өрттөп жиберүү каадасы болгон; муну менен алар от адамды тазалап, ыпластыктан арылтат деп ойлошкон. Алардын өткөндөгү каада-салты мына ушундай болгон, кыргыздар мусулмандарга коңшу жашай баштагандан тартып өлгөндөрүн жерге көмө башташкан».

XII кылымда түштүк түркстандык кыргыздар Елүй Дашы башында турган кара-кидандардын чабуулуна туш болгон. XII кылымдын орто ченинде кыргыздар наймандардан кысым көргөн.

XIII кылымдын баш ченинде монгол каганы Чыңгыз өзүнүн уулу Жучу башында турган аскерди Саян-Алтайды каратып алууга жиберген. Кыргыз башчылары мындан өз элибизди тукум курут кылып албайлы деп ойлонуп, салгылашсыз баш ийип берген. Мында монголдор кыргыздарга монгол армиясы үчүн аскер берип турасың деген негизги шартты койгон. 1218-жылы туматтардын көтөрүлүшүнүн учурунда монголдор кыргыздардан ошол көтөрүлүштү басууга аскер сураган, кыргыздар аскер бербей кайра, өзүлөрү да кошо көтөрүлүп чыккан. Ушундан соң Жучу Түштүк Сибирди кайрадан багындырууга аргасыз болгон. Монгол аскерлери Тува, Минуса жана Алтай аркылуу сапырык салып өткөн. Мына ушул жортуулдан кийин кыргыз калкынын бир бөлүгү багынып берүүгө аргасыз болуп, бир бөлүгү Чулум боюндагы тайгаларга качкан. XIII кылымдын

экинчи жарымында кыргыздар Чыңгыз хандын тукумдарынын ортосундагы так талашуудан келип чыккан өз ара согуштарга аргасыздан аралашып калышкан. Аталган согуштардын учурунда кыргыздардын Эне-Сайдагы ээликтери Юан империясынын карамагына өтүп, чыгыш түркстандык кыргыздар Чагатай улусунун курамына кирип калган. Ич ара согуштардын жүрүшүндө кыргыздарды бир нече жолу Саян-Алтайдан Монголияга, Манжурияга, Кытайга жер которууга аргасыз кылышкан. Ушундан улам Минуса талаалары ээн калып, ал жерлерге кыштымдар келип отурукташкан. Монголдор бул аракети менен кыштымдарды кыргыздарга каршы тукурууга аракет кылган болуу керек. Мына ушул мезгилде Саян-Алтайда курал-жарак жана кымбат баалуу буюмдар көпө көмүлгөн кыштым төбөлдөрүнүн көрүстөндөрү пайда болот да, Минусада кыргыз эстеликтеринин саны азаят. Саян-Алтайда монголдордон, уйгурлардан жана кытайлардан турган калк түзүлөт.

Юан империясынын кулашы менен Эне-Сайдагы кыргыз жерлери батыш жана чыгыш монголдордун, ойрот жана халхас хандарынын өз ара күрөш-салгылашынын аренасына айланып, бул XVIII кылымдын башы ченге чейин улантылат. Орустардын кысымы астында жунгарлар кыргыздарды Жунгарияга зордоп көчүрүп кетет. Чыгыш түркстандык кыргыздар биздин замандын II миң жылдыгынын ортосуна чейин Моголстандын тоолорундагы «токой уруулары» деп эсептелип келген. Ушул мезгилден тартып алар азыркы кыргыз элинин этникалык уюткусун түзүп, ичине Теңир-Тоо менен Жети-Суудагы көптөгөн түрк тилдүү жана монгол тилдүү урууларды сиңирип алышкан.

Енисейди мекендеп турган мезгилинде кыргыздар бай жана өзгөчөлүү маданиятты жаратышкан (дал ушул маданияттын жетишкендиктерин Л.Р.Кызласов менен И.Л.Кызласов ойдон чыгарылган «байыркы хакастарга» таандык кылууга аракеттенишкен).

VI–VIII кылымдардагы кыргыз маданиятынын эстеликтери Минуса ойдуңунун аймагына топтолгон. Булар — «чаа-тас» («согуш ташы») деп аталган коргон мүрзөлөр. Алар тегерек же чарчы түрдө жалпак таштардан тургузулган стеласы (таш мамы) бар таш коргондор. Бул мүрзөлөрдө олгөндөрдүн сөөктөрү, алардын жанына азык куюлган идиш, эт көпө көмүлгөн. Мүрзөлөрдүн ичинде, ошондой эле, ар кандай буюмдар, кымбат баалуу идиш-аяктар, ат жабдык, асем буюмдар катылган жашыруун жай (тайниктер) учурайт. Мындай мүрзөлөр бай

кыргыздарга таандык. Карапайым адамдар анча чоң эмес мүрзогө, эч кандай буюм-тайымсыз эле көмүлгөн. Балдардын сөөгү өрттөлгөн эмес. Кул-кыштымдар топурагы гана кырдалган жөнөкөй мүрзөлөргө же чаа-тастардын дубалынын түбүнө коюлган. Бул мезгилдеги эстеликтерден конуштар, чеп курулуштары, кенчтер, аска бетиндеги сүрөттөр, эн тамгалар, рун жазмалары да белгилүү.

Кыргыз маданиятынын VI–VIII кылымдарда эң кеңири таралган элементи — карапа идиш аяк, ал «кыргыз кумаралары» деген аталышта илимге колдонууга алынды. Кол менен жабыштырылып жасалган ар түрдүү түспөлдөгү идиш-аяктар да кезигет.

Ошондой эле темир жебелер, кайың саадактар, бир миздүү шампарлар да табылган. «Чаа-тас» дооруна кош миздүү кылычтар, найзалар, айбалталар, калкандар, ат жабдыгынын буюмдары, курлар жана ар кандай асем буюмдар таандык. Табылгалардын ичинде сөйкөлөр, шуру-мончоктор, кытайдын коло тыйындары да бар. Алардын арасынан жука алтын каңылтыр менен жабылган аттын башы жана койдун бедиздери сыяктуу коло тумарлар кезигет.

Конуштардан эмгек шаймандары, тиричилик буюмдары, темир кол өнөрчүлүгүнүн издери табылган.

Комплекстерде Кытайдан Эне-Сайга соода аркылуу алып келинген асем буюм-тайымдар жана тыйындар кезигет. Кыргыздардын маданиятында түрктөр менен уйгурлардын маданиятына мүнөздүү элементтер да бар.

IX–X кылымдарда, «улуу держава» доорунда, кыргыз маданиятынын эстеликтери Түндүк жана Борбордук Азиянын аймагына кеңири таралат. Алар Минуса, Тува, Алтай, Батыш жана Чыгыш Сибирь, Чыгыш Казакстан, Монголия, Чыгыш Түркстандан табылган. Алардын көпчүлүгү Тувада топтолгон. Булар — анча чоң эмес крепидасы жана стеласы бар тегерек түспөлдөгү таш коргондор, ал стелаларда рун жазуулары жана эн тамгалар бар. Анча терең эмес казылган көрдө өрттөлгөн сөөктөр, үй айбанаттарынын сөөктөрүнүн калдыктары, идиш-аяктар, курал-жарактар, ат жабдыктары, белге курчалуучу буюмдардын комплекси жолугат.

Кыргыздардын курамына бул мезгилде союздаш уруулар да кирген. Булардын каада-салты кыргыздардын турмушуна да таасирин тийгизген. Кагандыктын аймагында кыргыздардан бир топ эле айырмаланган көптөгөн кочмөн жана аңчы уруулар, түрктөр, уйгурлар жашап турган. Минусадагы изилденген

кыргыз конуштарынын кээ биринен темир кол өнөрчүлүгүнүн издери да байкалат. Бул мезгилге кыргыз ажолору узак мөөнөткө чыдай турган курулуштарды жана шаар тибиндеги конуштарды курууга жасаган аракетинен маалымат берген чоподон салынган курулуштар («уйбат чебине» окшогон) таандык болушу ыктымал. «Улуу держава» дооруна кыргыз рун жазмаларынын негизги бөлүгү, кээ бир петроглифтер жана кенчтер тиешелүү.

Бул мезгилдин буюмдарынын тобунда орчундуу өзгөрүүлөр болуп өткөн. Карапа идиш-аяктар тиричиликте колдонуудан калып, алардын ордуна металл идиш-аяк тарала баштаган. Алардын арасында, ошондой эле, тойлордо урунула турган кымбат баалуу алтын жана күмүш идиш-аяктар да жолугат.

«Улуу держава» доорунда курал-жарак жасоо өнөрү болуп көрбөгөндөй өөрчүгөн. Кыргыздар арасында жоо-жарак катары колдонулган кош миздүү түз кылычтар, кадимки кылычтар, найзалар, айбалталар, шамшарлар, жаалар жана ар түрдүү жебелер пайда болот. Булардын арасында айрыкча темир калкандарга каршы атылчу учтуу куралдардын саны абдан көп учурайт. Коргонуш үчүн туулга, калкан, соот колдонулган. Жоокерчиликке минилчү аттар үртүк менен жабылган. Кыргыздардын арасында аскердин өзгөчө түрү катары соот кийип, колуна калкан алган атчан аскерлер биринчи пайда болгон. IX–X кылымдарда куралдануу деңгээли боюнча кыргыздар Борбордук Азиянын башка көчмөн элдеринен байкаларлык даражада алдыда туруп, бул уйгурлар менен болгон салгылаштарда аларга жеңишти камсыз кылган.

Кыргыздардын ат жабдыктары жана жоокерчилик кийимкечеси да өтө ар түрдүү. «Улуу держава» доору кыргыз кол өнөрчүлүгүнүн гүлдөп турган учуру болгон. Жүгөн, басмайыл, көмөлдүрүк, куюшкандар ар түркүн оймо-чиймелүү коло жасалгалар менен кооздолуп, а тургай айрым учурда аларга алтын да жалатылган. Комплекстерде ар кандай асем кооз буюмдар, тиричилик буюмдары, эмгек шаймандары кезигет. Тан империясы, Чыгыш Түркстан жана Орто Азия менен болгон түздөн-түз алака-катыштардын натыйжасында чет элдик буюмдардын көбүрөөк агылып келишине мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Булардын ичинде Кытай тыйындары менен күзгүлөрүнүн саны абдан көп. Кээ бир тыйындарда руһ жазмалары бар, мындан акча жүгүртүүнү киргизүүгө жасалган аракет байкалып турат.

Маданияттагы өзгөрүүлөр көп тармактуу болгон. Курал-жарак жана зергерлик кол өнөрчүлүк жагындагы кыргыз мада-

нияты локалдык мүнөздүү эмес, жалпы көчмөндөргө таандык белгилерге ээ болгон. Кошуундук маданиятка мүнөздүү болгон курал-жарак, кемер курлар жана ат жабдыктар, кымбат баалуу идиш-аяктар, асем жасалгалар эң бир ар түркүмдүүлүккө жетип, башка көчмөн маданияттары үчүн үлгүгө айланган.

Кыргыздар дүйнөлүк диндерге, манихейчиликке, буддизмге кызыгышкан, булардын бардыгы кыргыздардын жазма эстеликтери менен торевтикасынын предметтеринен көрүнөт.

IX–X кылымдардагы кыргыз маданиятынын ургаалдуу өнүгүшү оңой-олтоң мээнет менен жетишилген эмес. Бул үчүн эбегейсиз аймакта көптөгөн өмүрлөр кыйылып, көптөгөн уруулар чачылып-чарпылган, аларды токтотуш мүмкүн эмес эле. Кидандардын кысымы астында кыргыздар өзүнүн мамлекеттик жана этникалык биримдигин жоготуп алышкан. Чыгыш түркстандык кыргыздардын маданияты эмдигиче изилденбей келе жатат.

XI–XIV кылымдардагы Минуса менен Чулум боюндагы кыргыз маданиятынын эстеликтери бир топ жакшы изилденген. Ал эстеликтер Алтайдан да, Тувадан да, Ачы-Мари токойлуу талааларынан да учурайт.

Маданияттагы өзгөрүүлөр өлгөндү коюу каада-салтына, курал-жарак, ат жабдык, торевтика жасоо өндүрүшүнө да таасирин тийгизген. XI–XIV кылымдардагы кыргыздардын көрүстөндөрүндө маркумду өрттөө салты боюнча көмүп, тегеректеп таш менен корумдан коюу мүнөздүү болгон. Мындай коргондордон өрттөлгөн сөөктөрдүн калдыктары, темир курал-жарактар, ат жабдыктар учурайт. Алардын бардыгы өлүктү көмүүдө өрткө чалдыкканы көрүнүп турат. Кээде мындай көрүстөндөргө жоокерлердин иттери да кошо көмүлгөн.

Бул мезгилге таандык конуштар Минусада изилденген. Орто кылымдардын өнүккөн мезгилине тоолордун чокуларындагы жана капталдарындагы коргонуучу чептер таандык. XI–XII кылымдарда Уйбат дарыясынын өндүрүндө «чеп» турган болуш керек. Биздин замандын экинчи миң жылдыгынын башында кыргыздар рун жазмасын жоготуп алышкан. Ушул эле мезгилге кээ бир кенчтер да таандык.

Буюмдардын түрлөрүндө чоң өзгөрүүлөр пайда болот: карапа буюмдар дээрлик жок болуп, металл идиш-аяктардын кеңири пайдаланылганы байкалат. Курал-жарак жасоо барган сайын өөрчүтүлө берген. Кыргыз жоокерлери кош миз кылычтар, кадимки кылычтар, найза, айбалта, жаа, жебе менен курал-данышкан (булардын ичинен жебенин жалпак темир тыктары

көбүрөөк таралган). Коргонуу үчүн туулга, кабырчыктуу жана каңылтыр калкандар колдонулган.

Ат жабдыктарды жасоо андан ары өнүктүрүлгөн. Бул айрыкча торевтика буюмдарынан даана көрүнөт. Бетине күмүштөн чегерип, темирди чоюу жолу менен торевтика буюмдарын жасоонун жаңы технологиясы оздоштүрүлгөн. Буюмдарга оймочийме салуу да өзгөрүлгөн. Татаал, көбүнчө осүмдүктөр түрүндөгү оймо-чиймелерден геометриялык оймо-чиймеге өтө баштаган.

Эстеликтердин ичинде кооз асем жасалгалар, тиричилик буюмдары жана эмгек шаймандары учурайт.

Каада-салттагы жана жабдык-шаймандардагы өзгөрүүлөр стадиялык мүнөздө болгон. Алар — торевтикада жаңы технологиянын оздоштүрүлүшүнө жана монгол тилдүү көчмөндөрдүн таасирине байланыштуу.

XIII–XIV кылымдарда эне-сайлык кыргыздардын маданиятында анча өзгөрүү болгон эмес. Минуса менен Чулум боюнда топтолгон эстеликтердин аймагы тарыган. Бул мезгилдеги бейит эстеликтери мурдагыларынан анча айырмаланбайт. Буларда сөөк орттөлүп, анын жанына курал-жарак жана ат жабдыктар кошо көмүлгөн. Алардын бейиттери тегерек коргон түрүндө салынган.

Монголдор мезгилиндеги конуштардын орду изилдене элек. Буюмдардын комплекси мурдагылардан анча айырмаланбайт. Курал-жарактардан кош миз кылыч, жебе жана жаа, калкандар белгилүү. Ат жабдыктардын оймо-чиймелери өз алдынчалыгы менен айырмаланып турат. Булардын арасында тиричилик буюмдары менен эмгек шаймандары да учурайт. Кытай тыйындары абдан сейрек.

Маданиятындагы өзгөрүүлөр эволюциялык мүнөздө болгон. Монгол маданияты кыргыз маданиятына олуттуу таасир корсөтө алган эмес.

Алгачкы жана өнүккөн орто кылымдардагы енисейлик кыргыздардын маданияты Борбордук Азия чөлкөмүнүн маданий жактан өнүгүшүндөгү маанилүү көрүнүш болгон. Ал маданиятка материалдык өндүрүш, аскер иши жана колдонмо өнөр жаатындагы бир катар жетишкендиктер таандык. Байыркы түрк маданий дүйнөсүнүн ажырагыс бир бөлүгү болуу менен бирге кыргыз маданияты өзүнө гана таандык бир катар оригиналдуу кайталангыс белгилерин сактап калып, коптөгөн көчмөн элдердин маданияттарынын салтын оорчүтө отуруп, маданий генезге өз салымын кошкон.

Кайталоо жана өзүн өзү текшерүү үчүн суроолор

1. «Түрк» термини жөнүндө.
2. Түрк кагандыгынын түзүлүшү.
3. Батыш түрк кагандыгы. Истеми каган.
4. Түргөш кагандыгынын түзүлүшү.
5. Анын башкаруучуларынын ички жана тышкы саясаты.
6. Карлук мамлекетинин түзүлүшү.
7. Анын кагандарынын ички жана тышкы саясаты.
8. Изилдөөчүлөр эне-сайлык кыргыздар жөнүндө.
9. Жазма даректердеги байыркы эне-сайлык кыргыздар.
10. Эне-сайлык кыргыздардын кагандыгынын түзүлүшү.
11. «Улуу Кыргыз дөөлөтү».
12. XI–XV кылымдардагы эне-сайлык кыргыздар.
13. Эне-сайлык кыргыздардын маданияты.
14. X–XIV кылымдардагы чыгыш түркстандык кыргыздар.

Адабияттар:

Бартольд В. В. Киргизы // Соч. Т. II, ч.1. — М., 1963.

Бичурин Н. Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Ч.1. — М.; Л., 1950.

Введение в историю кыргызской государственности: Курс лекций для вузов. — Бишкек, 1994.

Гумилев Л. Н. Древние тюрки. — М., 1993.

Кара уулу Өмүркул. Көөнө түрктөр тарыхы. — Бишкек, 1994.

Караев О. К. К вопросу о терминах кыргыз и хакас // Народы Азии и Африки. — 1970. — № 4.

Кляшторный С. Г. О статье И. Л. Кызласова «О самоназвании хакасов»// Этнографическое обозрение. — 1992. № 2; *Яхонтов С. Е.* Слово «хакас» в исторической литературе // *Ошонун өзүндө*; *Бутанаев В. Я.* Вопрос о самоназвании хакасов // *Ошонун өзүндө.*

Кызласов Л. Р. Взаимоотношение терминов «хакас» и «кыргыз» в письменных источниках VI–XII вв. // Народы Азии и Африки. — 1968. —№ 4.

Малов С. Е. Памятники древнетюркской письменности. М.; Л., 1951.

Малявкин А. Г. Материалы по истории уйгуров IX–X вв. — Новосибирск, 1974; *Ошол эле.* Танские хроники о государствах Центральной Азии. — Новосибирск, 1989.

Худяков Ю. С. Кыргызы на Табате. — Новосибирск, 1982; *Ошол эле.* Вооружение енисейских кыргызов VI–XII вв. — Новосибирск, 1980; *Ошол эле.* Кыргызы на Енисее. — Новосибирск, 1986; *Ошол эле.* Кыргызы на просторах Азии. — 2-е изд., исправл. (Отв. ред. Т.Чоротегин. — Бишкек, 1995.

Яхонтов С. Е. Древнейшее упоминание названия «киргиз» // Советская этнография. — 1970. — № 2.

3-БАП

КАРАХАНИЛЕР КАГАНДЫГЫ (X к. жана XIII к. башы)

§ 1. X кылымдагы Борбордук Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун калкы. Караханилер династиясынын этностук теги

Караханилер кагандыгынын башында турган династиянын этникалык түпкү чыгышы жөнүндө бирдиктүү бир пикир ушул убакка чейин жок. Ж.Дегинь, Х.Д.Френ жана башкалар Караханилерди уйгурларга, Ф. Гренер менен Э. Шаванн — карлуктарга, В. В. Григорьев — а дегенде уйгурларга, андан кийин — карлуктарга, Ахмед Зеки Велиди Тоган — алтайлык түрктөргө таандык кылышкан. О.Прицактын пикири боюнча, Караханилер карлуктардын чөйрөсүнөн чыккан, алардын уруулар конфедерациясына чигилдер менен ягма кирген. В. В. Бартольд а дегенде Караханилер династиясы ягманын чөйрөсүнөн чыккандыгы жөнүндө гипотезаны айткан. Бирок кийинчерээк ал үч элди — карлуктарды, ягманы жана чигилдерди бөлүп көрсөтүп, Караханилер мамлекетинин башкаруучулары ушулардын ичинен келип чыгышы мүмкүн деген пикирге келген. Азыркы убакта Махмуд Кашгаринин (XI к.), Жусуп Баласагунинин (XI к.) эмгектеринде жана башка жазма булактарда камтылган бир катар фактыларды, маалыматтарды талдоо Караханилер династиясынын чигилдердин чөйрөсүнөн чыккандыгын ырастайт.

X к. Борбордук Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун аймагында Караханилер кагандыгынын түзүлүшүндө негизги роль ойногон ар түрлүү уруулар же алардын тайпалары жашаган.

Жазма булактарда IX–X кк. карлуктардын жайгашкан райондору көрсөтүлгөн. Кудама Ибн Жафар (IX–X кк.) Борбордук Теңир-Тоодо Касра-Бас деген жердеги карлуктардын кышкы жайыттары жөнүндө эскерет; Ибн Хаукал (X к.) Барак (Чирчик) дарыясынын жана Шаштын (Сыр-Дарыянын) куймасы жөнүндө айтып, анын бир агымы Бискемден, ал эми экинчиси — Жид-

галдан чыккандыгын, бирок негизинен алар карлук-түрктөрдүн өлкөсүнөн агып чыгаарын жазат. Демек, азыркы Пскем жана Чаткал дарыяларынын жогорку агымында жана алардын аралыгындагы аймакта карлуктар жашаган. Карлуктардын өлкөсү боюнча 25 күн саякат жасаган Абу Дулаф (X к.) алардын жергесинде, Талас тоолорундагы күмүш кени жөнүндө эскерет.

Белгисиз перс авторунун (X к.) «Худуд ал-аалам мин алмашрык ила-л-магриб» «Аалам дын чыгыштан батышка чейинки аймактары» деген чыгармасында карлуктарга таандык болгон шаарлар, кыштактар, жердин аттары, тоолор жана көлдөр саналып корсотүлгөн. Маселен, Чүй өрөөнүндө төмөндөгү кыштактар болгон: Кулан, Мирки (азыркы Мерке), Нузкат, Ысык-Көл ойдуңунда — Урун-Арт, Барсхан.

Мына ошентип, чыгыш авторлорунун маалыматтарына караганда IX–X кк. карлуктардын негизги калкы Борбордук Теңир-Тоодо жана ага тутумдаш жерлерде жашаган. Алардын кээ бир бөлүгү Талас өрөөнү менен Исфижаб (азыркы Чымкентке жакын жердеги Сайрам кыштагы), Фараб (Отрар) шаарларынын ортосунда жана Азиянын башка бир катар райондорунда жашаган. Карлуктар мекендеген Борбордук Теңир-Тоо жана Жети-Суу аймактарында, аларга баш ийген уруулар — тухсилер, чигилдер, аргу ж.б. да жашагандыгын белгилей кетүү керек. Кийинчерээк карлуктар Караханилер мамлекетин түзүүдө маанилүү ролду ойногон. Бирок, орто кылымдагы авторлордун кээ бир маалыматтарына караганда Караханилердин теги карлуктардан болушу мүмкүн эмес. X к. биринчи жарымында карлук уруусу Борбордук Теңир-Тоодогу саясий турмушта мурдагыдай чечүүчү роль ойнобой калган. Ырас, карлуктардын жабгусу үстүртон болсо да өлкөнүн башчысы деп эсептелген, бирок иш жүзүндө шаарлар менен райондордогу бийлик жергиликтүү карлуктардын жана башка уруулардын башчыларынын колуна өткөн, бул жазма булактардагы маалыматтар менен да ырасталат. Маселен, чигилдердин башында *тексин* турган, анын ордосу Яр шаары Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде болгон. Тараз шаарынын акими *айлас* деп, ал эми Суябдыкы — *яланшах* деп аталган. Тухсилердин жана карлуктардын бир тайпасы болгон лабандардын башкаруучулары *куртекин* деген титулду алып жүрүшкөн. Бул шаарлар менен эзликтердин оздорүнүн аскердик коштуу болуп, душманга каршы бир канча миң жоокери менен чыга алган.

Абу Дулаф (X к.) «карлуктар бири-бирин дайыма таарынтып, кысымга алып турушат, бири-бирине ичи тардык кылы-

шат» деп жазган. Бул айтылгандар карлуктардын эзликтеринин бытырандылыгын жана X к. ортосунда алар Борбордук Теңир-Тоодо саясий үстөмдүгүн жоготкондугун далилдейт. Жогоруда келтирилген фактылар X к. биринчи жарымында аталган чөлкөмдүн элдеринде бирдиктүү мамлекеттик түзүлүш болгон эместигин жана карлуктардын жабгусу мурда өзүнө баш ийген уруулларды кайрадан бириктирүүгө жана Караханилер династиясына башчылык кылууга кудурети жок экендигин ырастайт.

Ошол мезгилдеги ири уруулардын бири ягма болгон. IX–X кк. алардын негизги бөлүгү түндүктө Нарын дарыясы боюнча карлуктар менен чектеш болуп, Борбордук жана Батыш Теңир-Тоодо жашаган. Махмуд Кашгаринин маалыматы боюнча ягма башка уруулар менен катар Иле жана Талас дарыяларынын өрөөндөрүндө да жашаган. Ягманын бир бөлүгүнүн түндүккө, Жети-Сууга жылышын, бул крайды Караханилердин жеңип алуусу менен байланыштырууга болот. Бир жазма булакта ягма уруусунун падышасы Бугра хан деген титулду алып жүрөт деп айтылган. Мына ушул маалыматтын негизинде Караханилер династиясынын ягмалардан чыгышы жөнүндө пикир келип чыккан. Ырас, алар Караханилер башчылык кылган уруулар биримдигинин курамында маанилүү ролду ойношкон. Бирок Караханилер династиясы ягманын чөйрөсүнөн чыккандыгында шек бар. Муну төмөндөгү фактылар далилдейт: Жусуп Баласагуни ягманын беги (ханы эмес) жөнүндө бекеринен эске салбайт. Махмуд Кашгари уруулардын тилдерин эки топко бөлөт. Алардын бирине огуздардын тили, экинчисине чигил жана түрк (б.а. хакан) тили кирет. Махмуд Кашгаринин лексикалык маалыматтары боюнча ягманын тили огуздар таандык болгон топко кирген. Автор ягманын, тухсинин, кыпчактын, ябакунун, татарлардын, кай, жумулдун жана огуздардын тилдери бири-бирине абдан жакындыгын жана заль тамгасын алар йа менен алмаштырышканын, огуз, кыпчак, ягма тилдеринде «азыг» деген соз «азык» деген маанини берээрин белгилейт. Махмуд Кашгари «биздин аталарыбыз — эмирди *хамир* деп аташкан, анткени гуздар эмир дегенди айта албайт» — деп жазат. Мындан огуздар таандык болгон топко кирген ягма уруусунун түрк диалекти Караханилер династиясынын өкүлдөрүнүн тили болушу мүмкүн эмес деп болжоого болот.

Караханилер кагандыгын түзүүдө бир кыйла роль ойногон дагы бир уруу түргөштөр болуп саналат. «Худуд ал-аалам» чыгармасынын автору жана Гардизи (XI к.) аларды: тухси жана

аз деп эки топко бөлүшөт. В.М.Минорский Гардизинин маалыматтарын талдап чыгып, тухси менен аздарды Иле Ала-Тоосунун Кастек ашуусунун батышыраак тарабында жашаган деген корутундуга келет, бирок аларды картада Күрдай ашуусунун батышыраак жагына жайгаштырат. Махмуд Кашгари тухсини түрк уруусу деп атап, аларды башка элдер менен катар Иле дарыясынын өрөөнүндө жашап турган деп эсептейт. Жазма булактарда түргөш урууларынын Караханилер династиясынын жортуулдарына катышкандыгы жөнүндө маалыматтар жок. Бирок тухси менен аздардын ээлеп турган аймактарына караганда алар X–XI кк. Караханилер мамлекетинин тарыхый окуяларына катыша алмак.

Жети-Сууда батыш түрк, түргөш жана карлук каганактарынын бийлиги астында согдулуктар да жашаган. Алардын Согдудан бул крайга ооп келиши V к. эле башталган, бирок көпчүлүк калкы VI–VII кк. көчүп келишкен. Кийинчерээк согдулуктар негизинен түргөш жана карлук уруулары менен аралашып кеткен.

Чигилдер X к. Борбордук Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун калкынын басымдуу бөлүктөрүнүн бирин түзгөн. Алар Караханилер кагандыгынын курамында чечүүчү ролду ойногон. Жазма булактарда чигилдердин Борбордук Теңир-Тоодо жана Жети-Сууда жайгашып тургандыгы жөнүндө бир нече маалыматтар бар. «Худуд ал-аалам» чыгармасынын автору алардын аймагында Сикуль (Ысык-Көл) шаарын эскерет.

В.В.Бартольддун божомолдоолорунун бири — Караханилер династиясынын чигилдерден чыккандыгы жөнүндөгү пикири чыгыш авторлорунун маалыматтарына негизденет, ал маалыматтар боюнча чигилдер Ысык-Көлдө жана Иле өрөөнүндө жашашкан. Кийинчерээк алар Караханилердин аскердик күчүн түзүшкөн. XI кылымда «чигил» деген ат түрк элдеринин көпчүлүк бөлүгүнө колдонулган. Мындан тышкары, огуздар Аму-Дарыянын чыгышында жашаган бардык түрктөрдү чигилдер деп аташкандыгы белгилүү. В.В.Бартольддун бул божомолун төмөндөгү аз белгилүү болгон тарыхый фактылар менен коштоого болот.

Орто Азияда Караханилердин жана Газневилердин династияларынын жогорулашынын жаңа атаандаштыгынын замандашы Фирдоусинин поэмасында чигилдер бир канча жолу эске алынат. Эки мисал келтирели:

«Падыша Гурсарага жасоолдор алып келгенде,
Чигилдик түрктөр корккончу калтырашты».

«Аскер башы Карахан, төртүнчү уулу атасына келди
(б.а. Афрасиабга)
ага (атасы) согуш майданына татыктуу
түрк-чигилдин отуз миң аскерин,
(Ошондой эле) тараздык, огуздук
жана халлухтук атчандарды, машыккан
отуз миң атчандарды берди»[1].

Фирдоуси бул жерде чигилдерди, карлуктарды жана огуз-түркмөндөрдү легендарлуу Афрасиабдын жоокерлери деп атап, байыркы мезгилдин эпикалык окуяларын өзү жашап турган доорго таандык кылып жиберген. Маселен, «түркмөн» деген термин жазма булакта X кылымда (Чүй өрөөнүндө) биринчи жолу эске алынат. Фирдоусинин келтирилген ырында Караханга берилген аскерлердин жарымы чигилдерден турганы, ал эми экинчи бөлүгү бир канча уруулардын — огуздардын, карлуктардын жана Тараз шаарынын калкынын өкүлдөрүнөн тургандыгы өзгөчө кызыгууну туудурат. Демек, чигилдер бул ханзааданын аскерлеринин негизги уюткусун түзгөн. Эгер Фирдоусинин чигилдер жөнүндө бул маалыматтары автордун мезгилине таандык болсо, анда чигилдер Караханилик кагандардын аскердик таянычы болууга тийиш.

Фирдоусинин экинчи бир маалыматын Караханилер династиясынын чигилдерден келип чыккандыгынын пайдасына эң конкреттүү далил деп атоого болот. Ирандык жана турандык (б.а. түрктүк) өкүмдарлардын аскерлеринин салгылашуусун сүрөттөп, ал мындай деп жазган:

«Ал (Гоштасп, ирандык аким — Ө.К.) такка отуруп,
Туран падышасы (Эржас — О.К.) менен болгон
салгылашуу жөнүндө ой жүгүрттү»[2].

Бул ырдын түп нускасында «туран» деген сөздүн ордунда «чигил» деген сөз турат[3]. Бул кокусунан эмес чыгар. Ал согуш жөнүндө ырдын жогоруда келтирилген жана бир катар башка саптарын саманилик акын Дакики жазган, аны Фирдоуси «Шахнаамага» киргизген (Дакики 980-жыл ченде өлтүрүлгөн). Бул убакта Борбордук Теңир-Тоодо Караханилер кагандыгы

---

[1] Фирдоуси. Шахнаме, кн. 2./ перев. с перс. (фарси) В. Державина и С. Липкина. — М., 1964. — С. 396.

[2] Фирдоуси. Шахнаме. Т. IV. Перев. с фарси. Ц. Б. Бану-Лахути. — М., 1969. С. 89.

[3] Ошонун эле өзүндө. — С.418.

түзүлүп, анын согуштук ийгиликтери Саманилер сарайына белгилүү болгон. Мына ушуга байланыштуу Дакики байыркы эпикалык окуяларды баяндоодо Караханилердин турмушунан өзүнө замандаш фактыларды пайдаланып, чигилдерден чыккан бийлик башчыларын легендарлуу Афрасиабдын тукумдары менен байланыштырышы толук ыктымал.

Караханилердин мамлекетинин борборлорунун бири Баласагун Куз-Орду деп да жана Куз-Улуш деп да аталган. Махмуд Кашкари жазгандай, Улуш чигилдердин тилинде кыштак дегенди билдиргендиги кызык. Каганга же эмирлерге кимдир бирөө келгенде чигил тилинде «ал-тегиди» деп айтышканы кокусунан эмес, ошол эле тилде так, такты «шин», кагандын буйругу «ярлыг» деп айтылган.

Караханилердин доорунда чигил тили көп сандаган түрк диалектилерин бириктирген тилдин ролун аткарган деген С.М.Муталибовдун пикирине кошулуугa болот. Бул маселе боюнча Э.Р.Тенишев Махмуд Кашгари тилдерди салыштырганда чигилдердин тилин негиз кылып алган деп жазат.

Жогоруда саналган уруулардан же алардын тайпаларынан башка да Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун ар түрдүү райондорунда огуз-түркмөндөр, кыпчактар, каңлылар, кенжектер, аргулар, якабулар жана кыргыздар жашашкан, алар Караханилер мамлекетинин курамында экинчи даражадагы ролду ойношкон.

«Караханилер» деген терминди илимге В.В.Григорьев бул династиянын кагандарынын ичинен исламды биринчи болуп кабыл алган Сатук Абд ал-Керим Кара хандын титулу боюнча киргизген. *Кара хан* же *кара хакан* деген титулду кийин бул династиянын көп окулдоруу алып жүргөн. «Кара» термини түрк тилдеринде эл, калайык калк деген маанини, ал эми «карабаш» — кул, малай деген маанини берген. Бул терминдердин антоними, элдердин ханы деген маани деген «кара хан» жана «кара хакан» деген аталыш болушу мүмкүн.

Бул династиянын (аны менен бирге алар түзгөн мамлекеттин) «илек хандар» деген башка бир аты биринчи жолу илимге европалык нумизматтар К.И.Торнберг менен Б.А.Дорн көптөгөн караханилик өкүмдарлардын титулдарынын негизинде киргизишкен. Мусулман жазма булактарында жана ошол мезгилдеги жазууларда жолуккан бул терминдин биринчи бөлүгүн окумуштуулар «илик», «илек» (илак) жана «елик» дешип ар түрдүү чечмелешкен. Бул династиянын атынын үчүнчү варианты, «елик» Юсуф Баласагунинин «Кутадгу билиг» («Куттуу билим»)

поэмасын изилдөөнүн натыйжасында илимий адабиятта пайда болгон. Бул жөнүндө В.В.Радлов аталган поэмада бул сөздүн жазылышы боюнча башка аттардын ордуна Караханилерди элик хандар дегенибиз туура болор эле деп жазат. Жусуп Баласагуни өзүнүн поэмасын караханилик каганга тартуулагандыгы белгилүү, ошондуктан ал бул династиянын «элик» деген титулду алып жүргөн өкүлдөрү менен тааныш болушу мүмкүн. Айбанаттардын «бугра» (эки өркөчтүү буура) менен «арсланды» (арстан) «хан» деген термин менен айкалыштыруу караханилик өкүмдарлардын көп таркалган жана ардактуу титулдары болуп саналган.

«Тегин», «тигин» же «текин» деген термин Караханилер династиясынын ханзаадаларынын эң белгилүү титулдары болгон, ал эми «ука тэг» деген сөз хандардын кенже уулдарын билдирген.

§ 2. Караханилер кагандыгынын түзүлүшү жана анын саясий жактан жогорулашынын башталышы. Бухарага биринчи жана экинчи жортуулдар.

Караханилер мамлекетинин түзүлүшү жана алгачкы саясий ийгиликтери көп жагынан Караханилердин жана Борбордук Теңир-Тоонун калкынын ислам динин кабыл алышы менен шартталган. Караханилик кагандардын ичинен биринчи болуп исламды Сатук Буура хан Абд ал-Керим кабыл алгандыгы белгилүү. Бул жөнүндө эң алгачкы кабарлар Ибн ал-Асир (XIII к.) жана Жамал Каршинин (XIII к.) чыгармаларында келтирилген. Уламышка караганда Сатук 944-жылы туулуп, 1037–38-жылы, 96 жаш курагында каза болгон. Ал эми Каршинин маалыматы боюнча Сатук 955–56-жылдарда өлгөн, кийинки маалымат тарыхый чындыкка жакын. Анын сөөгү Артуч (азыркы Артыш, Кашкардан түндүк-чыгышта 60 км.) кыштагына коюлган.

Сатук Буура хандын ата-теги жөнүндө Карши төмөнкүчө кабарлайт. Сатук Буура хандын чоң атасынын ысмы Билге Кадыр хан болгон, анын Базир Арслан хан (Сатуктун атасы) жана Огулчак Кадыр хан деген эки уулу бар экен. Эки уулунун биринчисинин акимдик ишмердиги жөнүндө Каршиде маалымат жок. Огулчак Кадыр ханга чоң аңгеме арналган, ал түрктөрдүн аймактарын башкаруу дал ошого өткөндүгү тууралуу маалыматтан башталат. Огулчак хандын ордосу Кашкар шаары болгон.

Каршинин маалыматы боюнча Сатук өзүнүн аталаш агасы Огулчак хандын ордосунда жашап, тарбияланган. 25 жаш курагында ал элүүдөй жан-жөкөрү менен жашыруун ислам динине өтүп, Кашкардан түндүккө качат, андан кийин аталаш агасынын бийлигин тартып алат. Ал жөнүндө башка маалыматтар жок. Каршинин жазганы боюнча Сатуктун Муса (түркчө ысмы Байташ) жана Сулайман деген эки уулу болгон. Жазма булактарда да алардын инимердиктери жөнүндө эч кандай маалымат жок. Каршинин кабары боюнча, Сулаймандын уулу Али 998-жылы март-апрель айларынын акырында каза болгон жана сөөгү Кашкарга коюлган. Ошол эле автор аны шейит жана харик (өрттөлгөн) деп атайт. Бул эпитеттер Али «капырларга» каршы согуштардын биринде каза тапкандыгын күбөлөйт.

Караханилердин Хотан менен Жаркенттин көпкө чейин өздөрүнө баш ийдире албагандыгы Буура хан жөнүндөгү уламышта чагылдырылган. Өздөрүнүн түштүктөгү коңшуларынын айыгышкан каршылыгына туш келип, Караханилер күчтөрүн түндүктө сынап көрмөй болушкан. Алар карлук кагандыгынын борбору болгон Баласагунду эч кыйынчылыксыз эле ээлеп алышат. Бул шаарды өздөрүнүн байтактыларынын бири деп жарыялашып, Кыргызстандын түндүк болүгүнө бекемделип алгандан кийин, Караханилер түндүк-чыгыш райондорго жыла башташат. Махмуд Кашкаринин «Сөздүгүндө» алардын Жети-Сууну жеңип алгандыгы жөнүндө баяндаган айрым фактылар корсөтүлгөн.

Ошол эле автордун ырларынын биринде Караханилердин огрaктар менен салгылашуусу жөнүндө айтылган:

«Кызыл байрак желбиреп,
кара чаң каптады,
Ограк (уруусу) жетип келип,
алар менен салгылашта
биз кармалып калдык»[1].

Ошол учурда Иле өрөөнүндө басмылдар жашашкан. Алар ябаку жана жумулдар менен бирдикте Караханилерге каршы согуш жүргүзүшкөн. Бул жөнүндө Махмуд Кашгари мындай деп жазат:

«Басмылдар бегин өрттөйбүз,
Чогулсун улан-жигиттер.
Басмылдар колун курашып,
Баары келип топтолуп.

---

[1] *Стеблева И. В.* К анализу типа повествования в поэтических текстах из «Диван лугат ат-турк» Махмуда Кашгари. Л., 1976, с. 323.

Барышты Арслан алдына
Корккондон башы айланып»[1].

Караханилер түндүктө йемектер уруусу менен күрөш жүргүзүшкөн. Йемектердин Караханилерге каршы согушка даярданганды-гы тууралу Махмуд Кашгариден окуйбуз:

«Эртиштик (Иртыштык) йемектер
Жеңдерин өйдө түрүнүп,
Жүрөксүбөй, тартынбай,
Кол салганы жатышпат».[2]

Түндүк-чыгышта Караханилердин душманы жумулдар (же чумулдар) болгон, алар башкалар менен бирдикте Караханилерге каршы күрөшкөн. Бул жөнүндө Махмуд Кашгари мындай деп жазат:

«Алар (б.а. Караханилердин душмандарынын
союздаштары)
кат жүзүндө келишим түзүп жана
катуу ант беришип,
хандан (ябакудан, союздаштарды башкы
уюштуруучудан)
жардам (колдоо) сурашат,
Басмылдар (менен) жумулдар чогулушууда»[3].

Караханилердин түндүк-чыгыштагы башка душманы ябаку уруусу болгон. Махмуд Кашгари Арслан-тегиндин жетекчилиги астында мусулмандардын армиясы Бука-Будраждын кол алдындагы ябакунун колун жеңгендиги жөнүндө жазат. Ошол эле автордун «Сөздүгүндө» ябаку менен Караханилердин ортосундагы салгылашууларга арналган көп ырлар бар:

«Будрачтын каары келип,
Өз баатырларын чогултту.
Кайрадан колун буруп,
Кол салууга камынды.
... Ал (душман) Эртишти кечип өткүсү келди,
Бирок, душман колго түшүп берди.
Күнөөсүн сезип, уялып,
Озун өзү жемеледи»[4].

---

[1] *Стеблева И. В.* Развитие тюркских поэтических форм в XI в. М., 1971. — С. 249, 253.
[2] Ошонун өзүндө. — С. 249, 253.
[3] Ошонун өзүндө. — С. 249, 253.
[4] Ошонун өзүндө. — С. 248, 249, 251.

Караханилер чыгышта уйгурлар менен согушкан, муну Махмуддун төмөнкү сапгары ырастайт:

«Кайыкка отуруп,
Биз Илени сүзүп өттүк.
Уйгурларга бет алып
Мынглак жерин басып алдык,
Биз аларга түнкүсүн кол салдык»[1].

Ислам динине өткөнгө чейин Борбордук Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун калкы манихейчиликти, буддизмди, христиан динин тутуп келген, ал эми көчмөн уруулардын идеологиясында болсо ислам таркагандан кийин да шаманизм бир кыйла олуттуу роль ойной берген. Албетте, жаңы динди Караханилер күч менен таркаткан. Мында алар өздөрүнүн жортуулдарын дин үчүн «газават» деген ураан менен акташкан жана башка диндерге каршы күрөшкөн. Бул жөнүндө Махмуд Кашгари мындай деп жазат:

«Биз аларды (уйгурларды) селдей кантадык,
Шаарларга кирип барып,
Будда ыбаадатканаларын талкаладык»[2].

Махмуд Кашгаринин «Сөздүгүндө» чыгышта ислам таркаган аймактардын чектери жөнүндө айрым фактылар бар. Ал Усма-Тарим дарыясы мусулмандардын шаарлары тарапган уйгурлардын жерин көздөй агат, ал эми уйгурлардын жеринин батыш чек арасында Жылдыз көлү, Тарим деген жер, Куми-Талас жери жана шаары бар деп жазат. (Куми-Талас шаары Жети-Суунун аймагында болгон.)


Махмуд Кашгаринин маалыматтарынын негизинде Караханилер кагандыгынын чыгыш чек арасын аныктоого болот. Караханилердин ээликтери түндүк-чыгышта Балкаш, Сасык-Көл жана Ала-Колдон ары чыккан эмес. В.В.Бартольддун пикири боюнча Чугучак деген жер «XII кылымда XI кылымдагыдай эле исламдын таасиринен тышкары кала берген». Түштүк-чыгышта Караханилердин ээликтери Черченге чейин созулуп жаткан. Бул жерлерди Караханилер негизинен X к. экинчи жарымында, ал эми кээ бир аймактарды, өзгөчө түштүк-чыгыш райондорду XI к. биринчи чейрегинде ээлеп алган. Борбордук Теңир-Тоодо жана Жети-Сууда бекемдешип алгандан кийин Караханилер батышты көздөй умтулган.

---

[1] *Стеблева И. В.* Развитие тюркских поэтических форм в XI в. — М., 1971. — С. 247.

[2] Ошонун өзүндө. С. 247.

КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАНА АГА ЧЕКТЕШ РАЙОНДОРДУН АЙМАГЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТЕР (IX–XII кк.)



Жазма булактарда Караханилердин Фергананы жеңип алган мезгили жөнүндө маалыматтар жок. Бирок Караханилик каганды (Элик Насрдын) 990-жылы Ферганада чыгарган эки тыйыны белгилүү. Демек, бул край Караханилер династиясы тарабынан алардын Мавераннахрга биринчи жортуулунан мурда басып алынган.

Бул убакта Саманилердин мамлекети терең кризиске учурап турган. Түрк тегиндеги ири феодалдар Абу Али менен Фаик саманилик эмир Нух II ибн Мансурдун (976–997-жж.) бийлигин таанышкан эмес. Алар Харун Буура ханды Бухарага кол салып, Саманилердин ээликтерин болүп алууга чакырышкан.

992-жылы Харун Буура хан «улуу кол» менен Бухарага бет алат. Харженгенин (Керминдин батышында) алдында талкаланып, Нух II Бухараны таштап, Аму-Дарыяны кечип, Амулга өтөт. Харун эч каршылыксыз Саманилердин борборун ээлейт, бирок көп убакыт өтпөй ооруп калат да, кайра кайтууга аргасыз болот. Кыязы, Караханилердин Жети-Сууга тез кайтышына Харундун оорусу гана эмес, аларга жергиликтүү калктын кастык мамилеси да себеп болсо керек. Харун Бухараны таштап кеткенде шаардыктар анын аскерлерин куугунтуктап, артта калгандарын өлтүрүшүп, алардын мүлкүн талап-тоноп алышкан. 992-жылы 12-августта Нух II борборго кайтып келет. Харун болсо 992-жылы Кочкор-Башы деген жерде каза болот. Ошентип Караханилердин Мавераннахрга жасаган биринчи жортуулу ийгиликсиз аяктаган.

Саманилер династиясынын акыркы жылдарында сарайдагы төрөлөрдүн ортосундагы күрөш өзүнүн акыркы чегине чейин жеткен. Алардын араздашууларынын натыйжасында саманилик эмир Мансур ибн Нух (997–999-жж.) 999-жылы февралдын башы менде тактан кулатылып, анын көзүн сокур кылып салышкан. Элик Насир эмир Мансурду коргоо шылтоосу менен Саманилер династиясын жок кылууга бел байлайт. Ал 999-жылы 10-октябрда Бухараны ээлейт. Акыркы саманилик эмир Абд ал-Малик ибн Нух туткунга алынып, Озгөнгө жөнөтүлөт. Элик Насир бир канча убакыт саманилердин борборунда жашап, анан Озгөнгө кайтып келет. Ал Бухарага өзүнүн акими Жафар-тегинди, ал эми Самарканга — Тегин-ханды кошуундары менен калтырган.

Нух II нин уулдарынын бири Абу Ибрахим Исмаил Өзгөндөгү камактан качып кетет. Ал Хорезмге жетип, аскер чогултуп, Караханилерге согуш жарыялап, Самаркан менен Бухараны кайра жеңип алууга жетишет, бул үчүн ага «мунтасир» («жеңиш-

чил») деген титул берилет. Элик Насир көп сандаган аскерлери менен Өзгөндөн Мунтасирге каршы жөнөйт. Мунтасир өзүнүн мүмкүнчүлүгүн туура баалап, Аму-Дарыянын ары жагына чегинет. Андан кийин Мунтасир үч жолу Мавераннахрга кайтып келип, 1005-жылы курман болгонго чейин Караханилерге каршы ийгиликсиз күрөш жүргүзгөн.

§ 3. Караханилер кагандыгы XI к. биринчи жарымында. Чыгыш жана Батыш Караханилер кагандыктары

Саманилик акыркы эмир Мунтасир менен күрөштү аяктап, Элик Насир эми Хорасанды басып алууга умтулат. Ал 1006-жылы Газневилик султан Махмуддун Индияга кеткендигинен пайдаланып, аскерлерин Аму-Дарыянын аркы өйүзүнө жиберет. Махмуд Караханилердин кол салуусу жөнүндө угуп, Индиядан шашылыш түрдө кайтып келет да, алардын кошуундарын талкалайт.

Бул жолу иши онунан чыкпаган соң Насир Хорасанга жаңы жортуулга даярданып, өзүнүн туушканы, Хотандын акими Юсуф Кадыр ханга (Караханилердин экинчи бутагынын өкүлүнө, Сатуктун небересине) жардамга кайрылат. Союздаштардын кырк миң аскери Балхка бет алат. 1008-жылдын башында Караханилердин жана Газневилердин аскерлери Балхтан алыс эмес жердеги талаадан беттешет. Согуш пилдеринин чабуулунун натыйжасында султан Махмуд жеңип чыгат. Бул жеңилүүдөн кийин Караханилер Аму-Дарьянын ары жагындагы аймакты басып алууга аракет жасашкан эмес. 1024-жылы Насир ибн Али жана анын бир туугандары өлгөндөн кийин номиналдуу жогорку бийлик Караханилердин башка бир үй-бүлөсүнө — Буура хандын уулу Юсуф Кадыр ханга өткөн. Ал тыйындардагы маалыматтар боюнча 1005–06-жылдарда Кашкарды бийлеп турган.

Юсуф Кадыр хан Караханилер кагандыгынын номиналдуу башчысы болуп калгандан кийин аны менен газневилик Махмуддун ортосунда Караханилик Али-тегинге (Али б. Хасанга) каршы биргелешип күрөшүүнүн негизинде союздаштык мамилелер түзүлгөн. Бул убакта Мавераннахрда Али-тегиндин кадыр-баркы абдан жогорулап турган эле. В.В.Бартольд аталган союздаштардын өз ара мамилелерине, алардын Мавераннахрга жасаган жортуулуна жана сүйлөшүүлөрдүн аземине кең-кесири токтолгон. Жолугушуунун убагында кабыл алынган чечимдер

жана милдеттенмелер кийин аткарылган эмес. Юсуф Кадырхан менен Махмуддун Али-тегинге каршы жүрүшү ийгиликсиз аяктаган. Борбордук Мавераннахр кайрадан Али тегиндин колуна өтүп, ал анын бийлигин тааныбаган Дауд Чагыр бек менен Мухаммед Тогрул бек башчылык кылган селжук-түркмөндөрдү баш ийдирүүнү чечкен. Али-тегин оболу аларды алдап өзүнө келтирип, кармап алууга бир топ ийгиликсиз аракет кылган. Кийин селжук-түркмөндөрдүн башчыларынын ортосунда араздашууну туудуруу максатында Дауд менен Мухаммеддин аталаш иниси Юсуф ибн Мусаны кызматка чакырып, ага «инанчыбгу» деген титул ыйгарып, Мавераннахрдагы бардык өз уруулаштарынын башчылыгына дайындаган, бирок бул да Али-тегин күткөн натыйжаларды берген эмес. Ошондуктан ал өз эмири Алп-Карага Юсуфту өлтүрүүнү буюрган. Бул окуя алардын ортосунда согуштун башталышына себеп болгон. 1029-жылдын декабрында жана кийинки жылдын башында Дауд менен Мухаммеддин атчандары Али тегин менен Алп-Каранын аскерлерин талкалаган. Бирок Али тегин кайрадан көп сандаган аскер чогултуп, кийинки салгылашта селжук-түркмөндөрдү талкалайт. Түркмөндөр мекендеген жерлерин таштап, а дегенде Хорезмге, андан кийин Хорасанга ооп кетүүгө аргасыз болушкан.

Али-тегин өзүнүн өмүрүнүн акырына чейин Хутталанга гана эмес, Газневилердин чектеш жаткан башка аймактарына да ээ болууга аракет кылган. Газневилердин султаны Масуд ибн Махмуд Али тегинге каршы күрөштө өзүнүн тарабына Чыгыш Караханилердин өкүлдөрүн тартууга умтулган. Ал 1031-жылы такка отурары менен Кашкарга элчилерди жиберип, Юсуф Кадыр хан менен достук мамилелерди түзүүгө аракет кылган. Масуд Юсуф Кадыр ханды достукка чакырып, анын кызын өзүнө аялдыкка, ал эми анын уулунун кызын — өзүнүн уулу Маудудга аялдыкка сураган.

Султан Масуд Чыгыш Караханилик кагандардын жардамы менен Али-тегинди жок кылууга мүмкүн эместигине көзү жеткенден кийин өзүнүн вассалы, хорезмдик шах Алтунташты Мавераннахрга жортуул уюштурууга мажбурлоого чечим кылган. Газневилик сарай хорезмдик аскерлердин жолго чыккандыгы жөнүндө кабар алгандан кийин аларга жардамга он беш миң аскерин жиберген. Али-тегин алардын армиясы Аму-Дарыяны кечип өткөндүгү жөнүндө билген соң Бухараны таштап, Дабуси чебине (Бухарадан Самарканга бараткан жолдо) чегинген. Алтунташ Бухараны алып, Дабусиге карай бет алат да, ал жерде салгылашуу болот. Алтунташ согушта оор жарадар

болуп, дүйнөдөн кайткан. Бул салгылашууда газневилик-хорезмдик аскерлер кыйын абалда калышкандыктан, Алтунташтын вазири Али тегин менен шашылыш келишим түзөт.

Юсуф Кадыр хан дүйнөдөн кайткандан кийин анын улуу уулу Сулайман Арслан хан такка отурган (1032-жылы). Ибн ал-Асирдин жана Абул-Фиданын (XIII–XIV кк.) маалыматына караганда, 1043–44-жылдарда ал өзүнүн ээликтерин бир тууганларына жана тууган-туушкандарына бөлүштүрүп берип, алардын баш ийишине гана ыраазы болгон. Сулайман Баласагун менен Кашкарды өзүнө калтырып, бир тууганлары Буура хан Мухаммедге Таразды, Арслан тегинге Исфижабды, түрктөрдүн көп шаарларын, аталаш агасы Туган ханга — бүткүл Ферганаяны, ал эми Али тегиндин уулуна Бухараны, Самарканды жана башкаларды берген.

Ибрахим б. Насир Али тегиндин уулдарынын туткунунан качып чыгып, Өзгөнгө келгенден кийин 1037–38-жылдарда саясий аренага активдүү чыккан. А дегенде ал Бөрү тегин деген жөнөкөй титулду алып жүргөн. 1038-жылы газневилик Масуд менен достук мамилени түзүүгө аракет кылган. Андан кийин кумижийлерден кошуун чогултуп, Газневилердин Хутталан жана Вахш аймактарын талап-тоногон. Көп убакыт өтпөй ал аймакты таштап, кумижийлерге кайтып келүүгө аргасыз болгон. Масуд Бөрү тегинди биротоло жок кылмак болуп, ага каршы жортуулга өзү башчылык кылган, бирок селжуктардан чочулап кайра кайтууга аргасыз болгон. Бул абалдан Бөрү тегин өтө ийгиликтүү пайдаланып, анын жүктөрүн талап-тоноп, андан кийин Саганиан дубанын басып алган. Бөрү тегин хижранын 431-жылынын башы менде Али тегиндин уулдары менен ийгиликтүү салгылашкан; 1040-жылдын майында өзүнүн кошууну менен Денданакандын жанында селжук-түркмөндөрдүн газневилик аскерлерди талкалоосуна активдүү катышкан. Ал селжук-түркмөндөргө кошулган ар түрдүү элдерден түзүлгөн кошуунга өзү башчылык кылып, негизги салгылашуу башталганга чейин эле миң атчандар менен душманга кол салып, талкалап, алардын көп төөсүн айдап кеткен.

Бөрү тегин 1048-жылдарда селжук-түркмөндөрдүн жардамы менен Мавераннахрдын али басылып алына элек аймактарына өзүнүн бийлигин орнотуп, ал жактан Али-тегиндин уулдарын куулп чыккан. XI к. элүүнчү жылдарынын акырында Чыгыш Караханилердин кагандарынын өз ара чатактарынан пайдаланып, алардын бир катар аймактарын жана шаарларын (Шаш, Өзгөн ж.б.) тартып алган. Ибн ал-Асирдин кабарына караганда,

Ибрахим жетимиш жашында шал болуп, 1067–1068-жылы каза болгон. Тирүү кезинде эле ал өз уулу Шамс ал-Мүлк Насирдин пайдасына бийликтен баш тарткан, ага анын бир тууганы Шуайс каршы чыккан. Бир туугандардын ортосундагы бул күрөш алардын атасы өлгөн жылы Шамс ал-Мүлк Насирдин жеңиши менен аяктаган.

Чыгыш Караханилердин каганы Тогрул Кара хан эми Ибрахим ибн Насирдин уулдарынын өз ара чатагынан пайдаланып, мурунку ээликтерин (Ферганаңы, Шашты ж.б.) кайтарып алмак болгон. Ал 1069–70-жылдардын чегинде өзүнүн тууганы Буура хан менен бирдикте Батыш Караханилер менен согуш баштап, алардын бир катар ээликтерин тартып алган. Бирок тынчтык келишими түзүлүп, анын негизинде Чыгыш жана Батыш Караханилердин ортосундагы аралык чек Хожент болуп калган. Мына ушул убактан тартып Шаш менен Илак кайрадан Чыгыш Караханилердин мамлекетинин курамына кирип калгандыгын тыйындардагы маалыматтар ырастайт. 1070-жылдын башында Батыш жана Чыгыш Караханилердин кагандарынын ортосунда түзүлгөн келишимди мурда эле өзүнчө жашап турган эки караханилик кагандыктардын «мыйзам жагынан түзүлүшү» деп эсептөөгө болот.

Караханилик кагандар менен дин кызматчыларынын ортосундагы жаңжал Ибрахим ибн Насирдин убагында эле келип чыккан жана анын мурасчысы Шамс ал-Мүлктүн убагында да уланып, кийин анын небереси Ахмеддин тушунда өтө курчуп кетет. Дин кызматчылары селжуктардын кубаттуу султаны Мелик-шахка кайрылышат, ал 1089-жылы Бухара менен Самарканды басып алган. Ахмедди бийлигинен ажыратып, Исфаганга айдап жиберет, ал эми өзү Өзгөнгө жөнөйт, ал шаарга Мелик-шахтын талабы боюнча ага баш ийгендигин билдирүү үчүн Чыгыш караханилик аким келет, андан кийин Мелик-Шах Хорасанга кайтат. Бирок, Караханилердин кашкардык ханынын селжук султанына көз карандылыгы Мавераннахрдын акимине караганда формалдуу гана болгондугун белгилей кетүү керек.

Мелик-шах кеткенден көп убакыт өтпөй Самаркандагы чигилдердин аскер бөлүктөрү көтөрүлүш чыгарат. Көтөрүлүшчүлөрдүн башчысы Ат-Башыдан Чыгыш Караханилердин жогорку каганынын бир тууганы Якуб тегинди жардамга чакырат. Якуб тегин Самарканга келип, чигилдердин башчысы менен келише албай аны өлтүрүп салгандыктан, өзүнөн чигилдерди алыстатып алат. Мелик-шах аскерлери менен кайрадан Мавераннахрга жөнөйт, ал эми Якуб тегин Ат-Башыга качып кетет.

Мелик-шах Бухараны, Самаркандыны ээлеп, Өзгөнгө чейин жетет. Ал жактан Чыгыш Караханилер каганына Якуб тегинди карман берүү талабы менен элчилерди жиберет. Якуб тегиндин бир тууганы бир аз олку-солку болуп тургандан кийин Мелик-шахтан чоочулап, иниси кармап алып, султанга жиберет. Жогорку каган туткунду коштоп бараткан өзүнүн уулуна жолдо бараткында Якубду сокур кылып коюуга буйрук берет. Чептердин бирине келген ханзаада атасынын буйругун аткарууга даярданып жатканда, Барскандын акими Тогрул ибн Инал каганды туткунга алып, атасынын казынасын талап алгандыгы жөнүндө кабар менен чабарман келет. Мына ушуга байланыштуу ханзаада шашылыш түрдө кайра тартат, ал эми Якубду Мелик-шахка жөнөтөт. Селжук султаны ич ордунан чыкпасына шектенип жана өзүнүн тылынан чоочулап, Тогрул ибн Иналга каршы чыгууга батына алган эмес. Якубду бошотуп, аны Барскандын акимине каршы күрөш жүргүзүүгө буйрук берип, өзү Хорасанга кайтып келген.

1092–1093-жылы селжуктардын султаны белгисиз бир себептер менен Ахмедге тагын кайтарып берген. Бирок аны менен дин кызматчыларынын ортосундагы ыргылжың ого бетер күчөйт. Бул жолу дин кызматчылары жеңип чыгат; аскер башчыларынын жардамы менен Ахмед колго түшүрүлүп, ага динбезер деген айып коюшуп, 1095-жылдын башында ал өлүм жазасына өкүм кылынат.

XII к. башында Батыш Караханилердин каганы селжуктардын сарайында тарбияланган Мухаммед ибн Сулайман болгон. Өмүрүнүн акыркы жылдарында бул каган шал болуп калат, көп убакыт өтпөй ага каршы кутум уюштурулат. Бул окуяга селжуктардын султаны Санжар кийлигишкен. 1130-жылы эрте жазда узакка созулбаган камалоодон кийин Самарканды селжуктардын аскерлери алып, оорулуу Мухаммед Балхтагы өзүнүн кызына — Санжардын аялына жөнөтүлүп, ал жерде эки жылдан кийин каза болот.

В.В.Бартольд Мухаммед ибн Сулаймандан кийин Самаркандын тагына анын бир тууганы Ибрахим, андан кийин Караханилер династиясынын башка бир мүчөсү Абул-л-Маали ал-Хасан жана эң акырында Сулаймандын уулу Махмуд отурган деп жазат, анын кагандыгынын убагында Мавераннахрга кидандар каптап кирген.

Чыгыш караханилик каган Сулайман ибн Кадыр хан Юсуф 1032-жылы атасы өлгөндөн кийин такка отуруп, бирок эркин начар жана кудайчыл адам болгон, мындан анын бир тууганы

Тараздын акими Мухаммед пайдаланган. Чыгыш авторлорунун айткандары боюнча, 1056–1057-жылы ал Чыгыш Караханий тагын тартып алып, бир тууганын зынданга салып койгон. Мухаммед ибн Юсуф уулу Хусейн Жагры-тегинди өзүнүн мурасчысы деп жарыялайт. Бул кагандын жаш аялынын жинин келтирет, анткени анын бул аялынан да уулу бар болучу. Күйөөсүн уу берип өлтүрүп, анын туушкандарын, алардын ичинде мурдагы каган Сулайманды да өлтүрүүгө буйрук берет. Такка уулу Ибрахим ибн Мухаммед отурат. Ал энесинин талабы боюнча Барскандын акими Йинал-тегинге каршы жортуулга чыгат, бирок талкаланып, өзү өлтүрүлөт.

Чыгыш Караханилердин каганы, Кадыр хандын уулу Тогрул Кара хан жөнүндө 1069–1070-жылдардын чектеринде Мавераннахрга жасаган жортуулунан кийин 16 жыл бою Баласагунда падышалык кылып тургандыгы айтылган даректен башка эч нерсе белгисиз. В.В.Бартольд Тогрул хандын мурасчысы Тогрул тегин эки ай гана башкарып, андан кийин 29 жыл бою тактыны Буура хан (1101–1103-жылы өлгөн) ээлеп турган деп жазат.

§ 4. Кидандардын каптап кириши. Караханилердин кидандарга жана хорезмшахтарга каршы күрөшү

1125-жылы чжурчжендер иш жүзүндө кидандардын империясын талкалаган соң, кидан урууларынын бир бөлүгү башкаруучу династиянын мүчөсү Елүй Дашынын башчылыгы менен батышты көздөй жылган. Жазма булактарда кидандардын басып өткөн жолу, алардын Караханилердин чыгыш чек арасына келишинин мезгили жөнүндөгү маалыматтар карама-каршы. Ибн ал-Асирдин айткандарына караганда, 1128-жылы башында гурхан (кидандардын акиминин титулу) турган кидандар Кашкардын чек арасына келишкен. Бирок Чыгыш Караханилердин каганы Ахмед ибн Хасандын аскерлери тарабынан талкаланган. Жувейнинин (XIII к.) маалыматы боюнча көп сандаган кидандар, башка бир булак боюнча башында кандайдыр бир гурхан турган 80 адам, кыргыздардын ээликтеринин чек арасына келип, аларга кол салган. Бирок алар катуу каршылыкка тушугуп, Эмилге кетишет да, кийин Баласагун шаарын ээлеп алганга чейин ошо жерде туруп калышат.

Башка бир чыгыш авторунун маалыматы боюнча Елүй Дашы анча көп эмес аскерлери менен чжурчжендерден качып,

Орхондо Хотун чебинде жоокер-ардагерлерден 20 миң аскер чогултуп жана аларды кидан качкындарынын эсебинен толуктап Бейтинге (Беш-Балыкка) келген. Бул жерде жети дубандын жана 18 уруунун эсебинен дагы 10 миң атчан аскерден турган кол куран, өзүн *гурхан* деп жарыялайт.

1130–1131-жылдардын ортосунда чжурчжен сарайына Елүй Дашынын Чыгыш Түркстандагы Хэчжоу (Гаочан) районуна келгендиги белгилүү болгон. Бул маалыматтар боюнча, кидандардын бир бөлүгү 1130-жылдын башы менде Уйгурстан аркылуу өтүп, Эмил дарыясынын берекелүү өрөөнүнө келишет. Бул жерде Елүй Дашы бир нече жыл болуп, ага көп сандаган түрктөр кошулат да, анын букараларынын саны 40 миң түтүнгө жетет.

Ошол убакта Батыш, өзгөчө Чыгыш Караханилер каганды-гында борбордон четтөө күчтөрү көбөйөт. Жувейнинин дареги боюнча, карлуктар менен каңлылар Баласагун ханына баш ийбей калган. Ошондуктан ал хан кидандардын гурханына жардамга кайрылууга аргасыз болгон. Елүй Дашы мындан пайдаланып, Баласагунду ээлеп, андан кийин анын акимин жогорку титулдан ажыратып, ага «түрктөрдүн элиги» деген гана даражка берген. Гурхан Чыгыш кагандыгынын башка шаарларын жана жерлерин жеңип алуу максатында бир канча жортуулдарды уюштурган. А дегенде ал аскерлерин Кашкарга жиберип, ийгиликке жетишет. Ал убакта жогорку каган Ахмеддин мурасчы уулу Ибрахим эле. Карши (XIII к.) аны «диндин курманы» деп жазат. Демек, ал «капырларга» каршы согушта каза болгон.

Жувейнинин маалыматы боюнча, гурхан Кашкар менен Хотанды багындыргандан кийин «...кидандарга каршылык көрсөткөндүгү үчүн өч алуу максатында кыргыздардын жерине аскерлерин жиберип, Беш-Балыкты басып алган». Мына ушул фактынын негизинде В.В.Бартольд Чыгыш Түркстанда, уйгурлардын аймагында болуп жаткан окуяларга эне-сайлык кыргыздар катышкан деген божомолго келет. Жувейни кыргыздар Беш-Балык шаарынын айланасында жана Чыгыш Теңир-Тоонун түндүгүрөөк жагында жайгашкандыгын бекеринен белгилебейт. Чыгыштын тарыхчы-географтарынын маалыматтары боюнча, Караханилер мамлекети жашап турган мезгилде кыргыздардын бир бөлүгү Теңир-Тоодо жашашкан. Ал жөнүндө бир нече фактыны келтирели. «Худуд ал-ааламдын» автору кыргыздарды чигилдердин түндүгүрөөк жагына жайгаштырат. Ушул эле чыгармада кыргыздар менен карлуктардын аймактарынын ортосунда чигилдер менен түрктөр жашайт деп айтылган.

«Пенчул (б.а. Үч-Турпан),— деп жазат «Худуд ал-ааламдын» автору,— карлуктар өлкөсүндө жайгашкан, бирок мурда ал тогуз-огуздардын атынан башкарылган, азыр аны кыргыздар ээлеп алышты». Саякатчы Ван Яньдэ X к. акырында Чыгыш Теңир-Тоодогу, гоачандык уйгурлардын бийлиги астындагы уруулардын арасындагы кыргыздар жөнүндө кабарлайт. Чыгыш жылнаамаларында 842–843-жылдарда кыргыздар Ансини (Кучаны), Бейтинди (Беш-Балыкты), да-да жана башка беш дубанды каратып алгандыгы жөнүндө маалыматтар бар.

Кидандар Чыгыш Караханилердин ээликтерин каратып алгандан кийин 1137-жылдын ортосунда Хоженттин жанында Мавераннахрдын ханы Махмуддун аскерлерине кыйраткыч сокку урушкан. Бирок Батыш Караханилердин жерлерин биротоло жеңип алуу үчүн бул ийгиликтен алар пайдаланышкан эмес, жеңилгендердин артынан түшпостон, Чүй өрөөнүнө кайтып келишкен.

XI к. кыркынчы жылдарынын башында Батыш Караханилердин каганы менен карлук башчыларынын ортосунда жанжал келип чыккан. Карлуктар кидандык гурханга, ал эми Махмуд ибн Мухаммед — озүнүн сюзерени селжук султаны Санжарга жардам сурап кайрылышкан. 1141-жылы 9-сентябрда Катван талаасында (Самарканга жакын) кандуу салгылашуу болуп, ал кидандык аскерлердин Махмуд менен Санжардын бириккен күчтөрүн жеңиши менен аяктайт. Махмуд менен Санжар Термезге качып кетишет. Кидандар Самаркан менен Бухараны басып алат. XII к. экинчи жарымында кидандар Термез менен Балхты да ээлейт. Ушуну менен алардын батышты көздөй жылуусу токтойт.

Кидандар жеңип алган дубандардын, шаарлардын же аларга салык төлөп тургандардын көз карандылык даражасы бирдей болгон эмес. В.В.Бартольддун пикири боюнча, Караханилердин Баласагундагы бийлиги жок кылынып, ал жерде гурхан Елүй Дашы өзү акимдик кылган. Ал кидандардын негизги болугу жайгашып турган Чүй, Талас, Кочкор, Суусамыр, Чаткал өрөөндөрүн жана Ысык-Көл ойдуңун түздөн-түз бийлеген болушу мүмкүн.

Жиктелүүчүлүктөн чоочулаган Елүй Дашы жакындарына бийлик берген эмес жана эмирлердин карамагына жүздөн ашпаган атчан аскерди гана берген.

Кидандар жеңип алган жогоруда көрсөтүлгөн дубандардан башка бардык аймактарда бийликте мурункулары кала берген же жаңы жергиликтүү акимдер дайындалган. Ибн ал-Асирдин

маалыматына караганда, «падышалардын ар бири баш ийгендигин билдирген өзүнчө бир күмүш тактаны көкүрөгүнө тагынып жүргөн». Кидандардын гурхандары жеңип алынган же баш ийген ээликтердин ички иштерине кийлигишкен эмес, ар бир түтүндөн салык алуу менен чектелген. Алар Караханилердин ээликтериндеги бытырандылыкты, алардын башкаруучуларынын атаандаштыгын жана бири-бирине көз каранды эместигин ар түрлүү чаралар менен кубатташкан.

Бухарадагы чыныгы бийлик «садр» («диндин тиреги») деген диний титулду алып жүргөн «Бурхандын үй-бүлөсүнүн» өкүлүнүн колунда кала берген. Елүй Дашы Самаркандын тагына Катван салгылашуусунан кийин Санжар менен бирге Термезге качып кеткен Махмуддун бир тууганы Ибрахим ибн Мухамедди отургузган. Ибн ал-Асирдин маалыматы боюнча, Ибрахим алсыз башкаруучу болгон, карлуктар аны жаман жорук-жосундары үчүн айыпташкан. 1155–1156-жылы ал карлуктар тарабынан Бухаранын алдындагы Келлябад деген жерде өлтүрүлгөн. Өзгөндө кидандардан вассалдык бийликти кабыл алган биринчи башкаруучу Караханилердин өкүлү Хусейн ибн Хасан болгон. Кийинчерээк Самарканды жана Өзгөндү анын тукумдары же Караханилер династиясынын башка мүчөлөрү башкарышкан.

XII к. биринчи жарымында Өзгөн менен кошо Фергана жана Самаркан менен кошо Мавераннахр Караханилер династиясынын өкүлдөрүнүн колунда болгон. Самаркандык хан мурдагыдай эле Батыш кагандыгынын жогорку каганы деп эсептелген, бирок бул титулдардын салыштырмалуу «баасында» гана чагылдырылган, анткени Ферганада тыйын чыгаруу самаркандык падышанын аты сюзерен катарында да жазылбастан жүзөгө ашырылган.

XIII к. башында Орто Азияда ири окуялар болуп өтөт. 1205-жылдан кийин Хорезмдин шахы Мухаммед ибн Текеш гурханга салык төлөөдөн баш тартып, Батыш Караханилер кагандыгын каратып алуу үчүн күрөшкө чыккан. Бул окуялар жөнүндө Жувейни мындай деп жазган: өзүнүн согуштук ийгиликтерине манчыркап кеткен Хорезмдин шахы эки-үч жыл бою кидандарга салыгын төлөбөй койгон, гурхан элчиси аркылуу тийиштүү салык карыздарын төлөп берүүнү талап кылган, бул талап аткарылган. Бирок Хорезмдин шахы Мавераннахрга бет алып, андан кийин самаркандык хан Осмон ибн Ибрахим менен бирге чыгышка жортуулга чыккан. Тараздын (азыркы Жамбул) жанында алар кидандардын аскерлери менен жолугушуп, айы-

гышкан салгылашуудан кийин эки тарап тең чегинүүгө аргасыз болушат, кайра келаткан жолдо гурхандын жоокерлери өз ээликтерин талап-тоношот, алар Баласагунга келгенде шаардыктар дарбазаларын жаап алышат. Кидандар он алты күндүк курчоодон кийин шаарды алышкан.

В.В.Бартольд жазгандай, андан бир аз мурда Караханилердин ээликтеринин чыгыш бөлүгүндө салык жыйноочулардын зордук-зомбулугунун күчөшүнөн жана мусулмандардын христиандардын ийгиликтерине каршы диндик кыжырданууларынан улам калктын арасында дүүлүгүү пайда болот. Кыймыл хотандык акимдин көтөрүлүшүнөн башталган.

1208-жылы Эртиш дарыясынын боюнда Чыңгыз хан талкалаган меркиттер менен наймандардын аскерлеринин калдыгы Чыгыш Теңир-Тоого жана Жети-Сууга көчүп келишкен. Наймандардын жетекчиси Күчлүк гурханга кызматка өтөт да, көп убакыт өтпөй ал гурхандын уруксаты менен кидандарга каршы көтөрүлүштөрдү басуу үчүн уруулаштарын жана башка көчмөндөрдү чогултат. Бирок, Күчлүк кидандардын ээликтеринин түндүк-чыгыш бөлүгүндөгү тартипсиздиктерге каршы эч кандай чара көргөн эмес, тескерисинче гурхандын тагын тартып алууга умтулган.

Күчлүк Жети-Сууга жайгашып алып, кидандык ээликтердин айрым аймактарына каракчылык жортуулдарды жасап турган. Мына ушуга байланыштуу кидандардын гурханы вассалдык башкаруучулардан, анын ичинде Самаркандын акими Осмон ибн Ибрахимден жардам талап кылган. Мындан бир аз мурда гурхан Осмон ибн Ибрахимге кызын аялдыкка бергүдөй болучу. Ошондуктан Осмон хорезм-шахтын тарабына ачык өтүп, өзүн анын вассалы деп жарыялайт. Буга жооп катары гурхан Самарканга отуз миңдик аскер кошуунун жиберет, бирок Күчлүк согуштук ийгиликтерге жетишип жаткандыктан кидандык аскерлер кайра чакырылып алынат.

1210-жылы Тараздын жанында кидандар менен салгылашкандан кийин хорезмшах султан Осмонду коштоп алып Мавераннахрга кайтып келген. Ошол убакта Мухаммед ибн Текеш Батыш Караханилер каганды гынын үстүнөн өзүнүн сюзеренитетин орноткон. Мухаммеддин вассалы катары Осмондун 1209–1210-жылдарда чыгарган тыйындары бизге белгилүү.

Осмон Хорезмде өзүнүн сюзеренинин кызына үйлөнөт. Шахтын энеси Туркан-хатундун талабы боюнча жана түрк ырасымына ылайык ал кайнатасынын сарайында бир жылга калууга тийиш болучу. 1211-жылы жазында Мухаммед кидандарга

каршы жортуулду даярдоого байланыштуу аскерлери менен Самарканга келген. Шаардыктардын ага кас мамилесин сезип, шах Осмонду аялы менен кошо мөөнөтүнөн мурда коё берүүгө буйрук берген.

Ибн ал-Асирдин жазганына караганда, Осмон Самарканга хорезмдик аскер отрядынын коштоосу менен кайтып келет, ал аскерлер көп убакыт өтпөстөн ээн баштык кылышып, шаардыктардын жалпы нааразылыгын туудурган. Осмон 1212-жылы өзүнүн букараларынын колдоосу менен хорезмшахка каршы көтөрүлүш чыгарат. Көтөрүлүш жөнүндө кабарды алган соң, Мухаммед көп сандаган аскерлери менен Мавераннахрга жөнөп, Самарканды алып, аны үч күндүк талоонго дуушар кылат. Осмон өзүнүн аялы, хорезмшахтын кызынын талабы боюнча өлтүрүлүп, аны менен кошо анын бардык туугандары кырылат. Султан Мухаммед өзүнө жакпаган жергиликтүү акимдерди жана алардын чиновниктерин өз адамдары менен алмаштырган. Самарканда жана «бүткүл өлкөдө» (Караханилердин Батыш кагандыгында) хорезмшах дайындаган акимдер башкара баштады, — деп жазган ибн ал-Асир.

Кидандардын доорундагы Чыгыш Караханилер жөнүндө айрым фактылардан башка маалыматтар жок. Карши алардын акимдерин санап көрсөтөт. Анын маалыматтарына караганда, кидандардын биринчи вассалы жогоруда айтылган Ибрахим ибн Ахмеддин уулу Мухаммед болгон. Ал жана анын мурасчысы, 1205-жылдын февраль-мартында дүйнөдөн кайткан Абу-л-Музаффар Юсуф жөнүндө маалыматтар жок. Бирок Юсуфтун уулу Абу-л-Фатх Мухаммед, кыязы, кидандарга каршы көтөрүлүш чыгарган, бул үчүн ал зынданга салынган.

Ан-Нисавинин (XV к.) айтымы боюнча, Каялыктын жана Алмалыктын акими карлук Мамду хан Күчлүк менен келишим түзүп, аны гурханга каршы чыгууга тукура баштаган. Акыр аягында алар түштүккө бет алып, Кашкардын чегинде гурханды туткунга алышат, бирок гурхан формалдуу түрдө жогорку башкаруучу болуп эсептелгени менен бийлик чындыгында Күчлүктүн колуна өтөт.

В.В.Бартольддун пикири боюнча, гурханды туткунга түшүрүү 1211-жылдын биринчи жарымынан мурда болгон. Кайсы бир маалымат боюнча, гурхан туткунга алынгандан кийин эки жыл өткөндө өз ажалынан өлгөн, башка бир маалыматтарга караганда ал өлтүрүлгөн же зынданда өлгөн. Тактыны колдон чыгарбоо үчүн Күчлүк наймандык төбөлдөргө гана эмес, баарынан мурда кидандык төбөлдөргө да таянууга тийиш болгон.

Дал ушул максат менен ал кидандардын киймин кийип, алардын расмин жана динин кабыл алган.

Ибн ал-Асирдин кабары боюнча, Күчлүк хорезмшахка кидандардын ээликтерин өз ара бөлүп алууну сунуш кылган, бирок ал буга орой жооп берип, согуш ачуу менен коркуткан. Күчлүк аскерлери менен хорезмшахтын аскерлеринин лагерине жакын келип жайгашат, бирок шах өз күчүнүн жетишсиздигин сезип, чоң салгылашуудан тайсалдап, Батыш Теңир-Тоонун райондоруна чакан отряддары менен кол салып турган. Күчлүк согушту жүргүзүүнүн мындай ыкмасына нааразы болгон, бирок ошол эле убакта өзү да согушту ушундай жол менен жүргүзгөн. Хорезмшах Күчлүктүн кол салуусунан сактанып жай айларын Самарканда өткөргөн, ал эми Фергананын, Шаштын, Исфижабдын, Касандын жана башка дубандардын бир бөлүгүнүн калкын Мавераннахрга көчүүгө буйрук берип, наймандардын ханзаадасынын колуна өтүп кетпесин деп алардын шаарларын талкалаган.

Күчлүк бир эле убакта Кашкар менен Хотандын козголоңчул акимдерине каршы күрөшкөн. Ал үч же төрт жыл катары менен Кашкарга кыйраткыч чабуулдарды жасап, козголоңчуларды баш ийүүгө мажбурлап, андан кийин шаардыктардын үйлөрүнө өзүнүн аскерлерин жайгаштырып, мусулмандарды куугунтуктай баштаган. Каршинин маалыматына караганда, Күчлүк Кашкардын көп калкын, беделдүү адамдарын жана бектерин жок кылган. Наймандардын ханзаадасы андан соң Хотанга жөнөп, аны ээлегенден кийин мусулмандарды аеосуз куугунтукка алган.

Күчлүк Алмалыктын акими Бузарга (же Узарга) каршы бир нече жортуул жасайт. Бузар Күчлүккө баш ийгиси келбегендиктен Чыңгыз ханга багынып берген. Аңчылыктын убагында Бузар Күчлүктүн колуна туткунга түшүп калат. Күчлүк Алмалык шаарын курчоого алып, бирок бул ийгиликсиз аяктайт. Монголдордун колу жакындап келгенде Күчлүк шаарды курчоону токтотуп, Бузарды өлтүрөт да Кашкарга кайтып келет. Башында Чжэбэ-нойон турган монголдордун колу Алмалык, Баласагун шаарларын алып, Кашкарга кирет. Күчлүк болсо батышка качып кетет. Монголдук кол келгенден кийин жергиликтүү калк Күчлүктүн үйлөргө жайгашкан аскерлерин кырып салышат. Анын өзү Бадахшандын аймагынан кармалып өлтүрүлгөн. Көп убакыт өтпөй монголдор бүт Орто Азия менен Казакстанды ээлеп алышат.

§ 5. Саясий түзүлүшү, социалдык-экономикалык мамилелери жана чарбалык турмушу

Караханилердин жана кидандардын мамлекеттик бирикмесинин кээ бир тоолуу жана талаа аймактарында экстенсивдүү жарым көчмөндүк жана көчмөндүк мүнөздөгү мал чарбачылыгы басымдуулук кылган.

Географиялык жана климаттык шарттары дыйканчылык үчүн ыңгайлуу болбогон Иле дарыясынын өрөөнүндө IX–XII кк. мал чарбачылыгы негизги тармак болгон. Бул чөлкөмгө Ысык-Көлдүн жээгин, Батыш жана Борбордук Теңир-Тоону да кошсо болот. Бул жерлердеги бийик тоолуу райондордо чарба бүт бойдон экстенсивдүү көчмөндүк мүнөздө болгон. Чүй жана Талас өрөөндөрүндө, Кара-Тоонун түндүк жантаймаларында чарбалык уклад башкача түзүлгөн, бул жерлерде бир кыйла ыңгайлуу географиялык жана климаттык шарттарга байланыштуу дыйканчылык мал чарбасы менен айкалыша жүргүзүлгөн. Шаш (Ташкен) жана Отрар оазистеринде, Сыр-Дарыянын сол жээгинде отурукташуу жана дыйканчылык бир кыйла кеңири таркаган. «Худуд ал-аалам» чыгармасынын автору койду, уйду жана жылкыны ягмалардын, карлуктардын, чигилдердин, тухсилердин жана кыргыздардын негизги байлыгы деп атаган. Ошол эле автордун маалыматы боюнча, Чаткал өрөөнүнүн калкы жылкыларга караганда койлорду көбүрөөк күткөн. Бул Борбордук Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун көп райондору үчүн мүнөздүү болгон. Караханилик түрктөр уйду, төөнү, эчкини жана топозду да күтүшкөн, муну Махмуд Кашгаринин «Сөздүгүндөгү» айрым фактылар ырастайт. Караханилер мамлекетинин шаарлары менен кыштактарынын урандыларынан көп сандаган остеологиялык материалдар табылган. Жазма булактар жана археологиялык табылгалар Отрар оазисинен тартып Ысык-Көлгө жана Иле өрөөнүнө чейин чарбада майда жандыктарды күтүү басымдуулук кылгандыгын белгилейт. Ибн Хаукалдын маалыматына караганда жайыттардын жана малдын көптүгүнөн Фергананын бир кыштагынын узундугу бир күнчүлүк аралыкка чейин созулган. (Мында автор калкы мал чарбасын айкалыштыруу менен дыйканчылык кылган отурукташкан жана жарым отурукташкан турак жайларын эске алып жатат.)

X–XII кк. Орто Азияда жана Түштүк Казакстанда отурукташууга жана дыйканчылыкка өтүү процесси бир кыйла интенсивдүү жүргөн. Караханилердин мамлекетинин ар түрдүү

райондорунда отурукташкан дыйканчылык маданияты өнүгүүгө ээ болгондугун археологиялык изилдөөлөр ырастайт.

Жазма булактарда дыйканчылык жөнүндө бир катар маалыматтар камтылган. Ал-Мукаддасинин (X к.) маалыматына караганда, Талас өрөөнүндө жайгашкан Атлах шаарынын айланасында жүзүм өстүрүлгөн. Абу Дулаф чигилдердин тамак-ашы арпа менен буурчактан, ал эми карлуктарда — булардан башка да *жасмык* (буурчактын бир түрү) менен таруудан турат деп жазган. «Худуд ал-аалам» чыгармасында ягма, карлук уруулары-нында, Кулан менен Тузун-Булактын калкында айыл чарбасынын өнүккөндүгү жөнүндө айтылган. Жети-Суудагы дыйканчылыктын алгачкы очокторунун бири Чүй дарыясынын өрөөнү болгон, мында 80 ге жакын кыштактын калдыктары катталган, алардын көбү X–XII кк. пайда болгон. Бул региондун кээ бир шаарлары ири кол өнөрчүлүк-соода борборлору болгон, ал эми калгандары алардын чарбалык аймактарын түзгөн, мында кол өнөрчүлүк жана соода айыл чарбасын жүргүзүү менен айкалышып турган. XI–XII кк. отурукташкан дыйканчылык маданиятынын башка бир өнүккөн очогу Талас дарыясынын өрөөнү болгон, мында дыйканчылык интенсивдүү мал чарбасы менен айкалыштыра жүргүзүлгөн. Сугат каналдарынын жана суу түтүктөрүнүн калдыктары Караханилер династиясынын үстөмдүгү учурунда Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн калкы ирригациялык системаларды куруп, сугат дыйканчылыгын жүргүзүшкөндүгүн далилдеп турат. Климаттык шарттар мүмкүндүк берген Борбордук жана Батыш Теңир-Тоодо кайрак жер дыйканчылыгы да таркаган.

Караханилик түрктөрдүн чарбасы көп учурда комплекстүү мүнөздө болгон. Чарбалык багыты ар түрдүү болгону менен дыйканчылык мал чарбасы менен айкалышкан же тескерисинче болгон. Тараздан тартып Отрарга чейинки аймакта байыркы шаарлар менен кыштактардын 130 дан ашуун, ал эми Сыр-Дарыянын сол жээгинде 12 урандылары табылган. Жазма булактар жана археологиялык табылгалар X–XII кк. Талас менен Сыр-Дарыянын орто агымынын аралыгындагы региондун калкынын отурукташкан дыйканчылык маданиятынын болгондугун ырастайт. Караханилер кагандыгында отурукташкан дыйканчылык маданияты Ферганада жана Мавераннахрда өтө өнүккөн. Якуттун (XIII к.) жазганы боюнча, Фергана кеңири айыл-кыштак райондору бар бай чөлкөм болгон. Ибрахим Тамгач хандын документтеринин биринде Самаркандга жакын жерде жүзүмзарлар, бакчалар жана кырмандар болгондугу айтылат.

Караханилер мамлекетинде жер менчигинин бир канча түрү болгон.

Алардын бири — феодалдык *икта* институту — рентанын суммасынын бир бөлүгүн же баарын алууга укук берүүчү мыйзам болгон.

Жер менчигинин экинчи бир түрү — Саманилердин жана алардын тарапкерлеринин султандык (хакандык) деп аталган жерлери, чарбактары, там-таштары жана башка мүлктөрү, б.а. караханилик кагандардын колуна өткөндөр. Караханилер династиясынын бул жеке ээликтери (*амлак-и-хасс*) иктаны таратып берүүнүн фондуларынын бири болуп саналган, бирок ошону менен бирге сатып алынган же башка жолдор менен алынган жерлер менен толукталып турган. Бул «хасс» менчиги үчүн мамлекеттик жер салыгын (*хараж*) төлөшкөн эмес жана андан алынган кирешелердин баары ээлеринин пайдасына түшкөн.

Мамлекеттик жерлерге (дивандарга) белгилүү бир шарт менен убактылуу түрдө же туруктуу түрдө ээлик кылууга али бериле элек аянттар жана вакуф кирген. Жер менчигинин бул түрү казнага түшүүчү салыктардын жана иктага берилүүчү кордун башкы булагы катары кызмат кылган.

Караханилердин үстөмдүгүнүн убагында сооптук максаты менен мураска калтырылган байлыктар, б.а. вакуф жерлери жана медреселердин, мечиттердин ар түрдүү дүнүйө-мүлктөрү көбөйө берген. Бул диний катмарлардын экономикалык жактан кубаттуулугунун өсүшүнө жана гражданлык бийликтерге алардын таасиринин күчөшүнө алып келген. Феодалдык жер ээлигинин жана мүлктүн бул түрүнүн корунун булактары султандык (хакандык), мамлекеттик жана жекече ээликтеги жерлер жана акимдер менен оокаттуу адамдардын тартуу-белектери болгон. Вакуф ээликтери мамлекеттик салыктан бошотулган жана бардык кирешe вакуф берүүчүлөрдүн керээзи боюнча бөлүштүрүлгөн. Караханилердин мамлекетинде майда жер ээликтери да болгон.

Ошону менен эле бирге шарттуу жер ээликтеринин жайылышы менен катар буга чейин Саманилердин олкосүндө үстөмдүк кылып келген дыйкандар табы деп аталгандар мурунку экономикалык жана саясий позицияларын жоготкон. Албетте, Караханилер аларга мурунку династиянын тарапкерлерине каршы мажбурлоо чараларын колдонуп, алардын жерлерин тартып алган. Караханилердин тарабына өткөн дыйкандардын калган бөлүгү жаңы экономикалык жана саясий кырдаалда жаңы жер ээлеринин катмарына аралашып кеткен.

X–XII кк. Караханилер мамлекетинин аймагында негизги карама-каршы таптар — бир жагынан өндүрүш каражаттарын ээлеген феодалдар, экинчи жагынан — алар эксплуатациялаган укуксуз дыйкандар менен көчмөндөр болгон.

Жусуп Баласагунинин «Кутадгу билигинде» «бодундар» деген термин жолугат. Адамдардын бул категориясы мүлктүк абалы боюнча байларга, ортолорго жана кедейлерге (чыгайларга) бөлүнгөн.

Жусуп Баласагуни адамдардын көпчүлүгүн *раиятлар* (б.а. букаралар, калайык калк) деп атайт, алар акимин урматтоого, анын душмандарынын душмандары болууга жана мамлекетке өзүнүн парзын (салыгын) төлөөгө тийиш болгон. Поэманын мазмуну боюнча алганда адамдардын бул категориясына Караханилер кагандыгындагы бардык эмгекчилерди таандык кылууга болот.

Ибрахим ибн Насрга таандык бир документте Самаркандын жанындагы Чарма айлында, анын жер аянтында иштеген аз жердүү жана жерсиз дыйкандар *аккарлар* (дыйкандар) деп аталган. Алар жер менчигинин башка категорияларына таандык болгон жер аянттарында чайрыкерлер катары иштешкен.

X–XII кк. Бухаранын документтеринде *кадиварлар* деп аталган дыйкандар эске алынат, аларга мамлекет феодалдык рента салган. Алгачкы феодалдык коомдо көз каранды жамааттык дыйкандарды ушундайча аташкан.

Жазма булактарда *«аййарлар»* («селсаяктар», «бекерпоздор» деген мааниде) эске алынат. Шаар калкынын жакыр катмарынын өкүлдөрүн, азган-бозгон элементтерди ушундай деп аташа керек. Ошондуктан жазма булактарда алар ар кандай толкундоолордун жана талап-тоноолордун активдүү катышуучулары катары, коомдогу өтө касаптуу жана коркунучтуу күч катары эске алынгандыгы бекеринен эмес.

«Кутадгу билигдин» ар кайсы жерлеринде укуксуз, өз ээлеринин бардык жумуштарын кыңк этпестен аткарган кулдар жана күңдөр жөнүндө да айтылган.

Караханилер мамлекетинде эмгекчи калктын феодалдарга каршы чыгышы жөнүндө маалыматтар өтө аз. Кидандардын гурханынын чыгыш чек аралык ээликтериндеги эмгекчилердин нааразылыгынын себептеринин бири салык чогултуучулардын зомбулугу болгон. XI к. 30-жылдарынын акырында Мавераннахрдагы райяттардын көтөрүлүшү жөнүндө белгилүү. Аёосуз эзүүнүн натыйжасында 1207-жылы бухаралык кол өнөрчүлөр жана анын айланасындагы дыйкандар өтө зор өлчөмдөгү закуптук жерлери жана байлыгы бар садр Бурхан ад-дин Мухам-

медге каршы көтөрүлүш чыгарышкан. Мухаммедди букаралары анын ач көздүгүнөн улам «садр-и жахан» («тынчтыктын тирөөчү») дебестен, «садр-и жаханнам» («тозоктун түркүгү») деп аташкан.

Чүй өрөөнүндө эң ири шаар Караханилер мамлекетинин борборлорунун бири Баласагун болгон. Кыязы, ал «Бурана» мунарасынын районунда болсо керек. Ал жерде изилдөө максатында казуулар жүргүзүлүп, күмбөздөрдүн жана турак-жай курулуштарынын калдыктары табылган, алар X–XII кк. бул аймакта ири шаардын болгондугу жөнүндөгү пикирди ырастап турат.

Чыгыш караханилердин дубандык акимдеринин Барскан (Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде), Кочкор-Башы (азыркы Кочкор өрөөнүндө), Ала-Бука өрөөнүндөгү Шырдакбек, Ат-Башы (Атбашы өрөөнүндөгү Кошой-Коргон) сыяктуу ордо шаарлары жана чептери болгон. Чаткал өрөөнүндө Уу-Балык, Чанчаркан жана Күлбөскан уранды шаарлары катталган, аларда да Орто Азиянын башка шаарларындагыдай эле цитаделдер, шахристандар жана рабаддар болгон.

Караханилердин эзликтеринин түндүк-батыш чек арасында ири шаар Отрар болгон. Анын XI–XII кк. ургалдуу өсүшүн археологиялык маалыматтар ырастайт. Шаардын цитадели, шахристаны жана рабады болгон, ал дубалдар менен курчалган. Анын жалпы аянты 200 гектарга барабар келет.

XI–XII кк. Караханилик Насир ибн Алинин ордо шаары, андан кийин Фергана дубанынын борбору болгон Өзгөндүн да ургаалдуу өсүп-өнүккөнүн археологиялык материалдар ырастады. Караханилер мамлекетинин эң ири шаарлары Самаркан жана Бухара болгон. Батыш Караханилердин борбору Самаркан XI–XII кк. ушунчалык ургаалдуу өскөндүктөн, шаардын түштүк рабадынын бир бөлүгү дубал менен курчалган тышкы шахристанга айланып кеткен.

X–XII кк. Караханилер кагандыгынын аймагында орун алган көптөгөн шаарлар менен кыштактардын урандылары табылып, изилденген, бул жерлерде ар түрдүү формадагы идиштерди гана эмес, курулуш материалдарын — бышырылган кышты, каптоочу материалдарды, суу түтүктөрүн жана башкаларды жасашкан. XI–XII кк. керамиканын айырмалуу белгиси — карапа чыгырыгында жасалган идиш-аяктардын басымдуулук кылгандыгында. Бул Батыш кагандыгынын аймактары үчүн өзгөчө мүнөздүү болгондугун белгилей кетүү керек.

X–XII кк. бийик тоолуу Чаткал өрөөнүндө өзүнчө бир тоокен металлургия комплекси иштегендиги кызыкчылыкты туудурат, бул жерде жез кендерин казып алуу жана эритүү жүргү-

зүлгөн, ал эми аймактын борбору Арделанкетте ар түрдүү кесиптеги кол өнөрчүлөр эмгектенген. Бул жерде жана Суусамыр өрөөнүндө керамикалык материалдар карапа чыгырыктарында, ошондой эле кол менен жасалган.

Археологдор Александровка, Сокулук, Ак-Бешим, Красная Речка, Сретен шаар урандыларынан карапа бышыруучу мештердин, Красная Речка шаар урандысынан жана Чүй өрөөнүндөгү Ак-Дөбөдөн шарап ачытуучу өндүрүштүн калдыктары бар бүтүндөй бир маалаларды табышкан. Металлургиялык өндүрүштүн издери Шелжи шаар урандысынан, күмүш-коргошун металлдарын эритүү үчүн IX–XI кк. иштеген мештердин калдыктары Орловкадан, Талас өрөөнүнөн табылган. Ташкен оазисинде жана Чүй дарыясынын өрөөнүндө X–XIII кылымдарга таандык болгон жогорку көркөмдүк деңгээлде жасалган күмүш буюмдары табылган.

Отурукташкан калкта, ошондой эле көчмөндөрдө да мал чарбасынын жана дыйканчылыктын азык-түлүктөрүн кайра иштетүүгө байланышкан кесиптер бир кыйла орунду ээлеген. Бул Махмуд Кашгаринин «Сөздүгүндө» келтирилген товарлардын аттары менен да ырасталат. Маселен, малдын чийки терисинен жасалган акимдердин бут кийими — излик, төөнүн жана койдун жүнүнөн жасалган тыш кийим — карс, ала-кийиз, кийиз — кимишка, пахтадан тигилген тыш кийим — ялма, тердик — абрин, пахтадан токулган кездеме — чек деп д.у.с. аталган. Бардык тургун жайларда темир жана жыгач усталар болгон. Кашкарда жана Барсканда коңгуроо, казан жана башка идиштерди куюшкан, алардын сапаты усталардын чеберчилигине жараша болгон. Махмуд Кашгариде бул кол өнөрчүлүккө таандык буюмдар келтирилген. Маселен, алар: сынган идиштерди бекитүүчү турмандар, көрүктөр, ат жабдыктары жана кемерлер үчүн жасалгалар ж.б.

X к. жана XII к. башы ченде Орто Азияда жана Түштүк Казакстанда көп таркаган кол өнөрчүлүктөрдүн бири айнек чыгаруу өндүрүшү болгон, муну көп сандаган археологиялык материалдар ырастап турат. Алар ошол мезгилде айнектен ар түрдүү формадагы буюмдар — ашкана идиш-аяктары, турмуштиричилик предметтери, асем жасалгалар жасалып жана аларды жасап чыгаруунун технологиясынын өркүндөгөнүн жана алардын сапатынын жакшыргандыгын далилдеп турат. Эң акырында, Жусуп Баласагуни өзүнүн «Кутадгу билиг» поэмасында темир усталарды, сүротчүлөрдү жана башка кол өнөрчүлөрдү даңазалагандыгын белгилей кетели.

Темир усталык, жезчилик жана зергерлик кол өнөрчүлүгүнүн жогоруда көрсөтүлгөн жана башка табылгалары Караханилер мамлекетинде кенди иштетүүнүн жана металлургиянын өнүккөндүгүн далилдейт. Бул чыгыш авторлорунун айрым маалыматтары менен да ырасталат.

XI к. акыркы чейрегинде жана XII к. ортосунда Караханилер мамлекетинде «күмүш кризиси» башталган. Караханилердин ээликтеринин чыгыш бөлүгүндө күмүш тыйындарды бузуу процесси бир кыйла көп болгон. 1013–1014-жылда Кашкар тыйынында күмүш али 80, 45 пайыз жана 11,84 пайызы гана жез болгон, Кашкар-Жаркент тыйын топторунда күмүш 40–59 пайыз гана болгон. Сыртын күмүш жалатып, ичин жезден жасоо менен өкмөт тыйындын наркын көтөрүүгө аракет кылган. Бирок XI к. ортосунда күмүштүн жетишпегендигинен Чыгыш кагандыгынын дирхемин жез менен коргошундун аралаш эритмесинен жасашкан. Караханилердин ээликтеринин батыш бөлүгүндө начар сапатта болсо да күмүш тыйындар чыгарылып турган.

XI к. көчмөндөр соодагерди — сарт, мейманкананы — муйэнлик, дүкөндү — кебит, кезди — чиг деп, ал эми аргу тилинде сатуу үчүн чыгарылган товарларды — чуги деп аташкан.

Караханилердин мамлекет башчысы башкы каган (хандардын ханы) эсептелген. Анын бийлиги чексиз бийлик болгон жана ал мурас боюнча өтүп турган. Караханилер кагандыктарынын борбордук административдик аппараты Саманилердики сыяктуу эле эки категорияга бөлүнгөн: дергах (сарай) жана диван (кеңсе). Мамлекет башчысынын башкы хажиби (улук-хажиб) болгон, ал сарайда каган менен анын букараларынын ортосунда арачылык роль аткарган. Бирок хажибдер арачылыкка караганда негизинен жогорку кагандын же дубандык акимдердин кеңешчилери болушкан. Караханилер Мавераннахрга бекем орношуп алгандан кийин Батыш кагандыгында кызматтардын түркчө аталышы бара-бара саманилик аталыштар менен сүрүлүп чыгарылган. Махмуд Кашгари белгилегендей, «хажиб» деген термин тарагандан кийин маани боюнча бирдей болгон «таяну» термини колдонулбай калган. Караханилердин чыгыш ээлигинде да ушул сыяктуу өзгөрүүлөр болгон, бирок мурунку түркий аталыштары көбүрөөк сакталып калган, муну калктын этностук курамы менен түшүндүрүүгө болот. Чыгышта калк негизинен түрк тилинде, ал эми батышта — көбүнчө тажик тилинде сүйлөгөн. Кагандын сарайында төмөнкүдөй кызматтар болгон: жибек-шайы кийимдерин сактоочу — агачы, тамак жагын тейлеген — ашчы, катчы — битигчи, иш

кагаз катчысы — ылымга, алгыр куштарды тейлеген — кушчу д.у.с. деп аталган.

Борбордук кеңселер вазирге баш ийген; аны Махмуд Кашгари «югруш» деп атап, аны караханилер иерархиясында жогорку кагандан кийинки экинчи орунга коёт. Кыязы, Жусуп Баласагуни өзүнүн поэмасында «югруш» деген терминди Караханилер Саманилерден алган жаңы — «вазир» деген сөз менен алмаштырса керек.

Караханилер мамлекетинде аскер башчысынын кеңсесине маанилүү роль берилген. Жусуп Баласагуни каганга өзүнүн абалын бекемдөө жана жоокерлерди согушка кызыктыруу үчүн аларга белек берүүнү бекеринен сунуш кылган эмес. Ал Караханилердин армиясынын черикке (аскерлер), жүз (жүздүк) жана миң (миңдик) деп бөлүнүшүн келтирген. Караханилер кагандыгынын иерархиясында жогорку даражаны кол башчылары — сү башлар, исфахсалар ээлеген. Бул жөнүндө алар Жусуп Баласагунинин поэмасында вазирден кийин эле даңазалангандыгынын фактысы далилдеп турат. Чыгыш авторлорунун айрым маалыматтары Караханилер мамлекетинде тышкы иштер боюнча кеңсенин иштегендигин да ырастайт. Жусуп Баласагуни элчини «ялавач» (Махмуд Кашгариде — «ялафар») деп атайт жана ага өзүнүн поэмасында атайын бөлүм арнайт. Мушрифтин (б.а. каржы иштери боюнча көзөмөлчү-байкоочунун) кеңсесинин кагандыктын калкынан ар кандай төлөмдөр менен салыктарды өз убагында жана толук чогултуп алуу үчүн кеңири тармагы болгон. Салык жыйноочуну жана казначыны Махмуд Кашкари «имга» деп атайт. Почта кеңсеси өкмөттүк буйруктарды, кабарларды жана башка документтерди керектүү жерине тезирээк жеткирүү жөнүндө кам көрүүгө тийиш болгон. Ушул максатта толук почтолук жабдуулары бар «улаг» бекеттери уюштурулган. Караханилердин ээликтери бектер-тархандар башкарган элге, вилайеттерге (дубандарга) бөлүнгөн. Аргу тилиндеги бул термин, Махмуд Кашгари белгилегендей, ислам таркаганга чейин эле колдонулган. 1082- же 1101-жыл менен белгиленген документте Жаркент вилаетинин акими Абу Бекр Мухаммеддин алым-салык кеңсеси жана сот адилеттиги кеңсеси болгондугу айтылган. Кыязы, мындай административдик түзүлүш Чыгыш каганатынын башка дубандары үчүн да мүнөздүү болсо керек.

Жамааттардын жана айылдардын башында аксакал (Жусуп Баласагуниде — көкчин сакал) турган. Анын жардамчысы «чубан» деп аталган. Саманилердики сыяктуу эле Фергана жана Мавераннахр шаарларын ак сөөктөрдүн өкүлдөрүнөн дайын-

далган «раистер» башкарган. Чыгыш кагандыгынын шаарларынын чоңу мурдагыдай эле түркчө аталышы толук ыктымал. Караханилер мамлекетинде дин кызматчылары чоң урматка ээ болгон. Алар түрк аскер төбөлдөрү менен бирдикте өздөрүнө жакпаган жогорку каганга каршы ийгиликтүү күрөш жүргүзгөн.

Кидандардын мамлекет башчысы *гурхан* болгон. Өлкөнүн жогорку органы гурхандын сарайы жана борбордук өкмөт болгон. Жазма булактарда төмөндөгүдөй кызмат орундары жолугат: биринчи министрдин жардамчысы, ханзаадаларды тарбиялоочулар — аталыктар, сарай расимине жоопкер, сарай аземдерин өткөрүүчү жана вазир. Акыркы гурхандын убагында Махмуд-бай вазир болгон, бул өлкөнү башкарууга жергиликтүү калктын өкүлү катышкандыгы жөнүндө көрсөтүп отурат.

Кидандар мал өстүрүү, аңчылык, балыкчылык, дыйканчылык жана соода менен кесип кылышкан. Алардын чарбасында көчмөн мал чарбачылыгы алдыңкы ролду ойногон. Батышка карай жылгандан кийин алар көп сандаган койлорду, төөлөрдү, өгүздөрдү жана жылкыларды өстүрүүнү улантышкан. Кидандар, башка көчмөн элдер сыяктуу эле, жылкыны жогору баалашкан. Жазма булактардын маалыматтарына караганда, кээ бир мал ээлеринин 18 миңге чейин жылкысы болгон.

Батышка чабуул койгондо кидандар шаарларды жана кыштактарды талкалашкан эмес, алар өздөрүнө кол өнөрчүлүгү, соода жана дыйканчылык кандай пайда алып келерин эң сонун түшүнүшкөн. Орто Азиянын жана Казакстандын элдери менен салыштырганда кидандар социалдык-экономикалык өнүгүүнүн бир кыйла төмөнкү тепкичинде турган жана аларга көп жагынан өз чарбасын кайра курууга туура келген. Алар дыйканчылык менен мурда да кесипчилик кылышкан. Батышка көчүп баргандан кийин чарба жүргүзүүнүн бул түрү коңшуларынын өнүккөн дыйканчылыгынын таасири астында андан ары өнүгүүгө ээ болгон.

XI–XII кк. Орто Азияда курулуш иши өнүгүшүн уланткан, бул жөнүндө бизге чейин жеткен ар түрдүү эстеликтер далилдеп отурат. Бул мезгилде курулуш техникасы ургалдуу өркүндөп, архитектурада жана колдонмо искусстводо зор прогресс болгон. Бышырылган кыш имараттардын жана байлардын турак үйлөрүнүн негизги курулуш материалы болуп калган. Ошого карабастан, археологиялык казууларга караганда (маселен, Ак-Бешим шаар урандысы) чийки кыш бышырылган кыш менен катар өзгөчө айыл жерлеринде, коомдук жана граждандык имараттарды тургузууда негизги курулуш материалы болуп кала

берген. Талгар жана Сүмбе шаарларынын урандыларын казуу кээ бир талаа-тоолуу жерлерде турак жайлар жана башка имараттар таштан курулгандыгын көбөлөп турат.

Караханилердин мамлекетинде сириялык, уйгур жана араб жазуулары пайдаланылган, айрыкча араб жазуусу бүткүл кагандыкта кеңири таркаган. Караханилер мамлекетинде ислам мамлекеттик дин болгон.

Кайталоо жана өзүн өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Караханилер династиясынын пайда болушу жонүндөгү гипотезалар.
2. Борбордук Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун IX–X кк. калкы.
3. Сатук Абд ал-Керим Кара хан Караханилер кагандыгынын негиздөөчүсү жана анын ислам динин кабыл алышы.
4. Караханилердин Кашкардан түндүктү карай жылышы.
5. Караханилердин батышты карай жылышы. Алардын Бухарага жасаган биринчи жортуулу.
6. Караханилердин Бухарага жасаган экинчи жортуулу, алардын Аму-Дарыянын ары жагына каптап кириши.
7. Юсуф Кадыр хандын жана султан Махмуддун өз ара мамилелери, алардын Али-тегинге каршы күрөшү.
8. Али-тегиндин селжук-түркмөндөрдү жеңиши.
9. Ибрахим ибн Насрдын жогорулашы.
10. Караханилердин эки кагандыгынын түзүлүшү.
11. Султан Санжардын Мавераннахрга жасаган жортуулдары.
12. Чыгыш Караханилердин жогорку кагандары Сулайман жана Мухаммед ибн Юсуф.
13. Кидандардын Орто Азияны каптап кириши.
14. Наймандардын Жети-Сууга көчүп келиши.
15. Күчүктүн Мухаммед шах менен күрөшү.
16. Осмон — Батыш Караханилердин акыркы ханы.
17. Дыйканчылык.
18. Кагандыктын социалдык курамы, шаарлар, кол онорчүлүк.
19. Кагандыктын административдик түзүлүшү.

Адабияттар:

1. *Бартольд В. В.* Кара-китаи // Соч., Т.5. — М., 1968.
2. История Киргизской ССР. Т.1. — Фрунзе, 1984. — С. 290–319.
3. *Караев О. К.* История Караханидского каганата (X–нач. XIII вв.) — Фрунзе, 1983; Ошол эле. Киргизия при Караханидах. — Фрунзе, 1983.
4. *Петров К. И.* Очерки социально-экономической истории Киргизии VI–нач. XIII вв. — Фрунзе, 1981.
5. *Пиков Г. Г.* Киданс. — Новосибирск, 1989.
6. *Чоротегин Т.* Этнические ситуации в тюркских регионах Центральной Азии домонгольского времени. — Бишкек, 1995.

4-БАП

VI–XII КЫЛЫМДАРДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН МАДАНИЯТЫ

Орто кылымдардын алгачкы доорундагы Кыргызстандын маданияты байыркы көчмөндөрдүн өзүнө мүнөздүү маданиятынын жана Фергананын отурукташкан-дыйкан калкынын кылымдаган адат-салттарынын негизинде түзүлгөн. Сырттан келген көчмөн түрк уруулары региондун феодалдык маданиятынын түзүлүшүндө эң маанилүү ролду ойногон жаңы маданий салттын өкүлдөрү болушкан. Жети-Суунун отурукташкан маданиятына бул тарапка көчүп келген согдулуктар негиз салышкан. Көчмөн-түрктөрдүн массалык түрдө отурукташы Жети-Суудагы шаарлар менен кыштактардын ургалдуу өсүшүнө түрткү берип, эки маданияттын өз ара сиңишүү жана таасир тийгизүү процессин ылдамдаткан. Ал XI–XII кылымдарда мал чарбачылыгы менен кесиптенип, чет-жакада жашагандарды гана эмес, шаардык калкты да түрктөштүрүүгө алып келген.

Ошол мезгилде азыркы Кыргызстандын аймагында ар түрдүү диний системалар, — буддизм, манихеизм, христианчылык жана башкалар аралаш жашап, алардын ар бири өз жазуусун жана идеологиялык жол-жоболорун таратышкан. Байыркы түрк уруулары ар түрлүү маданий таасирлерди чыгармачылык менен кайра иштеп чыгып, маданияттын жогорку деңгээлине өсүп жетишип, өз жазуусун түзө (VII к.) алышкан.

X кылымда Караханилик кагандар ислам динин кабыл алышкан. Жети-Суу аймагы түндүк-чыгыштагы мусулман маданиятынын жана илимдүүлүктүн алдыңкы очогу болуп калган. XI кылымда Жети-Суудагы шаарлардан чыккан Жусуп Баласагуни менен Махмуд Кашгари дүйнөлүк маданияттын казынасына кирген биринчи адабий жана илимий эмгектерди жаратышкан.

§ 1. Көчмөн элдердин маданияты

Үй-тиричилиги. Урп-адаты. Үй-бүлө. Көчмөн түрк уруулары-нын турмуш-тиричилиги — алардын башкы кесиби болгон мал чарбасынын муктаждыгына ылайыкташып калыптанган. Алардын турак жайы — боз үйлөрү көчүп-конуунун зарылчылыгына байланыштуу жана жашоого ыңгайлуу кылуу үчүн кылымдар бою өркүндөтүлүп отурган. Жазма булактар боз үйдүн сүрөттөлүп жазылышын бизге жеткирди. Боз үйдүн керегеууктары талдан жасалган. Бай көчмөндөр аны ачык түстөгү (маселен, көк) боёк менен боёшкон. Чоң боз үйлөрдүн түндүгү тикесинен коюлган шырыктар менен тиретилген. Боз үй бут бойдон кийиз менен жабылган. Таманына кийиз жана терилер төшөлүп, ортодо очок орнотулган. Түрктөрдүн боз үйүнүн эшиги дайыма чыгыш тарапка каратылган.

Ак сөөктөр боз үйлөргө алымсынбай чоң чатырларда да жашашкан. Истеми каганды асемдүү жасалгаланган чатырлары Византия императорунун сарай кызматкерлерин да таң калтырган экен. Чатыр кооз жибек кездемелер менен жабылып, төбөсү алтын жалатылган жыгач тирөөчтөр менен тирелген. Каганды алтын тактысынын таянычы төрт алтын тоос түрүндө жасалган. Каганды кабыл алуучу чатыры алтын идиштер, күмүш кумуралар, жыгач чапчактар, алар менен бирге күмүштөн жасалган жаныбарлардын сүрөттөрү менен жасалгаланган. Каганды тактысынын бири көчмөн турмушка ылайыкталып, аны эки доңгөлөктүү арабага орнотушкан, ал абдан жеңил болгондуктан ага бир гана ат чегишкен. Тон жабгу каганды чатыры да андан кем эмес кооз болгон.

Кийимдерди бакма жана жапайы айбандардын иштетилген терилеринен, жүндөн токулган кездемеден жана жука кийизден тигишкен. Кочкор жана Талас өрөөндөрүндө табылган археологиялык материалдарга караганда байлар сырттан алынып келинген пахтадан жана жибектен токулган кездемелерди пайдаланышкан. Археологиялык табылгалардын жана скульптуралык таш мололордун сүрөттөрүнүн негизинде кийимдердин, бут жана баш кийимдердин түр-түспөлдөрү жөнүндө билүүгө болот. Эркектер денеге кыналып турган этеги узун, жакасы эки үч бурчтуу болгон кайрыгы бар, жеңдери кууш келген чапан кийишкен. Этеги башка түстөгү кездемеден тегерете кыюуланган. Түрктөрдүн чапаны этнографиялык жактан өзгөчөлүгү менен айырмаланат, анын оң өңүрү сол өңүрүнүн үстүнөн кым-

тыланат. Кыргызстандагы байыркы түрк скульптуралык айкелдеринин көпчүлүгүндө тыш кийимдердин өңүрлөрү оңдон солду карай кымтыланган.

Халаттар бир түстүү — ак, кызыл же сары болуп, жакасы кооз кездемеден жасалган. Мындай халаттардын канаттуу аттардын жана аркарлардын сүрөттөрү бар калдыктары сакталып калган. Маселен, Сюань Цзандын жазганы боюнча Тон жабгу каган жашыл түстөгү атлас халат кийген. Эки жүз адамдан турган анын жан-жөкөрлөрү кымкап халат кийип алышкан. Түргөш каганы Күлчор бага тархандын (Курсулдун) кийими дибаждан (орто-азиялык жибек) тигилген. Аскерлер жана карапайым адамдар жүндөн жана жаныбарлардын терисинен жасалган кийимдерди кийип жүрүшкөн, айрымдарынын гана башында жибек оромол болгон.

Чапандын белин жөнөкөй кайыш кур, же каңылтырлар менен жасалгаланган кемер менен байлап алышкан. Кыргызстандын аймагында жука коло менен капталган жана каңылтырлар илинген төрт кемер табылды, алардын бири Боз-Бешик (Ысык-Көл жээгинде) турагынан табылган. Кемерлерде алтындалган, чарчы, жүрөк түспөлүндөгү, татаал тордомолуу, өсүмдүктүн бутактарынын орнаменти менен кооздолгон куйма каңылтырлар бар. Курдун таралгасына тармалданган толкунда сүзүп бараткан геральдикалык балыктын сүрөтү тартылган. Музыкалык аспап (лира) түспөлүндөгү илме каңылтыр ийне жалбырактуу бутак жана кедрдин тобурчактарынын сүрөтү менен кооздолгон. Кемерлердеги көптөгөн каңылтырларда алтындын буусу сакталып калган. Кемер курлар каңылтыр жасалгаларынын санына жана металлдын баалуулугуна жараша байыркы түрктүн социалдык даражасынын, байлык-мартабасынын белгиси болгон. Жогорку ак сөөктөр алтын каңылтыр чегеленген кемерлерди курчанышкан.

Таш айкелдерде сүрөтү түшүрүлгөн баш кийимдерге туулгалар, эки көздүн ортосун, мурундун кайкысын жаап турган тили бар туулга малакайлар кирет. Кочкор өрөөнүндөгү көрүстөндөрдүн биринен кулакчын түрүндө кездемеден жасалган баш кийим табылган. XI к. Караханилик түрктөр кундуздан жасалган бийик тебетейлерди кийишкен. Кара-Балта шаарынын жанынан табылган, Караханилер дооруна тиешелүү таш скульптуранын биринде цилиндр түспөлүндөгү калпактын жогору жагына оролгон селденин сүрөтү тартылган.

Эркектер чачтарын өрүп алышкан. Кээде асыл таштардан жасалган жасалгаларды чачтарына кошо өрүп алышчу экен.

Аялдар көйнөктүн жана чапандын сыртынан жээги тери же башка түстөгү кездеме, кээде кооз тасма менен кармалган жеңи жок кемсел кийишкен.

Аялдардын жана эркектердин өтүктөрү бирдей түспөлдө бычылса керек, алар жумшак келип, тумшугу бир азыраак жогору ийилип турат. Кончу кыйгачынан кесилип, анын арткы жагы алдыңкысынан жапызыраак болгон. Талас ороонүндөгү түрктөрдүн дөбөсүнөн такасыз, таманы 5–9 катмар териден жасалып шырылган, тумшугу куушураак келип, бир аз кайкы бут кийимдин калдыктары табылган.

Эркектер да, аялдар да сөйкө, билерик, шуру-мончокторду, шакектерди тагынышкан. Алардын үлгүсү VI–XII кылымдардагы көчмөндөрдүн көрүстөндөрүнөн табылган, алар таш скульптуралык айкелдерде да тартылган.

Малчылардын негизги тамак-ашы эт жана сүт болгон. Байыркы түрктөрдүн көрүстөндөрүнөн ритуалдык тамак-аштардын калдыктары табылган. Талас жана Баткенде кээ бирлери байыркы доорго тиешелүү болгон, жарма жана казанактуу көрүстөндөрдөн койдун сөөктөрүнөн башка, токоч, алмуруттун, жаңгактын сөөктөрү табылган.

Түрктөрдүн демейки адат-салты боюнча козголоң чыгаруу, чыккынчылык, адам өлтүрүү, ойноштук кылуу, тушалган атты уурдоо сыяктуу жорук-жосундар эң оор кылмыш деп эсептелген. Андайлар өлүм жазасына тартылган. Денеге жаракат-зыян келтиргендиги үчүн анын оор-жеңилине жараша ар түрдүү айыптарды төлөшкөн. Уурулук кылгандыгы үчүн кармалгандар уурдалган нерселердин кунун он эселеп төлогон.

Майрамдарда жасалгалуу кийимдер кийишип, бетме-бет болуп алышып ырдашкан. Эркектердин жана аялдардын оюн-зооторунун айырмалары да болгон. Согдуда түргөш ак сөөктөрү нард ойноону үйрөнүшкөн.

Карапайым көчмөндөрдүн үй-бүлөсүндө аялдардын ролу аздыр-көптүр жогору болгондугуна карабастан патриархалдык мүнөздө болгон.

Куда түшүү демилгеси эркектердин колунда болгон. Аял үчүн калың төлөшкөн. Кыздарын күйөөгө калыңсыз эле берген учурлар да болгон. Бирок мындай учур өтө сейрек болгондуктан эпитафиялардын биринде атайын жазылып да калган экен.

Үй-бүлө негизинен моногамдык үй-бүлө болгон. Көп аял алуу байлардын жана ак сөөктөрдүн арасында гана тараган. Жесир аял күйөөсүнүн инисине же анын башка аялынын уулуна турмушка чыга алган. Туугандык система классификациялуу

болгон, анда туушкандардын бүтүндөй бир тобун бир термин менен аташып, улуу жана кичүү туугандардын аталыштарын так ажыратышкан (мисалы, улуу жана кичүү бир тууган эркек жана аялдар ар кандай терминдер менен аталышкан).

Таластагы рун эстеликтеринде түргөштөрдүн үй-бүлөдөгү мамилелери жөнүндө кээ бир маалыматтар кездешет. Көп убакта бир эле тексте үй-бүлөнүн башчысы, мурасчы уулу жана жесир калган аялы гана эскерилет. Мисалы, №1-эстеликте үч бир тууган аталган, ал эми № 2-эстеликте өзүнчө бөлүнүп кеткен алты уулу жана карындашы жөнүндө жазылган, бул көп балалуу үй-бүлө болгондугун аныктайт. Туугандыктын классификациялык системасын төмөнкү терминдер далилдейт: инилери — кичүү бир туугандары жана жалпы эле эркектердин кичүү туушкандары; эчи, ача — энеси, жеңеси, жәеси; синил — карындашы жана башка кичүү туугандары. Таластагы тексттерде он беш эркектин ысмы учурайт, алар көп убакта эпитет, ылакап ысым катарында кайталанат. Ысымдардын көпчүлүгү жөнөкөй — Агуш, Кыйаган, Туган, Удун, Кутлуг. Бирок татаал ысымдар да кездешет: Кара Барс, Огул Барс, Күч Үге. Түргөштөрдүн эркектери башка түрк урууларындагы сыяктуу эле бери дегенде кош ысым алып жүрүшкөн. Алардын биринчисин төрөлгөндө, экинчисин, маселен «ардактуу», «баатыр» деген эпитеттерди кийин эр жеткенде алышкан.

Жазуусу. Мамлекеттин түзүлүү процесси менен жазманын пайда болушу өз ара тыгыз байланыштуу. Жазуу иши мамлекеттин ички жана тышкы функцияларын жөнгө салып туруу үчүн керек. Түрк кагандыгында, а дегенде бул максат үчүн согдулук курсив (кол жазмага окшогон) ариби пайдаланылган. Монголиядан табылган таш эстеликте кагандын тукумдарынын бир өкүлүнүн (582–583-жж.) эпитафиясы согду тилинде жазылган экен, демек батыш түрк кагандарынын Константинополго «скиф тамгалары» менен жиберген дипломаттык каттары мына ушул тилде жазылгандыгынан шек кылууга болбостур.

Окумуштуулар байыркы түрк тамгасы VII кылымдан эрте эмес, анын экинчи жарымында пайда болгон деп божомолдошот. VII кылымдын экинчи жарымынан мурда жазылган рун тексттери али табыла элек.

Байыркы түрк рун жазууларынын чыгышы жөнүндөгү проблема али так чечиле элек. Бул маселе боюнча илимде эки көз караш бар. Алардын ичинен негиздүүрөөгү арамей жазмасынын согд варианты десек болот. Ал рун менен согд арип-теринин жазылышынын окшоштугуна негизделген. В.А.Лившиц

рундардын көпчүлүгүнүн прототиби согдулук курсив жазуусу болгондугун, ал эми алардын бир аз гана болүгү жаңыдан ойлонуп табылгандыгын аныктаган. Байыркы түрк рун жазуулары пайда болуп, калыптанып жаткан тарыхый-маданий кырдаал, б.а. ошол мезгилдеги түрктөр менен согдулуктардын ортосундагы тыкыс экономикалык жана маданий алака-байланыштар маселенин ушундайча чечилишине негиз боло алат.

Байыркы түрк рун алфавити а дегенде 37 же 38 геометриялык түспөлдөгү тамгадан турган жана согдулук прототипке караганда ташка, жыгачка, металлга жазууга абдан ылайыкташтырылган. Руника түрк тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрүн жетишерлик деңгээлде так берген. Үнсүз тамгалардын көпчүлүгү кайсы (алдыңкы же арткы) үндүү тамга менен катар келгендигине жараша эки вариантта жазылган.

Байыркы түрк жазуу эстеликтери 1721–1722-жылдары Петр Iге кызмат кылган Д.Мессершмидт жана аны коштоп жүргөн туткун офицер Э. Табберт (Страленберг) тарабынан Эне-Сай өрөөнүнөн табылган. Алар бул жаңы ачылган тамгаларды сыртқы түрү скандинав рундарына окшош болгондуктан рун жазуусу деп атап коюшкан. Бул жазуу түрк тилиндеги уруулар жашаган Борбордук жана Орто Азия, Казахстан, Төмөнкү Волга, Дон бойлорунда жана Түндүк Кавказдын кеңири аймактарына тараган.

Рунологиянын базасын түзгөн негизги рун тексттери — Күлтегинге, Билге каганга, Тонйокукка арналган жазуулар жана Онгин, Карабалгасун эстеликтери, Селенгалык таш, Сужин жазуусу жана башкалар орус окумуштуулары тарабынан XIX к. аягы жана XX к. башы ченде Монголиянын аймагынан табылган. Алар 1968–1975-жылдары совет жана монгол окумуштуулары тарабынан ачылган согду тилиндеги Бугут, Севрэй жана Терхин эстеликтериндеги жазуулар менен толукталган.

Орто Азияда рун эстеликтери биринчи жолу 1896–1898-жж. Талас өрөөнүндө табылган. Жергиликтүү край таануучу В.А.Каллаур Дмитриевка кыштагынын жанынан (азыркы Талас ш.) рун жазуусу чегилген үч чоң ташты тапкан. 1898-ж. ошол эле жерден (Айртам-Ой өзөнү) Г.Гейкелдин фин экспедициясы да эки чоң ташты тапкан. М.Е.Массон 1932-ж. байыркы кендин калдыгын изилдөөдө жазуусу бар эки жыгач таякчаны тапкан, ал эми 1961-ж. П.Н.Кожемяко менен Д.Ф.Винник ошол эле өзөндөн рун жазуусу бар төрт ташты табышкан. Акыркы жылдары Талас өрөөнүнөн рун жазуусу бар дагы бир таш табылган. Бардыгы болуп бул өзөндөн жазуусу бар он бир таш табылган.

Андай таштар Ысык-Көл, Алай жана Фергана аймагында да бар болуп чыкты. Орто-Азияда бардыгы болуп таштарга, аскаларга, карапаларга, металлдарга чегилген кыркка жакын чакан рун жазуулары ачылган. Алардын ичинен эң маанилүүсү Таластан табылган рундар. Алар эне-сайлык эпитафиялык рундарга өтө жакын, бирок адабий жагынан алардан төмөн турат. Талас эпитафияларынын мазмуну жөнүндө № 2-жазуу боюнча баамдоого болот (И. А. Батмановдун котормосу): «Коргоочулар (анык достор) отуз огландар — жигиттер. Мечин жылынын он алтынчы жылында (болду). Менин баатырлык ысмым — «Кара Чур». Ардактуу ысмым «Каралык кутулбайт». Алты урукта эне бирөө, андан кийин карындаш, ынал өлүштү.

Кара Чур. Менин мингич атым кула... Каралык кутулбайт. Кара Чур силерден, туугандарынан болүндү. Анын атасынын ысмы — Туган, уулунун ысмы — Огом. Ша...»

Илимпоздор таластык тексттердин даталарын ар түрдүүчө аныкташат, ал 700 жылдык аралыкты (V–XII кылымдар) кучагына алат. Талас эстеликтеринин бардык тобунун даталарын аныктоодо С. Г. Кляшторныйдын сунушу кызыгууну туудурат. Ал жазуулардагы кезиккен терминдерди талдоонун негизинде жана батыш түрктөрдүн тарыхын эске алып, Талас эпитафиялары 716–766-жылдарга таандык болушу мүмкүн деп болжолдойт. И. В. Кормушин болсо Талас эстеликтерин IX кылымдагы кыргыздар менен байланыштырат.

Сүрөт жана колдонмо өнөрү. Көчмөндөрдүн өнөрчүлүк чыгармаларына металлдан жасалган кооз буюмдарды, сөөктөргө оюп салынган сүрөттөрдү, таш скульптураларды жана аска бетиндеги сүрөттөрдү таандык кылууга болот.

Көчмөндөрдүн алгачкы орто кылымдардагы өнөрүнүн мүнөздүү белгиси катарында оюп-чийүүнүн, көчөттөөнүн басымдуулук кылганын көрсөтүүгө болот. Көчмөндөр бул максатта жаңы оймо-чийме мотивдерин — өсүмдүктөрдүн бутактарын жана ар түрдүү сокмо-өрмө ыктарын өздөштүрүшкөн. Алар куйма күмүш каңылтырларды жана илип коймо жасалгаларды оймо-чиймелөөдө көбүрөөк учурайт, мындай каңылтырлар менен киселүү курларды, кемерлерди жана ат жабдыктарды кооздошкон. Буюмдардын сыртына канталып, чегеленүүчү каңылтырлар тик бурчтуу, жүрөк, лира, айчык түспөлдөрдөгү геометриялык формада болгон. Курдун бетине бири-биринен алысыраак чегеленген каңылтырлар бир өңчөй оймо-чиймелер менен кооздолгондуктан бүтүндөй бир ансамблди түзүп тургансыйт.

Оймо-чийменин басымдуу болушу зооморф мотивдери жоголуп кетти дегенди билдирген эмес. Бул түрдөгү оймо-чиймелердин эң сонун үлгүсү катарында Кочкор өрөөнүнөн табылган (VIII–X кк.) кемер курга чегеленген алтын жалатылган күмүш каңылтырларды көрсөтүүгө болот. Каңылтырлар өсүмдүктөрдүн бутактары, айбанаттардын, куштардын жана желмогуздардын сүрөттөрү менен укмуштуудай чиелентилип кооздолгон. Бул татаал чиеленишкен оймо-чиймелер узун-туурасынан төп келишкен шайкештикте жасалган. Грифтер менен куштардын башкалардан өзгөчөлөнүп түшүрүлгөн сүрөттөрү орнаменттин негизги мотивин түзөт.

Мындай оймо-чийме Ысык-Көлдөн табылган кемер курдун алтын жалатылган жез таралгасына да мүнөздүү. Анын калканчасы тармалданган-толкундун арасында ойноктогон эки кош балыктын сүрөтү менен кооздолгон. Чиймелерди айкалыштыруудагы чеберчилик, айбанаттардын сүрөттөрүн ажайып бир өзгөчолүү түспөлдөрдө түшүрүү, ар түрдүү көрүнүштөгү элементтердин бири бирине кынтыксыз шайкеш келтирилиши орто кылымдардагы түрк колдонмо искусствосунун айырмалуу белгиси болуп саналат. Александровка шаар урандысынан (Чүй өрөөнү) жана Пенжикенттен (Согд) табылган каңылтырлардын окшоштугуна караганда, көчмөндөрдүн көркөм буюмдарынын бир бөлүгү согдулук усталардын колунан чыкса керек. Ар түрлүү өрмө-сокмо түрүндөгү оймо-чиймелер көчмөндөр чөйрөсүндө VI–VIII кылымдардын чектерине чейинки мезгилдерде тарай элек болучу.

Кара-Кужур суусунун өрөөнүнөн табылган VI–VII кк. таандык болгон, курга чегеленчү жез жасалга каңылтырларда геометриялык саймалар кадимки эле камандын баштары менен айкалышта түшүрүлгөн. Өсүмдүктөрдүн сүрөтү кезикпейт. Анда-санда гана курдун же жүгөндүн каңылтырлары адам кейиптенген илме кооздуктар менен толукталган.

Металлды көркөмдөөнүн кыскача баяндамасын аяктоо менен сөзсүз жергиликтүү өндүрүшкө тиешелүү болгон штамптан басылып алынган эки алтын бактеатттын табылгасы жөнүндө айта кетишибиз керек. Анын бири Чүй өрөөнүндөгү Красная Речка айылынан, экинчиси Кең-Булуң кыштагынын жанынан табылган. Аларда өтө кооз баш кийимчен эркектин көөдөн жагы тартылган.

Жаңы «талаа» сүрөт өнөрүндө иллюстративдик багыт андан ары өнүгүүгө ээ болот, мындай сүрөттөрдө пейзаж, айбанаттар жана адамдар бир бүтүн көрүнүштү түзүп турат.

Кыргызстандын аска беттериндеги сүрөт өнөрү азырынча анчалык толук изилдене элек. Байыркы түрк дооруна сөзсүз түрдө тоо текенин, аңчылыктын айрым көрүнүштөрүнүн, эн тамга түрүндөгү белгилердин сүрөттөрүн гана таандык кылууга болот.

Байыркы түрк усталары өз замандаштарынын бейнелерин таш айкелдерде чагылдырышкан. Алар стилистикалык өзгөчөлүктөрү боюнча бир нече категорияга бөлүнөт — жалпак схематикалык (жалпы жонунан тартылган) сүрөт; жалпак түрдө тартылган сүрөттү кадимки башка окшоп көлөмү билинип-көрүнүп турган баштын сүрөтү менен айкалыштыра тартуу; таш айкелдеги сүрөттөрдүн ачык, даана эместиги; көлөмдүү (жалпак эмес) айкелге жакындаштырылып чегилген адамдын денеси. Байыркы түрктөрдүн скульптуралык айкелдеринин көпчүлүгү пластикалык (келишимдүү) образды бербейт. Ал ташгтар жумуру жана узунураак келген тоо ташгтарынан тандалып алынат да, анын бетине схематикалык түрдө адамдын бет түспөлү чегилип жасалып, кээде кийимдердин деталдары менен толукталган. Андагы сүрөттөрдө адамдын контуру оюп, чийме түшүрүү ыкмасы менен гана тартылат. Бул таш балбалдардын айрым өркүндөтүлгөн үлгүлөрүндө баштын, ийиндин, сандын сүрөттөрү жалпак болбой көлөмдөрү байкалып турат, мында форманы келиштирип, төп кылып берүүгө умтулуу бар. Бирок мындай балбалдар чыныгы скульптуралык айкелдерге жакындаштырып гана жасалганын белгилей кетишибиз керек, анткени көп деталдар (кол, чөйчөк, курал-жарак) барельеф түрүндө гана берилген.

Байыркы түрктөрдүн өнөрүндө адамдын скульптурасынан башка айбанаттардын таш скульптуралары да белгилүү. Бугуттан табылган таш мамыда (VI к.) ургаачы карышкыр тартылган; Билге каган менен Күл-тегинге (VIII к.) арналган күмбөздөрдүн жанында арстандын жана койдун жуп бедиздери орнотулган. Тувада өлгөндөрдү эскерүүгө арналган курулуштун жанынан арстандын анча чоң эмес эки бедизи табылган. Кыргызстандын аймагында байыркы түрк дооруна тиешелүү айбанаттардын скульптуралык бедиздеринин түрлөрүнөн таш баканын гана бедизи табылган (Юрьевка к., Чүй өрөөнү).

Таш баканын бедизиндеги чиймелерден калкандын сүрөтү гана даана көрүнүп турат. Анда оюк жана чуңкурдун орду бар, мүмкүн бул пьедесталда бир убакта таш мамы орнотулган болсо керек.

Кыргызстандын орто кылымдардагы көчмөндөрүнүн өнөрү евроазиялык талаалардын көчмөндөрүнүн жана Орто Азиянын,

Чыгыш Түркстандын отурукташкан элдеринин өнөрү менен да тыкыс байланышта болгон. Байыркы көчмөндөрдүн маданиятынан чыгармачылык менен кабыл алынган ар кандай таасирлер Тянь-Шандык малчылардын өнөрүнө өзгөчөлүү мүнөз берип турган.

Мифология. Диний ишенимдер. Өлүктү көмүү ырым-жырымдары. Түрк кагандыктары үстөмдүк кылып турган мезгилде Кыргызстандын аймагында расмий жалпы мамлекеттик дин болгон эмес. Мында буддизмден тартып христианчылыкка чейинки ар кандай диний агымдардын жана алардын ерестик багыттарынын өкүлдөрү жайгашып, миссионердик иштерин жүргүзүшкөн. Жазуу булактардагы маалыматтарга караганда каган баш болгон уруу төбөлдөрү өз букараларынын чөйрөсүндө тигил же бул диний окууну жайылтууга аракет кылышкан. Бирок бул аракеттен натыйжа чыккан эмес. Байыркы түрк коомунун негизги массасы өздөрүнүн эзелтен берки карманып келишкен диний ишенимдерин тутушкан. Маалыматтардын аздыгына жана алардын фрагментардуу (үзүндү түрүндө) болгондугуна байланыштуу байыркы түрктөрдүн диний көз караштарынын системасын толук реконструкциялоого мүмкүн эмес. Түрктөр шаманизм дининде болушкан. Алардын диний түшүнүктөрү диний ишенимдердин эң байыркы формаларын, уруу-уруктардын жаңы пайда болгон сыйынт жөрөлгөлөрүн жана дүйнөлүк диний системалардагы орун алган сыйынт элементтерин өз ичине камтып турган.

Байыркы түрктөр политеист болушкан. Азыркы убакта байыркы түрктөрдүн бир нече кудайларынын аттары белгилүү. Башкы кудай — Теңир (асман) ойдоку дүйнөгө тиешелүү болгон. Ал — асмандын кудайы, жерди, ааламды жараткан. Кагандыктын чыгышында Теңирге сыйынуу дарыя культу менен байланыштуу болгон. Ар жылы бешинчи айдын ортосунда түрк каганы өзү суунун жээгинде асман Теңирине курмандык чалган. Теңирге храмдар арналып, анда түрк куралына жеңиш берүүнү сурашып, сыйынып дуба окушкан. Түрк кагандыгынын батыш чек жактарында жашаган калк Теңир кудайды «Укмуштуудай зор алп» жана «дөө» катарында элестетишкен. Ал тарапта Теңирге сыйынуу даректарга сыйынуу менен байланыштырылып, ал даректардын жанына аттарды курмандыкка чалышкан. Курмандыкка чалынган жаныбарлардын канын даректардын айлана-тегерегине чачышкан, алардын баштары менен терилерин бутактарга илип коюшкан. Теңирге арнап бутканаларды тургузушкан. Байыркы түрк тексттерине талдоо

жүргүзүлгөндө жогорку кудайдын атрибуту эркектик негиз менен белгиленери аныкталды. Анын милдети — жаратуу, колдоо, жазалоо жана адамдардын тагдырын чечүү болгон.

Рун тексттеринде кезиккен кудайдын бири Умай — аял-кудай, ал түшүмдүүлүктүн колдоочусу болуп эсептелген. Умайдын иконографиясы Орто Азиядан же Ирандан кабыл алынган деген божомол бар. Байыркы түрктөр аны үч мүйүздүү баш кийимчен жана көлбүрөгөн жеңсиз чепкен жамынган аял түрүндө сүрөттөшкөн. Умай Теңир менен бирге аскерлердин колдоочусу болгон. Теңир менен Умай асманда жубайлар болгондугу жөнүндө миф бар, ал эми жер үстүндө падыша жубайлар — каган тышкы келбети боюнча Теңирге, анын аялы (катун) Умайга окшоштурулат. Умай культу көптөгөн түрк элдеринде, алардын ичинде кыргыздарда да XIX к. аягына чейин сакталып келген.

Идук Йер-су — жердин жана суунун ыйык кудайы — орто дүйнөгө тиешелүү кудай болгон. Түрктөр сууну урматташып, жер жөнүндө гимн чыгарышып, ырдашкан. Байыркы түрк тексттерине караганда Йер-су кудайынын жакшылык кылуучу жана жазалоочу милдеттери болгон, кээ бир убакта ал ата мекен маанисинде кабыл алынган. Йер-су ишеними тоого табынуу менен бирдей. Мына ушундай тоолордун бири «өлкөнүн коргоочусу» деп аталып, ал Алтайдын батыш тарабында жайгашкан. Түрктөрдүн Кыргызстандын аймагындагы «ыйык» тоосу Суябдын (Токмоктун жанында) айлана-жакасында болгон деп эскерилет.

Байыркы түрк урууларында өлүктү көмүү ырым-жырымы алардын диний көз караштарынын курамдык бир бөлүгү болгон. Алар өлгөндөрүн байыркы үрп-адат боюнча көмүшкөн. Өлүктү боз үйгө коюшкан, туугандары анын жанына курмандыкка чалынган малды коюшуп, андан кийин атчан боз үйдү жети жолу айланышкан. Эшиктин алдынан өтүп бараткан сайын «беттерин бычак менен тилишип, ыйлашкан». Өлгөн адамды анын буюмдары жана мингич аты менен кошо өрттөшкөн. Сөөктү өрттөгөндөн бир жылдан кийин күлүн чогултуп алышып, күмбөз сыяктантып өлгөн адамдын урматына (барк) таштан коргон салышып, маркумдун таш айкелин орнотушкан. Ал айкелден чыгыш тарапты карай өлгөн адамдын тирүү кезинде өзү өлтүргөн душмандарын символдоштурган же көмүү убагында башка адамдар «белек» кылып берген балбалдар катарынан коюлган. Замандаштар «кээ бирөөлөрдүн мындай балбалдарынын саны жүзгө, кала берсе миңге» жеткенин эскеришкен. Күл-тегинге арналган күмбөздүн жанында 169 балбал орнотулган. Түрктөр өлтүрүлгөн же «белекке» берилген душман-



**Несториан көрүстөндөрүнүн үстүндөгү таштар.
Красная-Речка шаар урандысы. VII–VIII кк.**





Таш айкелдер. VII–X кк.

дардын жандары өлгөн кишиге тиги дүйнөдө кызмат кылат деп ишенишкен. Маселен, Истеми кагандын ашында бир нече туткун өлтүрүлгөн. Алар өлгөнгө «төмөнкү дүйнөдө» да «кызмат» кылууга тийиш болгон. Бара-бара сөөктү көмүү ырым-жырымы өзгөрүлгөн. Өлгөндүн мингич аты менен буюмдарын орттобой, көргө көмүшүп, анын үстүнө коргон тургузушкан.

Кыргызстандын аймагында орто кылымдарда жашаган көчмөндөрдүн археологиялык эстеликтерине көрүстөндөр, алардын коргондору, таш айкелдер жана рун эпиграфтары кирет. Алар Кыргызстандагы VI–XIII кк. башы чендерде жашаган мал чарбасы менен кесиптенген уруулардын ортосунда байкаларлык этнографиялык айырмачылыктар бар экендиги жөнүндөгү жазуу булактарынын маалыматтарын толук ырастайт.

Буларга анча чоң эмес, таштар же таш-топурак менен корумдалган дөбөлөрдөн турган көрүстөндөр кирет. Ал көрүстөндөр сагана көр, жарма көр жана казанактуу көр түрүндө болгон. Буларга таштан же топурактан курулган жер төлө түрүндөгү көрүстөндөрдү кошууга болот, алардын үстүнө топурак үйүшкөн. Мындай көрүстөндөр Чаткалда гана табылган. Жогорудагы айтылган көрүстөндөрдүн бардык түрлөрү мурдагы доорлорго таандык, бул болсо орто кылымдар мезгилинде да сактар менен усундардын өлүк көмүү салты сакталып калгандыгын айгинелеп турат. Түрктөрдүн согуштук жортуулдары аларга мүнөздүү болгон эстеликтердин таралышына алып келген.

Ага өлгөн адамды аты менен кошо көмүү, көрүстөндөргө балбалдар менен айкелдерди коюп, айланта тосмо менен курчоо жана рун жазуулары таандык. Археологиялык эстеликтердин негизинде жергиликтүү калктын жана көчүп келгендердин маданиятынын бири бирине өз ара тийгизген таасирлерин жана үрп-адаттардын өз ара кабыл алынып кеткенин байкаса болот. Талас өрөөнүндө, Кетмен-Төбө жана Борбордук Теңир-Тоодо сөөк аты менен кошо көмүлгөн казанактуу жана жарма көрлөр (салт болгон) кездешет.

Ошентип, түрк мамлекеттери калыптанып, түзүлүп жаткан мезгилде мал чарбасы менен кесиптенген уруулларда көрүстөндөрдүн тиби ар түрдүү болуп, ал «он ок элинин» курамына кирген уруулардын теги ар түрдүү болгондугун айгинелөө менен, алардын өлүк көмүү ырым-жырымдарына байланыштуу болгон идеологиялык көз караштарында чоң айырмалардын бар экендигин далилдейт.

Кыргызстандын аймагында байыркы түрктөрдүн өлүк көмүү ырым-жырымдарына тиешелүү болгон көп сандаган таш

айкелдер табылган. Алардын көпчүлүгүндө оң колуна чөйчөк, сол колуна жоо жарагын кармаган атактуу түрк аскерлеринин бейнелери тартылган. Айкелдер бети чыгышты каратылып, таш дубалдын чыгыш жаккы түбүнө орнотулган.

Орто азиялык көчмөндөрдүн арасында дүйнөлүк диндердин системасына кирген зороастризмдин, буддизмдин, христианчылыктын несториан багытынын, манихеизмдин жана ислам-дын миссионерлери үгүт-насыят жүргүзүшкөн. Бул миссионерлик ишмердиктердин VI–X кылымдардагы жетишкендиктери жөнүндө үзүндүлөр түрүндөгү гана маалыматтар кездешет.

Абу Дулаф (X к.) чигилдердин арасында христиандар бар экендигин кабарлайт. Ыйык китептин эки негизинин колофону ошол эле чигилдер менен чаруктардын арасында манихеизм үгүттөлгөндүгүн ырастайт. Бирок IX–X кк. орто азиялык оазистердин чет-жакаларында көчүп жүргөн карлуктар Караханилер ислам динин расмий түрдө кабыл алганга чейин эле мусулман болушкан.

Аскер иши. Түрктөрдүн тарыхынын Алтай доорунда жана андан кийинки мезгилинде металлургиянын өнүгүшү кагандарга тандалган, соот-чопкут кийинип, чарайна тагынган атчан аскер түзүүгө мүмкүндүк берген. Бул башкалардан артыкчылыгы бар сокку уруучу атчан аскерлер «бөрү» деп аталган. Алардын коргонуучу жоо-жарактары узун чопкуттан, кулакчыны бар, эки ийнин жаап турган туулгадан жана чакан тегерек калкандан турган. Түрктөр үч кабыргалуу жана үч кырдуу жебеси бар жаа, найза, кош миздүү, учу шиштүү, оор (палаш) кылыч жана канжар менен да кураланышкан. Кылычты курга жантык абалда эки кайыш боо менен жамбаш тушка бекитип байлашкан, канжарды алды жактагы кынга, сабын оң тарапка каратып, тик абалда салышкан. Түрк аскеринин дагы бир «жоокердик» куру болгон. Анын сол жагына кууш кутуга жаа салып байлашкан, ал эми оң жагына түп жагы кеңири, ооз жагы кууш келген саадакка учун жогору каратып жебелерди сакташкан. Айрым убакта түрк атчандарынын курал-жарактары кургa илинчү кичинекей айбалта, шалк этме жана чокмор менен толукталган. Оор атчандар катар турушуп, найзаларды суна кармашып, чабуулга өтүшкөн.

Түрктөрдүн жеңил атчандары адатта көчмөндөрдүн орто катмарынан алынган. Алар үчүн кийимдерди териден жана кийизден жасашкан. Жеңил кураланышкан атчандар душмандарга жебени мөндүрдөй жаадырышып, канталдан кол салышып, калп эле чегинимиш болуп, душманды буктурмага алып

келип талкалашкан, андан кийин калган-каткандарын артынан түшүп, биринде тип кырып, жок кылган.

Аттарды жортуулга даярдоого көп көңүл бөлүшкөн. Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө алардын корук жайыты болгон. Аны согуш мезгилинде минилүүчү жылкыларды багуу үчүн гана пайдаланышкан. Орто кылымдардагы авторлордун маалыматтарына караганда түрктөрдүн аттарынын «дене түзүлүшү сымбаттуу келип, абдан шамдагай, алыс жол жүрүүгө чыдамкай болгон».

Байыркы түрктөрдүн мингич аттарынын жабдыктарынын айрым бөлүктөрү алардын көрүстөндөрүнөн табылган. Ээрдин негизги бөлүгү жыгачтан жасалып, анын кашы анча бийик эмес болгон. Капталдарына үзөнгүлөрдүн кайыш боолорун тагуу үчүн тик бурчтуу тешиктер жасалган. Кара-Кужурдагы түрк көрүстөнүн казганда жакшы сакталган ээр табылган. Үзөнгүнүн сегизге окшогон жана тик бурчтуу эки түрү бар. Ээр темир жана фигуралуу сөөк таралгасы бар басмайылдын жардамы менен бекитилип байланган. Аттарды тээктүү кайыш чидер менен тушашкан. Аников табагына тартылган сүрөткө караганда айрым аскердик аттар үстүнө жабылуучу атайын үртүк-жабдыктар менен корголгон.

Араб авторлору түрк атчандарынын жогорку согуштук чебердигин белгилешкен. VI–XII кк. түрк атчан армиясы эң жакшы машыккан коштуундардан турган, ал алыскы жолдордо чаалыкпаган, чагылгандай тез чабуулдарга жөндөмдүү армия болгон. Түрктөрдө армиянын атайын түрү катары түзүлгөн жөө аскери болгон эмес. Калыбы, алардын шаарларды курчоодо жөө аскерлеринин чабуулунун анча ийгиликтүү болбогондугу ушуну менен түшүндүрүлсө керек.

Календарь. Байыркы түрктөр он эки айбанаттын аттарына негизделген календарды пайдаланышкан, б.а. жылдарды алар белгилүү бир тартипте катар коюлган он эки айбанаттын аты менен аташкан. Байыркы түрк жазуу эстеликтери тарыхый окуяларды ошол айбанаттардын аттары менен атайт. Кыргызстандын аймагында Талас өрөөнүнөн табылган датасы бар бир гана эстелик белгилүү: анда тогузунчу жыл мечин (пичин, бечин) жылы деп жазылган.

«Кутадгу билиг» жана «Диван лугат ат-түрк». VIII–X кк. Орто Азияда илимий ой жүгүртүү өнүгө баштаган. Белгилүү илимий эмгектер араб тилинде жазылган. Алардын көпчүлүгү дүйнөнү чыныгы илимий жол менен тааныш-билүү жагынан айырмаланган.

X к.аягы — XI к. мусулман илим-билиминин чыгыш тарабтагы очоктору Баласагун жана Кашкар шаарлары болгон. Аларда математика, астрономия, медицина, араб-перс адабияттары, рифма теориясы боюнча терең билим алууга мүмкүндүк бар эле. Бул жакта акын жана ойчул Жусуп Баласагуни түрк тилиндеги «Кутадгу билиг» («Куттуу билим» же «Мамлекетти башкаруу жөнүндөгү илим») аттуу биринчи поэманы жазган. Даректерде автор жөнүндө эч кандай маалыматтар жок. Жусуп география, тарых, философия тармагы боюнча билимдүү адам болгон. Поэманын мазмунуна караганда акын 1015–16-жылдарда Караханилер кагандыгынын борборлорунун бири Баласагун шаарында туулган. 50 жаш курагында поэмасын жазууга киришкен. 1069-ж. поэманы жазып бүтүрүп, аны Тамгач Буура Кара хакан Абу Али Хасанга тартуу кылып берген.

«Кутадгу билиг» поэмасы IX–X кк. Бухарада өнүккөн адабий мектептин таасири астында жазылган. Ошондой болсо да, бул поэмада Жети-Суу жана Чыгыш Түркстанга — Чүй, Талас өрөөндөрүнө, Борбордук Теңир-Тоого жана Ысык-Көл жака-бойлоруна мүнөздүү түшүнүктөрдүн, уламыштардын чөйрөсү менен байланыштуу болгон жергиликтүү түрк адат-салттары чагылдырылган.

«Кутадгу билиг» поэмасында каган Күн Тогды Элик («Күн чыкты») жана анын вазири Ай Толды («Толгон ай») мактап ырдалат, кол башчылардын (су башлар, исфахсалар), башкы хажибдин, хажибдердин, элчинин (йалавач), ордо башынын (капуг башы), казначынын (азгычы), ашпозчунун (ашчы), кушчунун (кушчу), катчынын (битигчи), иш кагаз катчысынын (ыламга), байлардын (байлар), ортолордун (орто), кедейлердин (чыгайлар) сапаттары сүрөттөлөт. Маселен, Жусуп Баласагуни соодагерлер жөнүндө мындай деп жазат:

«Дагы бар соодагерлер, күнү-түнү,
Максаты өз пайдасын көздөп жүрүү.
Өлкөдөн өлкөлөргө өтөт басып,
Керектүүнү жеткирет сага ташып».

Поэма диалог, санат сөздөр жана насыят түрүндө жазылган. Анын терең мазмуну, курч поэтикалык тили аны эл ичинде кеңири белгилүү кылды. Бул поэмадан таалим-тарбия алышкан, анын санат сөздөрү менен үй-тиричилик буюмдарын, идиш-аяктарды кооздошкон.

Жусуп Баласагуни мамлекетти башкаруу, саясат, адамдын жашоодогу маани-маңызы, анын жүрүш-турушунун эрежелери жана милдеттери жөнүндөгү маселелерди философиялык ой

жүгүртүү жолу менен чечүүгө аракеттенген. Поэмада математика, астрономия боюнча маалыматтар бар. Ал Караханилер кагандыгындагы уруулардын тилинин өзгөчолүгүн, стилин, коомдук идеологиясын изилдөөдө чоң мааниге ээ. Анда Кыргызстандын аймагында жана шаарларында жашаган уруулардын аттары кездешет. Автор элдик чыгармачылыктын үлгүлөрүн — түрк фольклорун, макал-ылакаптарды, учкул сөздөрдү кеңири пайдаланган. Жусуп Баласагуни адамдын жандүйнөсүн эң жакшы баамдап билген, илимпоз-энциклопедист, араб, перс жана түрк поэзиясын жеткилең билген акын болгон.


Биздин күнгө чейин поэманын үч көчүрмөсү келип жетти, алар — Каирден, Намангандан жана Гераттан табылган кол жазмалар. Каир варианты эң байыркысы деп эсептелинет.

Дагы бир илимпоз-түрколог, тилчи жана лексикограф, этнограф жана фольклорчу, тарыхчы жана географ Махмуд ибн Хусейн Кашгаринин өмүр баяны жана ишмердиги жөнүндө да маалымат өтө аз. Анын «Сөздүгүнүн» мазмунуна караганда ал Караханилик башкаруучулардын тукумунан болгон. Махмуд Кашгаринин атасы Барскан (Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде) шаарында туулган.

Махмуд алгачкы билимин Кашгарда алып, аны Багдадда улантқан. Ал араб тилин эң жакшы билген, түрк элдеринин турмуш-шарты менен жакшы тааныш болгондуктан, алар жөнүндө китептердеги маалыматтар боюнча эмес, өзүнүн көргөн-билгендеринин негизинде жазган.

Махмуд Кашгаринин эки китебинен бизге 1072–1077-жж. аралыгында жазылган «Диван лугат ат-түрк» («Түрк тилдеринин сөздүгү») гана келип жетти. Анын 1226-ж. Мухаммед ас-Сави жазып алган көчүрмөсү Түркияда жарыкка чыгып, башка тилдерге, анын ичинде өзбек тилине да которулган. Махмуд Кашгаринин «Сөздүгүндө» ар түрлүү түрк элдеринин тилдери боюнча материалдар топтолгон. Караханилер мамлекетинин карамагына кирген түрк элдеринин сөздүк курамы бир кыйла толук берилген; фольклордун үлгүлөрүнүн көпчүлүк бөлүгү (элдик поэзиянын, макал-ылакаптардын үлгүлөрү жана д.у.с.) да ушул урууларга тиешелүү. Андан тышкары, Махмуд Кашгаринин «Сөздүгүндө» Караханилер мамлекетинин аймагындагы түрк урууларынын курамы, көлдөрү, жерлери, шаарлары жана айыл-кыштактары тууралуу тарыхый жана географиялык маалыматтар бар.

«Сөздүктүн» мазмунуна караганда Караханилер мамлекетинин чыгыш бөлүгүндө чигил, ягма, аргу, тухси, кыпчак, сог-



Махмуд Кашгари. Дүйнөнүн тегерек картасы. XI к.

дулуктар жана башка уруулар менен элдер жашашкан. Кыргыздар түрк урууларынын бири катарында беш жолу эскерилет.

Махмуд Кашгари түзгөн дүйнөнүн тегерек картасы өтө кызыктуу, анда Ысык-Көл, Баласагун жана Кашкар шаарлары көрсөтүлгөн. Бул жерде айта кете турган нерсе, картада «Сөздүктүн» текстинде кезикпеген аталыштар бар, же тескерисинче тексттеги географиялык аталыштардын бардыгы картага түшүрүлгөн эмес. Бул жана башка карама-каршылыктар Махмуд Кашгаринин картасына башка бир адам тарабынан өзгөртүү киргизилгендигин далилдейт.

Тарыхый булактарда Караханилер кагандыгынын Баласагун, Тараз, Өзгөн, Шелжи, Жикил, Куба, Шаш, Ахсыкет сыяк-

туу шаарларындагы маданияттын жана илимдин өкүлдөрү эскерилет.

Караханилер мамлекетинин чектеринде Жети-Суу менен Мавераннахрда түрк адабиятынын пайда болуу жана дари (фарси) тилиндеги адабияттын өнүгүү процесси бирдей жүрүп, алардын ортосунда тыкыс байланыш болгон. Ферганалык Ахмед Йүгнеки «Акыйкат белеги» аттуу поэмасын түрк тилинде жазган.

Ал доордогу көптөгөн акындар үчүн чыгармачылык кесип жашоонун каражаты болгондугун айта кетишибиз керек. Алар чыгармаларын көп учурда ак сөөктөргө тартуу кылып берүүгө аргасыз болушкан, аны төмөнкү саптар далилдейт:

«Бирөөгө ал Баласагундан Гератка азык жеткирет,
А бирөөнү болсо бир үзүм нан үчүн Баласагунга чейин кууйт».

Жогоруда айтылгандардын бардыгы орто кылымдардын тарыхында Караханилер доору жергиликтүү элдердин маданиятынын эң жогору өнүккөндүгү менен белгиленерин далилдейт. Андан кийин, Чыңгыз хандын кошуундарынын басып киришине байланыштуу төмөндөө башталган.

§ 2. Отурукташкан калктын маданияты

Дыйканчылык. Түштүктө тарыхый жылнаамалардын маалыматтарына караганда каралып жаткан доордон алда канча мурда эле айыл чарбасында дан эгиндеринен башка да жүзүм, жемиш бактары, беде өстүрүлгөн. Орто кылымдардагы көптөгөн жазма булактар сугатчылыкка негизделген дыйканчылык менен коштo жемиш остүрүү чарбасы гүлдөп өскөндүгүн баяндайт. Түндүктө таруу, буудай, күрүч, жүзүм остүрүшкөн.

Ак-Бешим (Токмок шаарынын түштүк-батышында) шаар урандыларын археологиялык жактан изилдегенде VII к. катмарларынан арпанын, буудайдын саманы менен дандары, өрүктүн сөөктөрү, ашкабактын, коондун жана дарбыздын данектери табылган.

Бул аймакта дыйканчылык негизинен жерди сугаруу менен жүргүзүлгөн, аны байыркы арыктардын нуктары далилдеп турат. Буга авторлордун сугат талааларынын жогорку түшүмдүүлүгү тууралуу маалыматтары далил боло алат. Бирок, кайрак жерлерде да эгин эгилгендиги жөнүндө маалымат бар. Кыргызстандын табигый шарттары дыйканчылыктын бул түрү үчүн ыңгайлуу болгон.

Ошол эле Ак-Бешим шаар урандыларынан жакшы сакталган буурусундун жыгачтан жасалган уңгусу табылган, анын кыргыздар Октябрь революциясына чейин пайдаланышкан буурусундардан эч кандай айырмасы жок. Башка жерлерден буурусундун темир тиштери, ороктор, бак бутай турган бычактар табылган. Дыйканчылыктын кеңири өнүккөндүгүн жана дандын товар катарында өндүрүлгөндүгүн көп жерлерден табылган диаметри 1.5 метрден ашкан тегирмендин таштары далилдейт. Атайын казылган чоң арыктарда же шар аккан сууларда тургузулган мындай тегирмендер кыйла өндүрүмдүү болгон.

Чүй өрөөнүндөгү чоң шаарлардын биринин жанынан (Красная Речка кыштагынын жанындагы шаар урандылары) шарап жасоочу ишкана изилденген. Ал үч бөлмөдөн турган: анын биринде жүзүм сыгуучу аспаптар жайгаштырылып, андан жүзүмдүн ширеси карапа түтүк менен агып, коңшу бөлмөнүн таманындагы терең оюкка коюлган чоң карапа идиштерге — кумурага келип куюлуп турган, мында шарап ачып жетилген. Үчүнчү бөлмөдө шарап сакталган. Бул чакан ишкана XI к. таандык.

Тургун жайлар. Кулчулук доорунун начарлашынан улам (IV–V кк.) байыркы дыйканчылык чөлкөмдөрүндөгү шаарлардын өнүкпөй токтоп калышы жана айыл-чарба регионунда коомдук-саясий турмуштун жанданышы олуттуу өзгөрүүлөргө алып келген, бул болсо кыштактар менен шаарлардын андан аркы өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизген.

Түштүк Кыргызстандын тоо этектериндеги айыл-чарба райондорунда кул ээлөөчүлүк мезгилде салынган патриархалдык конуш жайлардын ордуна мыкты бекемделген чептер менен сепилдер пайда болгон, алар феодалдык акимдердин (алар көбүнчө сугат каналдарынын башкы курулуштарын ээлешкен) коргоно турган жайлары болгон, ошону менен бирге алар отурукташкан оазистерди козөмөлдөп-коргоочу сепил-форпосттордун ролун да аткарышкан. Дыйкан калктын турак жайларынын негизги тиби мурункудай эле бекемделбеген айыл-кыштактар болуп кала берген. Өсүп бара жаткан феодалдык шаарлар дыйкан калкы үчүн кол өнөрчүлүк-соода борборлору болуп калган.

Түштүк Кыргызстандын дыйканчылык чөлкөмүндөгү феодалдык кыштактар менен шаарлардын пайда болуу жана өнүгүү процесси Ош оазисинин мисалынан ачык байкалат. Феодалдык мамилелердин онүгүшүнө байланыштуу алгачкы таптык

доордогу бекемделген көп сандаган конуш жайлар каңгырап ээн калган, алардын урандылары (дөбөлөр, тепелер) Ош шаарынын батыш жагында — Ноокатка барчу жолдун боюнда, чыгыш жагында — Памирге кетүүчү жолдун бойлорунда, түндүк багытында — Анжиянга баруучу жолдун боюнда азыр да бар. Алардын ордуна кийин сепилдер жана чептер пайда боло баштаган. Булардын калдыктары азыр да бар. Атап айтсак, аларга Оштун түндүк-чыгыш жана түндүк жагындагы Коргошун-Дөбө жана Кашкар-Кыштак деген сепилдер, Оштун түштүгүндөгү Ак-Буура суусунун капчыгайдан өрөөнгө чыга беришиндеги Ак-Буура сепили, Оштун түштүк-батышындагы Талды-Суу капчыгайынын өрөөнгө чыга беришин коргоп турган Шалтак деп аталган сепилдердин тобун көрсөтүүгө болот. Ал сепилдердин ээси феодалдар болгон.

Кол өнөрчүлүктүн дыйканчылыктан бөлүнө баштагандыгына байланыштуу Ош шаары да акырындык менен өнүгүп отурат. Фергананын бардык шаарлары сыяктуу эле, ал да мавераннахрдык шаарлардын үлгүсү боюнча калыптанып, үч бөлүктөн — сепилден, шахристандан жана рабаддан турган. Сепил шаардын абдан бекемделген бөлүгү болуп, анда өзүлөрүнүн аскер кызматчылары менен бирге шаардык жана аймактык акимдер жашаган; сепил шахристандын аймагында жайгашкан. Шахристандын бекемделген өзүнчө чеби болгон, анын ичинде феодалдардын, соодагерлердин жана дин кызматчыларынын үйлөрү, ошондой эле коомдук жана сыйынт имараттары, соода кампалары жана башка курулуштар жайгашкан. Шахристандын тегерегинде рабад, б.а. шаардын кол өнөрчүлөрү жашап турган бөлүгү орун алып, кол өнөрчүлөрдүн устаканалары жайгашкан.

Жазуу булактарынан Ош шаары жөнүндө төмөнкү маалыматты окуйбуз: «Ошто калк жашаган ички шаар, адамдар жашаган сепил жана акимдин үйү бар, а сепилде түрмө да бар: шаар түбүндөгү аянт бийик дубал менен курчалган... шаарда үч дарбаза бар, — ал-Жебель (тоо) дарбазасы, ал-Маи (суу) дарбазасы жана Мугкадах дарбазасы; шаардын дарбазалары бекемделген». Ош бүткүл Фергана боюнча чоңдугу жагынан үчүнчү шаар деп эсептелген. Археология жагынан байыркы Ош бизге тактакыр белгисиз, анткени анын ордун азыркы шаар курулуштары ээлеп тургандыктан археологиялык казууларды жүргүзүүгө мүмкүн болбой калды.

Түштүк Кыргызстандын аймагындагы экинчи бир шаар Өзгөн. Караханилер доорунда ал саясий жактан жогорулап,

Мавераннахр дубанынын борбору болгон. Өзгөн да сепил, шахристан жана бир нече рабаддан турган, шаардын төрт дарбазасы болгон. Өзгөн сооданын ири очогу болуп, андан Ысы ашуусу аркылуу Борбордук Теңир-Тоого, андан ары Жети-Сууга жана Чыгыш Түркстанга кербен жолу кеткен.

Байыркы Өзгөндүн урандылары азыр да байкалып турат. Кара-Дарыя өзөнүнүн терең аңдары бар оң өйүзүндөгү бул урандылар үч бөлүктөн турат, ар бир бөлүгүнүн өзүнчө бекемделген коргондору болгон. Өзөндүн жээгинин жана аңдардын жантайма беттери атайылап жасалма жол менен тике жарга айландырылып, шаардын коргонуу мүмкүнчүлүгүн күчөтүү үчүн пайдаланылган. Шаардын ураган дубалдарынын ичинде жапыз топурак жалдар менен курчалган махаллалардын дубалдарынын калдыктары жатат, ал эми махаллалардын ичинде болсо курулуштардын урандылары дөмпөйүп, турак-жайлардын орду чуңкурайып байкалып турат. Үстүндө болсо көптөгөн карапа материалдар жатат. Кээ бир жерлерде пакса блокторунан жана бышырылбаган чоң кирпичтерден салынган дубалдар көрүнөт. Бышырылган кирпич менен салынган дубалдар өтө сейрек учурайт. Шаарга узун пандус аркылуу гана кирүүгө мүмкүн болгон, бул жолдор мунаралар менен бекемделген. Байыркы Өзгөндүн рабадынын көпчүлүк аянтына азыркы кездеги курулуштар салынган. Ал рабаддын аймагын болжолдоп гана билүүгө болот. Азыркы Өзгөн шаарынын чегинде орто кылымдардагы Өзгөндүн татынакай эстеликтери — XI–XII кылымдардагы мунара жана үч күмбөз сакталып калган.

Кыргызстандын түштүгүндөгү үчүнчү чоң шаар, Ошко жакын жерге жайгашкан Медва болгон. Азыр бул шаардын көбүрөөк бекемделген бөлүгү менен сепилинин урандылары гана бар, ал эми калган аймагында азыркы Мады кыштагы жайгашкан. Памир жолунун боюнан бир километрче алыстыкка шаардын байыркы курулуштарынын дөбөлөрү азыр да көрүнүп турат, ал эми сепил турган жердеги дөбөнүн бийиктиги 12 метрге жетет.

Кыргызстандын түштүгүнүн көп жерлеринде феодалдык мезгилдеги майдараак шаарлар жана кыштактардын калдыктары бар экендиги белгилүү. Калк орношкон турак жайлардын көп болгондугун жазма булактар да ырастайт. Мисалы, Мукаддаси жалаң гана Ферганада чоң мечиттери бар 40 шаар менен кыштак бар экендигин кабарлайт. Бул шаарлар менен кыштактар үч вилаетке кирген — Миян-Рудан (Нарын менен Кара-Дарыянын ортосу), Несай (Сыр-Дарыянын түштүк жагы) Вазгий

(Сыр-Дарыянын түндүк жагы), ага Арделанкет шаары менен кошо Жидгил (азыркы Чаткал өрөөнү) вилаети кирген. Хайлам (азыркы Кетмен-Төбө өрөөнү) озунчө дубан болгон.

Түндүк Кыргызстанда феодалдык мамилелердин орношу менен отурукташуу жана дыйканчылык пайда болуп, өнүгө баштаган (V–VI кк.).

Кул ээлөөчүлүк түзүлүштүн аяк чендеринде бул тарапта жарым отурукташкан чакан бир кыштак болгондугу белгилүү; анда жашаган адамдар негизинен мал багып, жарым-жартылай дыйканчылык менен да кесиптенишкен. Буга табылган тарууунун дандары, көптөгөн жаргылчактар далил. Сокмо дубалдуу, төбөсү жалпак тамдар болгон.

Кул ээлөөчүлүк заманда отурукташуу өнүкпөгөндүктөн, бул кийин орто кылымдарда отурукташуунун жүрүшүнө жана калыптанышына сөзсүз таасир тийгизген. Урук-уруулардын феодалдашып бара жаткан жол башчыларынын конуштарынын тегерегинде, ошондой эле көчмөн ак сөөктөрдүн турак жайлары менен кыштоолорунун жанында кыштактар пайда болгон. Алардын турак жайлары айрым учурларда бекемделген сепилдерге окшош келген. Ал туралтардын айланасында жакырданып, айыл-чарбасы жана кол өнөрчүлүк менен кесип кылууга өткөн көчмөндөрдүн, ошондой эле согушта туткун болуп, кулга айлангандардын саны бара-бара өсө берген. Отурукташкан алгачкы кыштактарды мына ошолор түзүшкөн.

Түндүк Кыргызстанда отурукташуунун пайда болушуна жана өнүгүшүнө түрткү берген дагы бир жагдай — Ыраакы Чыгышты Жер Ортолук деңизинин айланасындагы өлкөлөр жана Европа менен байланыштыруучу, мурда Алай—Фергана аркылуу өтүп турган соода жолунун Жети-Суу менен Теңир-Тоо жакка которулушу бир топ чоң роль ойногон. Жети-Сууда батыш-түрк кагандарынын бийлигинин орнотулушу жана бул жакка алардын ордосунун көчүрүлүшү аталган маанилүү соода жолунун багытынын өзгөрүлүшүнө себеп болгон. Батыш-түрк кагандары көп пайда бере турган бул чоң жолго ортомчу болуу жана ага көзөмөл жүргүзүү укугун алууга кызыгдар болгондугу белгилүү. Сасанилер Ираны менен Византияга жогоруда эскертилген элчилердин барышкандыгы жана түрктөрдүн Сасанилерге каршы жүргүзгөн күрөшү дал мына ушул максатка байланыштуу болгон.

Бул соода жолун пайдаланууга согдулук коностөр активдүү катышкан. Узундугу жагынан эбегейсиз зор бул жолдун мерчемдүү жерлериндеги кербен сарайларды, мейманканаларды

тейлөө үчүн Согдулук жана Шаштык (Ташкен оазиси) көптөгөн адамдар кызмат кылышкан, алардын дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен да кесип кылууга мүмкүнчүлүгү болгон. Айрым тарыхый окуяларга байланыштуу Согду менен Шаштын калкы Жети-Сууга көчүп кетүүгө аргасыз болушкан. Бул арабдар Орто Азияны басып алган мезгилдерде болгон.

Түрк доорунда Жети-Суу менен Согдунун отурукташкан жерлеринин экономикалык жана социалдык өнүгүшү окшош болгон. Кыязы, жылнаамаларда Суябдан Аму-Дарыяга чейинки түрктөрдүн бүткүл өлкөсүнүн аты бирдей, анда жашаган калктын жазуусу, тили жана кийимдери да окшош деп ушул себептүү жазылса керек. Бул Түндүк Кыргызстандын отурукташкан аймактарынын турмушунда Согду менен Шаштан көчүп келгендер бир кыйла роль ойногондугун ырастайт.

Бирок, андан кийинки мезгилде согдулук келгиндер түрк тилиндеги жергиликтүү калктын арасына толугу менен сиңип кетишкен. Жети-Суунун тарыхындагы бул маанилүү көрүнүш Махмуд Кашгаринин маалыматтарында ырасталат: «Согдак — Баласагунга келип жайгашкан адамдардын тобу. Алар Бухара менен Самаркандын ортосундагы Согдудан келишип, түрктөрдүн кебетесин, алардын салттарын кабыл алышкан».

Отурукташкан борборлордун түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө түркий тилдүү жергиликтүү калктын жандуу катышкандыгына жана чечүүчү роль ойногондугуна VII–X кк. эле белгилүү болгон Сарыг, Жул, Харран-Жуван, Баласагун жана башка кыштак, шаарлардын түркчө аттары далил боло алат.

Шаш менен Согдудан көчүп келгендердин материалдык маданиятында да жергиликтүү уруулардын таасири астында алардын этникалык белгилери бара-бара жоголуп кеткендигин археологиялык изилдөөлөр аныктап отурат.

Түндүк Кыргызстанда отурукташуунун пайда болуу жана өнүгүү процессинде отурукташкан калк менен көчмөндөрдүн конуш жайларынын өзгөчөлүктөрү жана алардын өз ара мамилелери да бир кыйла ролду ойногон.

Фергана дыйканчылык тилкеси территориялык жактан жалпы туташ келип, бирдиктүү мамлекеттик аппараты болгон.

Ал эми түндүктө болсо кыштактар менен шаарлар чачанчакан оазис түрүндө болуп, алардын айланасында көчмөн калк орун алышкан. Бул жакта саясий бийлик көчмөндөрдүн ак сөөк феодалдарына таандык болгон. Шаарлар бири-бирине көз каранды болушкан эмес, бирок бардыгы түрктөргө баш ийишкен. Алардын ортосунда кандайдыр бир союздаштык мамилелер бар

экендиги жөнүндө так эмес маалымат бар. Бирок, ал тарыхый хроникалар так жана ачык далилдеп тургандай алардын түзүлүп калган жалпы саясий абалы жөнүндөгү пикирди өзгөртүүгө жетишерлик негиз боло айбайт.

Археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында Түндүк Кыргызстандагы орто кылымдардын баш чендериндеги шаарлар менен кыштактардын качан пайда болуп, качан ээн калгандыгы тууралуу, алардын жалпы планы жана аянттары жөнүндө маалыматтар чогултулду. Ал шаарлар менен кыштактардын калдыктары биздин күнгө чейин сакталып турат. Жазма маалыматтар менен бирге археологиялык табылгалар ошол шаарлар менен кыштактардын кандайча өнүккөндүгү жөнүндө белгилүү бир деңгээлде түшүнүк бере алат.

V–VI кылымдарда Түндүк Кыргызстанда анчалык чоң эмес аймактар пайда болуп, анын тургундары дыйканчылык, соодагерчилик жана кол өнөрчүлүк менен кесип кылышкан.

VI–IX кылымдарда кол өнөрчүлүктүн айыл чарбасынан жана шаардын кыштактан бөлүнүү процесси али аяктай элек эле. Ошондуктан кыштактарда кол өнөрчүлөр, соодагерлер жана дыйкандар чогуу жашап турушкан. Муну Түндүк Кыргызстанда түштүк жактагыдай бекемделбеген айыл-кыштактардын жашоосуна шарттын болбогондугу менен түшүндүрсө болот.

Калк орношкон ири кыштактардын чет жакасында бекемделген чептер болгон, ал эми алардын ортосунда караван-сарайлар салынган. Кыргыз Ала-Тоосунун капчыгайларынан агып чыккан Чүй суусунун ири куймаларынын боюна көптөгөн сепилдер тургузулган. Алар тоо жактан болуп туруучу коркунучтан сактануу үчүн орнотулган, мындан тышкары дарыянын жаймасын сугат үчүн суу алып туруучу булак катарында кайтаруу милдетин да аткарган болсо керек.

X–XII кк. бүткүл Орто Азия боюнча өндүргүч күчтөрдүн жогорулагандыгы байкалат. Ошол кездерде узун дубалдуу шаарлардын тобунан бир топ чөлкөмдөрдүн кол өнөрчүлүк, соода-сатык иштеринде үстөмдүк кылуучу ролду ойногон ири шаар борборлору болүнүп чыккан. Бирок, мындай борборлордо да эски агрардык калдыктар XIII кылымдын башына чейин, б.а. монголдордун кыйраткыч жортуулдары Түндүк Кыргызстандын отурукташкан дыйканчылык турмушуна ырайымсыз сокку урганга чейин сакталып келген.

Чоң борборлордун айланасындагы жана капчыгайлардын ооздорундагы сепилдердин бир далайы экономикалык жогорулоо мезгилинде аябай өсүп, узун дубалдуу шаарлардан бөлү-

нүп чыгып, бир кыйла ири кыштактарга айланып кеткен. Алардын кай бирлеринин өзүнчө кол-өнөрчүлүк өндүрүшү болгон, айрымдары бекемделген чакан чептер боюнча кала берген.

Ошентип, VI–VII кылымдардан баштап Түндүк Кыргызстандагы шаарлар менен кыштактар кол өнөрчүлүк менен дыйканчылыктын борборлору болгон.

Кен казып алуу жана металлургия. Кыргызстандын орто кылымдардагы шаарларындагы кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүндө кен казып алуу иши жана металлургия чоң ролду ойногон. VI–VII кк. эле түрк урууларында металлургия өндүрүшү болгондугу жөнүндөгү маалыматтарды, андан кийинки убакыттарда Кыргызстанда тоо-кен ишинин кеңири өнүккөндүгү тууралуу араб-перс тилиндеги тарыхый булактардагы кабарлар толуктайт. Бул маалыматтарга караганда Талас өрөөнүндө күмүш-коргошун кендерин иштетүү өзгөчө өнүккөн.

Жазма булактардагы кен казып алуу иши, металлургия өндүрүшү жана темир устачылык тууралуу маалыматтарды көптөгөн археологиялык байкоолор менен материалдар да ырастап турат.

Кыргызстандын тоолуу райондорундагы байыркы убактарда кен казылган жерлерди изилдөөнүн натыйжасында орто кылымдардын алгачкы мезгилиндеги кен казуу ишинин абалы жөнүндө ачык-айкын түшүнүк алууга болот. Кендер жер үстүнөн да, жер астынан да казылып алынган. Жер үстүнөн казылып алынуучу кен жайларынын көлөмү (кендин калыңдыгына байланыштуу) ар түрдүү болгон. Алар анча чоң эмес чуңкурдан тартып, узундугу жүз, туурасы элүү, тереңдиги жыйырма метрге чейин жеткен ири карьерлерден турган.

Кен казып алуу техникасы, феодалдык доордогу башка техникалар сыяктуу эле өтө жөнөкөй келип, оор кол эмгегине негизделген. Казуу ишиндеги негизги куралдар чукулдук жана темир керки, таштан жасалган барскан менен балка, жыгач жана темир шынаалар болгон. Жумшак тектерди казууда күрөк менен кетмен пайдаланылган. Катуу тектерди казып алып үчүн отту пайдаланышкан, — а дегенде кендин үстүнө от жагышкан, андан кийин кендин ысыган капталдарына суу чачышкан. Тез муздагандыктан кендин тегинде жарака пайда болгон, жарака жыгач шынаа уруп, ага суу куюшкан. Шынаа көөп чыгып, текти кезек болүктөрго ажыратып түшүргөн. Жер астынан казылып алынуучу кен шахталарынын төбөсү жана капталдары көп учурда тирөөчтөр тирелип, бекемделген эмес, ошондуктан шахтада тез-тез кыйроолор болуп турган. Шахтаны тиреп,

бекемдөөчү каражаттар катарында жыгач тиреөчтөр, чоң-чоң таштар колдонулган. Өтө терең казылган кендерди биликтүү май чырак менен жарык кылышкан. Шахталарда табигый желдетүү басымдуулук кылган. Бирок, атайы желдетилүүчү шахталар да болгон.

Казылган кенди туурасынан казылган жерде жердин үстүнө кайыш кап, себет, чанага окшогон жащиктерге салып, сүйрөп ташышкан, ал эми тикесинен казылган терең жерден жөнөкөй чыгырыкка оролгон аркан менен тартып чыгарышкан. Казылган кенди таш барскан менен же чоң жаргылчакка салып майдалашкан, андан кийин кол менен жууп, тазалап, ирген алышкан.

Кенди чалгындоо үчүн казылган шурфтарга жана казуунун өзгөчөлүктөрүнө караганда байыркы кенчилер кендин жаткан жерин жакшы баамдашкан, кандайдыр бир деңгээлде маркшейдерлик ыктарды билишкен, аны жер алдындагы кендердин планы чегилген слан плитасы далилдеп турат.

Кенди казууда негизинен эркектер иштешкен, ошондой эле аялдар менен балдардын күчү да колдонулган. Кендерде согушта колго түшкөн кулдар кеңири пайдаланылган. Аспаптардын өтө жөнөкөйлүгү, шахтанын начар желдетилгени же анын таптакыр желдетилбегени орто кылымдардагы кенчилердин эмгегин өтө оордоткон.

Иргелип тазаланган кен кол өнөрчүлүк борборлоруна жеткирилип, ал жерде аны эритишкен. Талас өрөөнүндөгү Ак-Дөбө кыштагынын жанындагы шаар урандысынан табылган металл эритүүчү меш жарым-жартылай жерге көмүлүп, ал эми жердин үстүңкү бөлүгү бышырылбаган кирпичтер менен көтөрүлгөн. Мештин көлөмү 2,2х1,6 метр келип, формасы сүйрү болгон. Анын үстүңкү тешигинен кенди жана отунду катмар-катмар кылып 4 м бийиктикке чейин толтурушкан. Темирди чала эритилген түрдө алышкан, анткени темирди толук эритүүгө температура жетиштүү болгон эмес. Ошондуктан темирди андан ары реакция жолу менен алуу ыгы колдонулган. Химиялык реакциянын натыйжасында темирдин кычкылы кычкылтектен ажырап, темирге айланган, ал темир өтө майда желекчелер түрүндө эритүүчү мештин түбүнө түшүп, камырга окшош жумшак массаны түзгөн.

Калган металлдар башка жол менен эритилген. Маселен, күмүш менен коргошун ушундай эле меш-көөрүктөрдө бир нече этап менен эритилген. А дегенде кара коргошун алынган, экинчи жолу эритип, аны тазартышкан, андан кийин үчүнчү этапта гана күмүш коргошундан бөлүнүп чыккан.

Металлургия өндүрүшүнүн масштабдарын кээ бир археологиялык байкоолордон баамдоого болот. Талас өрөөнүндө орто кылымдардагы калк орношкон ондогон кыштактардын урандыларынан металлургия өндүрүшүнүн ар кандай түрлөрүнүн издери, — мештердин калдыктары, темирдин уютмалары, жезди, күмүш менен коргошунду эриткенден кийин калган шлактардын катмарлары табылган. Талас өрөөнүндөгү Садыр-Коргон шаар урандыларынын суу жеп кеткен айрым жерлеринде туташынан 200–300 метрге чейин жеткен шлактардын катмары жатат, анын калыңдыгы кээде 2–2,5 метрдей келет. Бул шаарчанын урандыларынын көп жерлеринде шлактар жердин үстүндө да көрүнөө жатат.

Кол өнөрчүлүгү. Шаардык жана айылдык темир усталар эмгек шайман-жабдыктарын, буюмдарын, ошондой эле жоожарактарды жасашкан. Тилекке каршы, археологиялык казуулардын табылгалары темир куралдардын бардык түрлөрү жөнүндө толук маалымат бере албайт, анткени темир жерде жаман сакталат. Ошого карабастан алардын бир топ түрлөрү табылды. Усталар айыл чарбасынын муктаждыгы үчүн буурусундун темир тишин, кетмен, орок, багбан бычагын, жуушак, така, унаанын жана арабанын шаймандарын жасашкан. Үй тиричилиги үчүн темир идиштер, казан, тараза, таразанын ташы, кайчы, бычак, кашык, айры, кулпу, ачкыч, чынжыр жана башкаларды жасашкан.

Темир усталардын аспаптарынан — балка, аттиш, жыгач усталардын аспаптарынан балта, керки, көзөөч, тешкич, бургу, сүргүч табылган. Кен казуу ишинде колдонуу үчүн чукулдук, чот, барскан, түрлүү шынаалар жасалган. Курулуш тетиктеринен чаңгек (скоба), мык, тегээлер белгилүү.

Темирден жасалган курал-жарактар көчмөндөрдүкүндөй болгон, алар: туулга, соот, селебе, кылыч, кыма, тык, канжар, текөөр ж.б.

Шаарлар менен кыштактарда темир усталар, зергерлер түстүү жана кымбат баалуу металлдардан нечен түрлүү асем буюмдарды жасашкан. Бул жагынан алардын техникасы бир топ жогору болгон. Зергерлерге ошол кездеги техникалык ыкмалардын бардыгы — фигураларды кую, оймолоо, наар түшүрүү, өрмө, чиймелөө, алтындын буусун жалатуу жана башкалар белгилүү болгон. Археологиялык казуулардан зергерлер жасаган өтө жогору көркөмдүктөгү көптөгөн асем буюмдар табылган.

Толуп жаткан коло түтүктөр (алар эмне үчүн колдонулгандыгы азырынча белгисиз) жана коло сокулар белгилүү. Бул

түтүктөрдүн узундугу 30 см жана диаметри 15 см болуп, цилиндрге окшоп кетет, анын сырты бүт бойдон оймо-чиймеленген. Ошолордун ичинен кооздугу жагынан эки чоң көңдөй түтүк айырмаланып турат, алардын үстүндөгү эки алкактардын ортосу жыш оймо-чиймеленген (кандайдыр бир стилдештирилген өсүмдүктөрдүн жалбыректары, геометриялык ар кандай фигуралар, жазуулар), мына ушулардын арасында сол жакты көздөй бара жаткан эки жолборстун сүрөтү бар, бул сүрөттөр бийик рельеф түрүндө тартылган.

Кооздоп куюунун жогору өнүккөндүгүнө жана алтындын буусун ысытып жабуунун жолу колдонулгандыгына Ак-Бешим (Токмок шаарынын жанында) шаар урандыларындагы будда храмынан табылган алтындын буусу жабылып, чиймеленген тилкелүү каңылтырлар далил боло алат.

Усталар түстүү жана кымбат баалуу металлдардан ар кандай асеми буюмдарды жана аялдардын зыйнаттарын — күзгү, билерик, сөйкө, асыл таштуу шакек, жылаажын, жаныбарлардын түспөлүндөгү асма тумар-үштүк жасашкан. Шиш-Төбө жана Красная Речка шаар урандыларынан табылган күмүш билериктер жогору чеберчиликте жасалгандыгы менен айырмаланат. Билериктин бардыгы бирдей техникалык ык менен жасалган, — жылмакай жоон үч күмүш зым оролгон: жоон зымдардын ортосунан ичке эки күмүш зым эшилип, эриш-аркак болуп өткөрүлгөн. Билериктин учтары ичкерилип, анын учтарына эшилген күмүш зымдан жасалган ар кандай жаныбарлардын баштары ширетилген.

Карапа кол өнөрчүлүгү баарынан жакшы изилденип-үйрөнүлгөн. Ал тиричиликте керектелүүчү идиш-аяктардын көпчүлүгүн камсыз кылып турган. Карападан жасалган буюмдардын түрлөрү өтө көп. Бышырылган чоподон жасалган буюмдар курулуш ишинде, коомдук жана сыйынт имараттарын архитектуралык жактан кооздоодо, ал түгүл диний ырым-жырымдар аткарууда да колдонулган. Карапа өндүрүшү VI–XII кылымдардын ичинде бир нече этап менен өнүккөн.

VI–VII кылымдарда карапа буюмдарынын көпчүлүгү үйдө, кол менен чапталып жасалган. Идиш-аякты, чыракты өтө жөнөкөй оймо-чиймелер жана чаптап түр салуу менен кооздошкон же аларды кызыл сыр менен сырдап туруп, андан кийин жалтыратышкан. Очокко орнотулган тулгалар кээде айбанаттардын баштары сыяктуу тетиктер менен кооздолгон.

Өлгөн адамдардын сөөктөрүн салуу үчүн чоподон жасалган кичинекей табыттар — оссуарийлер да кол өнөрчүлүк буюмда-


рына кирген. Алар көбүнчө кооздолуп жасалган. Татаал оймочиймелери бар, адамдын калыпка салынып жасалган сөлөкөттөрү жана жаныбарлардын сөлөкөттөрү чапталган табыттар табылгандыгы да белгилүү. Шаардык кол өнөрчүлөр декоративдик кирпичтерди да жасап, андай кирпичтер менен имараттардын фасаддарын кооздошкон.


Карапачылар ар дайым эле карапа чыгырыктарын колдоно беришкен эмес. Чаптама идиштер көп болгон, муну, кыязы, анын көбүнчө үйдө, колдон жасалгандыгы менен түшүндүрүүгө болот.

VIII–X кылымдарда отурукташып, дыйканчылык менен кесип кылган кыштактардын өнүгүшү жана алар менен көчмөн уруулардын ортосунда өз ара алмашуулардын өсүшү карапа өндүрүшүнүн андан ары өркүндөшүнө да өз таасирин тийгизген. Бул доордо карапа буюмдарды сатуу үчүн жасап чыгаруунун натыйжасында алардын формалары стандарт боюнча бир эле үлгүдө чыгарыла баштаганы байкалат. Карапа чыгырыктарында жасалган буюмдар көбөйүп, бир катар аймактарда андай буюмдар басымдуулук кылган. Бирок, ошол эле мезгилде чаптама карапалар да бир кыйла көп учурайт.

Карлук доорунда карападан жасалган буюмдардын кээ бир түрлөрүнүн оюлуп түшүрүлгөн саймалар жана калыпка салынып түшүрүлгөн орнаменттер менен кооздолгондору көбүрөөк тараган. Капкактарды зооморфдук сүрөттөр менен кооздоо улантыла берет. Бул мезгилде күңүрт түстүү, сапаты анчалык жакшы эмес поташ (шакар) аралашмасы менен сырдалган суу жүгүрө турган алгачкы карапа түтүктөр пайда болгон.

X–XII кылымдардагы шаарларда карапачы кол өнөрчүлөрдүн бүтүндөй бир маалалары болгон, ал жерлерди казганда карапа бышыруучу мештердин калдыктары жана шлактардын калың катмарлары табылган. Бул мезгилдеги карапалардын мүнөздүү өзгөчөлүгү көпчүлүк идиш-аяктар бут менен тегеретилүүчү чыгырыктар менен жасалгандыгында. Карапа буюмдарга жана идиш-аяктарга болгон рынок муктаждыктарынын өскөндүгүнө байланыштуу карапа буюмдардын формалары өзгөрүлбөй стандарт боюнча (бир эле үлгүдө) чыгаруу көбүрөөк орун ала баштайт. Орнамент түшүрүү үчүн ар түрдүү калыптар кеңири колдонулган. Идиштердин айрым түрлөрү атайын калыптарга куюлуп, болөк-болөк даярдалган. Көптөгөн карапа буюмдар кол өнөрчүлүктүн көркөм чеберчилигинин чыныгы чыгармасы болуп саналат. Мындай буюмдар көбүнчө феодалдардын жана көпөстөрдүн төбөлдөрүнө арналып, өтө ажайып





Динарлар. Алтын. XI–XII кк. Несториан крести.
Коло. Красная Речка шаар урандысы. VIII к.



Будда кудайы. Алтындалган
күмүш. Красная Речка шаар
урандысы. VIII к.



Көп түстүү сүрөттөр менен
кооздолгон кумура.
Чүй өрөөнү. XI–XIII кк.

түрдө кооздолгон. Мында биз стилдештирилген орнаменттердин өтө кылдаттык менен айкалыштырылгандыгын да, эпиграфиялык орнаментти да, живописти да жана рельефтүү сүрөттөрдү да көрөбүз. Мында карапалардын саны мурункуга кезге караганда улам көбөйө берген.

XI–XII кылымдардагы карапачылар кичинекей идиш-аяктардан тартып, эбегейсиз зор кумурага чейин, нечен түркүн формадагы жана турмуш-тиричиликте көп пайдаланылуучу идиш-аяктарды жасап чыгаруу менен гана чектелишкен эмес. Алар турак үйлөрдүн ичине орнотулуучу төбөсү ачык кооз очокторду да жасашкан. Суу жана канализация үчүн карапа түтүктөрдү, курулуш материалдарынан — бышырылган кирпичти жана үй жаба турган черепицаны көп санда чыгаруу иши жолго салынган. Үйдүн капталдарына жана тамандарына капталуучу жогорку коркөмдүктө жасалган оймолуу терракоталар менен плиталар да чыгарылган. Мына ушулардын ичинде XI–XII кылымдардагы турак үйдөн плитканын сейрек учуроочу үлгүсү табылган. Узун-туурасы 17,5х35,5х3,3 см болгон, формасы кирпич сыяктуу плитада арстандын рельефтүү сүрөтү бар. Арстан плитанын бетин узатасынан бүт бойдон ээлеп оң жакты карап турат, бирок анын башы көрүүчүлөрдү көздөй бурулган. Бирок бул баш кийин калып менен жасалып, мурдагы сүрөттүн үстүнө түшүрүлгөндүгү арстандын оозу бери жакты эмес, оң жакты карап кала бергендигинен ачык байкалат. Арстан эки учунда эки гүлү бар сабакты тиштен турат.

Идиштерди жалтыратып сырдоо жана аларга сүрөт түшүрүү иши кеңири тараган. Айнектей тунук сырдын үстүнө кызыл, ак, кара жана сары сырлар менен сүрөт түшүрүлгөн. Сүрөттөрдүн мүнөзү ар түрдүү. Идиштердин бирлеринде бел ортосуна айланта гүлдүн стилдештирилген желекчелери тартылган же Курандан алынган санаттар, же жакшы тилектер жазылган, ал эми капталдарына осүмдүктөрдүн жалбыректары же геометриялык сызыктар менен фигуралар кыйма-чийме түшүрүлгөн, ал эми түбүнө болсо гүлдүн сүрөтү каршы-терши тартылган. Кай бирлеринде болсо ийри-буйру сызыктардан турган геометриялык орнамент гана бар. Ал эми адамдын, жандыктардан кыргоолдун, баканын, аюунун сүрөттөрү анда-санда гана түшүрүлгөн.

Айнек буюмдар (көбүнчө идиштер) казылган жерден көп табылган. Бул айнек чыгаруу кесибинин кеңири онүккөндүгүн далилдейт. Айнек жасап чыгаруунун изи жана жараксыз айнек калдыктары далилдеп тургандай айнектер ушул жердин өзүндө

өндүрүлгөн. Идиштердин түрлөрүнөн кичинекей кумура, бокал, ваза ж.б. бар. Айнек мончоктор, шакектин көздөрү жана башка жасалгалар да өтө арбын.

Кыргызстандын шаарлары менен кыштактарында таш сомдоо, чегүү кесиби башка кол өнөрчүлүктүн ичинде көрүнүктүү орунду ээлеген. Таш сомдоочу усталардын жасаган буюмдары көп учурда искусствонун чыныгы үлгүлөрү болгон. Таштан жасалган скульптуралар, архитектуранын тетиктери табылгандыгы белгилүү. Талас шаарына жакын жердеги эски шаар урандыларынан бийиктиги 4,3 м болгон чулу таштан жасалган тирөөч табылган. Анын татаал профили, орнамент менен кооздолушу ташты өтө көркөм түрдө иштете билүүнү талап кылгандыгын айгинелейт. Таш чегип, сомдоочулардын өтө жогорку чеберчилигине айрым бир таш скульптуралардын бөлүктөрү жана архитектуралык тетиктер далил боло алат. Бул бөлүктөр менен тетиктер, кыязы, культ имараттарынын ички бөлмөлөрүн кооздоо үчүн пайдаланылган болуу керек. Жергиликтүү кол өнөрчүлөр таш идиштерди (казан, чок салып шишкебек ж.д.у.с. даярдоочу очок-меш) тегирмендин ташын, таш пресстерди жасашкан. Буларга материал катарында көбүнчө шагыл таштар пайдаланылган.

Отурукташкан калктын кол өнөрчүлүгүнүн көп түрлөрү боюнча жазма маалыматтар бизде али жокко эсе. Кол өнөрчүлөрдүн эмгек шайман-жабдыктарына аздыр-көптүр толук мүнөздөмө берүү үчүн археологиялык табылгалар да жетишсиз. Мисалы, жыгач устачылыгы жөнүндө буюмдардын (буурусундун) бүтүндөй сакталып калган үлгүлөрү жана курулуш материалдарынын калдыктары (мамылардын түптөрү, күйүк устундар) жана жыгач усталардын аспаптары (көзөөч, сүргүч, балта) аркылуу гана баамдоого болот. Ийрүү жана токуу ишинин кулач жайгандыгында көп жерлерден табылган өрмөктөр, ошондой эле кездемелердин калдыктары далил боло алат. Тери иштетүү жана соөктон жасалган буюмдар жөнүндө биз азырынча өтө аз билебиз.

Ошентип, Кыргызстанда VI–XII кылымдарда кол өнөрчүлүгү техникалык өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткендигин көрүп отурабыз. Мындан, албетте, кол өнөрчүлөрдүн кесипчилик жагынан терең тармакташкандыгын болжолдоого болот. Буга кол өнөрчүлөрдүн өзүлөрү жасап чыгарган буюмдарына жеке өзүнүн атайын эң тамгаларын салуу салты ачык-айкын далил боло алат.

Тарыхый булактардагы маалыматтардын аздыгынан орто кылымдардагы Орто Азиянын кол өнөрчүлүк ишканаларынын

тарыхы азырынча начар изилденген. Ошондуктан Кыргызстандын орто кылымдардагы турак жайларынан табылган керамикалык буюмдардагы эн тамгаларды айрым бир жеке усталарга же цехтерге тиешелүү белгилерге таандык кылууга мүмкүн эмес.

Үй курулушу. Феодализм доорундагы толугу менен изилденген курулуштардын эң алгачкысы жашай турган курулуштары бар эки, мүмкүн, үч кабаттуу сепил түрүндөгү бекемделген чарбак болгон. Мындай турак-жайлардын экөө Красная Речка урандыларынан казылган. Алардын астыңкы кабаты аянты 15 тен 26 м^2 ге чейин жеткен 6–8 кууш узун бөлмөлөрдөн турган. Дубалдарынын калыңдыгы 2 метрге чейин жетип, блокторго окшотуп болүнгөн, алар сокмо же бышырылбаган чоң кирпичтерден аралаштырылып салынган. Үйдүн төбосүн бышырылбаган кирпич менен бири-бирине кынап кураштырып отуруп жабышкан. Астыңкы бөлмө үйдүн төбосүндөгү атайын жасалган тешиктер аркылуу же чырактар менен жарык кылынган. Кээ бир сепилдердин курулуштарынын астыңкы кабатынын сырткы эшиги болгон эмес. Пандус же арта салма көпүрө аркылуу экинчи кабатка чыгышып, андан биринчи кабаттын бөлмөлөрүнө түшүшкөн. Сепилге туташ тонурак сокмо дубал менен курчалган кенен короо болгон. Кээде короонун бир бурчунда үй-бүлөнүн зороастриал көрүстөнү жайгашкан. Феодалдык доордун алгачкы мезгилиндеги карапайым шаардыктардын турак үйлөрү бизге али белгисиз.

Орто кылымдардын өөрчүгөн доорундагы курулуштар жакшыраак изилденген. XI–XII кылымдардагы кол өнөрчүнүн үйү да Красная Речкадагы шаар урандыларын казган кезде табылган. Мындагы турак үй аянты 15 × 17 м болгон төрт бурчтуу короонун ичинде жайгашып, дубал менен курчалган. Короонун ичи эки бөлүктөн турат: чыгыш жагында чарба курулуштары, батыш жагында турак үй орун алган. Турак үй 6 бөлмөдөн турган. Бардык бөлмөлөрдүн дубалдарынын калыңдыгы 25 см, бул дубалдар көлөмү 40 × 20 × 10 см келген бышырылбаган кирпичтен салынган. Жата турган жай үч бөлмөгө бөлүнгөн. Алардын көлөмү чакан — 4,5 дан 8,5 м^2 ге чейин. Бөлмөлөрдүн биринде орто азиялык типтеги тандыр орнотулган. Шарап жасай турган өнөркана үч бөлмөнү ээлеген: экөөндө өндүрүш жабдыктары жайгаштырылып, үчүнчүсү кампа болгон.

X–XII кылымдарда шаардык ак сөөктөр айрым учурларда өз үйлөрүн эски архитектуралык салт боюнча сепил түрүндө салдырышкан. Мындай типтеги үйлөрдүн бири Талас өрөө-

нүндөгү Ак-Дөбө шаар урандыларын казган кезде табылган. 40 × 60 м келген аянттагы төрт бурчтуу короо-жайда жайгашкан үй туш-туш тарапты көздөй кеткен аянты 2.4 × 10 м келген 6 кууш бөлмөдөн турган. Дубалдары бышырылбаган кирпичтен жана топурактан согулуп тургузулган. Каалга коюлуучу тешиктердин төбөсүн кирпичтен дого сымал ийилтип салышкан. Эшиктери короонун ичин көздөй гана караган. Үйдүн төбөсүн кирпичтерди бири-бирине кынап кураштырып отуруп жабышкан. Урандылардын аздыгына караганда үй бир гана кабаттуу болсо керек. Үй абдан кооздолгон. Короонун ич жагындагы сырткы дубалдын үстүнкү оймо-чиймелүү кыруусу (фриз) гана сакталып калган. Анын орнаментинде стилдештирилген өсүмдүктүн сабактары менен өрмө шекилденген геометриялык орнаментке жык толгон тик бурчтуктар айкалыштырылган. Ички дубалдарда шыбагына түшүрүлгөн сүрөттөр да болсо керек. Бул сүрөттөрдүн айрым фрагменттери урандылардын арасынан табылган.

Бирок XI—XII кылымдарда сепил түрүндөгү курулуштардын ордуна комфортабелдүү шаар үйлөрү пайда боло баштаган. Бул үйлөрдүн заңгыраган чоң залы, залдын тегерегинде ар түрдүү көлөмдөгү 8–9 дай бөлмөлөрү болгон. Мындан үйлөрдүн жалпы аянты 200 м^2 ге чейин жеткен. Үйдүн ички гипс шыбагы оймо-чиймеленип өтө чеберчилик менен кооздолгон. Ага өсүмдүктүн сабактары, геометриялык кыйма-чиймелер жана айбанаттардын сүрөттөрү түшүрүлгөн. Бул сүрөттөр дубалдардын шыбактары суу кезинде тартылган. Үйдү кооздоо манерасы ошол кездердеги архитектуралык курулуштардын оймо-чиймелүү терракотуна өтө окшошуп кетет. Кооздоонун түрлөрү ар кандай болгон, катар-катар үч бурчтуктар, тегерекчелер, ромбдор, спираль түрүндөгү чиймелер, төрт желекчелүү гүлдүн сүрөтү, желекчелердин арасында шоола сымал сызыктар, түз, көбүнчө дого түрүндөгү сызыктардан куралган тор, ал сызыктардын эриш-аркак болуп кошулган жерлеринде кош жалбыракчалар бар. Мүмкүн, эпиграфиялык орнамент да болсо керек.

Мунаралар жана күмбөздөр. Караханилер доорундагы архитектуранын гүлдөп өскөндүгүнө мусулмандардын бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган сыйынт курулуштары ачык-айкын далил боло алат. Архитектуралык курулуштардын мындай типтеринин өтө кооздолуп маанилүү түрдө салынышы адамдарга идеологиялык жактан таасир тийгизүүгө тийиш болгон. Аларды куруу үчүн абдан таланттуу архитекторлорду, чебер оймо-чиймечилерди, сүрөтчүлөрдү тартышкан.



«Бурана» мунарасы. X–XI кк.


Мунаралардын бири Чүй өрөөнүндө, Токмок шаарына жакын жердеги эски чоң шаар урандыларынын аймагында турат, ал азыр «Бурана» деп аталат. Ал тегерек планда салынган, пайдубалы сегиз кырдуу, бийиктиги 21 метрден ашыгыраак, диаметри төмөн жагында 9м ге жакын, жогору жагы — 6 м. Бурана бүт бойдон бышкан кирпичтен салынып, ичинде буралып тургузулган кууш тепкичи бар. Бурананын тышкы декорациясы өтө озгөчөлүү. Бурананын сырткы бетин белгилүү бир ыраат-туулук менен башкаларынан урчуюп чыгып турган айрым кирпичтердин жардамы менен кооздолуп, жасалгаланган бир нече горизонталдуу алкактар курчап турат.

Экинчи бир мунара байыркы Өзгөн шаарынын аймагында турат. Өзүнүн конструкциясы жагынан ал Буранага окшош: анын тегерек мунарасы сегиз кырдуу пайдубалдын үстүнө орнотулган. Өлчөмдөрү да болжол менен бирдей келет. Бул мунаралардын экөөнүн тең жогорку жагы сакталып калган эмес. Өзгөндөгү мунаранын кирпичтен жасалган декорациясы бир кыйла кооз. Анын жазылыгы ар кандай болгон он бир алкагы бар. Орнаменттин түрлөрү: татаал өрмө, мелиандр, гүлдөр, каршы-терши айкалышкан чиймелери бар ромбдор.

Өзгөндөгү үч күмбөздүн ортоңкусу эң байыркысы деп эсептелинет. Ал XI кылымда салынган. Ал төрт бурчтуу, ички жактары 8,5 м, төбөсү купа (купол) түрүндө жабылган. Дубалдарынын тышкы бети кирпичтерди түрлөнтүп коюу менен кооздолгон. Мындан башка да алебастр менен шыбалган дубалдардын ички жана тышкы беттери өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү жана оймо-чийме сызыктар менен жана куфа жазуулары менен жасалгаланган.

Түндүк жагындагы күмбөз 1152-жылы салынган, ага Караханилер династиясынын өкүлдөрүнүн биринин сөөгү коюлган. Бул да төрт бурчтуу планда курулуп, ички жактары 7,5 метрден, төбөсү купа түрүндө жабылган. Бирок, мында жаңы архитектуралык бир деталь — портал пайда болгон. Кооздоо ишинде да жаңылык кездешет. Кирпичти фигуралуу кылып коюудан жана алебастр шыбагына оймо-чийме түшүрүүдөн башка да саймалуу терракота менен да кооздошкон. Бул «насх» жана «куфа» жазууларын чийгенде колдонулган. Жазуу түшүрүлгөн беттин фону ар кандай өсүмдүктөрдүн сабактары жана гүлдөрү чийилип толтурулган.

Үчүнчү, түштүк жагындагы күмбөзгө да Караханилер династиясынын өкүлдөрүнүн биринин сөөгү коюлган. Ал 1186-жылы салынган. Мында портал алда канча өркүндөтүлүп, ал күмбөз-



Өзгөн мунарасы. XI к.

дүн тулкусунан бөлүнүп, алды жакка чыгып турат. Анын бурчтарында баганалардын (колонналардын) төрттөн үч бөлүгү, ал эми чуштугуй аркалардын капталдарына болсо жарым баганалар тургузулган. Мына ушул жаңы элементтердин бардыгы күмбөздү монументалдуу жана шөкөттүү кылып үчүн колдонулган. Порталдардын ойдо жагына оймо-чиймелүү терракоталар чапталып, нечен түркүн орнаменталдык мотивдер менен бай кооздолгон. Оймо-чиймелердин арасында «насх» жана «куфа» жазуулары кездешет.

Кербен сарайлар. Орто кылымдар үчүн мүнөздүү болгон кербен сарайлар өтө өзгөчөлөнүп турат. Алар ошол кездеги соода жолдорун тейлеген. Кербен сарайлар шаарларда да, ошондой эле бири биринен ото алыс жайгашкан тургун жайлардын же оазистердин аралыктарында да боло турган.

Мына ушундай курулуштардын бири — Алабуга суусунун өрөөнүндө, анын сол жактагы Манакелди куймасынын жээгинде, Ферганадан Кашкар жана Ысык-Көл тарапка кетүүчү жолдун боюнда аянты 75 × 75 чырчы метрди түзгөн кербен сарай болуп саналат. Ал XI–XII кылымдарга таандык. Анын түндүк жагындагы дубалдын жалгыз дарбазасынын тик бурчтуу мунаралары — пилондору болгон. Калган жактарындагы дубалдары туюк болгон. Бурчтарында бирден жумуру мунара, ар бир дубалдын ортосунда да бирден төрт бурчтуу мунара турган.

Имарат келкисинен блок сыяктуу кесилип, сокмо дубалдар менен жана олчөмү чоң кирпичтен (48 × 24 × 10 см) алмак-салмак катмарланып салынган. Дубалдардын сырткы жагы өйдө карай куюш болуп кетет. Түндүк жагындагы дубал жарым баганалар (колонналар) менен кооздолгон, калган дубалдары жылмакай келет.

Кербен сарайдын ички курулуштары дубалдарга жанаша туташ үч катар болуп салынган, ал эми ортосун болсо төрт чарчысынан келген үстү ачык короо ээлеген.

Сырткы дубалга бойлото салынган имараттардын биринчи катары периметрдин бурчтагы аянттарын ээлеген сегиз коридор сымал үйлөрдөн жана бул коридорлорду бири биринен бөлгөн ортодогу үч бөлмөдөн турган. Бул имараттар бышырылбаган чарчы кирпичтерден курулуп, үстү балык жон болуп жабылган. Коридорлор унаа малга жай катары пайдаланылгандыгына акырлар ачык айкын далил боло алат.

Жата турган үйлөрдүн ортоңку катарлары үстү балык жон болуп сүйрү же куп түрүндө жабылган төрт чарчы болмолөрдөн турган. Бул болмолордүн үстү бурчтардагы консолдуу жана тепкич-аркалардын жардамы менен жабылган.

Имараттардын үчүнчү, ички катары ээлеген ордуна жараша тик бурчтуу төрт коридордон турат. Булардын үстү жагы да балык жон болуп жабылган. Ар бир коридордун ортодогу короо тарапты караган аркалуу төрттөн тешиги жана имараттардын ортоңку катарына кире турган экиден эшиги болгон. Бул коридорлор товарларды сакташ үчүн кампа катары пайдаланылган.

Кыргызстандын байыркы архитекторлору курулуш ишинин жогорку ыктарына ээ болушкандыгына, курулуш конструкцияларын жана имараттарды жасалгалоодо өтө бай жана тез аткарылуучу декоративдүү жасалгаларды даярдоонун жолдорун дайыма өркүндөтүп келишкендигине монументалдуу курулуштар далил боло алат.

Кыргыз элинин байыркы укум-тукумдарынын маданияты VI–XII кылымдарда өтө татаал жолду басып өтүп, өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткен. Ошол кездердеги искусствонун кээ бир эстеликтери дүйнөлүк маданияттын мыкты чыгармалары менен бир катарда турат.

Орто Азиядагы, аны менен бирге Кыргызстандагы элдердин маданиятынын андан ары өнүгүшүнө монгол баскынчыларынын басып кириши катуу сокку урган.

Кайталоо жана өзүн өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Көчмөндөрдүн үрп-адаттары, үй-бүлө турмушу.
2. Орхон-эне-сай жазуулары.
3. Көчмөндөрдүн диндери, сөөк көмүү салттары.
4. Дыйканчылык, кыштактар.
5. Кол өнөрчүлүк, курулуш иши.
6. Жусуп Баласагуни, Махмуд Кашгари жана алардын эмгектери.

Адабияттар:

Абрамзон С. М. Очерки культуры киргизского народа. — Фрунзе, 1946.

Бартольд В. В. История культурной жизни Туркестана//Соч. т. 2., ч.1. — М.,1963.

Бернштам А. Н. Археологический очерк Северной Киргизии. — Фрунзе, 1941.

Бернштам А. Н. Культура древнего Кыргызстана. — Фрунзе, 1942.

Бернштам А. Н. Архитектурные памятники Киргизии. — М.: Л., 1950.

Джумагулов Ч. Эпиграфика Киргизии. Вып. 1–3. — Фрунзе, 1963–1987.

История Киргизской ССР т. 2 — Фрунзе, 1962.

Караев О. Народы Центральной Азии и государство Караханидов// Историко-культурные связи народов Центральной Азии. — Улан-Удэ, 1983.

Малов С. Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. — М.: Л., 1950.

5-БАП

КЫРГЫЗСТАН XIII–XV кк.

§ 1. Чагатай улусу

1226-ж. Чыңгыз хан жеңип алган жерлерин уулдарына бөлүп берген. Улуусу Жучу Каялыгдан (Иле өрөөнүндөгү шаар) жана Хорезмден тартып, «татар аттарынын туягы жеткен» жерлерди алган, Чагатай — уйгур ээлигинен Самаркан жана Бухарага чейинки аймакты, Үгөдөй — Эмил өрөөнүн жана Кунакты (б.а. Кобуктуу), а Тулуй болсо — атасынын түпкү журтун ээлеген. Мындан тышкары алардын биринчисине — 9, экинчисине — 8, үчүнчү жана төртүнчүсүнө — 5 миңден монгол атчандарын бөлүп берген.

1241-ж. Үгөдөй, андан бир аз убакыттан кийин Чагатай дүйнөдөн кайтат. Чагатай улусунун тактысына керээз боюнча Чагатайдын небереси, Мутугендин уулу Хара Хулагу отурат. Бирок Үгөдөйдүн мурасчы уулу Гүйүк (1246–1248) уулу тирүү турганда небереси тактыны ээлөөгө болбойт деп Хара Хулагуну бийликтен алат. Ал Чагатай улусунун башчылыгына Чагатайдын тирүү уулдарынын эң улуусу — Есу Мункени дайындайт. Гүйүк дүйнөдөн кайткандан кийин жалпы монгол тактысы үчүн Чыңгызилердин арасында күрөш күчөгөн. Жучунун уулу Батыйдын жардамы менен Тулуйдун уулу Мунке (1251–1259) тактыны ээлейт. Ошол мезгилде Кара-Корумда турган Хара Хулагу Мункени колдойт, Есу Мунке болсо жаңы хандын душмандарына кошулуп кетет. Ошондуктан Мунке Хара Хулагунун Чагатай улусундагы бийлигин калыбына келтирип, ага Есу Мункени өлтүрүүгө буйрук берет. Бирок, Хара Хулагу оз ордосуна кетип бара жатып Алтайда каза табат. Хара Хулагунун аялы Эргене хатун Мункенин буйругу боюнча Есу Мункени өлтүрүп, жашы жете элек баласы Мубарек-шахтын атынан Чагатай улусун башкара баштайт.

Мунке 1259-ж. дүйнөдөн кайткандан кийин бир эле мезгилде анын эки бир тууганы жалпы монгол ханы болуп жарыяланып, Хубилай — Кытайда, ал эми Арык Бука — Монголияда такка отурат. Арык Бука Чагатай улусунун башчылыгына Чагатайдын небереси Алгуйду дайындайт. Ага Арык Буканын армиясын курал-жарак, азык-түлүк менен камсыз кылуу жана батыш чек араны Ирандагы монгол ханы Хулагунун кол салуусунан коргоо милдети жүктөлөт. Алгуй Кара-Корумдан Жети-Сууга барып, Чагатай улусунун жеке башкаруучусу болуп калат. Бирок, ал Арык Букага берген убадасынын эч бирин аткарбастан, ачыктан-ачык Хубилайдын тарабына өтүп кетет. Бул мезгилде Хубилайдын аскерлери Арык Буканы Монголиядан сүрүп чыгарат. Арык Бука болсо Алгуйга каршы барууну чечип, Жети-Сууга жөнөйт. Ал экөөнүн ортосундагы согушта Алгуй жеңилип, Чыгыш Түркстанга качат. Арык Буканын аскерлери Жети-Сууда өтө көп буудайды олжого түшүрүп, кыш бою аны менен аттарын багып чыгат. Бирок жаз келгенде буудайга көнүп калган аттар жайытка коё берилгенде өлө баштайт. Мындан тышкары Иле өрөөнүндө катуу суук өкүм сүрүп турган эле. Натыйжада Арык Буканын абалы начарлайт. Ал, Алгуйдун каршы келе жатканын угуп, Эргене хатунду Алгуйду тосуп чыгууга жиберет да, өзү болсо күнөөсүн мойнуна алып, кечирим сураганы Хубилайга жөнөп кетет. Алгуй кайтадан Чагатай улусунун башкаруучусу болуп калат да, Эргене хатунга үйлөнөт.

§ 2. Хайду мамлекети

Үгөдөйдүн небереси, Хашинин уулу Хайду улуу хандын сарайында тарбияланган. Мунке ханга каршы козголоңго катышкандыгы үчүн Тарбагатайга сүргүнгө айдалып жиберилет. Хайду Хубилай менен Арык Буканын күрөшүндө Арык Буканы активдүү колдойт. Кийин Арык Бука бир тууганы менен жарашканда ал Хубилайга каршы күрөштү жетектейт. Ал «Чыңгыз хан өзүнүн укум-тукумдарына Үгөдөйдүн тукумдары тирүү турганда тактыны башка эч кимге бербөөнү керээз кылган» деген уламышка таянат. Хайду Тарбагатай тоолорунда сүргүндө жүргөндө, ага «чоң атасынан энчиге тийген бир да кошууну болгон эмес». Ал өзүнүн жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасында жана Батыйдын бир тууганы Беркенин жардамы менен Эмил дарыясынын өрөөнүндө, Тарбагатайда жана Кара Эртиште анча чоң эмес ээлик түзө алган. Өз саясий карьерасынын башталышы ченде Хайдунун эки-үч миң адамдан турган кошууну гана болгон.

Хубилай Хайдуну курултайга чакырууга аракет кылат. Хубилай Үгөдөйдүн бул небереси өзүнө күчтүү атаандаш болоруна көзү жетип турган болучу. Бирок, Хайду Хубилай тараптан коркунучту алдын ала сезип, ар кайсы шылтоолор менен үч жыл катары Кытайга барган эмес. Ошол эле убакта ал Хубилайга каршы согушка даярдана баштайт. А дегенде ал оорук жагын бекемдеп, өз ээлигин кеңейтүүгө умтулат. Ушул максат менен Алгуйга каршы согуш баштайт. Бул мезгилде Алгуй Беркай менен согушуп жаткан эле. Хайду башка Жучулар менен бирдикте Алгуйдун колун талкалап, бирок экинчи жолку салгылашта жеңилип калат. Алгуйдун 1265-ж. аягында же 1266-ж. башталышында дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу алардын үчүнчү кагылышуусу болгон эмес.

Эргене хатун өз эмирлеринин кеңеши боюнча биринчи күйөөсү Хара Хулагунун уулу Мубарек-шахты тактыга отургузат. Бирок Хубилай буга макул болгон эмес, анткени мурда Чагатай улусунун башчыларын ал өзү дайындап келген болучу. Ал Чагатайдын тукуму Есун Туванын уулу Баракка (Борак) мындай жарлык берген: «Мубарек-шах чоңойгонго чейин улусту Барак башкарсын». Мындан кийин Мубарек-шах бир туугандары менен өзүнүн ата журту Сурхан-Дарья өрөөнүнө жөнөп кетет да, ал жерде монгол ак сөөктөрүн өз тарабына тартып, жергиликтүү калкка кол сала баштайт.

1226-жылдын жазында монгол ханзаадалары Орто Азияда Талас жана Кенжектин шалбааларында өзүлөрүнүн биринчи курултайына чогулушат. Курултайдын катышуучулары өз ара келишим түзүшүп, «мындан ары тоолор менен талааларда гана жайгашып жашоого, шаарлардын тегерегинде жүрбөөгө, эгин талааларына малдарын жайбоого жана райаттарга (б.а. дыйкандарга — Ө.К.) адилетсиз талаптарды койбоого» милдеттенишет. Бирок, ханзаадалардын кабыл алган бул милдеттенмелери бир аз убакыт гана аткарылган. Барак да бул убаданы бир аз убакыт аткарып, кала берсе дыйканчылыкты тартипке салып, калыбына келтирүүгө аракет кылган. Бирок, көпкө узабай отурукташкан калкты кайрадан талап-тоноп, зордук-зомбулук көрсөтө баштайт.

Тарыхый булактарда Хайдунун 1269-ж. курултайда хандыкка көтөрүлгөндүгү жөнүндө маалыматтар жок. Ошондой болсо да, кээ бир тарыхый фактыларга караганда ал Үгөдөй жана Чагатай улустарынын акимдеринин — бардык чыңгызилердин башчысы деп эсептелген. Хайду өзүнүн уюштургуч жана аскердик кол башчылык талантынын натыйжасында мыкты үйрөтүлгөн аскер кошуундарын түзүүгө жетише алган. Чыңгы-

зилердин башкы өкүлдөрүнө өз элчилерин жиберип, аларга Чыңгыз хандын биринчи мураскери болгон Үгөдөйдүн мурасчысы катарында өз укугун түшүндүрүүгө аракеттенген.

Ошол убакта Хубилай башкы тактыны ээлөөгө атаандаш болгон Хайдуга каршы өз аскерлерин даярдоого киришет. Жалпысынан алганда Хубилайдын аскерлери Саян-Алтайда Хайдунун аскерине караганда ийгиликтүү салгылашат. Ал эми Чыгыш Түркстанда жана Жунгарияда болсо согуш ийгилиги Хайду менен чагатайлык Дува тарабында болгон. Алар Хубилай менен кырк бир жолу ийгиликтүү согушуп, кырк экинчи беттешүүдө жеңилип калышат. Хайду акыркы жортуулунда (1301–1302-ж.) ооруп, үйүнө кайтып келе жатканда жолдо каза болуп, сөөгү Талас суусунун өрөөнүнө көмүлөт. Хайду ээлигинин борбордук бөлүгү Чүй жана Талас дарыяларынын аралыгындагы аймак болгон.

XIII к. монгол хандары менен ханзаадалары улустардын маданий дубандарын башкарууга кызыккан эмес, алардын калкынан алман алуу менен гана чектелишкен. Үгөдөй Мавераннахрды башкарууну бай соодагер жана откупщик [1] Махмуд Ялавачка тапшырган. Ал Хожент шаарында жашап, Мавераннахрда жайгашкан монгол аскерлеринин жардамы менен бул аймактын калкынан тийиштүү өлчөмдөн алда канча көп алмандарды чогултуп алып турган. Үгөдөйдүн уулу жана мурасчысы Масуд бек акча реформасын жүргүзгөн. Чагатай улусунун тыйын чыгарган бардык сарайларында салмагы жана тазалыгы бирдей күмүш дирхемдер чыгарылган. Масуд бектен кийин Чагатай улусунун отурукташкан дубандары менен шаарларын жана Хайдунун мамлекетин анын уулдары Абу-Бекр, Сатылмыш бек жана Сүйүнүч башкарышкан.

Хайдунун мурасчы уулу Чапар атасындай эмес, жүүнү бош неме болгондуктан Хайду мамлекетинин мурдагы вассалынан азыр анын тирегине айланып кеткен Дуванын таасири астында калган. Чапар Эртиш жана Алтай аймактарында каандын армиясы менен согуш жүргүзгөн. Бирок, анын аскерлери менен ханзаадалардын арасында нааразылык пайда болот. Ханзаадалардын чыккынчылыгынын жана аскерлердин качып кетүүсүнүн натыйжасында Чапардын карамагында бардыгы болуп 300 гана атчан аскерлери калат. Алардын коштоосу менен ал Дуванын алдына барат. Дува аны мээримдүү кабыл алып, ага өзүнчө журт бөлүп берет. Чапардын бардык бир туугандары да Дувага баш ийишкендигин билдиришет.

---

[1] Мамлекеттик кирешелердин, салыктардын кайсы бир түрүн чогултуп алуу укугун акчага сатып алган адам.

Чагатай улусунун кайрадан жаралышы. Ошентип, кан төгүүсүз эле Орто Азиядагы жана Хайдунун ээлигиндеги бийлик Чагатай тукуму Дуванын колуна өткөнүн көрдүк. Бирок анын бийлиги узакка созулган эмес, 1307-ж. ал шал оорудан каза болот. Алмалык шаарынын жанындагы Себкун-Кала деген жерде Дуванын уулу Кунжек Чагатай улусунун тактысына отургузулат. Анын убагында бийлик үчүн айыгышкан күрөш жүргөн. Кунжектин бийлиги бир гана жылга созулуп, ал 1308-ж. Жылдызда каза болот. Анын тактысын Үгөдөйдүн тукумдарынын бири (Рашид-ад-дин маалыматы боюнча Чагатайдын уулу) абдан карып калган Талик ээлеп алат. Ал ислам динин колдоп, Хызр деген мусулман ысмын алып жүргөн. Ал Дуванын уулдарын жана анын тарапкерлерин куугунтукка алып, анын аскерлери козголоңчул ханзаадаларга каршы ийгиликтүү күрөш жүргүзөт. Козголоңчу ханзаадаларды Чапардын уулдары колдоого алышат. 1308–09 (же андан кийинки) жылы Талик курултай чакырат. Ага козголоңчу ханзаадалардын бир бөлүгү келишет да, алардын бири, Дуванын уулу Кебек түн ичинде 300 атчан аскери менен өкүмдардын чатырына кол салып, аны өлтүрөт. 1309-ж. Кебектин демилгеси менен кайрадан курултай чакырылат. Курултайда анын агасы Эсен Бука такка отургузулат. Анын убагында улуу каандын армиясынын Таласка чабуулу башталган. Каан менен согушта Эсен Бука жеңилип калат да, Турпан оазисинин бир катар чек аралык аймактарынан жана Монгол Алтайынын түштүк-батышындагы территорияларынан ажырап калат. Батышта Эсен Бука менен Хулагунун тукумдары бири бирине каршы талап-тоноочу жортуулдарды жүргүзүшөт.

Эсен Бука 1318-ж. дүйнөдөн кайтып, анын тактысын Кебек ээлейт. Жаңы хан Чагатай сарайынын жана монгол ак сөөктөрүнүн отурукташууга жана шаар турмушуна өтүүгө болгон умтулууларын жан дили менен колдогон. Кебек жана анын тарапкерлери Мавераннахрдагы маданий аймактардагы бийликти түздөн-түз өз колдоруна алууну көздөшкөн. Ислам динине терс мамиледеги чагатайлык ханзаадалардын жана монгол аскерий ак сөөктөрүнүн бир бөлүгү көчмөн салтты улантып, алмандар менен салыктарды чогултуунун мурдагы откуптук тартибин сактоого аракеттенишкен.

Чагатай улусундагы административдик жана акча реформасы Кебектин ысмы менен байланыштуу. Кебекке чейин, бул мамлекетте монгол хандары көчмөн калктын өкүмдарлары гана болушкан, алар шаарларды жана маданий дубандарды башка-

рууга түздөн-түз кийлигишкен эмес, согуш мезгилинде жергиликтүү калктан аскер алуу жана алман-салыктарды чогултуу менен гана чектелишкен. Маданий дубандардын жана шаарлардын башында монголдорго чейинки жергиликтүү түрк династиясынын башкаруучулары турган. Кебек өз улусун Самаркан жана Бухара дубандарында — түмөн, Кашкарда — орчин деп аталган аскерий-административдик округдарга бөлүп, аларды көчмөн түрк-монгол ак сөөктөрүнүн жол башчылары башкарган. Мунун натыйжасында, жергиликтүү -меликтер менен садрлардын (диний кызматкерлер) автономдуу укуктары жоюлган. Эми маданий дубандар менен шаарлардын башкаруучулары Кебекке баш ийип калышат. Анын административдик реформасы борбордоштурууга умтулуу тенденциясынын көрүнүшү болгон. Мына ушул максатты көздөп жана сооданын бир кыйла ургалдуу осуп-өнүгүшү үчүн Кебек акча реформасын жүргүзгөн: мурда чыгарылып жаткан күмүш тыйындардын ордуна эми ошондой эле нарктагы чоң динарлар (алтын тыйындар) жана кичине дирхемдер (күмүш тыйындар) чыгарыла баштаган. Бул жалпы мамлекеттик тыйындар (хандын аты менен «кебеки» деп аталып) Орто Азиянын ири шаарларында чыгарылган. Алар Чагатай улусунун ички жана тышкы соода-сатык иштерине бир кыйла жакшы шарт түзгөн. Кебек 1326-ж. дүйнөдөн кайткан.

Андан кийин Чагатай улусунун тактысында Кебектин бир тууганлары Илчигидай, андан кийин Дурра Тимур (Дува Тимур) отурушкан. Бирок, алардын бийлиги бир жылга да жеткен эмес. Дурранын мурасчысы Тармаширин (1326–1334) Кебектин бийликти борборлоштуруу саясатын уланткан. Ал улустун борборун Бухарага көчүргөн. Тармаширин көчмөндөрдүн адат-салтына кайдыгер мамиле жасап, бир да жолу Алмалыкка барган эмес, ошондой эле ханзаадаларды курултайга чакырууну да токтоткон. Ушунун баары аскерий-көчмөн ак сөөктөрдүн нааразылыгын туудуруп, монгол уруктарынын арасында бөлүнүп-жарылууга алып келген. Чыңгыз хандын «ясасын» бузду деген айып коюлуп, Тармаширинге каршы 1334-ж. Дурра Тимурдун уулу Бузан башында турган көтөрүлүш чыгат. Тармаширинди Газнага качып бараткан жеринен Балхтын акими Кебектин уулу Янги кармап алып, Бузанга тапшырат. Тармаширинден кийин Бузан, Дуванын уулу Женкши, анын бир тууганы Есен Тимур ж.б. башкарышкан. Чагатай улусун өз алдынча башкарып турган эң акыркы ханы Казан болгон, ал 1346-ж. эмир Казаган тарабынан өлтүрүлгөн.

§ 3. Моголстан мамлекети

Чыңхыз хандын империясы түзүлгөндөн кийин, анын мурасчылары, монголдордун феодалдык жана аскерий ак сөөктөрү бири-бирине карама-каршы эки топко бөлүнүп кетишкен. Алардын бири (маселен, Чагатай, Гүйүк, Барак) көчмөн жашоону, монголдук турмуш-тиричиликти жана каада-салтты жакташкан. Алар отурукташкан калкты, шаарларды талап-тоноо, зордуксомбулук саясатын жүргүзүү жана маданий дубандарды жайыттарга айландырууну колдошкон. Алардын экинчи бөлүгү (маселен, Мүнке, Масуд бек, Кебек) талап-тоноо каалагандай киреше алып келбейт деп эсептешкен. Алар борбордошкон хандык бийликти түзүүнү, айыл-чарбасын, кол өнөрчүлүктү, сооданы жана шаарларды өнүктүрүүгө умтулушкан, маданий дубандарды талап-тонооого, алардын калкынан каалагандай оор салыктарды чогултууга каршы болушкан. Биринчи тенденцияны жактагандар Чагатай улусунун түндүк-чыгыш аймактарына, негизинен Жети-Сууга, экинчиси болсо — Мавераннахрга топтолушкан. Мына ушул карама-каршы эки тенденциянын күчөшүнүн натыйжасында XIV к. биринчи жарымында Чагатай улусунун эки өз алдынча мамлекетке бөлүнүп кетишине негиз түзүлгөн. Буга; 1346-ж. Чагатай улусунун акыркы ханы Казандын өлтүрүлүшү шылтоо болгон. Мындан соң Мавераннахрда а дегенде түрк эмирлеринин бир нече майда ээликтери жашап турган. Андан кийин Тимур мамлекети түзүлгөн. Чагатай улусунун чыгыш бөлүгүндө Моголстан деп аталган мамлекеттик бирикме пайда болот. Анын түзүлүшү 1348-ж. Ак-Суу шаарында дуглат эмири Пуладчинин Чагатай тукуму Туглук Тимурду (Тоглук Тимурду) тактыга отургузгандан тарта башталат.

Чагатай улусунун аймагында негизинен түрк жана түрктөшүп кеткен монгол уруулары жашашкан. Мавераннахрдын калкы өзүлөрүн «Чагатайлар» деп аташкан, ал эми Моголстандын көчмөндөрү өзүлөрүн монголдор же орто-азиялыктарча моголдор (могулдар) дешкен. Мухаммед Хайдардын жазганына караганда алар бири-бирин кемсинткен ылакап аттар менен, атап айтканда чагатайлар моголдорду жете (каракчылар) деп, ал эми моголдор чагатайларды каракунас (аргындар) деп аташкан. XVI к. «могол» этноними Моголстан мамлекетинин жалпы калкынын аты болуп калган.

Моголстандын биринчи хандары. Казан хан өлтүрүлгөндөн кийин Чагатай улусунун чыгыш бөлүгүндө борбордон оз алдынча болуп бөлүнүп кетүүгө умтулуу күч алат. Мына

ушундай кырдаалда дуглат эмирлеринин бири Пуладчи Чагатайдын мурасчысын таап, анын ысмы менен өз алдынча мамлекет түзүүнү чечет. 1348-ж. Иле өрөөнүнөн ханзаада Туглук Тимурду Ак-Сууга алып келип, аны чагатайлык хан Дуванын небереси деп жарыялап, такка отургузат.

Моголстанды башкарууда эмир Пуладчинин бир туугандары башкы ролду ойношкон. Алар биринен кийин бири өлкөнүн улус-бектери (биринчи эмирлери, вазирлери, министрлери) болушкан. Моголстан мамлекетинин борбору мурунку чагатай хандарынын ордосу Алмалык шаары (Иленин куймасы, Кеген суусунун боюнда урандысы бар) болгон.

Туглук Тимурдун бийлиги иш жүзүндө үстүртөдөн болсо да улустун чыгыш бөлүгүндөгү бардык түрк-монгол уруулары тараган. Мухаммед Хайдар Моголстандын территориясы жөнүндө мындай деп жазат: «...азыркы убакта узун-туурасы жети-сегиз айлык жолду түзгөн аймак Моголстан деп аталат: ал чыгышта калмактар менен чектелет — ал Барскол, Эмил жана Эртиш; түндүктө ал Көкчө-Тенгиз (б.а. Балкаш — О.К.), Бум-Лишеш жана Каратал менен чектешет; ал эми анын батышында — Түркстан жана Ташкен бар; түштүктө болсо — Фергана дубаны, Кашкар, Чалыш жана Турпан бар». Бул территория Туглук Тимурдун убагында Моголстан мамлекетинин түндүк бөлүгүн түзгөн, ал эми XVI к. (б.а. Мухаммед Хайдар жашаган мезгилде) ошол эле ат менен кыргыз жана казактардын өз алдынча ээлиги болгон.

Туглук Тимур өз бийлигин кеңейтип, бекемдөөнү чечет. Ал 24 жашында ислам динин кабыл алып, аны мамлекеттик дин деп жарыялайт, анын үстүнө ал исламды кол алдындагыларга күч менен таратат. Мухаммед Хайдардын жана Абу-л-Газинин маалыматына караганда жаңы динди бир күндө 160 миң адам кабыл алган. Бирок, бул мамлекетте ислам дини Караханилер кагандыгындагыдай ийгиликке жетишкен эмес. Моголстандын калкы ислам дини менен X к. бери тааныш болсо да, алардын көпчүлүк бөлүгү бутпарастар бойдон кала беришкен. Мисалы, XV к. Турпан оазисинин калкы буддизм жана ислам динин тутушкан.

1350-жылдары Мавераннахрда башында бири-бири менен каташкан түрк жана түрктөшүп кеткен монгол урууларынын эмирлери, жол башчылары турган бир нече майда ээликтер болгон. Туглук Тимур өлкөдө өз бийлигин чыңдагандан кийин, 1360-ж. армиясы менен Мавераннахрды каратып алууга жөнөйт. Ал Ташкенден алыс эмес жерден башында Улуг Тиктимур,

Хажибек жана Бекчик турган кошуунду Шахрисябз шаарына жөнотөт. Анын башкаруучусу Хажибек, аны менен бирге жалаир уруусунун башчысы эмир Баязет Аму-Дарыянын ары жагына качып кетишет. Калган жол башчылар, анын ичинде эмир Тимур баш ийип берүүгө макул болушат. Бул үчүн Тимур Кеш шаарын энчиге алат. Бирок, Туглук Тимурдун аскер башчылары отурукташкан калкты талап-тоной башташып, олжолорду бөлүшүүдө өз ара чатакташып кетишет. Хан муну угуп аларды аскерлерге башчылык кылуудан четтетип салат. Буга жооп кылып аскер башчылары козголоң чыгарышып, Моголстанга жөнөп кетишет. Туглук Тимур да Моголстанга кайтып келип, аскер башчыларынын козголоңун басат. Ошентип, Туглук Тимурдун Мавераннахрга жасаган биринчи жортуулу натыйжасыз аяктаган.

1361-ж. Туглук Тимур армиясы менен кайтадан батышты көздөй жөнөйт. Бул жолу Туглук Тимур мурунку Чагатай улусунун Аму-Дарыяга чейинки аймагын бүт өзүнө баш ийдирет. Ал Самарканга уулу Илийас Кожону калтырып, өзү ордосуна кайтып келет. Илийас Кожо Мавераннахрды көшкө башкара алган эмес. Анын аскер башчылары жергиликтүү калкты талап-тоноо, зордук-зомбулук жолуна түшүшүп, Илийас Кожого жана анын жардамчы башкаруучусу эмир Тимурга каршы козголоң чыгарышат. Мындай абалдан пайдаланып, Тимур Самарканды таштап, моголдорго нааразы болгон калктын жана жергиликтүү феодал тобөлдөрдүн колдоосу менен Мавераннахрда бийликти жеңип алуу үчүн күрөш баштайт.

1362–63-ж. Туглук Тимур дүйнөдөн кайтат. Илийас Кожо Самаркандан кайтып келип, атасынын тактысын ээлейт. Келерки жылы ал көп сандаган кол менен Мавераннахрга жөнөйт. Ахангеран менен Чырчыктын ортосундагы Лай деген жерде аны эмирлер Хусейн жана Тимур аскерлери менен тосуп чыгышып, бирок салгылашта жеңилип калышат. Бул жеңүүдөн кийин Илийас Кожо Самарканга жөнөйт, ал эми Хусейн менен Тимур шаарды таштап, озүлөрү Аму-Дарьянын нары жагына качып кетишет. Бирок, сербедарлар (б.а. «дарга асылуучулар») жетекчилик кылган шаардыктар душмандарга катуу каршылык көрсөтүшкөндүктөн Илийас Кожо акыры Самарканды курчоону токтотот да, анын тегерегиндеги айыл-кыштактарды талап-тоноп алып, кайтып кетет. Бул ийгиликсиз жортуул Моголстандын өз алдынча ээликтерге ээ болуп, бийлик жүргүзүүнү эңсеген эмирлердин жана көчмөн феодал ак сөөктөрдүн арасында ханга каршы нааразылыгын күчөткөн. Анын үстүнө Илийас

Кожо начар башкаруучу болгон. Өлкөдө мындай саясий ырктын бузулуусунан пайдаланып, дуглат эмири Камар ад-Дин 1363–64-ж. Илийас Кожонун ордосуна капысынан кол салып, аны түштөн кийин уктап жаткан убагында өлтүрөт. Ал хандын үй-бүлөсүнүн 18 мүчөсүн кошо мерт кылып, тарапкерлерин куугунтукка алат. Камар ад-Дин өзүнүн агасы Шамс ад-Динди Моголстандын башкаруучусу кылып дайындайт. Бирок, көптөгөн эмирлер, көчмөн феодал ак сөөктөр карачу (кул-кутан, б.а. хандын теги эмес) Камар ад-Динге баш ийгилери келген эмес жана анын дуглат уруусунун жогорулашын да каалаган эмес. Маселен, Хажибек аркенут Камар ад-Динге жана аны жактагандарга каршы чыккан. Тимурдун жортуулдарынын алдында Моголстандагы абал мына ушундай болгон.

1360–70-жж. аралыгында Мавераннахрдагы саясий аренада Казагандын небереси эмир Хусейн жана эмир Тимур чоң ролду ойношкон. Тимур ошол убактарда бирде Хусейн менен согушуп, бирде аны менен бирдикте анын душмандарына каршы салгылашкан. 1370-ж. эмир Тимур Хусейнге каршы көтөрүлүш чыгарып, аны Балхта өлүм жазасына тартат. Бирок, ал өмүр бою өзүн хан деп жарыялоого батынган эмес. Тимур жеңип алган элдерди Чыңгыз хандын укум-тукумдарынын атынан бийлеп турган. Маселен 1370-ж. ал ханзаада Сүйүргатмышты Мавераннахрдын ханы деп жарыялаган.

Тимурдун Моголстанга жасаган жортуулдары. Ал Моголстанга көп жолу талоончулук жортуулдарды (1370-ж. баштап) жасаган, анын хандары болсо жеңилгенден кийин (же душман жакындап келе жатканда) Жунгариянын талааларынын түпкүрүн көздой кетип калышкан. Биз Тимурдун эки жортуулуна гана токтолобуз.

1388–89-ж. Тимур Токтомушка каршы аттанууну чечет, бирок анын эмирлери менен аскер башчылары: «Биз адегенде Ингаторого каршы барып, анын кастыгын жоюп, андан кийин өзбектер тарапка жөнөсөк дурус болор эле» деп ага кеңеш беришет. Ал алардын кеңеши менен макул болуп, өзүнүн армиясын 30 кошуунга бөлүп, чыгыш жакты карай жөнөйт. Бул жерде айта кетүүчү нерсе, Тимурдун ушул жортуулу абдан кыйраткыч мүнөздө болгон, анын аскерлери качып кеткен көчмөндөрдүн артынан Моголстандын түпкүрүнө жете куып отурушуп, Кара-Эртишке чейин барышкан. Тимурдун тарыхчылары (Шами, Йезди, Самарканди) баскынчылардын жолун толук сүрөттөп, көп сандаган географиялык аталыштарды жазышкан, азыр алардын көпчүлүгүнүн кайсы жерде орун алгандыгын аныктоо кыйын.

Тимурдун аскерлери Кыпчак талаага (Дашт-и кыпчак) барып, Ал — Кошун деген жерден бурулуп, түндүк чыгышты карай жөнөйт. Алар тоолор жана талаалар аркылуу жүрүп отурушуп, Бөри-Баши, Тубалик-Курук (Тупалык-Курук), Ур-Так, Узнак, Аткан-Сури, Туграут (Тугра-Отлыг), Улаг-Чарлык жана Айгыр-Йалы (Чапар-Айгыр) жерлерин басып өтүшөт. Айгыр-Йалда Тимурдун күзөтчү отряддары Эңге-төрөнүн бахрин (баарын) уруусун издеп жүргөн миң атчан аскерине туш келишет. Алар менен согушта моголдор жеңилип, алардын колго түшкөндөрүнүн бири суракта: «Эңге-төрө силер жөнүндө кабарсыз Урунг-Йар талаасында жатат» деп билдирет. Тимур ошол замат бир отрядын душманга капысынан кол салууга жөнөтүп, өзү калган күчү менен алардын артынан жол тартат. Бирок, анын жол көрсөткүчү адашып калгандыктан, алар Сан-Салыг, Кийан-Казы, Көк-Сали (Көл Сали) аркылуу өтүп, төртүнчү күнү Ай-Акуз (Пай Акуз) жерине жетишет. Бул жерде Тимур Омар-шейх башында турган отрядды душманды издөөгө жөнөтөт да, өзү Кара-Гучурду көздөй бет алып, Кара-Тоо, Шира, Шипар-Тоо, Кой-Мурач, Кураган жана Ярлагу (Буурлагу) жерлери аркылуу өтөт. Тимур ушул жортуулунун акырында Улук-Жылдызда чоң той өткөрүп, андан кийин 1389-ж. 9-августта Самарканга кайтып келет.

Тимур 1390-ж. башында бир нече эмирлер турган 20 миң аскерди Моголстанды кыйратуу үчүн жана Камар ад-Динди куугунтуктоо үчүн жөнөтөт. Алар Ташкен, Талас жана Чүй өрөөнү аркылуу Ысык-Көлгө келишет. Бул жерде аларга Омар-шейх жиберген беш миң аскерден турган анжияндык отряд кошулат. Алар Көк-Дөбөгө, андан ары Алмалык аркылуу Иле дарыясын кечип өтүп, Кара-Тал өрөөнүндөгү Инга-төрөнүн журтуна келишет, бул жерде ага чейин Камар ад-Дин менен каучин уруусунан Улжа-Буга-мучалкачинин отряддары салгылашкан экен. Согуш талаасында минлагу уруусунун жарадар болгон аскери табылып, ал Камар ад-Дин Ични-Бучни (Ачунай-Бичунай) талаасы тарапты көздөй кеткенин айтат. Тимурдун армиясы анын артынан жөнөп, Ички-Бучки, Укар-Кутачи (Акур-Кайтажи) аркылуу өтүп, Эртиштин жээгине чейин келишет. Бирок, Камар ад-Дин ага чейин аны кечип өтүп, Түлөс тоолоруна (Монгол Алтайы) кетип калат. Тарыхый булактарда анын Моголстанга кайтып келиши жөнүндө маалымат жок. Мухаммед Хайдардын айтуусу боюнча Камар ад-Дин өмүрүнүн акырында сары суу оорусуна чалдыгып, токойдо дайынсыз жоголот, ал эми Муин ад-Дин Натанзинин (XV к.) маалыматына караганда ал шал

оорусунан өлгөн. Тимурдун армиясы Эртишти кечип өтүп, бир нече күн токойдо болушат, ал жерде өзүлөрүнүн белгилерин жана энтамгаларын калтырышат. Алар тамак-ашы түгөнгөндөн кийин Алтун-Курка, Атрак-Колдун (Балкаш) жаны аркылуу Самарканга кайтып келишет. Тимурдун Моголстанга жасаган бул жүрүшү алты айга созулат.

Тимурдун Моголстанга жасаган жортуулдары анын калкына оор кырсыктарды алып келген, мамлекеттик бийлик ого бетер начарлап, ич ара согуштар күчөп, түрк урууларынын этникалык биригүү процесси басаңдайт. Тимурдун согуштары чарбага чоң зыян келтирген, калктын саны азайып, феодалдык бытыранды лык күч алган. Бирок, жалпысынан анын калкы да, мамлекеттик уюмдары да сакталып калган.

Илийас Кожонун уулу Хызр Кожонун качан Моголстандын ханы болуп жарыялангандыгы жөнүндө тарыхый булактарда маалыматтар жок. Ал 1377 жана 1389-жылдары Тимурдун жортуулдары убагында эскерилет. Анын башкаруусу жөнүндө да маалыматтар жок. Хызр Кожо 1399-ж. дүйнөдөн кайткан. Андан кийин Моголстанды биринин артынан бири анын тукумдары Шам-и Жахан, Мухаммед хан, Нахш Жахан, Вейс хан, Шер-Мухаммед жана кайтадан Вейс хан башкарышкан.

1425-ж. Улугбек Шер-Мухаммед өзүнүн бийлигин бекемдеп алып, «көз каранды эместиктин туусун көтөрдү» деген шылтоо менен Моголстанга каршы жортуул жасайт. Улугбектин бул жортуулу Моголстанды чоң кырсыктарга учураткан, анын армиясы өткөн жерлердеги калктын бир бөлүгү кырылып, бир бөлүгү куулуп же туткунга алынат. Бирок, ал Шер-Мухаммедди кайтадан өзүнүн вассалына айландыра алган эмес же аны башка бироо менен алмаштыра да алган эмес. Моголстан өз алдынча мамлекет катары жашай берген.

Ойроттор (калмактар) XIV к. аягы ченде Моголстандын чыгыш райондоруна кол сала башташат. Чыгыш авторлорунун маалыматтары боюнча Хызр Кожонун небереси, Вейс хан алар менен алтымыш бир жолу согушуп, анын ичинен бир гана жолу жеңишке жетишет. Ал ойроттордун башкаруучусу Тогондун мурасчы уулу Эсен тайшиге эки жолу колго түшкөн.

Вейс хан өлгөндөн кийин Моголстандын тактысы үчүн анын эки уулунун ортосунда күрөш жүргөн. Анын натыйжасында Вейстин уулдарынын кичүүсү Эсен Буканы жактагандар (анын ичинде өлкөнүн жаңы улусбеги Сейид Али дуглат да) жеңип чыгышкан. Анын бир тууган агасын — мурасчы Юнус ханды жактаган тарап Улугбектен жардам суроону чечишет.

Эсен Бука, анын улусбеги жана ордосу Юнус хандын тарапкерлерин куугунтукка алышат. Мунун натыйжасында Юнус хан менен бирге Самарканга кетпей калган баарын жана чурас урууларынын бир бөлүгү Моголстандын чыгыш чет-жакаларына көчүп барышып, Эсен тайшинин уулу, ойроттордун жол башчысы Амасанжи тайшинин бийлигине баш ийишкен. Калучи жана булгачи урууларынын Борбордук Казахстанга, Абул Хайрга кетип калышат. Ушул окуялардын натыйжасында өлкөдө баш аламандык жана бытырандылык өкүм сүргөн. Могол эмирлери, уруу жол башчылары менен бектери өзүлөрүнүн дубандарын, улустарын эч кандай көз карандысыз оз алдынча башкара башташкан. Маселен, Мухаммед шах дуглат Атбашыда, Хакк-Берди бекчик Ысык-Көлдүн жээгинде, Кой-Сай аралында сепил куруп, Түркстан менен Сайрамга кол салып турган, Керим-Берди Ала-Бугада, Сейид Али туугандары менен Ак-Суу, Касан жана Байда кожоюндук кылышкан.

Ойрот жол башчысы Уз Тимур тайши 1457-ж. Сыр-Дарыянын боюндагы дубандарга жана шаарларга кол салат. Ал көп сандаган колу менен Моголстан аркылуу басып өтөт. Кочмөн озбек-казак мамлекетинин негиз салуучусу Абу-л-Хайр хан Сыгнактан (Сыр-Дарыянын орто агымында) каршы аттанып, Көк-Кашандын жанынан (Сыгнактан 5-8 км түштүк-чыгыш жакта) беттешет. Бул жолу анда Абу-л-Хайр хан жеңилип, Сыгнак дубалынын ичине жашынат. Уз Тимур тайшинин сунушу боюнча Абу-л-Хайр менен аны кемсинткен келишим түзүлгөн. Бирок, ал тынчтык келишими түзүлгөнгө чейин эле ойроттор Түркстан, Шахрухия жана Ташкендин калкын толук талап тоношкон. Мындан кийин «...Уз Тимур тайши аскерлеринен мурда Сайрам аркылуу Чүй суусунун жээгиндеги балдарына жана үй-бүлосүнө келип, ал жерден бүткүл армиясы менен калмактарды көздөй, өзүнүн башкы ордосуна кайтат.

Бул окуялардын артынан эле Ак-Ордонун башкаруучусу Урус хандын тукумдары Жаныбек менен Гирей өзүлөрүнө баш ийген Дашти Кыпчак калкынын бир бөлүгү менен Моголстанга көчүп келишет. Эсен Бука аларды чын көңүлү менен кабыл алып, Моголстандын батыш чет-жакасы болгон Чүй жана Козу-Башы аймактарын бөлүп берет. Махмуд ибн Валинин (XVII к.) маалыматы боюнча Жаныбек менен Гирей Ак-Ордонун тактысынын мыйзамдуу мурасчыларыбыз деген доо менен Абул Хайрдын бийлигин таануудан баш тартышкан.

1462–63-ж. Эсен Бука дүйнөдөн кайтат. Мындан пайдаланып, Жетикентте отурган Юнус хан тимурилер өкүлү Абу

Саиддин жардамы менен Моголстандын түндүк бөлүгүн ээлеп алат. Эсен Буканын уулу Дост-Мухаммед борбору Ак-Суу болгон өлкөнүн чыгыш бөлүгүн ээлеп калат. Ал 1468–69-ж. өлөт. Юнус-Хан мындан пайдаланып Ак-Сууну ээлеп алат. Дост Мухамеддин эмирлери анын уулу Кебек Султанды Турпанга алып кетишет, бирок ал 1472-ж. каза болот. Бул жагдай Юнус ханга өзүнүн бийлигин бүт Моголстанга таратууга мүмкүнчүлүк берген. Бирок, ойроттор ошол эле жылы аны батыш тарапка качууга аргасыз кылган. Мухаммед Хайдар ойроттордун Моголстанды басып киришинин себебин мындайча сүрөттөйт: Эсен Буканын карындашы, Эсен-тайшинин аялы Махтум ханум кол алдындагы адамдарды мусулмандыкка өткөргөн, ал эми өзүнүн эки уулун Ибрахим жана Илийас деп атаган. Мына ушундай диний себептен улам алар менен аталаш бир тууганы Амасанжи тайшинин ортосунда кастык мамиле пайда болгон. Амасанжи алардан качып үч жүз миң адам менен Моголстанга жөнөгөн». Иле суусунун жанында согуш болот. Юнус хан жеңилип, согушта көптөгөн могол эмирлери өлүп, калгандары калмактардын колуна туткунга түшөт. Юнус хан калган кол алдындагылары менен Сыр-Дарыянын боюна качып кетип, бирок, ойроттор кеткенден кийин Моголстанга кайтып келет. Юнус хан тимурилер менен Сыр-Дарыянын боюндагы шаарлар үчүн күрөш жүргүзгөн. Алардын ортосундагы келишим боюнча Ташкен Юнус хандын энчисине тийген. Ал 1487-ж. дүйнөдөн кайтып, ошол шаарга көмүлгөн.

Юнус хандын уулу Махмуд хан атасынын тактысына отурат. Юнус хан Сыр-Дарыянын боюндагы калааларды ээлеп алуу үчүн күрөш жүргүзүп жатканда эле анын шаарларга жана дыйканчылык райондорго жайгашууну каалабаган эмирлери жана көчмөн феодалдык ак сөөктөрү Сайрамга бара жаткан жолдо Ахмед ханды (Юнус хандын улуу баласы) алар менен бирге Моголстанга качып кетүүгө азгырышкан. Ага «Моголстанда калган бардык моголдорду тийиштүү деңгээлде башкаруу үчүн он жылга жакын убакыт керек болгон». Ахмед хан, анын бийлигин кабыл албаган уруулардын жол башчыларын, эмирлерин жок кылган. Маселен, күндөрдүн биринде түн ичинде калучи уруусунун жол башчыларынын тобу Ахмед хандын ордосуна кол салып, көп адамдарды өлтүрүшкөн, хан өзү да жарадар болгон. Бирок хандын тарапкерлери кол салгандарды сүрүп салышат. Ахмед хан жаратынан айыккандан кийин, кол салган башчыларды куугунтукка алып, аларды жок кылган, аман калгандары калмактарга качып кетүүгө аргасыз болушкан.

Мухаммед Хайдардын маалыматы боюнча Ахмед хан эки жолу Эсен тайши менен согушуп, экөөндө тең жеңип чыгат. Хан калмактардын ээлигине улам кол салып тургандыктан өтө көп адамдар курман болгон. Ошондуктан калмактар аны «Алачы хан» (б.а. «канкор хан») деп аташкан. Ахмед хан 1503–04-ж. дүйнөдөн кайтат.

Мухаммед Хайдардын маалыматы боюнча анын уулдары Мансур хан, Султан Саид хан жана Халил Султандын ортосунда өз ара кагылышуулар болот. Кашкариянын чыгыш бөлүгүн башкарган Мансур хан Жети-Сууда кыргыздардын жана моголдордун калдыктарынын ханы болгон, бир туугандары Султан Саид хан менен Халил Султанга каршы жүрүшкө чыгат. Иле дарыясынын куймасы Чарын менен Чиликтин ортосунда болгон согушта Мансур-хан бир туугандарын жеңет. Халил Султан Ферганага качып барып, ал жерде Анжияндын акиминин колунан каза болот. Султан Саид хан Кабулга, Омар-шейхтин уулу Бабурга качып барат.

Мансур хан кыргыздарды жана башка урук-уруулардыкүч менен Чалыш жана Турпанга көчүрүп жиберет. «Кыргыздар Моголстандагы бардык баш-аламандыктардын баштоочулары болгондуктан, ал мыкаачылык менен алардын көпчүлүгүн кырып таштаган. Алардын бир аз гана бөлүгү Моголстанга качып кутулушат». Мансур хан калмактарга ийгиликтүү кол салып турган.

Жазуу булактарында Чагатай улусунун жана Хайду мамлекетинин этникалык тарыхы боюнча маалыматтар жок. Бирок, анын калкынын курамы Моголстан убагында олуттуу өзгөргөн эмес. Тимурийлик тарыхнаамачылардын эмгектеринде Моголстандын урук-уруу түзүлүшү, ирлаттар, барластар, баарындар, балуктар, балыкчылар, бекчиктер, долондор, духтуйлар, каучиндер, керейлер, кыргыздар, кенчилер, курлауттар, кушчулар, казактар, меркиттер, миңлагулар, нойгуттар, сулдуздар, чурастар ж.б. жөнүндө баалуу маалыматтар бар.

Тарыхый булактарда Моголстандын социалдык-экономикалык өнүгүшү жөнүндө кабарлар аз. Чыңгыз хандын Орто-Азияга басып кириши аны бүлдүрүүгө, шаардык турмушту жана отурукташкан дыйканчылык маданиятын начарлоого алып келген. XIV к. Жети-Суунун отурукташкан дыйканчылык райондору акырындык менен талааларга жана жайыттарга айландырылган. Кийинки жүз жылдыкта ал жакта жалаң көчмөндөр жашашкан. Чыгыш Түркстанда дыйканчылык башкачараак абалда болгон. Жалпысынан алганда ал биринчи ролду ойно-

гон, мал чарбачылыгы экинчи орунда турган. Крайдын калкынын чарбачылык турмушунда бахчачылык жана бакчылык чоң ролду ойногон. Моголстандын калкынын негизги кесиби жарым көчмөндүү мүнөздөгү мал чарбачылыгы болгон. Бирок, кээ бир тоолуу-талаалуу райондордо экстенсивдүү көчмөн мал чарбачылыгы өкүм сүргон.

Моголстандын калкынын таптык жиктелүүлөрү, салыктар жана эмгекчилерди эксплуатациялоо жөнүндөгү маалыматтар толук эмес. Феодалдардын ар түрдүү тобу өлкөнүн үстөмдүк кылуучу табын түзгөн. Карачу термини катардагы жамаатгарды — карапайым көчмөн жана отурукташкан калкты атоо үчүн колдонулган.

Монголдордун кол салуусунун алдында азыркы Кыргызстандын жана Жети-Суунун аймагында чоңдугу жагынан ар кандай көптөгөн шаарлар болгон. Алардын ичинен эң чоңдору — Тараз, Баласагун, Алмалык, Каялык жана Илебалык. Чагатай хандары жана Хайду башкарып турган мезгилдерде алар жапоосун уланта берген, бирок, бара-бара мурдагы экономикалык жана саясий маанисин жогото баштаган.

Соода жолдору жөнүндө эч бир маалымат жок. Тимурдун Моголстанга жасаган жортуулдарынын маршруттарына караганда Улуу жибек жолунун мурунку түндүк жана түштүк тармагы иштеп турган.

Чагатай улусунун калкы христиан, будда, шаманчылыкты жана ислам динин тутушкан. Ислам Моголстандын мамлекеттик дини болгон.

Моголстандын калкынын тили жөнүндө эч бир маалымат жок. Албетте, алар ар түрдүү түрк диалекттеринде сүйлөшкөн болуу керек.

Кайталоо жана өзүн өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Чагатай улусунун түзүлүшү.
2. Хайду мамлекетинин түзүлүшү.
3. Чагатай улусунун кайрадан жаралышы.
4. Чагатай улусунун экиге бөлүнүшү.
5. Моголстан мамлекетинин биринчи башкаруучулары. Алардын ички-тышкы саясаттары.
6. Камар ад-Дин жана анын бийликти ээлеп алышы.
7. Тимурдун Моголстанга жасаган жортуулдары. Анын жергиликтүү калкка келтирген зыяндары.

8. Тимурдун 1388–89-жж. Моголстанга жасаган жортуулунун өзгөчөлүгү.

9. Моголстандын XVI кылымдын биринчи жарымындагы башкаруучулары.

10. Эсен Бука.

11. Уз Темир тайшинин Орто Азияга жасаган жортуулу.

12. Юнус хандын Моголстанды башкарышы.

13. Ахмед хан, анын уулдарынын өз ара күрөшү.

14. Халил Султан кыргыздардын ханы.

15. Моголстандын калкынын этникалык курамы.

Адабияттар:

Бабур. В 2 кн. — Ташкент, 1982.

Байтур Анвар. Кыргыз тарыхынын лекциялары. 1–2-китеп. — Бишкек, 1992.

Бартольд В. В. История турецко-монгольских народов//Собр. соч., Т. 5. — М., 1968.

Бартольд В. В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия//Собр. соч., Т. 1. — М., 1963.

История Киргизской ССР., Т. 1. — Фрунзе, 1984.

Караев О. Чагатайский улус. Государство Хайду и Могулистан. Образование кыргызского народа — Бишкек, 1995.

Кыргызы: Источники, история, этнография / Сост. О. Караев, К. Жусупов. — Бишкек, 1996.

Материалы по истории кыргызов и Киргизии. Вып. I. — М., 1973.

Пищулина К. А. Юго-Восточный Казахстан в середине XIV–начале XVI веков, Алма-Ата, 1977.

Тамерлан. Эпоха. Личность. Деяния. — М., 1992.

Хрестоматия по средневековой истории Кыргызстана (XIII–XVIII вв.) / Составитель Т. Д. Джуманалиев. — Бишкек, 1996.

6-БАП

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КУРАЛЫП, КАЛЫПТАНЫШЫ

§ 1. Эне-Сай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын өз ара мамилелери

Чыгыш жазма булактарында Минуса өрөөнүндө (биздин заманга чейинки биринчи миң жылдыктын 2-жарымында) жана Теңир-Тоо (биздин замандын IX к. баштап) жашаган кыргыздар жөнүндө маалыматтар кездешет. Азыркы убакта алардын этногенези жөнүндө ар кандай көз караштар бар. Эң маанилүүлөрү төмөнкүлөр.

Н.Я.Бичурин биринчи болуп эне-сайлык кыргыздардын Теңир-Тоого көчүп келиши жөнүндөгү пикирге каршы болгон. Анын ою боюнча, алар «киргиз» — деген монгол термини менен аталып, калмактардын анча чоң эмес тайпаларынан болушкан: буруттар болсо «кэргыз» деген түрк сөзү менен аталган, алар байыртадан бери Түштүк Хотондун тоолорунда көчүп жүрүшкөн, биздин замандын IV кылымында алар азыркы ээлеген жеринде пайда болушуп, кытайча: болу, булу, болой, полу, пулу деп аталышкан, бул «бурут» деген сөздүн маанисин берет жана ал этноним кыргыздардын аталышын билдирет.

Ч.Валихановдун ою боюнча байыркы убактарда эне-сайлык кыргыздар Теңир-Тоо тоолоруна чейин көчүп жүрүшкөн. Алардан Теңир-Тоо кыргыздарынын бөлүнүп калышы Чыңгыз хандын убагында же ага чейин уйгурлардын үстөмдүгү учурунда болгон. Эне-сайлык жана Теңир-Тоолук кыргыздар бир эле калк. «Алардын этностук байланышы анын аталышынан эле ачык көрүнүп турат. Бул жөнөкөй эле этимологиялык окшоштук же үндөштүк эмес». Ошентип, Ч.Валихановдун пикири боюнча эне-сайлык кыргыздардын бир бөлүгү Теңир-Тоодо IX же XIII кк. пайда болгон, кийин алар Алтай менен Чыгыш Теңир-Тоонун

этектеринде ойроттордун ээликтери түзүлгөнгө чейин Теңир-Тоодон (жайлоо катары) Хангайдын түндүгүнө чейин көчүп жүрүшкон. Ч.Валиханов ошону менен бирге эле теңир-тоолук кыргыздардын байыркы убактардан бери эле Анжиян менен Ысык-Көлдүн ортосундагы аймактарда жашап келгенин айтат. Жайында алар Үрүмчү, Эртиш, Алтай, Хангайга чейин көчүп жүрүшкөн.

В.В.Радлов эне-сайлык кыргыздардын Теңир-Тоого көчүшүн IX–X кылымдарга тиштаган, бирок кийинчерээк ал кыргыздарды Саян тоолоруна жана Чыгыш Алтайга жайгаштыруу менен алардын бир бөлүгү азыркы жашап жаткан аймагына XII к. кидандардын кысымы астында, XIII к.Чыңгыз хандын убагында көчүрүлгөн дейт.

Н.А.Аристов эне-сайлык кыргыздардын X, XII к. жана XIII к. башында Теңир-Тоого көчүп келгендиги жөнүндөгү гипотезага каршы болгон. Анын пикири боюнча саяндык кыргыздар эне-сайлык кыргыздардын бир бөлүгү. Алар Эне-Сайдан Батыш Монголия менен Жунгарияга, андан кийин Батыш Теңир-Тоого көчүп келишкен.

В.В.Бартольд да ушул маселе боюнча өзүнүн бир нече пикирин айткан. Ал: «Кыргыздар улуу дөөлөттүк күч-кубатын жоготкондон кийин, сыягы, алар түштүк-батышта калган эмес. Ошондой эле, алардын орто азиялык монголдор исламды кабыл алган доордо да бул жерде болгону да күмөндүү нерсе. Мүмкүн, калмактардын кыймылында кыргыздардын кээ бир уруулары катышып, алар калмактар кайта кеткенден кийин Батыш Теңир-Тоодо калып калса керек, бирок бул жөнүндө булактарда эч нерсе айтылбайт». Бул жерде белгилей кетчү нерсе В.В.Бартольд эч качан эне-сайлык жана теңир-тоолук кыргыздардын этногенетикалык байланышынан күмөн санаган эмес.

А.Н.Бернштамдын ою боюнча эне-сайлык кыргыздар Теңир-Тоого бардык байыркы жана орто кылымдарда бир нече жолу көчүп келишкен. Алардын биринчи тобу Орто Азияга биздин заманга чейинки 49–47-жж. Талас өрөөнүнө келип туруп калышкан. Андан кийинки тобу VI–VIII кк. келишкен, ал эми Эне-Сай кыргыздарынын Теңир-Тоого массалык түрдө көчүшү IX–X кк. туш келет.

С.М.Абрамзондун пикири боюнча эне-сайлык кыргыздар теңир-тоолук кыргыздардын эл болуп калыптанышына катышса да, алар теңир-тоолук кыргыздардын этникалык ядросун түзүшкөн эмес. Этнографиялык маалыматтарга караганда «кыргыз» этнонимин X–XI кк. Минуса өрөөнүнө коңшулаш жашаган элдердин арасында, айрыкча Саян-Алтайда кеңири тарал-

ган. Ушул райондо жашаган элдердин экономикалык, саясий жана этникалык тыкыс байланыштарынын натыйжасында кыргыз элинин алгачкы ядросу түзүлгөн. XI–XV кк. Теңир-Тоонун түндүк-чыгышында жана ага жакыныраак жерлерде көп сандаган түрк элдери монгол уруулары аралашып топтолгон. Алар кыргыз элинин негизги компонентин түзгөн. Биздин замандын II миң жылдыгынын биринчи жарымында Орто Азияга чыгыштан кыргыз тилинде сүйлөгөн бир эл келген. Алар бара-бара жергиликтүү элди жана башка жактан келген уруулларды ассимиляциялап алган. Кыргыз эли негизинен Алтайдан тартып, Чыгыш Түркстан жана Памир-Алай аймагында жергиликтүү түркий тилдүү уруулардын базасында калыптанган.

К.И.Петров азыркы кыргыздардын ата-бабалары XIII–XV кк. Эне-Сай-Эртиштин аралыгынан келген деп эсептейт. Автордун ою боюнча кимак-кыпчак уруулары монголдордун доорунда кыргыз уруулары менен Эне-Сай-Эртиш дарыяларынын орто аралыгындагы чөлкөмдө биргелешип жашап калышкан. Айта кетчү нерсе, Эне-Сай-Эртиш аралыгындагы кыргыздар IX–X кк. Эне-Сай кыргыздары жашаган жерде эле жашашкан.

«Кыргыз ССРинин тарыхында» (I-т. 1984) кыргыздардын кимак-кыпчактардан келип чыгышы жөнүндө жаңы концепция сунуш кылынган. Анын негизги маңызы төмөнкүчө: эне-сайлык кыргыздардын басымдуу бөлүгү X к. Тоолуу Алтай жана Об-Эртиш аралыктарында жайгашып, башында инал турган өзүнчө хандыкты түзүшкөн. Бара-бара алар жергиликтүү кимак-кыпчактардын арасына сиңип кетишкен. Бирок «кыргыз» этнонимин жаңы түзүлгөн этникалык топ кабыл алган. Алар XV к. 2-жарымында Теңир-Тоого көчүп келишип, кыргыз элинин түзүлүшүндө белгилүү бир ролду ойношкон.

Эми жогорудагы изилдөөчүлөрдүн пикирлерин жыйынтыктайлы: Ч.Валиханов, В.Радлов, Н.Аристов, В.Бартольд жана Н.Бернштам кыргыздардын бир бөлүгү ар кайсы мезгилдерде Теңир-Тоого көчүп келишкенин ырасташат же божомолдошот. Бул көз карашты Г.Миллер, Е.Фишер, И.Георги, Ю.Клапрот, А.Левшин, К.Риттер, Г.Грумм-Гржимайло жана А.Арзыматов колдойт. Ал эми Н.Бичурин, С.Абрамзон, К.Петров жана «Кыргыз ССРинин тарыхынын» VII бабынын автору (I т., 1984-ж.) Тенир-Тоо кыргыздарынын тегин Эне-Сай менен байланыштырбай бири-биринен айырмаланган оз пикирлерин сунуш кылышат. Ошентип, жогоруда көрүнүп тургандай окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү тяньшандык кыргыздардын Эне-Сай кыргыздары менен этногенетикалык байланышын четке кагышпайт.

Азыркы күндөрдө тарыхый адабияттарда бири-бирине карама-каршы келген эки негизги гипотеза коңул буруурга арзыйт. Алардын бири Теңир-Тоо кыргыздарынын тегин Алтай менен, экинчиси болсо Эне-Сай менен байланыштырат. Төмөндө экинчи гипотезанын мазмунуна токтолобуз.

§ 2. Эне-Сай кыргыздарынын бир бөлүгүнүн Теңир-Тоого көчүп келиши

840-жылы эне-сайлык кыргыздар Ордо-Балыкты басып алгандан кийин ханзаада Пан-тегин жана ордо министри Сачжи башчылык кылган уйгурлардын ири бөлүгү Чыгыш Теңир-Тоонун батыш райондоруна кетишет. Чыгыш авторлорунун маалыматтарына караганда эне-сайлык кыргыздар алардын артынан кууп отуруп Чыгыш Теңир-Тоого кирип келишет. Кыргыз хаканынын элчиси Табу Хецзу 843-жылы ноябрда Кытайдын борборуна келип мындай деп кабарлайт: «Бизге беш уруу Анси (Куча), Бэйтин (Беш-Балык), дада (татарлар) ж.б. баш ийишти». Дагы бир булакта ушул эле маалымат кайталанат. Бул окуяларга байланыштуу Кытай сарайынын биринчи министри Ли Дзюйдун өмүр баянында «Кыргыздар элчи жиберишип, алар Анси жана Бэйтинге чабуул коюп, басып алышканын кабарлады. Император ушул райондорду кыргыздардан алгысы келип жатат». 843-жылы апрелде кыргыз ажосунун ордосуна кытай элчиси Чжао Фань жиберилген. Ал кайтып келип: «Кыргыздар Анси жана Бэйтин акимчиликтерине чабуул коюшууда, аларга колдуктан аскер жиберип, жардам берүү керек» дейт. Ушул маалыматтын негизинде жапондук окумуштуу Т.Ханэда төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарган: кыргыздардын кысымы менен уйгурлар Куча жана Беш-Балык райондорунан чыгышка, Теңир-Тоо тоо этектерине кетип калышкан.

Эне-сайлык кыргыздардын Чыгыш Түркстандагы согуштары жөнүндө «Худуд ал-аалам» аттуу эмгектин белгисиз автору: «Пенчул» (азыркы Үч-Турпан — О.К.) каллук өлкөсүндө жайгашкан, бирок мурда ал тогуз-огуздар тарабынан башкарылып турган, азыр аны кыргыздар ээлеп алышты» — деп жазат. Эгерде автордун ушул сөзүнө ишенсек, анда кыргыздар Пенчулду X к. аягында, б.а. 982-жылы — аталган эмгек жазылып жаткан мезгилде басып алышкан. Бирок, В.В.Бартольд бул окуяны IX к. аягына таандык кылат. «Худуд ал-ааламда» Жети-Сууда, Чыгыш Түркстанда жана алар азыр ээлеп турган аймактардагы кыргыздар жөнүндө да башка маалыматтар бар.

«Кашкар, — деп жазат анын автору, — Чинистан улусуна тиешелүү, бирок ал ягма, Тибет, хырхыз жана Чиндин чек арасында жайгашкан». Белгилей кетчү нерсе, «Худуд ал-ааламдагы» маалыматтарга караганда карлуктар, ягмалар, тухсилер, чигилдер жана тогуз-огуздар (уйгурлар) Орто Азияда, Түштүк Казахстанда жана Чыгыш Түркстанда жайгашкан. Бул болсо эне-сайлык кыргыздардын Үч-Турпандан Кашкарга чейин келишкенин, X к. Нарын дарыясынын жээгинде жашаган ягмалар менен коңшулаш жашагандыгын айгинелейт.

Эне-Сай кыргыздарынын IX–X кк. саясий жактан жогорулаган мезгилинде, алардын Теңир-Тоого да келип жайгашканын археологиялык табылгалар далилдейт. 1961-жылы Жунгар Ала-Тоосунун этегиндеги Текели шаарына жакын жердеги көрүстөндөрдөн темирден жана колодон жасалган 76 буюм табылган. Алардын арасында VIII–X кк. көрүстөндөрүнө мүнөздүү болгон жебелер, жасалгалар ж.б. буюмдар бар. Буларды изилдеген археологдор томөндөгүдөй жыйынтыкка келишти: ушуларга окшош буюмдар Чыгыш Казакстандагы кимактардын көрүстөндөрүнөн кездешет. Ушуга эле окшош буюмдар Түндүк Казакстандан, Түштүк Сибирден жана Минуса ойдуңундагы енисейлик кыргыздардын көрүстөндөрүнөн табылган буюмдардын арасында да бар. Текели шаарына жакын жерден табылган жебелердин учтарынын тобу чоң илимий кызыкчылыкты пайда кылууда. Анткени буга окшогон үч катмарлуу жана үч кырдуу тыктар Чыгыш Казакстандагы Бобровск жана Зевакиндеги кыргыз көрүстөндөрүнөн да табылган. Л.Р.Кызласов Токмокко жакын жердеги Ак-Бешим шаар урандысын казганда IX к. биринчи жарымына таандык кылынган ооздукту жана псалийди тапкан. Алардын ичинен тоо текенин түспөлүндөгү псалий айырмаланып турат, алардын Минуса ойдуңундагы капчал жана уйбат тибиндеги табылгаларга окшоштугу кызыкчылыкты туудурат.

Бул маселени изилдөөдө окумуштуулар V–XII кк. аралыгындагы мезгилдерге таандык кылган Таластагы байыркы түрк рун эстеликтеринин чоң илимий мааниси бар. И.В.Кормушиндин Сужи, Эне-Сай жана Талас рун жазмалары жаңы даталарга таандык кылынгандыгына байланыштуу айткан пикирине караганда ал жазмалардын ээлери — кыргыздар Минуса ойдуңунан Теңир-Тоого IX к. келген. Биздин оюбузча бул пикир чындыкка жакыныраак көрүнөт. Таластан табылган төрт таштын боорунда «отуз оглан» (отуз уул) деген жазуу кездешет. XV к. жазылган «Шажарат ал-атрак» («Түрктөрдүн санжырасы») аттуу

китепте кыргыздардын кырк монгол кыздарынан, ал эми отуз огул (отуз уул) алардын отуз уулдарынан келип чыккандыгы жөнүндө легенда бар. Сайф Ад-дин Ахсыкендинин (XV–XVI кк.) маалыматы боюнча Отуз уулдун Идине (Адигине), Мунгкуш (Мунгуш), Кара-Багыш жана Тагай деген уулдары болгон, ал эми Тагайдын алты уулунан ядгар (жедигер), бугу, сары багыш, солто, бостон, саяк уруулары келип чыккан. Отуз уул уруу бирикмеси тарыхый-этнографиялык маалыматтар боюнча кыргыз элинин куралышы, калыптанышы менен байланышканын жана оң канатты бириктирип турганын унутпоо керек. Мындан башка да дал Талас өрөөнүндө жашаган кыргыздардын көпчүлүгү өздөрүнүн эң түпкү тегин сол канаттын отуз уул тобу менен байланыштырышы да кокусунан эместир. Жалпысынан бул фактылар IX–XI кк. эне-сайлык кыргыздардын Талас өрөөнүнө келишкенин ырастайт. Талас эстеликтеринде айтылган Кара Чур башында турган отуз оландар эне-сайлык кыргыздардын тайпасы же уруусу болушу мүмкүн. Чыгыш авторлору Ван Яньде, ал-Марвази, Жувейни, Махмуд ибн Вали жана Абд-ар-Раззак Самаркандинин маалыматтары боюнча кыргыздар X–XV кк. Чыгыш Теңир-Тоодо, негизинен түндүктө Манас менен Кулжанын, түштүктө Куча менен Ак-Суунун ортосундагы аймактарда көчүп-конуп жашаганын уланта беришкен.

981-жана 983-жж. кытай элчиси Ван Яньде уйгурлардын Турпан ээлигинде болгон. Ал «Гаочан мамлекетинин кол алдында коптөгөн уруулар: түштүк-түндүк туцзюэ, чоң жана кичи чигилдер, ягмалар, кыргыздар, бармандар, геттер, урунгулар» бар экендигин кабарлайт. Ван Яньдеге Беш-Балык шаарында эс алып жаткан уйгур башкаруучусуна барууга туура келген. Ал өзү көргөн же башкалардын айткандарынын негизинде жазган. Анын кабарына караганда Турпан улусунун батыш чек арасы Кучага чейин созулган. Бул тарыхый чындык десек болот, анткени андан аркы аймак Караханилер мамлекетинин курамында болгон. Ван Яньде атаган уруулар Турпан улусунун курамында болгон. Кыргыздардын чигил жана ягма менен катар эскерилгенинин чоң илимий мааниси бар. Чигил менен ягма уруулары X к. экинчи жарымында Борбордук Теңир-Тоодо Караханилер кагандыгын түзүүдө негизги ролду ойношкон. Ягмалар «тогуз-огуздардын (уйгурлардын) алдыңкы уруусу» катары Турпан ойдуцунан келгендиги белгилүү, ал эми чигилдер болсо Мин династиясынын убагында (1368–1644) Чыгыш Теңир-Тоодо жашап турганы эскерилет. Ошондуктан ягма менен чигилдер Ван Яньденин тизмесинде болуп калышы тарыхый

факт. Алар тигил же бул себептердин натыйжасында өзүлөрүнө тектеш уруулардан бөлүнүп калып, X к. уйгурлардын Турпан ээлигине кирип калышкан. Ал эми кыргыздардын Борбордук Теңир-Тоодо жана Жети-Сууда чигил жана ягмалар менен кошуна тургандыгы жогоруда айтылды. Эне-сайлык кыргыздар 840-ж. Беш-Балыкты ээлешип, X к. экинчи жарымынын баш чендеринде уйгурлардын кысымы астында бул шаарды таштап, Манас дарыясынын ороонүнө жана андан аркы батыш аймактарга жайгашып калышкан. Бул биздин божомолду Жувейни (XIII к.) жана Абд ар-Раззак Самаркандинин (XVк.) Беш-Балыктын айланасында жашаган кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарды далилдейт (аны төмөндө карацыз).

Араб автору ал-Марвази (XI–XII кк.) мындай деп жазат: «Хырхыздар түрктөрдүн курамына кирет, (алар) көп сандаган эл: чыгыш (түндүк-чыгыш) менен түндүктүн ортосунда жашашат. Кимактар алардын түндүгүндө (жашашат). Ягма менен харлухтар — батыш тарабында, ал эми Куча менен Арк (аларга караганда) батыш (түштүк-батыш) менен түштүктүн ортосунда жайгашкан». Кыргыздар VIII–IX кк. «Ортоңку Эртиштен Жунгар капкасына чейинки аймактарга бекем орношуп алган» кимактардын түштүк кошунасы болушу толук мүмкүн. Арк шаары Кара-Шаар менен окшоштурулат. Ал-Марвазинин маалыматы боюнча карлуктар мурда Алтайда жашашкан, тогуз-огуздардан жеңилгенден кийин түштүккө, Жети-Суу, Чүй-Талас ороондорүндөгү түргөштордүн өлкөсүнө көчүп келишкен. Демек, кыргыздар ягма менен карлуктардын чыгышында, Кара-Шаар менен Кучанын түндүк-чыгышында, чамалап айтканда Иле дарыясынын жогорку агымы менен Манас дарыясынын ортосунда көчүп жүрүшкөн. «Хиргиздерде, — деп жазат ал-Марвази — өлгөндөрүн өрттөө адаты бар; муну менен алар от өлүктөрдү ыпластыктан арылтып, тазартат деп ойлошот. Бул алардын мурдагы адаты болгон, бирок мусулмандардын кошунасы болгондон баштап, өлгөндөрүн өрттобой көрго коюуга өтүштү». Ушуга байланыштуу айта кетүүчү нерсе IX–X кк. енисей кыргыздары өлгөндөрүн өрттөп, анын күлүн бир жылдан кийин көмө турган жерге алып келип, таш мүрзөлөрго коюп, үстүно боз үй түспөлдөгү коргон салышкан. Бул жөнүндө кытай автору мындай деп жазат: «Көмүү убактысында беттерин тытышпайт, өлүктү үч катар ороп коюшуп ыйлашат, андан кийин аны өрттөп, күлүн чогултуп бир жылдан кийин көмүшөт. Анан белгилүү бир мезгилдерде ыйлашат». Эне-Сай кыргыздары эч убакта мусулмандар менен түздөн-түз карым-катнашта болгон эмес,

ал эми XI–XII кк. алардын түштүгүндө ислам динине жат найман уруулары жашашкан. Ал-Марвази эмгегин жазган мезгилде мусулман дини Иле дарыясынан ары тараган эмес. Өз эмгегин ал-Марвазиден 46 жыл мурда жазган Махмуд Кашгари ислам дининин таралыш чеги түштүк чыгышта Черченге чейин, ал эми түндүк-чыгышта Иле дарыясына чейин жеткенин кабарлайт. Караханилер кагандыгында ислам мамлекеттик дин болгон. Алардын жерлеринин чыгыш чек арасы Черченден бери тарта Кучанын батышыраак жагынан Сасык-Көл, Ала-Көл жана Балкаш багыты боюнча өткөн. В.В.Бартольддун пикири боюнча Емил дарыясынын өрөөнүндөгү Чугучак жери «XII кылымда да XI кылымдагыдай эле ислам таасиринен сырткары калган». Демек, мусулмандардын кошунасы Чыгыш Теңир-Тоонун аймагында жашаган кыргыздар гана болушу мүмкүн. Алар ислам-дын таасири астында акырындык менен мурдагы өлүктөрүн өрттөө үрп-адаттарынан баш тартып, көргө коюуга өтүшкөн.

Жувейнинин маалыматы боюнча гурхан Елүй Дашы баш болгон кидандардын (кара кытай) бир бөлүгү чжурчжендерден батышты көздөй качып (1120-ж.) кыргыздардын ээликтеринин чек арасына келип, аларга кол салган, бирок алардын катуу каршылыгына дуушар болуп, Емил дарыясынын өрөөнүн көздөй кетишкен. Андан ары автор кидандардын гурханы Кашкар менен Хотанды ээлегенден кийин «кыргыздардын ээлигине аскер жиберип, «Мурда кидандардын тынчын кетиргендиги үчүн өч алуу максатында Беш-Балыкты басып алат». Елүй Дашы кыргыздардын мурда кидандарга көрсөткөн каршылыктары үчүн өч алуу максатында аларга каршы кошуун жибериши мүмкүн.

Калмак жол башчысы Уз Тимур тайши 1450-ж. Орто Азияга жортуул жасайт. Ал жолдо, Чүй өрөөнүнө жүктүү арабаларын, үй-бүлөсүн таштап, Сыгнак шаарынын жанында Абул Хайр ханды жеңип, аны кемсинткен тынчтык келишим түзөт да, талап-тоноп алган дүнүйөлөрү менен өз журтуна кайтып келет. Ушул окуяларга удаа эле Ак ордонун ханы Баракты уулдары Жаныбек менен Гирей уруулаштары жана тарапкерлери менен Абул Хайрдан качып Моголстанга келишет, анын ханы Эсен Бука аларга Чүй, Талас өрөөндөрүн болуп берет. Махмуд ибн Валинин (XVII к.) кабары боюнча «алар Моголстанга жайгашкандан кийин алгачкы убактарда калмак жана кыргыз уруларына кол салып турушкан». Жаныбек менен Гирейдин кол алдындагы, жакында эле келген качкын калк Саян-Алтайдын түндүгүнө кол сала алмак эмес. Алар сыягы Жунгариянын

батыш райондорун талап-тоношкон болуу керек. Махмуд ибн Вали эскерген кыргыздар мурункудай эле Теңир-Тоонун түндүк-чыгыш аймактарында көчүп жүрүшкөн. Кез-кези менен алар ээлеген райондор калмактардын бийлиги алдында болгон. Мына ошондуктан Махмуд ибн Вали кыргыз менен калмактарды кошуна жана шериктеш катары караса керек. Ошол эле автор Абул Хайрдын Моголстанга жасаган жортуулу жөнүндө, тагыраак айтканда кыргыздар менен калмактардын журтуна жөнөп баратып, жолдо азыркы Алматы району ченде каза болот. Махмуд ибн Валинин маалыматы боюнча бул хандын армиясы Талас, Чүй өрөөндөрү аркылуу өтүп, андан кийин Түндүк-чыгышты — Жети-Суу тарабын карай бет алган. Бул фактылар кыргыздардын XV к. экинчи жарымында Чыгыш Теңир-Тоонун түндүк жактарында, тагыраак айтканда орто кылымдардагы Беш-Балык менен Алмалыктын ортосунда жана алардын түндүгүндө жашашкандыгын далилдейт. Ушул региондо кыргыз элинин баатыры Манастын ысмы менен дарыянын жана шаардын аталышы кокусунан эместир. Ал географиялык аталыштар алыскы бир өткөн мезгилдерде бул райондо кыргыздардын жашагандыгынын далилдери боло алат.

Абд ар-Раззак Самарканди (XV к.) да кыргыздардын ушул регионду турганын эскерет. Анын маалыматы боюнча Тимурдун небереси Искендер XIV–XV кк. аралыгында Моголстанга жортуул жасап, өзүнүн чоң атасына бир нече ондогон перилердей, «Алмалыктын, Хотондун жана кыргыздардын, Пишбалыктын сулууларын тартууга жөнөткөн». Бул жерде айта кете турган нерсе Искендердин жортуулу Теңир-Тоо жана Чыгыш Түркстандын аймагынан сырткары чыккан эмес. Ошондуктан Искендердин колу Беш-Балык шаарын талап-тоноп, анын айланасынан кыргыздардын перидей сулуу кыздарын колго түшүргөн десек болот.

Жогорудагы келтирилген жана башка тарыхый фактылар көрүнүктүү советтик этнограф-кыргызтаануучу С.М.Абрамзондун түндүк-кыргыз курамындагы уруулардын баш кошуп, калыптануу процесси түндүк чыгыш Теңир-Тоо менен байланыштуу деген пикирин далилдейт. Автор СССРдин чыгыш чек арасынан Күнгес дарыясы, Чоң жана Кичи Жылдыз дарыяларына чейинки аралыкта жашаган кыргыз калкынын тобун IX–X кк. азыркы Синцзяндын аймагында кыргыздардын пайда болгондугу жөнүндөгү тарыхый булактардагы маалыматтар менен байланыштырса болот деп жазат. Энс-Сай кыргыздарынын бир бөлүгү IX–X кк. көчүп келип Теңир-Тоонун чыгыш-түндүгүнө

жана Жети-Сууга орношуп, кыргыз элинин курамынын негизги уюткусун түзгөн.

Ушул жана башка чыгыш авторлорунун маалыматтарынын негизинде теңир-тоолук кыргыздардын этногенези Алтайга караганда Эне-Сайга көбүрөөк байланышат десек болот.

§ 3. Кыргыз элинин түзүлүшү

Кыргыз эли эки этностук, борбордук азиялык-түштүк сибирдик жана жергиликтүү орто азиялык топтон куралган.

Кыргыз элинин этностук курамынын өзү, анын басымдуу компонентинин теги борбордук азиялык жана түштүк сибирдик экендигин далилдеп турат. Тарыхый булактардагы маалыматтар боюнча Борбордук Теңир-Тоо жана Жети-Сууда байыркы доордон тартып X к. чейин (б.а. Эне-Сай кыргыздарынын бир бөлүгүнүн көчүп келишине чейин) төмөнкү этностук аталыштар же алардын тайпалары кездешет — сак, усун, юечжи, хунн, дулу, нушиби, түргөш, тухси, аз, карлук, согду, чигил, ягма, аргу, огуз, түркмөн, кыпчак жана каңлы, кара кытай жана наймандар. Алардын бир бөлүгү кыргыз элинин куралышына катышышы ыктымал, ал эми экинчи бир бөлүгү өзүнүн этникалык аталышы менен анын курамына кирген (төмөндө караңыз).

Кыргыз элинин куралуу процесси болжол менен XI к. башталган. Бул мезгилде — Эне-Сай кыргыздарынын бир бөлүгү Теңир-Тоонун чыгыш-түндүгүнө жайгашып, Караханилер кагандыгынын түздөн-түз кошунасы катарында бул мамлекеттин калкы чигил, карлук, тухси, ягма ж.б. менен ар түрлүү байланышта болгон.

Кыргыз элинин куралышында кара кытайлардын (XII к.) жана наймандардын (XIII к.) Орто Азия жана Казахстанга жылышы белгилүү бир ролду ойногон.

XIII–XIV кк. Кыргызстан жана Жети-Суудагы этникалык өзгөрүштөрдү сүрүштүрүү өтө кыйын. Бирок, монгол басып алуулары менен кошо Борбордук Азиядан көчүп келген уруулар, Чыңгызилердин улустарынын жана Хайду мамлекетинин түзүлүшү кыргыз элинин куралышына чоң таасир берген.

Бул процессте Моголстан мамлекети (XIV к. ортосу — XVII к.) олуттуу ролду ойногон. Анын курамына батыштан Сыр-Дарыя жана Фергананын чыгыш бөлүгүнөн чыгышта Турпан ойдуңуна чейинки, түндүктөн Балкаш-Кара Эртиштен түштүктө Куэнь-Лунга чейинки аймактар кирген. Моголстан жергиликтүү түрк

тилинде сүйлөгөн жана түрктөшүп кеткен монгол уруу-уруктарынын саясий мамлекеттик бирикмеси болгон. XV–XVII кк. перс авторлорунун эмгектеринде төмөнкү могол жана түрк уруу-тайпаларынын аттары кездешет: арлат, арканут (арканут), баарын (байрын), барлас, балыкчы, бекчик, булгачи, даруга, долан, дохтуй, дуглат (доглат), итарчи (итарчи-барак, ак-барак), йарки (барки), кадак, канглы, карлук, каучин, киканут, кыргыз, кераит, курлаут, кончи-сагырчи, кушчи, манглаут, макрит (бекрит), минлагу (маналагу), могол, мучалкачи, ордабеги, салучи, татар, узбек, узбек-казак, чурас (чорас), хибат-ширасут жана шункарчи (шулкарчи). Бул моголстандык уруу-уруктардын же алардын тайпаларынын төрттон биринен ашыгыраагы (төмөндөн караңыз) кыргыз элинин курамына кирген. Демек, кыргыз элинин куралып, калыптануусунда Моголстан мамлекетинин калкы чоң ролду ойногон.

Бул процессти ылдамдаткан фактылардын бири XV жана XVI кк. аралыгында кыргыз мамлекетинин түзүлүшү болгон. Кыргыз элин калыптанган эл катарында аныктоо үчүн анын негизги белгилери: этностук жалпылыкты аңдап-сезүү, ошол мезгилде түзүлүп калган жалпы элдик тил жана жалпы этностук аймак бар болучу.

Кыргыз элинин этостук аң-сезими Мухаммед Хайдардын «Тарых-и Рашиди» деген эмгегинде 1510-ж. окуяларга байланыштуу эң сонун көрсөтүлөт. Бул кезде кыргыз өзүнүн «кыргыз» этностук жалпылыгына таандык экенин түшүнүп, өзүн кыргыз эместен, б.а. Моголстандын «башка элдеринен» ажырата билген. «Тарых-и Рашидинин» автору кыргыз элинин этностук жалпылыгынын түзүлүшүн аяктап бүткөн процесс же көрүнүш деп эсептеген. Автордун бул аныктамасы өтө маанилүү. Анткени ал өзү Моголстандын башкаруучуларынын тукумунан болгон.

Акыр аягында жыйынтыктап келип, Кыргызстандын аймагында байыркы доордон тартып XVII к. чейин жашап келген калктардын этникалык аталыштарын (кашаанын ичинде кыргыз элинин курамына кирген уруулардын аталыштары) беребиз: сактар, усундар (уйшун), юечди, гунндар, эфталиттер, дулу, нушиби, түргөш-тухсилер, аздар (азык), карлуктар (бостон, жабагу, килет, мачак), согдулуктар (саадак), чигилдер, аргулар (оргу), түркмөндөр, кыпчактар (кыпчак), канглдар (каңлы), кара кытайлар (кара кытай), наймандар (найман), монголдор (моңолдор). Жогоруда саналып өткөн Моголстандын аймагында жашаган отуз тогуз түрк-монгол урук-уруулуларынан башка да (баа-

рын, булгачи, долан, дуулат, керейлер, кушчу-кутчу, меркит жана чоро), кыргыз элинин уруу-урук курамында төрдөштөр (тардуш), тоолөстөр (телес) жана чериктер (черик) да кездешет. Алар биздин замандын 1-миң жылдыгында Кыргызстандан тышкары аймактарда жашашкан.

Азыркы кыргыз элинин куралуу процесси биздин замандын 2-миң жылдыгынын башынан башталып, эки компоненттин — Орто Азиялык байыркы жергиликтүү калк менен Түштүк-Сибирь жана Борбордук Азиядан келген уруулардын өз ара биригишүүсүнүн натыйжасында XV к. аяктаган. IX–X кк. (мүмкүн андан кийин кара-кытайлар жана монголдор доорунда да) Теңир-Тоого көчүп келген эне-сайлык кыргыздар кыргыз элинин түптөлүшүнүн негизги уюткусун түзгөн. Бул жөнүндө көрүнүктүү тарыхчы-археолог А.Н.Бернштам мындай деп жазган: «Азыркы теңир-тоолук кыргыз калкынын жаралышынын негизги уюткусун Эне-Сай кыргыздары түзгөндүгү шексиз. Теңир-Тоо кыргыздарынын саны жалаң эле Эне-Сай кыргыздарынын көчүп келишинен эмес, жалаң эле калктын табигый өсүшүнүн эсебинен эмес, бир далай деңгээлде Теңир-Тоо калкынын эсебинен да көбөйгөн».

Кыргыз эли болжол менен Манас жана Талас сууларынын ортосундагы аймакта жана ага туташ жаткан түштүк райондордо калыптанган. XVI к. кийин алар азыр жашап турган бардык жерлерге тараган. Муну менен бирге алардын негизги курамы жаңы компоненттер — казактар, өзбектер, калмактар ж.б. менен толукталган.

Эми кыргыз элинин түпкү тегин кимак-кыпчактар менен байланыштырган пикирге токтолобуз.

§ 4. IX–XIII кылымдардагы Алтайдагы кимак жана кыпчак уруулары

IX к. орто чендеринде Борбордук Азия менен Түштүк Сибирде түзүлгөн этникалык кырдаал бул аймактарда өздөрүнүн мамлекеттерин түзгөн бир нече ири, жаңы, түркий тилдүү уруулардын пайда болушу менен аныкталат. Алардын ичинен бир кыйла ирилери Жети-Суу жана Тарбагатайдагы чигил менен ягманы да ичине камтыган карлуктардын союзу, Жогорку жана Ортоңку Эртиш боюндагы жана Түндүк-Чыгыш Казакстандагы кимак-кыпчактардын союзу, Минуса ойдуңундагы кыргыздар башчылык кылган Ортоңку жана Жогорку Эне-

Сайдагы түрк урууларынын бирикмелери болгон. Бул бирикмелердин бири — Эне-Сай кыргыздары жана алар менен союздаш болгон Тува жана Ангара боюндагы уруулар 840-ж. Уйгур кагандыгын талкалагандан кийин Түндүк-Батыш Монголияны ээлешкен, ал эми уйгурлар (тогуз-огуздар) Чыгыш Түркстан жана Түштүк Жунгарияга көчүп кеткенден кийин, Чыгыш Теңир-Тоонун этектериндеги жерлер жана шаарлар үчүн күрөштө алар менен теңтайлашып турган. Эне-Сай кыргыздарынын батыш кошунасы — IX к.экинчи жарымында, эзелки бир убактарда Батыш Түрк кагандыгынын курамына кирген тогуз-огуздар (эймурлар, байандурлар, татарлар) жана кыпчак урууларынан түзүлгөн кимактар менен кыпчактардын мамлекети болгон.

Эне-Сай кыргыздары менен кимак-кыпчак урууларынын ээликтеринин чек аралары Түндүк-Батыш Алтайдын тоо этектериндеги талаалар жана Обдун жогорку агымынын сол жээги болушу ыктымал. X к. аягында кыргыз менен кимак мамлекеттеринин ортосундагы мамилелер тынч болгон эмес. «Каган» деген титулду кабыл алышкан бул эки мамлекеттин башкаруучулары Жунгария жана Чыгыш Теңир-Тоонун түндүк жагында бекем жайгашып алууга умтулуу менен, «уйгур мурастарын» колго алуу үчүн күрөштө атаандашып турушкан. Кимактар да, кыргыздар да Жунгариянын жана Тарим бассейнинин бир нече шаарлары менен аларга туташ жаткан кеңири аймактарды басып алышып, өз контролдугун орнотушкан. Бирок, бул жеңип алуулар узакка созулган эмес, анткени кыргыздар бат эле Чыгыш Теңир-Тоонун түндүгүн таштап кетишкен, ал эми кимактар болсо ал жакта бекем орношо албай, тогуз-огуздардын, б.а. борбору Турпан болгон Уйгур кагандыгынын четжакаларындагы шаарларына кол салып туруу менен чектелишкен. Кимак каганынын IX к. жана X к. башталышындагы саясаты да өзүнүн бардык коңшуларына жогоркудай эле кол салуулар менен коштолуп турган. Кимактардын байыркы тарыхый каада-салтын жазып алган XII к. автору ал-Идриси кимактардын каганынын саясый бейнеси жөнүндө мындай деп кабарлайт: «Кимактардын падышасы — ири жана кадыр-барктуу падышалардын бири, ...түрк падышалары хакандын бийлигинен чоочулашат, анын өч алуусунан коркушат, анын күчүнөн, кол салуусунан сактанышат, анткени алар анын ушундай аракетин мурда баштарынан өткөрүшкөн».

Ал-Идриси кимак менен кыргыздардын кастыгы жөнүндө да төмөнкү маалыматтарды кабарлайт. «Кыргыз өлкөсүнүн бар-

дык шаарлары үч күндүк жол менен өлчөнө турган аймакта жайгашкан. Алар эмгекчил, эр жүрөк жана кайраттуу эл, дубалдар менен курчалган төрт чоң шаары бар. Шаардыктар өзүлөрүнүн коңшулары менен дайыма согуш абалында болуп, айрыкча кимактардын айлакер падышасынан, согушчан өкүмдарынан сак болууга аракеттенишкен».

Бирок, X к. башталышында кимак-кыргыздардын чек-арасындагы абал олуттуу озгөрүлөт. Түндүк Кытайда кидандар мамлекети түзүлгөндөн кийин, чыгыш тараптан Түндүк-Чыгыш Казакстанда пайда болгон түрк урууларынын кысымы кимактардын уруу союзун начарлатып, анын ыдырашына жана кыпчак урууларынын батыш тарапты карай — Арал боюна, Түндүк Кавказга жана Киев мамлекетинин чек араларына көчүп кетүүсүно алып келген. Эне-Сай кыргыздары кимактардын начарлашынан пайдаланып, Алтайга, Эртиш жана Об бойлоруна өз бийлигин таратышкан. Алар муну менен кимак мамлекетине дагы бир жолу сокку урушкан, натыйжада андан бир аз кийин (X к. аягында) ал жашоосун токтотот. Түштүк Сибирдеги жана Алтайдагы мурунку жерлеринде калып калган кимак-кыпчак урууларын эми жаңы уруулук союз түзүшөт. Бирок, алардын бул этникалык интеграциясынын жаңы этабы Эне-Сай кыргыздарынын саясий чөйрөсүнүн таасири астында ишке ашкан. Эне-Сай кыргыздарынын чоң тобунун Түндүк Алтайда (Об боюна чейин) жана Эртиш бойлорунда (кимак-кыпчак урууларын жайгашкан аймак) пайда болушун Түндүк-Чыгыш Казакстандагы жана Об боюндагы ири көрүстөндөрүн казуу далилдейт. Көрүстөндөрдүн көпчүлүгү кыпчактардын көрүстөндөрү болуп чыкты. Алардын азыраак бөлүгүндө байыркы енисей үрп-адат (өрттөп көмүү) боюнча көмүлгөн кыргыз аскерлеринин сөөктөрү табылган. X к. перс жазмасында кыргыздар жөнүндө «алар отко сыйынышып, өлгөндөрүн өрттөшөт» деп айтылат. Эне-Сай кыргыздарынын бул үрп-адаты XVIII к. чейин сакталып келген, ал эми кимак менен кыпчактар эч убакта өлгөндөрүнүн сөөгүн өрттөшкөн эмес.

Мазмуну боюнча IX кылымдын аягы менде жана X кылымда кимак менен эне-сайлык кыргыздардын материалдык маданияты, атап айтканда Алтайда жана Эртиш боюнда эң эле окшош болгон. Анда кимактардын материалдык маданияты менен жана үрп-адаттарынын элементтери басымдуулук кылат. Обдун батыш тарабындагы кыргыздардын этникалык тайпасын кимактардын ассимиляциялашы дал X–XI кк. башталган. «Худуд ал-ааламда» (X к.) кимактар менен кыргыздардын маданияты-

ның өз ара таасири бирдей экендиги айтылат. Маселен, ал китепте кыргыз урууларынын бири «кийимдери боюнча кимактарга окшош» экенин, ал эми кимактарга тиешелүү аймактын тургундары «кыргыздардын үрп-адатын» колдонушары эскерилет. Марвазинин «Табаи ал-хайаван» (XII к. башы) китебинде болсо башка абал сүрөттөлөт. «Табаи ал-хайавандын» түрк уруулары жөнүндөгү бөлүмүндө мындай маалымат бар: «кыргыздар да түрктөрдүн катарына кирет: жайкы чыгыш менен түндүктүн аралыгында жашаган көптөгөн эл; кимактар кыргыздардын түндүгүндө, ягма менен карлуктар болсо батыш чек араларында жашашат. Куча жана Арк болсо кыргыздардын түштүк-батыш чек араларында жайгашкан. Кыргыздар адатынча от (бардык күнөөлөрүн) тазалайт дешип, олгөндөрдүн сөөгүн өрттөшкөн, бирок бул алардын эски үрп-адаты болгон. Кыргыздар мусулмандардын коңшусу болуп калгандан кийин өлгөндөрүн көргө көмүүгө өтүштү».

Азиянын адат-салт маданиятында көмүү ырым-жырымынын өзгөрүшү тез-тез болуп туруучу көрүнүш эмес. Ал, элдин же жаңы динди кабыл алгандыгы менен, же элдин этникалык тышкы бейнесинин өзгөрүшү менен байланыштырылат. Археологиялык маалыматтардын далилдөөсү боюнча енисей кыргыздарынын байыртан бери сакталып келген диний ишенимин-де жана традициялык этникалык маданиятында көмүү ырым-жырымы эң кур дегенде миң жылдын ичинде, VIII к. алар оз мамлекетин түзгондон бери тарта эч кандай өзгоргон эмес. Ошондуктан Марвазинин маалыматы енисей кыргыздарына эч тиешеси жок.

Жогорудагы келтирилген үзүндүдө көмүү ырым-жырымы өзгөргөн кыргыздардын жашаган жерлери жөнүндө эки жолу айтылган: биринчиден, алар мусулман аймактарынын жана ягма менен карлуктардын коңшусу болушкандыгы; экинчиден, алардын кимактардын түштүгүрөөк жагында жашашкандыгы белгиленет. Ягма менен карлуктардын жана ошол эле мезгилде мусулмандашкан Жети-Суунун жана Кашкариянын коңшусу — Алтайда, Кара-Эртиште, Түндүк-Чыгыш Казакстанда жашаган кыргыз тайпалары гана болушу мүмкүн. Кыргыздардын «гэлолу» менен, б.а. жетисуулук карлуктар менен түздөн-түз коңшу экендигин «Тан шу» да кабарлайт. Албетте, алардын түндүгүрөөк жагында, Эртиш боюнда кимактар жашаган. Марвази көмүү ырым-жырымынын өзгөрүлүшүн мусулманчылыктын таасири менен гана түшүндүрүүгө аракеттенген. Чындыгында, XI к. кийин Эне-Сай ороонүнүн батыш тарабында өрттөп көмүлгөн

кыргыз добөлөрү жоголот, бирок, алар мусулмандык ырым-жырым менен көргө коюу салтынын таасиринен эмес, кимак-кыпчактардын капталын оюп же жөн эле, көп убактарда өлүктү аты менен кошо комүү ырым-жырымы менен сүрүлүп чыгарылган. Ырым-жырымдын ошол процессинин алмашынын Новосибирскилик Об боюндагы археологиялык табылгалар далилдейт, ал жактан кочүп келген кыргыз уруулары XI к. жергиликтүү түрк калкы тарабынан толук ассимиляцияланган. Демек, Марвази өрттөп комүү ырым-жырымынын жоголушун белгилеп, ага туура эмес түшүндүрмө берген.

Мына бул эки жагдайды түшүндүрүү талап кылынат: биринчиден, эмне үчүн Об менен Иленин аралыгындагы аймакта кыргыздардын эмес, кимак-кыпчактардын көргө коюу ырым-жырымы басымдуулук кылган жана экинчиден, эмне үчүн Марвази бул аймактын калкын «кыргыздар» деп атаган.

Биринчи жагдай жетишерлик деңгээлде логикалык жол менен түшүндүрүлөт, б.а. кимак-кыпчактардын санына караганда кыргыздар бир топ аз болгон. Алар саясий жана маданий жактан негизги этникалык территориядан жана мурунку Енисейдеги саясий борбордон бөлүнүп калгандыгынын натыйжасында кимак-кыпчактардын этникалык түзүлүшүнүн ичине толук ассимиляцияланып кетишкен.

Негизги этностук массивден бөлүнүп, алардын батыш жагында жашаган кыргыздардын тайпасы жонүндө «Худуд ал-ааламда» (X к.) анын автору уйгур чөйрөсүнөн алынган маалыматтарга таянып «Тогуз-огуздардын жери жана анын шаарлары жөнүндө» деген бабында Уйгур (Турпан) мамлекетинин» орун алган жери тууралуу мындай деп белгилейт: «... анын (тогуз-огуздар дубаны) батышында хырхыздардын кээ бир болугу, түндүгүндө да — хырхыздар, (алар) анын бүт чек арасын бойлой жайгашышкан». Турпандын жана Уйгур идикутунун ордосу Беш-Балыктын түндүгүрөөк жагында X к. Эне-Сай кыргыздарына карашгуу болгон Түндүк-Батыш Монголия жана Тува жатат. Ал эми батыш жагында жашаган, тагыраак айтканда түндүк-батышындагы «хырхыздардын кээ бир болугу» алардын алтай-эртиш тайпасы болушу мүмкүн. Кыргыздардын кээ бир тайпаларынын жогоркудай болуп локализацияланышын «Худуд ал-ааламдын» биз үзүндү келтирген бабынын дагы бир жери апачык эле далилдейт:, «Тогуз-огуздардын түндүгүндө чол (Дзосотын-Элисун чолу-Ред.) жайгашкан, (ал) тогуз-огуздар менен хырхыздардын ортосунан кимактардын жерине чейин созулат». Бул жерде кыргыздарды Теңир-Тоо жана Жунгарияда

жашаган чигилдердин түндүгүнө жайгаштыргандай сыяктуу эле, алтай-эртиш кыргыздары жөнүндө сөз жүрүп жатат. Ал эми сөз болуп жаткан «кыргыз урууларынын бири» болсо, чыгыш жакта Эртиш боюндагы же алаколдук кимактар менен чектешкен кыргыз тайпасы болушу мүмкүн. Мына ушул фактылардын бардыгы X к. эле Түндүк жана Тоолуук Алтайды, Об-Эртиш аралыгындагы алтай талааларын мекендеген кыргыздардын кандайдыр бир бөлөк тайпалары жашагандыгын далилдейт.

Алтай жана Эртиш боюндагы эне-сайлык кыргыздардын тайпаларынын жайгашканын жана анын обочолонушун археологиялык изилдөөлөр өтө даана ырастайт. Буга Алтай Республикасынын Кош-Агач районунда кыргыздардын өрттөп көмүлгөн корүстөндөрүн казуу, XIX к. аягында В.В.Радлов Буктурма суусунун (Батыш Алтай) боюнда казган байыркы кыргыздардын көрүстөндөрү, Жогорку Эртиш боюнда кимактардын көрүстөндөрү менен катарлаш сөөгү өрттөп көмүлгөн ири кыргыз көрүстөндөрүнүн ачылышы далил болуп отурат.

Рашид ад-Дин биринчи жолу, өз ара жалпы бирдей тарыхый үрп-адатты тутушкан жана союздаш мамилелерде болгон, өз алдынча туруп, бири-бирине көз каранды эмес башкаруучулар бийлеген бир нече кыргыз ээликтери жөнүндө ачык жана так кабарлайт.

Монгол доорун абдан жакшы билген бул тарыхчы монголдор басып кирээрдин алдындагы, б.а. XII к. аягы жана XIII к. башталышындагы Түштүк Сибирдин саясий абалын сүрөттөп келип, акимдери «инал» титулун алып жүргөн Кыргыз жана Кэм-Кэмжиут деген эки кыргыз улусун атайт. Л.Р.Кызласовдун пикири боюнча бул эки улус мурдагы алда канча кеңири кыргыз улустарынын федерациясынын калдыгы болгон. «Сокровенное сказаниедеги» маалыматка караганда меркиттердин кыргыздарды жеңип, алардын өлкөсүн басып алып, «бардык беш уругун» ээлеген мезгилде кыргыздардын беш улусу болушу мүмкүн. Л.Р.Кызласов белгилегендей Түндүк-Батыш Монголияда жашаган кыргыздардын эң түштүк улусун XII к. ортосунда наймандар талкалаган, ошондон кийин кыргыз менен монгол урууларынын чек арасы Танну-Ола тоо кыркасы болуп калган. «Сокровенное сказаниеде» Чынгыс ханга барган үч кыргыз элчилери жана Жучу ханга багынууну каалаган үч кыргыз төрөсү жөнүндө кабар бар.

Рашид ад-Дин атаган эки ээликтин, Кэм-Кэмжиут менен Кыргыз улусунун локалдашуусуна кайрыла турган болсок,

алардын биринчиси, аты уйкаш Эне-Сай дарыясынын (Кэм, Улуг-Кем) аты болуп Эне-Сай кыргыздарынын эзелки журту экендигинде талаш жок. XIII к. эле ал жакта кыргыз каганынын ордосу болгон. Бирок, XII к. анын башкаруучусу, «инал» деген титулду гана алып жүргөн. Калыбы X к. жана XII к-дын аралыгында Кыргыз мамлекетинин мурунку биримдүүлүгүн билдирген, анын башкаруучуларынын «каган» титулу жоюлуп калса керек. Монголдордун Эне-Сай кыргыздарынын өлкосүнө жасаган жортуулдарында Минуса ойдуңун гана эмес, Туваны да бириктирген кыргыз территориясын алар Кэм-Кэмжиут деп аташкан. Ал эми башка бир Кыргыз улусунун локализацияланышы оңой-олтоң болгон эмес. Рашид ад-дин наймандардын жайгашкан жерлерин баяндап, алардын басымдуу бөлүгү Кыргыз улусу менен Эртиш дарыясынын ортосундагы тоолордо жашагандыгын белгилеп кеткен. Наймандар Монгол Алтайында жашагандыктан, Кыргыз улусу Тоолуу Алтайда жана Жогорку Об боюнда орун алган, б.а. кимак-кыпчак уруулары жайгашкан аймакка туптуура келет. Кыргыз улусунун ошол эле аймакта жайгашкандыгын XIII к. 50-жылдарында Түндүк-Батыш Монголия жана Саян-Алтай тайпак тоолорун ээлик кылган Арык Буканын жайкы жана кышкы ордолорунун орун алган жери да далилдейт. Рашид ад-Диндин жазганы боюнча «анын жайкы конушу Алтайда, ал эми кышкысы Теке менен Кыргызда болгон. Алардын ортосундагы (аралык) үч күндүк жол». Бул жерде Монгол Алтайынын түндүк бөлүгү жөнүндө соз жүрүп жаткандыктан, Арык Буканын кышкы ордосу андан 90–100 км. («үч күндүк жол») аралыкта болушу керек. Кандай болсо да, ал ордо Эне-Сай өрөөнүндө болушу мүмкүн эмес, демек Кыргыз улусу Кэм-Кэмжиуттун батышыраак жагында жайгашкан.

Ошентип, XIII к. башталышында Тоолуу Алтай жана Об, Эртиш дарыяларынын ортосундагы Эртиш талааларында 200 жылдан ашыгыраак убакыт жалпы «кыргыз» аталышы менен кимак-кыпчак урууларынын тайпалары жашаган. Бул уруулук тайпалар енисей кыргыздарынан анын ысмын гана эмес, материалдык маданиятынын кээ бир элементтерин, ошону менен бирге кимак чөйрөсүнө анча көп тарабаган, акырындык менен жоголуп бара жаткан рун жазуу традицияларын да мурас катары кабыл алышкан. Алтайда анча көп эмес сакталып калган руникалык эпитафиялык жазуулардын биринин текстинде «кыргыз» этноними да эскертилген.

Кыргыздардын Алтай этносаясий тобунун башчысы байыркы түрк титулу «иналды» алып жүргөн жана XIII к. башта-

лышында башка кыргыз улустары менен союздаш мамилелерде болгон. Алардын бири Кэм-Кэмжиутту (Жогорку жана Ортоңку Эне-Сай) байыркы кыргыз этностук жалпылыгынын укумтукумдары жана мураскорлору, азыркы хакас элинин түшкү теги — Эне-Сай кыргыздары мекендеген.

Кайталоо жана өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Изилдөөчүлөрдүн эне-сайлык жана тенир-тоолук кыргыздардын этногенетикалык байланыштары жөнүндөгү пикирлери.
2. Эне-Сай кыргыздарынын Теңир-Тоого көчүп келиши жөнүндө коз караштар.
3. Теңир-Тоо кыргыздарынын Минуса ойдуңунун калкы менен этнографиялык байланыштары жөнүндөгү гипотеза.
4. Кыргыз элинин кимак-кыпчактардын тегинен жаралгандыгы жөнүндө гипотеза.
5. Кыргыз элинин эки этностук массивдин негизинде куралып калыптанышы.
6. Кыргыз элинин этностук курамы.

Адабияттар:

1. *Абрамзон С. М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. — Л., 1971.
2. Вопросы этнической истории киргизского народа. — Фрунзе, 1964.
3. История Киргизской ССР. Т. I. Фрунзе, 1984.
4. Материалы по истории киргизов и Киргизии. Вып.I — М., 1973.
5. *Петров К. И.* Очерк происхождения киргизского народа. — Фрунзе, 1964.
6. *Петров К. И.* Очерки социально-экономической истории Киргизии VI — нач. XIII вв. — Фрунзе, 1981.
7. *Табышалиев С. Т.* Происхождение киргизского народа. — Фрунзе, 1991.
8. Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. Т. 3. — М., 1959.

7-БАП

КЫРГЫЗСТАН XVI К. ЖАНА XVIII КЫЛЫМДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДА

§ 1. Чыгыш Түркстандын башкаруучулары жана алардын кыргыздар менен өз ара мамилелери

Жогоруда айтылгандай, Султан Саид хан 1504-ж. Кабулдагы Бабурга качып барат. Бабур өзүнүн Мавераннахрга жасаган жортуулу убагында Мухаммед Хайдардын уулу Сеид Мухаммеддин Анжиянды басып алгандыгы жөнүндө кабар угат. Бабур Султан Саид ханды моголдор менен Ферганага жиберет. Сеид Мухаммед Султан Саид ханга Анжиянды урушсуз эле өткөрүп берет. Бирок, Саид хан өзбек султандарынын кысымы астында Анжиянды таштап кетүүгө аргасыз болот. Ал 1514-жылы күзүндө Кашкарды жеңип алып, андан кийин Жаңы-Хисарды ээлейт. Ошол мезгилде ага Мухаммед-Кыргыз (ал жөнүндө төмөндө караңыз) Султан Саид ханга жардамга келет да, анын отүнүчү менен Жаркент тарапты көздөй жөнөйт. Ал жакта Абу-Бекрдин (Кашкариянын батыш бөлүгүн башкарган дуглат эмири) Султан Саид ханга каршы сокку уруу үчүн жетишерлик күч жыйнай албастыгын билип, Саид ханга кабарлайт. Саид хан дароо Жаркентке кол салып, аны ээлеп алат. Тарыхый булактарда Абу-Бекрдин тагдыры жөнүндө эч маалымат жок. Мухаммед-Кыргыз бул жортуулда эң көп олжого ээ болот. Султан Саид хан анын көрсөткөн эмгектерин эске алып, аны кылычтын кемери, идиштер, алтын жана күмүш чөйчөктөр жана башка баалуу белектер менен сыйлайт.

Саид хан Турпандагы улуу агасы Мансур ханга ынактык мамилени түзүүнү сунуш кылып элчилерди жиберет, ал бул сунушту кубанычтуулук менен кабыл алат. Алар 1616-ж. Ак-Суу менен Кусандын аралыгында жолугушат да, өз ара келишим боюнча Мансур хан бүткүл мамлекеттин жогорку ханы (кагаз жүзүндө гана) болуп эсептелет. Султан Саид хан анын

ысмы менен монета чыгарууга жана Мансур хан үчүн кутпа окууга милдеттенген.

Бул мезгилде Моголстанда саясий аренага кыргыздар чыга баштаган болучу. Кыргыздар XVI к. башталышында Жети-Сууда көчүп жүрүшкөн жана Султан Халилдин кол астындагылардын негизги бөлүгүн түзүшкөн. Мухаммед Хайдардын маалыматы боюнча 1517-ж. алардын окүмдары Мухаммед-Кыргыз болгон. Мансур хандын Султан Халил менен Султан Саид ханды жеңгенден кийин Мухаммед-Кыргыз кыргыздардын жана Жети-Суу, Ысык-Көл ойдуңундагы, Кочкор ороонүндогу могол жана түрк урууларынын акими болуп калса керек. Мухаммед Хайдардын төмөнкү маалыматы ошол мезгилге тиешелүү десек болот: «Моголстанга озбектер (казактар) жана кыргыздар талапкер боло башташты. Кыргыздар могол урууларынан болсо да, көп убактарда хакандарга баш ийбөөчүлүктүн себебинен моголдордон бөлүнүп кетишти. Моголдордун бардыгы мусулман болушуп, исламдын жолун жолдоочулардын катарына кошулушту, кыргыздар болсо мурункудай эле кайырдиндер бойдон кала беришти. Мына ушул себептен алар моголдордон бөлүнүп кетишти. Натыйжада моголдор азыр эң алыскы жана эң аз сандагы адамдардан болуп калышты».

Моголстандагы моголдордун санынын азайышын 1502—1505-жж. алардын бир бөлүгүн Шейбани хандын Мавераннахрга, 1508-ж аларды кыргыздар менен кошо Мансур хандын Турпан ойдуңуна, 1514 жана 1525–1526-жылдары Саид хандын Кашкар, Жаркентке көчүрүп кетиши менен түшүндүрсө болот. Андан тышкары, Чыңгыз хан басып алган башка өлкөлөр сыяктуу эле келгин монгол урууларынан жергиликтүү көчмөн түрк калкынын саны көп болуп, акырындык менен аларды сиңирип алышкан. Ал эми кыргыздардын саны түрк-монгол урууларын сиңирип алуунун эсебинен көбөйүп, алар XV к. экинчи жарымында эл болуп түзүлгөн жана Моголстанда биринчи ролду ойной башташкан. Бирок, Мухаммед Хайдардын кыргыздар мусулман болгон эмес деген маалыматы анчалык туура эмес. Ал-Марвазинин (XII к.) жазганы боюнча алар б.з. II миң жылдыгынын башталыш чендеринде исламды кабыл алышкан. Кала берсе, алардын башкаруучусунун аты (Мухаммед) кандайдыр бир деңгээлде кыргыздардын XVI к. исламдын жолун жолдоочулардан болгондугун далилдейт. Бирок, алар ислам динин бекем тутпаган начар мусулмандар болушу ыктымал.

Мухаммед-Кыргыз 1517-ж. Сайрам, Ташкен, Түркстанга кол салып, Ташкендин акими Кучкунанын уулу ханзаада Абдулланы

туткунга алган, бирок кийин аны урмат-сый менен коё берет. Мухаммед Хайдардын маалыматы боюнча Султан Саид хан Мухаммед-Кыргызга каршы аттанып, анын мусулман жерлерин бүлгүнгө учураткандыгы үчүн жазалоону чечет. Чындыгында хан кыргыздардын башкаруучусу ага душман болгон Шейбанилер менен жашырын союз түзүшү мүмкүн деп чоочулап, Жети-Сууну карай жөнөгөн. Бул жортуулдун жүрүшү жөнүндө эч кандай маалымат жок, бирок, Мухаммед-Кыргыз кармалып, Кашкарга алынып келгендиги белгилүү. Кийин ал бошотулуп коё берилген, анткени ошол эле жылы (1517) Саид хан өзү ага каршы жортуулга чыккан. Саид хан Кафир-Йар аттуу жерде өзүнүн аскерлерин эки болүккө бөлөт, — анын Айман Кожо башында турган бир бөлүгү Жоуки (Жуука — Ысык-Көлгө куюучу суунун аты) ашуусу аркылуу, хан өзү жетектеген экинчи бөлүгү Барскоон аркылуу жөнөйт. Жолдо бара жатканда эки кыргыз кармалып, алар уруулаштары Барскоон суусунун Ысык-Көлгө куйган жеринде жаткандыгын билдиришет. Саид хандын аскерлери Хужара өткөөлүнө келип токтошот да, кыргыздардын кара боз үйлөрүн көрүшөт. Эртеси таң ата Саид хан кыргыздарга капысынан кол салат. Түш ченде байланган Мухаммед-Кыргызды Саид ханга алып келишет. Ал туткунга «Сени көчмөндөрдүн салты боюнча өлүмгө тартыш керек эле. Бирок, мен сени кең пейилдүүлүк менен кечирем» деп аны кишендөөгө буйрук берет. Жеңиштен кийин моголдор кыргыздарды талан-тоношуп, «бардык согуш адамдары үйүр-үйүр жылкыларды, короо-короо койлорду, топ-тобу менен тоолорду айдап кетишет».

Саид хан Кашкардан алыс, түндүк тараптагы кыргыздарга нечен жолу жортуул уюштурат, бирок аларды багындыра алган эмес. Ал 1533-жылы дүйнөдөн кайтат.

Анын уулу жана мурасчысы Абд ар-Рашид өзүнүн уулу Абд ал-Латифти Ак-Суу жана Учтун акими кылып дайындайт. Бул ханзаада Моголстанда болуп жаткан окуяларды да көзөмөлдөп, кыргыз жана казактардын кол салуусунан түндүк чек араларды коргоп, аларга каршы талап-тоноо үчүн жортуулдарды уюштуруп турган. Бир күнү Касымдын уулу казак Хакк Назар хандын ордосуна кол салып, көптөгөн олжону басып алат. Бирок, кыргыз менен казактар ханзаада кайтып келе жатканда артынан куун чыгышат. Кароол теги балыкчы уруусунан болгон Токтомуш Йирук жакындап келе жаткан коркунучту Абд ал-Латифке билдирбестен өзү качып кетет, кийин ошол үчүн Абд ар-Рашид анын уруулаштарын бүт бойдон кырып салган. Кыргыз менен казактар түн ичинде капысынан моголдордун лагерине кол

салышат. Абд ал-Латиф оор жарадар болуп, аны Хакк Назар ханга жеткиришет, бирок көпкө узабай каза болот. Алардын анча-мынчасы гана качып кутулушат.

Абд ар-Рашид уулунун соогун алып келип, Жаркенттин жанындагы Алтун деген жерге көмөт. Андан кийин ал кыргыз менен казактарга каршы жортуулга жөнөйт. Тарыхый булактарда алардын ортосундагы согуш болгон жерлердин аттары Артыш, Эмил, Ысык-Көл делет. Бул согушта кыргыз менен казактар жеңилип, алардын жол башчысы Хакк Назар хан өлтүрүлөт. Абд ар-Рашид чоң олжо менен кайтып келет. Бул окуя 1551–1556-жылдардын аралыгында болгон. Абд ар-Рашид Моголстанга жасаган жортуулдарында кыргыздар менен казактарды каратып алууну көздөгөн, бирок аны ишке ашыра алган эмес. Ошондой болсо да ал өз бийлигинин таасирин Теңир-Тоонун жана Кашкариянын чектеш райондоруна тарата алган. Абд ар-Рашид 1559–60-жж. дүйнөдөн кайткан.

Анын тактысын ээлеген Абд ал-Керим башкарган мезгилде моголдор Жалыштан Чүй-Талас өрөөнүнө чейин көчүп жүрүшкөн кыргыздар тарабынан Түндүк Теңир-Тоодон биротоло сүрүлүп чыгарылган. Кыргыздардын бир бөлүгү Кара-Корум, Сары-Кол жана Алай өрөөндөрүндө жашагандыгы жөнүндө маалымат бар.

Чыгыш Түркстандын андан кийинки башкаруучулары (Мухаммед хан, Ахмед хан, Аппак хан ж.б.) Жаркенттин тактысы үчүн өз ара тынымсыз күрөш жүргүзүп келишкен. Бул ич ара тартышка казак султандары жана калмак кнөздары да катышышкан. Чыгыш Түркстандын эң көрүнүктүү башкаруучусу Абд ар-Рахимдин уулу Абдаллах болгон.

Кыргыздар XVII кылымдын биринчи жарымында Чыгыш Түркстандын чек ара райондоруна кол салып турушкан, ал эми анын экинчи жарымында Кашкариянын саясий иштерине активдүү катышышкан. Аны тарыхый фактылар далилдейт.

1609-ж. Мухаммед хан дүйнөдөн кайтат. Аны угаары менен Тилеке-бий жана Байбото башчылык кылган беш миң (же үч миң) сандагы кыргыздар Учту (Үч-Турпанды) талан-тоношкон. Махмуд ибн Валинин маалыматы боюнча ханзаада Тимур Султан аларды Янги-Арт ашуусунда кууп жетип, «миңге жакын адамды өлтүрүп, эки жүз кишини туткунга алат» да, Учтун туткунга түшкондөрүн бошоткон. Бул салгылашуу жөнүндө Шах-Махмуд Чурас толугураак маалымдайт. Ал мындай деп жазган: «Хашим-байрин Тимур Султан менен бирге кыргыздарды кууп жетип, алар менен салгылашка киришет. Ошол эле

мезгилде Үчтүн акими Хашим Чурас аксуулук жоокерлер менен душмандын арт жагынан кол салат. Салгылашуу башталганга чейин эле Тилеке бий эки миң аскери менен бир жерге жашырынып калат. Байбото болсо үч миң атчан жоокери менен моголдорго каршы согушка кирип, бирок, жеңилип калат. Бул урушта эки миң кыргыз өлгөн. Калгандары колго түшүп берген. Тилеке бий да Тимур Султанга жүгүнүп, белектери менен келип «Биз күнөөлүбүз, анткени улуу даражалуу Мухаммед хан бул опасыз дүйнодон кайтты деп укканыбызда бир нерселерди талап-тонон алалы дедик. Антпесе биз мындай осолдукка бармак белек» деген экен. Тимур Султан бардык кыргыздарды кечирип, аларга кайтып кетүүгө уруксат берет. Жогорудагы келтирилген цитатанын мазмунуна караганда кыргыздар Ак-Суу — Учтун түндүк тарабында көчүп жүрүшкөн жана Чыгыш Түркстандын башчыларына баш ийишкен эмес.

Бул убакытта кыргыздардын көп өкүлдөрү могол өлкөсүндө жогорку кызмат орундарын ээлеп турушкан. Абдаллах эмирлердин, төрөлөрдүн кеңешин чакырып, анда кыргыздарды кыруу жөнүндө чечими кабыл алынат.

Бул жөнүндө Шах-Махмуд Чурас кыскача баяндайт. Мырза бек Улчаки ханга кызмат кылуудан качып кетет. Ал сарайда иштеген төрөлөрдөн болсо керек, кеңештин чечимин билип калып, качып кетүүгө үлгүрөт. Кыргыз Саты бий Янги-Хисардын акими болгон. Сарай анын ак ниеттүүлүгүнөн шектенген, ошондуктан аны Жаркентке алып келишет. Анын ордуна кыргыз Кара Күчүктү дайындашат, ал бир аз убакыттан кийин Анжиянга качып кетет. Кимдир бир Уйтамиш дегенге Саты-бийди тапшырышат, ал аны өлтүрүп салат. Дагы бир кыргыз Каракчы жанжөкөрлөрү менен Айуб бектин (Жаркенттин сакчыларынын башчысы) аттарына минишип, качып кетүүгө үлгүрүшөт. Ал татар жана байрин урууларынын отряддары менен качкындардын артынан түшөт. Бирок Каракчы алардын жолун тосуп, бир тобун өлтүрүп (алардын ичинде Айуб бекти жана анын уулун кошо өлтүрүп), кутулуп кетишет. Өлтүрүлгөн Саты бийдин уулу Аллахйар да качат, аны Шахбаз бек (Жаркенттин акими) отряды менен артынан куып жетет, бирок урушта Аллахйардын адамдары аны чегинүүгө аргасыз кылат. Чоң багыш жана кыпчак тайпаларынын жол башчылары Таваккули бай жана Нуртайлак Катлишке бекинишет, бирок аларды курчап алышкандыктан, акыры, алар экөө тең туугандары менен кошо кармалат.

Бул окуяларды «Кашкария тарыхынын» автору да болжол менен ушундай мазмунда маалымдайт: «Ал Ени-Хисардан

(Жаңы-Хисардан) Сатым бийди сан-кыргыздары менен чакырып алып, анын ордуна Ени-Хисардын башкаруучусу кылып Кара Күчүк бийди дайындайт. Кара Күчүк бий Ени-Хисардан качып кетет. Кыргыздар ханга каршы кутум түзүү пикиринде болгондуктан, Сатым бий баш болгон сан-кыргыздар, найман-дар, кыпчактар, каңглдар жана башкалар чогулушту, оз ара Жаркент, Кашкар, Ак-Суу жана Хотанды болүштүрүштү жана аларга жайгашышты. Сатым бий Уйтемиш бектикинде, Каракчы бий Айуб бектикинде турду. (Хан) Сатым бий баш болгон кыргыздарды өзүнө баш ийдирди. Каракчы муну билип калып качат. Айуб бек, Шах-Махмуд-шах (жана) анын уулу Муталлиб кожо анын артынан куып жөнөшөт. Каракчы бий кайта кайрылып, алардын алдын тосуп, чабуул коёт».

Абдаллах айрым адамдардан башка да кыргыздардын бүтүндой бир тайпасын катуу жазалаган. Хан булгачы уруусун бир нече бөлүккө бөлүп, аларды согуш отряддарынын көзөмөлүнө берүүнү буйруган. Бир аз убакыттан кийин хандын буйругу менен алардын бардыгы тең жок кылынган. Жалпысынан бул жолу он миң кыргыз өлтүрүлгөн.

Бул окуялардан эки жылдан кийин, ошол эле Уйтамиш (Үтемиш) кыргыздарды жана алардын жол башчылары Кепек бекти, Идрис бекти, Хушай мырзаны, Жамал бекти эч негизсиз күнөөлөйт. Алар жашырынууга аргасыз болушат, кийин алар Жамал бекти Абдаллах ханга өтүнүч менен жиберишет. Хан Кепек бекти, Идрис бекти жолдоштору менен өзүнө чакырып, аларды жакшы кабыл алат да, Уйтемишти жазалайт.

Кыргыздарды кырып-жоюудан бир аз убакыттан кийин, алардын өкүлдөрүн хандын кызматына кайтадан ала башташат. Маселен, кыргыз Абдаллах бек адегенде Кусандын, андан кийин Ак-Суунун акимдигине дайындалган.

Абдаллах Тулак Чурасты Кашкардын акими кылып дайындайт, бирок ал көп отпой дүйнодөн кайтат. Анын ордуна чоң багыш уругунан кыргыз Койсары коюлат. Кашкарда кыргыздардын кыпчак уруусунун Апак бек жана башка өкүлдөрүнүн чоң таасири болгон. Бирок, аларга Кашкардын башка тургундары (мүмкүн, моголдор болсо керек) каршы турушкан. Бул мезгилде Йулбарс хан (Абдаллахтын уулу) Очирту-Цецен хандын жардамы менен Артуж жана Аргу кыштактары аркылуу Кашкарга келет. Бирок аны ала албай, чегинип кетүүгө аргасыз болот. Абдаллах бул жөнүндө билет, бирок, уулунун өлкөдөн кетип калгандыгы жөнүндогу кабарга ишенген эмес эле, азыр ал Жаркенттен качып кетүүнү чечет. Бул мезгилде хандын

алдында негизинен кыргыздар кызмат өтөшкөн. Алардын бири, жол башчы Хайдар бек ханга мындай сөздөр менен кайрылган экен: «Сиз сыяктуу эң жогорку кадыр-барктуу падышага өзүнүн жолдуу уулунан качып кетиши ылайык келбейт». Ал эми башка бир кыргыз Бабак бек ханга Меккеге ажыга барып келүүгө кеңеш берет. Абдаллах эки миңге жакын кыргыздарды Йулбарс-ханга каршы жөнөткөн. Хан алар кетери менен «Өзүнүн үй кызматчыларын жана жакындарын алып Индостанга жөнөп кетет да, ал жакта анын башкаруучусу Аурангзеб тарабынан кабыл алынат. Ханды негизинен кыргыздар коштоп барышкан, алардын ичинде жогоруда аты аталган жол башчылар Бабак бек, Кармышак бек жана башкалар болгон.

§ 2. XVII к. жана XVIII к. биринчи жарымында кыргыздар менен калмактардын өз ара мамилелери

Батыш монголдордун түркчө аты *калмактар*, тарыхый адабияттарда алар *жунгарлар* (*ойроттор*) деген аталыш менен белгилүү. Алардын Эсен хандын бийлиги убагындагы биринчи мамлекеттик бирикмеси XV к. орто ченинде кытай базарына чыгуу үчүн жана жакшы жайыттарды ээлөө үчүн чыгыш монголдор менен болгон ийгиликсиз күрөштөн кийин, батыш монголдор тышкы саясатынын багытын өзгөртүүгө аргасыз болушкан. Калмактар кытай менен чек ара соода-сатык иштерин жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк болбогондон кийин, отурукташкандыйканчылык чарбаларынан көчмөндөргө керектүү азыктүлүктөрдү алууйун бир гана жолу батыш таранта экендигин түшүнүшкөн. Бирок, алар бул жакта да (согуш менен да, дипломатиялык жол менен да) ийгиликке жетише алган эмес. Калмак феодалдарынын Кытайды батыш өлкөлөрү менен байланыштырып турган башкы соода жолу отүүчү Хами округун ээлөө үчүн Моголстан менен Чыгыш Түркстандын башкаруучуларына каршы күрөшү XV жана XVI кылымдардын ичинде оош-кыйыш ийгиликтер менен жүрүп турган. Алар ошол эле мезгилдерде Моголстандын жайыттары үчүн кыргыз менен казактарга каршы алсыратуучу согуштарды да жүргүзүшкөн. Тарыхый булактарга караганда XVII к. башталышында калмактардын кыргыз жана казактар менен болгон мамилелери бир калыпта болгон эмес, алардын ортосундагы кагылыштар убактылуу союздаш болуу менен алмашылып турган.

Калмак феодалдарынын кыргыз менен казактарга каршы биринчи ири жортуулу (1635-ж. Жунгар хандыгы түзүлгөндөн

бери) 1643-ж. жазында болгон. Ага түздон-түз халкастын Алтан-ханы жана калмактардын бир болүгүнүн жетекчиси Хо-Урлюктун жоокерлери катышышкан. Батур хунтайши бул жолу а дегенде «алтай кыргыздарынын эки жерин алган... 10 миң токмактарды жеңген». Калмактар андан кийин Ташкен жана Түркстан тарапты карай жоношкон, бирок казак султаны Жагангир жардамга келген Ялантуш-аталык башында турган өзбек аскерлеринин колдоосу менен аларды чегинип кетүүгө аргасыз кылган. Жагангир менен Ялантуш чегинип барат-кандарды куугунтуктаган эмес, бул Батур хунтайшинин басып алган жерлерде убактылуу бекемденип алышына мүмкүндүк берген.

Калмактардын кыргыздарга экинчи жортуулу жөнүндө ойроттордун корүнүктүү диний ишмери Зая-Пандиттин өмүр баянынын автору Сакбон-Раднабатор маалымдайт: «Ошол кышта (1652-ажыдаар жылында) Цецен хан буруттарды (кыргыздарды) багындырып келди. Бул жортуулда он жети жаштагы Галдамба Янгир ханды өлтүрдү». Демек, Цецен хандын жортуулу кыргыздарга каршы багытталса да, алар менен бирге, согушта курман болгон султан Жагангир баш болгон казактар да урушка катышышкан.

Келерки, 1653-ж. Жунгар хандыгынын негиз салуучусу Батур хунтайши дүйнөдөн кайтат. Анын олүмү менен калмак феодалдарынын бийлик үчүн ич ара согуштары башталган. Мындан пайдаланып Аштарханилер Жунгар хандыгына каршы жүрүшкө чыгышат. Сакбон Раднабатордун маалыматы боюнча 1658-ж. Абдышүкүр баш болгон Аштарханилердин 38 миң жоокерлери Талас ороонуно келишет да, кыргыз менен казактардын колдоосу астында Хулан Жилан жеринде калмактар менен беттешет. Бирок, уруштун жүрүшүндө Абдышүкүр каза болуп, Аштарханилер ири жоготууларга учурап, чегинип кетүүгө аргасыз болушкан.

Жунгар мамлекетинин жаңы ханы Галдан Бошокту көп жылдык күрөштүн натыйжасында ойроттордун бардык аймагына өзүнүн бийлигин бекемдеп, 1678-ж. Орто Азияга жана Чыгыш Түркстанга баскынчылык жортуулдарын баштайт.

Галдан Жаркентти алгандан (1680-ж.) кийин бир канча жыл бүт бойдон азыркы Түштүк Кыргызстандын аймагына жана Өзбекстандын коңшу облустарына баскынчылык жортуулдарды жасоо менен алек болгон. Ал 1681-ж. Сайрамды алууга аракет жасаган, бирок ал ийгиликсиз аяктайт. Галдан эки жылдан кийин кайрадан Сайрамды курчап, бул жолу да аны таштап

кетүүгө аргасыз болгон, бирок казактардын эки султанын колго түшүргөн. Ал 1683-ж. күзүндө Анжияндын аймак-тегерегинде көчүп жүргөн кыргыздарды багындыруу үчүн жортуулга жөнөйт. Кыргыздар өзбектер менен бирдикте калмак феодалдарына катуу каршылык көрсөтүшөт. Натыйжада Галдан Бошокту хандын 1683-ж. Анжиянга жасаган жортуулу ийгиликсиз аяктайт. Келерки, 1684-ж. ал жаңы күч жыйнап, бул тарапка кайрадан кол салат. Галдан Ошту талап-тоноп, Анжиянды көздөй жөнөйт, бирок, кыргыз менен өзбектердин чечкиндүү каршылыгына учурап, чегинип кетүүгө аргасыз болгон. Галдандын колу ошол эле жылдын жайында Сайрам шаарын талап-тоноп, кыйратып, анын көптөгөн тургундарын Жунгарияга кулдукка айдап кетишет. Галдан 1685-ж. күзүндө Анжиянды алуу үчүн акыркы жолу дагы бир аракет жасайт, бирок бул ийгиликсиз аяктайт.

Галдан Бошокту хан жогорудагы Орто Азияны бүлүндүргөн, ийгиликсиз жортуулдарынан кийин тышкы саясатын өзгөртүп, ойрот-монгол хандыктарын бириктирүү максатын көздөп, Чыгыш Монголиянын аймагын басып кирген. Бул убакта, Галдандын жоктугунан пайдаланып, анын атаандашы Цеван Рабдан Жунгариядагы жогорку бийликти ээлеп алат да, батыш жакта жаңы жерлерди басып алууну пландаштыра баштайт. Кээ бир түндүк кыргыз уруу бирикмелеринин аргасыздан Фергана өрөөнүнө көчүп кеткендигине карабастан, XVIII к. биринчи жарымында алардын көпчүлүк бөлүгү Түштүк жана Борбордук Теңир-Тоодо кала беришкен. Капитан Унковскийдин маалымдоосу боюнча кыргыздар (буруттар) «Тускель (Ысык-Көл) деп аталган көлдүн жанында көчүп жүрүшөт жана (алар) казак ордосу менен чектешет». «Бул буруттар» 5000 боз үйдөн туруп, алар дээрлик үч миң жоокерди жыйнай алышкан. Кыпчак, чоң багыш, найман, төөлөс, кесек жана кушчу сыяктуу ири уруу бирикмелери да Терскей Ала-Тоонун түштүк этектерине бекем жайгашып алып, Чыгыш Түркстанда үстөмдүк үчүн калмактар менен дайыма теңтайлашып турушкан.

1723-ж. Жунгар хандыгынын тактысына Цеван Рабдандын уулу Галдан Церен отургандан кийин, калмак феодалдарынын Кыргызстанга жана аны менен чектеш аймактарга кол салуусунун жаңы толкуну башталат. 1727-ж. чендерде калмак феодалдарынын жоокерлери Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү кыргыздардын жайыттарына кол салышкан. Андан кийин 1736 жана 1738-жылдардын ичинде Галдан Церендин колу Бадахшанга үч жолу кирип барат. Каратегин районунда жортуулдан кайтып

келе жаткан калмак жоокерлери кыргыздар тарабынан бүт бойдон жок кылынган. Жунгариядагы бийлик үчүн ич ара согуштардан пайдаланып, кыргыз бийлери 1747-ж. чендерде Кашкарга ийгиликтүү жортуул жасашып, Акмат бий кол башчылык кылган он миң жоокерлер өзүлөрүнүн журтуна жеңиш менен кайтып келишет. Калмак феодалдары өч алуу максатында зайсан Доржи башчылык кылган он миң аскерди кыргыздарга каршы жиберишет. Алар кыргыздар тарабынан толук талкаланып, Жунгарияга үч миң гана адам кайтып келген.

Бул мезгилде кыргыздар кайрадан калмактардын коркунучтуу душмандары болуп эсептелген, ошондуктан Жунгариянын башкаруучулары дайыма ири аскердик көшүүнү даяр кармап турууга аргасыз болушкан. Калмак феодалдарынын Кыргызстанга кезектеги жортуулу 1749-ж. май айында башталып, 27 миң атчан аскер жиберилет. Ал жортуул үч айга жакын созулат. Бирок, калмактардын бул жортуулу да ийгиликсиз аяктап, алар 7 миң аскеринен ажырап, кайтып кетишет.

§ 3. Кыргыздардын Чыгыш Түркстан элдеринин Жунгар хандыгынын эзүүсүнө каршы боштондук үчүн күрөшүнө катышканы

Жунгарияда ич ара согуштардын күчөшү Чыгыш Түркстанда кыргыз урууларынын активдүү колдоосу менен калмак феодалдарынын эзүүсүнө каршы боштондук кыймылынын пайда болушуна түрткү берген. Бул кыймылды кара-тоолук кожолордун көрүнүктүү ишмерлери Даниял кожонун уулдары Жахан кожо, Юсуф кожо, Низам ад-Дин кожо жана Абдаллах кожо жетектеген. Даниял кожо XVIII кылымдын башталышынан тартып Жунгариянын вассалы катарында өлкөнү үстүртөн гана башкарып турган. Ал дүйнөдөн кайткандан кийин Галдан Церен Даниял кожонун жогоруда аталган уулдарын Жаркент, Кашкар, Ак-Суу жана Хотан шаарларынын акимдери кылып дайындайт. Бирок алардын шаарлардагы бийлиги аты бар, заты жок бийлик болгон, анткени алардын керт башы барымтага алынып, өзүлөрүнүн көпчүлүк убактысын жунгар башкаруучуларынын ордосунда откорүшкон, шаарларда болсо бүткүл бийлик жунгар феодалдары дайындаган акимдердин колунда болгон, алар Жунгар хандыгын чечкиндүү колдошкон. Кара-Тоолуктардан башка да ак-тоолуктардын башчысы Абак бийдин тукумдары Бурхан ад-Дин жана Хан кожо да бийликти колго алууга

умтулушкан. Алар да XVIII к. башталышынан тартып Жунгар башкаруучуларынын ордосунда барымта шарты менен кармалып турган. Бул эки диний топ дыйкандардын, кол өнөрчүлөрдүн жана негизинен кыргыздардын колдоосуна таянышкан. Бирок, ак-тоолуктардын жетекчилери камакта болгондуктан элдик стихиялык кыймыл кара-тоолуктардын колунда болуп калган, анткени алар жунгар феодалдары менен кызматташ болуунун аркасында аздыр-көптүр эркиндикке ээ болушкан.

Жунгар хандыгынын үстөмдүгүнө каршы ачык куралдуу көтөрүлүштүн алдында олкөдөгү саясый кырдаал мына ушундай болгон.

Көтөрүлүштүн уюштуруучуларынын бири Юсуф кожо Иле өрөөнүндө көчүп жүргөн кыргыз-кыпчактарга «дин үчүн каапыр калмактарга каршы» күрөшкө жардам берүүсүн сурап, жашырын кат жиберет. Ушуну менен бирге буга чейин калмактар менен кызматташып келген өзүн жана башка кара-тоолуктарды актап мындай деп жазган: «Даңктуу жана ырайымдуу Кудайдын хазраты болоруна үмүт бар, азыр менин өмүрүм аяктап келе жатканда мен өз күнөөмдү жууп, токтоосуз исламдын кылычы менен (капырларды) кыйратамын. Муну менен мен көп жылдар бою аларга (аргасыздан) баш ийгендигим үчүн өч аламын». Кыпчактар Чыгыш Түркстанга шашылыш жөнөшүп, Хотан шаарына жетип келишет.

Бул убакта Жунгариянын башкаруучусу Даваци даярдалып жаткан көтөрүлүштү өз кишилери аркылуу билип калат да, Юсуф кожого элчи жиберип, ага Кашкардын эшик-агасы Худояр бектин жардамы менен кутум уюштуруп, кара-тоолуктардын башчыларын олтүрүүгө тапшырма берет. Бирок, кутум билинип калып, Худояр бек дарга асылып, шериктери катуу жазаланат. Жаркенттеги калмактардын койгон адамы Гази бек Жахан кожону кармап, көтөрүлүшкө ачык эле каршы чыгып, тарапкерлери менен бирге калмак элчисине жардам сурап кайрылат. Бирок, Давацинин Амурсанага каршы күрөшү күч алып жаткан кырдаалда калмак феодалдары Чыгыш Түркстандагы өз кишилерине аскер жагынан жардам бере алган эмес.

Ал эми көтөрүлүшчүлөрдүн лагерине өлкөнүн коңшу райондорунан кыргыздардын жаңы кошуундары келип жатты. Садык кожо Амир мырза баш болгон кыргыз кошуундарынын коштоосу менен Яркентке келип, Гази бектин колунда туткунда жаткан атасы Жахан кожону бошотот.

Мындан кийин Юсуф кожо кушчу уруусунан болгон Анжиян кыргыздарынын башчысы Кубат мырзага «капырларга каршы»

ыйык согушка катышуусун өтүнүп кайрылат. Бирок, бул убакта Жунгар тараптан Бурхан ад-Дин менен Хан кожо Иле суусунун боюнда жайгашкан манжур жана калмактардын анча көп эмес сандагы аскерлеринен куралган кол менен күтпөгөн жерден чабуулга өтөт. Цин өкмөтү Түркстандагы саясий абалды эске алып (1755-ж.) Чыгыш Түркстанды басып алуу үчүн ак-тоолук кожолорду пайдалануу чечет. Алар ак-тоолуктарга чоң эмес отряд бөлүп берип, кара-тоолуктардын артынан эзрчигендерди өз тарабына тартып алат деп ишенишкен.

Манжурлардын ойлогон ою ордунан чыгып, мурда калмактарды колдоп келген таасирдүү адамдардын көпчүлүгү ак-тоолуктар тарабына өтүп кетишет. Андан тышкары Бурхан ад-Дин менен Хан кожонун ишенимдүү адамдары бардык кыргыздарды, алардын ичинде Анжияндан келген Кубат мырзанын адамдарын ак-тоолуктардын тарабына өтүүгө көндүрө алышкан. Кыргыз жоокерлеринин ак-тоолуктарды колдоосу Жаркенттеги чечүүчү согушта кара-тоолуктардын жеңилишине алып келген.

Бирок, жеңүүчүлөрдүн арт жагында турган манжурлар көпкө узабастан Чыгыш Түркстанга ээлик кылууга «укуктуу» экенин билдиришет. Бурхан ад-Дин менен Хан кожонун өзүлөрүнүн мурунку колдоочуларынан кутулуу үчүн кылган аракеттеринен да, Амурсананын Жунгарияда манжурларга каршы көтөрүлүшүнөн да эч нерсе чыккан эмес. 1759-ж. аягында олко толугу менен Цин империясынын бийлиги алдында калган.

§ 4. Саясий түзүлүшү, социалдык мамилелери, чарбасы, соодасы

Кыргыздардын XVI–XVIII кк. социалдык-экономикалык мамилелери жана коомдук-саясий түзүлүшү Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхнаамасында алиге чейин бир кыйла аз изилденген проблема болуп эсептелет. Бул биринчи иретте тарыхый булактарда маалыматтардын аздыгы менен түшүндүрүлөт. Кыргызстандагы аталган мезгилдердеги өндүргүч күчтөрдүн жана ага тийиштүү өндүрүштүк мамилелердин дымып тургандыгын эске алып, аны изилдөөдө этнографиялык материалдарды, XIX к. булактардын маалыматтарын жана элдик ооз эки чыгармаларды пайдалануу керек, анткени аларда кыргыздардын алда канча мурдарак мезгилдердеги чарбасы жана коомдук мамилелери жөнүндө бир кыйла толук маалыматтар бар.

Кыргыздардын соңку орто кылымдардагы коомунда үстөмдүк кылган өндүрүштүк мамилелердин айырмалуу өзгөчөлүгү мында турат: ал мамилелер негизинде феодалдык мамилелер болсо да уруулук жалпылыктын патриархалдык формаларынын чүмбөтү астында өнүгүүсүн уланта берген. Буга көбүн эсе экстенсивдүү жарым көчмөндүү чарбанын натуралдык мүнөзү, шаарлардын начарланышы жана ички экономикалык байланыштардын начардыгы болгон.

Саясий түзүлүшү жана социалдык мамилелери. Кыргыз коомунун XVI–XVIII кк. негизги саясий-административдик бирдиги — ар бири өз алдынча болгон уруу бирикмелеринен турган. Кыргыздар XVI к. аягында эл болуп калыптанса да, алар андан кийин да көпкө чейин уруулук структураны сактап кала беришкен. Бул мезгилде кыргыздар азыркы Кыргызстандын бүт аймагын ээлеп, Өзбекстандын, Тажикстандын, Чыгыш Түркстандын айрым чектеш райондорунда да жашашкан. Кыргыздардын эң ири уруу бирикмелери кыпчак, төөлөс, кесек, чоң-багыш, сары-багыш, кушчу, найман, саяк, бостон, могол (моңолдор), солто, бугу, каңглы, кытай, саруу, адигине, басыз, нойгут, черик болгон. Бул уруулардын ар бири озүнчө майда тайпаларга бөлүнүшкөн. Бирок соңку орто кылымдардагы кыргыз уруулары, алардын уруу-урук курамы калыптанып, түзүлүп калган патриархалдык-феодалдык мамилелери алгачкы жамаатттык доордогудан түп-тамырынан айырмаланган. Кээ бир уруулардын башчылары ири феодалдар катарында башка урук, уруулардан бүтүндөй бир тайпаларды өз курамына кошуп алып турган, натыйжада коомдор бир тектүү урук-уруулардан түзүлбөстөн, ар түрдүү уруулардын территориялык союздарынан турган.

Ошентип, кыргыздардын уруу бирикмелери бир нече тайпалардын өкүлдөрүнөн куралып, түпкү теги жагынан бир жалпылыкты түзгөн эмес. Ошондой болсо да бул бирикмелер бара бара жетишерлик деңгээлде чыңалып, туруктуу территориялык-саясий жалпылыкты түзүүгө негиз болгон.

Уруу-урук бирикмелери өз кезегинде оң (оң канат) жана сол (сол канат) деп аталган эки территориялык-саясый курамга кирген. «Мажму ат-таварихте» жазылган генеалогиялык уламыштарда кыргыздардын мындай эки уруу бирикмелерге бөлүнүшү XII к. таандык кылынат жана ал кыргыздардын каракытайлардын басып киришине каршы күрөшүн жетектеген имам Ибрагим Зарандиштин демилгеси катары көрсөтүлөт. Албетте, кыргыздардын уруу-урук бирикмелеринин эки канатка

бөлүнүү процесси белгилүү бир экономикалык, саясий, этникалык жана географиялык факторлордун таасиринин натыйжасында башталган.

Бул эки территориялык-саясий түзүлүш алгачкы мезгилде кыргыз урууларынын адаттагы оң жана сол «канат» болуп бөлүнүшүнө туура келгени менен, XVIII к. орто ченинде алардын уруу-урук курамы өтө ар түрдүү болгондуктан генеалогиялык канонго анчалык ылайык келген эмес. Оң «канатка» саяк, сарыбагыш, моңолдор, бугу, солто, черик, басыз, азык, багыш, беш тамга, кытай, кушчу жана саруу уруу-урук бирикмелери кирген, алар негизинен Түндүк Кыргызстандын аймагын ээлешкен. Сол «канатка» кыдырша, теит, бостон, жедигер, кесек, найман, ахтачы, окчу, төөлөс, кыпчак, каңглы, мундус, багыш, адигине, жору, бөрү, баргы, коңурат, нойгут, чоң-багыш жана кара-багыш бирикмелери кирген, алар Түштүк Кыргызстандын аймагында жашашкан.

Ар бир «канат» жыл сайын өзүлөрүнүн уруу-урук бирикмелериндеги улук бийлердин ичинен жогорку бийди (чоң бий) шайлашкан, ал жалпы башкаруу ишин жүргүзгөн. Бирок, чынында анын кол алдында олуттуу жана туруктуу аскердик күч болгон эмес, ал уруу-урук бирикмелеринин башчыларынын — улук бийлердин жана ири феодалдардын үстүнөн реалдуу бийлик жүргүзө да алган эмес.

Улук бийлер башында турган ар бир уруу-урук бирикмелери өз алдынча саясий-административдик бирдик болуу менен бирге, сөзсүз түрдө ар биринин эн тамгасы жана согуш ураяны болгон.

Уруу-урук бирикмелеринин курамына көптөгөн ич ара чыныгы туушкандык байланышы бар же андай тууганлыгы жок болгон уруктар жана алардын тайпалары кирген. Аларды улук бийлерге баш ийген акалакчын бийлер башкарышкан.

Көчмөндөрдүн негизги байлыгы — мал жеке адамдардын менчигинде болгон. XVIII кылымдын биринчи жарымындагы автор Мирхал ад-Дин Яркендинин маалымдоосу боюнча кыргыз феодалдары көп сандаган малдын ээси болушкан. «Ар бир (бий) өзүнүн жерин башкарат жана анын өз букаралары бар», деп кабарлайт ошол мезгилдеги дагы бир тарыхый булак. Кыргыздарда жайыт жерлерге ээлик кылуу жалпысынан жамааттык мүнөздө болсо да, көп сандагы малды ээлеген феодал ак сөөктөр чындыгында жердин да кожоюну болушкан.

XVI–XVIII кк. биринчи жарымында Кыргызстандын аймагында басымдуулук кылган жарым көчмөн чарбанын тиби

менен катар түштүк райондорго мүнөздүү чарбанын жарым отурукташкан жана отурукташкан түрү да болгон. Ошондуктан жер менчиги боюнча маселелер ар кайсы жерлерде ар түрлүү чечилген. Эгер түндүк кыргыз уруу-урук бирикмелеринде белгилүү бир аймакты ээлөө укугу жазуу түрүндө бекемделбестен муундан муунга «адат» укугунун негизинде гана берилсе, түштүк райондордо шейбанилик жана аштарханилик хандарга вассал болгон айрым кыргыз феодалдары, документтер далилдеп тургандай, жерлерди аскердик сиңирген эмгеги үчүн алышкан. Ушуну менен бирге мында да жерлерди пайдалануу сыртынан караганда жалпы жамааттык мүнөздө болгон, анткени хандан алынган жерлер, эреже боюнча феодалдын жеке өзүнө эмес, белгилүү бир уруктун атына берилген.

Тарыхый булактар көрсөтүп тургандай, кыргыз коомунун феодал төбөлдөрү бардык аймактарда жерге кожоюндук кылуу укугун өздөрүнө таандык кылып алышкан. «Көчүп-конуп жүрүүчү жерлер бирөөнө атайын арналган жана ар бир уруу конуштардын, тоолордун аттары боюнча белгилүү болушкан. Ар кимге бөлүнүп берилген жерлердин чек араларынан өтүүгө руксат берилген эмес, өз аймактарында бири-бирине зыян кылууга тыюу салынган». Демек, бийлер кол алдындагы калктын көчүп-конуп жүрө турган чек араларын белгилеп, тигил же бул жайлоолорду пайдалануу тартибин көзөмөлдөп турган. Ошентип, урук-уруулардын талаа-жайыттарга болгон менчиги үстүртөн гана жашап, жер менчигинин феодалдык формасын чүмбөттөөгө гана кызмат кылган.

Өндүрүш каражаттарына болгон жеке менчик кыргыз коомун эки карама-каршы тапка: феодалдардын (бий, бай, баатыр) жана эксплуатацияланган дардын (чарбадар, кедей, кул) табына бөлгөн.

Бийлер коомдун эң эле привилегиялуу ак сөөктөр катмарын түзгөн. Жогоруда айтылгандай, оң жана сол канаттын жогорку бийлери өз урук-уруу бирикмелериндеги улук бийлердин милдетин да коштo аткарышкан, бирок оз канатындагы башка улук бийлердин үстүнөн чыныгы бийлик кыла алган эмес.

Кыргыз коомунда улук бийлердин ролу эң маанилүү болгон, алар кол алдындагы урук-уруу бирикмелеринин ичинде административдик бийликти гана жүргүзбөстөн, тышкы саясат, аскер жана сот иштерин да башкарган. Ар бир кыргыз уруусунун улук бийи өз ыктыяры боюнча коңшуларына кол салууну уюштура алган же башка мамлекеттин башкаруучуларына согуштук жардам берген, маанилүү сот иштерин өз алдынча чече алган.

Кыргыз коомунун феодалдык ак сөөктөр тепкичинин андан төмөнкү баскычында уруу-урук бирикмелеринин ичиндеги майда тайпалардын башкаруучулары — акалакчын бийлер турган. Маселен, XVIII к. биринчи жарымында кыпчак уруу-урук бирикмесинин улук бийи Амир мырза болгон, ал эми ага тогуз-кыпчак уругунун башкаруучусу Суфи мырза жана таз-кыпчак уругунун башчысы Хаким мырза баш ийген.

Бийлердин бийлигинин негизги таянычы дайыма 40 жана андан көбүрөөк адамдан турган кошуун болгон. Эгер зарыл болуп калган учурларда бийлер кол алдындагылардан элдик кошуун чогултушкан, алар кыргыз жоокерлеринин негизин түзгөн. Кээ бир кыргыз уруу-урук бирикмелеринин бийлери 7 миңге чейинки адамдан турган жоокерлерди бере алган.

Баатыр өзүнүн сапаты менен башкалардан айырмаланган инсан болгон.

Согуш убагында же кол салуу мезгилинде баатыр кошуунга жетекчилик кылган. Адатта анын «ишмердиги» башка бироолордун малын уурдап айдап кетүүдөн башталган. Кээде баатырлар чоң байлыкка ээ болушкан, айрым убакта уруу-урук бирикмелеринин башкаруучуларынын бийлигин тартып алышкан.

Ошол мезгилдеги булактар карапайым малчылардын алабалы жөнүндө эч маалымат бербейт. Бир гана соңку мезгилдеги булактардын жана этнографиялык, тилдик маалыматтардын негизинде гана каралып жаткан доордогу кедейлердин алабалын билүүгө болот.

Кыргыз коомунун көз каранды калкынын негизги бөлүгүн анча көп эмес малдары бар чарбадарлар түзгөн. Кыргыз коомунун эң эле эзилүүчү катмары малы жок кедейлер болгон. Аларды койчу, уйчу, жылкычы жана жалчы катарында пайдаланышкан.

Феодалдар жакырларга патриархалдык-уруулук жардам көрсөтүүнүн көп түрлөрүн пайдаланышкан. Маселен, феодалдар муктаж болгон кедей тууган-жердештерине бир аз сандагы уй жана койлорду (малдын сүтүн жана жүнүн өздөрү каалагандай пайдаланганга) убактысынча берип, аларды өз чарбаларындагы малдарды багуу, жерлеринде иштөө сыяктуу жумуштарды аткарууга милдеттендирген. Байлар кедейлерге кочүп жүрүү жана айдоо аянттарды иштетүү үчүн унааларды берүү менен аларга иштеп берүү рентасын жүктөгөн.

Феодалдарга иштеп берүү рентасынын башка бир түрү — чарбадарларды кеңири эксплуатациялоо болгон. Феодалдар жамааттык жерлерге кожоюндук кылуу укугунан пайдаланып,

чарбадарларга жайыттарды ижарага беришкен. Чарбадарлар, чындыгында феодалдардын карамагында болгон жайыттарга малын жайгандыгы үчүн алардын малдарын да кароого милдеттүү болушкан.

Ошентип, соңку орто кылымдар доорунда иштеп берүү рентасы кыргыз коомунун феодал төбөлдөрүнүн кедейлерди жана орто мал чарбачыларды эксплуатациялоонун негизги формасы болгон. Мал же азык-түлүк түрүндөгү натуралай рента салыктары да кеңири тараган. Бул карапайым элге оор азап-тозокторду алып келген, алар бийлердин ар түрлүү (коноктоду кабыл алгандагы, тойлордогу, майрамдардагы ж.б.) чыгымдарын төлөөгө милдеттүү болгон.

Кулдар бул мезгилдеги кыргыз коомунун эң эле укугу жок катмарын түзүшкөн. Мирхал ад-Дин Яркендинин баяндоосу боюнча кыргыз ири феодалдарынын бири Худайберди бийдин көптөгөн кулдары болгон. Кулдардын саны согуштан түшкөн туткундар, кылмышкерлер жана да карызга баткан кедейлер менен толукталган. Кулдардын ээлери оздөрүнүн башка менчиктери сыяктуу аларды калыңдын жана септин ичине кошушкан, ат чабыштардын байгесине коюшкан ж.б.

Тарыхый булактар кыргыздардын кошуундарды уюштыруунун белгилүү бир системасы жана да согушту жүргүзүүнүн өзүнө мүнөздүү тактикасы болгондугун кабарлашат. «Ар убакта душман алардын чек арасын басып кирип келген учурда (кыргыздар) согушка даярдануу үчүн ошол замат уруулаштарын чогултушуп, жетекчилерин дайындашат. Он башы — он адамдын жетекчиси, жүз башы — жүз адамдын жетекчиси, миң башы — миң адамдын жетекчиси».

Булактардагы маалыматтар боюнча кыргыздардын согуш жүргүзүү тактикасы Кыргызстандын аймагына мүнөздүү тоо жерлерин толук пайдаланууга негизделген. Маселен, түрк автору Сейфинин эмгегинде кыргыздардын согуш тактикасы жөнүндө мындай деп жазылган: «Кандайдыр бир падыша аларга каршы армиясы менен барса, алар өзүлөрүнүн үй-бүлөсүн тоонун өрүн карай жөнөтүшөт да, өзүлөрү болсо эч кимди өткөрбөө үчүн капчыгайдын оозун ээлеп алышат... Андан кийин душманга кол салып, аны талкалашат».

Кыргыз жоокерлеринин куралдарынын басымдуулук кылган түрлөрү найза, айбалта, мындан башка чокмор, жаа, кылыч жана мылтык болгон.

Чарбасы. XVI–XVIII кк. кыргыз урууларынын чарбасынын негизги тармагы, мурункудай эле көчмөн жана жарым көчмөн

мал чарбачылыгы болгон. Ал экстенсивдүү мүнөздө болуп, аба ырайынын шартына толук баш ийген.

Кыргызстандын географиялык шартына ылайыкталган айбанаттар — жылкылар, топоздор, койлор, эчкилер, төөлөр жана бодо мал көп санда өстүрүлгөн. Чарбада жылкы өстүрүүчүлүк басымдуу маанини ээлеген. Бул экстенсивдүү мал чарбачылыгынын шартында жылкыларды багуу көп каражаттарды талап кылбагандыгы менен түшүндүрүлөт: алар жазында, жайында жана күзүндө жайлоолордо багылган, кышында болсо тоюттарды кар алдынан оңой эле таап азыктанышкан.

Көчмөн-малчыны күнүмдүк турмушунда да, согуш мезгилинде да атсыз элестетүү кыйын. Ат бир жерден экинчи бир жерге көчүп жүрүү каражаты болгон: аны минишкен, унаа катарында пайдаланып, чийнеге, арабага чегишкен. Жылкынын эти тамакка жумшалган, бээнин сүтүнөн даамдуу кымыз ичимдиги даярдалган. Аттын кылынан аркандарды эшишкен, ал эми алардын ишгелген терилери бут кийим, ат жабдыктарды жасоого жумшалган, кымыз жана сүттөн даярдалган азыктүлүктөрдү сактоочу идиштерди жасашкан. XVII к. тарыхчы Махмуд ибн Вали мындай деп жазган: «Алардын (кыргыздардын — О.К.) күндөлүк жашоо каражаты тамакта да, кийимде да жылкы менен койлор, айрыкча жылкынын эти жана кымыз деп аталган бээнин сүтү, ушул жаныбарлардын жүнү жана териси болгон».

Кой чарбасы да көчмөндөрго эт, сүт, жүн жана тери берген. Кыргыздар койдун жүнү менен терисинен көптөгөн эң керектүү нерселерди жана үй-тиричилик буюмдарын жасашкан. Кыргыздардын бай феодалдарында 3 миңге чейин койлор болгон.

Памирдин, Алайдын, Теңир-Тоонун бийик тоолуу райондорунда топоздор өстүрүлгөн. Кыргыздар бул чыдамдуу жана жөнөкөй айбанатты тоолордун барууга кыйын болгон жерлеринде жүк ташуу үчүн пайдаланышкан. Мындан тышкары, топоздор сүт, эт, жүн,бышык терилерди берген. Топоздор тоолуу шартка жакшы ылайыкташкандыктын натыйжасында кээ бир райондордон акырындык менен бодо малдарды сүрүп чыгарган.

Негизинен промысел түрүндөгү аңчылык кыргыздардын чарбачылык ишинде чоң маанилүү орунду ээлеген. Феодал ак сөөктөр үчүн аңчылык көңүл ачуу (ит агытып, куш салуу) болгон, ал эми кедейлер үчүн ал көп учурда жашоонун бирден бир каражаты да болгон. Кыргыздарда аңчыларга жана аңчылыкка арналган жөрөлгөлөр, арбоо, дарымдоо, дубалоо ырым-жырымдары бар.

Кыргызстандын жерлеринин негизги бөлүгү жайыттар болсо да, XVI–XVIII кк. кыргыз уруулары мал чарбачылыгы менен катар дыйканчылык менен да кесиптенишкен. Кыргызстандын калкы байыркы доордон бери ар түрлүү дан өсүмдүктөрүн да айдашкан.

Монголдордун чапкынында бүлүнгөн, түшүмдүү Чүй, Талас өрөөнүндөгү, Ысык-Көл ойдуңундагы, тоо этектериндеги жерлерди жарым кочмон кыргыз калкы кайрадан жандандырган. Кыргызстандын мол тоо суулары бардык жерлерде сугат дыйканчылыгын жүргүзүүгө мүмкүндүк берген. Кала берсе Алай жана Каратегиндин бийик тоолуу райондорундагы талаалар да сугарылган.

Дыйканчылык Фергананын тоо этектериндеги райондордо абдан өнүккөн. Дыйканчылыктын кандайдыр бир деңгээлде өнүккөндүгүнө карабастан айыл-чарба техникасы жөнөкөй бойдон кала берген. Талааны айдоонун башкы куралы буурусун болгон. Аны б.з. VIII к. эле Чүй өрөөнүндөгү байыркы дыйкандар пайдаланышкан. Орто Азияда кетмен менен орок кеңири колдонулган. Эгиндер аттардын жана өгүздөрдүн жардамы менен басылган. Эгин кол таш жаргылчактарга тартылган, бирок, XVIII к. Кыргызстанда суу тегирмендери да пайда болгон.

Натуралдык мүнөздө болгон кыргыз чарбасында күнүмдүк турмушта керектелүүчү буюмдарды үйдө өндүрүп чыгаруу чоң ролду ойногон. Ар бир үй-бүлө кийимдерди, жип-шууларды, кездемелерди, кийиздерди жана боз үйлөрдүн кереге, ууктарын, кийиздерин өздөрү жасашкан.

Жалпысынан кыргыз коомунда кол өнөрчүлүгү айыл чарбачылыгынан али бөлүнө электигине карабастан металлургияда, металлды жана жыгачты иштетүү, ала кийиз, шырдак даярдоо боюнча профессионалдык кесиптер болгон.

Соода. XVI–XVIII кк. Кыргызстанда акча-товар мамилеси начар өнүккөн. Тышкы базарларда жана келген соодагерлер менен соода негизинен алмашуу түрүндө болгон. Жергиликтүү феодалдар өзүлөрүнүн ишенимдүү адамдары аркылуу Фергана өрөөнүнө жана Кашкарияга мал чарбасынын, анчылыктын жана кол өнөрчүлүктүн ар түрлүү буюмдарын отурукташкан дыйкан чарбаларынын азык-түлүгүнө алмашышкан. Орто Азиянын жана Чыгыш Түркстандын соодагерлери кочмон кыргыз урууларынын арасында товар алмашуу соодасын кеңири жүргүзүшкөн.

Махмуд ибн Вали кыргыз товарларын мүнөздөп келип, калтар түлкүнүн кара терисин, кийизди, койлорду, ак шумкар-

ды жана карчыгаларды, шумкарды атаган. Ал Кашкар соодагерлери өз кезегинде башка мамлекеттердин базарларына кыргыздардын жылкыларын, топоздорун жана кулдарын алып баргандыгын маалымдайт.

Кайталоо үчүн жана өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Султан Саид хандын Чыгыш Түркстанда Моголстан мамлекетин негиздеши.
2. Мухамед-Кыргыз жана ага каршы Султан Саид хандын жортуулдары.
3. Абд ар-Рашиддин кыргыз-казактарга каршы жортуулу.
4. XVI к. экинчи жарымындагы Чыгыш Түркстандын башкаруучулары.
5. Абдаллах хан. Абдаллах хандын кыргыздарды жазалашы.
6. Калмактардын Орто Азияга чабуулу. Кыргыздардын калмактарга каршы күрөшкө катышы.
7. Кыргыздардын саясий түзүлүшү, социалдык мамилелери жана чарбасы.

Адабияттар:

Акимушкин О. Ф. Моголстан, моголы и киргизы в первой половине XVI в. Письменные памятники и проблемы истории и культуры народов Востока. — М. 1969.

Ахмедов Б. А. Историко-географическая литература Средней Азии XVI–XVIII вв. — Ташкент. 1985.

Бартольд В. В. Соч. Т. I, II (I). — М., 1963.

Из истории Средней Азии и Восточного Туркестана XV–XIX вв. — Ташкент, 1987.

История Киргизской ССР. Т. I. — Фрунзе, 1984.

Материалы по истории киргизов и Киргизии Вып. I. — М., 1973.

Молдобаев И. Б. «Манас» — историко-культурный памятник кыргызов. — Бишкек, 1995.

Өмүрбеков Т. Н., Чоротегин Т. К. Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы: (XVII–XX кк. башы). — Бишкек, 1995.

8-БАП

КЫРГЫЗДАР ЖАНА КОКОН ХАНДЫГЫ

§ 1. Кыргызстанды Кокон хандыгынын басып алышы

Кыргыз элинин өткөн тарыхы менен таанышканда аз сандуу кыргыздар жетимиш жылга созулган узак убакыт бою күчкубаттуу Кокон мамлекетинин согуштук аракеттерине кантип кайраткерлик менен каршылык көрсөтүп турду деген суроого аргасыздан такаласың. 1762–1832-жж. эле Кокон хандары Кыргызстанга бир нече жолу каршы аттанышкан. Ушул салгылаштарда алар өзүлөрүнүн, өз вассалдарынын бүткүл аскерий күчкубатын жумшап чабуул койгондо да кыргыздарды убактылуу гана багындыра алышкан. Кыргыздар менен кыпчактар чет жерлик баскынчылардын эзүүсүнө каршы дайыма көтөрүлүп турган.

Бул суроого жооп берээрден мурда тарыхчылардын алдында башка бир суроо туулат: Кокон хандыгы кандай мамлекет болгон? Миң династиясы XVIII кылым бою ар кандай салттуу ыкмаларды колдонуп, өз башкаруучуларынын бийлигин куралдуу күчтөрдүн, ырайымсыз террорлордун жардамы менен колдоого алуу аркылуу, феодалдык мамлекетин куруп, чыңдап келген. Өлкөдө феодалдардын ортосундагы өз ара жаңжалдар, так талашкан күрөштөр өкүм сүрүп, кулчулук да расмий түрдө жашап турган. Ал эми анын салык саясаты кандай болгонун «Берсең да бересиң, бербесең да бересиң» деген ылакапка айланган создор айгинелейт. Кокон хандыгынын курамында Түштүк Кыргызстан 1762-жылдан 1876-жылга чейин, ал эми Түндүк Кыргызстан 1825-жылдан 1855–1863-жылдарга чейин болгон.

Кокон хандыгы Миң династиясын негиздеген өзбек феодалы Шахрух бий тарабынан түзүлгөн, ал Бухара хандыгынан болжол менен 1710-жылы бөлүнүп чыккан Фергана вилайетиндеги бийликти ээлеп алып, өзүн хан деп жарыялаган. Такка отур-

гузуу асеминде аны ак кийизге салып хан көтөрүшкөн, бул ырасым кийин салтка айланып кеткен.

Кокондун алгачкы башкаруучулары кыргыз феодалдары менен алакада турган, бирок алардын өз алдынчалыгына кол сала алган эмес. Маселен, түштүк кыргыздардын кушчу уруусунун башчысы Кубат бий (Коват мирза) Оро-Төбо мамлекетинин (Фергана өрөөнүнүн эң батышы) башкаруучусуна каршы жортуул жасаган учурунда ал Кокон башкаруучусунун тең укуктуу союздашы катары чыккан, аны Бухаранын жылнаамалары «Эрдананын таянычы» деп аташкан. Бул чынында эле ушундай болду бекен?

Оро-Төбөнүн жерлеринде кыргыз уруулары көчүп-конуп жүрүшкөн. Алар Оро-Төбө башкаруучулары Бухара менен Кокондун ортосунда эптеп эбин таап, өз көз карандысыздыгын сактап жүргөнүн өз көздөрү менен көрүшкөн. XVIII кылымдын орто ченинде Оро-Төбөнүн картайып калган башкаруучусу Фазыл бий Бухара менен Кокондун кол салуусунан биргелешип коргоону үчүн Гисардын алсыз башкаруучусу Мадамин бий менен союз түзөт. 1754-жылы жайында Бухаранын аскерлери Оро-Төбөнүн чек араларына батышынан, союздаш кокон-кыргыз аскерлери чыгышынан жакындап келишет. Бирок Фазыл бий менен Мадамин бийде каршылык көрсөткүдөй күч жок болгондуктан, алар мындайча айла табышат. Кубат бийдин атынан дедиртип, Оро-Төбөнүн башкаруучусуна жалган кат жазышып, катта Бухара хандыгынын аскерлерине биргелешип кол салыш үчүн кокондуктар жана кыргыздар менен биригели деген сунуш айтылат. Бул жалган кат атайын чабарман аркылуу Бухаранын күзөтчүсүнүн колуна тийет да, андан соң Рахим хандын өзүнө жеткирилет. Бул Рахим ханды катуу ачуулантат. Анын башынан эле Эрданага ишенбей жүргон жайы бар экен. Эми ал түздөн түз чыккынчылык кылдың деп аны күнөөлөйт. Эрдана Куранды кармап карганууга аргасыз болот.

Рахим хан Эрдананын мунусуна ишенгени же ишенбегени белгисиз, бирок ушул окуядан кийин Оро-Төбөгө каршы биргелешип кол салуу тууралуу сөз да болушу мүкүн эмес эле. Көп өтпөй Бухара эмири өз аскерин Фазыл бийдин ээлигинин чек арасынан алып кетет.

Кокондуктардын лагерине Кубат бийдин Оро-Төбөгө жиберген каты тууралуу айың кеп тарала баштайт. Кыргыздардын башкаруучусу озүнө негизсиз айып коюлгандыгына кыжыры келип, Кокон ханы менен түзгон союздан ачык эле чыгып кетет да, Эрдана менен байланышуудан баш тартат. Эрдана болсо Оро-

Төбөгө жалгыз кол салууга батына албайт. Ошентип, бул сапар Фазыл бийдин чакан ээлигин каратып алуу ишке ашпай калат.

Убакыт өтө берет, бирок жалган катка байланыштуу окуя Кокон ханынын эсинен кетпейт. Ушундан тартып ал кыргыздарга келечекте басып ала турган өлкө катары гана караш калат. Мындай коркунучтан кыргыздардын тайманбастыгы, эркиндик үчүн акыр-аягына чейин салгылашууга даяр турганы жана Кубат бийдин кол башчылык бийик кадыр-баркы гана кокондук төбөлдөрдүн ошол мезгилдеги талоончул кол салуусун токтотуп турган. Ал эми Кокон төбөлдөрү болсо эки жүздүүлүк менен кыргыздарга, алардын таанылган жетекчиси Кубат бийге урмат-сый көрсөтүп турууга аргасыз болушкан.

Кубат бий өз уруулаштары менен Ферганада жана Теңир-Тоодо бир топко чейин көрүнүктүү роль ойногон. Ал тургай Кокондун «Тарих-и Рахим-хан» деген жазма дареги аны «кыргыздардын падышасы» деп атаган. Ал өз атынан, Кокондун негизги союздашы катары Кытай императоруна кайрылуу кат жиберген. Өзүн бүткүл дүйнөнүн жогорку өкүмдары катарында эсептеген кытай падышасы Кашкарга көз артып жүргөндүктөн кыргыздардын Кашкарстандын саясий турмушундагы маанилүү ролун эске алып, кыргыз уруу башчысынын пикирин угууга аргасыз болгон.

Өз ара касташып турган «ак-тоолуктар» менен «кара-тоолуктардын» саясий партияларынын жетекчилери — Кашкардын диний башкаруучулары — көпчилик Кубат бийди XVIII кылымдын орто ченинен бери тарта Жунгария менен Түндүк Кыргызстанда үстөмдүк кылып турган калмактарга каршы күрөшкө чакырышкан. Кубат бийдин Фергана, Теңир-Тоо, Чыгыш Түркстанда кыргыз урууларын баш коштуруу багытында жүргүзгөн күрдөөлдүү иш-аракеттерине караганда ал кыргыздардын бир-бирдошкон бирдиктүү мамлекетин түзүүгө умтулган болсо керек. Деген менен, түздөн-түз документ түрүндөгү сакталган маалыматтар жок, ал эми анын аракеттери, бизге белгилүү болгондой натыйжа берген эмес.

Кубат бийди Россияда да жакшы билишкен. Сибирлик инженер И. Андреевдин XVIII кылымдын аягында Санкт-Петербургда чыккан «Новые ежемесячные сочинения» деген басылмадагы чыгармасында Кубат бий кыргыздардын эң ири он уруу башчысынын ичинде эскерилет. Бухаранын жана Кашкардын жазма даректери Кубат бий «чыныгы өз алдынча башкаруучу болгон, өзүнүн жеке кызыкчылыгын көздөп, кайсы башкаруучу менен достошкусу, кайсынысы менен касташкысы келсе өзү билген» деген пикирди кабарлайт.

Кыргыздардын бул жол башчысы сабаттуу инсан болгон деп ишенимдүү эле айтууга болот. Анын башка башкаруучулар менен тез-тез кат жазышып тургандыгы жөнүндө да эскерүүлөр бар. Кокондун жана Кашкардын хроникаларында ал көбүнчө «мырза» деген титул менен аталгандыгына караганда бул сабаттуу инсанга болгон кайрылуу экендигин баамдоого болот. Кубат бий XVIII кылымдын тарыхына көрүнүктүү из калтырган жаркын инсан болгондугунда талаш жок. Ошондуктан чыгыштаануучу П.П.Иванов Кубат бийди «XVIII кылымдын экинчи жарымындагы улуу саясий ишмерлердин бири» деп бекеринен мүнөздобосө керек.

Кыргызстандын түштүк райондорунун каратылышы. Эрдана кыргыз урууларынын баш кошуп, биригүү үчүн жасаган аракеттери оңунан чыкпагандыгынан пайдаланып, Орто Азияда Кокон хандыгынын абалын чыңдоого катуу киришет. Өзүнүн абалы жетишерлик чыңдалганына көзү жеткенден кийин, кыргыздар менен болгон союзун артыкбаш түйшүк катары эсептеп, Кубат бий менен болгон мамилесин дароо үзүп таштайт./ Эрдананын кыргыз жерлерин басып алсам деген максаты биротоло бышып жетилет. Өзүнүн ийгиликке жетерине ал бекем ишенген. XVIII кылымдын 60-жылдарында түштүк кыргыз урууларынын озүнчө бирикмеси болгон, аны адигине уруусунан чыккан Ажы бий башкарган, Кокондун акими Ажы бийди Кубат бий менен кагылыштырса болот деп эсептеген.

Кыргыздардын ортосундагы чыр-чатакты амал менен пайдаланып, хан 1762-жылы Өзгөнгө кол салат. Жергиликтүү элден куралган кол Ажы бийдин туусу астында чегинүүгө аргасыз болгондо, кокондуктар Ошту басып алып, кыргыздардын аскерин тоону көздөй сүрүп ташташат. 1764-ж. Эрдана Кожентти басып алууга ниеттенет, ал эми Ажы бий болсо Кокон аскерлери Чыгыш Ферганадан чыгып кеткенинен пайдаланып, Ошко кол салат. Чоочулаган Эрдана Кожентгин акими Фазыл бек менен шашылыш тынчтык келишим түзүп, негизги күчүн Ошту карай жиберет. Ал согушта Ажы бий колго түшүрүлөт. Бирок, Ош жана анын чөлкөмү бир топко чейин кыргыздардын козомолүндо кала берген. Кыргыздарга өз алдынчалыгын сактап калыш эң кыйынга турду, анткени Кокондун кысымы улам күчөп, ал аскердик күчү, анын куралданышы жана уюштурулушу жагынан алда канча артыкчылык кылып турган.

Кокон башкаруучулары кочмөндөрдү жеке куралдын күчү менен багындыруу мүмкүн эмес экендигин түшүнүшкөн, ошондуктан алар кыргыз феодалдарынын ортосунда чыр-чатак-

тардын отун тутантып жиберүүчү амалдарды да атайылап пайдаланышкан. Бул жагынан Кокондун ханы Нарбото бий (1770–1800-жж.) айрыкча ийгиликке жетишкен. Ал жогорку чиндерди, ардак наамдарды жана жакшы жайыттарды таратып берип, кыпчак менен кыргыздардын феодалдарынын кадыр-барктууларын өз тарабына тартууга жетишкен. Кокон өз тарабына ыктаган кыргыз феодалдарын мындай «урмат-сыйдан» баш тарткандарга каршы тукуруп турган.

Натыйжада XVIII кылымдын 80-жылдарында иш жүзүндө Фергана өрөөнүндөгү бардык кыргыз жерлери, ошондой эле тоо этектей жайгашкан кыргыз урууларынын бир бөлүгү Коконго көз каранды болуп калган.

Кокон хандары эми түндүк-чыгыш тарапка — Ташкен жана Түндүк Теңир-Тоо багытына көз арта баштайт. Ушул кезде көз карандылык коркунучунан кутулуш үчүн сары-багыш уруусунун башчылары Атаке менен Эсенгул Санкт-Петербургга элчилерин жиберишет да, өз ара мамилелер абдан татаал болуп турган казактар менен аскердик союз түзүүнү чечишет. 1786-жылы казактардын султаны Хан Кожо кыргыздардын чакырганына жооп катары сүйлөшүү үчүн өкүлдөрүн жиберет. Өкүлдөрдү кыргыз аксакалдары Кокондун экспансиясы эки элге тең коркунучтуу экенин ынандырууга аракеттенишип, «кокондуктар силер үчүн да, биз үчүн да жалпы душман» деп эскертишет. Бирок султандын өкүлдөрү өтө эле кемсинткен талаптарды койгондуктан кыргыздар аны кабыл алган эмес. Кокон хандары көпкө узабай мына ушул кырдаалды пайдаланып, XIX кылымдын башында региондун түндүк-чыгышында казактар менен кыргыздарга каршы түздөн-түз чабуулга өтөт.

Кыргыздарга каршы Кокондун басып алуучулук саясатынын алгачкы кадамдары Нарбото бийдин уулу Алим-хандын (1801–1809) сурагынын учуруна туш келет. Ал бир нече жолу ырайымсыз талоончул жортуулдарды жасайт. Ал тургай «Тарихи Шахрухи» деген апологетчил чыгарманын автору Нияз Мухаммед Молдо да хан «таш менен жерден» башканын баарын тыптыйпыл кылды деп мойнуна алууга аргасыз болгон. Бирок хандыктын эң мыкты деп эсептелген аскер башчысы Ыдырыскул бий башында турган аскеринин кетмен-төбөлүк кыргыздарды баш ийдирем деген аракети текке кеткен.

1806-жылы май айында кокондуктар Оро-Төбөнү басып алат. Баскынчыларга каршы жергиликтүү кыргыздар көтөрүлүп чыгат. Бул кырдаал Бухаранын эмири Хайдарга шаарды тартып алып, аймагы менен эмиратка кошуп алууга мүмкүнчүлүк

түзгөн. Өч алуу максатын көздөп, кектенип калган Алим хандын аскерлери 1809-жылы Ташкенди ээлеп алат. Ташкен кийин Кокон хандыгы ээлеген жерлердин курамына кирип, Талас менен Жети-Суунун кыргыздары менен казактарына каршы согуштук плацдарм катары кызмат кылган. Бирок жортуулдардан анча майнап чыккан эмес. Бул үчүн Алим хан өзүнүн төрөлөрүн күнөөлөп, катуу жазалаган. Мындай жазага кыжыры кайнаган төрөлөр Алим ханды өлтүрүп, такка анын иниси Оморду отургузат.

Агасынын баскынчылык саясатынын демин суутпай уланткан жаңы ханды (1809–1822) да кетмен-төбөлүк кайраткер кыргыздарга каршы жасаган жортуулдарынын ийгиликсиз аяктаганы катуу кыжырланткан. «Тарих-и Омар-хани» чыгармасынын автору Мырза Каландар муну мындайча маалымдайт: «Мурда Нарбото да кетмен-төбөлүктөргө каршы бир нече жолу аскерлерин жиберген, бирок хандыктын мындай иште такшалган төрөлөрү да, аскер башчылары да, мамлекеттин бийлик ээлери да козголоңчул элди (кыргыздарды — В.П.) кантип оң жолго салуу тууралуу пикир алышып, канчалык кеңешпесин, бул тоолуу аймакты багынтуунун амалы табылган эмес». Документтер мындай маалыматты да берет. XIX кылымдын башында кыргыздардын баскынчыларга каршы баатырдык күрөшүн Сатыке деген башкарган экен, ал уруулаштарынын арасында катардагы эле жоокер болсо керек, анткени ал эч жерде «бек» деп да, «бий» деп да аталбайт.

Мырза Каландар маалымдагандай Омор хан акыр-аягында өзүнүн кеңешчилерин жыйнайт, алар нарк-ызаат сактап, муну айтышты: «О, таксыр! Сиздин кудурет-күчүңүздүн гүлзары ар дайым гүлүн жайнатып, көңүл кубантып турсун, анткени ыпластыктын тикенектүү сөңгөгү тамыры менен жулунуп, алдамчылыктын адамдары жана казак уруулары бириндетилди. Сиздикиндей улуу доор даңазалана берсин! О шах — дүйнөнүн өкүмдары! Балит бир дөбөт, ары жок наадан, кыргыздын бир тобу менен жолдо ушундай талоончулук кылган Сатыкеден башка эч ким калган жок, ал ошон үчүн шаарлар менен өлкөлөрдүн баарында жаман атка конду. (Башка шаарларда, ал тургай өлкөлөрдө жаман атка конушун тилеп, душмандары ушунча каралап жаткан соң, Сатыке кудуреттүү инсан болсо керек. — В.П.)

Эгерде бул зыяндуу каракчы колуңузга түшүшүн кааласаңыз, кыштын чилдесинде камынуу керек, анткени кыргыздар үчүн кыш оор мезгил болот...

Кыргыздардын бул кездеги абалынын оордугунан пайдаланып, аларды бир аз күч-аракет жумшап, басып алса болот. Дасыккан күчтүү аскер башчыларынын бирине айла-амалдын ачкычы менен бул кыйынчылыктын дарбазасын ачууга буйрук берип коюшуңуз зарыл. Муну мындайча аткаруу керек: буга дайындалган аскер башчы көп аскер менен бөтөн коздөн жашыруун барып, бул куу каракчыларга аңдоостон түнкүсүн кол салат, ошондо азыркы... кеңешменин негизги максаты орундалат».

Сарай төрөлөрүнүн (булардын ичинде чыккынчы кыргыз феодалдары да болушу мүмкүн) кеңешине макул болгон Омор хан 1821-жылы кышында Кетмен-Төбөгө Наманган акими Сейиткул бектин отрядын жиберет, ал кар күрткүлөрүнөн кыйынчылык менен өтүп, эптеп ашууну ашып барып, сакчыларын аңдоостон колго түшүрүп, чепке киришет. Ченти талап алып, көп туткун менен Коконго кайтып келишет. Кокондо Сейиткул бекти ардактап тосуп алышат, ал хандан көп белек, тартуу алат.

Кокон хандары кыргыз урууларынын ортосундагы чыр-чатактарды амалкөйлүк менен пайдаланышкан, кээде өзүлөрү да алардын арасында атайылап чатак чыгарууга чейин барышкан. Маселен, 1821-жылы жайында Омор хан кыргыз уруусунун башчысы, Касан шаарынын акими кутлук-сеит уруусунун башчысы Бек-Назарды Ош—Кашкар багытында кочуп-конуп жүргөн сарыбагыш уруусуна каршы аттантып, «...сарыбагыштарды кыра бергин, эч кимисине ырайым кылбагын...» деген катуу талап коёт. Бек-Назарга жардам иретинде кокондуктардын бир отряды кошо берилет. Бек-Назардын жортуулу бардык жерде талоончулук менен, кыргыздарды олтүрүү менен коштолуп жүрүп отурат. Омор ак кызматы үчүн Бек-Назарды марттык менен сыйлаган. Кокон хандары өз эзиктерин кеңейтүү үчүн кыргыздардын уруу ак сөөкторүнүн ичинен чыккан чыккынчыларды мына ушундайча пайдаланышкан.

Түндүк Кыргызстандын каратылышы. XIX кылымдын биринчи чейрегинде Кокон хандыгынын баскынчылык менен каратылып алган жерлери кыйла кеңейип, анын чек арасы түндүк кыргыз урууларынын аймагына чейин жеткен. Кокон хандары Чүй өрөөнүнүн, Борбордук Теңир-Тоонун, Ысык-Көлдүн мал чарбачылыгы менен кесиптенген калкын салык, азык-түлүк, сырьё, жылкы, кул берип туруучу объект катары караштыкан. Ошондуктан Омордон кийин бийликке келген Мадали хан (1822–1842) хандыктын түндүк-чыгыш чектериндеги согуштук баскынчыл аракеттерин күчөткөн.

Бул кезде бир жагынан уруу аралык чыр-чатак ырбаса, экинчи жагынан казак уруулары менен болгон күрөш күчөп, кыйын кырдаал түзүлүп турган. Бул, албетте, Кокондун максаты үчүн жакшы жагдай түзүп берген. 1825-ж. Мадали хан солто уруусу менен сарыбагыш уруусунун ортосунда жаңы чыр-чатак чыкканын утуп, дасыккан аскер башчы Ляшкер-күнбегинин башчылыгы менен 4 миңдей аскерди жиберет. Солто уруусу жана сарыбагыштардын бир бөлүгү Кокондон келген бул зордукчуларга баш ийүүгө аргасыз болуп, салык төлөй башташат. Сарыбагыштардын Россияны жактаган бөлүгү болсо Ысык-Көлдү көздөй жер оойт. Бул жер оогон сары-багыштар көлдүн жергиликтүү эли Россияга элчилерди жибергенинен, алар келе турган маал жакындап калганынан мурда эле кабардар болушкан.

Ушул учурда кокондуктар да көл боюнда бийлигин чыңдоого шашылыш киришишет. Сөз болуп жаткан бул окуяны оз көзү менен көргөн сибирлик соода приказчиги мындай деп билдирген: «Ушул жылдын (1824 — В.П.) апрелинин бирлеринде башчылыктын уруксаты боюнча Жети-Сууда кочүп-конуп жүргон ар кайсы кыргыздардан аласаны жыйноо үчүн чет өлкого чыктым, ушул иш менен сентябрга чейин болдум, сентябрдын аяк чендеринде аласа ордуна алган койлорду сатуу үчүн Кытай шаары Кулжага кирдим...

Жети-Сууга келгенимде, Иле суусунун аркы өйүзүнөн келген кыргыздардан Кокон ханы озүнө баш ийдирип алып, салык алып туруш үчүн жапан таш кыргыздарына 4000 аскер жибергенин уктум. Чүй дарыясынын ондүрүндө кочүп-конуп жүргөн Султу жана Арбагаш (солто жана сарыбагыш. — В.П.) деген кыргыздардын Кокон аскеринен корккондору дароо Коконго баш ийип, талап кылган салыгын бериштн, ал эми теңи (Атаке бийдин тукумдары) Ысык-Көл бойлой кочүп-конуп жүргөн бугулардын арасына, мындан бир аз эле мурдараак уулдары Омскиде болуп келген бийлердин конуштарына кочүп кетишти. Кокон аскерлери Каштак аркылуу (Кастек ашуусу — В.П.) Кашкардан түз келчү жолдон өзүн коргоо үчүн тоонун этегин кыйгап өтүп, Чүй дарыясынын агымын бойлой үч күн жүрүп, чыңдануура токтоду, укканга караганда ал жерде биротоло калат дейт».

Мында Бишпек (Бишкек) чеби тууралуу сөз болуп жатышы мүмкүн. Анткени ал ошондон көп отпөй эле курулуп, анда бир кыйла көп сандагы аскер гарнизону турган. Кокон акимдери ушул жерден Ысык-Колдун кыргыздарына хандын бийлигине

баш ийип, салык төлөгүлө деген талапты койгон кат жиберишет. Кыргыздар кокондуктардын бул катын алгандан кийин өзүлөрүнүн абалы абдан эле татаал болсо да, чечим кабыл алууга ашыгышкан эмес. Ушул тапта кытайлар тарабынан туулган коркунуч да оңой болгон эмес, алар эбактан бери Ысык-Көл ороонун тартып алууга көз артып келген.

Кыргыздар өзүлөрү Россияга жиберген элчилигин чоң үмүт менен күтүп турушкан, алар көп убакыт өтпөй эле орус миссиясынын мүчөлөрү омскилик гарнизондун дарыгери Ф.К.Зибберштейн жана хорунжий Т.В.Нюхалов менен бирге келишет. Бул орус миссиясы өзүлөрү менен кошо кыргыз уруу башчыларына орус бийликтеринен конкреттүү сунуштар айтылган катты тапшырышат. Кокон бийликтери бул кабарды угары менен шашылыш түрдө Ысык-Көлгө өз элчилик миссиясын жиберет. Мына ушундан кийин орус жана кокон элчилери менен кыргыз манаптарынын жолугушуусу болот. Кыргыз манаптарынын алдында бул жолугушууда эки жолдун бирин тандап алуу, б.а. мындан ары ким менен бирге болуу керек, кимдин букаралыгына өтүү керек деген маселе турган. Манаптардын ичинде ар кандай саясий көз караштагылар, алардын ичинде Кокон менен бир союзда болууну жактагандар да болот. Бирок манаптардын бардыгы тең мүмкүн болушунча өз көз карандысыздыгын жана өзүлөрүнүн артыкчылыктарын сактап калууга далалат кылышкан.

Ф.К.Зибберштейндин билдирүүлөрүндө хандын жиберген өкүлдөрү «уруу башчыларынын (бугу уруусунун — В.П.) Кокон хандыгынын букаралыгына өтүүнү жана биргелешкен күчү менен саргазын (сарыбагыш — В.П.) кыргыздарын талкалоону» сунуш кылышат. Орус элчилигинин атынан хорунжий Т.В.Нюхалов: орус бийликтери бардык кыргыздарга бирдей жардам берүүгө даяр жана алар күч-кубаттуу Россиянын калкалоосунда гана өзүлөрү эңсегендей коргоого ээ болушат», — деп билдирет.

Кимдин букаралыгына өтүү керектиги жөнүндө биротоло чечим чыгарыш үчүн, Ысык-Көл ороонундо көчүп-конуп жүргөн негизги уруу башчылары, Жыргалаң суусунун боюна чогулушат. Бул жерде кызуу талаш-тартыштар болот. Кээ бир кыргыз манаптары далил катары Кокондун аскери Ысык-Көлдүн босогосуна келип калды, ошондуктан кокондуктардан коркунуч көбүрөөк болуп турат, кокондук элчилердин сунушун кабылдасак туура болот. Ал эми Россия бизден өтө алыс, андан жардам тез келе койбойт дешет. Акырында уруу башчыларынын көпчүлүгү Россия менен союзга биригүүнү колдоп чыгышат.

Ф.К.Зиберштейн бул тууралуу мындай деп жазат: «Акыры хорунжий Нюхаловдун орундуу кебине ынанып, Россиянын күч-кубатынан өзүлөрү күткөн күчтүү колдоого ээ болоруна ишенген Олжобай бий менен Жапалак бий Кохания жөнүндөгү ар кандай ой-пикирди четке кагышып, даңктуу Россия державасы менен кошулууга өзүлөрү өрнөк көрсөтүшүп, бардык башка уруу башчыларын өз аркасынан ээрчитип кетишти».

Ысык-Көлдө болгон манаптардын курултайынын жыйынтыктары Мадали хандын кыжырын келтирген. 1831-жылы ал кыргыздарга каршы эки аскер кошуунун жөнөтөт. Чүй өрөөнү тараптан Ляшкар-кушбеги башында турган аскерлер, ал эми Ферганадан Көгарт ашуусу аркылуу Борбордук Теңир-Тоого ашып түшүп, хандын миңбашчысы Хак-кулунун арбын колу Ысык-Көл өрөөнүн көздөй багыт алат. Ысык-Көлдү каратып алары менен кокондуктар Барскондо, Коңур-Өлөңдө, Кара-Көлдө жана башка жерлерде шашылыш түрдө аскер чептерин куруп жиберишет. Мурдагыдай эле кокондуктардын жеңил жол менен ийгиликке жетишине сарыбагыш менен саяктын, саяк менен бугунун, сарыбагыш менен бугунун ортосундагы феодалдык, уруу аралык чыр-чатактардын ырбап кетиши жана бир катар бийлер менен манаптардын баскынчылар менен союзга биригип кетиши себеп болду.

Ошондой болсо да, кокондуктардын Ысык-Көл өрөөнүн каратып алышын салтанаттуу жүрүш катарында баалоо жаңылыш болоор эле. Карапайым көчмөн эл чоочун жерден келген баскынчыларга каршылык көрсөтүүнү эч убакта унутушкан эмес. Бир туугандар Атантай менен Тайлак башында турган Нарын кыргыздары — саяк менен чериктер которулуш (ийгиликсиз аяктаса да) чыгарышкан. Элдин баскынчыларга каршы айыгышкан каршылык көрсөтүүсү аларды бардык маанилүү стратегиялык конуштарда, Борбордук Теңир-Тоодогу Жумгал, Куртка сыяктуу чептерде бир кыйла көп сандагы гарнизондорду кармап турууга мажбур кылган.

Мына ушул эле учурда Кокон хандарынын түштүк-батышты көздөй экспансиясы башталган болучу. 1834-жылы Мадали хан Каратегинди басып алганда, ал жердеги тейит уруусу Памирди көздөй көчө качат. Мына ушундан көп отпой эле Памир жери өзү да кокондуктардын бийлиги астында калат. Бирок бул жерде белгилей кетчү нерсе Памирдеги Кокон хандыгы орнотконбийликтин аты эле болгон.

Мадали хандын бул жортуулу Шинжан бийликтерин катуу тынчсыздандырып салат, ошондон улам атайын келишим түзү-

лүп, бул келишим боюнча Кокон хандары Чыгыш Түркстандын негизги алты шаарында өз соода өкүлдөрүн кармап турууга укук алат.

Хандын кызыкчылыгы үчүн түндүк чек араларда да окуя анын оюндагыдай өнүгүп берген. Ташкен акими Ляшкар-кушбеги бугу уруусунун карапайым элден куралган колун талкалап, анын чегинген отряддарын Иле чөлкөмүнө чейин сүрүп барат. Чүй өрөөнүндө Чалдыбар, Кара-Балта, Ак-Суу, Пишкек (Бишкек), Токмок, Кастек сыяктуу бир катар чептер пайда болгон. Хандыктын түштүк чек араларында да хандын көп аскерден турган Таш-Коргон, Кан, Дароот-Коргон, Сопу-Коргон, Кызыл-Коргон сыяктуу көптөгөн аскер чептери салынган. Чыгыш чек араны Тогуз-Торо, Жумгал, Куртка, Коңур-Өлөң, Барскон, Кара-Кол жана башка чептер курчап турган. Бул чептердин бардыгы тең каратылып алынган райондордо акимчилик борборлоруна айлантылган. XIX кылымдын 40-жылдарында белгисиз бир автор муну белгилеп кетиптир: Кохания-нын чек аралары чептер менен курчалган, аларда өтүп барат-кан кербендерди текшерүү жана көчмөн урууларга көз салуу үчүн туруктуу гарнизондор турат...»

Кыргызстандын түштүгүндөгү Кокон чептери бул учурда кытай агрессиясына каршы тосмо катары да пайдаланылган. Кашкариядагы Цин бийлигине каршы көтөрүлүш жеңилип калгандан кийин Жангирдин аскерлеринин калдыгы Алайдагы кыргыз урууларынын аймагына келип жашынган. Пекин өзүнүн аскер башчыларына бул козголоңчуларды жазалоого буйрук берет, бирок манжу-кытай аскерлери Сопу-Коргон менен Кызыл-Коргондун дубалынын тегерегинде жыйырма күн топу-рап турушуп, акыры кайтып кетүүгө аргасыз болушат.

Кыргызстандын аймагындагы Кокон чептери жергиликтүү калкка каршы талоончул жортуулдарды жасоо учурунда өзүнчө таяныч пункттар катары кызмат кылган. Анын дубалдарына кокондуктар кыргыздардан коргонгон учурда баш калкалашып турушкан. Албетте, начар куралданган көчмөн кыргыздар ал чептерди ала алышкан эмес. XIX кылымдын орто чениндеги орус документтеринин биринде «кокондуктар ушул чептерге таянып алышып, ар бир ыңгайлуу учурда кыргыздарды талап-тонон, кысымга алып турушкан» деп айтылат.

Кээ бир кыргыз манаптары да кокондуктарга окшоштуруп, өзүлөрүнө коргон-чептерди курушкан. Мындай чеп-коргондор, албетте, мурда деле курулуп келгени менен сейрек кездешкен. Буга мисал катары Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Улук-Коргонду

айтсак болот. А дегенде Кокон бийликтери курулуп жаткан курулуштарды токтоттуруп салган, ошондуктан бийликтин алгачкы жылдарында салынган чептер тууралуу маалыматтар жок. Бирок, кыргыз феодалдарынын коомдук кадыр-баркынын өсүп, материалдык абалынын жакшыргандыгына жараша мындай курулуштарды куруу бара-бара көбөйгөн. Бул сыяктуу курулуштар согуш объектиси катары эмес, хан кызматында жүргөн кыргыздардын феодал-чиновниктеринин акимчилик кылуучу ордосу да болуп турган. Мындай курулуштардын айрымдары ханга милдеттүү түрдө кызмат кылбаган уруу башчыларынын өз ордосу катары да кызмат кылган. Феодалдар курган ордолор ошондой эле урук-уруу ак сөөктөрүнүн отурукташып жашоо турмуш-тиричилигинин алгачкы очоктору катары да роль ойногон.

Кандай болгон күндө да өзүнө таандык чеп-коргондун болушу аны курдурган адамдын кадыр-баркын бир топ жогорулаткан. Маселен, Талас өрөөнүндө кыргыз феодалы Нурак Ажибек уулунун өзү курдурган чеби болгон, ал ошол мезгилде ташкендик аким Азиз-парваначы тарабынан Талас кыргыздарына бий болуп шайланган. Ушул эле өрөөндө саяк уруусунун белгилүү башкаруучусу Садыр да өзүнө чеп-коргон салдырган.

Ысык-Көлдө кокондуктардын чептери көтөрүлүш чыгарган кыргыздар тарабынан талкаланган кийин (1843-ж) белгилүү манап Боронбай Жууку суусунун боюна Кызыл-Үңкүр деген жерге чеп-коргон салып, аны өзүнүн ордосуна айланткан. Боронбайга бул чеп-коргонду салууга бугу менен сарыбагыш урууларынын ортосундагы уруу аралык чыр-чатактын курчушу себеп болсо керек. Бул чеп-коргон Чыгыш Түркстандагы кербен жолдордун тоомунда тургандыктан, стратегиялык жактан маанилүү орунду ээлеген. Чепте ичинен жашырынып ок ата турган көзөнөктөрү, эгин, ар кандай оокат-мүлк сактоого ылайыкталган кең-кесири бөлмөлөрү болгон. Чепти 30 жигит кайтарган. Ушул эле мезгилде, Санташ ашуусуна сарыбагыш урууусунун чоң манабы Ормон да өзүнө чеп курдурган, чеп курулушунун көлөмү — чоңдугу жагынан ал бугунун манабы Боронбай менен атаандашкысы келсек керек. Бирок кыргыздардын курган чеби тийиштүү инженердик тажрыйбага таянбай, начар курулгандыктан, тез эле урап калган. 1856–1857-жылдары ушул аймак аркылуу өткөн П.П.Семенов-Тянь-Шанский, «Боронбайдын чеп-коргонунун чалдыбары гана калганын» белгилеген.

Кокон хандыгынын, Цин империясынын жана Россиянын өз ара күрөшүндө Кыргызстандын маанисине баа берип келип,

батыш сибирлик генерал-губернатор Г.Х.Гасфорт XIX кылымдын орто ченинде минтип жазган: «Жапан таш ордо ээлеп турган аймак өтө ыңгайлуу, алар жайгашып турган жердин табиятынын бекемдиги жана башка кыргыз (казак — В.П.) урууларына караганда анын күжүрмөн духу бул ордону ээлеп алуу маселесин үч державанын ар бири үчүн өтө маанилүү предметке айландырып отурат».

Кыргызстандын Кокон хандары тарабынан каратылышы Орто Азиядагы абалды байкаларлык даражада өзгөрткөн. Эгерде бийликке кумарланган урук-уруу тоболдорү баскынчылар менен кызматташып кетсе, кокондук бийликтер менен өзүлөрүнүн феодалдарынын кош эзүүсү карапайым калкты өтө начарлатып жиберген. Элдин эсинде бул мезгил ырайымсыз эзүүнүн жана зордукчулуктун, түнөргөн мыктаждыктын жана укуксуздуктун караңгы бир тилкеси катары сакталган. Бирок тарыхта Кокон эзүүсүнө каршы баатырдык күрөштөрдүн миңдеген мисалдарын сактаган тарыхый окуялар да бар. Бул кайраттуу жана эркиндикти сүйгөн көчмөн элдин чет жерлик баскынчылар менен эч качан элдешпестигинин далили болуп саналат.

§ 2. Кыргызстан Кокон хандыгынын эзүүсү астында

«Эгерде хандын зекет-пашасы өзүн көпүрөмүн десе анда ал көпүрөдөн өтпөгүн», — дешкен кыргыздар кокондук салык жыйноочулар тууралуу. К.Маркс «Чыгыштык эзүүнүн башкы милдети салыктарды сыгып алуу» деп туура белгилеген. Саякатчылардын бири ушул пикирди мындайча ырастап жазат: «Коханияда чиновниктердин колундагы бийликти кыянаттык менен пайдаланышы бардык чектен ашып кеткен. Эл баш көтөргүс, тил кайтаргыс болуп бүтүптүр. Хан өзү болсо тиран катары сурак жүргүзөт, анын бир эле айткан сөзү боюнча карапайым кишилерди мындай коёлу, эң жогорку төрөлөрдү да өлтүрүп салышат», деп жазат.

Кокон хандыгында малдан алынчу салык өтө оор болгон. Ал салык зекет деп аталып, малдын 1/40 бөлүгү өлчөмүндө жыйналган, бирок «ал салык өтө зордукчулук менен жыйналгандыктан кыргыздар жыл сайын короосундагы малы үчүн кырктын дээрлик 20 бөлүгүн салык катарында берип турса керек». Жер салыктары жана аскерде кызмат өтөө (тагыраак

айтканда, элдик көтүүнгө аскер алуу) хандык эзүүнүн оорчулугун ого бетер күчөткөн. Кокон бийликтери тоолук көчмөндөрдүн уруу тобөлдөрү менен ар кандай амалдар аркылуу өзүлөрүнүн мүдөөсүн жүзөгө ашырып турушкан. Коптөгөн кыргыз феодалдары хандан ар кандай чиндерди алышып, хан жүргүзгөн иштерде көрүнүктүү роль ойноо менен өз элинин мүдөөсүнө карабастан, оз кызыкчылыктарына жараша өзбек феодалдары менен биригип алака-катыш жүргүзүп турушкан.

Хандын зекетчилеринин талоончулугу эмгекчи элди жакырчылыкка алып келген, алардын ырайымсыздыгына жана зордукчулугуна чек болгон эмес. Кокондук жылнаамачы Абу Убайдулла зекетти жыйнагандан кийин Ташкен акими Ахмед мырза жиберген төрт кишн келип, «өз билгендерин жасашып, калктын мүлкүн зордук менен тартып алып жаткандыгына» күбө болгон. Ушундай окуяны оз көзү менен көргөндөрдүн дагы бири зекетти төлөөгө мүмкүнчүлүгү жок жарды көчмөндөрдөн салык жыйноочулар кулдукка сатыш үчүн алардын балдарын тартып алып жатканын жазган.

Хандар менен бектер салык жыйноонун көлөмүн жана салык жыйналчу мезгилди да өз билгениндей чектей беришкен, ал эми алардын зекетчилери (же серкерлери) «өлсө, тирилсе да талап кылынган сумманы жыйнап жеткирүүгө милдеттүү болушкан». Кокон хандыгында салыктар эмнелерге гана салынган эмес, б.а. салыкты суу үчүн да, туз үчүн да, токойду пайдаланганы, ар кандай коко-тикенек жыйнаганы үчүн да, базарда соода-сатык жүргүзгөнү үчүн, той-топурлар откөргөндүгү үчүн, өлүктү көмгөндүгү үчүн да, кыскасы «Салыкты эмнеден алууга мүмкүн болсо, ошонун баарынан жыйнай беришкен», — деп жазат Ферганага 100 жыл мурда келип кеткен А.Миддендорф. — Салык камыш, чырпык, тикенек жыйнап алганга да салынган. Анан акырында келип, эмгекчи эл өзү курган каналдардын суусун пайдаланганы үчүн дагы салык чектелген».

Ал тургай жаңы салыктарды «ойлоп чыгаруучулар» да болгон. Кокон хандыгынын тарыхын жакшы билген В.Наливкин өткөн кылымда мындай маалыматты жазып калтырган. Кудаяр хандын тушунда Иса-Олуя деген бир митаам чыккан, ал ханга жаңы салыктардын тизмесин түзүп бергендиги үчүн, карапайым катчыдан тез эле жогорку даражалуу төрөлөрдүн деңгээлине көтөрүлгөн. Орус чыгыш таануучусу А.Л.Кун Кокондогу салык системасы менен иш жүзүндө да, документ жүзүндө абдан жакшы тааныш болуп, кадимки Радищевдин айткан сөзүн бир аз өзгөртүү менен мындай деген экен: «Дем алуу укугу

үчүн эч нерсе төлөбөгөндөн бир гана аба калды окшойт». Салыктын өзү канчалык оор болгон сыяктуу эле аны жыйноо да ошондой эле ырайымсыздык менен жүргүзүлгөн. Салыктар толук түрдө белгилүү бир откупщикке берилген, мындай болгондо салык эң аз болгондо үчтүн бирине чейин жогорулап кеткен, же салыкты жыйноо милдети кыргыз феодал башкаруучуларына — манаптарга милдеттендирилген.

Кыргыз феодалдарынын пайдасы үчүн салык жыйноо жана башка милдеттүүлүктөр эң ар түрдүү формада жүзөгө ашырылып турган. Архивдик даректер менен этнографтардын талаа материалдарында салыктын жана милдеттүүлүктүн төмөндөгүдөй түрлөрү аталат: союш, чыгым, салык, журтчулук жана башкалар. Булардын бардыгы жайытты, мал айдоочу жолдорду же малды убактылуу пайдаланууга берүү иштери менен байланыштырылган. Көп учурда мындай салыктар «ыктыярдуулук» формасында болуп, феодалдарга курмандык чалуу түрүндө болгон. Мына ушулардын бардыгы «нарк» деп аталган экономикалык эмес мажбурлоо институтунун ордуна колдонулган адат укуктарын чагылдырган.

XIX кылымдын 50-жылдарынын аягында Кыргызстанда болгон орус саякатчысынын бири ушуга байланыштуу муну белгилеген: «Дегинкисин манаптар ыктыярдуу берилген зекеттерди алышат да, кылмыш кылган күнөөрлөргө айып салышат. Мына ушул сыяктуу кыянатчылык иш кылган үчүн кандай жана канчалык айып салынары тууралуу сөз кылуунун зарылчылыгы да жок. Мансапчыл бийге же манапка өзү каалаган ишин аткаруу үчүн кеңири жол ачылган».

Бул маалыматты берген саякатчынын замандашы — Батыш Сибирь округундагы аскер командачысы, «манаптар менен калктын ортосунда карама-каршылык жана пикир келишпестик дайыма өкүм сүрүп турат» деп корутунду чыгарган. Ал эми феодалдар өзүлөрү болсо хандын атайын «актоо» грамоталарын алып, салыктардан бүт бойдон куткарылган, же «дефтер-и тархани» деп аталган өзгөчө тизмеге киргизилген. Алайлык феодал Алымбек датканын медрессеси менен вакуфтук жерлери да салык төлөөдөн толук куткарылган. Алымбек датка өзү өлгөндөн кийин бул «жеңилдик» анын мураскорлоруна да өткөн. Зекеттен ошондой эле таластык феодалдар Байзак датка менен Сарымсак датка да бошотулган.

Кыргыз элинин оор абалы уруулар ортосундагы касташуудан улам да байкарлык даражада томондоп кеткен. Бул жылдардагы кандуу кагылыштар тууралуу көп сандаган жазма

даректер бар. П.П.Семенов Теңир-Тоону кыдырган экспедициясынан кайтып келатып, «өлүк талаасын» — сарыбагыштар менен бугунун кыдык менен желден уруктарынын ортосунда болгон кандуу кармаштын изин көргөн. Кыдыктардын текеберлүү, аксым уруу башчысы, жылкыдан эле үч миң баш менчиги бар Самсалы бий, бугунун чоң манабы Боронбай менен чатакташа кетип, Ысык-Көлдүн түштүк чыгышын көздөй көчкөн. Бугулар менен согуш абалында турган сарыбагыштар мына ушул кырдаалды пайдаланып, айылдарга эки тарабынан (бир тарабынан Үмөтаалы, экинчи тарабынан Төрөгелди) аңдоосуздан кол салган. Бугулуктар колдорунан келишинче кайраттуулук менен коргонушкан, бирок күч тең болбогондуктан сарыбагыштар алардын мизин кайтарып, өзүлөрүн Нарындын башын көздөй кубалап, үйүр-үйүр жылкысын, короо-короо коюн айдап кетишкен.

«Ошондо күн кечтен калган эле, — деп жазат П.П.Семенов, — биз өзүбүзгө тааныш белди ашып, анын этеги менен «өлүк талаасына» чыкканда, малдын тоңуп калган өлүгү жайнап жаткан экен, алардын арасында кишинин өлүктөрү да бар. Бул талаа мага Сан-Бернарддагы «өлүккана» калтырган таасирден дагы күчтүү болду. Мына ошондо гана улуу акын Пушкиндин ушул сыяктуу талаага кайрылган томондогүдөй поэтикалык сөздөрүн эстедим: «О талаа, талаа, сенин бетиңе жансыз сөөктөрдү кимдер чачып кетти экен?» Кыдыктардын бул кандуу кагылышта 600 адамы өлүп, 1200 адамы тутқунга түшкөн. Ушул салгылашта Самсалы да өз байлыгынан жана үй-бүлөсүнүн жарымынан айрылган.

Бул жерде баса белгилеп кетчү жагдай: сөз болуп жаткан кан төгүлүштөрго оттуу жайыттардан салык жыйноо укугу, уруу ортосундагы үстөмдүк үчүн өз ара күрөшкөн кыргыздын чоң манаптары башкы күнөкөр болушкан. Бул мезгилде «барымта» деп аталган коңшу айылдардан мал айдай качып кетүү кеңири жайылган. Мына ушундай барымта учурунда олжолуу кайткан уруу башчылары, манаптары баатыр деп аталып, бүткүл Кыргызстанга атагы жайылып турган. Уруулар ортосундагы кагылышта өч алгандардын аркасынан кайра өч алуу токтолбой улана берген. Ырас, кээде байлар мындай өч алуудан «кун» төлөп берип, өлтүрүлгөн кишинин ордуна акча, товар же мал берип кутулуп турушкан. Мындай кезеңдерде манаптар аман калышып, алардын азабын көбүнчө карапайым букара тарткан.

Кыргыздар бул мезгилде уруулук белгилерине, кээде гана нагыз туугандык байланыштарына карата бириккен оз алдынча

эл катары жашап турган. Бирок кыргыздардын бул абалы байыркыдай патриархалдык бирикме эмес эле. Анткени уруу-уруктар бир жагынан, эксплуататорлор менен эксплуатациялануучуларга, манаптар менен байларга, экинчи жагынан, катардагы дыйкандарга бөлүнгөн. «Үй» кулчулугу, патриархалдык формадагы кулчулук сакталып калган, кулдун ээси илгерки замандагыдай эле аны сатып жиберүүгө же өлтүрүп салууга укуктуу болгон.

Ф.Гельвальд бул тууралуу мындайча жазат: «Кара-кыргыздардын ортосунда эч кандай оз ара байланыштар жана эч кандай мамлекеттик мекеме жок. Алардын коп сандаган уруулары бири-бирине караманча бөлүнүп калган, ошондуктан алар өз ара касташып, ал тургай ар бир уруу өз ичинен дагы оз-өзүнчө тайпаларга, ал тайпалар дагы майда уруктарга бөлүнүп, бири-бири менен касташып турат. Алардын жоокерлеринин бардыгы бүтпөгөн ички күрөш-таймаштарга белчесинен малынып калган».

Кокон хандыгынын жана өз феодалдарынын эзүүсү, эркиндикти сүйгөн көчмөндөрдү катуу кыжырданткан. Кыргыздар хандыктагы «тынчы жок элемент катары эсептелген». П.Ф.Резник, асыресе, алар «ханга анча баш ийген эмес, кыргыздардын бардык уруулары хан бийлигине каршы чыгууга бириккенде, алардын арасында дайыма толкундоо болуп турган».

Хан бийлигине каршы эң жөнөкөй жана кеңири жайылган каршылык көрсөтүүнүн бир түрү тоону көздөй улам тереңдеп көчүп кетүү болгон, албетте, мындай учурларда зордукчулукка каршы стихиялуу түрдөгү козголоңдор да чыгып турган. Маселен, кокондук тарыхчы Абу Убайдулла хандын салык жыйноочулары экинчи жолу келгенде 200 атчан кыргыз топтолуп, бул чакырылбаган меймандарга кол салганын жазат. Кокондук дагы бир тарыхчы Абди Саттархан казий ошол эле Убайдулланын жазганын ырастап: «кыргыздар зекет берүүгө макул болушпай, ар кайсы жерлерде зекетчилерди өлтүрүп салышкан» деп белгилейт.

Кыргыз урууларынын стихиялуу түрдө чыккан козголоңдорун хан бийликтери ырайымсыз түрдө басып турган. Кокон чептеринде зындандар курулган, ошол зындандарга баш ийбеген, көптөгөн көчмөндөр салынып, дембе-дем жана ырайымсыз киши өлтүрмөйлөр (казыкка отургузуу, башын алуу, дарга асуу), күнөкөрлөрдү мыкаачылык менен кыйноо күч алган. Муну хан бийликтери элди коркутуу амалы катары пайдаланышкан. Бирок мындай мыкаачы жазалар калк арасында кайра өч алуу маанайын күчөткөн.

Кыргыз элинин кокондуктарга каршы кеңири аймакты камтыган күрөшү Кокондун акыркы ханы Кудаярдын тушунда күч алган. Миң династиясынын бул өкүлү азиялык деспоттордун ичинен алдына жан салбаган сарандыгы жана мыкаачылыгы менен оркоюп бөлүнүп турган. Кудаяр хандын тушунда ансыз да оор болуп турган салык эзүүсү көп эселенип күч алган.

§ 3. Кыргыздардын Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшү

Кыргыз элинин хан тираниясына каршы күрөшү Кокон мамлекетин жердеген бүткүл элдердин ханга, феодалдарга каршы күрөшүнөн обочолонуп турган эмес. Кыргыздардын Кокон деспотизмине каршы күрөшү казактардын, тажиктердин, өзбектердин эмгекчилери — көчмөн элдин да, отурукташкан элдин да ичиндеги табигый түрдөгү союздаштары менен эриш-аркак жүргүзүлгөн.

1845-жылы алайлык кыргыздардын көтөрүлүшү тутанган, бул көтөрүлүш бат эле Ош чөлкөмүнө чейин жайылган. Көтөрүлүшчүлөрдү эмгекчи өзбек калкы колдоого алган. Даректерде бул көтөрүлүштүн конкреттүү себептери жөнүндө маалымат жок, бирок анын негизги соккусу Шераалы хандын салык саясатына каршы багытталган болучу. Көтөрүлүш башталганда эле ыкчам өөрчүп кеткен, анткени кыпчак төболдорунун жол башчысы Мусулманкул башында турган хандыктын негизги аскер күчтөрү бул кезде ханга каршы кезектеги көтөрүлүштү басуу менен алектенип, Ташкенде эле, Ошондуктан көтөрүлүп чыккан кыргыздар менен өзбектерге каршы күрөштү Кокондо калган аскерлерди шашылыш түрдө жыйноо менен Шахрихан вилайетинин акими кыпчак Мухаммед-Азар Кор-Оглы баштаган. Кыргыздар шахрихандык акимдин отряддарына катуу каршылык көрсөткөн. Бирок Мусулманкулдун Ташкенден аскерлери менен кирип келишинин натыйжасында көтөрүлүшчүлөр талкаланат да, кокондуктар эч кыйынчылыксыз эле Ошту басып алып, ал жерде катуу кыргын салат.

Кокондук автор Мулла Нияз Мухаммед өзүнүн Кокон хандыгынын тарыхы боюнча толук жазма дарек катары саналган «Тарих-и Шахрухи» деген китебинде кыргыздардын 1845-жылдагы Ош көтөрүлүшүн мындайча сыпаттан жазат: «Кыпчактардын көңүлүндөгү уйгу-туйгу (Ташкендеги көтөрүлүш тууралуу кабарга байланыштуу. — В.П.) мындан улам келип чыкты: Ош

чөлкөмүндөгү кыргыздардын көтөрүлүшү Үч-Коргонго, Алайдын чек араларына чейин жеткен, Оштун курчоого алынганы Шахрихандын кыпчактарына чейин жетип, алар Мусулманкулга кабар беришет.

Бул коркунучтуу кабарды алгандан кийин кыпчактар Ташкендеги ишин таштап, кыргыздардын чабуулунун мизин кайтарууга киришишти. Башка каражатты таппай, зарылчылыкка кошуун жыйнашып, кыргыздарга чабуул коюшат. Шахрихандын башчысы Көр-Оглы аттуу кыпчак бул вилайеттин кошууну менен борбордун аскеринен эки күн мурда келип жетип, кыргыздар менен беттешип, аларды качууга аргасыз кылат».

Ош көтөрүлүшү басылгандан кийин кыргыздардын көбү туткунга алынат, мындан да көбү хандын жазалоочулары менен болгон теңдешсиз күрөштө курман болот. Туткундарды Коконго айдап барышып, ал жерде аларды ырайымсыздык менен жазалашты, — деп жазат В.Наливкин. Мусулманкул өзү болсо «бул жерде тартипти биротоло орнотуп, бийликтерге баш ийдириш үчүн» бир аз убакытка Ошто калды. Бирок Шераалы хандын сарайында басымдуулук кылган кыпчак төболдорүнө мамлекет ичинде абалды толук калыбына келтирүүгө мүмкүн болбоду. Мусулманкул көтөрүлүшчүлөрдү басканча, ири феодалдар — Рахматулла датка жана исфагандык аким Сатыбалды датка Шераалы ханды тактан түшүрүү тууралуу Алай кыргыздарынын башчылары менен кутум түзүштү. Бул кутум оңунан чыкты. Шераалы ханды уу ичүүгө аргасыз кылышты, б.а. олтүрүп салышты да, мурдагы Кокондун башкаруучусу Алим хандын уулдарынын бири — Муратты хандыкка көтөрүштү. Мында кутумчулар элдик көтөрүлүштү өз максаты үчүн айлакерлик менен пайдалангандыгына эч күнөм саноого болбойт. Мунсуз кутум ишке ашышы мүмкүн эмес эле. Ошентип, көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчү кыргыздар менен өзбектердин эмгекчи калкы болгонуна карабастан, анын үзүрүн Шераалы хандын саясатына көңүлү толбогон кыргыз менен өзбек феодалдарынын тобу көрүштү.

Мындан көп өтпөй эле Кыргызстандын түштүгүндө хандын эзүүсүнө каршы кыргыздардын дагы бир көтөрүлүшүнүн оту тутанат. Бул жолу 1847–1848-жж. Наманган округунун көчмөндөрү көтөрүлөт. Кыргыздар тоодон түшүп келип, Балыкчы деген жерде кыпчактар менен беттешип, бирок жеңилип калат, деп жазат Мулла Нияз Мухаммед бул тууралуу.

XIX кылымдын 50–60-жылдары кыргыздар менен казактардын Ташкенди башкарган Мырза Ахмеддин зордукчул иш-

аракеттерине каршы нааразылыгы күчөп, ал бат эле көтөрүлүшкө айланып кетет. А дегенде көтөрүлүшчүлөр ташкендик акимди бийликтен кулатып, аны жазалоону талап кылышат, бирок көп отпөй эле бул көтөрүлүш бүт бойдон хандын бийлигине каршы багыт алат. Бул окуяга орус саякатчысы Н.А.Северцев көкусунан күбө болуп калган. 1858-жылдын апрелинде ал туткунга түшүрүлүп, Түркстан шаарына алынып келинген. Бул жерден ал хан гарнизону менен бирдикте шаар ичинде көтөрүлгөн кыргыздар менен казактардын курчоосунда калган.

Ханга каршы көтөрүлүш Кокон хандыгынын бардык аймактарын кучагына алып, ал түштүк тараптa эң кеңири кулач жайган. Бул жерде көтөрүлүшкө Алай кыргыздарынын адигине уруусу демилгечи катары чыккан. Алар 40 миң кишиден турган кол курашкан, бирок алардын кээ биринде гана ок атма куралдар болгон, көпчүлүгү кылыч, балта, жөн эле союл менен да куралданышкан. Бирок буга карабастан, алар Маргаландан алыс эмес жерде (Самгар деген жерде) кокондуктардын жазалоочу колун кыйратышкан.

Көтөрүлүшчүлөрдө бирдиктүү жетекчилик жок болгон. Элдик кошуундун отряддары уруулук принцип боюнча түзүлүп, ар кими өз алдынча аракет кылган. Бирок, баарынын ой-тилеги бир болуп Кокон ханы Кудаярдын жек көрүмчү бийлигинен кутулууга умтулушкан. Ага өзбектердин, кыпчактардын жана тажиктердин эмгекчи эли активдүү катышкандыктан көтөрүлүш кеңири кулач жайган. Ошентип, көтөрүлүп чыккандардын күчү осө берген, улуттук жана социалдык эзүүгө каршы адилеттүү күрөшүндө алардын жеңип чыгууга реалдуу мүмкүнчүлүктөрү бар эле.

Бирок, бул сапар да хандыктын феодал төбөлдөрү элдик кыймылды өзүлөрүнүн саясий максаты үчүн пайдаланган. Төбөлдөр Кокон ханы Кудаярды тактан түшүрүп, анын ордуна агасы Малла бекти көтөрүүнү чечишет. Маселе алар ойлогондой чечилген. Малла бек Кокондун кезектеги ханы болуп, ал эми кыргыздын уруу төбөлдөрү болсо хандыкта өзүлөрүнүн таасирин дагы бекемдоого жетишкен. Ал эми карапайым эл болсо бул көтөрүлүштөн эч кандай жеңилдик алган жок, феодалдык эзүү солгундамак тургай, кайра күчөп, хандардын салык саясаты мурдагыдан да ырайымсыз боло баштаган.

1862-жылы жазында Кокондо кайрадан элдик толкундун оту тутанды. Бул толкундоого бир топ жагынан кыргыздын уруу-феодалдык төбөлдөрүнүн өкүлдөрү түртүү беришти. Анткени бул толкундоонун башында Алай кыргыздарынын акими

Алымбек датка турган. Көтөрүлүштүн чыгышына «белгисиз» кутумчулар тарабынан Малла хандын өлтүрүлүшү «себеп» болгон. Сарыбагыш манабы Үмөтаалы «ханды сарай кызматчыларынын бири, адигине уруусунан чыккан Алымбек өлтүрдү» деп айткан экен. XIX кылымдын 70-жылдарынын башы ченде хандыкта болуп кеткен белгилүү орус саякатчысы А.П.Федченко мындай деп жазат: хандын тегерегиндеги кыргыздар Малла хандын көңүлү кокондук отурукташкан төбөлдөргө ооп баштаганын байкаары менен эле, Малла ханды алып таштап, Сарымсактын (Шераалы-хандын улуу уулу) уулу Шах Муратты хан көтөрүп жиберишкен. Кыргыздын уруулук-феодалдык төбөлдөрү өз максатына жеткенине карабастан, элдин кыжырдануусу көпкө чейин токтолгон эмес. Кыргыз эмгекчилери бардык жерлерде хандын акимдерин куун, Кокондун чептерин талкалап, салык төлөөдөн баш тарта башташкан.

Бул айтылгандар кыргыздардын Кокондун эзүүсүнө каршы элдик-боштондук күрөшүн өз ара атаандашып турган уруу төбөлдөрү көп жолу өз мүдөөлөрү үчүн пайдаланганын дагы бир жолу кабарлайт. Анын үстүнө ошол уруу төбөлдөрү өзүлөрү өз уруулаштарынын арасындагы толкундоонун отун жасалма түрдө тутантып турушкан. Бардык учурда тигил же бул элдик кыймылдардын натыйжасынын ийгилигин феодалдар көрүшкөн. Эмгекчи эл болсо көпчүлүк учурда кур алакан калышкан. Бирок, кыргыздардын Кокон бийлигине каршы көтөрүлүшү улуттук-боштондук мүнөздө гана эмес, социалдык күрөштүн да — эксплуатация менен эзүүнүн бардык түрлөрүнө каршы күрөштүн маанилүү элементтерин да камтыган.

Тилекке каршы, кыргыз эмгекчилеринин таптык күрөшү ал кезде жалпы алганда саясий жактан тийиштүү деңгээлге көтөрүлө алган эмес. Муну өндүргүч күчтөрдүн начар өнүгүшү, уруулардын өз ара касташып турушу, калк арасында караңгылыктын, кереметтерге ишенүүнүн күчтүүлүгү, эмгекчи элдин момундугу жана түркөйлүгү менен түшүндүрсө болот. Кыргыздардын уруу-феодалдык төбөлдөрү эмгекчи элдин таптык аңсезимин мокотууга аракет кылган. Мында алар карапайым калкты социалдык жана материалдык абалына карабастан, мен кыргызмын дегендин баарынын уруулук кызыкчылыктарынын түбү бир экендиги тууралуу ойго жасалма түрдө ишендирүүгө умтулушкан. Уруу-феодал төбөлдөрү кыргыз эмгекчилеринин нааразычылыгын бардык жагынан ханды бийлигин күнөөлөө менен Коконго каршы күрөшкө бурууга аракет кылышкан. Алардын бул аракети оңунан чыгып калган учурларда элдик

күрөштүн ийгилигинен пайдаланып, кокондук хандардын сарайында озүлөрүнүн саясий таасирин күчөтүшүп, байлык-мартабасын арттырышкан.

Мына ушул мезгилде, айрыкча орус аскерлери Ташкенди алгандан кийин Кокон хандыгынын өзү Россияга вассалдык көз карандылыкка кабылат. Хан территориялык жактан кыскарган мамлекет тагында отурган бойдон калат, бирок анын тышкы саясий жана дипломатиялык иштери орус бийликтеринин, асыресе ошондон көп өтпөй бул аймакка дайындалып, эбегейсиз административдик укук берилген Түркстан генерал-губернаторунун колуна өтөт. Эгерде бута чейин орус бийликтеринин көңүлү көтөрүлүшчүлөр тарабында болсо, эмки жаңы саясий кырдаалда Түркстан генерал-губернатору Россия империясынын вассалы — Кокон хандыгын активдүү түрдө колдой баштайт.

1867-жылы Алай кыргыздары кайрадан көтөрүлөт. Алар Кызыл-Коргондогу хандын акими Кул датканын зомбулугуна катуу кыжырданышкан эле. Садык Саркар деген башында турган көтөрүлүшчүлөр Кызыл-Коргон чебин ээлеп алышат. Жек көрүмчү аким өлтүрүлөт. Кокон ханы көтөрүлүштү басуу үчүн жазалоочу отряд жиберет, ал отряд элдик көтөрүлүштүн алоолонгон отун көп кыйынчылыктар менен арак очүрөт. Бирок, үч жылдан кийин, 1870-жылы Алайда көтөрүлүштүн андан да күчтүү оту тутанат. Кудаяр хан Бухаранын эмирине кайрылууга аргасыз болот. Эки деспот бүткүл күчүн бириктирип, Алай кыргыздарынын толкундоосунун отун убактылуу өчүрүүгө гана арак жетишет.

Мындан көп өтпөй Кыргызстандын түштүк райондору тынымсыз көтөрүлүштөрдүн очогуна айланып, ал хан деспотизми менен эзүүсүнө каршы кыргыздардын ачык элдик согушуна өсүп чыгат.

1871-жылы жазында Ферганадагы Сох кыргыздары көтөрүлөт. Кудаяр хан буларга каршы жаңы «согуш министри» Наиб Атабек башында турган 2 миң сарбазды жиберет. Сарбаздар ачык айкашта кыргыздарды тоону көздой сүрүп таштоого арак жетишет, бирок алардын катуу каршылыгына туш болушат. Ошондо Атабек биринчи жолуккан 12 кыргызды колго түшүрүп, хандын тартибине көнбөгөндөрдүн үрөйүн учуруш үчүн көпчүлүктүн көзүнчө дарга асышкан.

Көтөрүлгөн кыргыздар хандын жазалоосунан качып, жолу татаал тоолуу райондорго жашынаарын билген Кудаяр хан тоо арасында салынган чептердин гарнизондорун чыңдоого жана ошол аймактарга аскердик жаңы чеп-коргондорду салдырууга

көп көңүл бөлгөн. Ошол кезде Дароот-Коргон оңдолуп, гарнизону дагы толукталган.

Кудаяр хан сурак жүргүзүп турган жылдар (1844–1855; 1865–1875) кыргыз эли ырайымсыз эзүүгө туш болгон мезгил катары тарыхка кирди. «Кокон хандыгындагы толкундоолор тууралуу» деген расмий катында Кашкардагы орус консулу Н.Петровский муну баса белгилейт.

Кыргыздардын көтөрүлүшү көбүнчө «хандыктын... жана анын ханы Кудаярдын ырайымсыз, ашынган деспоттук башкаруусунан улам чыккан. Кудаяр ханда ырайымсыздык кылууга патологиялык кумар оорусу да бар болсо керек. «Жакын тууган-дарынын бүтүндөй бир династиялык тукумун жок кылуу, уулан-дыруу, зордук менен басып алуу, бири бирине тукуруу, түн ичинде кол салмай, мурдагы башкаруучуларды тирүүлөй казыкка отургузуу, көтөрүлүшкө, атаандашууга, регенттиликке жана башкаларга мыйзамдуу түр бериш үчүн оспүрүм ханзаадаларды уурдап алмай өнөкөтү тыйылбай, биринин аркасынан бири кайталана берген», — деп белгилейт академик А.Ф.Миддендорф. Ошол кезде Коконго келип кеткен Е.Скайлер деген бир америкалык адам көтөрүлүштөн кийин ага катышкан беш жүз туткунду базарда калың элдин көзүнчө мыкаачылык менен өлтүрүлгөнүн жазып калтырган. Өткөн кылымдын аягында Түркстанда болгон Е.Росс жана Ф.Скрайн деген изилдөөчүлөр Кудаяр ханды бүткүл эл жек көргөн, «козголоңдун кайра-кайра чыгышына» күнөөлүү жексур катары мүнөздөйт.

1873-жылдан тартып кыргыз элинин Кудаяр хандын зулумдугуна каршы күрөшү кадимки эле согушка айланып кетип, Кокондун бул башкаруучусу тактыны таштап, падыша бийликтеринин колтугуна кире качканга чейин токтолгон эмес. 1873-жылкы көтөрүлүштүн чыгышына Фергана өрөөнүнүн түштүк райондорун жердеген кыргыздарга кошумча салыктын киргизилиши себеп болгон. Ошол кездеги орустун саясий серепчиси (обозревателя) Ю.Россель ушул кырдаал тууралуу мындайча жазган: «Хандын офицерлери ар бир үйгө — үч койдон салык жана тоо арасындагы иштетилген жерлер үчүн жаңы жер салыгын салууга келишти». Кыргыздар а дегенде мындай мыйзамсыз жана өтө оор салыкты төлөөдөн баш тартаарын жайынча түшүндүрүшүп, нааразылык билдиришти. Ошондо хандын жиберген кишилери мындайда колдонула жүргөн каражаттар менен кыргыздарды «эсине келтире» башташты. Эч күнөөсүз кишилерди уруп-сабап, кыйнап киргенге кыжырданган кыргыздар колдоруна курал алып, хандын отряддарына

каршы көтөрүлүп чыгышты. Кийин кыргыздар жазалоочулардын келишинен чочулашып, оз жеринен алыскы тоо капчыгайларын коздой көчүштү. Миңдеген башка көчмөн чарбалар да булардын жолуна түшүштү. Даректердеги маалыматка караганда, 1873-ж. тоолуу жерлерге жалпысынан 20 миң кыргыз, 10 миң кыпчак үй-бүлөсү, б.а. болжол менен 150 миң адам көчкөн. Булардын баары тең активдүү көтөрүлүшчүлөрдүн катарына өткөн. Ошентип, хандын зулумдугуна каршы эзилгендердин мурда болуп көрбогондой жалпы элдик кыймылы башталган.

Бу санар көтөрүлүшчүлөргө бостон уруусунан чыккан Ыскак Хасан уулу башкы жол башчы болгон. Бул кишинин өмүр таржымалы абдан кызык, замандаштары аны «кыргыз Пугачеву» деп атаптыр».

Ыскак болжол менен 1844-жылы маргалаңдык мударистин үй-бүлөсүндө туулган. Айыл мектебин бүтүп, ал Кокон, анан Маргалаң медресесинде окуган. Атасынын созүн укпай 1867-ж. окууну таштап, озүнүн бостон уруусунун арасынан барып орун-очок алган. Ыскак кыргыздар менен бирге көчүп-конуп, алардын кыйын, азаптуу турмушун жакшы билген. Көтөрүлүш башталардан бир аз мурун Алымкулдун эски кызматташы — майда соодагер Абды Момунга жалданып иштеген.

Көтөрүлүштүн башталышында кыргыздардын атайын өкүлдөрүнүн тобу Самаркандагы көтөрүлүшкө чыккандарга башчылык кылып берсе деген сунуш менен Алим хандын небереси Пулатка барышкан. Пулат болсо элге көшулуудан баш тарткан. Андай болсо, Алим хандын небереси мына менмин деп, ошондон көп өтпөй 200 кишиден турган кол менен Ыскак Чаткалга келген. Өзүн Пулат ханмын деп жарыялаган Ыскак Коконго каршы элдик кыймылды жетектейт. Мында белгилей кетчү жагдай, Ыскак көтөрүлүшкө жеке башчылык кылган эмес, бийликти көтөрүлүшчүлөрдүн айрым отряддарынын башчылары менен бирге жүргүзгөн. Булардын ичинде эң белгилүүлөрү анжияндык кыргыз Мамыр Мерген уулу менен чаткалдык кыргыз Момун Шамурзак уулу болгон.

Кудаяр ханга ыраазы эмес феодалдар мында да көтөрүлүштү өзүлөрүнүн жеке саясий максаттарына баш ийдирип үчүн элдик кыймылга кошулуп кетүүгө аракет кылышкан. Алар такка өз кишисин коюп, ошол аркылуу өз кызыкчылыгын жүзөго ашырууну каалашкан. Татаал саясий кырдаалда уруу-феодал тоболдоруу тактыны ээлөөгө талапкер болгондордун ар кайсынысын, бирде хандын уулу Насреддинди, бирде Пулат ханды

(Ысякты) колдошуп, карама-каршы иш-аракеттерди жүргүзүшкөн. Көтөрүлүшчүлөр Түркстан бийликтерине да жардам суран бир нече ирет кайрылышкан. Бирок түркстандык бийлик хандыктан репрессияга учураган качкындарды кайтарып берүү менен, өз вассалы болгон Кокон ханын колдогон.

Бул саясат Россияга жакындайын деп тургандардын демин суутуп, көтөрүлүшчүлөр Россия хандын бийлигин колдойт, аны менен союздаш деп түшүнүшкөн (бул чынында да негизсиз эмес эле). Мына ушундан пайдаланып, көтөрүлүп чыккандарга кошулган дин ишмерлери баарынан мурда элди газаватка — «кайрыдиндерге» — орустарга каршы ыйык согушка үндошкон, буга көтөрүлүшчүлөр кулак какпай коё алган эмес. Бул жагдай элдик кыймылга татаал, карама-каршылыктуу мазмун берип турган. Көтөрүлүп чыккандарды өзүлөрүнүн тике душмандарына — эксплуататорлорго — феодалдарга каршы күрөштөн алаксытууга аракет кылышкан, аларга реакциячыл саясий ураандарды таңуулашкан. Бул көтөрүлүшкө башчылык кылган көп жетекчилердин ырааттуу иш кылбаганынан, кээде алардын өз табынын кызыкчылыгын унутуп койгонунан келип чыккан.

Асыресе, Пулат хан да өзүн ырааттсыз алып жүргөн. Кудаяр хан куулуп, Кокондун тагын ээлегенден кийин Пулат хан өзү Кудаяр хандын ыкмалары менен иштей баштаган. Эмгекчил элди талан-тоноп, баш ийбегендердин сары изине чоп салып, ырайымсыз жазалап, карапайым элдин көңүлүнө туура келбеген «казатка» деген ураандарды колдоп кирген. Бул элдин жардамы менен бийликти алып, өз тагдырын Россия менен бириктирүүнү каалаган элдин эркине каршы болуу деген кеп эле. Көтөрүлүп чыккан кыргыздар чынында эле ушуга умтулганын ырастаган көптөгөн фактылар бар. Маселен, бул мезгилде Россиянын букаралыгына өтүп, башкаларды өзүлөрүнүн аркасынан үндогон чүйлүк, таластык, борбордук тяншандык кыргыздардан алайлык, ферганалык кыргыздар көтөрүлүш учурунда жардам алып турган. Көтөрүлүп чыккан коженттик кыргыздардын өзүлөрүнүн токмоктук уруулаштары менен туруктуу байланышы болгон, ошон үчүн алардан жардам алып, көтөрүлүштүн маселелери боюнча Шабдан Жантай уулу менен кат жазышып турган.

Кокондун көтөрүлүп чыккан кыргыздары орус букаралыгына алгыла деп, бир нече жолу кайрылганы белгилүү. Маселен, көтөрүлүштүн башында эле, 1873-жылдын ноябрында кыргыздардан шайланган атайын окулдөрдүн тобу Түркстан крайынын орус администрациясына Россия букаралыгына өтүүнү

каалаган кыргыздардын 42 уруусунун тизмесин берген. Кээ бир адистердин маалыматы боюнча алардын саны жарым миллионго чейин жеткен (биздин көз караш боюнча бул бир топ ашыра берилген — В.П.). Кыргыздардын атайын өкүлдөрүнүн тобу орус бийликтерине берилген катта мына бул маалымат көрсөтүлгөн.

«Хан шариятка (б.а. мыйзамга каршы. — В.П.) каршы чыга баштады, ошон үчүн биз адилетсиздикке чыдай албай, анын зекетчилерин тоноп алдык. Кудаяр бизге өз аскерин жиберди, биз андан чочулап, журтубузду таштап, тоого качып кеттик. Бирок хандын аскер башы бизден 270 кишини туткунга түшүрүүгө үлгүрдү да, аларды Асаке шаарына алып келип, баарын хандын буйругу боюнча казыкка отургузмак болду. Ошондо биз бардыгыбыз чогулуп, өзүбүздү ханга душманбыз деп жарыяладык». Каттын аягында көтөрүлүшчүлөр орус бийликтеринен ханга каршы күрөшкө жардам сурап, бардык көтөрүлүшчү кыргыздарды Россиянын букаралыгына алуу масселесин чечүүнү өтүнгөн.

Кыргыздардын хандыкка каршы кыймылы улут аралык таймашка отуп кеткен эмес. Бул кыймыл өзбектердин, тажиктердин отурукташкан эмгекчи калкы тарабынан колдоого алынган. Түркстан администрациясы тарабынан Коконго жиберилген коллеж кеңешчиси Вайнберг генерал-губернатордун кеңсесине мындай кабарды жиберген:

«Хандыктагы иштин азыркы абалына байланыштуу отурукташкан калк көчмөндөргө жан тартып турат, эгерде бул элементтердин ортосунда тилектештик жок болсо, аларды бири бирине кас мамиледе деп айтууга болбойт, кас мамиле бул элдердин башкы өкүлдөрүнүн ортосунда гана бар, дыйканчылык кылган карапайым калк же кызматчы өз малы менен тиричилик кылган көчмөндөргө толук жан тартат». Ханга каршы кыймылда көчмөндөр менен отурукташкан калк тилектеш экени жонүндө 1874-жылы Түркстан генерал-губернатору согуш министрине өзү да жазган.

Мындай тилектештикте көтөрүлүшчүлөрдүн кайрат-күчүнүн деми сезилип, ал хан бийлигинин толук кыйрашына коркунуч туудуруп турган. Орус администрациясы муну жакшы түшүнгөн. Бирок, орус администрациясы менен Кудаярдын ортосунда түзүлгөн келишим болгон, бул келишимге ылайык Кудаяр Россия падышачылыгынын вассалы катары кыйын кезеңде сюзеренден колдоо ала алмак. Ошондуктан Түркстан бийликтери кыргыздардын абалынын татаалдыгын түшүнүп турса да,

Россиянын букаралыгына кабыл алгыла деген өтүнүчүн канаат-тандыра алган эмес. Деген менен, Түркстандагы орус бийлик-тери элдик кыймыл мынчалык кулач жайып калган соң, хан бийлиги эртедир-кечтир кулаарын, Кокон элинин букаралыгы тууралуу маселе күн тартибине кайра коюла турганын да көрүп турушкан.

1875-жылы кыргыздардын Кокон үстөмдүгүнө каршы элдик кыймылы өзүнүн акыркы чегине жеткен. Кыргыздар өзбек дый-кандарынын колдоосу менен Ферғананын шаарларын, кыштак-тарын ийгиликтүү ээлеп алышат. Кудаяр хан орус аскер отряд-дарынын калкалоосу астында орус чек арасын көздөй качат. Анын ордуна уулу Насреддин хан деп жарыяланган. Ушундан кийин көтөрүлүш басаңдайт деген үмүт бар эле. Бирок, тескерисинче, кайра күчөгөн. Көтөрүлүшчүлөр Насреддинди хан катарында кабыл алышпай салт боюнча Ыскак Хасан уулун Пулат хан деп аташып, аны ак кийизге салып көтөрүшүп, хан деп жарыялашкан. Ушундан тартып Пулат хан мамлекетке бийлик кылуунун мыйзамдуу укугун алган.

1875-жылдын 9-октябрында көтөрүлүшчүлөрдүн кошууну Коконду ээлейт. Насреддин атасы Кудаяр хан сыяктуу эле Түрк-стан бийликтери тарапка качууга аргасыз болот. Падыша өк-мөтү келишимдик милдеттенмелерине ылайык Кокон ханды-гынын аймагына өз аскерлерин киргизет. Бул акция көпчүлүк көтөрүлүшчүлөрдүн маанайына катуу таасир тийгизген. Мын-дан бир аз мурда эле орус букаралыгын сурап, хандын зулум-дугуна каршы Россиядан колдоо издегендер эми падыша аскер-лери ханга жардамга келатканын көрүп, тың калышат. Бирок көтөрүлүшчүлөр орус аскерлери менен кагылышып кетишпей, сабырдуулук кылышкан. Ошондой болсо да феодал төбөлдөр менен динчилер орустун аскердик күчтөрүнө куралдуу каршы-лык көрсөтүүнү уюштурушуп, «казатка» мурдагыдан да активдүү үндөй башташкан.

Пулат хан бул кезде бийликти кармап калууга далбас уруп, реакциялык күчтөргө жетеленип калган болучу. Өзүнүн шерик-тештери — феодалдар менен бирге Абдыракман Абтобачы жана Алайдын мурдагы башкаруучусу Алымбек датканын уулу Абдылдабек жана Алымбек датканын иш жүзүндөгү мураскору Курманжан датка менен бирдикте падыша аскерлерине каршы туруугa аракет кылат, бирок Анжыян менен Ассаке шаарла-рынын жанында жеңилүүгө дуушар болот. Беш миң аскери менен Үч-Коргонду көздөй чегинген Пулат ханды полковник Закомельскийдин отряды куып жетет. Закомельский Пулат

хандын лагерине аңдоостон чабуул коёт. Көтөрүлүшчүлөрдүн арасында дүрбөлөң түшүп, каршылык көрсөтүүгө дээрлик чамасы келбей калат. Пулат хан чакан колу менен Алайга качып кетет. Орус аскерлерине моюн сунууну каалабаган көтөрүлүшчүлөр репрессиядан коркуп, тоолордун арасына жашынат.

Көтөрүлүштү басуу боюнча «аскердик-илимий экспедицияны» Шипканын болочок баатыры (түрк үстөмдүгүнөн Болгарияны бошоткон күрөштүн жылдары) полковник М.Д.Скобелев башкарган. Кокон хандыгындагы 1875-жылдын 25-декабрынан 1876-жылга чейинки согуштук окуялар тууралуу берген кеңири маалыматында отряддын командачысы М.Д.Скобелев, кокондук көтөрүлүшчүлөрдүн башкы контингенти кыргыздар менен кыпчактар болду деп мойнуна алган. Скобелевдин пикири боюнча, кышкы экспедиция көтөрүлүшчүлөрдү биротоло талкалаш керек болчу. Жакшы куралданган падыша аскерлери менен кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн отряддары салгылашка туруштук бере албай тоону көздой качкан. Качкын кыргыздардын изине Закомельскийдин отряды түшүп, Караянтак менен Кампрабат кыштактарынын аралыгында бараткан жүктүү көчкө жеткен. «Анын коргоочу болүгү талкаланды... Аталган бардык кыштактар өрттөлдү», — деп рапорт беришкен падышанын жазалоочулары. Алар аз сандагы көтөрүлүшчүлөрдүн Пулат хан, Абдылдабек жана башка жол башчыларынын артынан сая түшүшкөн. Көтөрүлүшчүлөрдүн калган-катканы ошол кезде Алайга барып баш калкалашкан.

Пулат хан алайлык кыргыздар мени колдойт, күрөш кайрадан күч алат деп үмүт кылган. Бирок бир учурда Пулат хандын өз билгенин кыла бергенинен жапа чегип калган эл ага кайдыгер мамиле кылып, эч кандай колдоо көрсөтпөй койгон. Көп өтпөй эле андан Алайдын уруу башчылары да баш тарткан, анткени орустун регулярдуу армиясына каршылык көрсөтүүдөн натыйжа чыкпай турганына, бийликти жана өз артыкчылыктарын сактап калыш үчүн жалган ханды курмандыкка чалып, тезирээк ынтымакка келүү артык болорун түшүнүшкөн. Жарадар болгон Пулат хан 1876-жылдын 18-февралынан 19на караган түнү озүнүн жакын жан-жөкөрлөрү тарабынан чыккынчылык менен кармалып, падыша бийликтерине өткөрүлүп берилген. 1876-жылдын 1-мартында Маргаланда көп эл чогулган жерде аскер сотунун чечими боюнча Пулат хан — Ысхак Хасан уулу кылмышкер жана жалган хан катары айыпталып, аянтта дарга асылган.

Чет өлкөлүк авторлор Коконго каршы акыркы көтөрүлүштүн себептерине, жазалоочу чаралардын ырайымсыздыгына токтолушуп, муну баса белгилешкен: «Соңку мезгилдеги бардык көтөрүлүштөрдөй эле бул көтөрүлүштүн башында тургандар такка отургузуу үчүн хан тукумунан эмес, карапайым кыргызды көрсөтүштү, ал династия өкүлүнүн ордун басты. Орустар болсо муну өз бийлигине каршы багытталган козголоң деп эсептешти. Алар көтөрүлүштүн колго түшкөн башчыларынын көбүн өлүм жазасына тартышып, каршылык көрсөтүүнүн очоктору болгон аймактардын калкына контрибуция салышты».

Кокон хандыгынын Алайдан башка бүт аймагы бул кезде орус аскерлеринин көзөмөлүнө өтүп калган эле.

Падыша өкмөтүнүн алдында, же жаңы башкаруучуну такка отургузуу менен хандыкты сактоо, же Кокондун территориясын Россияга кошуп, хандыкты жоюп салуу сыяктуу татаал саясий проблемалар турган. Хан бийлиги сакталса, эл дагы кайрадан толкундап, орус букаралыгына өтүү өтүнүчү кайрадан күн тартибине коюларына Россиянын өкмөт чөйрөсүндө иштегендердин көзү жеткен. Хандардын чирип калган режимин колдоп, элдин чын ыклас менен Россиянын букаралыгына умтулушунан баш тартуу Түркстан крайындагы элдин алдында Россиянын кадыр-баркын кетирип алганга барабар эле. Ошон үчүн Россиянын согуш министри Д.А.Милютин жана Түркстан генерал-губернатору К.П.Кауфман Кокон хандыгын жоюуну колдоп чыгышкан. Россиянын тышкы иштер министри, ошол эле учурда өкмөт башчысы, канцлер А.М.Горчаков буга каршы болгон, ал мындай кадам Англия менен болгон мамилени курчутуп жиберерин, Англия Россиянын Орто Азиядагы ийгиликтерине көз артуу менен байкап турганын далил катары келтирет. Горчаковдун пикири боюнча, эгер Россия Кокон хандыгын өзүнө кошуп алса, Англия буга жооп кылып, Сербия жана Черногория маселесинде орус өкмөтүнүн позициясы менен келишпеген Түркияны чыр-чатакка тартып, Жакынкы Чыгышта согуш отун тутантып жибериши мүмкүн эле. Өкмөттөгү таймаш аскер адамдарынын жеңиши менен аяктап, аларды падыша Александр II да колдоп, «Коконду эмки жазда, б.а. 1876-жылы ээлөөгө макулдук берген».

Кокон хандыгын жоюу анча кыйынчылыксыз эле жүзөгө ашырылды. М.Д.Скобелев Анжиянды оңой эле ээледи — ага Абдыракман Абтобачы дээрлик каршылыксыз куралын таштап берди. Хан Насреддин болсо качып кетти. 1876-ж. Милютин өз күндөлүгүнө мындай маалыматты жазган: «Кокондон бир кыйла

маанилүү кабар алынды. Дүрбөлөң, чыр-чатак жетер чегине жетиптир... атаандашып турган партиялардын экөө тең кураддарын таштоого аргасыз болушуптур... Ар кайсы шаарлардан келген атайын өкүлдөр хандыкты орус падышасынын букаралыгына откөрүүнү сурап жатышат».

Бир нече күндөн кийин Д.А.Милютин Түркстан генерал-губернаторунун милдетин аткарып турган Г.А.Колпаковскийге телеграмма аркылуу мындай буйрук берген: «Коконго тике өзүң барып, ак падыша элге мээрим кылып, анын тартып жаткан азап-тозогу ушуну менен бүтсүн деп, өз букаралыгына кабыл алганын жарыяла». 1876-жылы 7-февралда Г.А.Колпаковский жергиликтүү элге үндөө катары мындай кабарды жарыялаган: «Кокондун бардык эли, отурукташканы да, көчмөнү да орус букаралыгына кабыл алынды, мурда Кокон хандыгын түзүп келген, жана ал ээлеп турган жерлери да Россия империясына бириктирилди». Ал эми 1876-жылы 19-февралда бул буйруктун соңунан мурдагы Кокон хандыгын Фергана облусу деген наам менен Россияга бириктирүү тууралуу буйрук берилген. Жаңы облустун губернаторлугуна Кокон хандыгын жоюу боюнча операцияларга жетекчилик кылып жүргөн «улуу урматтуунун тобундагы генерал-майор Скобелев» дайындалган.

Көтөрүлүшчүлөрдүн негизги жол башчысының олтүрүлгөнүнө жана падыша аскерлеринин тоо арасындагы стратегиялык пункттарды ээлешине байланыштуу көтөрүлүш акырындап басыла баштаган. Көтөрүлүштүн акыркы этабы мына буларды көрсөттү: биринчиден, регулярдуу аскерлерге салыштырганда, көтөрүлүшчүлөрдүн күчү өтө эле чабал болуп чыкты; экинчиден, ушунчалык узак, көп жылдык күрөштүн негизги себепкери — Кокон хандыгынын эзүүсү жок кылынды. Бирок анын ордуна падышачылыктын жаңы, колониялык эзүүсү келатты. Эмгекчи эл муну астыртадан туюп-сезип, адегенде хандын бийлигин колдоо үчүн келип, кийин элдик көтөрүлүштү талкалаган падыша аскерлерине каршылык көрсөтө башташты. Кокондук жортуулунун жыйынтыгына баа бере келип, түркстандык чиновниктер хан менен эмес, эл массасы менен согушууга туура келгенин өздөрү моюнга алууга аргасыз болушту.

Натыйжада 1876-ж. Кыргызстандын бүткүл аймагы Россиянын курамына карап, кыргыз элинин тарыхынын жаңы этабы башталды.

Кайталоо жана өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Кыргыздардын XVIII кылымдын орто ченинде башка коңшу элдер менен карым-катнашы.
2. Кокон хандыгынын Кыргызстанды каратып алышы.
3. Территориялык-административдик баш ийүү.
4. Кыргыз тоболдөрүнүн хандыктын саясий турмушундагы ролу.
5. Салык системасы жана эксплуатациянын башка формалары.
6. Хандын эзүүсүнө каршы күрөш жана Кыргызстандын Россияга бириктирилиши.
7. Пулат хан — кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн жол башчысы.

Адабияттар:

Бартольд В.В. Кыргыздар: Тарыхый очерк // Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. — Бишкек, 1997. — 55–67-беттер.

Введение в историю кыргызской государственности. — Бишкек, 1995.

Газиев А. Пулат-хан. — Бишкек, 1995.

Джамгерчинов Б. Дж. Очерк политической истории Киргизии XIX века (первая половина). — Фрунзе, 1966.

История Киргизской ССР. Т.I.Фрунзе, 1984.

История кыргызов и Кыргызстана: Уч.пос. для вузов. — Бишкек, 1995.

Койчуев Т., Мокрынин В., Плоских В. Кыргызы и их предки: нетрадиционный взгляд на историю и современность. — Бишкек, 1994.

Кыргызы и Кыргызстан: опыт нового исторического осмысления. — Бишкек, 1994.

Материалы по истории киргизов и Киргизии. Вып.1. — М., 1973.

Наливкин В. Краткая история Кокандского ханства. — Казань, 1886.

Плоских В. М. Киргизы и Кокандское ханство. — Фрунзе, 1977.

Сапаралиев Д. Взаимоотношения кыргызского народа с русским и соседними народами в XVIII в. — Бишкек, 1995.

Усенбаев К. У. Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства. — Фрунзе, 1961.

9-БАП

КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯГА КАРАТЫЛЫШЫ

§ 1. Кыргызстандын Россия менен жакындашуусунун тарыхый өбөлгөлөрү

Россияга каратылаар алдында Кыргызстандын эмгекчи эли кош кабат эзүүнү — жергиликтүү феодалдар менен Кокон бийлөөчүлөрүнүн эзүүсүн башынан өткөрүп жаткан болчу. Кокон хандарынын зордук-зомбулугунда чек жок эле. Хандын чиновниктери эмгекчи калкты талап-тоноп, каршылык корсөткөндөрүн уруп-сабап, олтүрүп, зындандарга салып, туткунга алып кетип турган. Алар аялды да, баланы да, өспүрүмдү, кемпирчалды да аяшкан эмес. Бул оор абал калайык калкты жакырлантып, жүздөгөн, миңдеген адамдардын өмүрүн кыйган уруулар ортосундагы кандуу салгылаштар менен ого бетер ырбап турган. Бул жагдай ошондой эле Чыгыштын коңшу мамлекеттери менен Британия империясы тараптан Кыргызстанды басып алуу коркунучу пайда болгондугунан улам да татаалдашып кеткен болучу. Эл массасынын турмушу барган сайын оордоп, аргасыз абалга келип такалган эле. Натыйжада кыргыз эли ачкачылыкта жашап, тукум курут болуу коркунучу астында калган.

Мына ушундай татаал шарттарда түзүлгөн кырдаалдан чыгуу үчүн кыргыз эли арга издеген. Өзүнөн алда канча күчкубаттуу жана коомдук-экономикалык жактан кыйла өнүккөн мамлекет гана тукум-курут болуудан калкалап сактап кала аларына элдин көзү жетип калган. Мындай мамлекет ал кезде Россия эле. Кыргыздардын дал Россияга коңулун бурушу кокусунан эмес болучу. Кыргыз элинин кызыкчылыгы Россия менен достук байланыштарды орнотуп, аны чыңдоо талабын айныбастан күн тартибине коюп турган. Ушундай байланыш гана чет жерликтер тарабынан пайда болгон кулга айландыруу

коркунучуна каршы күрөштө жардамды камсыз кылып, кокондук эзүүдөн куткарып, азап-тозоктор менен өлүм-житимдерди алып келип жаткан феодалдык-уруулук оз ара согуштарды токтото алмак. Кыргыз эли Россиянын букаралыгына өтүү үчүн бекем турган, аны оор абалдан кутулуунун бирден бир жолу жана жакшы турмушка алып баруучу үмүт катары карашкан.

Россия ал кезде ири, жаңыдан күчтөнүп келаткан, коңшу элдердин, оппонун ичинде кыргыздардын турмушу менен тагдырына оң таасир этүүгө жөндөмдүү жаш капиталисттик мамлекет эле. Россия озү да жаңы жерлерди кошуп алып, түштүк-чыгышта озүнүн территориясын кеңитип алууга кызыгып турган. Орус капитализминин «кеңейип» өнүгүшү, анын жаңы аймакты ээлеп, соода-сатык рыногуна ээ болууга жана өнүгүп жаткан өнөр жай үчүн арзан сырьё булактарына умтулушу падыша аскерлеринин Орто Азиянын жана Казакстандын терецин көздөй жылышында чечүүчү роль ойногон. Бул жагынан алганда, бай сырьёлук жана жаратылыш ресурстары, пайдалуу кендери, ыңгайлуу географиялык абалы менен Кыргызстан Россия үчүн олуттуу кызыгууну туудурган.

Кыргызстандын Россиянын курамына кошулушун тездетүүдө Россия мамлекетинин чек арасынын анын территориясына жакындап келиши белгилүү бир мааниге ээ болгон. 1847-ж. Улуу жүз казактарынын көчүлүк бөлүгү Россия менен бириккен, бул окуя Жети Суунун калкын башкарыш үчүн кийинки жылы Чоң Ордонун приставдык кызмат ишин уюмдаштырууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Мындан көп өтпөй Казакстандын Россияга кошулушунун узакка созулган процесси аяктаган. 1854-ж. Кыргызстандын түндүк-чыгыш чек арасынан алыс эмес жерде Верный деп аталган аскердик чеп-гарнизон пайда болгон, ал эки жылдан кийин Ала-Тоо округунун борборуна айланган. Ушундан тартып кыргыздар оздөрүнүн тынч, бейкапар турмушта жашоо үчүн болгон күрөшүндө жардам жана колдоо сурап, ошондой эле Россиянын букаралыгына кабыл алууну өтүнгөн кайрылуулары көбөйө баштаган.

Айтмакчы, буга чейин эле Түндүк Кыргызстандын эли жардам алып, анын калкалоосунда болсок деген үмүт менен падыша бийлигинин окүлдөрүнө бир нече жолу кайрылган. Маселен, 1757-ж. теңир-тоолук кыргыздардын бир аз тобу (200 дөн ашыгыраак киши) Кытай аскерлери тарабынан талкаланып, куугунтукка алынган калмактар менен бирге түндүктү — Россияны көздөй багыт алган. Бул кыргыздар Волга боюна барып жайгашып, Россиянын букаралыгына өткөн. Бугулуктар да өз калка-

лоосуна алып, жардам берүүсүн, ошондой эле өз букаралыгына алуусун сурап Батыш-Сибирлик генерал-губернаторго бир нече жолу (1812, 1814, 1824-жж.) кайрылган. Бирок бир катар себептерге байланыштуу алардын бул аракетинен натыйжа чыккан эмес. 1848-ж. Батыш Сибирь генерал-губернаторуна ушундай эле өтүнүч менен Чүй өрөөнүнүн чыгыш жагын байырлаган көчмөндөр жана Ысык-Көл өрөөнүнүн калкынын бир бөлүгү да өтүнүч кылган. Ушундай эле суроо менен 1853-ж. манап Жантай башында турган Чүй өрөөнүнүн өкүлдөрү да орус генерал-губернаторуна кайрылышкан.

1853-ж. сентябрда — Боронбай башында турган бугу уруусу да, Чоң Ордонун өкүлдөрү аркылуу Батыш Сибирь губернаторуна кат жиберген. Бул катта Россиянын букаралыгына өтүү тууралуу элдин айныбас каалоо-тилеги билдирилген. Ушундан соң императордун макулдугу менен падыша өкмөтү ысык-көлдүк кыргыздарды Россиянын букаралыгына алуу тууралуу чечим чыгарган. 1854-ж. 26-сентябрда Батыш Сибирь генерал-губернаторуна ысык-көлдүк кыргыздардын делегациясы ант берүү үчүн Омск шаарына келген. 1855-ж. 17-январда 10 миңдей үй-бүлөдөн турган ысык-көлдүк кыргыздардын атынан ант берилген.

Бугу кыргыздарынын Россиянын букаралыгына биринчи кабыл алынышы элдин турмушунда өзүнчө жаңы баракты ачып, Кыргызстандын бүткүл территориясынын Россиянын курамына ыраатгуу түрдө кошулуш (бириктирилиш) процессине негиз салган. Россиянын букаралыгын кабыл алуу менен 1856-жылдан кийин жергиликтүү элде келечекте жакшы турмушта жашайбыз деген ишеним жана Кокон хандыгына, ошондой эле башка басып алуучулар менен эзүүчүлөрго каршы чыгуу чечкиндүүлүгү күч алган.

Чүй өрөөнүнүн, Борбордук Теңир-Тоонун, Кетмен-Төбөнүн, Таластын эли мурда айтылып кеткендей Кокон хандарынын эзүүсүнө каршы бир нече ирет көтөрүлгөн.

Маселен, 1862-ж. күзүндө Кокондун бийлигине каршы Чүй өрөөнүнүн кыргыздары көтөрүлүп чыккан. Алар Байтик баатырдын жетекчилиги менен хандын акимин олтүрүп, Пишпек (Бишкек) чебин курчоого алып, Верныйда турган падыша бийлигинин өкүлдөрүнө аскердик жардам жана Россиянын букаралыгына кабыл алууну сурап кайрылышкан. 1862-ж. аягында алардын суроосу канааттандырылып, Чүй өрөөнүнүн Россияга биригүү процесси негизинен аяктаган. Кокон бийлиги ушундан тартып бул жерде биротоло жок кылынган.

Борбордук Теңир-Тоонун көчмөндөрү да биринин артынан бири Россиянын букаралыгына өткөн. 1863-ж. апрелде кыргыздын черик уруусу (6 миң үй-бүлө) Ала-Тоо округунун начальнигине мындай мазмундагы кат менен кайрылган: «Биз жалпыбыз кеңешип жана макулдашып көрүп, бугулар сыяктуу эле (ысык-көлдүк кыргыздар — К.У.) улуу падышанын (орус падышасынын — К.У.) букарасы болууну ыктыярдуу түрдө чечтик». 1863-ж. 13-октябрда Омск шаарында алардын атайын шайланган өкүлдөрүнүн тобу Россия мамлекетинин букаралыгына өтүү үчүн ант беришине уруксат кылынган. Бул салтанаттуу каада өз ара милдеттенмелерди алуу менен аяктаган.

Кийинки жылы Россиянын букаралыгын кабыл алуу тууралуу Кетмен-Төбө менен Суусамырдын эли, асыресе Рыскулбек башында турган саяк уруусу билдирүү жасаган. Кыргыздардын бул уруусу (10 миң үй-бүлө) бийликтерге букаралыкка кабыл алуу тууралуу кайрылып, алар бул өтүнүчүнө макулдук алган. Россиянын букаралыгын кабыл алуунун демилгечилери Атаке бий Тынай уулу, Качыбек Шераалы уулу, Боронбай Бекмурат уулу, Жантай Карабек уулу, Байтик Канай уулу жана уруу төбөлдөрүнүн дагы бир катар өкүлдөрү болгон.

Бирок Кыргызстандын түндүк райондорунун бардык эле калкы Россиянын букаралыгын кабыл алууну каалаган эмес. Татаал жана карама-каршылыктуу социалдык-саясий шарттарда, феодалдык-уруулук өз ара чыр-чатактар күчөп турган мезгилде Россиянын букаралыгын кабыл алуу тууралуу бирдиктүү пикирдин болушу мүмкүн эмес эле. Кээ бир манаптар Россия менен мамиле түзүү маселесинде чечкиндүү болбой, бир пикирде бекем турган эмес. Алардын кээ бирлери Россияга карата байкай туралы деген маанайда болгон, а кээ бирлери түз эле кастык позицияда турган, а тургай кээ бирлери орустун аскердик отряддарына тикелей каршылык көрсөтүп чыгышкан.

Маселен, 1863-ж. июлда Коконго пааналап иш кылып, Россиянын букаралыгын кабыл алууну каалабаган манап Осмон Тайлак уулу өзүнүн жигиттери менен майор Загряжский командачылык кылган орустун чакан отрядына кол салып, аны курчоого алып, түн бою камалап турган. Орустарга жардам берүү үчүн манап Шабдан Жантай уулу өз жигиттери менен келген. Шабдандын жигиттери орус отряддары менен биригип Осмонду талкалаганда, ал Кыргызстандын жеринен тышкары жактан — Чыгыш Түркстандан баш маана издоого аргасыз болгон. Бир нече жылдан кийин гана, 1867-ж. Осмон өзүнүн уруулаштары — саяктар менен мекенине кайтып келип, Россиянын бука-

ралыгын кабыл алууга макулдук билдирген. Осмон жана ага баш ийген 3 миң үй-бүлөдөн турган саяктар да ошентип Россиянын букаралыгына өткөн.

Россиянын букаралыгын кабыл алууга каршы чыккандар Муратаалы, Балбай, Жангарач, Адыл, Көкүм, Маймыл, Чойбек, Чоңкарач сыяктуу уруу төбөлдөрү болгон.

XIX кылымдын орто ченинде Кыргызстандын түндүк райондорунун бардыгы Россияга кошулган. Бул жерде белгилей кетчү жагдай: айрым манаптардын орустарга каршы жүргүзгөн иштери түндүк кыргыздардын Россияга болгон ориентациясын анча өзгөртө алган эмес. Түндүк кыргыздар бейкапар тынч тирилик кылууга Россия менен бирге болуу гана кепил болорун түшүнүп, орус букаралыгын кабыл алган.

Кыргызстандын түштүгү Россияга кыйла кийин жана башка тарыхый шарттарда кошулган, ал кезде түштүктө Кокон хандыгынын үстөмдүгү али сакталып турган эле. Бул жерде Чыгыштын артта калган коңшу мамлекеттери жана Британия империясы тарабынан жергиликтүү элди басып алып, кулга айлантуу коркунучу дагы эле бар болчу. Жергиликтүү эмгекчи эл кокондуктар менен өзүлөрүнүн феодалдарынын адам чыдагыс эзүүсүн башынан кечирип жаткан. Алардын мына ушундай оор абалына өзбек төбөлдөрү менен кыргыздын феодал төбөлдөрүнүн үстөмдүк, бийлик үчүн күрөшү, ошондой эле Кокон хандыгы менен Бухара эмирлигинин ортосундагы кандуу согуштар да кошумча оордук келтирип турган. Көш эзүү, басылбаган феодалдык өз ара чыр-чатактар калкты жакырдантып, аймактын экономикасын бүлүндүрүп, миңдеген адам өмүрүн алып кетип жаткан.

Мына ушулардын бардыгы түштүк кыргыздарды түзүлгөн кырдаалдан чыгып кетүүнүн аргасын издөөгө түрткөн. Түштүктүктөр да түндүктөгү уруулаштарындай эле жападан жалгыз туура чечимди кабыл алышты — бул чечим Россия менен биригип, өзүлөрүнүн тагдырын орус эли менен тагдырлаш кылуу эле. Буга Кокон хандыгы менен болгон кагылышта орус аскерлери жетишкен ийгиликтер да түрткү берген.

XIX кылымдын 70-жылдарына карата Жети-Суу, ошонун ичинде Түндүк Кыргызстан, Түштүк-Батыш Казакстан Россиянын курамына кирет. Ушундан баштап Россиянын аскерлери Кокон хандыгынын территориясына тике кирип, аны бүт бойдон ээлөөгө мүмкүнчүлүк алат. 1868-жылы январда Кудаяр хан Түркстан генерал-губернатору тарабынан сунуш кылынган келишимге кол коюуга аргасыз болот, келишимдин чечими

боюнча мындан ары Кокон хандыгы Россия империясына вассалдык көз карандылыкта болуп, анын марионеткасына айланып калган. Ошол эле учурда колониялык бийликтин кызыкчылыгынан чыгып, Түркстан генерал-губернатору Кокон ханын толук бойдон өзүнүн коргоосуна алат. Бул кырдаал түштүк кыргыздардын саясий абалын бир топ жагынан татаалдантып таштаган эле.

Түштүк Кыргызстандын Россияга бириктирилиши 1873–1876-жылдардагы Коконго каршы элдик кыймылдар менен тыгыз байланыштуу, ошол эле учурда анын өз өзгөчөлүктөрү да бар. Бул элдик кыймылга катышкандар феодалдык-хандык эзүүгө каршы күрөшүндө Россияга катуу ориентир жасашкан, андан колдоо, жардам күтүшкөн, бир нече жолу Россиянын букаралыгын кабыл алуу жөнүндөгү ой-тилегин билдиришкен. Бул жагдай көтөрүлүштүн биринчи этабында (1873–1874-жж.) айрыкча айкын көрүнгөн.

§ 2. 1873–1876-жж. элдик көтөрүлүш

Көтөрүлүш 1873-жылдын жазында башталган. Анын чыгышына марттын аягы — апрелдин башында хандыктын түштүк-чыгыш аймагында көчүп-конуп жүргөн кыргыздарга салык жыйноочулар келип, колдон келбес оор зекет жана хараж (булардын өлчөмү үч эсе чоңойтулган эле) талап кылышы тикеденттике себеп болгон. Мындай оор салыкты төлөөдөн чечкиндүү түрдө баш тартышып, кыргыздар зекетчилерди сабап, а тургай бир тобун олтүрүп койгон. Салыкчылардын ошол учурга чейин жыйнап алгандары элдин өзүнө калтырылган. Бул тууралуу кабар Кудаяр ханга жетип, ал мындай козголоң чыгарган кыргыздарга каршы бир нече миң сыпайдан (атчандардан) турган жазалоочу отрядды жиберген, ал отрядга Кудаяр ханга берилген Алымкан бек башчылык кылган. Жазалоочу отряд келгенге чейин көтөрүлүш бүткүл Алай менен Гүлчөнү кучагына алып калган эле. Көтөрүлгөн кыргыздарга кыпчактардын бир топ бөлүгү кошулган. Бирок көп өтпөй катуу кагылышта начар куралданган көтөрүлүшчүлөр талкаланып, Кудаяр хан козголоңчу кыргыздар менен кыпчактарды ырайымсыз жазалоого буйрук берет. Хандын жазалоочулары көтөрүлүшчүлөрдү өтө мыкаачылык менен жазалап киргендиктен кыргыздардын 20 миң, кыпчактардын 10 миң үй-бүлөсү Кашкар-Дабанды, Кирлик жана Хазрат жерлерин көздөй качууга аргасыз болгон.

Жазалоочулардын кандуу кыргыны кыргыздар менен кыпчактардын ого бетер каарын кайнатып, аларды жаңы көтөрүлүшкө камылга көрүүгө түрткөн. Хандыктын түштүк жана түштүк-батыш тарабынын калкы көтөрүлүшчүлөрдүн таасири астында турган. Хандыктын түндүк аймактарынын тургундары да аларга жан тартып, мамиле жасашкан. Ушундай жагдайлардын баары Кудаяр ханды тынчсыздандырбай койгон эмес. Кудаяр хан багынбагандарды дагы бир жолу эсинен кеткис кылып жазалоо үчүн 1873-жылы майда көтөрүлүш чыгаргандарга хан аскерлеринин башкы кол башчысы Абдыракман Абтобачы башында турган жазалоочу отрядды каршы аттандырат. Бирок бул хан төрөсү, кыпчактардын чоң феодалы көтөрүлүшчүлөрдүн күчүн жана күжүрмөн маанайын көрүп туруп, аларга тикеден тике кол салууга батына алган эмес. Көтөрүлүшчүлөргө жан тарткан жана алар эмне себептен көтөрүлүп жатканын түшүнгөн киши болумуш болуп, көтөрүлүшчүлөрдү Кудаяр ханга ачык чыкпагыла, кан төкпөгүлө, андан көрө кыргыздар менен кыпчактардын оор абалын түшүндүргөнгө жарагыдай 40 кишиден турган өкүл жибергиле, ошолор кыргыз менен кыпчактын оор абалын түшүндүргүдөй болсун, ошолор хандан салык, ошонун ичинде зекет өлчөмүн кыскартууну сурашсын дегенди айтып, ушуга ынантууга аракеттенген. Кудаяр хан болсо кыргыздардын өкүлдөрү келгенде, аларды угуп да койбой баарынын башын алып салгыла деп буйрук кылган. Буйрук аткарылган.

Абтобачыга бир аз убакыт аргасыздан көчмөндөр арасында калууга туура келет. Бирок кийин аны хан чакыртканда келип, көтөрүлүшчүлөрдү тынчтандырганын айткан. Ал андан ары да жазалоочуларды башкарганын уланта берген.

Көтөрүлүшчүлөр жиберген кишилеринин мыкаачылык менен өлтүрүлгөнүн, Абтобачанын чыккынчылыгын угуп, чечүүчү күрөшкө кайрадан көтөрүлгөн. Ага хандыктын башка райондорунан да адамдар келип кошулган. 1872-жылы июнда кыргыздар менен кыпчактардын Кирлик, Хазрат деген жерлеринде чогулган миңдеген малчылары Ферганаңы көздөй жол тартат. Алар Кокон хандыгынын Алай менен Гүлчөдөгү бийлигине тирек болуп турган башкы чеби — Өзгөндү эч кандай салгылашсыз ээлеп алышат. Бул жерде сакталып турган хан казынасын көтөрүлүшчүлөр басып алышып, комендант Алим кыпчак башында турган бийлик өкүлдөрү өлтүрүлгөн. Бул биринчи ийгилигине шыктана түшкөн көтөрүлүшчүлөр Сук чеп-коргонун ээлеп, гарнизонун жок кылып салышат. Көтөрүлүш күчөгөндөн күчөй берген.

Тынчсызданган Кудаяр хан көтөрүлүп чыккандарга каршы өзүнүн бир тууганы — Маргалаң шаарынын беги башында турган жазалоочу отрядды жиберген. Көтөрүлүшчүлөр менен кагылышта бул отряд толук жеңилип, башчысы качып кутулат. Көтөрүлүштүн кеңири кулач жайып, ийгилик көтөрүлүшчүлөр тарапта боло баштаганын көргөн хандын 3000 сарбазы (кээ бир маалымат боюнча — 5000) көтөрүлүшчүлөргө кошулат, 300 аскери туткунга түшүрүлөт. Көтөрүлүшчүлөр Ош, Сузак, Булак-Башы, Үч-Коргон жана башка шаар-кыштактарды эч салгылашсыз эле колдоруна алышкан. Аталган конуштардын тургундары көтөрүлүшчүлөрго кошулуп, бектери менен старчындары өз башын ала качып кетүүгө аргасыз болушкан. Көтөрүлүшчүлөрдүн колуна түшкөн Булак-Башынын беги өлтүрүлөт.

Ийгилик көтөрүлүшчүлөр тарабында болуп жатканы тууралуу маалыматты алары менен Кудаяр хан шашылыш түрдө Кокондон Маргалаңга келет. Көтөрүлүшчүлөргө каршы Абдыракман Абтобачы башында турган көп миңдеген аскер жиберилет. Көтөрүлүшчүлөр менен жазалоочулардын ортосунда бир топ катуу кагылыш болот. Эки тарап тең кыйла жоготууларга учурайт. Көтөрүлүшчүлөр өздөрүнүн начар куралданганына жана жакшы уюмдашпаганына карабастан, кайраттуулук менен салгылашкан. Төрө-Коргонго жакынкы жердеги салгылашта жазалоочулар жеңилип калып, хандын аскерлери талкаланып, анын «кол башчылары» а дегенде Төрө-Коргонду көздөй, андан Коконду көздөй качышат. Көтөрүлүшчүлөр Анжиянды ээлеп, шаар калкынын бир бөлүгү аларга кошулат.

Туш-туштан чыккан көтөрүлүштөр барган сайын хандыктын улам жаңы аймактарын, айрыкча Кыргызстандын түштүгүн дээрлик бүт бойдон өз кучагына алган. Феодалдык-хандык эзүүгө каршы күрөшкө кыргыздын ичкилик, адигине, тагай, мундуз, кушчу, багыш, басым (камандар), карабагыш, кытай сыяктуу бир катар урук-уруулары, ошондой эле кыпчактар менен өзбек калкынын бир кыйла бөлүгү да көтөрүлгөн.

1873-жылы жазында Анжиян вилаятинин кочмөн кыргыздары көтөрүлүп чыккан. Бул көтөрүлүштүн башында Мамыр Мерген уулу турган. Мамыр башында турган көтөрүлүшчүлөр а дегенде бир топ ийгиликтерге жетишип, Ханабад шаарын ээлеп алышат. Бирок Ханабадга жакынкы жерде көтөрүлүшчүлөр жеңилүүгө учурап, 300 адамынан ажырайт. Салгылаш талаасында көптөгөн жарадарлар калат. Колго түшкондор да аз эмес эле, аларды жазалоочулар кыштак-кыштакка «болуштүрүп», (5–7 киши-ден) ошол жерлерде казыкка отургузуп өлтүрү-

шот. Кудаяр хандын буйругу боюнча «катын-баланы да, кемпирчалды да өлтүрүшкөн, боюнда бар аялдардын кардын жарып ташташкан».

Жазалоочулардын куугунтугуна алынган көтөрүлүшчүлөр (1700 үй-бүлө) Кыргызстандын бийик тоолуу райондоруна, Түркстан генерал-губернаторлугунун Жети-Суу облусуна караштуу Токмок уездинин карамагындагы Тогуз-Торого, Кетмен-Төбөгө, б.а. Россиянын чек арасын көздөй качкан. Кудаяр хан колониялык бийликтин окуялдорунө көтөрүлүшчүл кыргыздарды кайтарып бергиле деген өтүнүч менен кайрылган. Ырас, алардын бир бөлүгү кайтып келишкен, бирок, хандын чиновниктери тарабынан таланып-тоноло баштаганда мурда келген жагын көздөй (айрыкча Кетмен-Төбөгө) кайра качууга аргасыз болушкан. Ошол кайтып келген качкындардын 60ка жакынын хандын чиновниктери кармап калууга үлгүргөн. Кыргыздар менен жазалоочулар кагылышканда эки тараптан тең жоготуу болгон: көтөрүлүшчүлөрдөн 40 киши, хандын аскерлеринен 15 киши өлгөн.

Мамыр өзүнүн ишенимдүү 100 адамы менен хандыктын чыгыш тарабындагы тоолорго, адигине уруусунун жерине кыштоого кетет. 1874-жылы жазында алар жергиликтүү кыргыздарды Кудаяр ханга каршы күрөшкө көтөробуз деген үмүт менен Тогуз-Торо жерине келет, бирок анча ийгиликке жетише алган эмес.

Кокон хандыгына каршы кыймылга көбүрөөк адамдарды тартам деген далалат менен Мамыр Россиядан жардам жана колдоо алууга умтулган. 1874-жылы жазында ал өзүн жана карамагындагыларды Россиянын букаралыгына алгыла деп Түркстан администрациясына кайрылат. Бирок ал бул өтүнүчүнө эч кандай жооп ала алган эмес, хандын жазалоочулары куугунтуктай бергендиктен, ошол крайдын түштүк аймактарына өтүүгө аргасыз болгон, бул жакта ал жергиликтүү калктан Кокондун төбөлдөрүнө каршы күрөшкө колдоо алам деп үмүттөнүп, жаңы, мурдагыдан күч-кубаттуу көтөрүлүш даярдоого камынган.

Мында белгилей кетчү жагдай: Ханабаддын жанындагы салгылаштан кийин хандыктын чыгыш тарабындагы көчүп-конуп жүргөн адигине уруусунун кыргыздары да көтөрүлгөн. Аларга кыпчактардын бир бөлүгү кошулуп кеткен. Бирок алардын көтөрүлүшү анча кеңири кулач жая албай бат эле басылып калган.

Стихиялуу, чачкын түрдөгү көтөрүлүштөр Түштүк Кыргызстандын ар кайсы жерлеринен жана Кокон хандыгынын

түштүк-чыгышынан да чыга берген. 1873-жылы жайында кыргыздын кутлук-сейит жана найман уруулары да көтөрүлүш чыгарган. Алардын башында Пулат хан деген ысым менен белгилүү Хасан уулу Ысқак турган. Көтөрүлүп чыккандар Акмат, Нанай жана Көк-Жар кыштактарын ээлеген, бул кыштактардын тургундары да көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кеткен. Көтөрүлүш тез эле күч ала баштайт. Аны кыргыздардай эле хандын эзүүсүнөн жапа чеккен жергиликтүү өзбек калкы да колдогон. Көтөрүлүшчүлөр Наманган шаарына жакын кирип келишкен. Аларга каршы Наманганды беги башкарган жазалоочу отряд жиберилген. Бул көп сандаган көтөрүлүшчүлөр менен беттешүүдөн жалтайлап, отряд эки күн Сафит-Булан кыштагынын жанында турган. Ошол кезде көтөрүлүшчүлөр түн ичинде Сафит-Булан менен Ала-Буканын ортосундагы отряддын өңүтүнө кол салган. «Мындай тайманбастыкты көргөндө, бектер биринчилерден болуп артка чегинген, анын аркасынан аскерлери качкан». Көтөрүлүшчүлөр алардын аркасынан түшүп, качкандардын артта калгандарын кууп жетип, талкалап, Көкүмбай жана Юмалак-шейх деген кыштактарды ээлешет, булардын тургундары да көтөрүлүшчүлөр тарабына өтөт.

Бирок көтөрүлүшчүлөр жакшы уюшпагандыктан жетишкен ийгиликтерин бекемдеп кала алышкан эмес. Ушул себептүү көп өтпөй көтөрүлүшчүлөр хандын жазалоочу отряды менен болгон салгылашта жеңилип калышат. Өзүн Пулат хан деп атаган Хасан уулу Ысқак Чаткалды көздөй качат. Аны карман келүү үчүн жазалоочу отряд жиберилет, бирок Пулат хан бир нече жүз көтөрүлүшчүлөр менен өзүн куугунтуктагандардан качып кутулуп кетет. Жазалоочу отряд көтөрүлүшкө катышкан же катышты деп шек саналган кыргыз айылдарын ырайымсыздык менен талап-тонойт.

Кутлук-сейит жана найман уруулары менен дээрлик бир убакытта Наманганды түндүк жагында көчүп-конуп жүргөн кыргыздар да көтөрүлүп чыккан. Алар хандын отрядын талкалап, Наманганга жакындап келген, бирок жеңилип калып, кайра артка чегинген.

Мындан көп өтпөй Лейлектин көчмөндөрү да көтөрүлүш чыгарган. Буга, жогоруда айтылгандай, зекет төлөө талабы менен келген хандын салык жыйноочулары себеп болгон. Лейлектиктер салык жыйноочулардын башчысына салыкты төлөөгө жети күндүк мөөнөт берүүнү сураган. Салык жыйноочулардын башчысы болсо лейлектиктердин отунучун канааттандырмак тургай, силерди баш ийбеген козголоңчу ката-

ры ханга кабар берем деп коркуткан. Ал озүнүн жигиттерине топтошкон кыргыздарды кууп тараткыла деп буйрук берет. Жигиттер болсо куралсыз кишилерди уруп-сабап кирген. Салык жыйноочулардын мындай зоокүрлүгүнө жооп кылып, лейлектиктер зекет жыйноочулардын башчысын жана төрт жанжигитин өлтүрүп салышат. Калктан тартылып алынган мал-мүлк кайра ээлерине кайтарылып берилет.

Кудаяр хан козголоңчуларды катуу жазалоо үчүн атайын отряд жөнөтөт. Жазалоочулар менен биринчи кагылышта көтөрүлүшчүлөр үстөмдүккө жетишет. Ушуга байланыштуу хан Абдыракман Абтобачы башында турган 1000 сарбаздан куралган кыйла күчтүү отрядды жөнөткөн. Бирок Абтобачы көтөрүлүшчүлөрдүн саны анын аскеринен бир нече ирет арбын болгондуктан, ачык салгылашка кирүүгө батына албай, кайрадан айлакерлик менен жол табууга аракеттенет. Бул сапар Абдыракман Абтобачыга ишенген көтөрүлүшчүлөр айылдарына тарап кете баштаганда, жазалоочулар биринде ген көтөрүлүшчүлөрдү бат эле талкалап коюшат. 400 киши колго түшүрүлүп Коконго алынып келинет да, өлүм жазасына тартылат.

Кыргыздардын чачкын түрдөгү көтөрүлүштөрү Түштүк Кыргызстандын улам ар кайсы жеринен чыга берген, кээде алардын кыймылы Өзбекстандын аймактарын, айрыкча Фергана өрөөнүн кучагына алып турган. Кокон хандыгынын зордукзомбулукчул бийлигине каршы Лейлектин түштүгүндө Кыяк-Сайда көчүп-конуп жүргөн малчылар да көтөрүлүп чыккан. Мамыр башында турган 4 миң көтөрүлүшчү Анжиян шаарына жакынкы жердеги Кокон чебине кол салып, бирок ийгиликке жете алган эмес.

1874-жылдын майында Кара-Кулжада көчүп-конуп жүргөн кыргыздар да көтөрүлгөн. Алар Мамыр Мерген уулунун башчылыгы менен Анжияндан үч чакырым жердеги Базар-Коргон кыштагын ээлешкен. Көтөрүлүшчүлөрдүн 5-6 миңдейи Анжиян шаарын ээлөөгө аракет кылышкан, бирок ала алышкан эмес. Буларга каршы 2 миң сарбаздан куралган жазалоочу отряд жиберилет. Бул отряд көтөрүлүштү басууга жетишип, жүздөгөн туткундарды, ошондой эле көптөгөн жылкы жана башка олжолорду алып, кайра келет. Мамыр болсо орус ээлигине — Капкага качып кетет, аны Кудаяр-хандын өтүнүчү боюнча Токмок уездинин начальниги 1874-жылы 15-июлда карман алып, Мамырдын таасири менен уездин аймагында да түштүктөгүдөй окуялар болбосун деп чочулап, аны Лепсинск станицасына которуп жиберет.

1874-жылы июлда Чаткалдын көчмөндөрү кайтадан көтөрүлүп чыгат. Булардын башында Мусулманкул, Момун Шамырза уулу жана Пулат хан турган. Ошол мезгилдин документтериндеги маалыматка караганда, көтөрүлүшчүлөр «өзүлөрү ынак мамиледе болсок деп үмүт кылып жүргөн орус бийликтери менен сүйлөшүүлөр ийгиликтүү чыкса, ишибизге пайдаланабыз деген максат менен Момунду (Курама уездинен чыккан орустун букарасы катары. — К.У.) өзүлөрүнө кошуп алышкан». Чаткалдан 10 миңге жакын көтөрүлүшчү Ала-Бука капчыгайы аркылуу Касан шаарын көздөй бет алат. Буларга жергиликтүү кыргыздар да кошулуп, көтөрүлүшчүлөрдүн саны дагы көбөйөт. Көтөрүлүшчүлөр салык жыйноочунун бирин жана хан чиновниктеринин бир нечесин колго түшүрүшөт. Чартак жана Жаңы-Коргон чептеринин бектери көтөрүлүшчүлөрдүн чабуулун Сафид-Булан кыштагынын жанынан токтотууга аракет кылышып, ушул максат менен 15 чакырым жерге 400 адамды топтойт. Бирок алардын бул ою ишке ашкан эмес. Көтөрүлүшчүлөр чечкиндүүлүк менен чабуулга өтүп, 1-августта «кокондуктарга кол салып, аларды коргон-чебин көздөй сүрүп ташташкан». Мында көтөрүлүшчүлөр да, кокондуктар да бир топ жоготууга учураган. Көтөрүлүшчүлөр Сафид-Булан кыштагын жана Чартак, Жаңы-Коргон чептерин алышат. Касан шаарын да эч салгылашсыз ээлеп, анын начальниги Намангандан алыс эмес жерде жайгашкан Төрө-Коргонго качып кетет. Аталган кыштактардын жана Касан шаарынын көптөгөн тургундары көтөрүлүшчүлөр тарабында салгылашкан.

Мына ушулардын бардыгы көтөрүлүштүн кубаттуу элдик кыймылга айланып кетүү коркунучун кабарлап турган эле. Ошон үчүн 1874-жылы 2-августта Кудаяр хан көтөрүлүшкө каршы өзүнүн дээрлик бүткүл аскер күчүн — Абдыракман Абтобачы жана Шахристан шаарынын беги, хандын бийик даражалуу төрөсү Иса-Олуя башчылык кылган 7 миң атчан аскерин жөнөтөт. Салгылаш Төрө-Коргондун жанында болот. Сан жагынан арбын болгонуна карабастан, начар куралданып, жакшы уюшулбаган көтөрүлүшчүлөрдүн отряддары талкаланат. Эки тарап тең чоң жоготууларга учурайт. Жүздөгөн көтөрүлүшчүлөр туткунга алынат. Мусулманкул олтүрүлүп, Пулат хан көтөрүлүшчүлөрдүн калганы менен хандыктын түндүк батышындагы тоолорго качат, ал эми Момун Шамырза уулу болсо Чаткалга кайтып келет.

Намангандын түндүк жагындагы тоолордо, Кызыл-Тогой өрөөнүндө көтөрүлүшчүлөрдүн калган болүгү өзүлөрүн күүп

келаткан жазалоочуларга сокку берүүгө аракеттенишип, бирок биротоло талкаланып калышат.

Хандын жазалоочу отряддары кулак угуп, көз көрбөгөндөй мыкаачылык иштерди жасашкан. Алар кыргыз айылдарын аёосуз талап-тоноп, өрттөп кетишкен. Ала-Бука, Өрүктү жана Касан дарыяларынын өндүрүндө көчүп-конуп жүргөн кыргыздар айрыкча ырайымсыздык менен жазаланган. Хандын жазалоочулары катын-баланы да, кемпир-чалды да аяган эмес. «Дарга аса турган атайын орнотмо жок болгондуктан», 1000 кишини даректарга асып кетишкен. Көтөрүлүшчүлөрдүн мал-мүлкү бүт бойдон жазалоочулар тарабынан таланып-тонолуп алынган. Жазалоочулар басып өткөн жолунда баарын кыйратып-талкалап, өрттөлгөн айыл-кыштактарды гана калтырышкан. Тартып алган олжосу — мал-мүлк менен хандын аскерлери өз борборуна — Коконго кайтып келишет. Кыргыздарды, кыпчактар менен өзбектерди ырайымсыз жазалап келгени үчүн Кудаяр хан Абдыракман Абтобачыга «парваначы» деген жогорку титул берген.

Хандын жазалоочуларынын мыкаачылыгы кыргыз элинин эркиндикти эңсеген духун майтара алган эмес. Кайра жергиликтүү элдин каршылык көрсөтүүсү күчөп, ал сансыз азаптозок алып келгендерге каршы багытталып турган. Бирок кыш кирип келип, ашуулар жабылып калганына байланыштуу көчмөндөр активдүү күрөш жүргүзүүнү убактылуу токтото турууга аргасыз болушкан.

Дээрлик бир жарым жылга созулган көтөрүлүштүн биринчи этабы (1873–1874-жж.) ушундайча аяктаган. Көтөрүлүш кеңири кулач жайганы менен ал негизинен, локалдуу жана стихиялуу мүнөздө болгон. Көтөрүлүш Түштүк Кыргызстандын бирде бир жеринен чыкса, бирде дагы башка бир жеринен чыгып чачкын болгон. Ага жергиликтүү калктын дээрлик бардыгы катышкан, көп учурда көтөрүлүп чыккандардын саны 10 миңге чейин, кээде 100 миңге жетип, андан да ашып кетип турган. Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчү кыргыз малчылары менен дыйкандары болгон. Кээде бул кыймылга хандын бийлигине нааразы болгон феодалдардын айрым өкүлдөрү да катышкан.

Бул этапта көтөрүлүш нагыз элдик-боштондук мүнөздө болгон. Ал Кокон хандыгынын үстөмдүгүнө каршы багытталып, көтөрүлүшчүлөр Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан Кокондун чептерин басып алып, талкалашып, хан бийлигинин өкүлдөрүн жок кылып турушкан. Көтөрүлүш көбүнчө Кыргызстандын түштүк аймактарында гана болгон. Кээде гана Өзбекстандын территориясына өтүп кетип турган. Өзбекстандын

Кокон бийлигинен бүлүнгөн эмгекчи эли көтөрүлүш чыгарган кыргыздарга жан тартып, а тургай көп учурда аларга жардам, колдоо көрсөтүп, кээ бир учурларда көтөрүлүштөргө өзүлөрү да катышкан. Элдердин ортосунда кастык мамилени туудурган феодал төбөлдөрдүн жана Кокон хандыгынын башкаруучуларынын саясатына баш ийбестен, бөлтөндүк кыймылынын жүрүшүндө кыргыздар менен өзбектердин эмгекчи калктарынын тилектеш болгонун баса белгилеп кетүү маанилүү.

Колониялык бийликтер Кокон ханына жана анын тегерегиндегилерге колдоо көрсөтүп, жардам бергенине (а тургай көтөрүлүшчүлөрдүн кээ бир жетекчилерин куугунтуктаганына) карабастан, кыргыздардын, жогоруда айтылгандай, орустар менен достук мамилени сактап калууга аракет кылганы да өзүнчө бир эсте каларлык сабак.

Көтөрүлүшчү кыргыздар хандын жазалоочуларынын ырайымсыз куугунтугунан жана тукум курут болуудан Россиянын букаралыгын кабыл алышыбыз гана сактап калат деп үмүт кылганын дагы бир жолу баса белгилөө керек. Алар мына ошондуктан Түркстандагы орус бийликтеринин өкүлдөрүнө көжөлүп, бир нече ирет кайрылышкан. Жогоруда айтылгандай, 1874-жылдын жазында Мамыр башында турган көтөрүлүшчү кыргыздардын бир бөлүгү Түркстан генерал-губернаторуна (орус букаралыгына кабыл алууну отүнүп) кайрылышкан. Ошол эле жылдын апрелинде көтөрүлүп чыккан 200 миң кыргыздын атынан жазылган катта (Россиянын букарасы, мурда Түркстан генерал-губернатору менен жакын мамиледе болгон жана орус тилин билген Жоробекке багышталган) өзүлөрүн Россиянын букаралыгын алууга сунуш кылууну сураган. Асыресе, алар катта мындай өтүнүчтү жазышкан: «...эгерде мүмкүнчүлүк болсо, жогоруда айтылгандардын бардыгы тууралуу генерал-губернаторго билдиргиле. Улуу урматтуу макул болсо, биз, Кокондун таалайсыз букаралары, Кудаяр хандын зулумдугунан кутулуп, бейкапар турмушта жашаар элек». 1874-жылдын майында кыргыздын мундуз уругунун 2 миң үй-бүлөсү кат жазып өз өкүлдөрүн падышанын акимине жиберишкен, ал катта мына бул өтүнүч айтылган: «Улуу даражалуу, Сизден бүткүл Россиянын падышасынын алдында бизди жана биздин ишенимдүү кишилерибизди өз улуу букаралыгыңызга кабыл алуу, биздин кишилерге көчүп-конуш үчүн жер бөлүп берүү тууралуу уруксат берүүңүздү сурайбыз».

Бирок жогоруда белгиленгендей, бул жолу да жана мындан башка аракеттер да өз убагында Түркстандын администра-

циясы тарабынан кабыл алынган эмес. Мындай көңүл бөлбөй коюу кыргыздардын Россия менен бириксек деген далалатын басаңдаткан эмес. Буга көтөрүлүшчүлөрдүн миңдеген үй-бүлөлөрү хандын жазалоочуларынан жанын ала качып, Түштүк Кыргызстандан ошол кезде Россияга карап калган Түндүк Кыргызстанга көчүп кетиши күбө болуп турат.

1875-жылдын орто ченинде кайрадан чыккан элдик көтөрүлүштөр хандыкты бүт бойдон өзбектер, кыргыздар, тажиктер байырлаган бүткүл аймакты кучагына алган. Тарыхый адабиятта бул көтөрүлүш өзүнүн камтыган аймагы, масштабы жана максаты боюнча анчалык туура келбесе да «Кокон көтөрүлүшү» деп аталган. Мурунку кыймылдар сыяктуу эле бул көтөрүлүш да феодалдык-хандык эзүүнүн катуу күчөп кетишинен улам чыккан.

Феодалдык-хандык эзүүгө каршы ачык күрөшкө тез эле өтүп кеткен бул толкундоо Өзгөн, Лейлек аймактарында башталган. Бул көтөрүлүштү да «Чаткалдагы өткөн жылдагы (1874-жылдагы — К.У.) көтөрүлүштүн туусу катары кызмат кылган» Ыскак Хасан уулу баштап чыккан, белгилүү болгондой, ал өзүн Пулат хан деп жарыялаган. Мурда болуп көрбөгөндөй кеңири аймакты камтыган бул көтөрүлүш крайдагы бүткүл эмгекчи элдин Кокон хандыгынын саясатына каршы бардык жерде болуп жаткан нааразылыгын билдирген.

Кудаяр хан көтөрүлүп чыккандарга каршы Абдыракман Абтобачы, Ийса-Олуя жана Халназар Эшик-Ага башында турган өзүнүн негизги күчүн жөнөткөн. Көтөрүлүштү басыш үчүн Анжияндан да артиллерия менен Кудаярдын уулу Насреддин (хан-заада) башчылык кылган 5 миң киши жиберилген. Курамында өзбек дыйкандарынын, кыргыз, кыпчак малчыларынын уулдары болгон жазалоочу отряд 17-июлда көтөрүлүшчүлөр тарабына өтүп кеткен. Көтөрүлүштүн кеңири кулач жайганын жана сан жагынан көтөрүлүшчүлөр артыкчылык кылганын көрүп, буларга жазалоочу отряддардын башчылары да кошулуп кеткен, бул отряд башчылары кол алдындагылардан айырмаланып, көтөрүлүштү өз кызыкчылыктары үчүн пайдалануну көздөшкөн.

Көтөрүлүшчүлөр Ош, Наманган, Анжиян, Асаке, дагы башка шаарларды ээлешкен, аларга ушул шаарлардын тургундары да кошулуп кеткен. Мындан көп өтпөй алар Маргалаң шаарын да алышкан. Эми көтөрүлүп чыккандар хандыктын борбору — Коконду көздөй жөнөшөт, бул шаарда да Кудаяр ханга, анын феодал төбөлдөрүнө каршы нааразылык күчөп турган болучу.

Элге жексур көрүнгөн хан өзүнүн көтөрүлүштү басууга жиберилген негизги аскер болугүнөн ажырап, ал тургай өзүнүн жакын көргөн жан-жөкөрлөрүнөн колдоо таппай, өз күчү менен элдик толкундоону басууга дарманы келбей калгандыктан өзүнүн калкалоочулары — падыша колониялык администрациясынан жардам сурап кайрылган. 20-июлда ал Түркстан генерал-губернатору Кауфманга өзүн сактап калууну суран кат жазат.

1875-жылдын 22-июлунда Кудаяр өзүнүн бүткүл үй-бүлөсү (70 аялдан турган), 500 жан-жөкөрү, 42 арабага жүктөлгөн казынасы менен падыша бийлигинен калканч издеп, Коконду таштап, Кожентти көздөй жол тартат. Аны бул сапарында 2000 сыпай, 4000 сарбаз жана 22 казак-орустан куралган взвод коштоп жөнөйт, взводго М.Д.Скобелев башчылык кылат. Ага орустун 9 көпөсү кошулат. Борбордун көтөрүлүп чыккан тургундары жаза көрсөтөбүз дешип, качкындардын артынан түшөт.

Абдыракман Абтобачы жана ага жакын санаалаш феодалдар мурдагы хан аскеринин тоболдөрүнө таянып, хан катары такка Насреддинди отургузушуп, көтөрүлүшчүлөрдүн жетекчиси — так талашкан Пулат ханды камакка алып, Махрам чебине темир торго камап ташташат. Пулат хан ал жерден бир айдан кийин, 22-августта Чаткалга качып чыгууга мүмкүнчүлүк алган. Чаткалда ал 1875-жылдын аягына чейин жашырынып жүргөн. Чын-чынына келгенде, Насреддин Абдракман Абтобачы менен анын жан-жөкөрлөрүнүн колундагы марионетка болгон. Көтөрүлүшчүлөр падыша бийликтери кас мамиле жасаарына жана хан менен феодалдарды ачык колдооруна ынангандан кийин, ошондой эле Скобелевдин башчылыгы менен казак-орус взводу качкан Кудаяр ханды, жан-жөкөрлөрүн калкалап-коштоп баратканын көрүп, колониялык бийликтердин өзүнө да каршы чыга башташкан.

Мындай учурда бийликтер да чара көрбөй койгон эмес. Тезинен 5 миң солдаттан жана казак-орустардан турган отряд куралат. Ал отряд 12-августта көтөрүлүштү басууга жиберилет. Отряд менен көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда катуу кагылыш болот. Көтөрүлүшчүлөр жазалоочуларга катуу каршылык көрсөтүшөт.

Аскер карьерасына жетип, «даңкка» болөнөбүз деп аракет кылган кээ бир падыша генералдары менен офицерлери көтөрүлүштү басууда «өзгөчө бөлүнүп чыгышкан». Көтөрүлүшчүлөр ырайымсыз түрдө жок кылынган, алардын ичинен жүздогону Сыр-Дарыяга чөктүрүлүп жиберилген.

29-августта Кауфмандын отряды борбор шар Коконду ээлейт, анын тургундары хараж, танап, дагы башка салыктарды күч менен төлөтүү үчүн катуу кысымга алынат.

Жаңы хандын жана падыша бийлигинин өкүлдөрүнүн салктан салык, хан үчүн жаңы аскер топтоо, ошондой эле чоң контрибуция жыйноо боюнча кысымы өзбек, кыргыз, тажик эмгекчилеринин мойнуна түшкөн кошумча оор жүк болгон. Жаңы көтөрүлүштүн чыгышына Насреддиндин аскерге кызмат кылгыла деп элди мажбурлаганы шылтоо болгон.

Насреддин көтөрүлүштү өзүнүн күчү менен басууга мүмкүнчүлүгү келбей, аскердик жардам сурап Кожент уездинин начальнигине кайрылган. Бирок жоопту күтпөй, падыша бийлигин баш маана кылып Кожентке качууга аргасыз болгон. Кокондогу көтөрүлүпчүлөрдүн ийгилиги жана Насреддиндин куулушу тууралуу тез эле бүткүл хандыкка тараган кабар социалдык жана улуттук эркиндик үчүн ийгиликтүү күрөш жүргүзгөнгө мүмкүнчүлүк бар экенине элди катуу үмүттөндүргөн.

Көтөрүлүш 1875-жылы сентябрдын экинчи жарымында хандыктын чыгыш аймактарындагы кыргыз, кыпчак жарым көчмөндөрүнүн арасында кайрадан жаңы күч менен алоолонуп чыгат. Ал өзбектер менен тажиктер отурукташкан аймактарга да тезинен тарайт. Көтөрүлүштү кайрадан Пулат хан менен Абдракман Абтобачы башкарган. Сентябрдын аяк ченинде көтөрүлүпчүлөр Анжиян шаарын ээлешип, буга ал шаардын тургундары да кошулат да, падышанын аскер отрядын биргелешип куугунтукка алууга киришет. Анжиян көтөрүлүштүн очогуна айланат. Бул жерге көтөрүлүпчүлөрдүн негизги күчтөрү топтолгон, алардын саны 60–80 миңге чейин жеткен. Өзбек менен тажиктин коңшу кыштактарынан жана айрым шаарларынан да көтөрүлүпчүлөр келип кошула берген, булардын ичинде тоо арасынан жана тоо этектеринен келген көптөгөн кыргыздар менен кыпчактар да бар эле.

Бирок кандуу катуу салгылаштан кийин 2-октябрдын кечинде Анжиянды жазалоочу отряд келип ээлеп, шаардын тургундарын ырайымсыздык менен жазалайт.

9-октябрда эртең менен көтөрүлүпчүлөрдүн көп сандаган отряды кайрадан Коконго келишкенде шаар тургундары аларга дарбазаны ачып берип, өзүлөрү да кошулуп кетишет. Көтөрүлүпчүлөр менен шаардыктар хан сарайына чабуул коюшат.

Ноябрдын аяк ченинде Анжияндын жанындагы катуу салгылашта алган оор жаратына карабастан, Пулат хан эки айдай Асакеде туруп, Маргалаң шаарына көтөрүлүп келет. Аны менен

бирге Маргаланга 14 замбиреги менен 4 миң көтөрүлүшчү кыргыздар да келет. Маргаландыктар аларды кубаныч менен тосуп алат. Скобелев жазгандай, 1875-жылдын аягы — 1876-жылдын башында Пулат хан менен Абдракман Абтобачы башында турган көтөрүлүшчүлөрдө «Маргаланда жана анын чөлкөмүндө топтолгон эбегейсиз элдик кол болгон», ошондой эле Нарындын оң жээгинде, Сыр-Дарыянын өйүз-бүйүзүндө жана Наманган шаарынан алыс эмес жерде да көтөрүлүшчүлөрдүн көп сандаган колу топтолгон. 1875-жылдын декабрынын орто ченинде шаардыктардын өзүн эсепке албаганда да Маргаланда 8–10 миңдей көтөрүлүшчү кыргыз турган. Ал эми бул шаардагы көтөрүлүшчүлөрдүн жалпы саны 80 миңге чейин жеткен. Буларга Пулат хан жетекчилик кылган.

Көтөрүлүшчүлөр жазалоочу отряддын мизин кайтаруу үчүн камылга көрө башташат. Асакедеги коргонуу ишин уюштуруш үчүн Пулат хан ал жакка Абдул Гафарды жиберет, өзү болсо 15-декабрда Коконго келет. Кокондун тургундары «аны абдан ардактап тосуп алышат... Мындан тышкары ага ар кандай куттуктоо сөздөр айтылган». Пулат хандын тапшырмасы боюнча көтөрүлүшчүлөрдүн айрым топторуна кыпчак Батыр кул, кыргыз Эшбото, өзбек Танаберди, тажик Исмандиар ж.б. жетекчилик кылышкан.

1875-жылдын ноябрында жана декабрдын биринчи жарымында көтөрүлүшчүлөрдүн алдыңкы бөлүгү Наманган — Кожент жолуна жана анын түндүк жагына бир нече ирет келет, айрым тобу Наманганга чейин келишкен. Ушул мезгилде жазалоочулар менен көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда 2-ноябрда Кепе кыштагынын жанында, 12-ноябрда Балыкчынын жанында, 18-ноябрда Ашабда, 30-ноябрда Тур-Дөбөдө, 2-декабрда Олжобайдын жанында жана 4-декабрда Байбачанын жанында бир катар кагылыштар болуп өтөт. Буларга көп сандаган көтөрүлүшчүлөр катышкан. Маселен, Балыкчынын жанындагы кагылышка 100 миңдей киши катышкан. Кагылыштардын кээ бири кадимкидей эле согушка айланып кеткен. Алсак, 18-ноябрда «тургундардын (Ашаб кыштагынын. — К.У.) каршылык көрсөтүүсү аябай өжөрлөнгөн мүнөздө болду», — деп жазылган архивдик документте, — баррикадалар менен ок атылчу көзөнөктөрдө кишилерди аткылашты. Кыштактын тургундары эч тайманбастан колдорундагы куралдары менен кошо курман болуп жатты: аялдар колуна бычак алып солдаттарды көздөй суурулуп, аларды таш менен ургулашты, кыштактын калкы бүт бойдон кырылып калды».

1876-жылы 26-январда көтөрүлүшчүлөрдүн калганы менен Пулат хан Үч-Коргонду көздөй багыт алды, ал бул жерде падыша аскерлерине сокку берем деп ниет кылган эле. 27-январда 5 миң атчан жана 100 жөө көтөрүлүшчү 5 замбиреги менен Үч-Коргонго түнөш үчүн келип токтошот. Пулат хан менен анын жан-жөкөрлөрү жана сарбаздары эки болуктон турган бекем чыңдалган чок ортону ээлешет. Биринчи болүгүнө Пулат хан менен анын жан-жөкөрлөрү, экинчи бөлүгүнө көтөрүлүшчүлөр келип жайгашат. 27-январдан 28-январга караган түнү падышанын барон Меллер-Закомельский башчылык кылган 450 солдаттан турган жазалоочу отряды көтөрүлүшчүлөрго капыстан кол салып, баш-аламан түшүрөт. Жазалоочу отряддын начальниги белгилегендей чабуулдун аңдоостон болгонуна карабастан, көтөрүлүшчүлөр жан аябастан ожорлонуп каршылык көрсөтүшкөн. Алардын бир бөлүгү «кол салуунун күтүлбогон жерден болгонуна карабастан, бой бербей чыйралып — Урдунду коргоого, бир бөлүгү дарыянын аркы ойүзүнө өтүп, штурмга алган колоннаны көздөй катуу ок атышкан. Бирок көтөрүлүшчүлөр катуу каршылык көрсөтсө да, мыкты куралданган жана үйрөтүлгөн солдаттарга туруштук бере алышпай, толук жеңилүүгө учураган, алардын көпчүлүгү бул катуу салгылашта курман болушкан.

Падышанын колониялык администрациясы көтөрүлүштү биротоло басып, ага катышкандардын эсинен кетпегидей сабак берүүнү ойлойт. Көтөрүлүшчүлөрдү жана көтөрүлүш чыгарган аймактардын калкын жазалаган ырайымсыз окуялар башталат.

1876-жылы январдын аягы — февралдын орто чениңде көтөрүлүш кыйратылат. Бирок көтөрүлүшчүлөр, айрыкча Кыргызстандын түштүгүндөгүлөр дагы эле каршылык көрсөткөнүн токтотушкан эмес.

Хандын жана падышанын аскерлеринин кандуу кыргындарынын натыйжасында Түштүк Кыргызстандын жана Кокон хандыгынын адамдарынын саны кескин кыскарган. Фергана өрөөнүнө жана анын калкына көтөрүлүш басылгандан кийин дароо изин суутпай атайын изилдөө жүргүзгөн академик А.Ф.Миддендорф мындай деп баса белгилеген: «курактык категорияда 15 менен 40 тын ортосундагы аялдар эркектерден байкалаарлык көптүк кылат. Бул көтөрүлүштү басуу учурунда 1875-жылы курал алып жүрүүгө жарактуу кара кыргыздардын көп өлтүрүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт».

Көпчүлүк эл катышканына, кеңири кулач жайганына жана узактыгына, көтөрүлүшчүлөрдүн өжөрлүгүнө жана чечкиндүү-

лүгүнө карабастан, көтөрүлүш ийгилик менен аяктаган эмес. Бул анын начар уюмдаштырылганына, стихиялуулугуна, көтөрүлүшчүлөрдүн начар куралданганына, бирдиктүү бекем жетекчиликтин болбогонуна, көтөрүлүп чыккандардын социалдык аңсезиминин чектелүү болгонуна, кээ бир феодал өкүлдөрүнүн чыккынчылыгына, ошондой эле хан менен падышанын регулярдуу аскерлеринин — жазалоочулардын курал жагынан, уюмдашкандык жана үйрөтүлгөндүгү жагынан артыкчылыктуу абалда болгонуна байланыштуу болгон.

Бул сөз болуп жаткан көтөрүлүш феодалдык-хандык эзүүдөн улам чыгып, хан башында турган феодал төбөлдөргө жана анын калкалоочусу жана коргоочусу — падышалыкка каршы багытталган эле. Көтөрүлүш антифеодалдык жана элдик-бөштөндүк кыймыл мүнөзүндө болгон. Көпчүлүк эл катышканы, кеңири кулач жайганы жана узак мезгилге чейин созулганы жагынан бул көтөрүлүш XX кылымга чейинки Орто Азия элдеринин тарыхындагы эң ири кыймыл. Ошол эле учурда өзүнүн социалдык жана улуттук курамы, максаты жана мүнөзү боюнча бул көтөрүлүш тарыхка татаал тарыхый окуялардын бири катары кирди. Ал үч жылдан ашуун убакыт созулган. Ага жүз миңдеген көтөрүлүшчүлөр катышкан. Көп учурда көтөрүлүшкө катышкандардын саны 70–80 миңге чейин жетип, андан да ашып кетип турган. Ал эми кээ бир учурларда көтөрүлүшкө катышып, өзүнүн социалдык жана улуттук эркиндиги үчүн күрөшкондөрдүн саны 200 миңден да ашып кеткен.

1873–1876-жылдардагы көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчү кыргыз, өзбек жана тажик эмгекчилери — Кокон хандыгынын жана анын чиновниктеринин талоончул саясатынын кесепетинен жардыланып, бүлүнгөн дыйкандар, малчылар, кол өнөрчүлөр болгон. Көтөрүлүшкө феодалдардын өкүлдөрү да катышкан, бирок алар көбүнчө өзүлөрүнүн жеке максатын көздөп, элдик көтөрүлүштү өзүнүн жеке мүдөөсү үчүн пайдаланууга аракет кылышкан.

Фактылай материалдар көрсөтүп тургандай, 1873–1876-жылдардагы көтөрүлүш хан башында турган Кокон феодалдары тарабынан эзилген өзбек, кыргыз, тажик эмгекчилеринин биргелешкен көтөрүлүшү болгон. Тарыхый тагдырлардын жалпылыгы, улам күч алып бараткан эзүү, аны падыша бийликтеринин колдоого алганы боордош элдерди бириктирип, социалдык жана улуттук бөштөндүк үчүн күрөшкө көтөргөн. Кокон хандарынын жана алардын таламын талашкандардын элдердин ортосуна улуттук кастык отун жагууга жана бири-бирине

ишенбөөчүлүктү ырбатууга жасаган жан далбасы эмгекчи калктын эзүүчүлөргө каршы жалпы күрөшкө чыгышына жолтоо кыла алган эмес.

1873–1876-жылдардагы элдик көтөрүлүш ийгиликсиз аяктаганы менен, чоң тарыхый мааниге ээ жана Орто Азия элдеринин тарыхындагы өзүнчө бир жаркын барак. Акыр аягы ал Кокон хандыгынын талкаланышына жана анын бүткүл территориясынын жана ага баш ийген региондордун, ошонун ичинде Түштүк Кыргызстандын Россиянын курамына кирүүсүнө алып келген. Падышачылык — Кокон хандарынын калкалоочусу Кудаяр ханды да, Насреддинди да кайрадан такка олтургуза алышпады. Мурда айрым практикалык ой-максаттардан улам түштүк кыргыздарды Россиянын букаралыгына кабыл алууну каалабаган падыша окмоту эми көтөрүлүштүн кулач жайышынан коркуп, Кокон хандыгын жоюуга аргасыз болду да, анын территориясын Россияга кошту. Бул тууралуу Түркстан генерал-губернатору Кауфман тарабынан 1876-жылы 2-февралда жазылган рапортто мына булар айтылган: «Калкты башкача жол менен тынчытууга мүмкүнчүлүк жок экенин көрүп падыша Император эми хандыкты (Кокон хандыгын. — К.У.) Улуу даражалуунун букаралыгына кабыл алууга уруксат берди». Чынында 1876-жылы 19-февралда Кокон хандыгы жана ага баш ийген Кыргызстандын түштүк бөлүгү Россияга бириктирилди. Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына кирген Фергана облусу түзүлдү.

Фергана өрөөнүнүн жана ага чектеш жаткан тоо этектериндеги жана тоолуу аймактардын Россияга бириктирилиши каратып алуу жолу менен ишке ашырылды. Түштүк Кыргызстан да ушундай жол менен каратылды, бирок Түштүк Кыргызстандын калкы андан мурда эле Россиядан жардам издеп, Россия менен бирге болууну өз ыктыяры менен каалап, анын букаралыгына өтүүнү эңсеп келген болучу.

Бул кезде Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймактары (асыресе, Алай жана дагы башка кээ бир жерлер) Россиянын ээлигинен тышкары калган эле. Аталган жерлердин калкы Россиянын аскери келатканда ага ачык эле каршылык көрсөтүп чыккан. Маселен, 1876-жылдын 26-мартында Сох кыштагынын түштүк тарабындагы Кара-Кыя деген жерде 800 кыргыз менен полковник М.К.Корольков командачылык кылган аскер отрядынын ортосунда кагылыш болуп өткөн. Бирок өлгөнү жана жарадары болуп ондогон кишисин жоготуп, кыргыздар артка чегинүүгө аргасыз болгон. Алайдын Россияга кошулушуна

Алымбек датка менен Курманжан датканын Абдылдабек, Оморбек сыяктуу уулдары каршы чыккан. 1876-жылдын апрелинде алар жергиликтүү элден куралган кошуунга башчылык кылып келип, капитан Исполат бек башчылык кылган орус отрядын талкалап салышкан.

Бул кырдаал, албетте, Түркстан крайынын администрациясын тынчсыздандырбай койгон эмес. Ушуга байланыштуу 380 солдат жана офицерден куралган отряд менен «Алайга атайын экспедиция» уюштурулган. Ал экспедициянын башына генерал-майор М.Д.Скобелев коюлган.

Курманжан датканын уулдары башчылык кылган 1500 кыргыз кыйынчылык менен жете турган, бийик тоолуу, Гүлчөдөн 25 чакырым аралыктагы Жаңырык деген жерде 25-апрелде Скобелевдин отряды менен беттешет. Түркстан генерал-губернатору «душман (кыргыз отряды. — К.У.) катуу салгылашып, кайраттуулукту көрсөттү» деп, алардын эрдигин мойнуна алууга аргасыз болгон. Салгылаш күн бою уланат. Акыры Скобелевдин отряды кыргыздарды ээлеген өңүтүнөн сүрүп чыгарат. Жоготуу, айрыкча кыргыздар тараптан өзгөчө көп болгон.

1876-жылы июлдун биринчи жарымында Алай менен Гүлчөнүн көчмөндөрү көтөрүлүп чыгып, 2 миң киши келип Турук-Шот дарыясынын жээгиндеги ыңгайлуу өңүттү ээлешет. Аларга Абдылдабек, Оморбек ж.б. жетекчилик кылат. 12-июлга караган түнү Гүлчө өндүрүндө көчмөндөрдүн бир бөлүгү падышанын чакан отрядына кол салып, мындан отряддын начальниги капитан А.Н.Куропаткин катуу жарадар болот. Кагылыш болгон жерге генерал-майор М.Д.Скобелев башчылык кылган отряд жиберилет. Кыргыздар «отрядга мылтыктан катуу ок жаадырып, чоң-чоң таштарды урата башташат». Полковник Вигенштейн белгилегендей, «кожолгон, катуу кармаштан кийин гана өңүттү (кыргыздардын. — К.У.) элеп алышат». Орус отрядына өзүнүн жигиттери менен Шабдан Жантай уулу жардам берген. Бирок Шабдан жергиликтүү элге жан тартуу менен мамиле кылып, чатакты тынчтык жол менен жөнгө салып, уруулаштарын кан төгүүдөн сактап калууга аракет кылган. Кыргыздар элүүдөн ашык кишисинен ажырап артка чегинген.

Жеңилгенден кийин Абдылдабек датка бир туугандары Мамытбек, Асанбек жана башка жан-жөкөрлөрү менен чек араны көздөй качууга аргасыз болот да, ал жерде көп өтпөй көз жумат. Курманжан датка уулу Камчыбек жана небереси Мырзапаяс менен кетип бараткында Вигенштейндин отряды тарабынан чек арада кармалып, Маргалаңга — Фергана облусу-

нун аскер-губернатору М.Д.Скобелевге алынып келинген. Скобелев айдың-таасирлүү жана акылдуу Курманжан датканы жергиликтүү элдин ири өкүлдөрүнүн бири катары баалап, жылуу кабыл алат. Акыйкатта да Алайдын бул ханышасын тийиштүү урмат-сый менен кабыл алып, Скобелев ага парча халат жаап, уулдарын падыша бийликтерине кызмат кылууга көндүрүүнү өтүнөт, буга Курманжан датка макул болгон.

Ушундан кийин 17380 үй-бүлө жашаган Алай — Гүлчө аймагы Россияга бириктирилген. Ошентип, бул аймакта Кичи Алай, Ноокат, Гүлчө, Өзгөн, Ак-Буура деген беш болуштук түзүлгөн, булардын бардыгы Ош уездине каратылган. Аталган болуштуктарды Курманжан датканын уулдары Камчыбек, Мамытбек, Асанбек жана Батырбек башкарган. Ушуну менен сөз болуп жаткан крайды каратып алып, Россияга бириктирүү процесси аяктаган.

Кайталоо жана өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Түндүк жана Түштүк Кыргызстан Россияга качан жана кандайча бириктирилген?
2. Кыргызстандын Россияга бириктирилишинин мүнөзү.
3. «Кокон көтөрүлүшү» жана анын мүнөзү.
4. 1873–1876-жылдардагы көтөрүлүштүн жетекчилери.
5. Кыргызстандын Россияга бириктирилишинин тарыхый натыйжалары.

Адабияттар:

Джамгерчинов Б. Дж. Присоединение Киргизии к Росии. — Фрунзе, 1959.

Джамгерчинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIX в. — Фрунзе, 1966.

Усенбаев К. У. Общественно-экономические отношения киргизов: (Вторая половина XIX—начало XX в.) — Фрунзе, 1980.

Халфин Н. А. Присоединение Средней Азии к России: (60–90-е годы XIX в.) — М., 1965.

Хасанов А. Х. Народные движения в Киргизии в период Кокандского ханства. — М., 1977.

10-БАП

КЫРГЫЗСТАН РОССИЯНЫН КУРАМЫНДА

§ 1. Падышачылыктын колониялык саясаты жана административдик-сот системасы

Кыргызстандын жаңы мезгилдеги колониялык доору жалпысынан 60 жылга созулган. Падышачылык өзүнүн колониялык саясатын жүргүзгөндө баарынан мурда «акырындык менен, этап-этап менен, ырааттуу түрдө» деген принципти жетекчиликке алган. Россия өкмөтүнүн административдик-укуктук жана социалдык-экономикалык саясатын жүзөгө ашыруу процесси эки чоң мезгилге бөлүнөт.

«Даярдык көрүү» деп аталган биринчи мезгил XIX кылымдын 60–80-жылдарын (1867–1886), б.а. Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлгөн 1867-жылдан тартып 1886-жылы Түркстан крайын башкаруу жөнүндө туруктуу «Жобо» киргизилгенге чейинки мезгилди камтыйт. Жергиликтүү калктын турмушунун бардык чөйрөсүндөгү укуктары ушул «Жободо» биротоло белгиленген. Бул мезгилде жергиликтүү шарттарды иликтөө, крайды башкаруу боюнча «Жобонун» долбоорлорун (1871, 1875, 1881-жж.) иштеп чыгуу сыяктуу иштер жүргүзүлгөн. Аталган мезгил алкагында крайлык бийлик тарабынан бир катар практикалык кадамдар жасалганы менен, падышачылыктын бүткүл колониялык саясатынын негизги принциптери Түркстанда XIX кылымдын 80-жылдарынын орто чендеринде гана ишке ашырылып чыккан.

Экинчи мезгил Түркстанда, ошонун ичинде Кыргызстанда падышачылыктын колониялык саясатынын негизги принциптерин турмушка ашыруу камтып, XIX кылымдын 80-жылдарынан тартып 1917-жылга чейин созулган. Колониялык саясаттын административдик, агрардык, адамдарды көчүрүп, жаңы жерлерге жайгаштыруу (переселение) соода-сатык, өнөр

жай, социалдык, руханий жана башка бардык масселелеринин аздыр-көптүр болсо да так принциптери иштелип чыгып, Февраль революциясы башталганга чейин акырындык менен жүзөгө ашырылып келген. Түркстандагы, ошонун ичинде Кыргызстандагы административдик-укуктук системаны уюштуруунун жалпы негиздери мурдатан эле Талаа комиссиясы тарабынан иштелип чыгып (1865-ж.), «Түркстан генерал-губернаторлугунун облустарын башкаруу тууралуу убактылуу жобосунун» (1867-ж) долбоорунда чагылдырылган. Ал боюнча аскердик жана административдик бийликтин бөлүнбөстүгү, жергиликтүү башкаруунун уюштурулушу империянын калган бөлүгүн башкаруу системасы менен бирдей болушу, саясий маселелерден башка ички иштерди жүргүзүү укугун жергиликтүү шайланма администрацияга калтыруу, жергиликтүү мыйзамды — шариатты, адат-салт жол-жоболорун «орус тартиптерине» биротоло өткөнгө чейин сактап туруу каралган.

Ушул көрсөтүлгөн принциптерди жетекчиликке алып, падыша администрациясы өзүнүн саясий жана экономикалык позициясы бекемделген сайын Кыргызстанга жалпы империяга мүнөздүү болгон административдик башкаруу системасын кийирген. А дегенде XIX кылымдын 50-жылдарынын ортосу — 60-жылдардын башында орус букаралыгын кабыл алган Ысык-Көл ойдуңунун, Чүй жана Кемин өрөөндөрүнүн, Ички Теңир-Тоонун кыргыздары Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугунун Семипалатинск облусуна караштуу Ала-Тоо округуна кийирилген. 1865-жылы көрсөтүлгөн аймактар, ошондой эле Талас жана Кетмен-Төбө өрөөндөрү Оренбург генерал-губернаторлугуна караган Түркстан облусунун курамына кошулган.

1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугу түзүлүп, ага Жети-Суу (буга Токмок уездинин Чүй жана Суусамыр өрөөндөрүнүн; Ысык-Көл уездинин Ысык-Көл ойдуңу менен Теңир-Тоонун кыргыздары кирген) жана Сыр-Дарыя (буга Олуя-Ата уездинин Талас жана жарым-жартылай Чаткал өрөөндөрүнүн кыргыздары кирген) облустары кирген. 1867-жылы 11-июлда «Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарын башкаруу жөнүндө убактылуу жобо» бекитилип, ал 1886-жылга чейин колдонулуп келген.

Россия империясы Кокон хандыгын каратып алгандан кийин 1876-жылы 19-февралдагы указ менен Фергана облусу түзүлгөн, ага Кыргызстандын түштүк бөлүгү кошулган. А дегенде ал облусту башкаруу али бекитиле элек «Түркстан крайын башкаруу жөнүндөгү жобо» (1873-ж) менен жүзөгө ашырылып

келген. Бирок 1886-жылдан тартып биротоло иштелип чыккан «Жобо» колдонулуп, мунун негизинде Түркстан генерал-губернаторлугу Түркстан крайы болуп кайра уюшулган. Жети-Суу облусу 1882-жылы Талаа генерал-губернаторлугуна, ал эми 1899-жылы кайрадан Түркстан крайына кошулган.

Азыркы Кыргызстандын территориясы ал кезде төмөнкү облустар менен уезддердин карамагында турган: Пишпек жана Ысык-Көл уезддери — борбору Верный шаары болгон Жети-Суу облусунун курамында, Талас өрөөнү борбору Ташкент шаары болгон Сыр-Дарыя облусуна караштуу Олуя-Ата уездинин курамында, Кыргызстандын түштүгү борбору Жаңы Маргалаң (кийин Скобелев ш.) болгон Фергана облусунун курамында; азыркы Лейлек районунун чакан бөлүгү Самаркан облусуна караштуу Кожент уездине кийирилген.

Ошентип, Кыргызстандын территориясы төрт облустун жана тогуз уезддин курамында турган. Мындай административдик структура кыргыз элинин этникалык, чарбалык, саясий жана руханий жактан консолидацияланышына, ички рыноктун калыптанышына абдан тескери таасир эткен. Административдик бирдиктерди түзгөндө падыша чиновниктери «бөлүп ал да, бийлик кыла бер» деген принципке таянышып, «башкарууга» жеңил болсун деген жападан жалгыз критерийди жетекчиликке алышкан. Тилдик жана маданий, этникалык белгилер караманча эске алынган эмес. Башкаруунун мыйзамдык актыларында аскердик-колониялык принцип негизги принцип болгон. Крайдагы жогорку бийлик толук бойдон генерал-губернатордун колуна берилген. Облустардын аскердик губернаторлору граждандык да, аскердик да бийликти жүзөгө ашырып турган. Алар облустарды тескөөчү, чарбалык жана сот бөлүмдөрүнүн жардамы аркылуу башкарган, бул бөлүмдөрдүн башында башкы кеңешчилер турган. Ал эми бардык облустук башкармалыктарды облустун вице-губернатору башкарган. Уездик начальниктер облустук губернаторлорго баш ийип, экиден жардамчысы болгон, алардын кенже жардамчысы жергиликтүү феодалдык төбөлдөрдүн өкүлү болгонго укуктуу эле. Бардык дайындалуучу кызмат орундары: крайдын генерал-губернатору, облустун аскер губернатору, уезддик начальник, өзгөчө учурларда приставдар милдеттүү түрдө аскер ведомствосунун өкүлдөрү, улуту боюнча орус, жогорку жана орто рангадагы офицер болуга тийиш эле.

Жергиликтүү бийлик катары эки баскычтуу «элдик-коомдук» башкаруу киргизилген. Алар болуштуктардан (орусчасы волость —

1000–2000 түтүндөн — үйдөн же кожолуктан турган аймактык-уруулук бирикме) болгон. Болуштуктар өз кезегинде көчмөн жана отурукташкан болуштук деп бөлүнгөн. Көчмөн болуштуктарда — айыл старчындыгы (орусчасы старшинство; айыл — 100–200 үйдөн турган аймактык-чарбалык бирикме), отурукташкан болуштуктарда — айыл аксакалдыгы, шаарларда маала аксакалдыгы иштеп турган. Булар жергиликтүү башкаруунун төмөнкү баскычтары болгон. Жергиликтүү башкаруунун бул түрлөрү жергиликтүү калктын граждандык бийлиги деп аталып, үч жылдык мөөнөткө шайланган.

Крайдык башкаруунун бүткүл системасы «аскердик-элдик» башкаруу деген наам алып, анын алдына алысты көздөгөн максат коюлган. Түркстанга стратегиялык маани берилип, аскердик жана граждандык бийликтин бардык чыгырыктары орус аскер чиновниктеринин — мамлекеттин жер-жерлердеги дворяндык-помещиктик төбөлдөрүнүн өкүлдөрүнүн колунда топтолуп, булар падышачылыктын башкы таянычы болгон.

Болуштук башкаруучулардан, старчындардан жана аксакалдардан турган «элдик-коомдук» башкаруу деп аталган мекеме падышачылыкка жергиликтүү феодалдарды тартып, таптык тилектештикти, жергиликтүү бийликтин «демократиялуулугун» көрсөтүүгө кылган аракет болгон. Мындай тактиканын так сары эсеби болгон — аны менен улуттук-боштондук кыймылдардын күчүн бытыранды кылып, жергиликтүү калктын баш кошуп, биригишин токтотуп, мүмкүн боло турган көтөрүлүштөргө өбөлгө түзүлүшүнө жолтоо кылуу эле. Бул кийинки максат болуштук башкаруучулукка шайлоо процессинде кандидатуралар уруулук белгилер боюнча көрсөтүлгөнү, шайлоо кампаниясынын жүрүшүндө сатып алуу, падыша чиновниктерине ири суммада пара берүү, топтордун өз ара касташуусу, кээде массалык кагылыштардын болуп кетишине чейин жеткен баш аламандык менен жетишилип турган.

Сот өндүрүшү Россиянын күчүндө турган мыйзамдары, 1867–1886-жылдардагы «Жоболор» менен, ошондой эле жергиликтүү адат укугу жана шарият менен жөнгө салынган. Бул болсо ал кезде орус сот өндүрүшү менен бирге жергиликтүү сот өндүрүшү да иштеп турган дегенди билдирет. Кыргызстанда да бардык крайдагыдай эле орус уезддик соттору жана аскердик-соттук комиссиялар түзүлгөн. Алар империянын күчүндө турган мыйзамдарын жетекчиликке алышкан. Жергиликтүү адамдар империянын жалпы кылмыш мыйзамдарына ылайык (барымтадан башкасы) жоопко тартылган. Кызмат адамда-

рынын өлтүрүлгөнү, өкмөткө каршы чыгуулар, казыналык транспорт менен почтага кол салуу боюнча кылмыш иштер аскер сотторунда каралган.

Жергиликтүү калк үчүн адат укугу менен эски укуктук уюмдар күчүндө калган. Көчмөндөр үчүн — бийлердин соттору, отурукташкан калк үчүн казылардын соттору сакталып калган, алар уезддик жана аскердик сотторго тиешеси жок иштерди кароого укуктуу эле. Бийлердин соту — адат укугунун, ал эми казылардын соту шарияттын нормаларын карманган. XIX кылымдын аягында улуттук-боштондук кыймыл күчөп турган шарттарда колониялык режимди чыңдоо зарылчылыгына байланыштуу крайда мировой жана облустук соттор түзүлгөн, алар кылмыш жана граждандык иштерди караган. Ошондой эле тергөө аппараты да түзүлгөн. Тергөөнү сот тергөөчүлөрү, мировой судьялар жана алардын жардамчылары жүргүзүшкөн.

Орус сотторунун штаттары колониялык чиновниктердин өкүлдөрүнөн, көбүнчө аскер адамдарынан дайындалган. Жергиликтүү судьялар шайлоо аркылуу шайланган. Көчмөн болуштуктарда — айылдарда бийлер, ал эми отурукташкан болуштуктарда — кыштактарда казы үч жылдык мөөнөт менен шайланган. Алар аскер губернатору тарабынан бекитилген.

Ошентип, орус өкмөтүнүн административдик-соттук саясаты бүт бойдон падышачылыктын колониялык системасынын принциптерине шайкеш келтирилген.

§ 2. Кыргызстандын XIX к. экинчи жарымында жана XX к. башы ченде экономикалык жактан өнүгүшү

Жер маселеси жана айыл чарбасынын абалы. Крайдагы айрым региондордун Россияга бириктирилишине жараша ал жерлерде жергиликтүү элдердин жерге карата болгон укуктарын тактап белгилеп берүү маанилүү маселеге айланган. Мыйзамдык актыларга ылайык жергиликтүү калктын жерлери мамлекеттик деп жарыяланган, мунун чоң саясий мааниси бар эле. Орус өкмөтү крайды башкарган биринчи күндөн тартып эле өзүн жердин жогорку ээси катары көрсөтө баштаган. Түркстандагы жер маселесин изилдөө процессинде борбордук маселе катары жерге ээлик кылуунун формасы жөнүндөгү маселе чыккан. Бул маселе боюнча орус бийликтеринде эки түрлүү пикир туулган. Өкмөттүк чиновниктердин бир катары жер

маселесин мамлекеттик менчиктин пайдасына чечүүнү артык көрүшкөн, ал эми дагы бир катары жерге болгон капиталисттик менчикти колдошкон, бул буржуазиянын кызыкчылыгына төп келген.

Крайды иликтеп-билүү ишине адамдардын кеңири чөйрөсү катышкан. Жер реформасын даярдоо үчүн атайын комиссиялар түзүлгөн. Комиссиялар менен айрым изилдөөчүлөр тарабынан реформанын бир нече долбоору даярдалган (даярдалган долбоорлор кайра иштеп чыгуу үчүн көп жолу кайтарылып турган). 1884-жылы январда Аскер министрлигинде Мамлекеттик советтин мүчөсү, граф Н.П.Игнатьевдин төрагалыгы менен комиссия түзүлүп, ага 9 министрлик менен ведомствонун, жергиликтүү бийликтердин өкүлдөрү кирген. Алардын колунда Түркстандагы жер маселесин 20 жыл бою иликтеген иштердин натыйжасы — бай материал болгон. Игнатьевдин комиссиясы тарабынан «Түркстан крайын башкаруу тууралуу жобонун» жаңы (ирети боюнча алтынчы) долбоору иштелип чыккан, бул долбоор Мамлекеттик советте каралып, Император тарабынан 1886-жылы 12-июнда бекитилген.

Ошентип, юридикалык жактан 1886-жылы гана Түркстандын жергиликтүү калкынын жерге карата мамилелери аныкталган, бул ошондой эле Кыргызстандагы жер саясатынын маңызын да чагылдырып турган.

«Жободо» жер мамилелеринин башкы маселеси 1886-жылы компромисс жолу менен чечилген, бул падыша өкмөтүнүн дворяндар менен буржуазиянын ортосунда эки тараптын тең кызыкчылыгын эске алуу саясатын мүнөздөп турат. Жер жалпысынан мамлекеттик менчик деп аталганы менен, «Жобонун» 255-статьясында: «Отурукташкан айыл калкына туруктуу түрдө укумдан тукумга өтүп келаткан, жергиликтүү салттын негизинде чектелген (амлак жерлери) жерлер бекитилип берилет» деп айтылган, бул жерге болгон жеке менчикти жарым-жартылай таануу болуп саналган. Жерге жеке менчик мамиле жөнүндөгү маселенин жарым-жартылай чечилиши өкмөттүн жерге болгон жергиликтүү жеке менчикке чек коюу жана аны жоюу боюнча курсун юридикалык жактан бекемдеп, жаңы, капиталисттик жер ээлигин акырындап өөрчүтүү күн тартибине коюлганын айкындайт. Мүлк артыкчылыгы (мүлк — жергиликтүү жеке менчиктеги жер) жоюлган. Ал эми вакуф жерлери болсо мурдагыдай кала берген. Бирок жаңы вакуфтарды түзүүгө генерал-губернатордун уруксаты менен гана жол берилген.

«Жободо» жерге ээлик кылуунун жаңы тибин түзүү да каралган. Отурукташкан калкка жерди жергиликтүү салттар боюнча да, орус тартиби (крепосттор) боюнча да сатууга жана сатып алууга жол берилген. Жерге ээ болууга орус букаралыгына өтүп, христиан динин туткандардын жана жергиликтүү калктын гана укугу болгон.

Көчмөн калкты жерге жайгаштыруу маселесине келгенде бийликтердин пикири негизинен бирдей чыккан: бул маселеде алар көчмөндөрдүн жерлерин мамлекеттик менчик деп таануу принцибин карманышкан, а бул принцип болсо падышачылыктын жер которуу саясаты менен тыгыз байланышта эле. Мисалы, Жети-Суу облусунун аскер губернатору Аристов минтип жазган: «Жерди кыргыздардын менчиги деп тааныганда, орус конуштарын көбөйтүү мүмкүн эмес...», андай болгондо кыргыздардын бардык жери алардын «менчиктүү жайыттары болуп калат да, бош жерлер жок болгондуктан көчүрүп келүүгө тыюу салынат». «Жобо» көчмөн элге мурастап пайдалануу үчүн кыштоо, жайлоо жана айдала турган жерлер деп, жердин үч түрүн берген. Көчүп-конуш үчүн бөлүнгөн жерлер жана мал айдалчу жолдор крайдын калкына жалпы пайдаланганга берилген.

1887-ж. облустук башкармалык тарабынан «Түркстан крайында жерге жайгаштыруунун тартиби» жана «Түркстандын отурукташкан жерлеринде жер-салык ишин жүргүзүүнүн эрежелери тууралуу инструкция» жиберилген. Бул документтер 1890-жылга чейин колдонулган.

Фергана облусунда жер-салык иштери 1890-жылдын жазында башталган. Ар бир уездде жер-салык комиссиялары түзүлүп, алардын алдына мындай кош милдет коюлган: отурукташкан калктын жерлерин жөнгө келтирүү жана салык ишин уюштуруу. Чектеп бөлүү иштери Анжиян (1890–1893-жж.), Маргалаң (1894–1897-жж.), Наманган (1897–1900-жж.), Кокон (1899–1903-жж.) уезддеринде жүргүзүлгөн.

Ошентип, жер-салык реформасынын негизги иш-чаралары жүзөгө ашырыла баштаган. Бирок 1886-жылкы «Жобонун» эрежелерин иш жүзүндө колдоно келгенде чыккан кыйынчылыктар, жер-салык комиссияларынын кашаңдыгы, салыктын калыстык менен бирдей салынбаганы аталган маселени кайра дагы бир кароо, жаңы мыйзамды иштеп чыга турган жаңы комиссия түзүү зарылдыгын туудурган. Ушул жаңы жер-салык комиссиясынын ишинин натыйжасында жаңы мыйзам иштелип чыгып, ал 1900-жылдын 10-июлунда бекитилген. Бул мыйзамга ылайык отурукташкан калкка «туруктуу түрдө, укумдан

тукумга өтүп, пайдаланылып, тескелип келаткан сугат, кайрак, иштетилбеген жерлер бекитилип берилген. Жердин жогоруда белгиленген үч категориясы калкка жөн эле бекитилип берилбестен, ал жерлерден жер салыгы да алынган, мында үчүнчү категориядагы (иштетилбеген) жерлер чын-чынына келгенде калкка эч кандай экономикалык киреше берген эмес. Жаңы мыйзамда казына кызыкчылыгынын баарынан жогору коюлганы, ага дыйкандардын кызыкчылыгы баш ийдирилгени ачык эле көрүнүп турган.

1900-жылкы мыйзамдын негизинде 1901–1910-жылдары Фергана облусунда кошумча түрдө жер-салык иши жүргүзүлгөн. Бул реформа жерге жайгаштыруу ишине тартыла элек кээ бир болуштуктарды да өзүнө камтыган. Ош уездинде, маселен, реформа бүт бойдон жаңы мыйзамдын негизинде жүргүзүлгөн (1903-жылдын апрелинен тартып 1905-жылдын жазына чейин).

1910-жылдын 1-январына карата жер реформасы 24 жылга (Фергана облусунда — 20 жылга) созулуп, Түркстандагы жер реформасы аягына чыкты деп эсептелген. 1911-жылдын 1-июлунан тартып Фергана облусундагы жер-салык мекемелери мыйзам тартибинде таратылган. Ал эми Кыргызстандын көчмөн болуштуктары болсо 1917-жылга чейин реформа тарабынан камтылбаган бойдон турган. Түркстанда падышачылыктын жер реформасынын мынчалык узак мезгил жүргүзүлүшүнө падышачылыктын жер саясатынын карама-каршылыгы, бул маселе боюнча башкаруу чөйрөсүндөгү талаш-тартыштар себепкер болгон. Казынанын жана үстөмдүк кылуучу таптын кызыкчылыгы сыяктуу кош фактор, ошондой эле түпкүлүктүү калктын нааразылыгынан чочулоо — падышачылыктын карама-каршылыктуу саясатын шарттап турган. Мындай карама-каршылыктуулук бири бирине эриш-аркак келбеген бир катар мыйзамдардан жана инструкциялардан байкалып турат.

Жер реформасынын мамлекеттин финансылык кызыкчылыктарына баш ийдирилгени калкка бекитилип берилген бардык жердин 64,4%ин кайрак жана иштетилбеген жерлер түзгөндүгү менен далилденет (Ош уездинде бул көрсөткүч 73,1%ке жеткен). Калкка кайрак жана иштетилбеген жерлер канчалык көп бекитилип берилсе, салык көлөмү ошончолук оор болгон. Аталган жерлер дыйкандарга жарыбаган эле киреше берген же дээрлик эч нерсе берген эмес.

Түркстанды 1908–1910-жж. ревизия кылган сенатор К.К.Пален калк кесипчилигинин дыйканчылык, өткөөл (аралаш чарбалуу), мал чарбачылык деген үч тибин көрсөтөт. Жер-салык рефор-

масынын материалдары боюнча XX кылымдын биринчи он жылдыгында Кыргызстанда, айрыкча анын түштүгүндө дыйканчылыкты кесип кылгандар басымдуу болгон. Көпчүлүк кыргыздар көчүп-конуп малын да багып, дыйканчылыкты да белсене жүргүзүшкөн. Кыргыздардын дыйканчылык иши туруктуу мүнөздө болгон эмес, ошентсе да айдоо аянттары жылдан жылга арбый берген. Буудай, арпа, сулу, таруу, жүгөрү, беде айдашкан. Кыргыздар өрөөндөр менен тоо этектеринде дыйканчылыктын жогорку аталган түрлөрүнөн тышкары пахтачылык, күрүч, жашылча, коон-дарбыз айдоо, багбанчылык, ошондой эле жибекчилик менен да кесиптенишкен.

Даректер Кыргызстанда товардык дыйканчылык өөрчүгөнүн ырастап турат. «Соодалык» дан эгини кеңири өрүш алышына чет-жакаларда соода дыйканчылыгынын Россиянын борбордук райондорунда өөрчүгөн өнөр жай менен тыгыз экономикалык байланыш түзө баштаганы түрткү берген. Дыйканчылыктын товардык мүнөзү көп сандагы тегирмендердин салынганы менен да ырасталып турат.

Илгертен колдонулуп келген адаттагы эмгек шайман-жабдыктары жана ык-тажрыйбалары менен катар жергиликтүү калк жаңы айыл чарба шаймандарын (орок, чалгы, темир соко, тырмоо, моло таш, эгин чапкыч, ат тырмоок, чөп чапкыч, дан бастыргыч, араба, чана ж.б.) пайдаланышкан.

Кыргызстандын түпкү калкынын негизги кесиптеринин бири мурдагыдай эле мал чарбачылык бойдон калган. Тоолуу жерлерде жана бийик тоолордо малды жайытта багуу пайдалуу болгон, анткени мында мал тоютту дээрлик жайыттан оттогон да, отурукташкан элдикиндей колдон тоюттандырганга караганда чыгым аз кеткен. Кыргыздар кой, эчки, жылкы, бодо мал, ошондой эле топоз, төө, эшек багып өстүрүшкөн. Мал чарбачылыгы негизинен экстенсивдүү мүнөздө болгон. Бирок көптөгөн жаңылыктар: кышка чөп, тоют камдоо, малды жайытта кармоо менен колдо багууну айкалыштыруу ж.б. XX кылымдын башында Кыргызстан мал чарбачылыгынын өзүнчө чарба тармагы катары интенсивдүү багытка өтө баштаганын ырастап турат. Мында маанилүү өзгөрүүлөрдүн бири катары аталган тармакты керектөөчүлөрдүн кызыкчылыгына ылайыкташтыруу, б.а. малдын базар муктаждыгына зарыл түрүн күчтүү өрүш алдыруу иши келип чыккан. Колониялык мезгилдин адепки учуруна караганда койдун асылдандырылган тукуму активдүү багып өстүрүлө баштаган. Кыргызстанга илимий ветеринариянын кире башташы, дарылоочу-ветеринардык пункттардын

пайда болушу интенсивдүү мал чарбачылыгынын өрүш алышына түрткү бербей койгон эмес.

Ошентип, Кыргызстандын айыл чарбасы колониялык доордо казынага мүмкүн болушунча көбүрөөк рента алууну көздөгөн Россиянын агрардык саясатынын таасири менен да, ошондой эле аста-аста артта калган крайды «дүйнөлүк чарбанын» айлампасына тарткан капитализмдин кеңири кулач жайып өнүгүш айдыңы менен да өрүш ала баштаган. Товардык дыйканчылык, өнөр жайлык мал чарбачылыгы телчип, ички рынок элементтеринин пайда боло башташы чарбанын патриархалдуулугун, түнтүгүн бузуп, жаңы буржуазиялык товар-акча мамилелерин түзгөн капитализм миссиясын мүнөздөп турат.

Көчмөндөрдү отурукташтыруу. Кыргызстан Россияга кошулгандан кийин болуп өткөн социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр кыргыздардын отурукташуу процессин күчөтүп, натыйжада XIX кылымдын 90-жылдарына карата түштүктө кадимкидей эле калк отурукташкан конуштар — кыштактар пайда болуп калган.

Ферганада жер-салык реформасынын жүрүшүндө кыргыз болуштуктарынын көпчүлүгү жерге отурукташуу аркылуу жайгаштырылган. Ал эми Кыргызстандын түндүгүндө жана Талас өрөөнүндө мындай иш аткарылмак тургай пландала да элек эле. XIX кылымдын 90-жылдары — XX кылымдын башында Кыргызстандын дээрлик бардык болуштуктарындагы жерге жайгаштырылбаган эң кедей калкы отурукташууга өтүүнү каалаганын билдирген. Отурукташкан тиричиликке өткөрүүнү сурагандардын саны бир топ эле көбөйгөн, бирок жапырт эмес эле. Көп эле көчмөн өзүнүн каалоо-өтүнүчүн ачык билдире алган эмес, анткени феодалдар өз уруулаштарынын отурукташкан тиричиликке өтүшүнө ар кандай жол менен жолтоо кылып турушкан. 1898-жылдын 4-апрелинде Чүй өрөөнүндө Талкан болуштугунун 33 чарбасы Таш-Төбө деген биринчи отурукташкан конушту түзүшкөн. Аларга 770 га жер бөлүнүп берилген.

Көчмөндөрдү отурукташкан тиричиликке өткөрүү боюнча орус бийликтери жүргүзгөн практикалык иш төмөнкүдөй бүткөн. Жер-салык реформасы жүргүзүлгөн учурда Фергана облусунда отурукташтырылбай калган болуштуктардын бири да кийин жерге жайгаштырылган эмес. Кыргызстандын түндүгүндө болсо отурукташуу боюнча анча-мынча гана иш жүргүзүлгөн. Таш-Төбө кыштагы юридикалык жагынан 1912-жылы гана катталып жазылган. Байтик деген наам менен отурукташкан жаңы болуштук түзүлгөн. Буга Пишпек уездиндеги Таш-

Төбө жана Чала-Казак деген эки кыштак кошулган. 1910-жылдан тартып Пишпек уездинин Чыгыш-Сокулук кыргыз болуштугун жерге жайгаштыруу башталган. 1915-жылдын январына карата кыргыздардын отурукташкан 10 болуштугу катталган, анын курамында 8267 түтүнү бар 67 кыштак түзүлгөн. Пржевальск уездинде 5 кыргыз кыштагы түзүлүп, орус болуштуктарына кийирилген. 1916-жыл жаңырганга чейин жерге жайгаштыруу Пишпек уездинин дагы 4 болуштугунда аяктаган.

Кыргызстандын отурукташуу процесси феодалдардын каршы чыгышынан, бюрократизмдин жана жергиликтүү бийликтердин маанисиз себептерди шылтоо кылып создуктура бергенинен, ошондой эле өкмөттөгү пикир келишпөөчүлүктөрдөн улам кечеңдегенин белгилей кетүү зарыл. Ошондой болсо да бул процесс такыр токтоп калган эмес, ага прогресстик көрүнүш катары гана баа берүү керек.


Падышалык жеке бийликтин тапчыл багытта иш жүргүзгөнү, жергиликтүү калктын ой-мүдөөсүнө көңүл бурбаганы мына буга алып келген: сөз жүзүндө көчмөндөрдү отурукташтыруу колдоого алынган да, иш жүзүндө бул маселе создуктурула берген. Мындай саясат чын-чынына келгенде көчмөндөрдөн мүмкүн болушунча Россиядан жер ооп келгендер үчүн түзүлгөн корго «артыкбаш» жерлерди көбүрөөк алуу максаты менен атайын жүргүзүлгөн.

Көчүрүп келүү (переселение) саясаты. Мамлекет үчүн жер которуу саясатынын саясий да, ошол эле учурда экономикалык да мааниси болгон. XIX кылымдын 90-жылдарынын аягына чейин өкмөт саясатында аскердик-саясий фактор үстөмдүк кылган. Падышачылык жер ооп келгендерди жергиликтүү калктын мүмкүн боло турган толкундоолоруна каршы күч катары жана «... граждандуулукту орнотууну көздөгөн кеңири максатка жана ...крайды орусташтыруу үчүн» пайдаланууга аракет кылган. Жер которуу кыймылынын башында Кыргызстанда дал ушул максат көздөлгөн эле.

Биринчи орус кыштагы бул жерде Токмок коргон-чебинин жанында Сибирь губернияларынан жана Россиянын европалык бөлүгүнөн келгендер тарабынан 1866-жылы түзүлгөн. Ал эми 1867-жылы Пишпекке (Бишкекке) жакын жерде Лебединовка кыштагы түзүлүп, андан 40 киши орун-очок алган.

Жер которуу кыймылы акырындык менен өөрчүп отурган. XIX кылымдын 70-жылдары Таластан Чүй ороонуно, андан Ысык-Көл ойдуңун көздөй кеткен аскер-соода жолдорунун боюнда бир катар кыштактар пайда болуп калган. Орус кыш-

XIX к. АКЫРЫНДА ЖАНА XX к. БАШЫНДА КЫРГЫЗСТАНДА ОРУС, ДУНГАН, УЙГУР КАЛКТАРЫНЫН ЖАЙГАШТЫРЫЛЫШЫ



тактарын жайгаштыруу атайын план боюнча жүргүзүлгөн. Генерал-губернатор Кауфман бул тууралуу минтип жазган: орус кыштактары «көп жерлерге түшүп, өз ара тыгыз байланышта болуп, ыңгайлуу жол катнаштарынын боюнда жайгашып, мүмкүн болушунча отурукташкан калк конуштарынын өзүнчө бир туташ тармагын» түзүп турганда гана өзүнүн күч-кубатына ээ болот. Болгондо да бул кыштактардан оокаттуу дыйкандар орун алышы керек.

XIX кылымдын 80-жылдарынан таптып жер которуу кыймылы кыйла кеңири мүнөз алып, экономикалык фактор катары чоң мааниге ээ боло баштайт.

XIX кылымдын 90-жылдарынын башында Россиянын европалык бөлүгүндө түшүмсүздүк, ачкачылык болгонуна байланыштуу өз бетинче жер оон келгендердин мурда болуп көрбөгөндөй толкуну каптап кеткен. Ушундан баштап Кыргызстандын түштүгүнө да келгиндер көп келе баштайт. 1893-ж. Ош уездинде 20 үй-бүлөдөн турган Покровка аттуу (Куршаб.—Т.К.) орус кыштагы түзүлөт. 1897-жылы дагы үч кыштак уюшулат. 1899-жылы Көгарт өрөөнүн колониялаштырууга негиз салган Благовещенск орус кыштагы пайда болот.

Өз бетинче жер оон келүү кыймылынын кулач жайышы падыша өкмөтүнүн планын бузган. Падышачылык өзүнүн негизги максаты — мүлктүү дыйкандардын эсебинен чет-жакаларда социалдык таяныч түзүүгө, ошол эле учурда өлкөнүн борбордук бөлүгүндөгү агрардык кризисти кандай болсо да солгундатууга аракет кылып, жер маселесин жөнгө салуунун жаңы жолдорун табууга далалаттанган. А дегенде жергиликтүү бийликтер өз бетинче жер оон келгендерди күч менен мурдагы турган жерине кайра кайтарып, бул кыймылдын толкунун токтотууга ниеттенген. Бирок Ички иштер министрлиги 1895-жылы 17-апрелдеги токтомунда бул жагдайга мындай тактоо кийирген: «айрым дыйкан үй-бүлөлөрүнүн мекенине кайтып келгени эч кандай натыйжа бербейт». Борбордук бийликтер «ишенимсиз адамдарды» чет-жакаларда, борбордон алысыраак кармоону туура көрдү.

XIX кылымдын 90-жылдары жер оон келгендердин айырмасы мында болчу: алардын басымдуу бөлүгү тууган жерлерин өзүлөрү ташпап кеткен дыйкандардын эң кедей бөлүгү эле. Жер которуу кыймылында ушул мезгилден тартып эң драмалуу окуялар башталып, «көчүп келгендерди жайгаштыруу үчүн бош жер издөө», «жер үлүшүнүн нормасын чектөө», «жаңы отурукташкан конуштарды каттоо» дагы башка ушул сыяктуу бир катар кечиктирилгис чаралар келип чыккан.

Бул маселелерди чечүү падышачылыктын саясатынын реакциялык маңызын, элге каршы мүнөзүн ачып көрсөткөн иш-чаралар менен коштолгон. Падышачылык үчүн негизги максат дыйкандардын өтө кедейленип кеткендерин чет-жакаларга «ыргытуу» жолу менен борбордук райондордо агрардык кризисти басандатуу эле. 1903-жылдын 10-июнундагы жана 1904-жылдын 6-июнундагы мыйзамдарда чагылган бул багыт 1906–1910-жылдардагы столыпиндик агрардык саясаттын жылдарында биротоло калыптанган.

Жер которуу кыймылынын учурунда жергиликтүү бийликтер борбордук губерниялардан жаңы келген дыйкандарды жерге орноштурууга үлгүрө албай калган, бул жагдай келгиндердин да, түпкү элдин да нааразылыгын туудурган. Ошентип, падышачылыктын чет-жакаларда өзүнө таяныч түзүп, өлкөдөгү агрардык маселени чечмек болгон жер оодаруу саясаты күткөн үмүттү актаган эмес.

Соода жана анын эволюциясы. Кыргызстандын Россияга бириктирилиши менен бул крайда интенсивдүү социалдык-экономикалык өзгөрүлүштөр байкала баштайт. Эгерде бул мезгилге чейин соода жөн гана алмашуу жолу менен жүрүп келсе, эми жарманкелик-сезондуу, андан соң туруктуу мүнөзгө өтөт. Чарба кандай типте болсо, ага оңого ылайык соода талап кылынган: көчмөн турмушка — алмашуу, жарым көчмөнгө — жарманкелик, отурукташкандарга туруктуу бир жерде жүргүзүлө турган соода ылайык болгон. Бирок сооданын бул түрлөрү бири биринен обочолонгон мүнөздө болгон эмес. Чарбанын ар бир түрүндө азыркы белгиленген соода түрлөрүнүн бири гана даана басымдуулук кылганы эле болбосо, анын үч формасы тең аралаш жүрө берген.

Адегенде орус бийликтери соодагерлердин ишине кийлигишпөө саясатын жүргүзүп келген, бирок Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү менен (1867-ж.) соода ишиндеги өз саясатын активдештирүүгө өткөн. Маселен, бардык соодагерлер — орусу да, азиялыгы да соода күбөлүгүн алууга милдеттүү болгон, бирок мында Түркстан крайында соода кылган орус көпөстөрү айрым артыкчылыктан пайдаланышкан (асыресе, 15 жылга чейин гильдия салыктарынан, рекруттук жана мамлекеттик милдеттүүлүктөн бошотулган).

Түркстанда жергиликтүү соода менен промыселдердин жанданышына көмөк болчу иш-чаралар акырындап аткарыла баштаган. 1879-жылдан тартып крайдагы шаар жана айыл тургундарына базар күндөрү жергиликтүү кол өнөрчүлүк буюмдарын салыксыз сатып, соода кылууга уруксат берилген. Фер-

гана облусунда зекет (зекет — көпөстүн соодадан түшкөн киреше-синен алынчу жыйым) системасы деген болгон, бирок 1885-жылы алынып салынып, анын ордуна орус империясында колдонулган эрежелер киийирилген.

1889-жылы Мамлекеттик промысел салыгы тууралуу жобо кийирилет, ушул жобого ылайык бардык соодагерлерге, ошонун ичинде талаа соодагерлерине да промыселдик салык салына баштайт.

1884-жылы 30-апрелде Мамлекеттик кеңештин чечими боюнча Түркстанда 3–5 жыл ичинде эн тамгалардын, чен-өлчөмдөрдүн, таразалардын бардык эски формалары менен түрү жаңыга, орустукуна алмаштырылат, акырындап «кокондор», «теңгелер» (Кокон хандыгынын түшунда колдонулган акчалар) алынып салынып, орус акчасы киийирилет.

Товар-акча мамилелеринин интенсивдүү өөрчүшүнө, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө, кыргыз айылдарынын отурукташуусуна байланыштуу алмашма соода улам барган сайын маанисин жогото баштайт. Орус администрациясы жүргүзгөн колдоо саясатына ылайык сооданын прогресстүү деп саналган ярмаркалык жана стационардык түрлөрү өнүгөт. Маселен, талаа жарманкелеринде Россиядан алынып келинген, жергиликтүү кол өнөрчүлөр жасаган, ошондой эле «кашкарлык» өнөр жай жана кол өнөрчүлүк товарлары аралаш сатылган. Бул жерден көпөстөр, мал чарба азык-түлүгүн эле эмес, кайра сатуу максаты менен өнөр жай жана кол өнөрчүлүк товарларын да сатып алып турушкан. Түркстан крайындагы эң чоң жарманке — Олуя-Ата жарманкеси болгон. Анда кээде 4 млн. сомго чейин товар жүгүртүлгөн. Ат-Башы жарманкеси да маанилүү болгон, бирок Каркыра жарманкесинин ачылышы менен (1893-ж) анын товар жүгүртүүсү төмөндөп кеткен.

Соода жактан шаарлардын маанисин көтөрүп, көчмөндөрдү соода-сатыкка көбүрөөк тартуу максатында шаарларда да жарманкелер уюмдаштырылган. Пржевальскидеги, Пишпектеги, Токмоктогу жарманкелер мына ушундай максат менен ачылган. Аденки ачылган жылдары алар ийгиликтүү иштеген. Мындай жарманкелер стационардык соода-сатыкка жолтоо болгон эмес, кайра аларга жуурулушуп кетип, туруктуу иштей турган «соода очокторуна» айланган.

Стационардык соода-сатык Кыргызстан Россияга бириккенге чейин эле калк отурукташкан жерлерде базар формасында жүрүп турган. Мындай соода-сатык ар апта сайын гана уюштурулганы менен, базар аянттарынын өзүндө күнүгө эле

боло берген. XIX кылымдын 80-жылдары Фергана облусунун шаарларында базарлардын иштерин тартипке келтирүү башталган.

1889-жылкы Мамлекеттик промысел салыгы тууралуу жобого ылайык базар туруктуу соода-сатыктын өзгөчө бир түрү катары каралып, ага соода ишканалары үчүн белгиленгендей салык салынып турган. XX кылымдын башында Пишпек, Пржевальск, Токмок, Ош, Өзгөн сыяктуу шаарлар соода очокторуна айланат. Кыргызстандын түштүгүндөгү көп аймактар Фергана облусунун соода-өнөр жай очокторуна ыктап турган. Түштүктө да, түндүктө да көп айыл-кыштактар маанилүү соода-сатык жайлары катары мааниге ээ боло баштайт. 1913–1914-жж. шаарларды эсепке албаганда 36 айыл-кыштакта 3 миндей соода дүкөндөрү болгон. Пишпекте — 139, Пржевальскиде — 171, Ошто 1300 соода-өнөр жай мекемеси иштеп турган. Соода дүкөнчөлөрү эл көчүп-конуп жүргөн тоолуу жерлерде да ачылган.

Кыргызстанда айрыкча XX кылымдын башында ички сооданын өнүгүшү көчмөн эл менен отурукташкан калктын ортосунда товар алмашуунун жакшы жүрүшүнө түрткү берген. Кыргызстандын түндүгүндө соода-өнөр жай, а тургай дыйканчылык менен кесиптенген калктын салыштырмалуу аз сандуулугунан бул жактын малчылары өз продуктуларын түштүктүн пахтачылык жана өнөр жайы менен кесиптенген аймактарына алып барып сата башташкан. Мал жана анын продуктуларын ал жакка жарманкелер жеткиришкен же малды ашуу аркылуу айдап барып турушкан. Ошентип, XX кылымдын башында Кыргызстанда товардык мал чарба өндүрүшү жаралган. Түндүк Кыргызстанда соода-сатыкка дыйканчылык азык-түлүгү да түшүп калган. Мындай азык-түлүктүн көбү ошо өндүрүлгөн жерлеринде эле сатылып, анча-мынчасы гана тышка чыгарылган. Дыйканчылык азык-түлүгүнүн маанилүү бөлүгүн өндүрүү кыргыздардын үлүшүнө туура келген.

Ал эми Түштүк Кыргызстанга келсек, бул жерде мурдатан эле кыргыз айылдарынын, өзбек, тажик кыштактарынын ортосунда соода байланыштары кызуу жүрүп турган.

XIX кылымдын 80-жылдарынан кийин Фергана өрөөнүндө техникалык өсүмдүктөр, баарынан мурда пахта айдалчу аянт кеңейтилип, өнөр жайында иштеген калк пайда болот. Мына ушундан улам отурукташкан калктын азык-түлүккө болгон муктаждыгы өсөт. Бул жагдай кыргыздардын отурукташуу процессин ылдамдатып, айдоо аянттарын көбөйтүүгө түрткү берген. Ош уездинде тышка сатууга чыгарылчу башкы азык-түлүк-

төрдүн бири дан болгон. Маселен, 1897-жылы уездде 4,2 млн. пуддай дан эгини жыйналып алынып, анын бир бөлүгү оту-рукташкан коңшу уезддерге чыгарылган.

Ошентип, өкмөттүн соода саясаты Кыргызстанда товар-акча мамилелеринин өөрчүшүнө түрткү болуп («объективдүү факторлор менен катар»), сооданын сейрек болуп туруучу алмашып алма түрүнөн сезондук-жарманке түрүнө, андан туруктуу соодага өтүүгө мүмкүндүк ачкан. Товардык дыйканчылыктын өнүгүшүнө башкы стимул болуу менен соода Кыргызстанда ички рыноктун өөрчүшүнө катуу түрткү берген. Бирок бул жерде мына бул жагдайды айта кетүү керек: бир нече облустун ортосунда «бөлүнүп калганына» байланыштуу Кыргызстан эки — Фергана жана Жети-Суу региондорундагы рыноктун тутумунда калган. Бул жагдай ички рыноктун жаралып, өнүгүшүн кыйындатпай койгон эмес, ал эми тигил региондордун очоктору болсо Кыргызстандын аймагынан тышкары жерде эле, ошондой болсо да анын Кыргызстандын территориясындагы контурларын көз алдыга элестетсе болот.

Майда товар өндүрүшү жана өнөр жайы. Колониялык мезгилде Кыргызстанда жай темпте болсо да, майда товар өндүрүшү өөрчүгөн. Бирок капитализмдин акырындап кулач жая башташы менен жергиликтүү промыселдердин кээ бир түрлөрү улам барган сайын кыскарып, алардын бир бөлүгү, маселен, металл жана жыгач буюмдар жасоо өндүрүшү мурдагы маанисин жоготуп койгон. Кыргыздар эми өз муктаждыгын Россиядан алынып келинген өнөр жай буюмдары менен канаат-тандырууга мүмкүнчүлүк алышкан.

Ошондой болсо да жергиликтүү көчмөн жана жарым-көчмөн калктын тиричилигине тике байланышкан кол өнөрчүлүктүн түрлөрү андан ары улана берген. Мындай кол өнөрчүлүк буюмдары, албетте, Россиянын өнөр жай товарлары менен теңтайлаша алган эмес. Ошондой болсо да крайдын Россияга биригиши менен кол өнөрчүлүк кесипчиликтеринин көптөгөн түрлөрү өз өнүгүшүндө жандануу процессин башынан өткөрө баштаган. Муну Кыргызстанда кол өнөрчүлөрдүн санынын өскөндүгү далилдеп турат.

Майда товар өндүрүшүнүн өнүгүш жагдайына келсек, өкмөт тарабынан бул тармакты жөнгө сала турган мыйзамдар кабыл алынган эмес. 1899-жылы кийирилген «Соода жана кол өнөрчүлүк эрежелери» дегенди эске албаганда ишкерлерди тиешелүү күбөлүк жана билет алууга милдеттендирип, майда товардык өндүрүшкө дем берип турган. Эрежелерге ылайык салыктан

16дан ашпаган жумушчу оруну бар, буу кыймылдаткычын колдонбогон, жел тегирмен жана суу тегирмен иштетпеген майда товар өндүрүүчү ишканалар бошотулган. Кол өнөрчүлүк ишканаларын колдоого алган мындай иш-чаралар майда товар өндүрүшүнүн өрүш алышына бир топ түрткү берип турган. Бу сыяктуу өндүрүштүн айрым түрлөрүндө эмгекти башкача уюштуруу байкалган: кээ бир кол өнөрчүлөр өз бүлөсүнүн эмгеги менен катар эле жалданма эмгекти пайдаланууга өтө башташкан. Бирок Кыргызстанда майда товардык өндүрүш капиталисттик өнөр жай өндүрүшүнө айланып кете алган эмес.

XIX кылымдын 80–90-жылдарынан тартып Кыргызстандын чоң кыштактарында да көбүнчө айыл чарба чийки заттарын иштете турган майда ишканалар пайда болот. 30 жыл (1883–1913-жж.) ичинде мындай ишканалардын саны 165тен 560 ка чейин жеткен. Булар кайра иштетүүчү, кен казып алуучу ишканалар, чоң тегирмендер ж.б. эле. Мындай ишканалар негизинен кол эмгегинен пайдалануу менен иштеп турган. Ал эми кустардык өнөр жай ишканаларынын көбүнө өнөктүк мезгилде гана иштөө мүнөздүү болгон.

XX кылымдын башында кайра иштетүү өнөр жайында, кен казып алуу өнөр жайында да Россиянын, аздыр-көптүр чет өлкөлөрдүн капиталы киришине байланыштуу мурдагыга салыштырганда ири капиталисттик ишканалар пайда болгон. Булар техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча өлкөнүн борбор жагындагы фабрика-завод тибиндеги капиталисттик ишканага ылайык келген. Ошол кезде Араван, Найман кыштактарында салынган пахта тазалоочу заводдор, Пишпек, Пржевальск, Ош шаарларындагы пиво, булгаары заводдору жана жүн жуугуч ишканалар, ошондой эле Кыргызстандын аймагындагы көмүр казып алуучу жайлар, нефти промыселдери буга айкын мисал.

Капитализмдин өнүгүү процессине байланыштуу падышачылыктын саясатында аскердик-феодалдык империализм (падышачылык) менен азыркы эл аралык капитализмдин (Россиялык жана чет өлкөлүк капитал айтылып жатат) ортосунда карама-каршылык айкын көрүнө баштаганы жогоруда белгиленди. Түркстанда чет өлкөлүк капитал тарабынан экономикалык рычагдарды тартып алуу коркунучу туулганда, падышачылык менен Россия (Великорусь) капиталынын кызыкчылыктары төп келген: тигиниси да мунусу да чет өлкөлүк капиталдын сөз болуп жаткан чет-жакаңы эксплуатациялоого кийлигишүүсүнө жол бергиси келген эмес.

Бул принцип расмий мыйзамдардан өз ордун тапкан. 90-жылдардан тартып Россия, ошондой эле эл аралык капитал үчүн бай сырьёлору жана киши күчү бар Түркстан капитал салуунун объектиси катары чоң кызыкчылык туудуруп турган. Иш жүзүндө чет өлкө капиталынын Түркстан крайынын экономикасына кириишине чектөө бар эле. XIX кылымдын 90-жылдарында өнөр жай мекемелерин куруу, ошондой эле жер алдындагы кен байлыктарды иштетүү үчүн өнөр жай мекемелерин куруу үчүн жер аянттарын бөлүп берүүгө уруксат берүүчү бир катар сунуштар четке кагылган. Маселен, француз Алоиздин буу жибек түргүчүн куруу жөнүндө сунушу, «Заверпе», «Нейфельд жана К», текстиль коомдорунун сунушу, Петербургдагы «Надежда» камсыздандыруу компаниясынын, «Братья Шлесберг» соода үйүнүн жана башка структуралардын сунуштарын ж.б. атаса болот.

Ошентип, ири өнөр жайга байланыштуу саясат (кайра иштетүүчү да, кен казып алуучу да) чет өлкөлүк капитал үчүн негизинен кысымга алуу мүнөзүндө жүргүзүлгөндүктөн Кыргызстанда тоо өнөр жайы өнүкпөй токтоп турган. Орус өкмөтү болсо крайдын жаратылыш ресурстарын көбүнчө орус капиталисттери пайдаланса деп далалат кылган. Ошондой болсо да чет өлкөлүк ишкерлер менен акционерлердин айрым бир тобу Түркстанга келе алышкан. Демейде бул иш Россияда түзүлгөн коомдордун курамындагы чет өлкөлүк капиталды катыштыруу же мүчөлөрү көбүнчө Россиянын букаралары болгон коомдордун курамында жүзөгө ашырылган. Ошентип, XX кылымдын башында «Андреев соода-өнөр жай шериктигинин башкармасы», «Волга-Кама банкы», «Людвиг Рабанек» мануфактураларынын шериктештиги» сыяктуу фирмалар, Ферганадагы «Чимион» мунай зат-тоо кен өнөр жай акционердик коому, «Кызыл-Кыя» акционердик коому жана башка структуралар активдүү түрдө иш жүргүзө баштаган.

1913-жылы Кыргызстандын аймагында ар кайсы тармакка тиешелүү 32 ишкана, алардын ичинде: 7 ташкөмүр кени (1 миндей жумушчу иштеген), 2 мунай зат промысели, 2 пахта тазалоочу завод, 7 жүн жуугуч, 2 май заводу, 2 пиво заводу, 5 кайчы жылма таш дөңгөлөктүү тегирмен жана бир нече ишкана болгон. Булардын кыйла ирилери Токмоктогу (100 жумушчу) жана Пишпек уездиндеги (235 жумушчу) жүн жуугуч заводдор, Оштогу пиво заводу (84 жумушчу), 2 ташкөмүр шахтасы: Кызыл-Кыядагы (598 жумушчу) жана Сүлүктүдөгү (207 жумушчу) шахталар болгон.

Жалпысынан Түркстан крайында өзүнүн өлчөмү жана техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча кайра иштетүүчү өнөр жай басымдуулук кылса, Кыргызстандын аймагында тоо-кен өнөр жайы үстөмдүк кылып турган. Кыргызстанда иштеп жаткан акционердик коомдордун көпчүлүгүнүн капиталдары (бул жерде 10дон ашык акционердик коом болгон, алардын жүгүртмө каражаты 10 миллион рублга чейин жеткен) тоо-кен ишине салынган. Анын үлүшүнө продукциянын 50%, жумушчулардын 59% туура келген.

Жол катнашы. Кыргызстанда жол катнашынын өнүгүү мезгили шарттуу түрдө эки мезгилге бөлүнөт — 1860–1900 жана 1900–1917-жж. Биринчи мезгил үчүн көчүп, мал айдоочу, айылкыштактар ортосундагы, кербен-жүк ташуучу, соода-почта тракты жана дөңгөлөктүү транспорт жүрө турган жолдор мүнөздүү болгон. 1868-жылы Ташкен — Верный — Кастек — Токмок жана андан ары Сан-Таш ашуусу аркылуу Ак-Суу чеп-коргонуна чейинки соода-почта жол катнашы калыпка келтирилген. 1870–1871-жж. Курдай ашуусу аркылуу Верный—Кара-Кол жана Пишпек, Токмок, андан ары Ысык-Көлдүн түндүк жээги менен кеткен почта-соода жол катнашы пайда болот. Ал эми 1872-ж. Пишпекти Боом капчыгайы аркылуу Кара-Кол менен түз байланыштырган дөңгөлөктүү транспорт жүрүүчү жол салынат.

1872–1873-жж. Жоон-Арык капчыгайы аркылуу Токмок—Нарын жолу курулат. Дөңгөлөктүү транспорт жүрүүгө ылайыкталган бул кара жол Жети-Суу областынын Кашкар менен транзиттик соода жүргүзүү ишинде эң чоң ролду ойногон. 1880-жылдан тартып Көтмалды—Нарын почта жолу иштей баштаган.

XIX кылымдын 80-жылдарынын башталышы менде Кыргызстандын түндүгүндө Пишпек жана Пржевальск уездеринин бардык ири айыл-кыштактарын байланыштырган жолдордун тармагы (Верный-Ташкен кара жолунун өйүз-бүйүзүндө) түзүлгөн. Бул жол тармагы айыл-кыштак ортосундагы, кербен жүрүүчү, элдин турмушунда байкаларлык роль ойногон жергиликтүү маанидеги көчүп-конуу жана мал айдоо үчүн ылайыкталган майда жолдор менен толукталган.

Түштүк Кыргызстанда жол куруу жумуштары XIX кылымдын 70-жылдарынын аягынан тартып жүргүзүлө баштаган. А дегенде жергиликтүү элдин жардамы менен атайын отряддар мурдагы кербендер жүрчү, жүк ташылчу жолдорду жана ашууларды тазалашып, жаңы жолдорду курушкан. XX кылымдын башталышына жакын менде Кыргызстандын түштүгүндө:

Анжиян—Ош, Жалал-Абад—Өзгөн, Ош—Куршаб, Ош—Гүлчө, Наманган—Кетмен-Төбө—Нарын, Фергана—Үч-Коргон—Алай—Каратегин, Ош—Хорог жол катнаштары болгон. Жүк унаа жолдору Жалал-Абад менен Өзгөндөн түндүктү көздөй Чаңгыр-Таш, Көгарт, Яссы ашуулары аркылуу өткөн. Ал мезгилде ири соода-өргүү пункту Ош шаары болгон, бул шаар бардык коңшу уезддер, ошондой эле транспорт байланышы бар Каратегин, Куршаб жана Кашкар менен туташып турган.

XX кылымдын башында Кыргызстандын түштүк аймактарын анын түндүгү менен байланыштырган дөңгөлөктүү транспорт жүргүдөй жол катнашын курууга аракеттер жасалган. 1900-жылы Анжиян—Ош—Өзгөн—Жазы—Нарын дөңгөлөктүү транспорт жана мал унаа жол катнашын куруу боюнча изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Бул мезгилде жол куруу ишине экономикалык жана саясий чоң маани берилген, анткени жол эки регионду ортосундагы дыйканчылык жана мал чарбачылык продуктуларын алмашууда, сооданы өөрчүтүүдө жана орустун дыйкандарын Теңир-Тоонун тереңиндеги аймактарга отурук-таштырууда маанилүү роль ойногон. Аталган кара жолдун курулушу негизинен 1904-жылы бүткөрүлгөн. Мындан тышкары бул мезгилге карата 1898-жылы эле башталган Ош—Гүлчө—Эркештам—Кашкар дөңгөлөктүү транспорт-жүк ташылчу, соода-почта жолунун курулушу дагы аяктаган. Жол салуу орус солдаттарынын жана кыргыздардын кол күчү менен бекер бүткөрүлгөн. Ал эми салынган жолдорду оңдоо жана бузбай кармап туруу бүт бойдон жергиликтүү калктын мойнуна жүктөлгөн.

Экинчи мезгилде (1900–1917-жж.) бул жерде мурда болуп көрбөгөн жол катнашынын жаңы түрлөрү жана каражаттары — темир жол, автомобиль жана суу транспорттору пайда болот. Түркстанда транссибирь темир жол магистралынын курулушу менен Россия капиталы үчүн чынында да борбордук Азияга жол «ачылган».

Кыргызстанда биринчи кууш колеялуу темир жолдор ташкөмүр казылып алынчу жерлер менен темир жол станцияларынын (Кызыл-Кыядан Скобелев станциясына чейинки, Сүлүктүдөн Драгомиров станциясына чейинки) ортосунда, 1908–1911-жж. курулган. Бул жылдары пахта айдоочу райондордон мурда иштеп турган темир жолдорго туташтырыла турган кошумча темир жолдорду куруу долбоорлонгон. Бирок колониялык мезгилдин аягына чейин (1913–1916-жж.) кеңири колеялуу темир жолдордон Анжыяндан Жалал-Абадга чейинкиси гана курулуп бүткөн.

1916-жылы Оштон Коргон-Төбө станциясына жүк жеткирүүчү автомобиль станциясы ачылган. Ушундай эле авточарба Чүй өрөөнүн (Чупр) сугаруу боюнча башкармалыктын карамагында да болгон, мында беш автомашина бар эле. Транспорттун дагы бир жаңы түрү Ысык-Көлдөгү суу транспорту болду. 1916-жылга жакын ченде көл менен жүк-карагай ташый турган 6 баркас жана дан, жүн ташый турган дагы 6 парустуу кеме жүргөн.

Байланыш. Россиянын соода-өнөр жай буржуазиясынын кызыкчылыктарын жүзөгө ашыруучу маанилүү каражаттардын бири почта байланышын жөнгө салуу жана телеграф линиясын куруу болгон. А дегенде Кыргызстанда уезддердин борборлорунда почта конторалары, бир катар калктуу конуштарда почта станциялары жана бөлүмдөрү уюштурулган. Бирок почта байланышы абдан эле жай өнүккөн. Маселен, биринчи дүйнөлүк согуштун алдында Кыргызстанда 10 чакты гана байланыш мекемеси иштеген. Биринчи телеграф станциясы Пишпекте 1873-жылы 9-майда ачылган. Бир нече телеграф линияларын куруу долбоорлонсо да, алардын курулушу создуктурула берген. Маселен, 1887-жылы курулушу долбоорлонгон Пишпек-Кара-Кол телеграф линиясы 1900-жылы гана арак курулган. Ош шаарында телеграф станциясы 1880-жылы ачылган, бирок анын Гүлчө чеп-коргонуна чейинки уландысы 1894-жылы арак бүткөрүлгөн.

1915-жылдан тартып Кыргызстанда жападан жалгыз Пишпек темир жолунан Арыс станциясын көздөй кеткен темир жолдун боюндагы 11 точканы тейлеген телефон линиясы гана иштеген.

Шаарлар жана калктуу конуштар. Ош, Өзгөн шаарлары, ошондой эле Жалал-Абад, Сузак, Кербен, Араван, Үч-Коргон, Гүлчө сыяктуу ири конуштар орто кылымдардан бери эле белгилүү. Ал эми мындан башка көптөгөн шаарлар менен айылкыштактар Кокон хандыгы жана Россия империясы сурак жүргүзүп турган мезгилде пайда болуп, өнүктү. Маселен, Пишпек (Бишкек), Токмок, Кара-Кол, Кара-Балта, Куртка, Ат-Башы жана башка калктуу конуштар Кокондун чептери жана чеп-коргондору катары XIX кылымдын 20–30-жылдары курулган. Акырындап буларга жакынкы жерлерде соода-кол өнөрчүлүк кыштакчалары өсүп чыккан. Орустардын келиши менен бул жерлер оторчул бийликтердин аскердик-административдик жана чек ара бекеттери болуп туруп, кийин гана акырындап өзүнүн түз маанисиндеги шаарларга айланган.

1864-жылы Кокондун талкаланган Пишпек (Бишкек) чебинин жанында орустун аскердик бекети (пикет) курулган. Кийин ошол бекеттин жанында соода жайы пайда болуп, биринчи орус келгиндеринин үйлөрү салынган. 1878-жылы жака-бели кеңейип өскөн бекет Токмок уездинин борбору болуп калган, ошол мезгилден тартып ал Пишпек атала баштайт. Ал 1878-жылдан тартып уезддин административдик борбору катары кызмат кылгандыктан, империянын мыйзамдарына ылайык Пишпек *шаар* деп аталат. Географиялык жактан ыңгайлуу жерде турганы жана ага жаңы саясий макам (статус) берилгени Бишкектин ылдамдык менен өнүгүп-өөрчүшүнө түрткү берген. XX кылымдын башында Пишпек Кыргызстандын ири соода-өнөр жай, саясий жана маданий борборуна айланат. Ушуга ылайык анын калкы да өсөт. Пишпек ошондо эле көп улуттуу шаар болгон: анда орустар, украиндер, кыргыздар, казактар, дунгандар, өзбектер, татарлар турган. Бул шаардын калкы соода-өнөр жай иши менен да, айыл чарбачылыгы менен да эмгектенген. Пишпек ошондой эле Жети-Суу менен Түркстандын ортосундагы транзиттик соодада да маанилүү роль ойногон.

Мурдагы чеп-коргон Токмок аты уйкаш уезддин борбору катары 1867-жылы шаар деп аталат. 1878-жылы администрациянын Пишпекке которулушуна байланыштуу Токмоктун аты Чоң Токмок болуп өзгөрүлөт. Токмок Чүй өрөөнүндөгү экономикалык, саясий жана маданий жагынан алганда экинчи ири калктуу конуш болгон.

1870-жылы Кара-Кол аттуу орустун жаңы чеп-коргонуна негиз салынган, бул чеп-коргон кийин шаар макамын алган. 1889-жылы саякатчы Н.М.Пржевальскийдин урматына Пржевальск деп аталган. Бул шаардын калкы орустардан, кыргыздардан, уйгурлардан, өзбектерден, татарлардан, ошондой эле, 1877-жылы Ысык-Көл ойдуңуна жер ооп келген качкын дунгандардан куралган. Ал шаар соода-экономикалык жагынан көрүнүктүү мааниге ээ болуп, Ысык-Көл боюндагы соода-сатыктын очогу катарында жана Кыргызстандын ички, тышкы соодасында байкаларлык роль ойногон.

Колониялык мезгилде Кыргызстандын түндүк аймактарында бир катар айыл-кыштактар жана соода жайлары пайда болгон. Булардын көпчүлүгү көчүрүп келүү саясатынын биринчи этабында (XIX кылымдын 60–90-жылдары) орус бийликтеринин уруксаты боюнча түзүлүп, «эски тургундардын конуштары» деп аталып, дарыялар менен соода жолдорунун бойлорунда жайгашкан. 90-жылдардан кийин пайда болгон айыл-кыштактар

«жаңы тургундардын конуштары» деп аталып, аларга негизинен өз бетинче жер ооп келген орус дыйкандары жайгаштырылган.

Эски тургундардын кыштактары демейде чарбалык-маданий очоктор катары кызмат кылып, калкы арбын болгон. Буларга Чүй өрөөнүндөгү Чалдыбар, Кара-Балта, Беловодск, Новотроицкий (Сокулук), Лебединовка (Аламүдүн), Ысык-Көл боюндагы Сазановка, Алексеевка (Ой-Тал), Преображенский, Теплоключенка, Покровка; Талас өрөөнүндөгү Покровка, Дмитриевка, Александровка, Ключевка, Грозный кыштактары кирген. XX кылымдын башында Кыргызстандын түндүгүндө жүздөн ашуун кыштак орун алган, анын 19у ири кыштак болгон (мунун ичинде бешөө жаңы отурукташкандардыкы), булардан 10 кыштакта 2000 ден 4800 чейин тургун жашаган. Кыргызстандын түндүгүндө орус-украин кыштактарынан тышкары 2 дунган айылы: Ысык-Көлдө Мариинск (1912-жылы 2500 тургуну болгон) жана Чүй өрөөнүндө Александровка (3200 тургундуу), ошондой эле Талас өрөөнүндө Николайполь, Владимировка, Андреевка, Романовка, Орловка деген немец кыштактары болгон, булардын ар биринде 100дөн 500гө чейин тургун жашаган.

Орус-украин, дунган жана немис кыштактарынын калкы негизинен дыйканчылык кылышкан, мындан тышкары мал чарбачылыгы, аарычылык, соода, жүк ташуу жана башка промыселдер менен да эмгектенишкен.

XIX кылымдын 80-жылдары Борбордук Теңир-Тоо шаарча тибиндеги Нарын жана Ат-Башы соода кыштактары пайда болот. Нарын кыштагы 1868-ж. курулган аты уйкаш чеп-коргондун жанына түшүп, бийик тоолуу Теңир-Тоонун чарба, соода, маданий очогуна айланган. Калкы көп улуттуу болгон, 1913-ж. мында 1600 адам жашап турган. Ат-Башы кыштакчасы болсо Кашкарга кеткен кербен жолдо жайгашып, бул жерде бажыкана, Ат-Башы жармаңкеси уюшулган.

XX кылымдын башында отурукташкан төмөнкүдөй бир катар кыргыз айылдары жаралат: Кара-Арча, Жайылган, Үч-Коргон (Талас өрөөнү); Чала-Казак, Таш-Төбө (Чүй өрөөнү); Темировка, Чоң-Өрүктү, Тепке, Чырак, Ак-Кочкор, Даркан (Ысык-Көл бою). Буларда 50–100 кожолуктар турган.

Калктын басымдуу бөлүгү отурукташып калганына байланыштуу (өзбектер менен тажиктерди айтпаганда да, бул жерде кыргыздардын эле 57% көбүрөөгү XIX кылымдын аягы ченде расмий түрдө отурукташкан деп саналган) Кыргызстандын түштүгүндө сөз колониялык мезгилде шаарлар менен айыл-

кыштактардын пайда болушу тууралуу эмес, алардын өнүгүшү тууралуу жүргөн. Түштүк Кыргызстандын эң чоң шаары Ош болгон, ал ошондой эле Борбордук Азиядагы эң байыркы шаарлардын бири, аты уйкаш езддин борбору болуп турган. Ош ал кезде жаңы шаар, эски шаар деп экиге бөлүнүп, эскисинде — жергиликтүү чарба, соода, маданият багытындагы махаллалар, базар, дагы башка ушул сыяктуу жайлар, жаңысында езддик башкаруу органдары, казармалар, лазарет, почта, ар кандай мекемелер, чиновник, көпөс, өнөр жайчы, мещандардын чарбактары жайгашкан, үйлөрү европалык типте салынып, көчөлөрү түз түшкөн. 1914-жылы «жаңы шаарда» 140 түтүн, 1200 тургун жашаган, «эски шаарда» 6300дөн ашуун түтүн, 46000ден ашуун тургун жашаган. Калкынын улуттук курамы көп түрдүү болгон. Фергана өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүн байырлаган калктын экономикалык, саясий, маданий турмушунда Ош чоң роль ойногон.

XIX кылымдын аягы — XX кылымдын башында алды менен ташкөмүр шахталарынын, мунай зат промыселдеринин жанында Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Таш-Көмүр, Майлы-Сай сыяктуу жумушчу кыштактары пайда болот. Булардын калкы да көп улуттуу болгон. Көпчүлүгү көмүр казып, мунай зат чыгарып, шахталарда, мунай зат промыселдеринде иштеген, бирок бул кыштактардын тургундарынын арасында соода, кол өнөрчүлүк өндүрүшү менен алектенгендер да болгон.

XX кылымдын башында Фергана облусунда 486 айылкыштак болгон, алардын көбүнүн ар биринде 500дөн ашуун калк жашаган. Бул айыл-кыштактардын белгилүүлөрү: Бужум, Баткен, Сүлүктү, Кара-Багыш, Коңур-Жаз, Жаңы-Арык, Жапалак, Төлойкон, Исфана, Кара-Булак, Кара-Кулжа, Кербен, Масы, Даргаз, Мады, Ачы, Ала-Бука, Кетмен-Төбө ж.б. Калкы негизинен мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен кесиптенишкен. Кээ бир кыштактарда ун тартуучу жана май чыгаруучу өндүрүштөр телчигип калган, булардан тышкары базарда сатуу үчүн салттуу килем, кездеме, таар, кап, аркан, кийиз, баш кийим жасоо менен да эмгектенишкен.

Айыл-кыштактын көбүндө өз базарлары болгон. Кыргызстандын түштүк аймактарында соода жүргүзүлчү кыштактар да калыптанган, алар отурукташкан калк менен көчмөн калк салттуу товар алмашып алганга ыңгайлуу кербен жолдордун тоомунда жайгашкан. Мындай айыл-кыштактарга Араван, Исфана, Өзгөн, Базар-Коргон, Масы, Кара-Суу, Үч-Коргон, Ноокат, Жалал-Абад, Сузак ж.б. кирет. Бу аталган кыштак-

тардын калкы көп улуттуу болгон, ар биринде 1000ден 5700гө чейин адам жашаган. Тургундарынын кайсы бир бөлүгү соодадан тышкары дан эгүү, пахтачылык, багбанчылык, мал чарбачылыгы менен алектенишкен. Сөз болуп жаткан кыштактарда ошондой эле кол өнөрчүлүгү да, кээ биринде (Араван, Кара-Суу ж.б.) фабрика-завод тибиндеги промыселдер кеңири өнүккөн.

Жер ооп келгендердин кыштактары Кыргызстандын түштүгүндө 90-жылдары пайда боло баштайт. Мындай кыштактардын эң биринчиси Покровка (Куршаб) болгон, мындан кийинкилери — Успенский, Благовещенский, Спасский, Михайловский, Мырзаке ж.б. Бул кыштактардын калкынын негизги кесиби, саясий статусу, чарбалык абалы, маданий өнүгүшү Түндүк Кыргызстандагы жер ооп келгендердин кыштактарындагыдай эле болгон.

§ 3. XIX кылымдын аяк ченинде Кыргызстандагы социалдык мамилелер жана тап күрөшүнүн түрлөрү. 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү

Социалдык мамилелер. Колониялык мезгилде Кыргызстанда патриархалдык, феодалдык жана капиталисттик мамилелердин таасири астында калыптанган коомдук-экономикалык укладга ылайык эки негизги жана эки негизги эмес тап болгон. Негизги таптарга феодалдар — манаптар, бектер, байлар, бийлер, казылар, соодагерлер; букаралар — дыйкандар, малчылар, кедейлер, жарды-жалчылар ж.б. кирген. Негизги эмес таптарга жаңы пайда болуп келе жаткан таптардын — буржуазия менен пролетариаттын (жергиликтүү да, жер ооп келген калктын да) өкүлдөрү кирген.

Феодалдар табынын бир кыйла маанилүү бөлүгүн манаптар түзүп турган. Колониялык доордо социалдык-экономикалык мамилелердин өзгөрүшүнөн улам манаптардын ролу бара-бара төмөндөгөн, бирок ал жаңы шарттарга ылайыкташып кеткен (падыша администрациясына кызмат кылууга өтүшкөн). Кыргызстандын түштүгүндө манап катмары болгон эмес. Феодалдардын бул категориясын түштүктө бектер, даткалар, акимдер түзүшкөн. Падыша администрациясы бул кокондук титулдарды тааныган эмес, бирок ал титулду алып жүрүүчүлөр жана алардын укум-тукуму колониялык бийликтерге кызмат кылууга өтүп алып, өзүлөрүнүн социалдык милдетин аткарууну уланта беришкен.

Феодалдар табынын маанилүү өкүлдөрү бийлер менен казылар (жергиликтүү судьялар) болушкан. Россиянын мыйзамдары боюнча бул кызмат орундары укумдан-тукумга мурас боюнча өтүүсүн токтотуп, шайланма кызмат орундарына айланган. Бирок манаптар, бектер же байлар гана бий, казы боло алышкан. Иш жүзүндө алар бул кызмат орундары үчүн өзүлөрү тарабына шайлоочуларды көп тартуу менен, а тургай паралоо жолу менен ат салышып турушкан. Бийлер менен казылар сот ишин манаптардын, болуштук башкаруучулардын, бардар, мүлктүү адамдардын жана орус бийликтеринин көрсөтмөсү боюнча жүргүзүшкөн.

Товар-акча мамилелеринин өнүгүшү менен феодалдардын ичинен байлар — колунда чоң байлыгы (малы да, дагы башка материалдык дөөлөттөрү да) бар, жергиликтүү калктын өкүлдөрү барган сайын өзгөчөлөнүп бөлүнө баштаган.

XIX кылымдын аяк ченинде эксплуататорлордун атка минерлер деп аталган жаңы катмарчасы пайда болот. Алар жигит катары манаптарга, бийлерге жана байларга кызмат кылышкан, орус чиновниктерине котормочу болуп жүрүшкөн, бийликтер тарабынан берилген ар кандай тапшырмаларды аткарышкан.

XX кылымдын баш ченинде кыргыз коомунда улуттук буржуазия да пайда болуп калган, бирок анчалык өз бетинчеликке ээ болгон эмес, анын тиги же бул региондун чарбасына карата экономикалык таасири да анча даана эмес эле. Патриархалдыктын калдыктарын сактоо менен кээде мына ушул эски кааданы бетине карманып, кыргыз улуттук буржуазиясы колониялык мезгилдин акырына чейин феодалдар табынан бөлүнүп чыга алган эмес.

Тикеден-тике өндүрүшчүлөрдүн негизги массасын букара — катардагы дыйкандар менен малчылар түзгөн. Булардын ар кандай топтору болгон: жакырлар, малай же жалчы, жатакчы, чайрыкер, шерик (өнөктөш), мардикер. Маселен, малай менен жалчы көбүнчө мал чарбачылыгында чоң байларга, манаптарга койчу, жылкычы, уйчу болуп жалданып жүргөн. Жатакчылар менен чайрыкерлер жери аз же жери такыр эле жок дыйкандардан чыккан, алардын күч унаасы да болгон эмес. Алар феодалдардан жер, шайман-жабдык, үрөн алуу менен жерди иштетишип, түшкөн түшүмдүн бир бөлүгүн алуу шарты менен жалданып иштешкен. Каранды жана кошчу деп аталгандар да чайрыкерлер деп саналган. Шериктер чайрыкерлерге кирген эмес, жөн гана чарбаны жүргүзүү боюнча өнөктөштөр болуш-

кан. Демейде малын жана өзүлөрүнүн кара күчүн бир чарбага топтогон жери аз дыйкандар шериктер катары саналган. Алар жалпы чарбага өз үлүшүн (жерин, жабдык-шаймандарын, жумушчу күчүн) кошконуна байланыштуу түшкөн түшүмдүн 1/3 чейинки бөлүгүн ала алышкан. Бай дыйкандарга кыска мөөнөткө (а тургай бир күнгө да) жалданып иштеген эң кедей, жардыланган дыйкандар иштин күчөп турган убагында; айрыкча үрөн себүү, жерди иштетүү, оруп-жыюу өнөктүгүндө кеңири колдонулган. Мардикерлер жасап берген иши үчүн чайрыкерлер менен шериктер сыяктуу акыны натуралай албастан, акчалай алышкан.

XX кылымдын баш ченинде Кыргызстандын көпчүлүк аймактарына жалданма жумушчу күчүн сатып алуу — сатуу кеңири жайылган. Маселен, 1913-жылдагы маалымат боюнча Фергана облусундагы кыргыздардын ири байларынын 603 чарбасында жыл бою иштеген 772 жана 118 өнөктүк айыл чарба жумушчулары, Пишпек жана Пржевальск уезддериндеги жер ээп келген ири кулак чарбаларында жыл бою иштеген 817 жумушчу жана 8028 мардикерлер жалданып иштеген.

Мындан тышкары XX кылымдын баш ченинде батрактар деген келип чыккан. Өз айылдарында жалданып иштөөгө жумуштар жетишпегендиктен батрактардын бир бөлүгү жер ээп келгендерге — кулактарга, казак-орус төбөлдөрүнүн өкүлдөрүнө жалданып иштешкен, фабрика-завод ишканаларына, өнөктүк иштерге, ташкөмүр кендерине орношушкан.

Эгерде мардикерлер жана жарым жартылай чайрыкер-карандылар иш жүзүндө айыл-чарба пролетариаты болуп калышса, батрактар бара-бара нагыз жумушчу табына айланып, жергиликтүү калк менен келгин калктын ортосундагы чарбалык, саясий жана маданий байланыштардын чыңдалышына мүмкүнчүлүк ачышкан. Кыргыз батрактарынын бул кезде саясий аң сезими өсүп, таптык тилектештиги ойгонуп калган.

Салык системасы жана эксплуатациянын башка түрлөрү. Салык системасы колониялык мезгилдин биринчи күндөрүнөн тартып эле иштей баштаган. Салык төлөө жана башка милдеттүүлүктөрдү аткаруу жагынан крайдагы бардык калк расмий түрдө эки категорияга — көчмөндөргө жана отурукташкандарга бөлүнгөн, иш жүзүндө булар төртөө болгон: а) көчмөн кыргыздар; б) отурукташкан кыргыз, өзбек жана башка калктар; в) жер ээп келгендер: орус, украин, немец, дунган жана уйгур калктары; г) шаар калкы. Бул көрсөтүлгөн категориядагы калк үчүн салынчу салык системасы жана ар кандай

акчалай, натуралай жыйымдар төлөө, милдеттүүлүктөрдү аткаруу өлчөмү жана түрлөрү боюнча айырмалуу болгон.

XIX кылымдын 90-жылдарына чейин Кыргызстандын түндүк аймактарында «1867-жылдагы Убактылуу жобо» менен кийирилген салык системасы колдонулуп турган. Ал эми түштүктө болсо 1876-жылдан 1886-жылга чейин али бекитилбеген «1873-жылдагы жобонун» негизинде иштелип чыккан система колдонулган, бул система көп жагдайлары Кокон хандыгынын салык системасынан алынгандыгына байланыштуу убактылуу, өткөөл мезгилдин системасы катары саналган.

«1886-жылы Түркстан крайын башкаруу тууралуу туруктуу жобонун» кабыл алынышы менен, XIX кылымдын 90-жылдарынан тартып бүт Кыргызстан үчүн салык системасынын мүнөзү жана түрү бирдей болгон.

Бардык салыктар менен милдеттүүлүктөрдү экиге бөлсө болот: 1) мыйзамдык күчү бар жана актылык документтерде катталган расмий-милдеттүү түрдөгүлөр; 2) расмий эместери — ар кандай милдеттүүлүктөр жана жыйымдар. Көчмөн калкка расмий-милдеттүү салынчу салыктын негизги түрү ар бир түтүн төлөөчү салык (эмгек акы өлчөмүнө жараша алынчу жыйым) болгон. Мунун өлчөмү а дегенде 2 рубль 73 тыйынга барабар келген, а 1882-жылдан 4 рублга көбөйтүлгөн.

Биринчи дүйнөлүк согуш мезгилинде башка жыйымдар менен бирге түтүн салыгынын суммасы 15 рублга чейин жеткен, тагырак айтканда, ар бир түтүн ээсинен ушунчадан салык алынып турган. Ар бир көчмөн чарбадан түтүн салыгын жыйноону айыл старчындыгы өзү уюштурган. Көчмөн калк 1880-жылдан 25 тыйындан земство жыйымын төлөгөн, 1908-жылдан ал жыйым 1 рубль 50 тыйынга чейин көбөйүп кеткен.

Көчмөн калктан коомдук азык-түлүк капиталын (корду) түзүш үчүн да ар түтүндөн 8 тыйындан жыйым алынган.

Айылдык жана болуштук администрацияны күтүүгө жумшала турган коомдук-милдеттүү жыйым деген да болгон, анын өлчөмүн жергиликтүү бийлик чектеген. Жергиликтүү администрация тарабынан улам-улам салынган бейрасмий жыйымдар менен милдеттүүлүктөр калк мойнуна жүктөлгөн өзүнчө бир оор жүкко айланган. Мындан тышкары жол курулушуна, коомдук курулуштарды, мектептерди курууга жана башка ар кандай иштер үчүн алынчу милдеттүү эмес коомдук жыйым деген да чыгарылган.

Көчмөн калк төмөндөгүдөй иштер боюнча натуралай жана земстволук милдеттүүлүктөрдү өтөп турган: арык, көпүрө, почта

жолдорун оңдоо, аскер болүктөрү үчүн каражат, отун берүү, аскерлерди тигил же бул айылдын аймагында көп туруп калганда азык-түлүк менен жабдуу, чегирткеге каршы күрөшүү ж.б.

Бул тагылган милдеттүүлүктөрдөн тышкары кыргыз коомуна милдеттүү түрдө аткаруу талабы коюлган дагы бир башка феодалдык милдеттүүлүктөр болгон. Маселен, болуштарды, айыл старчындарын шайлоого, падыша чиновниктерин сыйлоого, айдың-таасирлүү кишилерге белек тартуулоого байланыштуу жергиликтүү администрациянын чыгашасын жабыш үчүн калктан жыйналып алынчу каражат, мал-мүлк ж.б. Муну менен катар сөөк койгондо, аш, той бергенде бай-манап, бийлердин чыгымын жабыш, ошондой эле барымта, дагы башка муктаждыктан тартылган зыяндын ордун бастырыш үчүн жыйналчу кошумча, журтчулук, союш деген милдеттүүлүктөр да элдин мойнунда турган. Феодалдык милдеттүүлүктөрдүн өзгөчө дагы бир түрү ашар болгон — жардам берүү деген болуп, бай коңшусунун же уруулашынын үйүн салууга, түшүмүн жыйнашууга, көчүп-конуп алышына жана башка иштерине катышуу талап кылынган.

Жергиликтүү отурукташкан калк үчүн милдеттүү негизги салык *хараж* деп аталган жер салыгы болгон, анын өлчөмү шарттуу алынчу түшүмдүн 10% чейин жеткен да, натуралай алынган. Хараж 1886-жылга чейин алынып келинген, андан кийин ал жер салыгы менен алмаштырылган. Жер салыгы боюнча дыйкан жерден алына турган дүң кирешеден 10% натуралай салык төлөш керек болгон, ал жер иштетилеби же иштетилбейби, ага карабастан айдалчу жер катары каралган. Мындай чечим феодализмдин башкы субъектиси катары падышачылыктын табиятына, улам күчөп өсүп турган империянын казынасынын улам күчөп өсүп жаткан алкына шайкеш келип турган.

Отурукташкан калктан алынчу салыктын башка дагы бир түрү *танап жыйымы* (танап — аянтты өлчөө системасынын жергиликтүү бирдиги) болгон. Танап жыйымы калктын бакшак, огород жана коон-дарбыз эгилген жеринен алынган. Анын өлчөмү крайдын башкы начальниги тарабынан аныкталып, а дегенде айдоого жарактуу ар бир тешеден 30 тыйындан алынмак болгон. «1886-жылкы жобо» боюнча танап жыйымы оброк салыгы деп аталган. Бул көрсөтүлгөн расмий салыктын эки түрү тең жарактуу жерлерге эле эмес, бош жаткан жерлерге да салык салуунун эсебинен бара-бара көбөйтүлө берген.

Отурукташкан калк оброк салыгынын (мурда — танап жыйымы) 33% өлчөмүндө земстволук жыйым (акчалай), ошондой эле

коомдук азык-түлүк капиталын түзүү үчүн да жыйым төлөгөн. Ал эми бейрасмий жыйымдар менен натуралай милдеттүүлүктөрдү аткарууга келгенде бул маселе көчмөн калктыкына караганда отурукташкан калк үчүн бир топ төмөн коюлган, бирок отурукташкан калк деле бүт дээрлик бейрасмий салыктар менен милдеттүүлүктөрдү төлөөгө аргасыз болушкан.

Калктын үчүнчү категориясы — келгин орустар, украиндер, немецтер, дунгандар, уйгур-таранчылар, ошондой эле соода кыштакчалары (Нарын, Ат-Башы ж.б.) деп аталган кээ бир калктуу конуштардын тургундарына отурукташкан калк сыяктуу эле жер салыгы салынып турган, бул салык а дегенде айылдык жамааттарга чегерилген да, андан кийин ар бир түтүнгө бөлүштүрүп салынган. Салыкты бөлүштүрүү ишин айылдык старчындар да жүргүзгөн. Каралып жаткан категориядагы калкка салынчу салыктын өлчөмү жергиликтүү калкка салынган жер жыйымынын өлчөмү менен бирдей болгон. Келгин орус, украин, немец, дунган, уйгурлар да башка калктардай эле земстволук жыйым, коомдук азык-түлүк капиталын топтоо жыйымы жана башка бейрасмий жыйымдар төлөп, милдеттүүлүктөрдү аткарышкан.

Пишпек (Бишкек), Пржевальск (Кара-Кол), Ош шаарларынын тургундары үчүн башкы салык катары козголбос (тамташтар) мүлктөн алынчу салык эсептелген, ал 1885-жылдан тартып мещандардан жана шаар тибиндеги кыштактардын адамдарынан алынып турган. Анын суммасы жыл сайын облустук начальник тарабынан аныкталган. Шаар калкы ошондой эле мамлекеттик промысел салыгын да төлөгөн. Бул салык соодагерлерден, көпөстөрдөн, кол өнөрчүлөрдөн, өнөр жайчылардан мурдагы зекет ордуна алынып турган. Шаардыктар да көчмөн жана отурукташкан калк сыяктуу эле ар кандай милдеттүүлүктөрдү аткарышып, земстволук жыйымдарды төлөгөнгө аргасыз болгон.

1905-жылдан тартып жергиликтүү калк аскердик салык да төлөшкөн. Ал түтүн башына салынчу салыктын 5 пайызын, мамлекеттик жер салыгынын 10 пайызын же натуралай салыктын 15 пайызын түзгөн. Мындан сырткары акциздик жыйым, герб жыйымы, бажы салыгы, мүлк бир кишиден экинчи кишиге өткөн үчүн өзүнчө бир салык, кызматчыларга салынчу дагы башка ар кандай айыптын жана чегерип алуулардын түрлөрү болгон. Россиянын борбордук бийликтеринен жергиликтүү феодалдар да калышкан эмес. Жогоруда көрсөтүлгөн феодалдык милдеттүүлүктөрдөн тышкары XX кылымдын башы менде

крайдагы социалдык-экономикалык мамилелердин өзгөрүшүнө байланыштуу ижарачылык, чайрыкерлик, мардикерлик ж.б. аркылуу дыйкандарды эзүү жайылтылган. Феодалдык эксплуатациянын көп түрлөрү уруу адат-салты менен чүмбөттөлүп турган, буларга коңшулук, тууганчылык, ынтымак, жардам, кошумча, ашар, саан берүү, мингич ат берүү жана башкалар кирген. Иш жүзүндө кедейлер жогоруда көрсөтүлгөн «каада-салттарды» аткаруу аркылуу феодалдык рентаны иштеп беришкен. Мындан тышкары бай-манаптарга малай жүрүү, жигит болуп жүрүү да кеңири жайылган, булар да чын-чынына келгенде кедейлерди ырайымсыз эзүүнүн өзүнчө бир түрү эле. Бийлер менен казылар да феодалдарга жагуу амалы менен майда-барат эле кемчиликтер кетиргени үчүн карапайым адамдарга оор айып салып турган. Сатып алуу жана пара берүү да демейки жана кеңири жайылган дагы бир көрүнүшкө айланган.

Ошентип, падышачылыктын салык саясаты, эксплуатациянын ар кандай түрлөрү Россиянын колониялык саясатынын тутумдаш бөлүгү катары кызмат кылган. Бул саясат бир жагынан, дыйкандар менен малчылардын барган сайын жакырданышына, экинчи жагынан орус колонизаторлору менен жергиликтүү феодалдардын байышына алып келген. Ал эми жалпысынан алганда, бул саясий кырдаал байлар менен кедей таптарынын ортосундагы ажырымдыкты күчөтүп, социалдык кагылыштардын келип чыгышына түрткү берген.

Тап күрөшүнүн түрлөрү. Кыргызстан колония болуп турган шартта бир жагынан, эзилген калк менен жергиликтүү феодалдардын ортосунда, экинчи жагынан, эмгекчилер менен колониялык бийликтердин ортосунда карама-каршылыктар айкын көрүнө баштаган. Мына ушул карама-каршылыктардын алкагында кыймылдаткыч күчтөр-жергиликтүү эмгекчи калк, жер ооп келген калк, өнөр жай мекемелеринин жумушчу топтору, жаңыдан пайда болуп келаткан пролетарлар, ошондой эле жергиликтүү феодалдар жана орус колонизаторлору боло алмак. Кыргызстандагы мына ушул саясий күчтөрдүн ортосундагы күрөштүн курчтугуна, тереңдигине жараша тап күрөшүнүн төмөндөгүдөй түрлөрү өөрчүп отурган:

а) Пассивдүү каршылык көрсөтүү. Бул эмгекчи массанын жергиликтүү бийликтер менен орус чиновниктеринин чечимдерин, буйруктарын аткарууну каалабаганынан, феодалдар менен колонизаторлордун кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган мыйзамдарды, укуктарды, инструкцияларды урматтабаганынан, жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө жакшы мамиле кылбага-

нынан, салыктарды, ар кандай жыйымдарды, милдеттүүлүктөрдү жана башкаларды аткаруудан баш тартканынан көрүнгөн. Социалдык нааразылыктын пассивдүү түрлөрүнүн бири карапайым көчмөндөрдүн жергиликтүү байдын зомбулугунан кутулуш үчүн башка айылга, а тургай башка аймакка көчүп кетишинен да көрүнгөн. Кыргыз калкынын арасында нааразылыктын бул түрү бир топ кеңири таралган. Эмгекчи элдин бул сыяктуу күрөшү жексур башкаруучунун ордуна өз чойросунөн талапкерди көрсөтүүгө жасаган аракетинен да байкалган, албетте, мындай күрөш көбүнчө кандуу кагылыштар менен аяктап, чандасы гана өз максатына жеткен.

б) Активдүү күрөш. Тап күрөшүнүн бул түрүнө жергиликтүү феодал төбөлдөрү менен орус чиновниктеринин эл өтө жек көргөн, ашкере ырайымсыз окулдөрүнүн өлтүрүлүшүн көрсөтсө болот. Феодалдарды өлтүрүп салуу, сабап кетүү, кээде элдин аларга каршы топтолуп чыкмайлары менен да коштолуп турган, мындай окуялар XIX кылымдын аяк ченинде айрыкча күчөгөн.

1896-жылдан 1899-жылга чейин Түркстанда 647 элдик көтөрүлүп чыгуулар, ошонун ичинде Фергана өрөөнүндө — 286 толкундоо болгон, анын үстүнө булардын басымдуу көпчүлүгү көчмөн калк ичинде чыккан.

Таптык күрөштүн даана мисалы катары Анжиян көтөрүлүшүн көрсөтсө болот. Бул Кыргызстандын түштүгүндөгү эмгекчи эл орус колонизаторлоруна каршы чыгарган биринчи көтөрүлүш эле. Ал көтөрүлүштүн чыгышына колонизаторлор тарабынан жергиликтүү элди эксплуатациялоонун күч алышы, салык эзүүсү, күрдүү жеринен сүрүп чыгарып, «жер оон келгендерге фонд» түзүүгө байланыштуу келип чыккан жер маселесинин курчушу ж.б. негизги себептер болгон. Дин кызматчылары жана кээ бир феодалдар элдин нааразылыгын пайдаланып, бир нече жыл бою орустарга каршы газават идеясын ар кандай жолдор менен кеңири жайылтып турушкан.

Көтөрүлүштүн идеялык жетекчиси Маргалаң уездинин Миң-Төбө кыштагынын (азыркы Өзбекстан менен Ош облусуна караштуу Араван районунун чек арасындагы Мархамад кыштагы) тургуну Мухаммед Али Халфа Мухаммед-Сабыр уулу (кыскачасы — Мадали Эшен, Дүкчү (Ийикчи) Эшен) болгон. Мадали Эшен кыргыздардын арасында абдан таанымал адам болгон. Анын өз сөзүнө караганда, муруттарынын (мурид дерининин) негизги бөлүгүн кыргыздар түзгөн. 1896-жылы оокаттуу орус келгиндери менен мамиленин курчушуна байланыштуу Көгарт

өрөөнүндө ошол чөлкөмдөгү кыргыздардын өкүлдөрүнүн жыйыны болгон. Бул жыйынга а тургай алыскы Кетмен-Төбөдөн өкүлдөр келип, колонизаторлорго каршы көтөрүлүп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алынган. Бирок Мадали Эшен кыргыздарды «шаардыктар да күрөшкө даяр болгончо», көтөрүлүш чыгарбай тура турууга макул кылган. 1897-жылдын жазында болуштук башкаруучу Чыйбыл Абдылдабий уулунун жана Найып Рахматулланын жетекчилиги менен дагы бир стихиялуу жыйын болуп өтөт, буга кыргыздардан 1000 адам катышкан. Ушул эле жылы Мадали Эшен Миң-Төбөгө көтөрүлүштүн планын жана мөөнөттөрүн тактап үчүн Фергана өрөөнүнүн ар кайсы аймактарын байырлаган калктын көптөгөн өкүлдөрүн чакырган. Бул жыйынга Фергананын чоң-чоң шаарларынан өкүлдөр келбегенине байланыштуу көтөрүлүш 1898-жылдын майына калтырылган. Көтөрүлүш чыгараардын алдында жашыруун келишим түзүлгөн, бул келишимде көтөрүлүштүн ондон ашык жетекчиси газават идеясына берилгендиктин антын беришкен, ал ант 13 мөөр менен ырасталган.

Көтөрүлүшкө даярдык көрүлүп жатканы тууралуу Фергана өрөөнүндөгү ири шаарлар менен айыл-кыштактардын тургундары эле эмес, Түштүк Кыргызстандын бүткүл калкы да кабардар болгон. Ош шаарына чабуул коюуну уюштуруу — Бекмурат уулу Оморбек даткага, Маргалаңга чабуул коюу — ички-лик болуштугунун башкаруучусу Бакир Нурмат уулуна, Анжиянга чабуул коюу — Мадали Эшендин өзү менен Кайып Назарга жана молдо Зыятдинге тапшырылган. Мындан тышкары Анжиян уездинин Көгарт болуштугунда болуштук башкаруучу Чыйбыл Абдылда бий уулунун жана Атакул Пансат Ханназар уулунун жетекчилиги менен жергиликтүү көтөрүлүшчүлөр Кара-Кол кыштагына кол салып, ал жерде турган казак-орустардын отрядын талкалап, аттарын тартып алып, тоо арасындагы токойчуларды жок кылып, Анжиянды көздөй бет алышы керек болчу. Ушундай эле отряддарды Ассакеде, Наманганда түзүү да каралган. Көрүнүп тургандай, көтөрүлүштү абдан кеңири аймакта чыгаруу ойлонуштурулган. Аны бүткүл жергиликтүү шайланма администрация, көчмөндөр менен отурук-ташкан калк жана шаардыктар колдогон.

Бирок кээ бир болуштук башкаруучулардын чыккынчылыгынан көтөрүлүштүн даярдалып жатканы билинип калган. 1898-жылы 17-майда түш ченде Ош уездинин начальниги Зайцевге Ош болуштук башкаруучусу Карабек Асанбек уулу келип, даярдалып жаткан көтөрүлүш тууралуу маалымат берген. Зай-

цев Ош батальонуна даярдык көрүүгө буйрук берип, Маргаланды көздөй чабарман жиберген, өзү болсо кечинде бир нече жигити менен Ноокат тарапты көздөй аттанган. Бул кезде Зайцевди көздөй даярдалып жаткан көтөрүлүш тууралуу кабар билдирүүгө болуштук башкаруучу Казыбай келе жаткан эле.

Ош шаарына кол салыш үчүн көтөрүлүшчүлөрдү жыйноо Ош шаарынан 12 чакырым жердеги Тамчы-Булакка саат 23кө дайылдалган эле. Түн жарымына чейин бул жерге 500дөн ашык киши, ошонун ичинде Кыргоол-Сайдан, Ак-Теректен жана башка жерлерден 300 кыргыз муруттар жыйналган. Бирок ошол учурда көтөрүлүшчүлөр тарапка уезддин начальниги келаткандын айтып, элүүбашы Таш Ятсайиб чаап келген. Көтөрүлүштүн планынын сыры ачылып калганын түшүнүп, көтөрүлүшчүлөрдүн айрымдары тарап кеткен. Бирок түн ичинде көтөрүлүшчүлөр Ош шаарынын жанындагы ок-дары салынган жертөлөнү басып алууга бир нече жолу аракет жасашкан. Бирок бул аракеттен ийгилик чыккан эмес.

Мадали Эшендин пландары тууралуу кабарды Миң-Төбө болуштук башкаруучусу Низам Макзум кожодон Ассаке шаарынын приставы Еникеев да укkан.

Көтөрүлүштүн уюткусун Мадали Эшендин өзүнүн отряды түзгөн. 17-майдын кечинде бычак, чокмор, союл менен курал-данган 800 кишиден турган көтөрүлүшчүлөрдүн отряды (булардын көбү кыргыз муруттар болгон) Миң-Төбөдөн аттанып чыккан. Жолдон аларга дагы бир нече отряд келип кошулган. Ошентип, Мадалинин тобу 1500 адамга (кээ бир маалыматтар боюнча 2000 адамга) чейин көбөйгөн. Түнкү саат 3тө алар Анжиян гарнизонундагы баракгардын бирине кол салган. 22 солдат өлүп, бир нечеси жарадар болгон. Кыйкырык-өкүрүктөн чочуп ойгонгон башка баракгардын солдаттары кол салуунун мизин кайтарууга үлгүрүшкөн. Тез эле көтөрүлүшчүлөр чоң жоготууга учурап, кайра качууга аргасыз болушкан. 18–19-май күндөрү шектүү кишилерди издеп таап, камоо боюнча издөө иштери жүргүзүлгөн. Мадали Эшен өзү бир нече күндөн кийин Базар-Коргон болуштугуна караштуу Казанды-Мазарга келаткан жолдо колго түшүрүлгөн.

Көгарт өрөөнүнөн чыккан көтөрүлүшчүлөр казак-орустарга кол салып, алардын азык-түлүгүн тартып алып, токойчуну өлтүрүп, Анжиянга келүүгө даярданып жатышкан. Бирок Мадали Эшендин жеңилип калганын укkандан кийин алар токтоп калышкан. Майдын аяк ченинде Кетмен-Төбө өрөөнү менен Анжиян уездине караштуу Суусамыр болуштугунун эли көтөрүлүп

чыккан, аларга Шадыкан Калпа башчылык кылган. Анжияндан жөнөтүлгөн жазалоочу отряд көтөрүлүп чыккандарды басып, 29 кишисин камакка алган.

Ошентип, Анжиян көтөрүлүшү бат эле басылып калган. Буга көтөрүлүштүн жакшы уюштурулбагандыгы, пландын жакшы иштелип чыкпагандыгы, бирдиктүү жетекчиликтин, ошондой эле ок ата турган курал-жарактын дээрлик жоктугу себеп болгон. Бирок бул көтөрүлүш колониялык администрацияга болуп көрбөгөндөй катуу таасир калтырган. Россиянын бийликтери Түркстан мурда алар ойлоп келишкендей оңой эле баш ийдирип ала турган край эмес экенине дагы бир жолу ынанышкан. Падыша 1898-жылдын 21-майындагы буйругу менен бул көтөрүлүштү чыгарган күнөкөрлөрдү эң катуу жазалоого буйрук берген. Өкмөт болсо Фергана өрөөнүнүн эле эли эмес Жети-Суунун алыскы райондорунун калкы да мындай кутумга катышы бар деп шектенип караган. Акын-демократ Токтогул Сатылганов да эч кандай тиешеси жок болсо да ушул көтөрүлүшкө катышкансың деген айып менен Сибирге айдалганы белгилүү.

Орус администрациясы көтөрүлүшчүлөрдү ырайымсыздык менен жазалаган: 22 адам дарга асылып, көбү Сибирге сүргүнгө айдалган, калкты болсо чоң контрибуция — 130556 рубль төлөөгө мажбурлашкан, ал эми Миң-Төбө, Тажик жана Дөң-Кыштак кыштактары жер менен жексен кылынып, алардын тургундары башка жактарга айдалып жиберилип, алардын ордуна Мархамад деген орус кыштагы пайда болот.

1898-жылкы көтөрүлүш көп улуттуу козголоң болгон. Муну сотко чакырылгандардын улуттук курамы ырастап турат: мында 257 кыргыз, 112 өзбек, 20 түрк, 17 уйгур, 3 кыпчак, 5 тажик, 1 каракалпак — бардыгы 417 киши болгон.

Ошентип, көрүнүп тургандай, XIX кылымдын аяк ченинде таптык күрөш жана улуттук-боштондук кыймыл Кыргызстанда мурдакыдай эле стихиялуу жана локалдык мүнөздө болгон, ар кайсы мезгилде, ар кайсы райондордо бирдиктүү жетекчиликсиз жана жакшы уюштурулбастан чыгып турган. Бир гана 1898-жылкы Анжиян көтөрүлүшү кайсы бир даражада максаттуу мүнөз алып, эмгекчи элдин саясий жактан өнүгүшүндө өзүнүн терең изин калтырган.

Кайталоо жана өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Падышачылыктын колониялык саясаты.
2. Административдик-сот системасы.
3. Жер маселеси, көчмөндөрдү отурукташтыруу.
4. Соода жана өнөр жайы.
5. Шаарлар жана айыл-кыштактар.
6. Социалдык мамилелер.
7. 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү.

Адабияттар:

Введение в историю кыргызской государственности: Курс лекций для вузов. — Бишкек, 1994.

Вяткин М. П. Монополистический капитал в Средней Азии. 3-е изд. — М.1967.

Галицкий В. Я. Товарно-промышленное развитие Киргизии в конце XIX — начале XX в.: к истории социально-экономических укладов Кыргызстана. — Фрунзе, 1972.

История Киргизской ССР. Т. 2. — Фрунзе, 1986.

Кыргызы и Кыргызстан: опыт нового исторического осмысления. — Бишкек, 1995.

Ленин В. И. Развитие капитализма в России//Полн.собр.соч. Т. 3.

Терентьев М. А. История завоевания Средней Азии Т. 3. — Спб., 1906.

Усенбаев К. 1916: Героические и трагические страницы. — Бишкек, 1997.

Федоров Е. Очерки национально-освободительного движения в Средней Азии. — Ташкент, 1925.

Фозилбек Отабек Огли. Дукчи Эшан вакеаси. — Тошкент, 1991.

Чормонов Б. Ш., Сидоров А. П. Промышленный прогресс Киргизской ССР. — Фрунзе, 1963.

11-БАП

XIII КЫЛЫМДАН XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНА ЧЕЙИНКИ КЫРГЫЗСТАН ЭЛДЕРИНИН МАДАНИЯТЫ

§ 1. Орто кылымдардын соңку мезгилиндеги көчмөндөр маданияты

Үстөмдүк кылып турган чарбалык укладдын мүнөзү — көчмөн мал чарбачылык жана патриархалдык-уруулук турмуштиричилик кыргыздардын материалдык маданиятына өзүнүн терең изин калтырган. Конуштар менен турак-жайлардын ар кандай тиби, кийим-кечек тамак-аштын курамы менен мүнөзү, анын системасы менен модели, үй-тиричилик буюмдары, унаа каражаттары жана башкалар бекем отурукташкан туруктуу жашоонун жоктугу, тез-тез көчүп-конуп жүрүүнүн зарылчылыгы, чарбалык иштин мезгилдик мүнөзү менен аныкталган.

Орто кылымдардын соңку мезгилиндеги кыргыздардын материалдык маданияты жөнүндө XIII кылымга таандык кытай даректеринде баалуу маалыматтар бар, алар Чунь Юандын «Сиюй вэнь цзян лу» («Батыш крайдан көргөндөр жана укканлар жөнүндө баяндама» (1777-ж.) жана Цин династиясынын тушунда түзүлгөн «Циньдин хуанчао вэньсян тункао» («Классикалык тексттерден алынган үзүндүлөргө жана алардын соңку мезгилдеги түшүндүрмөлөрүнө эркин талдоо жүргүзүү») деген даректер. Бул даректерде кыргыздардын материалдык маданиятынын негизги элементтери, алардын көчүп-конуп жүрүүгө ылайыктуу үйлөрү (боз үйлөрү), расмий тамак-ашы, кийим-кечеги жана башкалары кыскача баяндалат.

Кыргыздардын байыркы мезгилден тартып XX к. башына чейинки басымдуу түрдө башпаана кылган турак жайы боз үй (кара үй, кыргыз үй) болгон. Байыртадан эле көчмөн мал чарбачылык менен кесип кылган кыргыз уруулары бул көчмө үйдүн эң эле ыңгайлуу тибин иштеп чыгышкан, аны чечип алууга да, унаага жүктөп жүрүүгө да, кайра тигүүгө да оңой.

Кыргыз боз үйлөрү өзүнүн чарбалык жана маданий мааниси боюнча төмөндөгүчө бөлүнгөн: турак-жай катары кызмат кылчу боз үйлөр; салтанаттуу учурлар үчүн ылайыкталган, мейман кабыл алууга арналган сый боз үйлөр; кампа, сарай, ашкана катары да колдонула турган боз үйлөр болгон. Мындан тышкары аскердик жүрүштөрдө чатырларды да колдонушкан.

Боз үйдүн негизи бир нече бөлүктөн — керегеден, ууктан, түндүктөн, босого таяктан турат. Эшиктин кашегине эки жакка ачылма каалга коюлат же кийизден жана чийден жасалган көтөрүп ачылып-жабылма атайын жапкыч илинип коюлат. Керегенин сыртынан согулган чий каланат да, анын үстүнө туурдук, ууктун сырты чамгаракка чейин үзүк менен, төбөсү түндүк жабуу менен жабылат.

Кедейлер түтүн ыштаган, үзүлүп-сүзүлгөн күңүрт кийиз жабылган боз үйлөрдө (кара үй) жашашкан. Байлардын жана оокат-кечелүү адамдардын боз үйлөрү чоңдугу менен эле эмес, туурдук-жабуусунун сапаты менен да айырмаланган: алардын кийизи тыкыс жана жука жасалып, түркүн-түркүн түстөгү оймочиймелер менен кооздолгон, уук-керегелери да кооздолуп жасалган.

Эгерде кыргыздар оймо-чиймелердин дүйнөсүндө жашайт деп айтылса бул аша чапкандык болбойт. Үй буюмдарында элдик чеберлердин колу менен кооздолуп жасалгаланбаган бир дагы буюм учурабайт. Үй ичиндеги бардык эмерек, идиш-аяк, курал-жарак, ат жабдыгы, кийим-кечек оймо-чиймелер менен кооздолуп келген.

Боз үй эмерегинин эң мыкты буюмдарынын бири чырмалган чий болуп саналат, мунун оймо-чиймелери ар кандай түстөгү жүн жиптен ар бир чийди өзүнчө чырмап-ороп чыгуу жолу менен жасалат. Кыргыздардын турмуш-тиричилигинин, көчмөн жашоо ыңгайынын өзгөчөлүгү алардын өндүрүшүнүн, кол өнөрчүлүгүнүн, ошондой эле жасалга-колдонмо өнөрүнүн өзгөчөлүгүн шарттаган. Кыргыз турмушундагы үй-тиричилик өндүрүшү көпчүлүк учурларда массалык, жалпы элдик мүнөздө болгон.

Булардын ичинен жергиликтүү, көбүнчө мал чарба жана өсүмдүк заттарынан жасалгандары өтө кеңири өнүгүүгө жетишкен. Маселен, жүн оймо-чиймелүү ар кайсы типтеги кийиз жана түктүү килемдерди согууда жана майда килем буюмдарын жасоодо кеңири колдонулган. Жүн ошондой эле сокмочулукта, түр салынган чийди даярдоодо, жүн, пахтадан согулган кездемелерге, кийизге жана булгаарыга сайма саюуда да пайдаланылган. Ийленип-иштетилген булгаары ат жабдыгынын көмөл-

дүрүк-куюшкан, басмайыл сыяктуу шаймандарын, үй буюмдарын: идиш аякты, ар кандай коло, күмүш каңылтырлар менен кооздолгон кемерлерди жасоодо пайдаланылган. Үй кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн өнүгүшүнөн улам кыргыз үй-бүлөсү кийим-кечеге, турак-жайга керектүү жана дагы башка үй тиричилик буюмдарына болгон муктаждыгын өзү канааттандырууга мүмкүнчүлүк алган.

Бул жерде кошумчалап айтып кетчү нерсе бул: үй-тиричилик өндүрүшү абдан даана бөлүнө элек болсо да, эркектин жумушу жана аялдын жумушу деп экиге бөлүнүп калган. Маселен, мал чарба сырьёсу менен негизинен аялдар иштешкен, жүндөн кийиз, кап жасашып, аркан-жип эшишкен, килем согушуп, шырдак, ала-кийиз, кийим-кечек, кийиз калпак жана башка буюмдарды жасашкан. Үй тиричилигиндеги аялдар өндүрүшүнүн дагы бир өзгөчөлүгү мында турган: алар өзү жасаган ар кандай ишке менчик чарбасындагы сырьёну пайдаланышкан. Мындай иштер чанда бир гана аялдын колунан келбей калбаса, бардык аялдардын колунан келген. Аялдардын ичинен өз ишинин билерманы болгон үчүн кадырлуу адамдарга айланган эң бир чебер жана таланттуу уздар чыккан. Мындай аялдарды «чебер», «колунан көөрү төгүлгөн уз» деп ардакташып, ар кандай үй-бүлөлүк салтанаттарга даярдануу, кызга сеп, дагы башка белек-бечкектер камдоо учурунда чакырып турушкан.

Катуу материалдардан (металл, жыгач, таш, сөөк ж.б.) тиричилик буюмдарын жасоо иши менен эркектер алектенишкен. Бирок эркектердин мындай өнөрү массалык мүнөздө болгон эмес, эркектерден чыккан усталар тиешелүү кол өнөрчүлүктүн айрым бир түрү — же зергерлик, жыгач усталык, же таш, сөөк иштетүү өнөрүнө адистенишкен.

Ар бир уста өз ишинде көп кырлуу чеберчиликке ээ болгон. Мисалы, жыгач усталар боз үйдүн жыгачын эле эмес, музыкалык аспаптарды да, бешик, буурусун ж.б. жыгач буюмдарды да жасай алышкан. Ал эми темир усталар көбүнчө зергер да, слесарь да, ат такалаганга ж.б. чебер болушкан. Усталар негизинен тапшырма менен иштешип, чийки затты же өздөрү даярдашкан же тапшырма берген адамдардан алып турушкан.

Усталар негизинен өз алдынча жана жалгыздан иштешкен. Жардамчы жалдашкан эмес. Темир усталык же токардык иш сыяктуу көмөкчү жумуш күчү өтө зарыл болгон (көөрүктү үйлөтүш, токардык станоктун валын тегеретип туруш үчүн) жумуштарда гана жардамчы алышкан: өз бүлөсүнөн бирөө же тапшырма берген адамдын бүлөсүнөн келип жардам берген.



Териден жасалган эмеректер.



Жумшак ийленген териге түшүрүлгөн сайма. XIX к.

Эркектердин устачылык өнөрү, айрыкча темир жана жыгач усталык муундан-муунга: атадан балага, агасынан инисине же дагы башка туугандарына өтүп турган. Кээде устачылыкка атайын үйрөтүү жолу менен да даярдашкан. Болочок усталар чоң уста менен бирге иштеп, ага жардам берип жүрүп, тигил же бул материалды иштетүүнүн жол-жобосун үйрөнүп чыгышкан.

Бирок жогоруда айтылгандай, эмгектин аялдардыкы же эркектердики деп бөлүнүшүндө анча катуу ажырым болгон эмес. Маселен, зергерлердин жесирлери өз күйөөлөрүнүн өнөрүн уланткан учурлар көп эле болгон. Тери, булгаары, алардан жасалчу буюмдарды (сандык, ар кандай буюмдун кабы, идиш-аяк ж.б.) жасоо ишине аялдар деле, эркектер деле аралаша берген.

Үй тиричилик өндүрүшүнүн кээ бир тармактарында, маселен, сокмочулукта, ала кийиз, шырдак жасаганда, б.а. көп адамдын катышуусун талап кылган иште, айрыкча узакка созулчу, бир түрдүү жана чаалыктырма иштерде чогулуп жардам берүүнүн байыркы салты — ашар колдонулган. Мындай шериктешип иштешүүдөн элдин мүнөзү ачылып көрүнөт.

Каралып жаткан мезгилде кол өнөрчүлүк мал жана дыйкан чарбачылыктарынан али биротоло бөлүнүп чыга элек болучу. Кыргыздар ичинде үй-тиричилик кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүшү үй чарбасынын күнүмдүк муктаждыктары менен эле шартталбастан, элдин сулуулукка болгон түбөлүктүү умтулуусу, руханий керектөөлөрү менен да шартталган.

Кыргызстандын тарыхый жолу бүтүндөй бир кылым бою — XVIII кылымдын экинчи жарымынан XIX кылымдын экинчи жарымына чейин Кокон хандыгы менен тыгыз байланышта өнүккөн.

Кокондук башкаруучулар өзүнүн ээлеген аймактарынын чек арасын чектеп, каратып алган кыргыз жерлерин өз карамагына бекитип алуу үчүн ар кайсы жерлерде чеп-коргондорду сала баштаган. Маселен, Памирдеги Таш-Коргон чеби, Алайдагы Сопу-Коргон, Дароот-Коргон, Кетмен-Төбөдөгү Улук-Коргон, Чүй өрөөнүндөгү Пишпек жана Токмок, Теңир-Тоо менен Ысык-Көлдөгү: Тогуз-Торо, Жумгал, Куртка, Кара-Көл, Барскоон чептери мына ушундайча пайда болгон.

Кокон чептерин чоңдугу жана аткарган милдети боюнча үч топко: ири, орточо жана майда чептерге бөлүүгө болот.

Мисалы, Пишпек, Чалдыбар сыяктуу ири чептер стратегиялык жактан маанилүү жерлерде жайгашкандыктан, жакшы чыңдалган. Мындай чептердин аянты 1,5–2,5 га чейин жеткен.

Сыртынан эки катар, ал тургай үч катар дубал менен курчалып, анын сыртынан айланта аңгек казылып коюлган.

Орточо өлчөмдөгү чептер баарынан жакшы сакталган. Алар 0,2 ден 1га чейин аянтты ээлеген. Чеп бурчтарына мунара тургузулган бекем дубал менен курчалган. Дубалдардын бийиктиги 5 метрге чейин жеткен. Дубалдын үстүнкү бөлүгүнүн ар кайсы жерлеринде мылтык, жаа ата турган көзөнөктөрү болгон. Чепте демейде 100–200дөй аскер турган. Кырдаалга жараша гарнизон кеңейтилиши да мүмкүн болгон. Мындай чептер аркылуу негизинен жакынкы аймактар, кербен жолдору көзөмөлдөнүп, сакчылык форпосту катары кызмат кылган алардын гарнизондору калктан салык жыйноо ишин да аткарган. Азыркы кезде бу сыяктуу коргон-чептерден аздыр-көптүр дурус сакталып калгандарына — Чоң-Алайдагы Дароот-Коргон, Сох дарыясынын жээгиндеги Кан чеби жана Борбордук Теңир-Тоодогу Чолок-Коргон кирет.

Кокон чеп-коргондорунун ичинен эң көп тобун майда чептер түзүп турган. Мындай чептерден сакталып калгандарынын аянты анча чоң эмес, 0,2 га аянтты ээлейт, аянты тик бурчтуу же сүйрү формада, булуң-бурчтарында бир кездеги бийик дубалдардын урандысы гана калган. 1862-жылы түзүлгөн чийме, сүрөт жана сыпаттамаларга карап, Ак-Суу, Шиш-Төбө, Таш-Коргон жана башка чептердин жалпы конфигурациясын жана ички планын элестетсе болот. Мындай чептер үчүн бир топ эле бийик, ар кайсы жери кырдалган же булуңдарына мунаралар тургузулган тиштүү бийик дубалдар мүнөздүү болгон. Чептин сырты аңгек казылып курчалган.

Кыргызстандын аймагында кыргыздардын өзүлөрүнө таандык чептер да болгон, алар Кокон хандыгы колониялаганга чейин салынган (айрым тарыхый адабиятта отурукташпаган көчмөндөргө кайдан өзүнүн чеп-коргондору болсун деген да пикир айтылып жүрөт). Кыргыздардын нагыз өзүнө таандык чеп-коргондорго Кетмен-Төбөдөгү Улук-Коргон (Кетмен-Төбө же Узун-Акмат — XVIII к.) Талас өрөөнүндөгү Садыр-Коргон (XVIII к.) ж.б. кирет. Кокон хандыгынын мезгилинде Талас өрөөнүндө жергиликтүү феодал Нурак Ажыбек уулунун өз чеп-коргону болгон. 1843-жылы Ысык-Көлдүк манап Боронбай Жууку суусунун жогорку өндүрүндө Кызыл-Үңкүр деген чеп-коргон курдурган. Пишпектин жанында манап Байтиктин коргону болгон; Ормон хан да өзүнө Сан-Таш деген жерде Чоң-Коргон салдырган, Рыскулбек манаптын Кетмен-Төбөдө чеп-коргону болуптур.

Кыргыздардын да, кокондуктардын да чептеринин курулуш техникасы бир типте болгон, А.Н.Бернштамдын пикири боюнча анын жол-жобосу өзбек усталарынан алынган болуу керек.

Кыргыздардын бейит үстүндөгү күмбөздөрүнүн башаты өткөн мезгилдердеги тиричилик архитектурасынан башталат. Мындай архитектура дээрлик сакталып калган эмес, бирок анын болгону талаш туудурбайт. Мезгилдин өтүшү менен күмбөздөрдүн адепки бейнеси өзгөрүлүп, көчмөндөрдүн демейки турак-жайы — боз үйдүн кебетесин ала баштаган, мунун элементтерин кыргыз күмбөздөрүнүн дээрлик бардыгынан көрүүгө болот. XVI–XIX кылымдардагы архитектуралык эстеликтер начар сакталгандыгы менен айырмаланып турат.

Күмбөз — чийки же бышкан кирпичтен тепкич-тепкич түрүндө курулган (сагана) чакан бейит белги; кабелтең порталдуу, декорацияланган оюктары бар же кирпичтери фигураланып кыналган, бышкан же чийки кирпичтен мүрзө үстүнө салынган демейки курулма.

Мазар деп динчилер сыйына турган бейит үстүндөгү курулма, бак же бир башат, булак аталат. Күмбөздөрдүн бардыгы эле мазар деп санала бербейт. Бул термин динчилер ыйык, олуя деп эсептегендердин күмбөздөрүнө карата гана колдонулат.

Төрт бурчтуу, булуңдарында мунарачалары бар, кээде мунаранын фонарларына окшоштурулуп салынган төрт бурчтуу коргон тибиндеги бейит курулуштары кездешет. Булардын ичкерисинде демейде кирпичтен коюлган эстелик болот (көбүнчө Ысык-Көлдө). Бейит үстүндөгү курулуштан мазарлар бир топ эле айырмаланып турат, мазардын порталына улай бейит белгинин үстүнө узатасынан салынган өзүнчө жай болот, ал жарым циркуляр формасында жабылат (Оттук, Он-Арча).

Кыргызстандагы мүрзө үстүндөгү бардык курулмаларды бир нече типке бөлсө болот. Мындай курулмалардын эң жөнөкөйү жана кеңири таралган түрү — тик бурчтуу формадагы же бир метрге чейинки бийиктиктеги жер дөбөчөлөр.

Салттуу ырасым боюнча катардагы көчмөндүн мүрзөсүнүн үстүнө пирамида түрүндөгү тик бурчтуу бейит белги (сагана) салынган, анын бийиктиги 2 метрдей келет.

Формасынын жана курулушунун жеңилдигине карата баалай келгенде бейит белги үстүндөгү бул эки типтеги курулма тең калктын кедей катмарына — катардагы малчы көчмөндөргө мүнөздүү болгон.

Үстүндө куполу жок, кай бирде кабелтең порталы, декорациялуу оюктар жана фигураланып коюлган кирпичи, кай бирде


туш-тарабы мунара түрүндөгү колонналар менен түрлөнтүлгөн көргөн түрүндөгү күмбөздөрдү өзүнчө бир топко кийирсе болот. Мындай күмбөздөрдүн тик бурч түрүндөгү коргондорунан исламга чейинки формалардын белгилери тике байкалып турат. Бейит белгиде порталдардын, айрыкча мунара фонарларына окшотулган, кооздолгон колонналардын пайда болушу бул ислам маданиятынын тике таасири экендигин талашууга болбойт.

Архитектуралык чечилиши жана декорациясы боюнча күмбөздөр ар түрдүү. Күмбөздөрдүн татаал тибине Тайлак (Нарын дарыясына Куртка суусу куйган оң жээкте), ошондой эле Ат-Башыдагы Ак-Моюн жана Терек-Суу кыштактарынын жанындагы күмбөздөр, Ысык-Көлдөгү Туура-Суу күмбөзү жана башкалар кирет. Мындай типтеги күмбөздөр Түндүк Кыргызстанга, Борбордук Теңир-Тоого мүнөздүү, булар Кыргызстандын түштүгүндө сейрек кездешет.

Бейит үстүндөгү курулмалардын кийинки тибине эркин формадагы куполдуу күмбөздөрдү кийирсе болот: мындай күмбөздөр боз үй түрүндөгү жапыз купа формасында чоподон курулуп, же коргон түрүндө тик бурчтуу пайдубал менен салынат. Купасы болсо алкак формасында көтөрүлүп, арка түрүндөгү оюгу анын чакан порталына жайгаштырылат же анын фасад жаккы дубалынан орун алат. Бул типтеги күмбөздөр демейде пайдубалсыз эле салынат.

Бейит белгилеринин дагы бир өзүнчө тобуна колонналары бар кабелтең порталы менен дароо көзгө урунуп турган күмбөздөр кирет. Булар — чийки же бышкан кирпичтен ислам архитектурасынын салты боюнча, көпчүлүгүндө жергиликтүү мусулман ишмерлерине арналып салынган күмбөздөр. Бу сыяктуулар Фергананын исламдык культ очоктору менен коңшулаш жайгашкан Кыргызстандын түштүгүнө кеңири таралган. Бул топтогу эстеликтерге мүнөздүү мисал катары Ош облусунун аймагында XVII к. аягы — XVIII к. башы ченде ушул жерлик белгилүү мистиктин мүрзөсүнө салынган Кожо Биалдын мазарын көрсөтсө болот. Мында белгилей кетчү жагдай: Кыргызстандын аймагында мүрзө үстүнө салынган архитектуралык курулмалар көп эле учурайт. Алар: Тенир-Тоодогу Чырак-Булак, Ногой, Кырк-Чоро, Тайлак, Ак-Бейит; Чүй өрөөнүндөгү Байтик жана Ниязбек коргон; Ысык-Көл ойдуңундагы Балчак; Талас өрөөнүндөгү Манас; Кыргызстандын түштүгүндөгү Сафид-Булан, Асаф ибн Бурхий, Арстанбап ж.б.

Бул мүрзө үстүнө салынган культ курулуштарынын архитектуралык композициясы элдин түшүнүгү боюнча турак-жай



Манастын күмбөзү. XIV к.

архитектурасын өзүнчө бир формада бейит белгиге ылайыкташтырылган элдик архитектуранын оригиналдуу туундусу катары бүткөн, булардан улуттук салттын белгилери даана көрүнүп турат. Тарыхчылар менен архитекторлор кыргыз мүрзөлөрүндөгү бейит белги курулмалары таптакыр демейдегиден сырткаркы формаларга ээ, алар элдик өнөрпоздордун «мусулман» архитектурасында өкүм сүрүп келген канондорго, профессионалдык салттарга камалбаган эркин чыгармачылыгынын негизинде жаралган деген жыйынтыкка келишти.

«Манастын күмбөзү» деген ат менен белгилүү адабий-этнографиялык музей — Канизек-хатун күмбөзү Талас өрөөнүнүн Кең-кол капчыгайында жайгашкан.

Таластагы бийлик колунда турган Чагатай тукумунан чыккан аял мүрзөсүнүн үстүндөгү эстелик күмбөзү окумуштуулар могол төбөлдөрүнүн исламды кабыл алышы менен байланышта карашат. Мусулман салттары барган сайын көчмөн бутпарастардын чөйрөсүнө терең кире берген. Эстеликтин порталындагы жазуу эмир Абуке кызы Канизек-хатун 734-хижра жылы рамазандын биринчи күнүндө (1334-жылдын 6-майы) өлгөнүн ырастап турат. Анын мүрзөсүнүн үстүнө көп өтпөй эле күмбөз салынган, кийинчерээк ушул эле жерге башка да адамдар көмүлгөн. Азыркы кезде күмбөз реставрацияланган.

Күмбөздөгү түркүн формадагы оймо-чиймелердин параллелдери кыргыздын элдик искусствосунда да кеңири учурайт. Бул тууралуу изилдөөчүлөр мындай тыянакка келишкен: күмбөздүн декорациясы байыртан белгилүү орто кылымдардагы азиялык күмбөздөргө салыштырганда кыргыздын шырдактары менен туш кийиздериникине алда канча жакын, анын оймо-чиймелери бир караганда гана ошол орто кылымдагы орнаментке жакын көрүнүшү ыктымал.

Түштүк Кыргызстандагы күмбөздөр сериясынын ичинен Оштогу Асаф ибн Бурхиянын күмбөзү, Арстанбаптагы мазар (Жалал-Абад облусу) көңүл бөлүүгө арзыйт.

Асаф ибн Бурхия күмбөзү Сулайман тоонун чыгыш тарабында. Бул күмбөздүн курулушу анча чоң эмес: сыртынан өлчөгөндө анын аянты 7×10 м тик бурчтуу формада салынган. Архитектурасы XVIII кылымдын аягы — XIX кылымдын биринчи жарымына таандык. XIX кылымда анын чыгыш тарабына жайкы ачык Жами мечити салынган. XX кылымдын 80-жылдарында бул эстелик реставрацияланды.

XIX кылымдагы культ архитектурасынын өзүнчө бир эстеликтерине Арстанбап өндүрүндөгү мазар кирет. Мындагы күм-

бөздүн өзү XX кылымдын 60-жылдары бузулуп калган, бирок ага улай салынган мечит азыр да бар.

Бул сыяктуу мечиттер Фергана өрөөнүндөгү кыргыз айылкыштактарынын (Кара-Багыш, Булак-Башы ж.б.) кыйласында эле болгон. XVIII–XIX кылымдарда салынган кызыктуу архитектурадагы мечиттер менен медреселер XX кылымдын ортосуна чейин сакталган. Буларга азыркы Сыдыкбайдын мечити (XIX кылым) жана Рават Абдылда хандын мечити (XVII–XVIII кк.) деп аталган Оштогу эки мечит кирет; ал Ош шаарынын жанындагы Сулайман тоонун этегинде.

Элдердин маданияты жөнүндө сөз кылганда ысымдарын жана сиңирген ишин тарых жүздөгөн жылдардан бери сактап келаткан ойчулдар менен окумуштуулардын ысмын атабай коюуга болбойт. Мындай улуу инсандардын бири — Омар шейхтин уулу, Абусаиддин небереси — Индиядагы Улуу Моголдор династиясын негиздеген, ал жерде 1526-жылдардан тартып бийлик жүргүзгөн Бабур Захриддин (1483–1530). Ал Тимурилер тукумунан, 12 жашар курагында өз атасынан Фергананын бийлик тактысын мурастап алган, ошол кезде азыркы Кыргызстандын түштүк аймактары Ферганага кирген.

Бабур чыгаан аскер башчысы эле болбостон, мыкты акын да болгон. Анын чагатай (түрк) тилинде жана фарсиче эң сонун ырлары жана «Бабур наама» деген жазмалары сакталып калган. XVI кылымдын биринчи чейрегиндеги окуяларды түздөн түз көрүп, жандуу баяндаган Бабурдун бул жазмалары ошол мезгилдеги риторикага жана патетикага мүнөздүү болбогон. Орто Азиянын калктары сүйлөгөн, азыркы жандуу түрк тилине жакын жөнөкөй, так жана көркөм тилде жазылган. Орто Азия (ошонун ичинде Кыргызстандын түштүгүнүн, анткени Бабур бир аз мезгил Ошто жашаган, ал жерде анын дем ала турган атайын үйү болгон. Ал үй азыр «Бабурдун үйү» деген наамда кайрадан курулду), Афганстан жана Индия элдеринин каада-салттарын сыпаттаган жана өз замандаштарына так даана мүнөздөмө берген бул эмгек эң баалуу тарыхый-этнографиялык дарек болуп саналат. «Бабур наама» — дүйнөлүк адабияттын маанилүү эстелиги.

«Бабур наамадан» башка да бизге Бабурдун ыр куроо техникасын мыкты билгендигин ырастаган «рубаилери» (төрт саптары) жана «казалдары» жетти. Ырлары даана жана элестүү тилде жазылгандыктан, аны өзүнө замандаш акындардан абдан айырмалап турат.

Моголстандын жана Чыгыш Түркстандын белгилүү тарыхчысы жана мамлекеттик ишмери, Бабурдун жакын тууганы

Мухаммед Мырза Хайдардын (1499–1551-жж.) чыгармачылыгы XVI кылымдын 40-жылдарына таандык. Ал — «Тарих-и Рашиди» деген фундаменталдуу эмгектин автору. Бул эмгекте (биринчи жолу англис тилинде 1895-жылы жарыяланган) XVI–XVII кылымдардагы Кыргызстандын социалдык-саясий тарыхы жөнүндө баалуу маалыматтар бар.

Улугбек Мухаммед Тарагайдын (1394–1449) ысмы бүгүн да кеңири белгилүү. Ал Шахрухтун улуу уулу жана Тимурдун небереси болгон. Тимурийлер державасынын курамындагы Самаркандын (1409–1449) башкаруучусу Улугбек Мухаммед Тарагай улуу математик болгон. Султания шаарына жакын жерде туулган, Тимурдун сарайында тарбияланган. Араб, фарсы тилин билген, чагатай тилинде ырлар жазган, медицинага кызыккан. Өзүнүн борбор шаары Самарканга ошол мезгилдеги улуу окумуштууларды Кази-заде Руми, Гийас-ад-Дин Жамшид Кашани, Ала ад-Дин Али Кушчи ж.б. тарткан, Самаркандга жакын жерде чоң астрономиялык обсерватория курган. Бул жерде анын жетекчилиги менен «Зидж-и жедид-и Гургани» деген абдан так астрономиялык таблицалардын даярдалышына өбөлгө түзгөн илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Улугбектин тушунда Самаркан менен Бухарада мыкты архитектуралык эстеликтер курулган, медреседе диний эле эмес, динден тышкаркы да сабактар берилген. Ал агартуу иши эркектердин эле эмес, аялдардын да иши болуш керек деп санаган.

Улугбек мамлекеттик ишмер же аскер башчысы катары өзгөчөлөнүп чыккан эмес. Анын сиңирген эмгеги өзү уюштуруучусу болгон зор маданий иштерде, ошондой эле анын илимий эмгектеринде көрүнөт.

Алишер Навои (1411–1501) Орто Азия элдеринин улуу акыны болгон. Ал тажик, перси жана азербайжан адабияттарынын мыкты салттарын өздөштүргөн, перси, араб тилдерин эң мыкты билген, а өзбек тили болсо анын чыгармаларында бийик баскычка жеткире иштелген. Алишер Навои тарабынан «Фархад менен Ширин», «Лейли менен Мажнун», «Жети планета» жана башка классикалык чыгармалар, ошондой эле «Чар диван», «Хамса», «Махбуб ал-кулуб» сыяктуу гениалдуу дастандар жаралган. Бул чыгармалар Орто Азия элдеринин эле эмес, дүйнөлүк адабияттын казынасына кошулган баа жеткис салым болуп эсептелет.

Навои элдердин саясий турмушуна активдүү катышкан, адилетсиздикке, зулумдукка, зордук-зомбулукка, эзүүгө каршы күрөшкөн. Өзүнүн байлыгын, сарайларды, күмбөздөрдү, мечит-

терди, медреселерди, ооруканa, мектеп, рабат, көпүрө, арык, жол жана башкаларды курууга жумшаган. XV кылымдагы феодалдык Орто Азиянын, Алдыңкы жана Орто Чыгыштын прогрессчил коомдук ой-пикиринин сересинде турган Навоинин дүйнө таанымынын негизин ашынган суфилик пантеизминен олуттуу түрдө айырмаланган пантеизм түзгөн.

Жами Нуриддин Абдурахман (1414–1492) — Хорасандагы иран тилдүү элдердин адабиятынын ири өкүлү. Абдурахман өз доорунун улуу акыны эле болбостон, грамматика, логика, грек жана чыгыш философиясы, табият таануу, математика, астрономия жана башка илим тармактарын да мыкты билген. Кээ бир маалыматтарга караганда, Жаминин калемине илим менен адабияттын эң бир ар түрдүү маселелери боюнча 100гө жакын китеп таандык. Жаминин чыгармачылыгы бардык көркөм жанрларды иштеп чыккандыгы менен өзгөчө мааниге ээ, анын эмгектери Орто Азия — Хорасан адабиятын андан ары өөрчүтүш үчүн баалуу өбөлгө болгон. Жами өз чыгармаларында байлыкка умтулбоого, токтоо, басмырт, сабырдуу болууга үндөйт, түпкүлүккө, Алла менен бир болууга умтулууну үгүттөйт. Жаминин эң чоң жана кеңири белгилүү чыгармасы — жети чоң поэмадан турган «Хафт авранг» («Чоң жетиген»).

Биз атап өткөн Орто Азиянын маданият очокторунун ойчулдары өз доорунда маданияттын алдыңкы ишмерлери катары бай-мартабалуу кишилер болгондугу үчүн гана эмес, улуу ачылыштар жасаганы, баа жеткис илимий эмгектерди, көркөм чыгармаларды жаратканы, өлбөс образдарды түзүп, жакшылыкка жана адилеттүүлүккө, чынчылдыкка үндөгөнү, идеалдуу коом жөнүндө ой жүгүртүп, жалпы адамзатка таандык гуманисттик идеяларды үгүттөшкөнү менен тарыхта унутулгус ардактуу орун ээледи. Кыргыздын алдыңкы ойчулдары да (Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Ниязалы Молдо Эсенгул уулу ж.б.) ушул аты аталган улуу инсандардын китептеринен таалим алып, өз көз караштарын калыптандырып, өз чыгармаларын жаратышкан.

Түрк элдеринин көбүнө (кыргыздарга, казактарга, кара калпактарга ж.б.) белгилүү акылман жана ойчул Асан кайгы болжол менен XV кылымдын орто ченинде жашаган, Ысык-Көлдүн боюнан чыккан, сөөгү ошол көлдүн боюна коюлган. Анын өмүр баяны тууралуу так маалыматтар жок. Ал эмгекчи элдин оор турмушун көрүп, өмүр бою элдин муңун мундап, зарын зарлап жүргөндүктөн Асан кайгы, б.а. кайгычыл Асан, деген ылакап ат берилип, эл оозунда калып калган. Белгилүү казак окумуштуусу Ч. Валиханов Асан кайгыга «көчмөндөрдүн философу»

катары мүнөздөмө берген. Анын философиялык ой жүгүртүүлөрүнүн негизин табиятта жана коомдо эч кандай дал келбөөчүлүк болбош керек, жалпы шайкештик болушу керек деген ой түзөт.

Жазуу-сызуу болбогондуктан, анын айткан нускоолорунан элдин эсинде кээ бир гана төмөндөгүдөй учкул сөздөрү сакталып калган: «Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү», «Дөөлөтүңө ишенбе, мээнетиңе ишен» ж.б. Асан кайгы жаратылышты, айбанаттар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн сактап-коргоого чакырган. Ал: «Ар кандай жакшылык иш — адамдык чоң сапат, жамандык иш — акылсыздык», — деген. Ал жаратылыштагы бардык жандуу нерсе пайдалуу, анда артыкбаш эч нерсе жок деп кайра-кайра ырастаган. «Кой үстүндө торгой жумурткалаган» жерди, теңчил коомду издеп, ал көп жерлерди кыдырган: Ат-Башыда, Нарында, Ак-Сайда, Таласта, Гисарда, Бадахшанда, Үргөнчтө, Кара-Тоодо, Астраханда, Крымда, Волга боюнда жана башка жерлерде болгон. Анын гуманисттик ойлору биз жашаган заман, биздин дүйнө таанымыбыз менен үндөшүп турат.

Кыргыздын дагы бир ойчулу, сынчысы жана акыны — Толубай сынчы болжол менен XIV–XV кылымдарда жашаган. Уламышта ал Жаныбек хандын тушунда (1342–1357-жж. Алтын Ордонун ханы) өмүр сүргөн Токтогул ырчынын уулу экени айтылат. Толубай сынчы сөзмөр, чечен, саяпкер болгон — аттын күлүк, тулпар экенин баш сөөгүн көрүп билген.

Кыргыздардын индивидуалдуу поэзиясынын башаты төкмө акындардын поэзиясынан башталат. Булардын катарына Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан Калыгул (Калыгул Бай уулу, 1775–1855-жж.) жана Арстанбек (Арстанбек Буйлаш уулу, 1824–1878-жж.) кирет. Калыгул менен Арстанбектин өмүрү тууралуу толук маалыматтар жок. Бирок бизге жеткен «Тар заман» жана «Акыр заман» деген ырларынын мазмунуна караганда патриархалдык-феодалдык түзүлүш учурунда өмүр сүргөн Калыгул менен Арстанбектин дүйнө көз карашы диний-мистикалык мүнөздө болгон. Бул акындар XIX кылымдын орто ченине чейин өкүм сүргөн социалдык-экономикалык мамилелерди кубаттаган.

Бирок заманчы-акындардын чыгармаларына бир жактуу баа берип, аларды реакциячыл ишмерлердин катарына кошуп салууга болбойт. Алардын мыкты насыятчыл ырлары элдин эсинен кете элек, бул акындар ырларында адеп-актыкты, адилеттүүлүктү, адамды урматтап-сыйлоону, жаратылышка жана айбанаттар дүйнөсүнө аяр мамиле жасоону, кадырлашып-

сыйлаша билүүнү, ынтымак-ырашкерчиликти, тынч, бейпил турмушту даңазалап ырга салышат.

Башка бардык элдердей эле өзүнүн көп кылымдык тарыхында кыргыздар өзүнө таандык жалпы маданияттын тутумдаш бөлүгү эле болбостон, дүйнөлүк цивилизациянын тарыхына да кирген бир катар руханий дөөлөттөр иштелип чыгып, өөрчүтүлгөн. Кыргыздын элдик оозеки көркөм сөз өнөрүндө макал-ылакап, лирикалык ырлардан тартып эпикалык чыгармаларга чейинки ар кандай жанрлар менен формалар арбын.

Элдик поэзиянын бул бай арсеналында «Манас» эпосуна өзгөчө орун таандык. «Маната» кыргыздардын эң байыркы заманданан кийинки мезгилдерге чейинки басып өткөн татаал тарыхый жолу өз алдынча, жогорку көркөмдүктө даана чагылдырылган.

Нарративдик (сыпаттап жазма) даректердеги «Манас» тууралуу алгачкы маалыматтар Молдо Сайф ад-Дин Ахсыкендинин (1503-ж.) «Мажму ат-таварих» («Тарыхтардын жыйнагы») аттуу тажик тилиндеги кол жазма чыгармасында жолугат.

Эпостун мазмуну кыргыздардын турмушунун бардык тарабын — турмуш-тиричилигиндеги майда-бараттан тартып тарыхый-тагдырындагы маанилүү окуяларга чейин камтыйт. Дал ушул үчүн изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү аны «эл турмушунун энциклопедиясы» деп аташат.

«Манас» өзүнүн эбегейсиз көлөмү менен буга чейин белгилүү болгон бардык элдик эпикалык поэмалардан ашып түшөт. С.Каралаевден жазып алынган варианты эле (жарым миллиондон ашуун ыр сабынан турат) «Илиада» менен «Одиссеядан» 20 эсе, «Шах-наамадан» 5 эсе, «Махабхаратадан» 2,5 эсе көлөмдүүлүк кылат.

Эгерде эпос мезгилден жана мейкиндиктен, элдин баскан тарыхый жолунан сырткары каралса, анын бай мазмунуна баа берүү жана түшүнүү мүмкүн эмес болор эле. Эпос эл башынан кечиргендердин, аңдап билгендердин, турмуштук бай тажрыйбалардын негизинде жаралган. Ошондой болсо да муну эстен чыгарбоо керек: аталган эпостун материалдары менен маалыматтарына сакталып калган чыныгы документ катары эмес, жалпыланган образдардын жардамы менен элдин турмушун чагылдырган көркөм чыгарма катары кароо зарыл. Анда тарыхый окуялар байыркы уламыштар, жомоктор, мифтер, легендалар менен эриш-аркак баяндалып, жуурулушуп кеткен.

«Манастын» мазмунун кураган окуялар көптөгөн катмарлардан тургандай элес калтырат, бул анын узак мезгил бою калыптанып жүрүп отургандыгынын далили.

«Манаста» сүрөттөлгөн турмуш көрүнүштөрү элдин өткөндөгү турмуш абалы, жашоо шарттары, диний ишенимдери, көз караштары, түшүнүктөрү ж.б. жөнүндө баалуу, бай материалдарды берет.

Кыргыз элинин эпикалык чыгармаларынын тамыры байыркы замандардын түпкүрүндө жатат.

«Эр Төштүк», «Эр Табылды», «Курманбек», «Жаңыл Мырза», «Жаныш-Байыш», «Сарынжы-Бөкөй», «Кожожаш» сыяктуу «кенже» эпостор көбүнчө баатырлардын жортуулдарын же тарыхтагы даңазалуу окуяларды, ашык жарлардын сүйүү сезимдерине байланышкан турмушун баяндайт.

Эң байыркы поэзияда кайсы бир даражада чарбасынын негизги түрлөрүнүн бири аңчылык болгон уруучулук коомдун жашоо ыңгайы чагылдырылат. Маселен, «Кожожаш» аттуу дастандын мазмуну ушундай, дастандын баш каарманы Кожожаш аңчылык менен уруулаштарына азык таап берип баккан, көзгө атар мерген. «Кожожашта» адам баласы табияттын кулуну, ал табиятка таандык деген ой айтылат.

«Эр Төштүк» дастанынын баш каарманы жер астындагы дүйнөдө жүрөт. Бу дастандын сюжети менен образдары Алтай элдеринин эпосторунун сюжеттери жана каармандары менен үндөшүп турат. Ар кандай божомолго караганда, «Эр Төштүк» «Манастан» мурда жаралган. «Эр Төштүктө» адамдын айбанаттар менен болгон достугу көрсөтүлүп, анын кумурскадан тартып жомоктогу Алп кара кушка чейинки башка жандыктар менен тыгыз байланышы баса көрсөтүлөт.

«Сарынжы-Бөкөй» дастанында бир кыйла кийинки мезгилдеги окуялар баяндалат. Анын композиция жана окуяларды баалоо жагынан бири-биринен айырмалуу ар кандай варианты бар. Бу дастан каармандарынын образы дайыма өсүп-өнүгүү түрүндө берилгени менен кызыктуу.

Бир кыйла кийинки мезгилдеги коомдук мамилелерди чагылткан эпикалык чыгармаларга мисал катары «Жаңыл Мырза» дастанын көрсөтсө болот, мында кыргыздын баатыр кызынын эрдиги даңазаланат. Аталган дастан кыргыздар өзүнчө эл катары калыптанып жаткан, феодалдык мамилелер жаңыдан телчиге баштаган доордо жаралган болуу керек.

«Курманбек» жана «Эр Табылды» дастандарында бири-бирине карама-каршы эки таптын — феодалдар менен аларга көз каранды малчылардын кызыкчылыктары даана чагылдырылган. Бул чыгармаларда баш каармандарга элдин кызыкчылыгын, үмүт-тилегин колдоп, аны коргогон инсандардын касиет,

мүнөздөрү берилген. Буларда ошондой эле чет жерлик баскынчыларга — калмак феодалдарына каршы күрөш да чагылдырылган, б.а. бул аталган эпостор кыргыз уруулары өзүнчө эл катары калыптанып жаткан доордо жаралганы көрүнүп турат.

«Жаныш-Байыш» дастанында илгерки жоокердик замандардагы согуш окуялары баяндалып, эзүүчүлөр менен эзилгендердин, ак сөөктөр менен карапайым элдин турмушу сүрөттөлөт.

«Карагул ботом» дастаны өлгөндү көшөк түрүндө жоктогон кайгылуу чыгарма. Анын өзөгүн кыргыз аңчыларынын турмушунан алынган реалдуу окуялар түзгөн.

Эпостордун мазмуну абдан кеңири болуп, эл турмушунун эң бир ар түркүн жактарын камтыганына байланыштуу аларга толук талдоо берип, кеңири токтолуу мүмкүн эмес. Ал атайын жазылган эмгекти талап кылат.

Кыргыздар өзүнүн көп кылымдык тарыхында эмпирикалык илим-билимдин бай казынасын топтогон. Ал илим-билим, асыресе элдик календарда чагылтылган, мында оригиналдуу 12 айлык цикл жана Тогоол боюнча эсептөөнүн эң байыркы эсеби берилет. Ошону менен катар эле 12 жылдык жаныбар цикли деп аталган календарь боюнча эсеп жүргүзүү амалы да таралган, мындай календарь Орто Азия элдерине эле эмес, андан тышкары жактарга да, айрыкча Чыгыш элдерине да белгилүү.

Кыргыздар тиричилигинде элдик салттуу узундук жана аралык өлчөмдөрүн, убакытты билүү ыкмаларын колдонушкан. Алардын космогониялык түшүнүктөрү малчылык менен жашоо ыңгайына байланыштуу келип чыккан. Өсүмдүктөрдүн өсүшүнө, малдын жана куштардын кыялына байкоо жүргүзүүдөн келип чыккан тажрыйбасы жыл мезгилинин келишин жана чыгышын билүүгө, анын кандай болоорун, жаңы жылда чөп, өсүмдүк кандай чыгаарын ж.б. жагдайларды билүүгө мүмкүндүк берген. Элдик тажрыйбаны жана илим-билимди жалпылай келип, кээ бир эсепчилер өз алдын-ала жоромолдору жана берген кеңештери менен малчылардын жана дыйкандардын эмгегин кыйла жеңилдетишкен. Кыргыздардын жандуу жаратылыш тармагындагы аңдап билгендери абдан кызыктуу. Эң байыркы мезгилдерден тартып кыргыздарга жүздөгөн тоо өсүмдүктөрүнүн аты белгилүү, айрыкча алар үй айбанаттары жана адам үчүн кайсынысы уулуу, кайсынысы дарылык касиетке эгедер экенин жакшы ажырата билишкен. Аңчылар жапайы айбанаттар менен куштардын кыялын эң бир жакшы ажырата алышкан. Кыргыз элинде айрыкча үй айбанаттарынын анатомиясы жагындагы билими мыкты өөрчүгөн, аларда ошондой эле үй

айбанаттарынын өңүн, жашын ж.б. өзгөчөлүктөрүн ажыратуу боюнча терминология жакшы иштелип чыккан.

§ 2. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Кыргызстан элдеринин маданияты

XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башы чендеги Кыргызстандын маданияты анын өткөндөгү мыкты адат-салттары менен тыгыз байланышкан. Кыргыз эли материалдык жана руханий маданияттын салттуу түрлөрүн сактап, өөрчүтүп келген. Ошону менен катар жаңы социалдык-экономикалык мамилелердин жана Европадан жер ооп келгендер менен улам күчөгөн байланыштардын таасири астында алардын чарба жүргүзүү ыктары кайсы бир даражада өркүндөп, өзгөрүлүп, ага башка маданияттардын элементтери кире баштаган.

Көп кылымдык көчмөн турмуш жана патриархалдык-уруулук тиричилик кыргыз турмушунун бардык чөйрөсүнө терең из калтырган. Материалдык маданиятынын башкы компоненттери — турак-жайы, кийим-кечеги, тамак-ашы мурдагыдай эле мал чарбачылыгынын продуктуларынан жана жаратылыш байлыктарынан даярдалган. Алар мезгил сыноосунан өткөн жана бардык жагынан ишенимдүү болгон. Коңшулар менен чарбалык-маданий катнаш-алакаларга байланыштуу аздыр-көптүр гана айырмачылыгы болбосо, кыргыздардын материалдык маданияты бирдиктүү жана кайталангыс түрдө сакталган.

Кыргыздарда турак-жайдын негизги түрү катары уникалдуу сапаттарга ээ болгон боз үй узак мезгилдерден бери сакталып келди. Боз үйдүн конструкциясы көчүп-конуу учурунда аны оңой чечип алганга, жаңы жерге келип конгондо тез тигүүгө ыңгайлуу. Зарылчылык туулса, кереге-ууктарын көбөйтүп же азайтып, боз үйдү чоңойтуп же кичирейтип алса да болот.

Боз үйдүн ички интерьерин түзгөндө кылымдардан бери келаткан салт катуу кармалган. XX кылымдын баш ченинде гана бардар үй-бүлөлөрдүн боз үйлөрүндө фабрика-заводдон чыгарылган идиш-аяктар, керосин чырактар, жыгач столдор жана керебеттер пайда боло баштаган. Жогоруда айтылып кеткендей, боз үйлөрдүн төмөндөгүдөй бир нече түрү болгон: салтанатка, мейманга тигилчү боз үй (ак үй), тамак-аш даярдаганга, азык-түлүк сактаганга тигилчү өзүнчө үй. Мындай үйлөрдү көбүнчө кыргыздын оокат-кечелүү төбөлдөрү күткөн.

Ал эми көчмөн кыргыздардын негизги бөлүгү болсо бир гана боз үй менен жүрүшкөн.

Кыргыздар боз үйлөрдөн башка да сайма алачыктарды, жөнөкөй алачыктарды да урунушкан.

Тарыхый шарттардын өзгөрүлүшүнө байланыштуу Кыргызстанда туруктуу типтеги топурактан жана жыгачтан салынган турак-жайлар пайда болот. Түштүктө мындай үйлөр XIX кылымдын биринчи жарымында эле салына баштаган. Бул жакта топурактан салынып, үстү жалпак же чатырчалуу, өзбек, тажик кыштактарыныкына мүнөздүү курулуштар басымдуулук кылган.

Аймак Россияга кошулгандан кийин Кыргызстандын түндүк тарабында аскердик-административдик жана чек аралык пункттар курула баштаган, алар кийин шаарчаларга жана шаар тибиндеги соода кыштактарына айланган. Токмок, Пишпек, Кара-Кол, Нарын ушундайча пайда болгон. XIX кылымдын акыркы чейрегинде Кыргызстанга орус, украин, немец, дунган калктарынын өкүлдөрү жер ооп келгендигине байланыштуу кыштактардын жаңы типтери пайда болгон.

XIX кылымдын аяк ченинде курулган шаарлар менен кыштактардын таасиринен улам кыргыз кыштоолоруна жакынкы жерлерде экинчи турак жай катары адам дайыма жашай турган үйлөр жана чарбалык курулуштар салына баштаган. Кыргыздын биринчи кыштагы Таш-Төбө 1899-жылы негизделген. XX кылымдын башында Ысык-Көлдө — Тепке, Чырак, Даркан, Темировка, Таштак, Ак-Кочкор; Талас өрөөнүндө — Кар-Арча, Жайылган, Үч-Коргон, Чүй өрөөнүндө — Чала-Казак сыяктуу бир катар кыргыз кыштактары пайда болгон. Алардын көчөлөрү менен үйлөрүнүн пландаштырылышы орус-украин келгиндеринин кыштактарына окшош болгон. Үйлөр көчөнүн эки жаккы бетине топурактан жана жыгачтан салынган, чатырлары камыш менен жабылып, үйдүн эшиги көчөнү караган. Түз көчөлөрдүн бойлоруна тал-терек тигилген. Бул сыяктуу жаңы көрүнүштөрдү кабыл алуу менен кыргыздар ошол эле учурда өзүлөрүнүн улуттук салтын да сактап калышкан. Үйдү ички жана тышкы деп экиге бөлүшкөн эмес, тосмо да коюшкан эмес, салган үйлөрүнүн жанына боз үйдү кошо тигип алышкан. Үйлөрүндө негизинен демейки интерьер сакталып турган. Кээ бир белгилүү кыргыз манаптары гана чоң чарбактуу, көптөгөн чарбалык кошумча курулуштары бар заңгыраган үйлөрдү курушуп, европалык мебелдерди урунушкан.

Башка элдер менен байланыштардын күчөшүнөн, алышбериштин жана сооданын өөрчүшүнөн улам кыргыздардын

салттуу кийим-кечесинде да айрым өзгөрүүлөр пайда болду. Эң оболу тыштан алып келинген кездемелер кеңири таралды. Акырындык менен эркек-аялдыкы деп бөлүнбөй кийиле берүүчү кийимдер жоюлду. Маселен, бийик такалуу өтүктөр колдонуудан чыкты, аялдардын көйнөгүнүн төшүндөгү кооздуктар жок болду, жаргак шым чанда гана кийилип калды, эркек-аял экөөнүн тең көйнөктөрүнүн бычылышы башкача түр ала баштады, бешмант деп аталган бели кыналма, бир жакка кымтыланма сырт кийимдер пайда болду, бүйүрмө көйнөктөр кеңири таралып кетти. Бирок кийим-кечектеги өзгөрүүлөр бир калыпта жүргөн жок. Отурукташканга чейинки, тоолуу, кыйынчылык менен жетчү райондордо кол менен тигилген эски кийимдер басымдуу боюнча калды.

Кыргыздардын тамак-ашы бул мезгилде салттуу мүнөзүн жоготкон жок, көбүнчө сүт жана эттен жасалган тамак-аш басымдуулук кылды. Өсүмдүктөрдөн даярдалган азык-түлүк — таруу, арпа, буудай, ошондой эле табийгый мөмө-жемиштер кеңири колдонулган. Эгерде мурда кыргыздардын тамак-ашы жарды жана бир түрдүү деген пикир орун алып келсе, эт менен сүттөн гана кыргыздар ондогон тамактын түрүн даярдай турганы белгилүү болду, мындай түркүн тамак-аштын пайдалуу экенин мезгил өзү бара-бара далилдеди.

XX кылымдын башында отурукташкан кыргыздар жашылча-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүүнү өздөштүрүшүп, алардын ашканасына коңшу элдердин улуттук тамак-ашы (манту, чүчбара, лагман, жаркөп ж.б.) кире баштаган.

Башка да ар кайсы элдер менен дайыма өз ара байланышуунун натыйжасында заттык маданияттын башка компоненттери да орун ала берген. Өз мөөнөтүн өтөп бүткөн же эскирген материалдык маданияттын элементтери практикалык жана эстетикалык талаптарга жооп берген башка компоненттер менен алмаштырылды.

Бул мезгилде кыргыз элинин бай жана кайталангыс руханий маданияты андан ары өөрчүш үчүн жаңы импульс алды. Буга коомдук-саясий кырдаалдын өзгөрүлүшү, крайдагы чарбалык-маданий жылыштар, диний эмес окуу жайлардын ачылышы, эл ичинен таланттуу чыгармачыл инсандардын чыгышы, прогресс-чил маанайдагы европалык интеллигенциянын кыргыз жергесинде иштеши, ар кандай адабияттын жана мезгилдүү басма сөздүн таралышы сыяктуу көптөгөн факторлор көмөк берген.

Кыргыз элинин руханий маданиятында элдик оозеки-поэтикалык көркөм сөз өнөрү маанилүү орун ээлеп, башка көптөгөн

элдердин тарыхый сыпаттамаларында, көркөм адабиятында, живописинде, скульптурасында, театр өнөрүндө чагылдырылып келген руханий жана материалдык дөөлөттөрдүн бардыгы ушул оозеки-поэтикалык чыгармаларда камтылып турган.

Эпикалык жанрларды сактап, өөрчүтүү ишине айтуучулар чоң салып кошушкан. Айтуучулардын ар бири аткаруу учурунда тарыхый шарттарга, кырдаалга жана угуп отургандардын өзгөчөлүгүнө ылайык эпоско өз алдынча айрым бир жаңылыктарды киргизишкен. Бул мезгилдеги белгилүү эпос айтуучулар: Тыныбек (1846–1902), Найманбай Бекмурат уулу (1853–1911), Тоголок Молдо (1860–1942), Шапак Рысменди уулу (1863–1956), Сагынбай Орозбак уулу (1867–1930), Чоюке Өмүр уулу (1886–1928), түштүктө Чал Садык уулу (1850–1911), Жаңыбай Кожек уулу (1860–1942) ж.б. Булардын ичинен Тыныбек менен Сагынбай Орозбак уулун өзгөчө бөлүп көрсөтүү керек. Тыныбек өзүнөн мурдагы муундардын айтуучулук өнөрүн уланткан көрүнүктүү өнөрпоз болгон, андан XIX кылымдын аягы — XX кылымдын башындагы айтуучулардын бүтүндөй бир тобу, алардын ичинде Сагынбай да таалим алган. 1898-жылдан тартып өмүрүнүн соңуна чейин Тыныбек өзүнүн айтуусундагы вариантты жазууга киришип, бирок «Семетей» бөлүгүн гана бүткөрүүгө үлгүргөн. Ал 1925-жылы (араб тилинде) жарыяланган. Сагынбай Орозбак уулу Тыныбектин өзүнө тете келген улантуучусу болуп эсептелет. Андан үчилтиктин биринчи бөлүгүнө таандык 180 000 ыр сабы жазылып алынган. Анын варианты көркөмдүк жактан жетик чыккандыгы, поэтикалык ыр саптарынын көркөмдүүлүгү менен айырмаланып турат, эпостогу архаикалык катмарлар кийинки кездеги катмарлануулар менен чеберчиликте эриш-аркак келтирилген, бул вариантта башка бир нече варианттар бир бүтүндүккө келтирилип, өзүнчө оригиналдуу чыгармага айлантылган. Сагынбай эпосту жаратуучу жана аткаруучу эле болгон эмес. Анын Шабдан баатыр тууралуу кошоктору, «Заман» деген социалдык-философиялык дастаны, ошондой эле дидактикалык ырлары белгилүү.

Көптөгөн таланттуу төкмө акындар конкреттүү тарыхый окуяларга жана өз мезгилиндеги реалдуу инсандарга арнап жаңы эпикалык дастандарды чыгарышканын да белгилей кетүү керек. Маселен, «Балбай» жана «Осмон баатыр» дастандарында кыргыз элинин падыша баскынчыларына каршы күрөшү ырга салынган, ал эми «Кыргыз баатырлары» аттуу дастанда Шабдан, Байтик ж.б. тарыхый инсандардын эрдиги жана айкөлдүк иштери поэтикалык тил менен баяндалат. «Ак Мөөр», «Капта-

гайдын кызынын арманы» дастандары кыргыз аялдарынын укуксуз абалына каршы чыгып, өз укуктары үчүн күрөшкөн XIX кылымдын орто чениндеги конкреттүү адамдарга арналган. Бул, балким, жаңы коомдук шарттардын жана калктын өзүн-өзү аңдап билүүсүнүн өзгөрүшүнөн улам келип чыккан болуу керек. Ошондой болсо да, мындай чыгармалар акыр-аягына чейин дыкат ишгелип чыкпаган себептүү эл арасына кеңири тарала алган эмес.

Жалпысынан алганда, кыргыз фольклору өтө көп түркүмдүү менен айырмаланат. Эпикалык чыгармалар менен катар эле дидактикалык, миф түрүндөгү, эмгек, турмуш-тиричилик темасындагы ырлар, уламыштар, жомоктор, макал-ылакаптар кеңири өрүш алган. Бул жанрлардын сакталып, андан ары өөрчүшү кайсы бир даражада Жеңижок Өтө Көкө уулу (1860–1918), Токтогул Сатылганов (1864–1933), Барпы Алыкулов (1884–1949), Калык Акиев (1883–1953), жазма акындар Молдо Нияз (1820–1896), Молдо Кылыч (1866–1917), Тоголок Молдо (1860–1942), Токторалы Талканбаев (1880–1957) ж.б. айтылуу инсандардын чыгармачылык ишине байланышкан. Маселен, XIX кылымдын аягы — XX кылымдын башында Кетмен-Төбө жана Талас өрөөндөрүндө эле 60тан ашуун акын жашаган.

Аймакта болуп жаткан социалдык-экономикалык өзгөрүштөр жана татаал кырдаал жогору жакта аталгандай акындарды руханий изденүүлөргө түрткөн. Кыргыз элинин коомдук аңсезиминин негизги өнүгүш тенденцияларын чагылткан өз көз караштарына жараша акындар заманчылар жана демократтар деп эки лагерге бөлүнүшкөн. Бул авторлордун чыгармаларын дыкаттык менен изилдей келгенде, алардын калтырган мурастары бири-бирине карама-каршы келбестен, кайра бири-бирине байланышта, биринин салтын бири улантып турганын ырастайт. Бирок коомдун өтө эле идеологиялашып кеткенинин кесепетинен заманчы акындардын дүйнөгө болгон көз караштары кийинки мезгилдерге чейин консервативдүү жана реакциячыл деп эсептелинип келинген, ал эми алардын баа жеткис чыгармалары болсо негативдүү планда гана көрсөтүлгөн. Деген менен, алардын ырларында реалдуу тарыхый жана диний-мистикалык мотивдер эриш-аркак берилген. Анын үстүнө заманчылардын чыгармаларында пессимисттик идеялар анча басымдуу эмес, андай доош кээ бир чыгармаларынан гана угулат.

XIX кылымдын башы менде исламдын жана Чыгыш адабиятынын таасири менен пайда болгон тенденция аймак Россияга кошулгандан кийин андан ары өөрчүтүлгөн.

Бул мезгилдеги башкы заманчы, оозеки поэзиядан жазма адабиятка өтүү процессине баалуу салым кошкон Молдо Кылыч Шамыркан уулу Төрөгелдин болгон. Ал бала кезинде эле сабатсыздыгын жоюп, кыргыз акындарынын сөздөрүн ынтызарлык менен уккан, ал эми XIX кылымдын 80-жылдарынан тартып Фирдоуси, Навои, Бедил, Рабгузи сыяктуу Чыгыш классиктеринин чыгармаларын кумарданып окуган. Кийинчерээк ал өз мезгили үчүн бай китепканага ээ болгон. Чыгармачылык ишин 18–20 жаш курагында баштап, ал өзүнүн бүткүл өмүрүн элинин оор абалдан чыгышына керектүү жолду издөө түйшүгүнө арнаган. Молдо Кылыч өзүн мезгилдин тарыхый байланышы үзүлүп, уруу байланыштары ыдырап, бийликти жана байлыкты көксөө, мартабага жандалбастоо, ачкөздүк сыяктуу жаңы терс сапаттар жаралып жаткан бүлүнүү жолундагы дүйнөдө жашап жаткандай туйган. Ал өткөн турмуштун кайрылып келиши үчүн жан үрөгөн эмес, адамдар ата-бабаларга таандык оң касиет-белгилерге ээ болсо деп далалаттанган. Исламдын адамды урматтаган идеяларынын жардамы менен өз уруулаштарынын моралдык-этикалык сапаттарына таасир кылам деп ишенген. Өзүнөн мурункулардан айырмаланып, Молдо Кылыч коомдогу прогрессчил өзгөрүүлөрдү байкап, элди ушул жаңы өзгөрүштөрдү, асыресе чарба жүргүзүүнүн жаңы усулдарын үйрөнүүгө үндөгөн. Ошол мезгилде ал падышалык-чиновниктик администрациянын колониялык саясатын тайманбастан катуу сынга алган.

Молдо Кылычтын чыгармалары эл арасына ар кандай жолдор менен кеңири таркалган. Анын «Жер титирөө тууралуу баян», «Кыз жана жигит», «Керме-Тоо», «Чүй өрөөнү тууралуу баян», «Куштар», «Бүркүттүн тою», «Буудайык», «Кайгылуу доор» жана башка чыгармалары эл арасында сүймөнчүлүк менен окулган. 1911-жылы Казандан анын «Кысса-и Зилзала» аттуу дастаны кыргыз тилиндеги биринчи басма чыгармасы басылып чыккан.

Белгилүү жазма акындардын бири — Молдо Нияз, ал Кашкардагы медреседен билим алган. Молдо Нияз Түркстан аймагын дээрлик бүт кыдырып чыгып, XIX кылымдын экинчи жарымындагы Фергана өрөөнүндө жүрүп жаткан бардык өзгөрүүлөргө күбө болгон. Анын жети китеп жазып, өз колу менен кол жазма түрүндө китеп кылып даярдаганы белгилүү. Бирок бизге ал кол жазмалардын — санаттардын үчөө гана келип жетти. Бул санаттарында Молдо Нияз насыят түрүндө коомдогу оор абалды баян кылып өтөт. Жамандык адамга таандык моралдын бузу-

лушунан жана исламдын окуусун карманбагандан улам болуп жатат деп түшүнгөн. Анын санаттарында кыргыздардын кокондук колонизаторлордун зордук-зомбулугуна каршы күрөшү, Чыгыш Түркстанга качышы, аталган хандыктын тарыхында Алымкул датканын ээлеген орду, Чымкент менен Ташкендин жанында кокондуктардын падыша аскерлери менен болгон салгылашта жеңилиши, Кыргызстандын түштүгүн падышачылыктын андан аркы каратып алышы сыяктуу тарыхый окуялар ээлейт.

Молдо Нияздын санаттары тарыхый жалпылоого ээ болбосо да маанилүү тарыхый жана лингвистикалык дарек болуп саналат.

Заманчы акындардын салтын улантуучулардын катарына жазма акын жана агартуучу Алдаш Молдо кирет. Ал жергиликтүү молдодон баштапкы билим алып, Каракол шаарындагы жаңы усулдук татар мектебинен окуусун уланткан. 1904-жылдан тартып өзүнүн өмүрүн агартуу ишине арнаган. Мугалимчилик менен катар эле чыгармачылык иш менен да шугулданып, коомдук аң-сезимди ойготууга далалаттанган. «Шайлоо» жана «Хал заман» аттуу чыгармаларында падыша чиновниктери менен жергиликтүү акимдердин эки жүздүүлүгүн, сатылгычтыгын, жаңы чыккан соодагерлер менен сүткорлордун куулукшумдугун катуу мыскылдаган. Анын «Үркүн» аттуу дастаны 1916-жылдагы падышанын жазалоочу отрядынын мыкаачылык иштеринин кесепетинен болуп өткөн кайгылуу окуяларга, көтөрүлүшчү кыргыздардын Кытайга качышына арналган.

Белгилүү ойчул-агартуучу жана тарыхчынын бири Осмонаалы Сыдык уулу болуп эсептелет (1875–1940). Анын өмүр баяны тууралуу маалыматтар бири-бирине карама-каршылыктуу бойдон калууда. Кийинки мезгилдерге чейин эле ал пантүркизм идеяларын жайылтуучу катары эсептелип келген. Өзүнүн кызы берген маалыматка караганда, Бухара, Афганстан жана Үч-Турпандын окуу жайларынан билим алган. Ушундан кийин балдарды да окутуп, ошол эле учурда кыргыз элинин тарыхына да кызыгып, 15 жылдан ашуун убакыт санжыра материалдарын, элдик оозеки чыгармаларды жана тарыхый маалыматтарды жыйнаган. Көптөгөн ар түркүн, жана бири-бирине карама-каршы келген фактыларды жалпылап, талдап чыгып, 1913-жылы Уфа шаарында өзүнүн «Мухтасар тарых-и Кыргызия» деген эмгегин бастырып чыгарган, ушул эле эмгеги толукталып, кайра иштелип чыгып кийинки жылы «Тарых-и кыргыз Шадмания» («Кыргыз Шабдан тарыхы») деген ат менен

кайра басылган. Өзүнүн бул чыгармаларынын мааниси тууралуу айтуу менен бирге, автор биринчи эле беттеринде тарых «адамзат коому жөнүндө, алар кантип жашаганы жана азыктанганы, эмне иш кылганы, кандай мамлекеттер болгону жана ал мамлекеттер эмне себептен кыйраганы тууралуу бирден бир туура маалыматтарды берет», — деп жазган.

О.Сыдыков башкалардан өзгөчөлүп, тарыхты өз бетинче — айрым тарыхый инсандардын иш-аракеттери аркылуу ачып берет. Ошону менен катар ал коңшу элдер жана ири тарыхый окуялар тууралуу кызыктуу маалыматтарды келтирет. XX кылымдын башында О.Сыдыковдун эмгектери мусулман мектептеринде окуу китеп катары пайдаланылып, кыргыз элинин коомдук аң-сезиминин өсүшүнө көмөк берип турган.

Көп жыл бою унутулуп калып, кийинчерээк кайра басылып чыккан О.Сыдыковдун эмгектери кыргыз таануу илими үчүн баалуу дарек жана тарыхграфиясына жакшы салым боло алат.

Түрк элдеринин тарыхын жазуу иши менен көп жылдар бою Белек Солтоноев (1878–1937) шугулданган. Мусулманча сабатын ачуу менен ал Сазановкадагы орус-тузем, андан кийин Пишпектеги айыл чарба мектебинде окуусун уланткан. Тарыхка 1895-жылдан тартып кызыга баштаган. Бул тууралуу анын өзүнүн жазмалары маалымат берип турат, жазмаларынын биринде ал мындай дейт: «...мен өзүмдү тынчсыздандырган маселени — кыргыз эли качан жана кайдан чыккан дегенди изилдейм деп, карылардан жана эскилердин сөзүн жакшы билгендерден көп нерселерди сурамжылап, алардын жообун дептериме кең-кесири жазып алдым, ошондой эле орус жана араб тилдериндеги тарыхый китептерди жыйнай баштадым». Бул иштерди жасаш үчүн Солтоноевде айрым бир мүмкүнчүлүктөр болгон — болушка катчы болуп иштеп туруп, Кыргызстандын ар кайсы жеринде тез-тез болуп, ар кандай кишилер менен жолуккан. Бардык барган жерлеринде агартуу иштерин жүргүзүп, колунан келишинче падышачылыктын жер которуу саясатына каршы күрөшкөн. Архивдерде кысымга учурап, жеринен ажыраган кыргыздардын атынан ар кайсы инстанцияларга Белек Солтоноев жазган арыз-муңдар сакталып калган.

Демократиялык багыттагы кыргыз оозеки жана жазма адабиятында көрүнүктүү орун акын, агартуучу Тоголок Молдо деген ат менен белгилүү болгон Байымбет Абдыракман уулуна таандык. Анын көз карашынын калыптанышында чоң атасы, көрүнүктүү акын, комузчу, заманчылар идеясынын жактоочусу Музооке кыйла роль ойногон. Чоң атасы аны сабаттуулукка

үйрөтүп, Калыгулдун, Арстанбектин ж.б. чыгармалары менен тааныштырган. Өспүрүм Тоголок Молдонун чыгармачылыгынын өөрчүшүнө Молдо Кылычтын чыгармалары көп таасир тийгизген. Ал өзүнүн «Суу кушу менен боз кушу» дастанын ошол Молдо Кылычтын «Бүркүттүн тою» чыгармасына таасирленип чыгарган болуу керек. Бул аталган чыгармасында Тоголок Молдо эзүүчүлөрдү ар кандай куштардын кейпинде көрсөтүп, катуу кедейленип кеткен карапайым элдин турмушун сүрөттөп берген. Анын чеберчилигинин өсүшүнө Чүй өрөөнүндө өткөргөн жылдары көп көмөк берген. Чүйдө ал башка элдердин өкүлдөрү менен баарлашып, ар кандай адабий китептерди окуп, айтылуу манасчы Тыныбектен дастан, жомокторду айтуу боюнча таалим алган, чечек оорусун эмдөөнү В.М.Фрунзеден үйрөнгөн. Тоголок Молдо кыргыз адабиятында тамсил жанрына негиз салуучу катары бааланат.

Заманчылардан айырмаланып, Тоголок Молдо пессимизмге берилип кеткен эмес, кайра ал кыргыз элинин өткөндөгү баатырдык турмушунан шык-дем алып, жашоого оптимистче караонун мисалдарын табат. Ага социалдык карама-каршылыктардын күчөшү менен кыргыз коомунда чыңдалып бараткан агартуучулук аракеттер, демократчыл идеялар мүнөздүү болгон. Ал элдердин достугун даңазалап, өз мекендештерин орустун алдыңкы чарба жүргүзүү ыктарын өздөштүрүүгө, билимге, кол өнөрчүлүккө үйрөнүүгө үндөгөн.

Кыргыз оозеки поэзиясынын демократтык багыттагы эң көрүнүктүү акыны Токтогул Сатылган уулу болгон. Бала кезинен бардык турмуш кыйынчылыктарын тартып, ал өз чыгармачылыгы башталган кезден эле эмгекчи элдин кызыкчылыгын жактап, элдик акын катары чыккан. 1898-жылы Токтогулду Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деген шылтоо менен 7 жыл Сибирге сүргүнгө айдашкан. Сүргүндө өткөн жылдар акындын идеялык жактан такшалышына жана демократиялык көз караштарынын калыптанышына өзүнчө бир мектеп катары кызмат кылган. Башка элдердин алдыңкы өкүлдөрү менен аралашып, пикирлешкени анын поэтикалык шыгынын өөрчүшүнө дем берген.

Токтогул айтыш өнөрүнүн чоң чебери болгон, ал ошондой эле лирикалык, насыят ырларды чыгаруу боюнча да алдына ат салдырган эмес. Анын көп сандаган ырларында элдердин достугу тууралуу ойлор айтылып, карапайым элдин эмгегин, алардын сүйүүсүн, чынчылдыгын жана эркиндикке умтулушун даңазалайт. Ошол эле мезгилде ал ыкшоолукту, саранчылыкты,

зулумдукту жана падышалык администрацияга жасакерленип жан багып жүргөн жергиликтүү бий, болуштардын булганч жүрүм-турумун катуу сынга алган.

Кыргыздардын руханий турмушунда ойчул акын Жеңижок Өтө Көкө уулу орчундуу из калтырган. Ал табиятынан эле көркөм-философиялык чоң жөндөм-шыкка жана интуицияга эгедер жан болгон. Замандаштарынын демократиялык идеяларын өзүнө сиңирип, Жеңижок аны өз чыгармаларында андан ары өөрчүткөн. Коомдук прогрессти ал эмгекчи элге байланышта карап, социалдык-экономикалык кайра жаралуу иштеринде эмгекчи элге чечүүчү роль таандык деп билген.

Жеңижоктун терең мазмундуу, жеткиликтүү, ойго каник ырлары жана насыяттары коом менен табияттын ар кандай көрүнүштөрүнө арналган. Маселен, Ааламга арналган «Он сегиз миң аалам» деген ырында ал таанып-билүү процессинин учукыйырсыз экени тууралуу айтып, Жаратылыш менен Күн системасынын сырдуу күчтөрү эмнеде экенин чечмелөөгө аракет кылат да, окугандарды ой жүгүртүүгө үндөйт.

Жеңижоктун талантын Токтогул өзгөчө баалап, аны өзүнүн устаты катары эсептеген.

Эл акындарынын демократиялык салттарында Барпы Алыкулов, Калык Акиев, Эшмамбет Толтоев, Коргол Досуев, Алымкул Үсонбаев сыяктуу акындардын бүтүндөй бир тобу тарбияланган, булардын чыгармачылыгынын гүлдөп турган учуру жаңы мезгилге туура келет.

XIX кылымдын экинчи жарымы — XX кылымдын башы — кыргыздардын элдик музыкасынын андан ары өрүш алышынын мезгили. Акындар, ырчылар жана айтуучулар кыргыз музыкасы менен поэзиясынын бирден бир жаратуучулары болгон себептүү эл менен бардык учурларда — кайгысында да, кубанычында да дайыма бирге болушкан.

Демейде эки-үч музыкалык аспапта ойной билген элдик музыканттар өз чыгармаларын музыкалык ритмиканын нормасына ылайык чыгарышкан. Музыканы изилдөөчүлөр кыргыз музыкасынын вокалдык жана инструменталдык жанрлары деп шарттуу түрдө бөлүп жүргөн жанрлар бири-бирине эриш-аркак өөрчүтүлүп, көп учурда бири-бирине өтүп, бирин-бири толуктап турган.

Вокалдык жанр акындардын ырчылык чыгармачылыгы, турмуш-тиричиликтеги көпчүлүккө таралган ырлар жана кобүнчө музыка менен коштолуучу эпикалык жомоктор деп үч багытта өнүгүп келген. Мында чертме, эгелеме, үйлөмө жана урма музыкалык аспаптар пайдаланылган. Булардын ичинен

элге эң кеңири таралганы жана сүйүктүүсү үч кылдуу комуз болуп эсептелет.

Кыргыз музыкасына орчундуу салымды төмөндөгү аспапчы музыканттар кошту: Күрөңке Белек уулу (1826–1907), Бурулча Осмонбек кызы (1836–1916), Тойгожо Бучук уулу (1840–1912), Ниязаалы Борош уулу (1856–1944), Муратаалы Күрөңке уулу (1860–1949), Карамолдо Ороз уулу (1883–1960), Мусулманкул Молдобасан уулу (1883–1961), Ыбырай Туман уулу (1885–1967) ж.б. Бул сыяктуу элдик музыканттардын көпчүлүгү өз чыгармаларын XIX жана XX кылымдардын аралыгында жаратышкан. Ушул таланттардын эмгеги аркылуу кыргыз музыкасынын туюнтуу каражаттары, образдык түзүлүшү байып, тематикасы кеңиген. Булар жараткан ырлар менен күүлөрдө социалдык нааразылык темасы айкын ачылып, адилетсиз мыйзамдар менен падыша колонизаторлорунун жана аларга жасакерленген жергиликтүү бай, манаптардын зордук-зомбулугуна каршы күрөшкө чакыруу мотиви угулат.

Элдик музыканттар башка элдердин музыкалык маданиятына терең урмат кылуу менен мамиле кылышып, алардын мыкты чыгармаларынан таалим алышкан, ошол башка элдин музыкалык чыгармаларын өздөштүрүп, улуттук музыканын негизинде кайра иштеп чыгышып, жаңы доош беришкен. Маселен, кыргыз музыканттарынын репертуарында өзбек, казак, татар, орус элдеринин кайрыктары жана күүлөрү пайда болду.

XIX кылымдын аяк ченинен тартып жергиликтүү элдин музыкалык аспаптарынын арасынан фабрикалык жол менен жасалган музыкалык инструменттер — балалайка, мандолина, гармоника, баян орун алды. Маселен, Токтогул балалайкада да, мандолинада да ойногонду, Мусулманкул Молдобасан уулу гармоника тартканды билген.

Ошол эле учурда кайра иштелип чыккан кыргыз обондору коңшу элдерге да таралган. Европалык интеллигенциянын прогрессчил маанайдагы өкүлдөрү кыргыз музыкасы боюнча материал жыйнап, биринчи ноталык жазмалар жазылып, музыкалык аспаптардын коллекциясы түзүлгөн.

Бул кездеги кыргыздардын элдик оюн-зооктору негизинен өзүнөн мурунку мезгилдеги белгилерин сактап калган. Башка музыкалык-поэтикалык чыгармалар сыяктуу эле булар менен элдик салтанаттар коштолуп турулган. XIX кылымдын аягында майрамдык той-топурларга орус-украин келгиндери жана казак-орустар да катыша баштаган. Алардын таасири менен, маселен, спорттук мелдештерге айрым жаңычыл түрлөр кийи-

рилген. Айталык, ат чабыштарда кыйла бекем тартиптеги эрежелер колдонулган, ал эми XX кылымдын башында ат майдандар (ипподромдор) салынып, орус элинин спорттук оюндарынын айрым түрлөрү кийирилген.

XIX кылымдын экинчи жарымы — XX кылымдын башында салттуу билим берүү андан ары өөрчүтүлгөн. Эл ичинде билим алууга умтулуу күч болгон, ар бир кыргыз айылында мектептерди ачуута далалат кылынып, ачылган мектептерде сабаттуу адамдар мусулман диний окуусунан таалим беришип, арабча жазууга жана илим-билим негиздерине үйрөтүшкөн. Сабактар демейде боз үйлөрдө, ал эми отурукташкан аймактарда мечиттерде берилген.

Кыйла тереңдетилген билимди медресе деп аталган жогорку баскычтагы мектептерден алышкан. Мындай мектептер шаарларда же калкы отурукташкан аймактардын борборлорунда болгон. Окутуу курстарында системалуу түрдө диний жана граждандык укуктан, эсеп сабагынан, медицинадан жана чыгыш адабиятынан сабак берилген. Билимдин негиздерин ийгиликтүү үйрөнүшкөн окуучулар өзүлөрү кызыккан предметтерин өз бетинче окуп үйрөнүүнү улантышып, изилдөө-агартуу иштерин жүргүзүшкөн. Медресени бүткөн кыргыздар аз санда эле болгон. Бирок мектептердин саны жана сабаттуу кишилер Кыргызстанда бара-бара көбөйө берген. Толук эмес маалымат боюнча 1913–1914-жылдары Пишпек уездинде — 59, Пржевальск уездинде — 128, Ош уездинде — 229 мектеп болгон. Калктын көчмөн турмуш ыңгайына байланыштуу медреселер анча таралып кете алган эмес. 1914-жылы отурукташкан калк басымдуулук кылган Ош уездинде гана 88 медресе иштеген.

1901–1902-жж. жаңыдан пайда болуп келе жаткан жергиликтүү буржуазиянын таасири менен Пишпекте, Токмокто жана Пржевальскиде жаңы усулдагы мектептер ачылган. Кыргызстанда бул сыяктуу мектептер 1909-жылдан Чоң-Кеминде («Шабдания» медресеси), 1911-жылдан Жумгалда («Курмандын мектеби»), 1912-жылдан Кочкор өрөөнүндө, 1914-жылдан Куртка кыштагында иштей баштаган.

Жаңы усулчул мектептерде билим берүү процесси жаңы мезгилдин талаптарына ылайык болгон. Аларда диний жана жалпы билимдер берилип, көрсөтмө окуу куралдары жана азыркы жабдуулар (парта, стол, карта ж.б.) пайдаланылган. Бул мектептердин бүтүрүүчүлөрү кийин кыргыз элинин сабатсыздыгын жоюп, андан ары билим алышына белсене эмгек кылып беришкен.

Падыша өкмөтү жаңы усулчул мектептерге каршы чыгып, алардын ишин катуу контролдоп турган. Ошону менен катар край Россияга бириктирилгенден кийин аталган өкмөт Кыргызстанда орус окуу жайларынын тармагын түзүүгө киришкен. Агартуу ишинин негизги максаты катары «крайда элге билим берүү маселелерин чечүүдөгү башкы тартип» «орустардын кызыкчылыгын көздөө багытында өөрчүтүлүшү» керек деп белгиленген, б.а. бул иш бүт бойдон падышачылыктын мүдөөсүн көздөш керек эле. Бийликтер түпкү калкка да, орус эмгекчилерине да билим берүүгө кызыккан эмес. Бирок төмөнкү администрациянын сабаттуу кызматчыларга болгон улам өсүп жаткан муктаждыгы, ошондой эле жер ооп келгендердин токтолбогон талаптары бийликтерди калкка билим берүү ишин улантууга аргасыз кылган. 1870-жылы Токмок шаарында биринчи уездик орус окуу жайы (башталгыч мектеп) ачылган. Ага удаа эле 1874-1900-жж. мындай окуу жайлар Кыргызстандын шаарларында жана эски келгиндердин бардык кыштактарында иштей баштаган.

Ошол эле учурда төмөнкү администрация үчүн жергиликтүү кадрларды даярдоо максаты менен башталгыч мектептерде кыргыз коомчулугунун каражаты менен иштеп турган окуучулар квартиралары (интернаттары) уюшулган. Маселен, 1874-жылы Кара-Колдо, ал эми 1876-жылы Пишпекте «Азия пансиондору» ачылган, буларга жылына крайдагы түпкү калктын окүлдөрүнөн болгону 30 окуучудан кабыл алынып турган.

Толук эмес орус орто мектептери кыйла кийинчерээк: Пржевальскиде — 1911-ж., Пишпекте — 1916-ж., ошол эле жылы Пишпекте аялдар прогимназиясы ачылган. Кыргызстанда 1914-жылы орустун 107 мектеби иштеп турганы, аларда 7041 окуучу окуганы белгилүү.

Тоолуу крайда алдыңкы орус маданиятынын онүмдөрүн биринчи алып келген орус окуу жайларында аз санда болсо да, кыргыздар да окуган.

Мусулман мектептери менен ат салышуу максатын көздөп, падыша өкмөтү орус окуу жайлары менен жергиликтүү мектептердин системаларын айкалыштырган орус-тузем мектептерин ачып кирген. Биринчи орус-тузем мектеби 1884-жылы Токмок уездинин Караконуз кыштагында ачылган. Мындай типтеги мектептер 1886-ж. — Ошто, 1897-ж. — Токмокто, 1898-ж. — Талкан болуштугуна караштуу Сокулук менен Николаевскиде (азыркы Панфиловск), 1899-ж. — Тынай жана Жумгал болуштуктарында, 1900-ж. — Кетмен-Төбөдө, 1904-ж. — Александров-

када (азыркы Киров кыштагы) жана Дмитриевкада (азыркы Талас ш.), 1905-ж. — Ат-Башыда, 1906-ж. — Пржевальскиде, 1911-ж. — Памирде ачылган.

Биринчи дүйнөлүк согуш башталардын алдында Кыргызстанда 20дай орус-тузем мектеби, шаардык мектептердин алдында 2 интернат иштеп турган, аларда 800дөн ашуун бала окуган. Бул мектептер жалпысынан алганда, кыргыз элинин маданий турмушунда элди адамзат иштеп чыккан руханий дөөлөттөр менен тааныштырып, прогрессчил роль ойногон. Бул сыяктуу орус-тузем мектептерин бүтүрүп чыккандардын арасында Т.Айтматов, Б.Исакеев, А.Осмонбеков, З.Кыдырбаев сыяктуу кийин Кыргызстандын белгилүү инсандарына айланган бүтүрүүчүлөр болгон.

Түпкү калктын арасында айыл чарба билиминин өнүгүшүндө төмөнкү баскычтагы айыл чарба мектептери белгилүү роль ойногон, мындай мектеп 1888-жылы — Пржевальскиде, 1898-жылы — Пишпекте ачылган. Бул мектептерден окуучулар жалпы билим берүүчү предметтер менен катар эле агрономиянын жана агротехниканын негиздери менен таанышып, адистиктер боюнча практикадан өтүшүп, ар кандай кол өнөрчүлүктү үйрөнүшкөн. Турар Рыскулов жана Белек Солтоноев ушул Пишпек айыл чарба мектебин бүтүрүшкөн.

Фактылар ырастап тургандай, XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып агартуу тармагында түпкү калктын балдарын Түркстан крайындагы ар кайсы окуу жайлардан эле эмес, Россия империясынын окуу жайларынан да окутууга умтулуу күч алган.

XIX кылымдын орто ченинде Кыргызстанда азыркыча саламаттыкты сактоо системасы болгон эмес. Бирок кыргыз коомчулугунда элдик медицина жакшы эле өөрчүтүлүп келген. Ал XX кылымдын 20-жылдарынын ортосуна чейин ийгилик менен пайдаланылган. Бул система көчмөндөрдүн турмуш тажрыйбасына ылайык, ошондой эле аз санда болсо да табыптардын, кыбачылардын (костоправдардын), фармацевттердин, бакшы жана бүбүлөрдүн эмгегинин натыйжасында байытылып, өркүндөтүлүп отурган. Элдик дарыгерлер бай тажрыйбаны сактап кийинкилерге калтырыш үчүн демейде жакын туугандарынын зээндүү балдарынын ичинен шакирттерди кошо алып жүрүшкөн. Алар эмпирик-практик болгон себептүү өсүмдүк, жаныбар продуктусунан алынчу жана минералдык дарылык каражаттарды өз орду менен колдонушкан. Булардын кыйла жөндөмдүү, чебер табыптары эл ичинде чоң кадыр-баркка жана

ишенимге ээ болгон. Алар а тургай илимий хирургиянын кээ бир элементтерин билишкен. Жарадар болгон денеден бөтөн предметтерди алып сала алышкан, сыныкты айыктырышып, чыгып кеткен мүчөлөрдү өз ордуна келтиришкен. Табыптар тамырды кармап, оорунун атын аныкташкан, мүнөз (диета) тамак берүү керектигин айтышып, тиешелүү дарыларды беришкен, ал эми зарыл учурларда ысыктоо жана физиотерапиялык процедураларды жүргүзүшкөн.

Элдик дарыгерликтин кээ бир ыкмалары илимий медицинага жакын болгон. Кыргыздар улуу дарыгер Улукман акени (Ибн Синаны) билишкен. Бүгүнкү күндө да элдик медицинанын пайдалуу жактарынан баш тартууга болбойт. Кыргызстан Россияга бириктирилгенден кийин шаарлар менен чек ара бойлорундагы аймактарда туңгуч медициналык мекемелер — аскер бөлүктөрүндө аскердик лазареттер пайда болгон. Шаарларды жана келгиндердин кыштактарын абад кылуу учурунда зарылчылыкка жараша амбулаториялык-дарылоо тибиндеги врачтык участкалар, кабыл алуучу жайлар, ооруканалар жана дарыканалар ачылган.

1917-жылдын алдында Кыргызстандын аймагында 70 койкалуу шаардык 4 оорукана (Пишпекте, Токмокто, Кара-Колдо, Ошто), 30 койкалуу айылдык 5 оорукана, врачтык 9 участка (шаарларда — 4, айылдарда — 5), фельдшердик 21 пункт жана 5 дарыкана иштеген. Бир ооруканага орто эсеп менен — 144 миң киши, ал эми врачка 57600 киши туура келген. Саламаттык сактоо ишине бир жарыбаган каражат бөлүнгөн. Врачтык-медициналык тейлөөдөн негизинен падыша чиновниктери жана калктын оокат-кечелүү катмары пайдаланган. Падышачылык өкмөттүн калктын саламаттыгын сактоо боюнча камкордугу негизинен карантиндик иш-чаралар жана эпидемиялардын жалпыга жайылып кетүү коркунучуна жол бербөө иш-чаралары менен гана чектелген.

Мындай учурларда аз болсо да медициналык жардам А.В.Пржегодский, Ф.В.Поярков, Н.М.Барсов, фельдшер В.М.Фрунзе сыяктуу орустун алдыңкы врачтарынын айкөлдүк иши менен көрсөтүлүп турган.

Врач А.В.Пржегодскийдин гумандуулугуна жогору баа бере келип, анын кызматташы Ф.В.Поярков мындай деп жазган: «Ал улутуна, мүлктүк жана материалдык абалына карабастан келген оорулуулардын бардыгына жардам көрсөтүп турган». Мындай адамдар аймактын колониялык администрациясы тарабынан утур-утур куугунтукка алынган. Маселен, кыргыздарга

(асыресе, Тоголок Молдого да) чечекке каршы эмдөө жүргүзүүнү үйрөткөн белгилүү фельдшер В.М.Фрунзе 1895-жылы Пишпек ооруканасында «сырткаркы кишилерди» дарылаганы үчүн кызматынан айдалган.

Өз демилгелүү врачтардын күчү менен түпкү калктын ичинен чечекке каршы эмдөө жүргүзүүчүлөрдү даярдоо уюштурулуп, санитардык-агартуучулук иш жүргүзүлгөн, минералдык булактардын касиеттери изилденген. Айрым окумуштуу врачтар Кыргызстандын саламаттык сактоо ишинин абалын изилдөөгө аракет кылышкан.

Кыргызстандын тарыхын, калкын, экономикасын жана жаратылышын илимий жактан изилдөөдөгү жаңы этап Кыргызстан Россияга бириктирилгенден кийин башталган. Өзүнүн аскердик-саясий жана экономикалык кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө Борбордук Азияны тартууга далалаттанган падыша өкмөтү бул «белгисиз» өлкөлөр, алардын саясий жана экономикалык абалы, жаратылышы жана эмгек ресурстары, жол катнашы, алардын чийки зат булагы жана сатып өткөрүү рыногу катарында ишенимдүү маалыматтар алууга муктаж болуп турган. Аймакты улам кызыгып изилдөөнүн себеби мына ушунда турган.

Бирок бул жерде мына бул жагдайды белгилей кетүү керек: Түркстандын «сырлары» абалтан эле бүткүл дүйнөнүн окумуштууларын кызыктырып келген. Крайдын Россияга бириктирилиши менен мына ушундай купуя жашап келе жаткан ойниеттерди жүзөгө ашырууга жагымдуу шарттар түзүлөт. Чын дилинен Россияны ири илимий ачылыштар менен даңазалоого кудурет-күчүн аянбай кызмат кылган орус окумуштуулары мына ушул мүмкүнчүлүктөн жакшы пайдаланып калышкан. XIX кылымдын экинчи жарымында гана Россиянын илимий коомдору менен мекемелери тарабынан Кыргызстанга 250дөй илимий экспедиция жиберилген.

Кыргызстанды адеп изилдөө ишине дүйнөгө аты чыккан географ П.П.Семенов-Тяншанский, зоолог Н.А.Северцев, геоботаник А.П.Федченко, геолог И.В.Мушкетов, тарыхчы-чыгыш таануучу В.В.Бартольд, лингвист В.В.Радлов, окумуштуу-агартуучу Ч.Ч.Валиханов сыяктуу чыгаан окумуштуулар орчундуу салым кошкон. Булардын эмгегинин натыйжасында дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн элдери кыргыздардын тарыхы жана маданияты тууралуу түшүнүк алышкан.

Борбордук Теңир-Тоону илим үчүн биринчи болуп ачкан атактуу саякатчы жана географ П.П.Семенов (1827–1914-жж.)

болгон, ал ушул иши үчүн 1906-жылы фамилиясына Тян-Шанский деген ардактуу кошумча ысым алган. 1856–1857-жж. жүргүзгөн илимий экспедицияларынын натыйжасында ал Теңир-Тоонун табиятын изилдөө ишине алгачкы жолду салган, биринчилерден болуп А.Гумбольдт менен К.Риттердин Теңир-Тоо тоолору Жанар тоолордун натыйжасында келип чыккан, ошондой эле А.Гумбольдттун Чүй дарыясы Ысык-Көлдөн агып чыгат деген жаңылыш пикирлерин жокко чыгарган, П.П.Семенов-Тян-Шанскийдин эмгектеринде Жети-Суу элдери тууралуу баалуу маалыматтар, алардын кайталангыс маданияты, коңшу элдер менен жана өз ара бири-бири менен болгон алака-катышы тууралуу кызыктуу маалыматтар бар.

Кыргызтаануу илими үчүн казак окумуштуусу, саякатчы жана агартуучу Ч.Валихановдун (1835–1865) изилдооларүнүн өзгөчө мааниси бар. 1855–1859-жж. ал ар кайсы экспедициялардын курамында Кыргызстанга бир нече жолу келип, тоолуу крайдын түпкү калкы, турмуш-тиричилиги, диний ишеними, чарбасы, коңшу элдер менен болгон алака-катышы, ошондой эле тарыхый-археологиялык эстеликтери тууралуу бай материал жыйнаган. 1856-жылы Чокон Валиханов орус окумуштуулары-нан биринчи болуп, «Манас» эпосунун Көкөтой хандын ашына арналган үзүндүсүн жазып алган. Бул уникалдуу элдик чыгарманын баа жеткис маанисин аңдап билип, ал мындай деп жазган: «Манас» бир мезгилге келтирилген кыргыздын бардык мифтеринин, жомокторунун, уламыштарынын энциклопедиялык жыйнагы. Бул — өзүнчө эле бир талаа «Илиадасы». Кыргыздардын жашоо ыңгайы, каада-салты, аден-ахлагы, географиялык, диний, медициналык түшүнүктөрү жана эл аралык мамилеси ушул эбегейсиз эпопеядан орун тапкан».

Кыргызстандын жаратылыш-географиялык байлыктарын изилдөөгө кыйла салым кошкон окумуштуу-саякатчылардын бири Н.А.Северцов (1827–1885) болгон. Ал 1864-ж. Чүй жана Талас өрөөндөрүн, 1865–1867-жж. — Ысык-Көл ойдуңун жана Борбордук Теңир-Тоону изилдеген, 1877–1878-жж. «Дүйнөнүн чокусу» — Памирдин сыры ачыла элек аймактарына изилдөө үчүн барган. Түркстанда 23 жыл иштеп, 9 ири экспедиция уюштурган, ботаникалык, зоологиялык жана минералогиялык бай материал жыйнаган, анын бул материалдары кийинки терең изилдөө иштери үчүн негиз болуп берген. Анын эмгектеринде Түркстан элдери тууралуу тарыхый-этнографиялык көп маалыматтар да учурайт.

Кыргызстандын түштүк бөлүгүн илимий изилдөө ишине белгилүү натуралист жана окумуштуу-саякатчы А.П.Федченко

(1844–1873) негиз салган. 1868–1871-жж. ал Фергана өрөөнүнүн айыл чарбасынын абалын, жергиликтүү элдердин кол өнөрчүлүгүн дыкаттык менен изилдеп, ошол өрөөндүн улуттук курамы, антропологиясы жана жергиликтүү калктын жер ээликтери тууралуу туңгуч материалдарды жыйнаган. 1871-жылы Кокон хандыгы боюнча саякатта жүрүп, Алай өрөөнүнүн топографиясын, өсүмдүктөр жана айбанаттар дүйнөсүн изилдеп, илим үчүн Алайдын ары жагындагы тоолорду жана алардын эң бийик чокусун ачкан. Федченко тарабынан Фергана өрөөнү менен аны курчап турган тоолордун бардык маалыматтарын майда-баратына чейин камтыган толук карта түзүлгөн. Илим табият таануу боюнча эң бир толук коллекциялар менен байытылган.

Орто Азияны геологиялык жактан биринчи изилдеген орустун белгилүү окумуштуу-геологу жана саякатчысы И.В.Мушкетов (1850–1902) болгон. Ал геологиянын мыкты билерманы катары эсептелип, атагы чет өлкөлөргө чейин кеткен. И.В.Мушкетовдун маршруту Кыргызстандын дээрлик бардык аймактары боюнча салынган. Ал Теңир-Тоо жана Памир-Алай тоолорунун өңүгүү тарыхын көрсөткөн. Г.Д.Романовский менен бирдикте Орто Азиянын биринчи геологиялык картасын түзгөн.

Окумуштуунун жол жазмаларында геологиялык материалдар гана эмес, крайдын түпкүлүктүү элдери тууралуу да маалыматтар камтылган.

Кыргыз тилин жана анын кайталангыс поэтикалык сөз өнөрүн изилдөө ишинде приоритет белгилүү окумуштуу-түрколог В.В.Радловго (1839–1918) таандык. 1862 жана 1869-жж. көчмөндөрдүн тилин жана фольклорун жыйнап жүрүп, ал улуттук элдик поэзиянын 14 миңден ашуун ыр сабынан турган үлгүлөрүн жазып алган. Аларды ошол ыр түрүндө немец тилиндеги котормосу менен кошо берип, 1885-жылы кыргыз тилинде орус транскрипциясы менен жарыяланган. Бул басылманын кириш сөзүндө В.В.Радлов «Манас» эпосуна жогору баа берип, кыргыз элинин турмушундагы оозеки поэзиянын маанисин баса белгилеген.

Кыргыз тарыхграфиясына (историяграфиясына) эң ири чыгыштаануучу В.В.Бартольд (1839–1930) тарабынан негиз салынган. 1893–1894-жж. Жети-Сууга жасалган экспедициянын курамында жүрүп, ал Талас жана Чүй өрөөндөрүн Ысык-Көл ойдуңун, Борбордук Теңир-Тоону иликтеп чыккан, 1902-жылы Ош шаарынын жана анын чөлкөмүндөгү аймактардын тарыхын изилдеген. Анын тоолуу аймактын байыркы жана орто

кылымдагы тарыхын изилдөөгө маанилүү салым кошкон капиталдык эмгектери эбегейсиз чоң тарыхый, археологиялык материалдын жана чыгыш даректеринин негизинде жазылган.

Кыргыз элинин тарыхы менен маданиятынын изилдешине өз демилгелүү край таануучулар А.М.Фетисов, Я.Н.Корольков, В.П.Овнягин ж.б. маанилүү салым кошкон.

Кыргызстанда багбанчылык өөрчүтүү иши А.М.Фетисовдун (1842–1894) ысмы менен байланыштуу. Ал 1881-ж. коомдук маанидеги чоң бак — Каражыгач багына негиз салган, ал эми 1889-жылы Пишпекте айыл чарба мектебин уюштурган. Мындан тышкары А.М.Фетисов археологиялык-этнографиялык изилдөөлөрдү да жүргүзгөн.

Кыргыздардын турмуш тиричилигин талыкпай изилдегендердин бири өз демилгелүү археолог жана антрополог Ф.В.Поярков (1851–1910) болгон. Ал түпкүлүктүү калк менен тике алакакатышта жүрүп, элдик уламыштарды жазып алып, кыргыздардын кайталангыс маданиятын изилдеген. Ф.В.Поярков өзүнүн бүткүл өмүрүн медицина менен чыгыштаануу ишине кызмат кылууга арнаган.

Ысык-Көл ойдуңун талыкпастан изилдеп, анын коомдук иштерине баалуу салым кошкондордун бири — Орус Географиялык коомунун аныкмүчөсү Я.И.Корольков. 1881-жылы ал Кыргызстанда биринчи метеорологиялык станцияны түзүп, дайыма байкоо жүргүзүп турган. Ал Теңир-Тоонун табияты менен климатын изилдөө боюнча белсене эмгектенген, ботаникалык жана зоологиялык коллекцияларды жыйнаган. Я.И.Корольков Кыргызстанда көптөгөн маданият иштерине жардам берип, илимий экспедицияларды уюштурууга кол кабыш кылган. Ал кыргыз элинин ичинде кадыр-барктуу инсан катарында алардын чексиз ишенимине ээ болгон.

Орус саякатчылары менен крайтаануучуларына түпкүлүктүү эл баа жеткис жардам берген. Кыргыздын жол көрсөтүп берүүчүлөрү — крайды жакшы билгендер жана мергенчилер орус изилдөөчүлөрүнүн эч кими менен алмаштыргыс сапарлаштары болгон, алар бу аталган изилдөөчүлөрдү кыйынчылык менен жетчү аймактарга узатып барышып, өз уруулаштарынын турмушу жана маданияты менен тааныштырышкан, тарыхый-маданий эстеликтерин көрсөтүшкөн.

Ошентип, алыскы орус окумуштууларынын жардамы менен, ошондой эле кыргыз билермандарынын жардамы астында крайтаануучулардын активдүү ишинин натыйжасында Кыргызстанда илимий-изилдөө иштери байкаларлык деңгээлде алдыга жылган.

Кайталоо жана өзүн-өзү текшерүү үчүн суроолор

1. Материалдык маданияттын негизги компоненттерин санап бергиле.
2. Кыргыздарда турак жайдын кандай түрлөрү болгон?
3. Кыргыздардын промыселдеринин жана кол өнөрчүлүгүнүн түрлөрүн жана өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле.
4. Кыргызстанда кандай чептер курулган?
5. Кыргызстандын аймагында кандай чоң күмбөздөр курулган?
6. «Манастын күмбөзү» качан салынган?
7. «Бабур нааманын» түрк элдеринин тарыхындагы мааниси.
8. Орто Азиянын орто кылымдагы акындары, ойчулдары, окумуштуулары руханий маданияттын өнүгүшүнө кандай салым кошушкан?
9. Асан Кайгы жана Толубай сынчы тууралуу эмнелерди билесиңер?
10. «Манас» эпосунун кыргыз элинин турмушундагы ролу кандай?
11. XIX кылымдын аяк ченинде кыргыздардын материалдык маданиятында кандай өзгөрүүлөр болуп өттү?
12. XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы белгилүү айтуучулар менен акындарды санап бергиле.
13. Жазма адабияттын телчигишиндеги Молдо Кылычтын чыгармаларынын мааниси.
14. Кыргыздардын биринчи тарыхчы-агартуучуларынын (О.Сыдыков, Б.Солтоноев) өмүрү жана чыгармачылыгы.
15. XIX кылымдын экинчи жарымында агартуу иши кандайча өнүккөн?
16. Кыргыз элинин турмушунда элдик медицинанын ролу.
17. Кыргызстандын орус окумуштуу-саякатчылары тарабынан изилденишинин тарыхы.

Адабияттар:

Абрамзон С. М. Очерки культуры киргизского народа. — Фрунзе, 1946.
Абрамзон С. М. Киргизы//Народы Средней Азии и Казахстана. Т.2. — М.,1963.
Айдаралиев А. А. Основные этапы здравоохранения в Киргизии. — Фрунзе, 1958.
Айтмамбетов Д. А. Культура киргизского народа во второй половине XIX — начале XX в. — Фрунзе.1967.
Бернштам А. Н. Архитектурные памятники Киргизии. — М.,1952.
Валиханов Ч. Ч. Избранные произведения. — Алма-Ата, 1958.
История Киргизской ССР. Т. 2. — Фрунзе, 1986.
Русские путешественники и исследователи о кыргызах. — Фрунзе, 1973.
Мурас: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Жеңижок, Токтогул жана башкалар. — Фрунзе, 1990.
Солтоноев Б. Солтонкелди уулу. Кызыл кыргыз тарыхы//Ала-Тоо — 1988. — № 11; 1989. — № 3–4.6.

ЭҢ МААНИЛҮҮ ОКУЯЛАР ЖАНА ДАТАЛАР (эң байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соңуна чейин)

300–100 миң жыл мурда	—	төмөнкү палеолит.
Б.з.ч. 100–40 миң жж.	—	мустье мезгили.
Б.з.ч. X–VII миң жж.	—	мезолит доору (ортоңку таш кылымы).
Б.з.ч. VI–III миң жж.	—	Тянь-Шандагы неолит доору.
Б.з.ч. II миң жж.	—	Кыргызстандын түштүгүндөгү Саймалуу-Таш коктусундагы таш бетиндеги эң байыркы сүроттөрдүн тартылган мезгили.
Б.з.ч. XVII–VIII кк.	—	коло доору. Андронов маданиятына таандык эстеликтердин таралышы.
Б.з.ч. XII–VII кк.	—	алгачкы дыйкандар жамаатынын тиричилиги (Чуст маданиятынын эстеликтери).
Б.з.ч. VI–III кк.	—	Теңир-Тоодогу сак уруу бирикмелери.
Б.з.ч. 329-ж.	—	Искендер Зулкарнайн аскерлеринин Орто Азияны басып кириши.
Б.з.ч. 311-ж.	—	несториандар тарабынан кабыл алынган селеквит эрасы боюнча жыл саноонун башталышы.
Б.з.ч. IV-I кк.	—	Шоро-Башат маданияты.
Б.з.ч. IV-I кк.	—	Фергана өрөөнүндөгү Даван мамлекети.

Б.з.ч. II к.	—	Батыш менен Чыгыштын ортосунда Улуу Жибек жолунун иштей башташы.
Б.з.ч. 160-ж. — б.з. V к. ортосу	—	б.з. V кылымынын ортосу — Усун мамлекети.
Б.з. I–II кк.	—	«Элдердин улуу көчү» доору.
IV–V кк.	—	Кыргызстан Эфталит мамлекетинин курамында.
V–VI кк.	—	Чүй жана Талас өрөөндөрүндө согдулук конуштардын пайда болушу.
552–744-жж.	—	Түрк кагандыгы.
568–571-жж.	—	Батыш түрктөрүнүн Иран менен согушу.
VII к. (биринчи жарымы)	—	байыркы түрк алфавитинин жаралышы.
622-ж.	—	мусулманча жыл саноонун (хижра) башталышы.
629-ж.	—	Сюань Цзандын Чүй өрөөнү аркылуу Индияга саякаты.
654–683-жж.	—	Орто Азияга арабдардын биринчи кол салышы.
704–746-жж.	—	Түргөш кагандыгы.
720–738-жж.	—	араб баскынчыларына каршы түргөштөр башында турган Орто Азия элдеринин биргелешкен күрөшү.
744–840-жж.	—	Уйгур кагандыгы.
751-ж.	—	Талас суусунун боюнда арабдар менен карлуктардын кытай аскерлерин талкалашы.
766–940-жж.	—	Карлук кагандыгы.
840–916-жж.	—	«Кыргыз улуу державасынын» доору.
940-ж.	—	Караханилер тарабынан Баласагундун каратылышы.

942–1137-жж.	—	Караханилер мамлекети.
960-ж.	—	Караханилер мамлекетинде ислам-дын мамлекеттик дин катары жа-рыяланган.
X к дын аягы — XI к. башы	—	XI к. башы — «Бурана» архитек-туралык-маданият комплексинин түзүлүшү
1015/16-ж.	—	Жусуп Баласагуни төрөлгөн.
1069-ж.	—	Жусуп Баласагуни тарабынан «Ку-тадгу билиг» түркий тилдүү дастан жазылган.
1072–1077-жж.	—	Махмуд Кашгари тарабынан «Ди-ван лугат-ат-түрк» («Түркий тилдер сөздүгү») китеби жазылган.
XI–XII кк.	—	Өзгөн архитектуралык комплекси-нин курулушу.
XII к. (биринчи жарымы)	—	Шах-Фазил күмбөзүнүн салыны-шы.
1137–1218-жж.	—	Кидандар (кара кытай) мамлекети.
1206-ж.	—	Темучиндин (Чыңгыз хандын) мон-голдордун жогорку ханы болуп жа-рыяланышы.
1219–1224-жж.	—	монголдордун Орто Азияга бас-кынчылык жортуулу.
1228–1241-жж.	—	Чагатай хандын бийлиги. Кыргыз-стандын анын улусунун курамына киргизилиши.
1251–1259-жж.	—	Мунке хандын бийлиги.
1269-ж.	—	Монгол феодалдарынын Таластагы курултайы.
1269–1301-жж.	—	Хайду хандын бийлиги.
1334-ж.	—	Талас дарыясынын боюна элге «Манастын күмбөзү» деген ат ме-нен белгилүү болгон Канизек-хатунга күмбөздүн салынышы.

1348–1362/3-жж.	—	Моголстанда Тоглук Тимурдун бийлиги.
1370–1405-жж.	—	Тимурдун бийлиги.
XV к. (50–60-жж.)	—	Талас жана Чүй дарыяларынын өндүрүнө убактылуу жер ооп келген Казак хандыгына таандык уруулардын мамлекеттик-саясий жактан биригиши.
XV к. (80-жж.)	—	Түндүк Теңир-Тоодогу кыргыздардын өз алдынча саясий бирикмесинин консолидацияланышы.
XV–XVI к. башы	—	кыргыз элинин этно-саясий консолидацияланыш процессинин аякташы.
XVI к. (башталышы)	—	«Манас» эпосунун сюжети биринчи жолу эскерилген «Мажму ат-таварих» чыгармасынын жаралышы.
1503/4–1507/8-жж.	—	кыргыз феодалдык-мамлекеттик бирикмесиндеги Халил Султандын бийлиги.
1524-1550-жж.	—	кыргыз-казак аскер союзу.
XVI к. (аягы)	—	Фергана, Ташкен жана Самаркан аймактарына өз үстөмдүгүн орнотууга умтулган казактардын ханы Тевеккелге кыргыз феодалдарынын жардам бериши.
1626-1627-жж.	—	Эшимхан башында турган казактар менен кыргыздардын ойрот-торго (калмактарга) каршы биргелешкен жортуулу.
1635-ж.	—	Жунгар хандыгынын түзүлүшү.
1710–1722-жж.	—	Шахрух бийдин Коконду башкарышы.
1735–1751-жж.	—	кыргыздар менен союз түзгөн Абд-ал-Каримдин Коконду башкарышы.

XVIII к.
(экинчи жарымы) — кыргыздардын бир бөлүгүнүн Фергана менен Чыгыш Түркстандан Теңир-Тоого кайтышы.

1762-ж. — Кокон хандарынын Ошту жана Өзгөндү басып алышы.

1762–1831-жж. — Кыргызстандын аймагынын Кокон хандыгына баш ийдирилиши.

1785-ж., 23-август — кыргыздардын биринчи ыйгарымдуу элчилери Абдырахман Күчүков менен Шергазынын Омск чебине, ошол эле жылы 29-декабрда Санкт-Петербургга келиши.

1821-ж. — Кетмен-Төбөнү Кокондун акими Сейиткулбектин басып алышы

1821-ж. — Талас өрөөнүнүн кыргыздары менен казактардын Сыр-Дарыяда Кокон феодалдарынын эзүүсүнө каршы бирге чыгышы.

1822–1842-жж. — Мухаммед Алинин (Мадали хандын) бийлиги.

1825-ж. — Мадали хандын Чүй өрөөнүнүн кыргыздарына каршы жортуулу.

1825-ж. — Кокон чептеринин Чүй өрөөнүндөгү Пишпек жана Токмок, Алайдагы Сопу-Коргон жана Кызыл-Коргон (1827-ж.), Борбордук Теңир-Тоодо Жумгал жана Тогуз-Торо (1830-ж.), Нарын дарыясынын боюнда Куртка, Памирде Таш-Коргон (1832-ж.) чептеринин салынышы.

1830-ж. — Тайлак баатыр жана Атантайдын башчылыгы менен нарындык кыргыздардын кокондук баскынчыларга каршы көтөрүлүшү.

1842-ж. — Хандын үстөмдүгүнө каршы Ысык-Көлдүк кыргыздардын көтөрүлүшү, Ысык-Көлдүн боюндагы чеп-коргондордон кокондуктардын куулушу.

1845-ж.	—	Кокон хандыгына каршы алайлык жана оштук кыргыздардын көтөрүлүшү.
1847-ж.	—	казактар менен кыргыздардын Кокон хандыгынын акими Азиз парваначыга каршы Ташкендеги күрөшү.
1847–1848-жж.	—	намангандык кыргыздардын Коконго каршы көтөрүлүшү.
1855-ж.	—	ысык-көлдүк кыргыздардын Россиянын букаралыгын кабыл алышы.
1856-ж.	—	Ч. Валиханов катышкан полковник М.М.Хоментовский башында турган аскердик-илимий экспедициянын Ысык-Көлгө келиши, Ч.Валиханов тарабынан «Манас» эпосунан үзүндү жазылып алынышы
1856–1857-жж.	—	П.П.Семенов-Тян-Шанскийдин (1827–1914) жана художник П. М. Кошаровдун Кыргызстанга экспедициясы.
1860-ж, август-сентябрь	—	чүйлүк кыргыздардын көмөктөшүүсү менен орус аскерлеринин кокондуктардын Токмок жана Пишпек чептерин алышы.
1860-ж.	—	акын-демократ Байымбет Абдрахман уулу (Тоголок Молдо) туулган (1942-ж. өлгөн).
1862-ж., жай жана күз	—	Чүй кыргыздарынын көтөрүлүшү, алардын жардам сурап, Верный шаарындагы орус бийликтерине кайрылышы.
1864-ж., июнь	—	Чаткал, Суусамыр жана Кетмен-Төбө кыргыздарынын Россиянын букаралыгына кабыл алынышы.

1864-ж., декабрь	—	нарындык кыргыздардын Россиянын букаралыгын сурап, орус бийликтерине кайрылышы.
1864–1867-жж.	—	Н. А. Северцовдун Кыргызстан боюнча саякаты.
1864-ж.	—	акын-демократ, композитор Токтогул Сатылган уулу туулган (1933-жылы өлгөн).
1865–1875-жж.	—	Кокондо Кудаяр хандын үчүнчү жолу хандык кылышы (биринчиси — 1844–1858; экинчиси — 1862–1863-жж.)
1867-ж.	—	белгилүү манасчы Сагымбай Орозбак уулу туулган (1930-ж. өлгөн).
1867-ж.	—	Алай кыргыздарынын Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшү, алардын Кызыл-Коргон чебин алышы.
1867-ж, 11-июнь	—	Түркстан облусунун (1865-жылдын 12-февралында түзүлгөн) Түркстан генерал-губернаторлугу болуп кайра түзүлүшү жана Түркстан аскердик округунун түзүлүшү (булардын курамына Кыргызстандын түндүк бөлүгүнүн территориясы кирген).
1869-ж., 2-июль	—	Кара-Кол шаарынын негизделиши.
1869-ж.,	—	В.В.Радловдун Чүй өрөөнүнө жана Ысык-Көл ойдуңуна саякаты, ал тарабынан «Манас» эпосунан үзүндүлөрдүн жазылып алынышы.
1873-ж., январь	—	1874-ж. — Түштүк кыргыздардын жардам жана колдоо, Россиянын букаралыгына алуу жөнүндө өтүнүч менен Түркстан администрациясына кат жазышы.
1873–1875-жж.	—	ферганалык кыргыздар менен өзбектердин феодалдык-хандык эзүүгө каршы көтөрүлүшү.
1874-жыл, 1-октябрь	—	Чогуу окута турган (пансион) Кара-Кол кыргыз мектебинин негизделиши.

1876-ж., 19-февраль	—	Кокон хандыгынын жоюлушу жана Кыргызстандын жерлеринин толук бойдон Россияга өтүшү.
1876-ж.	—	Борбордук Азияга жасаган илимий экспедициясынын учурунда Н.М.Пржевальскийдин (1839–1888) Кыргызстанга биринчи келиши.
1877–1883-жж.	—	дунгандар менен уйгурлардын Жети-Сууга жер оодарышы.
1878-ж.	—	Пишпек (Бишкек) шаарынын негизделиши.
1887-ж. 15-январь	—	Ош шаарында орус-тузем мектебинин ачылышы.
1888-ж. 1-октябрь	—	Кара-Кол шаарында айыл чарба мектебинин ачылышы.
1893–1894-жж.	—	В.В.Бартольддун (1869–1930) Орто Азияга жана Кыргызстанга илимий экспедициясы.
1894-ж.	—	«Манас» эпосунун талантуу айтуучусу Саякбай Каралаев туулган (1970-жылы өлгөн).
1897-ж.	—	Токмок шаарында орус-тузем мектебинин ачылышы.
1898-ж.	—	Кызыл-Кыя менен Үч-Коргондо таш көмүр казылып алынуучу жерлердин ачылышы.
1902-ж., 14-май	—	Кара-Кол шаарында элдик китепкана-окуу залынын ачылышы.
1905-ж.	—	Сүлүктүдө таш көмүр казып алуунун башталышы.
1905-жыл, жаз	—	Кызыл-Кыя менен Сүлүктүдө жумушчулардын иш таштоосу.
1905-жыл, жай — 1914-жыл	—	Пишпек шаарында социал-демократиялык ийримдердин жана топтордун түзүлүп, иштей башташы.

МАЗМУНУ

Кириш сөз: Тарых — илим катарында 3

I БӨЛҮК. КЫРГЫЗСТАН ЭҢ БАЙЫРКЫ МЕЗГИЛДЕРДЕН XIX КЫЛЫМДЫН СОҢУНА ЧЕЙИН 13

1 - б а п. Алгачкы жамааттык түзүлүш. Уруулук союздар 13

§ 1. Таш доору. Алгачкы жамааттык түзүлүштүн калыптанышы 13
§ 2. Алгачкы жамааттык түзүлүштүн ыдырашы 22
§ 3. Алгачкы темир доорундагы уруу бирикмелери жана таптык коомдун калыптанышы 30

2 - б а п. Алгачкы түрк мамлекеттери (VI–X кк.) 47

§ 1. Байыркы түрк мамлекеттери 47
§ 2. Эне-сайлык кыргыздардын кагандыгы 61

3 - б а п. Караханилер кагандыгы (Хк.–XIII к. башы) 75

§ 1. X кылымдагы Борбордук Теңир-Тоонун жана Жети-Суунун калкы. Караханилер династиясынын этникалык теги 75
§ 2. Караханилер кагандыгынын түзүлүшү жана анын саясий жактан жогорулашынын башталышы. Бухарага биринчи жана экинчи жортуулдар 81
§ 3. Караханилер кагандыгы XI к. биринчи жарымында. Чыгыш жана Батыш Караханилер кагандыктары 87
§ 4. Кидандардын каптап кириши. Караханилердин кидандарга жана хорезмшахтарга каршы күрөшү 92
§ 5. Саясий түзүлүшү, социалдык-экономикалык мамилелери жана чарбалык турмушу 99

4 - б а п. VI–XII кылымдардагы Кыргызстандын маданияты 109

§ 1. Көчмөн элдердин маданияты 110
§ 2. Отурукташкан калктын маданияты 127

5 - б а п. Кыргызстан XIII–XV к 149

§ 1. Чагатай улусу 149
§ 2. Хайду мамлекети 150
§ 3. Моголстан мамлекети 155

6 - б а п. Кыргыз элинин куралып, калыптанышы 166
§ 1. Эне-Сай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын өз ара мамилелери 166
§ 2. Эне-Сай кыргыздарынын бир бөлүгүнүн Теңир-Тоого көчүп келиши 169
§ 3. Кыргыз элинин түзүлүшү 175
§ 4. IX–XIII кылымдардагы Алтайдагы кимак жана кыпчак уруулары 177

7 - б а п. Кыргызстан XVI к. жана XVIII кылымдын биринчи жарымында 185
§ 1. Чыгыш Түркстандын башкаруучулары жана алардын кыргыздар менен өз ара мамилелери 185
§ 2. XVII к. жана XVIII к. биринчи жарымында кыргыздар менен калмактардын өз ара мамилелери 191
§ 3. Кыргыздардын Чыгыш Түркстан элдеринин Жунгар хандыгынын эзүүсүнө каршы боштондук үчүн күрөшүнө катышканы 194
§ 4. Саясий түзүлүшү, социалдык мамилелери, чарбасы, соодасы 196

8 - б а п. Кыргыздар жана Кокон хандыгы 205
§ 1. Кыргызстанды Кокон хандыгынын басып алышы 205
§ 2. Кыргызстан Кокон хандыгынын эзүүсү астында 217
§ 3. Кыргыздардын Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшү 222

9 - б а п. Кыргызстандын Россияга каратылышы 236
§ 1. Кыргызстандын Россия менен жакындашуусунун тарыхый өбөлгөлөрү 236
§ 2. 1873–1876-жж. элдик көтөрүлүш 241

10 - б а п. Кыргызстан Россиянын курамында 259
§ 1. Падышачылыктын колониялык саясаты жана административдик-сот системасы 259
§ 2. Кыргызстандын XIX к. экинчи жарымында жана XX к. башы менде экономикалык жактан өнүгүшү 263
§ 3. XIX кылымдын аяк ченинде Кыргызстандагы социалдык мамилелер жана тап күрөшүнүн түрлөрү. 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү 286

11 - б а п. XIII кылымдан XX кылымдын башына чейинки Кыргызстан элдеринин маданияты 296
§ 1. Орто кылымдардын соңку мезгилиндеги көчмөндөр маданияты 296
§ 2. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы Кыргызстан элдеринин маданияты 314

Эң маанилүү окуялар жана даталар (эң байыркы мезгилдерден XIX кылымдын соңуна чейин) 334

Абдыкаар

КЫРГЫЗСТАНДЫН
ЭҢ БАЙЫРКЫ МЕЗГИЛДЕРДЕН
XIX КЫЛЫМДЫН СОҢУНА ЧЕЙИНКИ
ТАРЫХЫ

Которгондор *С. А. Олжобаев, Ө. Караев*
Илимий редакторлору *Ө. Караев, Т. К.Чоротегин*
Редактору *С. Мамбеталиев*
Сүрөтчүсү *Э. А. Тилеков*
Тех. редактору *С. З. Нурмиева*
Корректору *Н. У. Абдиева*

Басууга 10.02.98. кол коюлду. Форматы 60 × 84 $^{1}/_{16}$.
Офсет кагазы. Мектеп ариби. Офсет ыкма менен басылды.
21,5 физ. басма табак. 20,0 шарттуу басма табак.
Нускасы 5000. Заказ № 2177.

«Кыргызстан — Сорос» фондунун басма борборунда терилди.

Кыргызполиграфкомбинаты.
720461. Бишкек, Суванбердиев көчөсү, 102.